
Сарыг
Э 17

Манап Эгембердиев

САРЫ АЖЫДААРДЫН СҮРӨӨ



Көчмөн Хундар



ЭРМЕК АВАНЫН “САРЫ АЖЫДААРЫНЫН СҮРҮ”

Өзбек элинин чыгаан уулу Манноп Эгембердиевдин “ Сары ажыдаар хамласы” романынын ичиндеги оомал төкмөл дүйнөнүн бир өңүрүн ачкан тарыхый маалыматтар менен көлчүлүгүбүздүн аздыр, көптүр тааныштыгыбыз бар.

Ооба, тарых тереңинде эмнелер болбогон. Аны акылы зирек өз доорунун аалымдары, жазуучу, тарыхчылары кийинки муунга өткөрүп бербесе өтмүштүн изи калмак эмес. Ошондой терең тарыхтын бир учкуну бизге жеткен бул эмгек десек жаңылышпайбыз.

Бул чыгармада ошол көөнө тарых оро парасында бүгүнкү күндө ата мурасы катары сыймык тутуп, мекенибиз деп келе жаткан биздин аймакта, тагыраак айтканда бийик тоолордун койнунда жайгашкан, асмандан түшкөн аргымактары, элинин эмгекчилдиги, күнөстүү табияты менен башка өлкөлөрдүн башкаруучуларынын бүйүрүн кызыткан алты жүз жылга жакын тарыхы бар Дабан мамлекетинин кайсы бир мерчеми катылып жаткандай. Аны бул китепке кызыгып окугандар өздөрү түшүнүп алаар.

Кызык жери, тарых менен бүгүнкү күндү талдай билген ар бир окурман бул жерден өзү күдүк болуп жүргөн далай элдин тарыхый өзөгүнө, жер-суулардын топонимикалык терең маңызына, эски замандагы элдердин эмкилерге сабак болчу окуяларына туш болот.

Ооба, мен тереңдеп талдоого ашыкпайын. Аны акылдуу окурман өзү иргеп, көкүрөгүнө жакын чындыкты жан дүйнөсүнө кабыл алсын...

Манноп Эгембердиевдин “Сары ажыдаар хамласын” кыргызча сүйлөтүп, кыргыз окурмандарына тааныштырууга бел байлаган Эрмек аванын бул китепке үңүлүүсүнө себепкер болгон жазуучу, котормочу

замандашыбыз Турабай Жороев агай болгон. Бирок, кызык жери аксакалдын котормочулук ышкысын ойготуп коюп, «күлүктү күлүк көрсө төрт аягы тыбырайт» -дегендей ушул эле китептин кайра басылган кийинки чыгарылышын котормочу Турабай аке да которуп жаткандыгынын өзү да тарыхка кызыкдарлардын бүйүрүн кызытуучу маалымат болоорунан кабар берет.

Ал эми, Эрмек аванын колуңуздардагы котормосу ошол мезгилдеги дөөлөттүү өлкө менен эрездешкен Дабан өлкөсүнүн тагдырынын бир ирмемичагылдырылган тарыхый мерчем болоор. Аны окуп чыгыш керек.

Кесиби финансист болгондугуна карабастан буга чейин эки, үч китепке автор болгон Эрмек Жумабаев авабыз Чаткал тоолору, Памир-Алай, Алтын-Бешик, Төө Ашуу, ТеңирТоо кырка тоолорунун коюнундагы ойдуңдагы дабандар ортосундагы жетимиштен ашык калааны кучагына алган Даван мамлекетинде камтылган окуялар, анда жашаган түпкүлүктүү элдердин тагдыры чагылдырылган карт тарыхка кызыгып калган котормочу бул эмгекке болгон күчүн жумшагандыгы көрүнүп турат.

Китепти барактаган окурман анын ичинде кездешкен айрым тилдик, адабий, окуяны баяндоо жана башка айрым мүчүлүштүктөргө маани бербей ошол тарых тереңинен өзүнө керектүү маалыматты издесе туура болот.

«Султан ушул эмгегимди карылыктын белеги катары урпактарга калтырууну туура көрдүм. Ушунча жасалган аракетим талаада калса болбойт. Редактордук милдетти аткарып бересиңби»-деген өтүнүчүн четке кага албай котормону карап чыктым. Бирок, анча мынча акыл кеңешимди айтканым менен жалпы котормону редакциялай алган жокмун.

Адабий нормага сүйрөп кирип, акылдын жетишинче иликтеп, жиликтепмайдалап карай баштасак токсондун тоосуна элпек кыял жоругу, алпейим сылык мүнөзү,

адамгерчилик, аксакалдык наркы менен өрдөп бара жаткан инсандын акыл элегинен өткөн тарых сырларынын стилистикалык жана башка ыргагы, ырааты бузулчудай. Ошондуктан замандашыбыздын акыл көрөңгөсүнөн агып чыккан улуу баянды эрикпей окуп чыкканыңыз туура болоор, урматтуу окурман...

Бул колуңуздардагы котормо 86 жаш курагында күндүзү убактысын, түнкүсүн уйкусун бөлүп маалыматынын жетишинче көлөмдүү романды которууга батынган Эрмек аванын акы эмгегинин жыйынтыгы болгондугу менен, көч улап келе жаткан жаштарга мекенчилдиктин, тарыхка кызыгуунун, өз мекенин сүйүүнүн, эл-жердин эртегисин тактап, эртеңкиге белек кылууга белсенгендиги менен баалуу экендигин унутпайлы.

Маалыматынын жетишинче жыйырма беш кылым тереңде жаткан, эки жарым миң жылдай арыдагы каармандарды кыргызча сүйлөтүп, ой жүгүртүүгө жетелеген Эрмек аванын "Сары ажыдаардын сүрү" котормо китеби тарыхка канча сүңгүгөн сайын өтмүшкө болгон жоопкерчиликти күчөтө турган акыл азыгына айланаар.

Бар болуңуз Эрмек ава. Жараткан өмүрүңүзгө береке, жашооңузга ооматберсин...

Абдыракманов Султанбек Арстанбек уулу,

Ч.Айтматов атындагы мамлекеттик
Жаштар сыйлыгынын ээси,
жазуучу, журналист, тарых иликтөөчү.
2024-жыл, 6-июнь.

-Биринчи бөлүм-

КАНГА БӨЛӨНГӨН ЖОЛ

Ире-шире булут каптаган, нымдуу көктү көздөй көтөрүлө баштаган толгон ай ток кызыл түстө нурлары көрүнө баштады. Анын жанындагы тоолор боюнда катып калган кан чачырандылары бир укмуш окуялар тууралуу эсиңе келтирет. Караңгы айдын нурлары бир аз жарытып турган кичинекей жан боорду, эмнегедир бир караан накта көзгө илинип калды. Ал караан жаныбар адамбы, же айбан экенин байкап болбогудай. Бир кыска топ даракчаларга жылып киргенсип, бийик даракка жашынгансып, тыбырчылагандай болду. Ал жаныбар негедир бир нерседен чочулагандай акырын токтогонсуду. Жалгыз аяк сокмо жол менен отун көтөрүп келе жаткан абышка бул эмне? -деп кабатырланып, басыгын акырындатты. Баягы жаныбар туш-тараптан караганда ал адам экендиги даана билинди. Бул адамдын кимдиги, тоо-таштар арасында кандай максатта жүргөндүгү эмнегедир бирөөдөн чочулаган-дай болгону ал абышканы кызыктырбайт. Мүмкүн уучулук кылган мергенчидир. Белгисиз адамдын деле абышка менен иши жоктур. Ал адамдын көрүп калган абышканы байкабагандай кете беришин көздөп турган чыгаар. Ошол кезде баскан караан тезден бадал аралап, жылып жөнөдү. Эки караан акырын сүйлөп бара жатышты. Бейтааныш адамдар кокустан

алыстагы адамдарды көрүп калды. Жылан изи дарыя жанындагы ошол адамдар ай жарыгында негедир бир жумуш кылып жаткансыйт. Ылдый жактан тилдешкен ышкырыктар кулакка угулду. Жол кургандар болсо керек деген жолоочулардын оюна келди.

Оо мындан бир нече жыл илгери кожоюнумдун мейманканасында эки амалдуулардын сырдашып айткандары эсине түштү. Асман уулу Няньюе жакка жол курмакчы болушкан экен. Мүмкүн ошолор айткан жолдур. Сөгүшүп урушкандарына караганда жол кургандарды көзөмөлдөп иштеткендер болсо керек. Алар айдан тайган алсыз адамдарды түнү да, дем алдырбай зордоп иштетишет дешчү. Няньюе мамлекети дарыянын этек жагынан алыста жайгашкан деп айтышты. Ал жерде жашаган адамдар пил минип жүрүшөт имиш. Ошол мамлекетти Чин Ши Хуан доорундай дагы Асман тагына кошуп алуу үчүн курулуп жатыптыр бул жол. Ошол убакта кожоюнум менен сырдашкандардын айтышкандарына карганда. Чин Ши Хуандан да чоң иш кылмакчы болуп жатыптыр. Ал бейтааныш адам бийик көтөрүлүп ал жак, бул жакка карады. Иштеп жаткан адамдардын көптүгү көрүнбөйт болчу. Демек бул тизилген адамдарды аралап өтүш мүмкүн эмес эле. Бирден-бир максат кайрадан аркага кайтыш. Бейтааныш жолоочу катуу уктап калган.

Уйкусуроодо ал кимдир бирөөгө учу өткүр бир нерсе менен ныктап сайганын сезди.

Бул бейтаанышка найзанын же кылычтын учу экен деп ой басты. Демек таап алышты. Эми баарысы түгөндү. Коркконунан бейтааныш жолоочунун бүт денеси дүркүрөп муздап кетти. Өзүнүн үлүшү мындай

турсун, кандай кутулуш тууралуу эскертти. Туруп качыш эмес, бир манжасын кыймылдатыш тозоктой сезилди.

Мындай караса, анын төбөсүндө жүдөгөн кийимчен бүкчүйгөн бир чал эле туруптур. Карыянын кысык көздөрү, жүзүндөгү бырыштар арасынан нурсуз жылтырайт. Колунда болсо учу кыргыйдын тумшугундай кайрылган өткүр, кыска саптуу орок. Кантсе да, чал жайдары жылмайгансыйт. Ушунданбы, беркинин кыялы ордуна келе түштү. Ал дагы ордунан туруп, болушунча жылмаю аракектин жасады. Чал болсо бу качкынга өз тобунан адашып калган каракчы эмеспи дегендей, сыноолуу тигилди. Жок, каракчыга окшобойт! Бети-колу тытылып, шылынып турат ко! Жүндөн шырылган бөз көйнөк-ыштанчан, он жетти-он сегиз жаштар чама-сындагы жигит-ко! Эч кандай, каракчы эмес-ов!

-Бир топ күн уктабаган көрүнөсүңбү деймин? - чал кайрадан сыноолуу көз каранта тигилди.

-Ооба. Жок-ээ, кечээ дагы бир аз уктаган болчумун.

-Анан дагы кечээ азыркыдай катып уктабаган болсоң керек?

-Туура,бүгүн каттуу уктап калыптырмын.

-Акшам аралаш жортуп жүргөн сен белең?

-Жок. Караңгы түшөр менен уктаганга жаткан элем.

-Жалган сүйлөп жатасың! - деди карыя жумшак ыргакта. -Мейли, укта, уктай бер. Бирок, бул жердеги Шэнбиндердин (аскерлер) колуна түшүп кала көрбө. Өзү, кай тарапка кетип баратасың?

-Тээтигил ак тоо жанындагы кыштакка кетип бара-тамын.

-Байшангабы?

-Ха, Байшанга.

-Кимдикине бармак элең?

-Таякемдикине.

-Таякеңдин ысмы кандай? - чал үңүлө, сергек каш какты.

-Тан Чэ.

-Кайрадан калп сүйлөдүң. Биздин кыштакта мындай ысымдагы адам жок!

-Эмне, сиз дагы ошол кыштактан болосузбу?

Таякемдин ысмы эсимден көтөрүлүптүр. Качандыр бир кезде энем айткан болчу, азыр эсиме келбей жатат.

-Энең тирүүбү?

-Тирүү, бирок энемди дагы бир топ жылдардан бери көрө элекмин.

-Кимден качып жүрөсүң?- деп, ачык сурады карыя.

-Эч кимден качкан жерим жок. Болгону, жолдон адашып калдым.

-Мейли, бул жагы өз ишиң. Дарыянын наркы өйүзүнө өтүүчүдөй шекилденесиң, ээ? Күзөтчүлөрдүн назарына дагы чалынгың келбейт да, ээ? Мунуңду дагы туура таптымбы?

-Ооба, туура. Наркы кыргакка өтүп алсам чеки болбос эле.

-Жакшы, сага жардам беремин. -Чал бир азга ойлонуп туруп, кошуп койду: -Азыр мени менен жүр, отун теришип бересиң.

Жигит унчукпастан чалдын артынан ээрчиди. Анын башка ылаажысы дагы жок эле. Дарыяны ылдыйлап барыштан пайда жок: жол куруучулардын бир тарабы азырга чейин Нанюэ талабына жетип калган болсо

керек. Демек, ал тараптан дарыянын аркы бетине өтүүгө мүмкүн эместей. Дарыянын өйдө тарабы болсо, тип-тик, бийик тоо. Жалгыз адамдын тоого жармашып чыгып кетем дегени кооптуу. Артка болсо жол жок - бул кайрадан кулчулукка түшүп калуу дегени... Кайрадан эрксиздикке кабылгандан көрөктү, өлүп калуу абзелдей. Кулчулуктан кутулуу бактысы инсанга бир гана ирет насип этилет, анда деле баарысына эмес. А, бул чал ким болду экен? Мени күзөтчүлөргө тапшырып салбас бекен? Ал деген менин бардык икир-чикирлеримди сүрүштүрбөсө да, менин ким экендигимди баамдап койду. Болгону, бир жол бар - ал деген карыяга ишенүү. Бирок, этият болууну дагы унутпоо керек.

-Атың кандай? - деп карыя, кудум качкындын дилин-деги нерселерди кечирип жатканын сезгендей.

-Ань-ин, - жигит бир аз кайсалактагандай жооп кайтар-ды.

-Кана, мына бул орокту ал дагын, куруган куурай-ларды оруп, боола. Мен дүмүрчөк теремин.

Экөөсү ишке киришип кетишти. Ань-ин биринчи боону байлап бүтөрү менен карыя шарт ишин токтотту:

-Эх, кургур башым! Сен бүгүн туз да татпасаң керек. Карды токтун карды ач менен иши болбойт дешип ушуну айтышат да.

Алар кургаган чөптөр үстүнө дасторкон жайгандай болушту. Чал бөз баштыгынан бир ууч кайнатылып кургатылган күрүчтү алды.

-Мына, ал, же, уулум...

Ань-ин оокатты көргөндөн кийин гана эки күндөн бери туз татпаганын эстеди. Тагдыры аны эч качан

эркелетпеген, ошондонбу бу жигитче ач-жок жүрө бергенге көнүп да кеткен эле.

-Жол куруучулар түнөй турган жердеги үч жер төлөдө менин кыштакташтарым жашашат, -деп кеп баштады карыя, Ань-ин күрүчтү жеп бүткөнүн көргөндө.

Алар эрте таңдан чындап караңгы түшкөнгө чейин иштешет. Мен аларга кадимки сууну кайнатып беремин. Кимде кайсыл мөмө-чөмөнүн, же алманын кагы болсо, ошол кайнаган сууга салышып, даам чыгаргансып ичишет. Кээде, жашылчалар болуп калса шорпо бышы-рып жиберебиз. Бул эми кемде-кем, эки-үч күндө бир ирет. Сен дагы курулушта иштей бересиң. Сени аларга жээним деп таанышты рып коемун. Мени узак кыштагыбыздан көргөнү келиптир деймин.

-Эмне, ал жерде дагы мага окшогон шор бешенелер барбы?

-Асман көкүрөгү аталган мекенибизде баш паанексиз дейдилер качан болбогон деп айта аласың? Мындайлар бардык жерде толуп-ташып жатпайбы.

-Мен дагы ошол дейдилер менен бирге иштей-минби?

-Жадыңда болсун: качкын, тоо-таштарда жалгыз-дап качып жүргөндөн көрөктү, адамдарга аралашып жүргөнүң коопсузураак.

Ань-ин ойлонуп калды. Чал кебин улады:

-Ооба, ошол дейдилер менен бирге иштейсиң, бир гана түнөй турганың биздин жер толе болот. Жол курулушу түгөнгөн соң Байшанга кайтабыз.

Кичинекей үйүм менен шапалактай жерим бар. Экөөбүздүн тиричилигибизге жетет. Өлүп кетсем,

мени көмөрсүң! Менин эч кимим жок. Уулум Сюннуларга каршы урушта курман болгон. Кемпирим болсо, өткөн жылы аманат жанын тапшырды... Мына ушундай кептер... уулум.

Чал өпкөсү көпкөнчө бырылдап ыйлады да, көздөрүн кир көйнөгүнүн жыртык жеңдери менен аарчыды. Ушундан соң гана Ань-ин бир чечимге келип, карыяга башында шектүү караганынан уялды. Ооба, ал мындан ары эмне кылышты билет: азыр чал менен бирге барат да, аныкында жашап жүрө берет.

Бир аз өткөндө, Ань-ин менен чал жер төлөгө жете барышты да, ийиндериндеги отундарын жерге ташташтары.

Али таң ата электе эле бирин-сериндеп дарыя боюндагы жол курулуп жаткан жээкке түшө башташты. Чал Ань-инди ойготту:

-Алар менен бирге бар. Оокатты таркатып жаткан учурда аңкайып кала бербе?!

Ань-инге себет беришти. Ал топурак жана шагыл ташый баштады. Күн кыйла көтөрүлгөндө иштеп жаткандар замбилдер менен кол күрөктөрүн четке ыргытып, күзөтчүлөрдүн опуза-попузасына караштастан бир тарапка карай үймөктөшө жөнөштү. Аньин дагы ошол тарапка тигилди. Анын көзү адамдар сүйрөп келе жаткан эки дөңгөлөктүү арабага түштү. Арабаны болжолдолгон жерге алып барууга да жеткире коюшпай, аны аламан бир заматта курчап алды. Ачууланган күзөтчү адамдарды итерип-сүрүп, куулангандарды камчылап, арабачаны токтотту.

Ушундан соң, ал арабачанын тепкичине чыгып, аяктарын керген бойдон биринчи кум-көзөнүн капкагын ачты да, жумуру каткан адамдарга үшкүргөн

болуп, кичинекей мис чөйчөктөрдө кайнатып, курутулган күрүчтү тарката баштады.

Ань-ин арабанын жанына барганга батына алган жок.

Анткени, мындай тирелген аламан ичине суурулуп кирерге көзү жетпеди. Ал дөбөчө тарапка бир аз көтөрүлдү дагы, шилекейин жутканча көз алдындагы сүр-сүрдү күзөтүп турду. Күчтүүлөрү топту жарып ичкери киргенче, колундагы сынык-майрык жыгач табагын же болбосо жедеп майышып бүткөн мис кесесин араба тарапка узатат эле. Идиши болбосо же баш кийимин, а болбосо алаканын күзөтчү тарапка созуп жатышты. Кээ бирөөлөр алган күрүчүн жерге төгүп албоо үчүн, көкүрөктөрүнө басып алышкан, башкалары болсо топ ичинен чыгып кеткенге урунушуп, колдорун көтөргөн бойдон артка жылышууда. Ошондо, айрым эпчил колдор муну да илип кетүүгө даяр турушканы жан кейитет. А, ачуусу кайнаган күзөтчү пайдасы тийбесе деле бир азга тартипке салуу максатында, камчысын шилтеп-шилтеп, айрым байкуштардын жонун кызартып да турду. Мындайда, айрым бирөөлөрдүн араң колго киргизген күрүчтөрү тополоңго аралашып, жерге да төгүлүп кетип жатты. Ошо, арабага жете алышпаган алсыздар болсо жерге төгүлө түшкөн күрүчтөрдү бирден термелеп, чаң-чуңунан тазалабай туруп эле, апсыгып ооздоруна салганын кара...

Ань-ин өз көзүнө ишенбей турду. Өзүнүн мурунку кожоюнунда деле миңге жакын кул бар болчу. Алардын баарысы бир жерде же бир талаада биргелешип иштешкен учурлар дагы болгон. Аларга деле бир жерден даярдалган күрүч же тару

таркатылчу. Алар ортосунда дагы оокат талашып жаңжалдашкандар, мушташкандар болчу. Канткен менен, Ань-ин азыркыдай тополоң-тозду, ур-жыгытты биринчи ирет көрүп турду.

Бир кезде күзөтчү да көрүп алгыла, күрүч түгөндү дегендей эки кум-көзөнү ылдый каратып, түбүнө уруп туруп, өзү жерге секирип түштү. Ошо замат, арабаны келген тарабына сүйрөп кетишти. Оокат жетпей калгандар кеберсиген эриндерин жалашып, күрүчтөрүн жеп түгөтүшкөн «бактылууларга...» сук-тана карашкан болушуп, жер тепкилеп турушат. Кодойгон бир жигит болсо пайитин келтирип туруп, апсыгып күрүч жеп жаткандын кесесинин үстүнө бой таштаганча, тартып алып, күрүчтү өз оозуна ныктай салып качып жөнөдү. Кесенин ээси жулгуч-шумпайды кууганча, Ань-инге жакын жерден ага жетип, желкесине муш түшүрдү. Кодогой кесени көкүрөгүнө баскан бойдон жерге жыгылды. Кесе ээси аны бир нече ирет тепти, соңунда кесесин тартып алуу үчүн жула качкандын үстүнө өзүн таштады. Бети-башы чаңга бөлөнүп жерде жаткан кодогой тепки менен муштарга сес кайтаргансып, ошол жатышында жыландай буралып төгүлгөн күрүчтүн акыркы күкүмдөрүн оозуна тыкканча, чайноону унуткандай аптыгып жутуп жатты. Соңунда ал ордунан турду да, бошогон мис кесени ээси тарапка ыргытып жиберип, үстү-башын какпаган бойдон нарыга кетти....

Ань-ин эч ким же сөзү менен, же кандайдыр көз караш менен бул жула качкандын кылыгын каралашпаганын көрүп таң калды. Чынында, Ань-инден башка бирөө да бул жулуп качкандын аракетине эч бир маани да беришпеди. Анткени, адамдар мындай зордукчулукка

эчак эле көнүп кетишкен, кези келип калса алардын ар бирөөсү ушундай ишти жасоосу мүмкүн эле.

Күзөтчү болсо камчысын ойноткончо булгалап, опуза-догу менен коштоп адамдарды ишин көздөй айдай баштады.

Ачкалыктан ого бетер шайы кетип жаткан Ань-ин ийинге артар себетинин жанына барды да, эмнени издеп жатканына өзүнүн дагы баамы жетпей төгөрөктү караганча, ичине толгон топурагын төгүү үчүн зилдей оор себетини ыңкьшдап-онтоп ылдый көздөй сүйрөдү. Ылдыйда болсо чал үңкүйүп олтурган болуучу. Ал ачынган таризде сурады:

-Эмне, оокат тийбедиби, сен байкушка?

-Ооба, жетпеди. -Ме, мына муну жеп ал. Жолунду улаганча, тез жегин. Эч ким көрбөсүн. Көрсө, жулуп кетишет, - чал Ань-инге көгөрө түшкөн нан узатты да, өзү шаша- пуша нарыта кетти. Кечки тамакты таркатар маалында болсо Ань-ин эптеп-септеп өз үлүшүн алгандай болду...

Түнкүсүн жигит карыянын кыштакташтарынын жер төлөсүндө укдады.

Байшандыктар деле төрт тараптан келген кыштак адамдарындай себет, замбил, кап, кол күрөктөр менен бирге азык-оокаттарын дагы өз үйлөрүнөн алып келишчү. Мында болсо башкалардан ажыратылган жагдайда иштей турган дейдилер менен кулдарга гана оокат таркатылчу. Чалдын эмнеликтен Ань-инге иш учурунда дейди-кулдар менен иштейсиң, кечкурун болсо биздин жер төлөдө түнөйсүң деген сөзүнүн маанисин жигит эми гана түшүнө баштады. Бир аз кысылууну жаратканы болбосо, түнөө үчүн орун бериш эч кимге мүшкүл деле жаратпайт. Анан калса

чал деле кыштакташтарынан табылып калган жээни үчүн жээрге эч нерсе сурай да ал басы турган кеп. Күндөр өтүп бара берди. Ань-ин шартка бир топ көнүгүп да калды, ай бөксөрүп, түндөр кап-караңгы болуп өтө турган болуп калды. Үстөкмө-үстөк нөшөрлөгөн жамгырдын мезгили да башталды. Ал турсун, түнкүсүн иштөө дагы убактынча токтотулду. Иш токтотулган алгачкы түндө баарысы катып уктап алышты. Эртеси болсо, каш карайганда чал жер төлө ортосуна шам чырак жагып койду, байшандыктардын баарысы чырактын айланасында кеп-сөздү башташты. Ким бирөө тыштагы очоктон чычала алып кирди, дагы бири чапанынын ички тигишинен нокоттой наша күкүмүн алып чыкты, дагы бирөөсү ипичке камыш түтүгүн саздады. Тегеректеп олтургандар кезектешип, түтүкчөдөгү булаган түтүндөн кезмек-теше соро башташты. Адамдар саамга болсо дагы ушул дүйнө ташпиштерин унуткулары келгендей. Көкнары-паша өз таасирин берди: арстан күчтүүбү же пилби?...

Ажыдаар бир сугунганда үч өгүздү же эки топозду жутуп жибере алабы- жокпу? Көп өтпөй мындай апыртма кептер дагы мээни чарчатты. Арага тымтырстык чөктү. Аны кимдир бузгандай болду:

-Менин качырым ушул жол курулушунда өлсө керек. Анын териси менен сөөгү калганда гана кайтарып беришти. - Орто жаштардагы бул киши түтүкчөсүн кайра-кайра соруп, анысын жанындагыга узатты.

-Кече катыным эле... Кыштагыбыздын аксакалы салыкчыларды туп-туура менин үйүмө баштап келгенин айтты. Там алдындагы жериме олтур-гузулган капусталарымдын бирин да калтырбай

жыйнап кетишиптир. Өзү жоктун көзү жок да. Бул жол курулушу бар бүдүрүбүздү шылып ала турган болду: азык-оокат деле, кийим-кече деле, күч-кубат деле өз ордун тапкан болот - деди үнү калтырган бөтөн киши.

-Быйылкы жылы шалымды оруп-жыйнап алганга көзүм жетпей турат. Катыным оорукчан, балдарым болсо али жаш. Ушу, үйүмө бир күнгө барып келгенге да уруксат бербей жатышат. Терең күрсүндү дагы бир жаш байшандык.

-Эгерде Асман уулу ээбиз күзөтчү, салыкчы, аксакал-дарын зулумдуктарын билсе, чындап баарысынын терисин шылып алмак - кеп улады жер төлөнүн караңгы бурчунан бирөө.

Адамдар ошол тарапка карап калышты.

-Анда, Асман уулу - ээбиздин алдына жете бар да, булардын заалимдигин айтып салбайсыңбы?

Жер төлөдө мыскылдуу күлкү болумуш көтөрүлдү.

-Барат элем го, ага жагдай жетеби?

-Анда, күпүлдөбөй олтура бер! Же уктап ал. Бүгүнкү иштебегенибизди эртең мурдубуздан булак-булак кылып чыгарып адары турган иш.

-Ансыз деле болорубуз болду го, жүдөп! Зыгырчалык дем ырастап көрчү. Желкем болсо дале камчы уусунан айыга элек. Канткен менен, менимче Асман уулу-ээбиз биз айткан пикирлерден кабардар болсо эч жаман болмок эмес!

-Асман уулу кайдан кабардар болсун, биздин абалыбыздан? Анткеним, ал эч качан жупуну дыйкандын үжүрөсүндө болбогон го!

-Асман уулу - ээбиз дагы чындыгында кыштактан чыккан го! - капилеттен кеп кошуп жиберди, жер төлө-нүн босогосунда олтурган Ань-ин.

Токтогул Сатылганов
Ош облусунун Мелиана
ИНВ № 487273

Бардыгы таң калганча ага карап калышты. Жүдөгөн бул келгин, Асман уулу-ээбиздин туулган жери менен жашаган жерин каяктан билип жүрөт?

Байшандыктарды ары көелу, ал турсун жакын ортодогу айыл аксакалдары дагы, үлкөн күзөт-чүлөрдүн бирөөсү дагы ал улуу затты оо, алыстан болсо да көрүшкөн эмес.

Таң калгандардын бирөөсү тил безеди:

-Эй, жигитче! Асман уулу-ээбиз туурасында эмне деп былжырап жатасың? Акылың жайындабы, өзү?

-Мен окуган шайы түрмөктөрдө жазылган бул маалымат. Адамдар Ань-инди шылдыңдагандай күлө башташты:

-Об-бо сабаттуубуз эй! Бул чексиз ааламды кезген үйсүз-жайсыз дейди дагы окуй алат бекен?

-Жаштыгымда мага окууну-жазууну үйрөтүшкөн, - уялыңкы жооп кайтарды Ань-ин.

-Жаза аласыңбы, дале?

-Колго түштүң го, мактанчаак!?-кеп кайтарды качырынан ажыраганына кайгырган дыйкан. Баса, аны чегилген нашанын деми кыйла күчтөнтүп койгон болуучу.

-Жаза аламын, эгерде - ишеничсиз жооп кайтарды Ань-ин. Анын экиленүүсүнө себеп: кат жазарын далилдеш үчүн жер төлөдө шайы мата да, канат-калем да, лак-боек да жок болчу.

-Кана, дал азыр жазып көрсөт! - талап кылгандай болду дагы бирөөсү өкүмдүү.

Ань-ин бир азга өзүн жоготкондой болуп, чыракка жакындашып туруп, сөөмөйү менен алаканына алдакандай жазуу белгилерин сызгандай болду. Эч ким эч нерсени аңдай алган жок. Ань-индин эсине бир

нерсе түштү шекилдүү, ал ордунан ыргып туруп, тышты көздөй атылды. Жигиттин артынан күү-күү сөздөр жана күлкү көтөрүлдү. Көп өтпөй Ань-ин колуна бир чеңгел ылайды мыкчыганча жер төлөгө кирип келди. Ылайды жин чыractын жарыгы түшүп турган жерге таштады да, аны колу менен ийлеп, үстүн алаканы менен сылыктап чыкты. Адамдар жымжырт, бирок жигиттин жасап жаткан кыймылын күзөтүп турушту. Ань-ин сылык-тегизделген ылайдын бетине сөөмөйү менен төмөн жагы айры, төбө жагы биригип кеткен иероглифти чызды да, түшүндүрдү:

-Бу жэнь - адам.

Ал дагы бир нече белгилерди сызып көрсөттү жана алар эмнелерди билдирерин түшүндүрдү.

Адамдардын талабы, суроолорунан улам ылайды бир нече ирет ийлеп, жылмалап, мурдагы чийген жана кийинки жазууларын кайра-кайра жазып көрсөттү, кайрадан тажабай түшүндүрүп берди. Бул көрүнүш сабатсыз дыйкандарга акыл жетпеген даражадагы керемет болуп көрүндү.

Алар баштарын ийгенче кумтуланып, Ань-индин ар бир аракетин күзөтүп олтурушту. Ошентип бир нече минуталар өтпөстөн жер төлөнүн жашоочуларынын көз алдында илмийген буудай ырақ өспүрүм сырдуу жана көңүл бура турган пендеге айланды.

-Асман уулу-ээбиз туурасындагы билгендериңди айтып бер, Ань-ин, - сыймыгы арткан чал кубанычын жашырбастан. Башкалары болсо азыр эле билдирип жаткан ишеничсиздиктери жана мыскыл сындуу күлгөн-дөрүнө уялышып, жым-жырттык кучагында олтурушту...

-Мен окуган шайы оромдорун кожоюнум Чаньандан алып келген, - үнүн пастатып баяндай баштады Ань-ин. Кокустан эле пайда болуп калган көңүл буруу жана урмат-сыйлоолордон кийин ал өзүн ыңгайсыздай сезип турду.

-Ал жерде Асман уулу-ээбиздин сарайында шайы кездемелерге бир жаш аалым жазчу экен, аалым Кунцзиге (Конфуций) өзгөчө сыйынуучу. Ошол кереметтүү заттын кабыр жайын, ал турсун Асман уулуээбиз да тез-тез зыярат кылып туруучу. Жаш аалымдын жазуусу бар шайы маталарды эч кимге берчүү да эмес. Сарайдагы башка катчылар болсо ушул жазууларды көчүрүп, сарайга кымбат баалуу соогалар - Хуанцзинь (алтын), ну-бей (кул) келтиришип, Асман уулунун ээбиздин аягына чөгөлөп, таазим кылган жогорку мартабалуу заттарга гана ошол көчүрмө нускалардан берилип турган. Албетте, бардыгына эмес! Ошо, кожоюнумдун кызынын айтуусунда, ал турсун анын атасы дагы шайы ором-дордун бир тобун колуна алыптыр. Мени өзү оокат-тануучу канасына тез-тез чакырып турган кожоюнум ар дайым этияттык менен шайы мата оромдорун жазып, тоол кылып, анан гана аларды мага аярлап узатуучу. Мага жазууларды үн чыгарып окуп беришимди буюруп, өзү болсо улам баш ийкеп туруучу. Кожоюнумдун буйругу менен айрым оромдордогу жазууларды бир нече ирет кайталап окуп бергенмин. Айрымда, окуу соңунда кожоюнум мага дагы чогуу оокаттанууга уруксат берер эле.

-Мындан чыкты, кожоюнуң менен бирге оокттанып дагы жүрдүңбү, ээ?

-Жок-эй, бирге эмес, ошо кожоюнум олтурган канада оокаттанчумун.

-Анда, неге бул жерлерде тентиреп жүрөсүң? — күлүмсүрөп сурды адамдардын күбүрүнөн ойгонуп кеткен бир жаш жигит.

-Кирнеси кирип калбасын деп кожоюну буга дагы оокатынан берип тургандыры да, - деп азилдешти катардагы жер төлөдөн жаңы гана кирип келген кимдир бирөө.

-Ооба, мен да кул болчумун. Эми-чи... эми эркин... дейдимин... - сөздү акырына чыгарбай токтоп калды Ань-ин.

-Аңгемеңди уланта түш, уулум. Баарыбыз чындап кулак төшөп угуп жатабыз, -дем бергендей болду чал жигитке.

-Ошо, шайы оромдорундагы жазууларда азыркы Асман уулу - ээбиздин атасы, чоң атасы, бубалары туурасында өтө көп маалыматтар жазылган. Азыркы Асман уулу — ээбиздин өз ысмы Лю Чэ экен бирок, бул затты ысмынан атоого мүмкүн эмес. Бул - өзгөчө оор күнөө. Шайы оромдордогу жазуулар туурасында айтып берип жатып гана мен ал заттын ысмын атап өтүүгө мажбур болдум. Азыркы Асман уулу - ээбиздин бешинчи атасынын аты Лю Бан экен, ал зат өлгөндөн кийин Гао-ди болсо «Улуу өкүмдар» лакабына ээ болуптур. Бул зат деле кадимки кыштакта туулган.

Жер төлөдөгүлөр бир-бирине сөз беришпей кужу-кужга түшүштү:

-Эшиттиңерби? Асман уулу деле чындыгында кыштактан чыккан экен

-Демек, ушул зат дыйкандардын тарткан азабын жакшы түшүнөт!

-Асман уулу-ээбизге биздин ушул аймакта кандай азап тартып жатканыбыз жеткирилсе жетет!

-Кана, эми бир тынчтанып алгылачы! - үнүн көтөргөнчө күүлөнүп кеткендерди тыйды чал. —Ал турсун атасы кыштактын аксакалы болуп турганда дагы Асман уулу - ээбиз жөнөкөй гана дыйкандын үйбүлөсүндө туулган эмес. Айтайын дегеним, Асман уулу - ээбиздин өзү адам келбетинде жерге түшкөн жана андан биз билген Асман уулдары - ээлерибиз таркашкан. Дал мына ушундай!

-Мен... Мен айтууга батынбай жаткан элем, булар тууралуу да шайы жазууларында белгиленген, -деди ийменгенсип олтурган Ань-ин.— Гао-динин энеси бир күнү чоң көлдүн кыргагындагы тегизге чыгып дем алып жатканда, көзү уйкуга кетиптир. Түшүндө рух менен учурашыптыр. Ошо мезгилде капилеттен күн күркүрөп, көздү агыза турган чагылган оту бардыгын жап-жарык кылып жибериптир. Анан эле, коюу караңгылык каптаптыр. Тайгун (улуу даражалуу төрө) катынын кайда калып кетти экен деп аны издеп көл тарапка барып, катынын жанында терисин катар катар алтын тыйындар каптап калгандай ажыдаардын жатканын көрүптүр. Ошол күнү аялдын боюна бүтүптүр да, анын натыйжасында Гао-ди төрөлүптүр.

-Айттым эле го, Асман уулдары рухтан пайда болот, деп! Кана, тынчтангыла, акырына чейин угалы! -Асман уулу туурасында ушунчалык көптү билген мындай ажайып өспүрүмдү таап, жер төлөгө баштап келген чал өзгөчө кубаныч кучагында турду.

-Гао-ди улгайганда, -деп кепти улады Ань-ин. — Кыштактын аксакалы болгон. Анын мурун таноолору чоң-чоң, узун мойлоосу, жыш

сакалдуу келбети ажыдаардын эле тумшугун элестетчүү экен. Аны Чин Ши-хуанды ибадаткана-сынын курулушунда иштетүүгө өрөөн аймактарынан топтолгондорду иштетүү үчүн кулдарга башчы кылып дайындашкан. А, бирок, жол тарткандан баштап көптөгөн кулдар качып кетишкен.

-Балким, шалысын толук оруп бүтө элек кулдарды дагы жөнөтүшкөн болуу керек?

-Ким билсин. Шайы түрмөктөрүндө бул туурасында эч нерсе жазылбаптыр. Бардык жазууларда көрсөтүлгөндөй, Лю Бан менен анын кыштакташтары ошол ортодогу тоолордун арасына жашынышыптыр. Аларга өздөрүнө окшогон башка качкындар дагы кошулушуптур. Көп өтпөй Лю Бан козголоңчулардын башчысы катарында таанылган. Кийин ал тактыга олтурган. Андан Хань тукумдарынын негиздери башталган. Жазуулардан мына ушуларды гана аңдай алдым, бүттү. Дагы башка нерселер туурасында дагы жазылган, бирок алардын көбү эсимден чыгып кеткен.

Адамдар таңданып турушту. Ар ким бир нерсе деп калганга ашыгып жатты.

-Илгери деле оорчулук келгенде иштен качышкан экен да!

-Көрүнүп тургандай мындай иштерди Асман уулдары дагы кылып келген болсо, эзүүчүлөрдөн качуу, жаныңды сактап калуу күнөө эмес, мындай жоосун -Асмандын өз буйругу экен-ов!

-Эгерде күзөтчү бирөөбүздү сабай баштаса, жалпыбыз ага каршы чыгышыбыз керек.

-Баарыбыз биригип күзөтчлөрдүн башчысына баралы да кыштактагы бышкан түшүмдөрүбүздү

жыйнап келүү үчүн кезек-кезек менен үч-төрт күнгө жооп берүүсүн тал ап кылалы.

-Муну эртеңден калдырбайлы.

-Шашылбагыла! Башка жер төлөдөгүлөр менен дагы бул туурасында келишип алуубуз керек.

-Эгерде, биз өзүбүздү коргой алсак, Асман уулу - ээбиз каарданбайт! Анан дагы, тигил таш боор күзөтчүлөрдүн адебин колуна берип коюусу ажеп эмес!

Жин чырактын майы түгөнүп алда качан өчүп калган. Бирок, таттуу кыялдар эч кимге уйку бербей турду. Адамдар өз кыялдарында бул жерден кыйла алыстарда жүрүп жаткандай эле: кимдир бирөөсү бышып жетилген шалысын же таруусун жыйнаштырып койгондой, башкалары жол курулушуна айдап кетилген качырын же эшегин кайра колуна алып, үйүнө бара жаткандай, дагы бирөөсү салыкчылар илип кеткен болор-болбос кийимин кайра кайтарып алып жаткандай сезимде. Ким бирөөсү кадыр эсе үн чыгарып, эгер күзөт-чү мени кайра камчы менен сабап кирсе, мен накта каттуу таш менен башына түшүрөмүн... - деп да жиберди.

Кыйла убакыттан кийин гана жер төлөдөгүлөр аста-секин тынчтанышып, уйкуга кете башташты. Бирок, көп өтпөй, заңкылдаган үн угулду - ал күзөтчүлөр жука мис табактарды таяк менен уруп, адамдарды ойгото башташкан эле. Иш жайына ыкчамыраак жетип баруу зарылдай... Бүгүн байшандыктар Ань-инди дагы өзүлөрү менен кошо алып кетишти, анткени Ань-ин аларга жагып калган болуучу, анан калса ал өзү дагы байшандык болуучу да.

Чашкеде уйкудан калгандык өз таасирин бере башта-ды. Кимдир тез-тез мүдүрүлүп, ким бирөөнүн башы айлана чыкты. Ар убак боло жүргөндөй күзөтчүлөр нымтырагандарды түрткүлөп, тээп-кулатып, камчы менен сабап жүрүштү. Байшандыктардан бирөөсү дагы, ал турсун кечээ кечинде жер төлөсүндө күпүлдөп, чиренгендер дагы күзөтчүлөргө кол көтөрүш ал жакта турсун, сөз кайтарганга батынышкан жок. Баарысы мурдагыдай эле, дайым боло жүргөндөй улана берди. Алдан тайган адамдар бүкчөйүп, кудум өз качыр-ларындай же өгүздөрүндөй болушуп алы жеткенче топу-рак, шагылдарды ташышууда. «-Жер төлөдө чиренген башка да, күзөтчү менен бетме-бет тургандагы абал башка! -дешет адамдар өздөрүнө өздөрү.

-Кулдун милдети балалыктан тарта өлүп кеткенге чейин тынбай тер төгүү!»

Күндөр көңүлсүз, кунарсыз өтүүдө. Асман уулунун чындыгында кыштактан чыккандыгы, чыдап болгус ырайымсыздыктар Асман уулунун буюртмасы менен эмес, балким күзөтчүлөр, салыкчылар жана кыштактын аксакалдарынын алсыздыгынан улам болуп жаткандай, эгер кабар Асман уулуна жетсе, мындагы ынсапсыздарды жазасыз калтырбай тургандыгы туурасындагы кептер улам жаңы кошумчалары менен ооздон-оозго, жер төлөдөн жер төлөгө таркала берди. Айрымдар, жакын арада Асман уулунун жеке өзү ушул тараптарга келет, жол курулушунда эзилип жаткан шордуулардын көз алдында күзөтчүлөрдүн баарысын дарга астырат дешип жибергендер толтура. Айрымдар мындай кептерге чындап ишенишет, айрымдар такыр

ишенишпейт. Кантсе да баарысы эмнегедир болуусун, кандайдыр бир окуя жүз берүүсүн күтүп жүргөндөй.

-Жаштыктын эч баасы жок, бирок канча өкүнбө, ал кайталанбайт, - деди бир күнү чал Ань-инге.

-Жаш кезде чарчоо да тез таркайт, ач-жылаңач болсоң дагы үмүт учкундары жанып турат.

Ань-индин дагы балалык кездери кыйынчылыкта өткөн. Бирок, анын жүрөгүндө жаркын элестер сакталып калган, ошо жүрөгүн кимгедир ачкысы келүүчү. Бирок, кимге айтып, черин жазсын? Жер төлөдөгү дыйкандар өз кеми- көздөрүнөн башка менен иши жоктой.

Ань-ин бир байшандык менен кыйла жакын болуп калган. Анын жашы жыйырма бештерге барып калса деле, алигече бойдок. Бир нече кече алар жер төлөнүн босогосуна жакын жерде чогуу түнөп келишет. Нарыкта тартылган каттуу коңуруктан улам уйкусу качкан түндөрдүн биринде Ань-ин өз досунан шыбырап сурады:

-Качан үйлөнөсүң? Ата-энең болсо бар, ал турсун баш калкалар үжүрөңөр дагы жок эмес.

-Каражатсыз үйлөнүп болбойт ко! Анан да алган катынды кантип багамын? - жигит чукур күрсүндү. Араны жымжырттык ээледи.

-Бирөө-жарым жакшы көргөнүң барбы? -Ань-ин өзүнө дагы дал ушундай суроо берилсе деп шылтоо издегендей. Кимгедир жарылып-төгүлбөсө жүрөктөгү ышкы-дарты жарып чыкчуудай туюлат. Кантсе дагы, ал күткөн суроо берилди:

-Өзүңчү, өзүң бирөө-жарым кызды жактыргансыңбы?

-Ооба, жактырганмын. Кааласаң айтып берүүм да мүмкүн.

-Айт.

-Адегенде өзүм тууралуу кеп кылайын. Антпесем, махабатымдын тарыхы сага түшүнүктүү болбой калат.

-Туура, макул, кепти баштай бер.

-Чамасы, эми гана эки жашка киргенимде болуп өткөн катаал окуядан соң, акылымды таанығандай болгомун. Ошондой жашта болгонумду кийинчерээк эсептеп, аныктадым. Түнкүсүн энемдин боздогон ыйынан ойгонуп кеттим. Энем мени бооруна бекем басып алып өөп жатат. Башымдан сылайт, жүзүмө тигилет, кайра кучактайт, ыйлайт, өпкүлөйт... Атам болсо унчукпай турат, бир топтон кийин ал энеме ачуусу менен бир нерселерди айткан болду, үшкүрдү. Энем тынчып калды. Мен кайрадан уктап кетипмин. Эртелеп, мени атам базарга жетелеп кетти. Энем бизди күзөткөнчө дагы өптү, ыйлады, бирок, эми ал өпкөлөбөй, болгону ичинен бүлкүлдөп ыйлап турду. Базарда атам мени калтырганча кайдадыр житип кетти. Мен узак убакыт бою адамдардын аяк астында кибиреп жүрдүм, атамды таба албаган соң, базарды кудум башыма көтөргөндөй кыйкырып ыйладым. Адамдар мени ороп алышты да, кимдир бирөө мага болор-болбос таттуусун берди. Кечки маалда кандайдыр бир киши мени өз үйүнө алып кетти. Бизди босогодон бир аял каршы алды. Ал мээримдүү күлүмсүрөдү. «Мына сага уул алып келдим!» -деди эркек. Кандай жакшынакай уул, бул?! -аял мени алдына көтөргөнчө жүзүмдөн өөп-өөп алды.

Мен алардыкында жашай баштадым. Арадан бир нече жыл өткөндө, кыйла чоңоюп калганымдан кийин

гана түшүндүм: атам мени жоготпостон эле. атайлап базарда калтырып кеткен экен. Ошо кечедеги атамдын энеме айткап сөздөрүн эстедим: «Өлтүрүп жибергенден көрөктү, ушундай кылган жакшы го!?» Ушул сөз мен тууралуу айтылган экен. Жакында билсем, ошол жылдарда жан башына алына турган салыкты жети жаш ордуна үч жаштан баштап алыш туурасын өкүм чыгарылган экен. Ошондо мен экиден үч жашка кадам коюп жаткан болсом керек. Эми байкаштырсам, атам бечаранын мен үчүн салык төлөөгө кудурети жетпеген. Анткени, мен үй-бүлөбүздөгү төртүнчү перзенти болчуумун. Ошондуктан, атам менден кутулуунун ушун-дай оңой жолун ойлоп тапкан экен.

-Төртүнчү болуп туулган баланы Ань-цзи деп аташат ко? Эмнеге сенин атың Ань-ин?

-Кантип эле сен, кулдардын атын тез-тез өзгөртүп турушарын билбесең? Эми, башыма кандай күндөр түшкөнүн ук. Төрт жашка толгонумда жаңы ата-энемдин алдына алардын узак бир тууганы кирип келди. Ал кошуна аймактан экен. Ошо тууган менин башыма жаңы азаптарды алып келиптир. Ошол тууган болумуш баякы көтөрүлүшкө аттанып жатып менин жаңы ата-энеме бир карыган өгүзүн калтырып кеткен экен. Жанагы тууган ошол аманатын кайтарып берүүнү талап кыла баштады. «Жашаган жериңердин башчысына барып айтамын: силер бирөөнүн баласын уурдап алгансыңар. Колу туткак экениңерди баарысы билишет», -деп күпүлдөп ызы-чуу салды. Анын кесепетинен мээримдүүлөрүмдөн кол үздүм. Азыр байкаштырып көрсөм, ошо тууганды келип калуусу жаңы ата-энем үчүн чындап эле пайдалуу болуптур.

Алар мени берип жибергенге ичтери ачышкан менен, бир топ жеңилдеп калгандары дагы билинген. Анткени, жан башына чегерилген салыкты төлөөгө чамалары жетпеген эрди-катын азап салган аманаттан кутулуунун жолун дал ушинтип тапкан тура. Жаңы кожоюнум, карызын үзүү максатында мени дагы бир сүткордун колуна тапшырды. Мен тууралуу кандайыр бир шайы маталарга бир нерселерди сызышты, ошол учурдан баштап мен чыныгы кулга айландым. Сүткор мени туппа-туура кул базарга алып барып, кул сатып алуучуга сатты. Кезектеги кожоюнум мени эки дөңгөлөктүү арабасына олтургузганча узак-узактарга алып кетти. Кийинчерээк болсо Хуанхай - Сары деңиз жээгенде жашоочу бай көпөскө сатты. Ошол кул эзгичтен качтым дагы, желип-кезип, жашырынып жүрүп, жолум болгондой, ушул силердин жер төлөгө жетип келдим.

-Өтө эле мол жол басыпсың го? Асман асты өлкөсүн баштан-аяк кездим дегин?

-Баштан-аяк деген болбос. Асман астынын чеги жок.

-Ко-ош, махабат дартына каерден чалынып жүрөсүң?

-Азыр махабатымдын тарыхын дагы баяндап беремин. Тыңша!..

Ань-ин чукур күрсүнүп алып, тез-тез шыбырап айта баштады. Акыркы кожоюнумдун ишине барганымда беш жашта болсом керек. Кожоюндун менден бир аз жашыраак кызы бар экен. Ысмы Ляо болуучу. Кыз зерикпес үчүн мага аны менен бирге ойноп жүрүүнү буйруду. Ляонун сабатын чыгара башташканда мага дагы аны менен бирге сабат ачууга

уруксат бериштн. Мен кыз га караганда жазуу белгилерин тезирээк өздөштүрө баштадым. Ляо менен мен бири-бирибизге үйрөнүп, ынак да болуп калдык. Сабат алуудагы ийгиликтерим кожоюнумдун кулагына да жетиптир. Ал эми өз кожолугундагы эсеп-кысап иштерин жүргүзүзүп, үйрөтүүнү билим бергендерге дайындады. Жашым он төрткө келгенде мени өтө көп сандагы кулдар жашай турган сарай менен кожоюнумдун үйүнүн дарбазасынын жанындагы үжүрөгө жайгаштырышты. Мага, чындап эле өзүнчө баш паанек берилгендей туюлду. Бирок, ушундан кийин Ляону өтө сейрек көрө турган болуп калдым. Түрдүү базарларга жибериле турган даяр буюмдар, кап-кап туз жана башка нерселерди эсеп-китеп кылуу, ошону менен бирге карызы барларды тизмеге алуу, зарыл эрежелерди даярдоо, зарыл болуп калган учурларда гана кожоюнум мени короо ичиндеги үйүнө чакырып калчу. Бая айтып өткөнүмдөй, Асман уулу-ээбиздин ата-бабалары, түрдүү андар (падышалар) туурасындагы уламыштар, узак- узактардагы түркүн-түркүн калктар туурасында жазылган шайы оромдорундагы жазууларды кожоюнга окуп берип туручумун. Ляо менен учурашуу ого бетер кыскарып кетти. Ошондо гана бул кызга чындап байланып калгандыгымды сездим. Ичкерки үйдөн тышкарыга чыгууга, ал турсун бир ирмемге үжрөмө баш багуу учурунда же капилет учурашып калганыбызда акырын гана үн чыгарып бир нерсе айтып өтүш үчүн Ляо түркүн-түмөн шылтоолорду ойлоп тапчу. Ток этери, анын дагы менсиз тура албастыгы маалым болуп калды.

-Чырайлуу беле ошо... Ляо?

-Чырайлуу болгондо кандай! Көздөрү бүтүк, напназик, бармактары жибектей жумшак болуучу!

-Мейли, эми уланта бер. Кийин эмне болду? .

-Кийин кызматкер аялдарын кеп-сөзүнөн улам Ляонун кудалашкан жери бар экенин билип калдым. Аны кыйла алыс журтка эрге берише турган болушуптур. Ляону үйдөн чыгарбай коюшту. Кожоюнум башка иштер менен кармала бергендиктен, кийинки учурларда бир ирет болсо дагы мени өз алдына чакырбады. Анын тоюнан бир аз алдыныраак, бир күнү кечинде төшөгүмдүн үстүнө коюп кетилген түйүнчөгө көзүм түшүп калды. Ачып карсам, түйүнчөдө жыйырмача цянь - майда тыйындар жана эки кичинекей шайы оромо бар экен. Оромонун бирине Ляо өз колу менен: «Түнкүсүн кач! Этият бол, кош!» - деп жазыптыр. Шашып калдым. Эшик тарапты байкаштырдым дагы экинчи оромону ачтым да көргөн көздөрүмө ишенбей турдум. Ал мен туурасындагы данб-шу (кулдуктун күбөлүгү) болуучу! Сүйүнгөнүмдөн турган жеримде катып калдым! «Кантип эле, кантип эле!» -деп жаттым шыбырап. Толкундоодон колдорум титиреп, чакмак таштарды да бири-бирине ура албай турдум. Кантсе да, от тутанттым дагы кулдук күбөлүктү жалынга туттум. «Ань-ин, сен азат болдуң!» -деп жатты бардык аң-сезимим. Ичиме батпай, ташып кетип бара жаткан сүйүнүчүмдү араң басып, акырын гана тышка чыктым. Эркин жүрүү укугум бардыгы мага аябай оң болду. Кожоюнумдун жерлеринин акыркы тилкелери артымда калгандан кийин күчүмдүн жетишинче чурка-ганга түштүм. Башым ооган тарапка жол алдым. Күндүзү далдоо жерлерде жашырынып, түнкүсүн жол

арбыттым. Бейтааныш чыйырлар, жолу жок кыр-адырларды ашып-атып үч айга жакын убакыт ичинде мына, силердин баш калкалаган жериңерге жетип келдим.

-Жүд-ээ, жагымдуу сүйлөйт экенсиң Ань-ин!

-Көптөгөн амалдуулардын сөздөрүн укканмын, анын үстүнө, айтып өтпөдүмбү, шайы оромдорундагы көркөм сөздөрдү дагы окуганым бар. Балким, ушундан болсо керек сөзгө чебердигим. Аныгы, Ляо мага эркиндигимди кайтарып берди. Мен эми үй-жайсыз дейди болгонум менен эркин хэйшоумун (кара башы эркин), учуру келгенде менин дагы өз үйүм болот! Өкүнүчтүүсү, ошол үйүмдө эч качан Ляо болбойт. Эртең мененчи, жүзүмдөн сылап ойготпойт. «Ань-ын, тур, Ань-ин, нанушта даяр!» -деген сөздөрүн эч качан эшитпеймин... Ляону качандыр бир кезде издеп табамын деген арзуум да бар. Өзүнө билдирбей, жүзүнө тое-тое тигилиш, майиң үнүн угуу, жан дүйнөмдү өрттөп жиберүүчү жылмаюуларынан рахат алуу дегендер мындан ары эч качан насип да кылбас. Кана эми, аны узактан болсо дагы бир көрүп кал сам...

Ань-ин жымып калды. Аны менен сүйлөшүп жатканы да үн катпады. Алар жер төлөдөгүлөрдүн оо, качандан бери коңурук тарпай калышканын эми сезишти. Ал турсун, жер төлөдө эч ким жоктой туюлду. Бир аздан соң гана кимдир жамбашына оодарылгандай болду, ким бирөө чукур күрсүнгөнсүдү. Ким бирөөнүн быр-быр ыйлаганы эшитилгендей болду.

-Нак акмак, мен болдум! - кейип кирди өзүнчө, кийинки учурларда баарлашууларга эч аралашпай койгон дыйкан.

- Өз баламды неге дарыяга таштадым? Ал деле ошол маалда эки жашта болуучу. Оп-оңой жолу дагы бар экен го! Оо, менин бышпаган башым-ай! Мен дагы Ань-индин атасындай болуп уулумду базарга таштап кеткенимде, бирди жарым адам аны үйүнө алып кетмек. Азыр ал деле жигит болуп калмак. Качандыр бир мени таап келип калар беле?!. Балким, менин уулум деле Ань-ин сындуу эс-акылдуу жигит болмок...

Тегиз, бирдей болушуп бир нече адам үх тартип жибериштиш, кимдир үнсүз бырылдап ыйлай баштады, ким бирөө өз колу менен өз перзенттерин өлтүрүп салганы үчүн өзүн сөгүп жиберди. Жан башына алына турган салыкты дагы наалатташып кириштиш. Бирок, эч кимиси Асман уулу - ээлери туурасында бир сөз айтууга батынышпады. Адамдар салыкчылар менен кыштак аксакалдарына каргыштарын жаадырышты, бүттү. Ага себеп, салыкты белгиленгенден ашыкча жыйнагандар, көп бөлүгүн өздөрүнө уруп калгандардын өзү эмеспи!?

Букаралардын балдарынын кайгылуу өлүмүнө себеп болгондор ошол салыкчылар менен айыл аксакалдары! Бул түнү байшандыктар Асман уулу-ээлеринин ата-бабасы туурасындагы Ань-индин икаясын укkан түндөгүгө караганда бир топ каттуу толкундашты, ого бетер ачууга алдырышты. Бирок, бул ирет деле жер төлөнүн жашоочулары таң караңгысына карабастан үн чыгарган коңгуроо-добушту эшитишер менен орундан турушуп, курулуп жаткан жол тарапка жөнөштү. Адамдар кадимкидей эле бойлорун бүгүшкөн бойдон, айоосуз билбес күзөтчүлөрдүн камчысынын алдында ыңгырап жүрүштү.

Айсыз, караңгы түндөр өтүп кетти. Жол курулушундагы оор эмгек жана да ал-күчтү курута баштады. Кийинки күндөрдө ушул чөлкөмдө кийими жупуну, чачтары тозгон делбе аял пайда болуп калды. Ал курулушчулар арасында тентип жүрдү. Күзөтчүлөр аялды камчыларын көтөргөнчө док-опуза менен нарыга айдап, бирок, сабап жиберүүдөн тартынбай, ушул аймакта жүрө берди. Адамдардын нышкандай. Аял болсо эч кимден жана эч нерседен айтуусунда бул аял тоонун артындагы, кайсыл бир узак кыштактан келиптир. Анын да эри, бала-чакасы болгон дешет. Туңгуч перзентин карыз ордуна кулдукка беришиптир. Экинчи баласы туулганда, эри бөбөк үчүн салык төлөөгө көзү жетпеген себептен андан кутулмакчы болуптур. Түнкүсү бөрү- мөрү жеп кетер деп, бөбөгүн тоодогу бадалдар арасына таштап келиптир. Эртеси аял казан асчуу жайдан бөбөктайынын бир мүчөсүн көрүп калыптыр. Оролгон чүпүрөктөрдөн улам, бул өзүнүн бөбөктайы экендигин билиптир. Кийин маалым болгондой, ушул эле үй-бүлөнүн ити түндө кезип жүрүп «олжосун...» учуратып калган, анан жарымысын ошол жерде жеп, калганын тиштегенче көтөрүп келген... Эне, муну көрөр замат акылдан азган!.. Эри, ызасынан итти чаап салган соң, өз үйүнө өрт коюп, бир укумдай жерин таштап, кайдадыр дам-дарексиз башын алып, жоголуптур.

Ань-ин бактысыз аялды жүрөгү сыздаганча, байкап жүрдү. Аял чакан сүйрү ташты кучагына кысып жүрөр эле, ал кез-кездерде эркектерге жакындап келип:

-Балакайым... мына атаң! -дечү.

-Ал итин чаап салат, сен тирүү каласың. Ыйлаба ?!..

Ушундан соң өтө каттуу ха-халап күлүп жиберчүү.

- Ха-ха-ха... Бу таш-ко!... Таш!...- анан эле ушул саам аялдын акыл-эси өз ордуна кайткандай боло түшчү. Ал ташты ыргытып жиберип, адамдарга кайрылып кирчү:

-Итти айдап жибериңиздер!? Сабагыла итти!? Болбосо, ал баарыңарды кажып салат! Адамдар көздөрүн ала качып, жер тиктеп, тиштерин кычыраткан менен, бир да чур эте албай калышчу.

Күн чашкеде дарыя бойлогон жол бурулган жердеги бийик дөбөчөнүн капталынан кара түтүн буруксуп, кыйкырыктар угулду. Жакын жерде иштеп жаткан адамдар ошол тарапты көздөй чуркашты. Аламанды күзөтчүлөрдүн док-опузасы да, сөккөндөрү дагы, шилтенген камчылары дагы токтото албады.

Байшандыктар дагы чуркап жөнөштү, алардын тобунда Ань-ин дагы бар болчу. Ал, учу кайтарылган мис көсөлөр менен жанып жаткан от-жалын ичинен чала күйгөн бир адамдын денесин тартып алып жатышканын көрдү. Дымактарга урулган колоңсо жыт көңүлдөрдү айлантып, окшутту.

-Бечаранын мындан башка кандай ылаажысы калган эле? - деди аламан арасынан кимдир бирөө жалпыга угуза.

-Эмне кеп, эмнеге мындай кылыптыр? - сурап жатышты адамдар, биринин башын бири тосконсуп. Үзүк-жулук, чала-була кептерге караганда, өзүнө өзү от койгон аялдын эри дагы ушул жерде, жол курулушунда иштеп жүрүптүр. Алардыкына кыштактын аксакалы, салыкчы жана эки жасоол басып киришиптир. Салык ордуна үйдөгү бар мыдыр-бүдүрдү шыпырып алышып-тыр да, ошол жердин

өзүндө олтуруп алышып ичкилик ичишип, ашканда аялды зордошуптур. Жарыбаган үйгө өрт кетиптир, ичкериде уктап жаткан жаш бала дагы күйүп бүтүптүр. Аял дат салган бойдон эринин алдына, жол курулушу тарапка чуркап келиптир. Дал ушул учурда аялдын күйөөсү да бул жерде жан таслим болуп жаткан экен. Ал желкесине артылган топурак толгон капты көтөрө албай, алсыздыктан мүңкүрөп жыгылганда башы ташка урулган, үстүнөн топурак толгон кап басып түшкөн. Бул дүнүйөдө эч кандай илинчеги калбаган аял отунга жыйналган шак-бутактардын үстүнө чыгып туруп, өзүнө от коюп жибериптир.

Баарысынын сезим-оюнда дал мына ушундай адиселер жол курулушунда иштеп жаткан ар бир адамдын үй-бүлөсүндө жүз берүүсү мүмкүн делген пикир-ойлор ойноп турду. Кийинки күндөрдө бир далай азапка чыдабаган адамдар өздөрүнүн өмүрүн кыюнун жолдо-руна түшүп калышкан эле, анткени ушундай жол менен гана бардык азап-тозоктон жана кордоолордон кутулуу мүмкүн болуп тургансыган. Азап-акыбеттин кайтпастыгы жана жокчулуктун айынан адамдардын жаны деле алкымына келип калган.

-Ал аялдын үйүнө дагы кандай салыгын өндүрүү үчүн киришкен экен? - аламан ичиндегилер кыйкырышты.

-Кечетен баштап жаңы салык салыныптыр! Жол курулушу үчүн дагы кошумча каражат керек имиш.

-Мына ушул жол үчүнбү?

-Балким, ушул жол үчүндүр!

-Өзүбүз ушул жерде иштеп жатсак да, үйлөрүбүздө калган бар-жогубузду тартып алышса, катындарыбызды зордукташса!...

Жаңы салык туурасындагы шум кабар канткен менен ооздон оозго өтүп олтуруп, сабыр чынысын толтурду.

-Бас, жетер! Өлчүү болсок, өлүп да болдук!

-Адамдардын жаалы аракетке келди. Аламан жөө, аттуу шайланып үрөйлөрү учкан күзөтчүлөрдү көздөй бет алышты. Күзөтчүлөрдүн төбөсүнө таш, таяк, колго киргендин баарысы шилтене баштады. Ызалануудан көздөрүнө кан толгон адамдар күзөтчүлөрдү кара канга чылап, жер тиштетип, алардын жыгач үйлөрүн талкалап, жагып жиберишти.

-Ашыкча чыдай албайбыз! - кыйкырык салышты көтө-рүлүшчүлөр.

Бирок, алар мындан соң эмне кылышты билишпейт эле. Адамдардын бир тобу жер төлөлөр тарапка бурулушту. Алар сынык-майрык идиш-табак, эски-куску төшөктөрүн көтөргөнчө, үй-үйлөрүнө аттанып жатышты.

Калгандар курулуп жаткан жол боюнда каардуу чайпалып турушту. Күн дагы батышка чөгүп бара жатты. Чыгыштан асманды каптап келе жаткан булуттар коюлаша баштады.

-Тигине, келе жатышат! - кимдир бирөө кыйкырып жиберди.

-Дарыянын өйдө тарабынан, топурак жана шагыл менен тапталган жолдо атчандар тобу келе жатыптыр. Алар куралданган аскер адамдары - Шэнбиндер эле. Көтөрүлүшчүлөр аларды көрөр замат эле туш тарапка тыркырап кача башташты: бирөөсү дөбөнү көздөй,

бирөөсү бадал аралап, бирөөсү жер төлөсүнө бой урду...Шэнбиндердин кылычтары, найзалары, түтөт-мөлөрү эч кимди айоочудай эмес.

Ань-ин менен чалды шэнбиндер анча узатпай эле, кууп жетишти. Качкындын тажырыйбасына ээ болуп калган Ань-ин өзүн бадалдар арасын урду. Коргоно албай калган карыянын көкүрөгүнө жаалданган шэнбин найзасын сайып өттү.

Шэнбиндер узап кеткенде, Ань-ин бадалдар арасынан чыгып, чалдын үстүнө эңилди.

-Бар уулум, Асман уулу-ээбизге айт... Ал... ал... тигил жарабас...жарабас шэнбиндердин жазасыны бер... берсин!

Карыя көздөрүн жумду. Ал адилеттик бар экендигине ишенип, жашоо менен коштошуп жаткан болчу. Мындан бир нече күн илгери жол курулушунда «миш-миштер...» күч алып жатканы туурасындагы жашыруун кабардан соң, ошо Асман уулунун өзү куруучулар ортосундагы ар кандай чагымды аесуз басуу туурасында буйрукту бергендигинен карыянын эч бир кабар жок эле, чынында. Ал,турсун мындай окуя болуп кетерин кыялына да жолоткон эмес.

Көтөрүлүшчүлөр тымтыракай качышып, Шэнбин-дер аларды кууп жетип жер сүздүрүп, кылыч-найзадан өткөзүп жүрүштү...

Жер силкинте күндүн күркүрөөсү, чагылган оту төгөрөктөгү тыркырап качып жаткан адамдардын кыжырын ого бетер келтиргендей. Өткүн куюп кирди. Ыссык кан, жан берип жаткандагы муздак тер жамгыр менен аралашып, батыштын жерлерин жана калктарын моюн сундуруу, алардын аймагын Асман астына кошуп алуу максатында курулуп жаткан жолду

топурак-шагыл менен бекемдеп, жолду өзгөчө мыктылап, шэнбиндер жөн-жай гана басып өтүүсүнө ылайыкташтырып жатышкан болчу, түпкүлүгүндө. (Бул окуялар биздин доордон мурунку 122-жылы Шу өлкөсүндө (азыркы Синчуань аймагы) көтөрүлгөн козголоңдун башта-луусуна түрткү болгон).

ЭЛЧИ САБАК АЛУУДА

Асман уулунун сарайынын кароолдорунун башчысы бой-келбеттүү - Жан Цянь отуз эки жашка кадам койгон кездеринде өз милдеттерин тырышкактык менен так аткарып келе жаткандыгына байланыштуу кызмат тепкичтеринде «лан» даражасына көтөрүлүүгө татыктуу болгон эле. Сарайдагы бийликтегилер жана анын билермандары Жан Цзянды жана тапкыч кызматкер экендигин алда качан эле ылгашып, көз алдыларына алып жүрүшкөн. Асман астынын өкүмдары билермандарга алиге чейин белгисиз болуп келе жаткан Батыштын алыс-алыс өлкөлөрүнө элчилерге башчы кылып жөнөтүүгө ылайыктуу бир кишини табууну буюрганда тандоо биринчилердин катарында Жан Цяндын чегине түштү. Асман уулу-ээси аны менен болгон кыскача баарлашуусунун соңунда, эң маанилүүсү - Жан Цяндын келбетин көздөн кечирип, жалтанбас жана таза көз карашын эске алды да, билермандардын пикирин макул тапты. Ушул жагдайдан улам, Жан Цзянга чейинки Чжунго-Ортолук дөөлөтүнүн эң жакын түндүк тараптагы кошунасы сыяктанган хундардын журттарынан нары дагы - батыштагы узак-узак өлкөлөрдө күн кечиришкен көчмөн юечжи

калкына Асман уулунун элчиси делген милдетке дайындалды.

Чин өлкөсү тараптан азырынча бирди-жарым кишинин аягы али жетпеген Батышка эми гана түзүлгөн элчилик тобун жөнөтөрдөн мурда Жан Цянды сарайдын өзгөчө жасалгаланган ички кабылдамаларынын бирине сарай тарыхчысы Сима Цян менен болуучу баарлашууга чакырышты. Сима Цян дал ушул күндөрдө Асман астындагы өлкөнүн тарыхын жазууга киришкен эле. Анын китеби уламыштардан түптөлгөн замандардан баштап, өз замандашы хан бийлигинин алтынчы Асман уулу-ээси Лю Чэ өкүмдарлыгына чейин болгон доор-лорду камтып чыгууну болжолдогон. Чжунгодо чечими чыккан билдирүүлөргө караганда Лю Чэ тарыхка «Багынгыс император» маанисин аңдаттырган У-ди ысмы менен кирген.

-Муну караңыз, сиз менен аты уйкаш-адаш экенбиз, -дегенче тарыхчы элчини өзүнө жакын тутуп каршы алды. Жан Цянь тарыхчы нары дегенде өзүнөн беш-алты жаш улуу экендигин көңүлүнөн өткөрдү.

-Ооба, дал ошондой! Анан да Сизди узактан көрүүгө, жакыныраактан болсо өзүм кызмат кылып жаткан дарбазадан өткөнүңүздө бир саам гана көрүп калууга туура келсе да, мен Сизди кыйладан бери билемин, -деди ток этерин айткандай Жан Цзянь

-Кызмат кылып жаткансыз эмес, кызмат кылгансыз, бүттү! - баарлашуучу адамынын сөздөрүнө түзөтүү киргизди Сима Цян жайдары жылмайып. Эми Сиз мында Асман асты өлкөсүнүн элчиси. Чжунго болсо Улуу асман астынын бир бөлүкчөсү, болгону, - дегенче бул пикирин аягына чейин тарыхчы чыгарган

жок. Бирок, Жан Цянь айтылбаган нерсени түшүндү. Биз Сиз менен, Цян, мындан ары Асман уулунун ырайымында укуктары теп-тең кызматташтарданбыз! - деди көңүлү толгондой жагымдуу ыргакта, Сима Цян.

-Кубат берген сөздөрүңүзгө милдеттүүмүн! —деди Жан Цзянь кошумчалап койду:

- Мен Улуу Асман астынын али белгисиз өлкөлөрү тарапка кетип жатамын.

-Мага айтышты, Сиздин жакшы окугандыгыңыз..., жашыңызды.

-Туура, аз-маз окуп турамын, бирок, жазгандарым эч нерсеге арзыбайт.

-Кантсе дагы, Сизди элчиликке тандашканы дагы жөн жерден эмес экен да!

Жан Цянь, капилеттен эле, бар болгону келишкен балбан эле болгондо, аны элчи кылып дайындоонун зарылчылыгы болбостугун түшүндү. Андыктан, жолдо убактысынын жетишинче сабаттуулугун арттырып баруу, эң биринчиси, ал жактан көргөн-билгендерин, укkан-дарын окуп-үйрөнүп, маанисине жеткендерин жазып, аларды баяндап берүүнү да өздөштүрүүсү керек болмокчу.

-Менин атам, -сөзүнө басым койгончо, мейманга өзү айткандардын мазмун-данегин ылгап алууга шарт түзгөндөй жайма-жай сөз улады тарыхчы, - асмандыктардын каадаларын үйрөнүш тармагын сарайда тейлеп жүрүү менен бир катарда, Чжунго тарыхы боюнча да көптөн көп маалыматтарды жыйнаган болчу.

-Балалык кезимде атаңызды аламан ичинен бир-эки ирет көргөнмүн... Ал адамдарды тынчтанууга

чакырып туруучу, дегенче аңгемесин баштады Жан Цянь.

-Ажыдаар дегени бийик-бийиктерге көтөрүлүп, эмнегедир ачуусу келип, Күндү жалмап жута баштаганда адамдар тыбырчылап жибериште. Төгөрөк-атарап улам кап-караңгы болуп бара берди. Жеп тойбос ажыдаар болсо Күндү толук жутуп жиберген эле. Адамдарды ызалануу бийлеп алган, эч ким бастырып келе жаткан бул балээден кутулуп калышты билбей турушту. Дал ошондо Сиздин маркум атаңыз, ылайым эле, анын руху Жер алдындагы сары булактардан дем алып медер тапсын, Сиздин даанышман атакеңиз адамдарды тынчтандырды, аларга Цзи Гун-Арш бийиктигиндеги Асман өкүмдары ажыдаарга Күндү бүтүндөй жана толук жутуп жиберүү-сүнө мүмкүндүк бербей тургандыгын түшүндүрүп берди. Сиздер болсо, кайран кара баштар, деген болчу ал улуу зат адамдарга кырылдаган үнү менен, үн чыгарып калкандарга жана бош жез идиштерге каттуураак уруп тургула деген болчу. Ажыдаарды коркутуп, кууп жибериш керек деген эле. Мен да ошондо узун таяк менен жез идишти даңгыратканмын.

-Ошондой, атам, негедир ажыдаар кез-кезде эң жарык асман бөлүгүн жутушун маанисин билбеген болсо деле, ажыдаар Күндү жөндөн жөн жутуп жибербестигин түшүнө турган. Бирок, добулбастарды, боп-бош жез идиштерди ажыдаарды коркутуп, качыруу үчүн эмес, бал ким адамдарды тынчтандырыш үчүн дүңгүрөтүп чалыш керек болгондур. Ажыдаар болсо белгилүү убакыт өткөн соң, өзү кетип калчу.

-Мен бул сөздөрүңүзгө түшүнбөй жатамын, -Асман уулунун сарайынын дарбаза кароолдорунун мурунку башчысы, сарай көзү ачтыгы, Сима Тандын уулу-тарыхчы Сима Сяндын назик баяндамасынын маанисин аңдай албады.

-Демек, атаңыз ач көз ажыдаар Күндү биротоло жутуп жибербесин билген. Анда, эмнеликтен ал адамдарды ажыдаарды коркутуп, айдап жиберүүгө чакырды экен?

-Анткени, негедир ушул чара-аракет бастырып келе жаткан балээ-кырсыкты бир тарап кылат деген ишенимде болгондуктан, адамдар да бир нерсени кылыш керек да!?

Цян ойлоп-ойлоп оюнун түбүнө жетпестен калды. Сима Цян дагы мелжелденген баарлашунун мазмунунан кыйла ырааташып кеткендигин аңдады. Ал Чжунго тарыхы боюнча атасы жана өзү тарабынан иштелген маалыматтар алкагында баарлашуусуна кайтты.

-Дээрлик маалмыттар сөөктөргө, шайы-түрмөктөргө жазылган үзүл-кесил кадимки баяндар негизинде жыйналган болсо да, китепти жазуунун жүрүшүндө көптөн-көп нерселерди аныктап, тактап алууга туура келет. Кантсе да, айрым маанилүү маалыматтар анча-мынча жеткилең болгон.

-Жакшы да, мындай болуусу! - деди баарлашуу түшүнүктүү болгон нукка кайткандыгына ыраазы болгон Жан Цян.

-Алыскы Батыш тарапка жолго чыгаарыңыздан мурда хундар жана юечжилер туурасындагы маалыматтардын айрымдары менен Сизди тааныштырууну чечкен элек, -деп олуттуу жагдайда

салмактуу үн чыгарганча кеп узатты сарайдын тарыхчысы.

Чындап эле ушул маалыматтар мага дагы керек да! Ыраазы болду Жан Цян.

-Мындан тупа-туура жетимиш жыл алдың хун урууларынын баарысы бир гана дөөлөткө биригишкен. Дал ушул дөөлөттү бактылуулар деп атоого да мүмкүн. Алардын тарыхында мындай окуя эч качан учурабаган. Эми болсо алар Хуандын өзүнөн баштап тээ бизге чейин маалым болбогон Гоби чөлүнүн алыс тараптарын көздөп, бүтүндөй түндүк чек араларын бойлоп талоончулук кылып жүрүшөт. Цжунгодогу баш алмандыктан, Хан туректары Чин империясынын кыйроолорунан улам өз өкүм-дарлыгын орното албаган кездерде хундар Хуанхе суусунун кайрымасындагы Ордосун кайтарып алышкан эле. Алар Ордосун ата-бабалардын чыныгы турагы деп эсептешет. Арадан беш жыл өтүп, хундар Асман астына дагы өтө чоң үч жылдык жүрүштү уюштурушту жана бизди өздөрү менен «тынчтык жана бир туугандык» туурасындагы кемсинтүүчү шартнааманы түзүүгө мажбур кылышты. Иштерибизге дагы кийлигише башташты. Козголоң көтөргөн жалтак Ян улусунун князы Лу Гуаннды өз тараптарына оодоруп кетишти.

-Хундардын мындай жоосунсуз кылыктары туура-сында мен миш- миштерден билген экенмин... - деп тарыхчыга оңдоо кылгансыды Жан Цян.

-Кийинки он жылдыктарда хундар күн сайын адисинен ашып кетишүүдө. Чабуул үстүнө чабуул-дарды уюштуруп жатышат. Ал турсун бизди пикирлештерден ажыратып коюшууда.

-Демек, маселе өтө курч экен да. Биздин Асман уулу-ээбиз хундарга каршы кескин чара-милдеттер туурасында баш катырып жатыптыр, андыктан мен дагы өзүмдү ушул иштин ийгилигине арнаймын! - деди Жан Цянь сөз жыйынтыгында кантсе да тарыхчыга урмат кылган болуп.

-Сиз, саткын шаньюй Модэ өз атасын өлтүрүп, кандай жол менен акимдикти ээлеп алгандыгын да толук билүүңүз оң, албетте, -деди эми салабаттуу үн менен тарыхчы.

Жан Цянь Сима Сян экөөсү түрдүү мазмундагы баарлашуудан соң ал жаңы элчини, али устат көрбөгөн кечээки кароолдордун башчысына сабак берүүгө кириш-кенин түшүндү.

Чын эле мен булар туурасында айрым нерселерди билсем дагы, Сиздин айткандарыңызды тыңдоо, баары бир өйдөрөөк.

-Батыш хундардын шаньюй-башчысы Тумана болсо шерменделик менен жеңилип калган соң, өзүнүн туңгуч уулу Модэни юечжилер колуна барымтага берди. Чамасы мында ал Модэ тактынын мураскери болгон себептен юечжилер муну хундардын үзүл-кесил мамилелеринин кесепети сыпатында кабыл кылышат деген токтомдон улам келип чыккан көрүнөт. Ыңгайлуу бир учурду аңдып турган Тумана болсо, колдон чыгып кеткен эркиндигин кайтарып алуу үчүн юечжилерге басып кирди. Уулу болсо атасы анын өмүрүн мындай сыноо алдына коерун күтпөгөн эле. Тумана болсо, берилген антын бузуп, юечжилерге басып киргени үчүн, оң келип Модэни өлтүрүшсө, тагдыр пешенесине жазганы болор, эгерде Модэ кандайдыр бир жол менен кутулуп калса, анда

баарысы «Балли, азамат!» -деп жиберишет деп эсептеген болчу. Анткени, дал ушинтип иш алып баруу хундардын көп кылымдык аракеттерине төп келмек! Баарысына белгилүү, дегенче пикир калчаган эле шаньюй Тумана, биз деген, наристени каардуу ызгаарда карга бөлөйбүз, өлсө — бешенесинен, өлбөй калса, албетте, эрезеге жет-кенде баатыр болот! Уул бала өспүрүм куракка жеткенде чабармандыкка жиберебиз, өлүп кетсе башкасын таптайбыз. Эгерде, уул бала олжолуу кайтып келсе, анда азамат болгону! Ал турсун болочок шахзада маселесинде мен дал ушундай иш туттум.

-Мында чоң маани бар, албетте! уккулуктуу ой билдирди Жан Цянь. -Мен дагы өзүм талашканда дал ушундай иш туткан болор элем. Менин өмүр - тагдырым деле юечжилер же хундардын колунда болот.

-Мен айтып бергендеримден туура жыйынтыктарды чыгарыпсыз, адашым. Чындыгында, Асман уулу - ээбиз хундардын жерлеринен ары тараптагы юечжилерге бир коркоктук жибербес чыгар!?

Ортого жымжырттык чөктү. Бир аздан кийин Жан Цянь баш ийкей макулдады.

-Модэ күткөндөй ушундай азамат болуп чыкты, - аңгемесин улантканча Сима Цян. -Тополоң учурунда ал юечжилердин кол башчысынын ылдам жүрүүчү аттары-нын бирине минип, түгөп бара жаткан салгылашта күрөшүп жаткандарды аралап, өзүн бирде юечжи, бирде хун кылып көрсөтүп, атасынын турагын көздөй желди. Тумана Модэнин азаматтыгына таң калат да, түмөндү, ага кошуп он миң үй-бүлөнү

башкарууга ага ишенип тапшырат. Юечжилер колунда туткунда болгон кездеринде аскерий иштен арттырган бардык билим-дерин пайдаланган Модэ өзүндөгү атчан кошуундарга таалимин берет. Бирок, атасынын көз карашын өзүнчө түшүнөр эле. Атам мени аманатка берип койду, деп эсептөөчү ал өзү, анын себеби башка катынынан туулган иним - аның сүймөнчүгү, мен болсо - андай эмес. Ошон үчүн деле юечжилер мени өлтүрүп салсын деп, алардын үстүнө кол салды! Дал ошондой болгондо иним чындап тактынын мураскери болмок! Ушунусу менен ал сүйүктүү аялы — кичүү уулунун энесине берген убадасын оп-оңой аткарган болмок! Ошондой болгондо, менин тагдырым, менин жашоом каргыш ургур өгөй энемдин колунда оюнчук болуп калат беле!?

-Ооба, өтө кызык! Мындай маселеде бардык калктар -хундар деле, хандар деле бири-бирине опокшош! Бул жерде - Асман астында дагы мындайлар учурап турат! - өз дилиндегини жашырбады иш баштап жаткан элчи.

- Сиз Модэнин пикирлерин кудум мурда билип алгандай туурадан-туура окуп жаткандайсыз.

-Сиздин мындай жыйынтыкка келүүңүз алыскы Батыш мамлекеттерине барганыңызда өтө пайдасы тийет! Зарыл да өз курбуңуздун оюн окуп койгонго аракет кылып көрүүңүз керек.

-Сөз жок! Сиздики акыйкат! Мен ал тарапка барган-дан айткандарыңыздан пайдаланууга аракет кыламын.

-Кийин эмнелер болгонун угуп коюнуз.

Чабандестерине болсо Модэ өзүнүн сызып бара жатканда ышкырыктай үн чыгара турган жебеси

атылган тарапка карап ок чыгарууну үйрөтөт. Мындай буйрукту аткарбагандар өз өлүмү менен жазаланган. Ошентип атчан кошундарынын жетишкендиктерин текшерип көрүү үчүн Модэ бир күнү өзүнүн эң жакшы атын көздөй жебесинен ун чыгарчуу огун атып жиберет. Бир нече аскерлер, чамада, бул Модэнин азили болсо керек, дегенче аргымакты көздөй ок атышпайт. Дал ушул кеп укпагандардын баштары алынат. Бир аз өткөндөн кийин эле Модэнин аялы, өзгөчө сулуу аял ышкырып учаа жэбелердин бутасына айланат. Ойондордун айрымдары жебелерин жерге каратат. Мында да алардын башы алынат.

-Мына ушуну Шаньюй-жетекчи десе болот! Демек, Модэ кайраттуу адам болгон экен да! - деди таңыркоодон Жан Цянь.

-Бир күнү ууга чыгышканда Модэ ышкырып учар жебе-огун атасынын атын көздөй жиберди. Бул ирет бир дагы моюн толгогон болбоптур. Таң кала калган Шаньюй Тумананы башка бир аргымакка миндиришет. Ошол учурдун өзүндө Модэнин ышкырыкнайзасы атчан уучу-аскерлердин «миң-дей...» кадимки жебелери шаньюй-башчы Тумананын өзүн кирпиге айлантып салат!...

-Ушундай деңиз, анын уулдук мээрими, урматы кайда калды? - буулукканда сурады Жан Цянь.

-Дөөлөттү башкаруу ишинде ушундайлар дагы учурап турат, -деди өзүн зорго колго алган Сима Цян. Ал бул маселеде жеке пикирин баян кылуудан өзүн араң тыйып калды. «Чындап эле, акимдикти ээлеп алуунун атаны өлтүрүүдөн башка жолу калбаган беле?» - дегени турган. Кантсе да, түкшүмөлдө, Батышка карай жол тартканы турган элчиге,

башкысы, жогорку даражаны ээлеп турушкан сарай билермандарынын бирөө-жарымы менен макулдашылган нерселер туурасында кабарлап коюуну зарылдай көрдү:

-Табийгаттан маалым болгондой, ал кийинчерээк өгөй энесин дагы, инисин дагы тынчыткан да?! - деп өз ойлорун төгүп салды Жан Цянь.

-Ошо, атанын арбагы ургур, кокустан пайда болгон өкүмдарга баш ийишти каалабагандарды... дагы! - эми чындап угуза кошумчалады Сима Цян.

-Көрүнүп тургандай, Модэ чындап эле хундардын шаньюйу - башчысы болуп алат!

-Өзүн шань-юй - башчы деп жарыя кылат!

-Бийлик жана аялды бирөө менен салыштырып болбос, -уккандарын өзүнчө чемеледи Чжан Цян.

-Модэ болсо бир эле бийликти көксөбөгөн, аялы анын тескерисинче!

-Бул жагы кандай болгон?

-Дунхулар (Чыгыш көчмөндөрү) батыштагы хундар ортосундагы башаламандыктан жана өкүмдарлык үчүн болгон тирешүүдөн пайдаланып калууга чечим кылышат. Модэден ажайып мыкты атын жана эң чырайлуу, эң сүйүктүү катынын берүүсүн талап кылышат. Баш каткан аксакалдар бети жок уятсыздардын талабына тескери жооп берүүгө кеңеш беришет. Бирок, Модэ мына мындай дейт: «Биз өзүбүздүн жакын кошунабыздан атыбызды да, аялыбызды да кызганбайбыз!»

-Демек, дунхуларды тынчтандырып, Модэ убакыттан уткан да!

-Ооба, мына эми менин аңгеме-баяндарымсыз эле шаньюй Модэнин саясатынын маанисин аңдаганга

жетише аласыз. Кийин эмнелер болгонун угуп турунуз. Ийгиликтерден кубат алышкан дунхулар Калган дарыясынын түндүк- батышындагы чөлдүн адам жашабай турган элсиз бөлүгүн талап кылышты. Дунхулар жана батыш хундардын чек ара күзөтчүлөрү чөлдүн чет жакаларын бойлошуп, ар бири өз тарабында турушкан эле. Аксакалдар чындыгында эч кимге тиешелүү болбогон жерди дунхуларга берүү-бербөө маселесинде экиленип калышты. Кеңешчилер Модэнин көңүлүндө эмне кеп жатканын биле алышпай маң болуп турушкан.

-Бул кандай назик! Ушул жапайы Модэ канчалык аяр! - деп жиберди толкундоосун жашыра албаган Жан Цян.

-Мына ушуну эстен чыгарбаңыз, элчим, Сиз мындан ары дал ушундай талаа илбирстери менен иш алып барасыз! Модэ күтүүсүздөн бул жерлер дөөлөтүмдүн негизи дейт. Кантип эле аны берип койсо болот экен!? Жерди берүү туурасында кеңешке катышкандардын баарысы башынан ажырайт. Күтүүсүздөн дунхуларга согуш ачат. Аларды аргасыз кылып туруп, бирөөсүн калтырбай кырып таштайт. Дунхулардын бардык жерлери, чарбачылыгы, мал-мүлкү батыш хунардарга өтөт. Хундардын жыйырма төрт уруусунун бардыгы жападан жалгыз хундар дөөлөтүнө бириктирилет, ал мына ушул учурдан баштап хун шаньюйары «улуу шаньюй» деп атала турган болот. Баарлашуубуздун башында Сизге айтып өткөнүмдөй, мына жетимиш жыл болуп жатат, мына ушул бириктирилген хун дөөлөтү Асман астыны жакындатпай келе жатат! Булардай бекем жана бузулбастарды биз илгериде көргөнбүз. Алдыңкы кездерде айрым чабып алуулар

жана да кыска согуш- кагылышуулар болуп туруучу, кээде.

-Мындан маалым болгондой, Модэ, чындап эле хундардын жалтанбас дөөлөт ишмери болгон экен да! - дегенче тен алган болду Жан Цян.

-Көчмөндөр арасынан ага окшогондор дагы чыгуусу мүмкүн.

-Бирок, качан? Каерде, батыштагы жапайылардын кайсыл мамлекетинде? - кудум өзү менен өзү талкуу жүргүзгөнсүдү тарыхчы. - Сиз мамлекетине бара жаткан юечжилер деле хундардан такыр калышпайт. Анткеним, алар мурунку кездерде хундардын үстүнөн жеңишке жетип келишкен!

-Ушунусу менен, бул нерсе мага аябай кызык туюлууда, - дегенче таалим демин көрүүчүдөй кызыгуу-сун билдирди, кызматын баштоого шайланып жаткан элчи.

-Юечжилер жана хундар ортосундагы айырмачылык, анчалык чоң эмес, - дегенче Асман асты өлкөсүнүн сарайынын тарыхчысы өзүнүн «сабак өтүүсүнүн...» экинчи бөлүгүнө шашылбастан көчтү. - Алар бири- биринин тилин анча-мынча жакшы түшүнүшөт. Алар да, булар дагы «отоо» деп аталуучу кийиз үйлөрдө жашашат. Сүт ичишет, этти мойсошот. Булар алардын негизги даамдарынан. Сулуну болсо кайнатып көптүрүшөт, чокко көөмп нан— көмөчтөрүн даярдашат. Алардын аялдары дагы атты жакшы минишет, ал турсун айрым учурларда, хундар курчоодо калып калганда же чегинип жаткан душманды сүрүп бара жаткан кездерде жебеден ок чыгарышып, кармашууга дагы кирип барышат. Ток этери, хундар жана юечжилер кан-жаны бир

калктардан. Бирок, аларда өз ара айырмачылыктар дагы көп. Сизге маалым го, хундар өз жүктөрүн кош дөңгөлөктүү арабаларда ташышат, юечжилер болсо бул иштерде эки өркөчтүү төөлөрдү пайдаланышат. Жалпысынан, аларда тоолор көп пайдаланылат. Тоолор менен бир жерден экинчи жерге көчүп өтүшөт, ал турсун айрым да төөлөрдүн белине бекемделген шатыдай түйүндүү тепкичтерде туруп алышып согушуп да киришет. Кепе-калканыч аларды душман окторунан да коргосо, өздө-рүнө болсо тар жасалган тешиктерден ок үзүүгө шарт жаратат.

-Алардын өз жүктөрүн - азык-оокатын, тиричилик буюмдарын, аялдары, бала-чакаларын эмнеликте хундар кош дөңгөлөктүү арабада, юечжилер болсо эмнеге тоодо ташый тургандыгынын себебин билемин. Он беш жыл илгери кумдуу чолдо болгонмун, ошол жайда кумга батып тыгылып калган кош дөңгөлөктөрдү көргөнмүн. Чамамда, ошол үчүн деле юечжилер төөнү абзел көрүшөт. Хундар негизинен чөл-талааларда жол жүргөндүктөн, андайда кош дөңгөлөктүү арбалар ылайык юечжилер болсо, дээринен, көбүрөөк кумдуу чөлдөрдө жашашып келе жаткандай, -деди Чжан.

-Туура талдап жатасыз, азиз кымбаттуум, -деп мактады аны Сима Цян.— Юечжилер ушул жерлерге алыскы Батыштан, көптөгөн чөлдөр, көчүп-жылган кумдарды, анан дагы табигий түрдө талааларды басып көчүп келишкен. Төө үчүн чөл деле, талаа деле, шордуу аймактар дагы бип-бирдей, беймарал кечип өтсө боло турган жайлардай эсептелет. Хундар болсо көп кылымдар негизинен талааларда жашап келе жатышат. Гоби чөлүн - белгилүү кум деңизин

кийинчерээк басып өтүшкөн. Аларда кош дөңгөлөктөрдөн пайдалануу мындан кыйла мурда тамыр алган. Алар Гобинин жапайы төөлөрүн үйрөтүүгө аракет да кылышпаган. Аларды дал ошол тараптарга көчүп келишкенде юечжилер тутуп кол го үйрөткөн.

-Төө, айтууларында, бир апта суу ичпестен жүрө берет экен, -кошумчалап койду Жан Цян.

-Юечжилер бизин өлкөлөрүбүз тарапта жакында эле, болгону жүз жыйырма-жүз элүү жыл аралыгында пайда болуп калышты, - деп сөз улады тарыхчы. Алар түндүк-батыштан Чжунго жерлерине бастырып киришкен. Биз менен негизинен тынч-ынтымактуу жашашты.

Илгертеден биздин түпкү душманыбыз хундар болгон. Айтып өткөнүмдөй, алар жакын калктар болсо да, ушундай болгон. Өзүнүн аскерий ыкмаларынын негизги жактарын Чиндин мамлекет ишмерим Шан Ян юечдилерден алган.

-Көптү көргөн кишилердин айтуусунда, эң биринчи мунун шарапаты менен Чин башка кошуна дөөлөттөрдү өз өкүмүнө моюн сундурган, чеги жок Чжунго жерлеринде өкүмдүүлүк даражасына ээ болуп алган экен, - деди Жан Цян.

-Муну дагы туура түшүнүпсүз, Жан. Ошентип, байкасак, юечжилер күчтүү жана ынтымактуу бир калк. Бирок, алар өзүлөрүнө кандаш хундардан кападар, ачууланып алышкан!

-Мунусу табигий! Ал турсун үй-бүлөдө деле чыр, тартышуу болуп калса, бир туугандар деле бири-бирлерине ала көз караш менен карай баштайт.

-Асман уулу-ээбиз Асман астынын умтулууларынын жолунда, так ушул жагдайдан пайдаланмакчы болуп

турат. Юечжилерди хундарга каршы согушууга өткөрүү керек. Чжунго өкүмдарынын элчиси сыпатында Сиздин башкы милдетиңиз дагы, ачык айтканда, мына ушул!

-Түшүндүм! - тынчтык боло түшкөндөн кийин бекем ишенимде Жан Цян.

Анчалык чоң болбогон кошуна бөлмөдө болуп өткөн түшкү сый тамак учурунда Сима Цян Жан Цянга хандар хундар мамилелериндеги бир топ кызык-кызык аңгемелерин айтып берди. Алар эртеңден бери баарлашып олтурушкан канага кайтышкандан кийин Асман асты дөөлөтүнүн сарайынын тарыхчысы жана Асман уулунун элчиси баарлашууну улантышты.

-Мен эми Сизге качан жана каерде бир тууган хундар менен юечжилер ортосунагы мамилелерде сууктук түшкөндүгү туурасында айтып беремин.

-Ооба, бул дагы өтө кызык! Юечжилер алдына барганымда бу нерсе мага өтө-өтө пайда берет!

-Чин чөлкөмү бүткүл Чжунгону бириктирип, хундар-дан Ордосун тартып алганда, хундар бир аз күчтөн тайышты. Мындан пайдаланып калышкан юечжилер батышта өздөрүнүн таасир берер чөйрөсүн кеңейтишип, хундарды кол алдына киргизип алышты. Модэ дагы мына ушул окуянын жүрүшүндө юечжилердин колуна туткунга түшүп калган болчу. - Ушундайбы?!

-Юечжилер арасында беш жыл жашаган Модэ, Сизге бая эле айтып бергенимдей, качуунун жолун табат, атасын өлтүрүп, тактысын ээлеп алат. Бардык хундарды бириктирип, эми улуу шаньюй-башчы болуп алган Модэ таажыны кийгенден бир жыл кийин юечжилер үстүнөн зарыл болгон жеңишке жетет.

Арадан он эки жыл өткөндө, юечжилер хундар менен жан сыздатар согушту баштап жиберишет. Кантсе да күчтөрдүн тең экендиги маалым болуп калды, эч бир тарап жеңишке жете албады. Кайрадан он эки жыл өткөндө, хундар юечжилерге каршы каттуу согушту башташты.

-Кызык, тараптар неге, туп туура он эки жылдан кийин урушту башташат? - деп сурады өз-өзүнөн Жан Цян жана ачык жооп берди.

-Ооба, ооба түшүндүм... таптым. Беш-алты жашар уул балдар жалпысынан он эки жылдан кийин кадимкидей жоокерге айланат!

-Ооба, Сиздин тапкыч-зиректигиңиз ар кандай мак-тоого ылайыктуу!

-Э-ээ, бул өтө жөнөкөй нерсе го!

-Ооба, ооба жөнөкөй! Бирок, мындай аракет барысынын эле колунан келе бербейт ко!

-Мен деле ар дайым баарысына жетише албастыгымды билемин. Кээде болсо...

-Туура, эгерде тараптар чоң жоготууларга жолугуш-паса, согуштар дагы да кыскараак убакыт өткөндөн кийин деле башталып кетүүсү мүмкүн. Ошол, беш жылдан кийин хундар кайрадан юечжилерге чабуул коюп, аларды бүтүндөй талкалап ташташтары. Араң, бир жыл өтүп Модэ өлдү, анын уулу шаньюй— Лаошань өз бийлигинин тогузунчу жылында юечжилерге каршы согуш ачты да, алардын үстүнөн биротоло жеңишке жетишти. Бул согуш деле чынында, он эки жылдан кийин кайталанды. Мына ушул сыздаткан согуштан кийин юечжилер батышка, алыс-алыстарга көчүп кетишти.

-Ооба, юечжилер хундардан өтө каттуу капа болушуп-тур! Сокку үстүнө сокку, жеңилүү артынан жеңилүү! Хундар юечжилерди өз жайлоолорунан жана дарыя-ларынан бүтүндөй айдап жиберишти!

-Юечжилерди хундарга каршы согуш ачууга ынандыруу үчүн өзгөчө бир ишенимдүү далил керек!

-Арзый турган бир илмек табыш керек экен да!

-Дал ушундай, ушундай!

-Алиге чейин Сиз мага ушул калктар, алардын бөлүнүштөрүнүн маанисин түшүндүрүп өтпөгөнсүз.

-Дал азыр ошол маанидеги кепке өтөмөкчү болуп турган элем, - жылмайганча аңгемени уланытып кирди Сима Цян.

Жан Цян тарыхчы аалым өзү таалим берип жаткан балбан, мурунку кароолчулардын башчысы аталган элчи үчүн зарыл болгон сабактарды өздөштүрүүсүнөн көңүлү ток экендигин түшүнгөн болчу.

-Эми болсо, Асман асты өлкөбүздүн тышкы чек араларын коргоо жаатында өзүмдү көрсөтүүм керек, - деген пикир анын кыялынан жарк этип өттү.

Анын байкалып турган канааттанган жаралган жылмаюусу ээриндеринен билинип турду. Бирок, тарыхчы муну сезбеди. Ал өз пикирлери менен байланып калган, «шакиртке» көчмөн калктар, алардын өкүмдарлары, наам-даражаларынын мани-син кыска жана так түшүндүрүп берүү үчүн керектүү сөздөрдү тандап алып жаткан.

-«Хун» деген сөз, -кеп баштады тарыхчы, -дал ушу калктын тилинде «бугу» деген маанини аңдатат. Адегенде-башталышта тоо-таш, кийинчэрек болсо неги-зинен талаа көчмөндөрү байыркы замандарда бугу сүтү менен азыктангандыгы үчүн аларды

«хундардын балдары» же бугулардын перзенттери деп эсептешкен жана ушинтип аташкан. Ушул наам аларга гана таандык экендигин кошуналар дагы моюнга алат. Балким, ушунун негизи дагы болгондур, дегеле, адатта уруу-топторго, ал гана эмес бүтүндөй калктарга алардын төгөрөгүндөгү алыс-жакын кошуналары ысым бергендиги дагы учурап турат. Убакыт өткөн сайын, аста-секин бардык жерде жана бардык иште боло жүргөндөй дал ушул көчмөндөрдү кыскараак кылып, ушинтип «хундар» деп атай башташкан.

-Чамасы, аларды ат мингенде да бугудай тез жүргөнү үчүн деле ушинтип аташкан!

-Тууру, элчи, тууру! Бирок, хундардын бардыгы деле өздөрүн бугудан таркаганбыз дешип эсептешпейт. Бул жөнүндө Сиз батышты аралай баштаганда ынанымдуураак билип аласыз. Юечжилер хундарды бизге караганда жакшыраак билишет. Кайтып келгениңизден кийин бизге ушулар турасында аңгеме кылып берсиз, албетте.

-Түшүндүм, бул көчмөндөрдү чачынан тырмактарына чейин үйрөнүү керек!

-«Шаньюй» сөзүнүн келип чыгуусунун тарыхы бир аз башкачараак. Көчмөндөрдүн өзү «шань» сөзүнү шарты келип турса, ооздорун кең ачып, демди толтура чыгарып туруп айтышат. Маалым болгондой «шань» сөзү биздин «хань» деген сөзүбүзгө окшош, бирок, күчтүүрөөк угулат. Демек, «шань» же хан алардын урууларынын башчы-мыктысын аңдатат. Бул сөз, болжолунда, «хуна» - бугулар үйүрүнүн баштоочусун аңдаткан «эркек бугу» деген сөздөн келип чыккандыр.

-Демек, «бугу балдары» делген калк өз

баштоочусун биздин «хань» жана «шань» деген сөздөрүбүздө айтылуусу жагынан жакын турган «хан» сөзү менен аташкан экен да!

-Ооба, ушундай, «Юй» деген сөз, -тарыхчы кебин улады, -бул деген, бизче караганда мамлекет эмес, өлкө-аймак экендиги баарысына маалым. Демек, биздин түшүнүгүбүздө, аныгыраагы, мына ушул биз бере турган аныктамадан көрүнгөндөй «шаньюй» мамлекет башчысы эмес, балким өлкөнүн башчысы деген мааниге эгедер болуп турат. Анткеним, мамлекет жападан жалгыз - ал, Асман асты, Асман көкүрөгү! Түрдүү уруулар, уруктар жай курган калган бардык өлкөлөр болсо «Юй» өлкө болуп саналат. Ошон үчүн дагы «шаньюй» - «өлкө башчысы», бирок, анын өкүмдары эмес! Бүгүнкү жападан жалгыз мамлекет - Асман астынын өкүмдары болсо бирден бир Аман уулу-зэбиз болуп саналат!

-Канткен менен, хундардын өздөрү «шаньюй» деген наамга бир аз башкачараак, көңтөрүңкү маани беришкен!

Эч талаш жок! Бардык хундар биригишкенден кийин биз, деле Модэни юй деп атоого мажбур болгон элек.

Дагы да улуу падыша деп да аташканбы?

Ооба, өкүнгөндө эмне, ошондой болгон.

Демек «шаньюй» наамы, жок, сөздүн мааниси менен салмагын «өлкө башкаруучусу делген даражага түшүрүү керек.

-Сиздин акылыңыз чынында дагы өткүр экен, элчи! Таазим! Эми болсо юежжи аталышы туурасында кыскача токтоломун. Байкашымча, бул чөлкөмдө, мурдараак айтып өткөнүмдөй төөдөн көп пайда-ланышкандыгы, ал гана эмес Гоби чөлүндөгү жапайы

төөлөрдү колго үйрөтө алышкандыгынан улам кошуну уруулар «төөчү» деп аташкан.

-Хундар деле, юечжилердин өздөрү деле «төөнү» бирдей аташканын укканмын.

-Эң эле туура! Бирок, биздин кулагыбызга «төө» сөзү «юя» болуп угулгандан уламбы, «юечжи» жаралган, -дегенче уруулар туурасындагы маалымат-баяндарга жыйынтык жасап койду Сима Цян.

-Мен көчмөндөрдүн сөздөрүн башкаларга караганда жакашыраак барктай билемин, -деди Жан Цян.

-Анткеним, сарайдагы кароолчулук кызматыма өтөрдөн мурдараак кул соодасы базарларындагы туткун-га түшкөн көчмөнчүлөрдү моюн сунбаганы үчүн камчы менен далай сабаганмын.

-Карасаңыз, Жан Цян, Сиз бул жагынан да өзүңүзгө жүктөлгөн милдеттерди аткарууга шайма-шай болгон иш-аракети топ келген элчи экенсиз. Дагы бир нерсени билип коюңуз. Ошо, Батыш тараптарда, көчмөндөрдөн, алардын калкынын саны жөнүндө, башка нерселер менен бир катарда сурап- билип алышыңызга да туура келет.

-Түшүндүм!

-Көчмөндөр санын кантип эсептеп чыгууга мүмкүн? Сыналган бир усул бар. Адатта согушка катыша турган аскер күчтөрүнүн бештен бир бөлүгүн түзөт. Ар бир отоодон бир согушка катышуучу адамын ажыратып берет. Аларда канча адам бар экендигин ушул жол менен эсептеп чыгууңуз мүмкүн.

-Ооба, ушундайы ыңгайлуу экен, эсеп-чот дагы туура чыгат. Бирок, мындайда согушка катыша турган аскерлер санын кандай билүүгө мүмкүн?

-Бул үчүн элчилер жана алардын адамдары бар! Бирок, мында бирден бир усул жок. Ар түрдүү жолдор менен маалымттарды жыйнаңыз. Он башылар, жүз башылар, миң башчылар жана түмөн башчылары - он мин кишилик кошуундар канча экендигин билип алыңыз!?

-Эмне кылуу, кандай кылуу, кайсыл тараптан жакындашуу керектиги өз жайында маалым болуп калат.

-Дурус, элчим, дурус! Дагы бир нерсе. Көчмөндөр менен болгон мамилелер жана согуштар тарыхы, күнүмдүк жашоо үчүн же алар менен соода-сатык кылуу же согуш ачып жиберүүнүн зарылдыгына күбөлүк берет! Соода-сатык жолго түшүп кетсе, согуштар токтойт, кокустан малдарды айырбаштоо токтоп калчудай болсо, түркүн шылтоолор менен согуш башталып кетет!

-Мындайын билбейт экенмин! –д еп тэн алды Жан Цян.

-Бул нерселердин тарыхы ар тараптан үйрөнүүнүн негизинде аныкталган. Булар аалымдар, тарыхчылар жана мамлекеттик ишмерлердин иши!

-Ооба, элчилер, айрыкча жаңы элчилерге мындай нерселер оордук кылат! - деди бир аз тынчы кеткендей Жан Цян.

-Ушундай болсо деле, тарыхтын тажрыйбасы жана өзүнүн билим- байкоолорунан келип чыккан жагдайда элчилер, ар бири өз алдынча абалда эмнени, соода-сатыкпы же согуш пайдалуу экендигини эч жаңылышпай аныктоолору милдети. Ушулардын катарында, иштерди бардык окуялар Асман астынын максаттарын көздөй жакындаштыруучу жолдон

өркүндөй турган бир ыргакта жүргүзө билүү керек болот!

Жан Цян тим гана макул болуп баш ийкеди.

Ушул кезге чейин дарексиз болуп келген алыскы Батышка, кайсыл жерде жайгашканы аныкчын болбогон юечжилердин журтуна карап жолго чыгуудан мурда Асман уулунун элчиси Жан Цянь дагы бир нече күн аралыгында «Ши Цзи» («Тарыхый тескемелер китеби») -кадимки кара баштар үстүнөн өкүмзордук сыяктанган «Тяньси» деп аты чыккан, сөзмө-сөз которо келгенде «Асман астындагы Ся мамлекети» маанисин аңдата турган, кыскача «Асман асты» деп аталуучу Чжунго — Ортолук дөөлөтүнүн белгилүү кол жазма тарыхынын жаратманы болуп саналган байыркы дүнүйөнүн улуу тарыхчысы болгон Сима Цяндан сабак алды.

ШАНЬЮЙ ОРДОСУНДА

Жан Цянь башчылык кылган Асман уулунун элчилери Цзиньчэнден чыгышып, Чжунго Ортолук дөөлөтүнүн күзөттөрүнөн өтүп, хундардын жерлеринин чек араларын бойлоп Батышка карай жол алып бара жатышты.

Элчилер байтак калаа Чаньандан жолго чыкканда, курамында кырктай адам болуп, алардын карамагындагы аттар, качырлар, тың эшектерин эсептегенде баарысы эки жүздөн аша турган. Элчилер Цзиньчэн жана анын айлана төгөрөгүнөн хундардын кумдарды жана чөлдөрдү кезип чыккан, жол билген же эч болбогондо, жакын-төгөрөк-төгү эле жолдорду биле турган кишилерден дагы алтымыш-жетимишин

өз сапарларына кошуп алышмак эле. Өз-өзүнөн маалым болуп тургандай, азык-оокат жагын толуктап алуу, алыс жол үчүн зарыл болгон бардык жабдыктарды качыр жана эшектерге жакшылап жүктөп алуу дагы керек эле.

Негизги жолдун сол тарабын бойлоп Нан Шань — Чыгыш тоо кыркаларынын тутамындагы анчалык бийик болбогон кыялар чубалып жатууда. Оң тарабы болсо Хуанхе кыйырларынан башталган Алашань чөлү бир нече жүз чакырымга созулуп жаткан кези. Элчилер бул жайларды анча-мынча биле турган Цзиньчэндиктердин кеңешинен көрөктү негизги жолдон эмес, балким сүрүлүп-жылып турган бархан кумдарын аралап, айланып өтүп, туурадан туура кумду кечип, жолду улашып жана хундардын атчан күзөтчүлөрүнүн колуна түшүп калбас үчүн төгөрөккө тигиле көз салып барышууда.

Цзиньчэн - азыркы Линьян. Ал доордо Жунгу, анан да Кытайдын батыш чек арасы ушул жерде болгон.

Чаньан - азыркы Шеньси вилаятынын баш калаасы Сиань шаарынын ордунда мындан дээрлик 3100 жыл мурда пайда болгон шаар.

Цзиньчэнден боломун деген, көптү көргөн жол баштоочу болгон мырза аттын ээрине жакшылап жайлашып олтуруп алып, Жан Цянь Алашан чөлү, миң жылдардан бери адамзат кесип өтө албаган Гобинин эң суусуз бир бөлүгү экендиги туурасында аңгеме куруп берди.

-Бүгүн кум жиреп сапар тартканыбызга төртүнчү күн болсо, - сөзүн улантты жол баштагыч, - көрүп турганыңыздай анчалык узакка кете албадык. Ташбакага окшоп кибирейбиз. Суубуздун болсо,

болгону жарымы эле калды көрүнөт. А балким, баарысы көңүлдөгүдөй болсо, анда эки-үч күндөн кийин чоң жолдун четиндеги, кыялуу жардын астынан оргуп чыгып жаткан булактан түнкүсүн бардык идиштерибизди сууга толтуруп алабыз.

-Ошол тарапта хундардын чек ара кайтарган чабандестердин жоктугун кантип биле алабыз?

-Караңгы түшөр менен эки-үч кишини жөө жөнөтөбүз. Алар билип келишет. Андан соң ошол тарапка өзүбүз сууга барабыз. Бул жол-конушубузга таң атканча келип калуу керек болот. Кийин болсо, сапарыбызды адатта-гыдай эле уланта беребиз, - түнкүсүн жол жүрөбүз да, күндүзү бархандар артында жашырынып жатабыз.

-Ушунусу, дурус. Ойлоп турам, куйкалаган ыссыктан көрөктү түнкүсүн жагымдуу болор.

-Туп-туура. Мына, азыркы жаз келгенде деле. Бул жерде эртте жазда эмнелер болорун билесизби? Сыноо үчүн, ушул бархандарга жумуртка көмсөңүз, заматта бышат да калат! Дагы бир жакшы жери, биз чөл бороонуна туш келбедик - кум астында эле дарексиз калып кетмекпиз!

-Ушул үчүн деле Нан Шань тоо тизмектеринен алыстап кете албай жатабыз да?!

-Башкача болуусу мүмкүн эмес! Ал турсун, ушул хундардын көптөгөн атчан кароол-чек арачылары кум астына көмүлүп калып кетишкен.

-Бир андан, бир мындан көрүнүп турган, чындап шалбыраган этсиз аттар, качырлар, ал турсун төөлөрдүн аппак болуп калган тулкусу деле бороон-добулдардын кылганы да!

-Ыссык аптаптын думуктурган шамалдары дагы! Кыр-кырлап айланып жүргөн ып-ыссык шамалдар адегенде жолоочуларды, алардын аттары менен качырларынын көздөрүн кумга толтургандай болду, кийин ыссык аба толкуну байкушатарды бууп салгандай болуп, аяктан ала жыгач, добул болсо байкуштарды узак жылдарга кумдар кучагына көөмүп салуучу. Балким, ушундай болбосо, жолдо бүп-бүтүн, эч ажырап кетпеген абалда көрүнүп жаткан сөөктөр каяктан пайда болмок?!

-Мына эми, Алашанда жай-саратанда бир жарым зат, жандуунун көзгө урунбаганынын себебине түшүнгөндөй болдум!

-Хундардан башкасы, албетте?!

Жан Цяндын ууртунда аргасыз жылмайуу пайда болду. Жол баштоочу мунусун караңгыда көргөн да жок.

Негизги жолдун бир четинде, бийик жар түбүнөн атылып чыккан булактын алдында хундардын атчан кароол -чек арачылары элчилерди чындап эле күтүп жатышкандай турду. Хандыктарды курчоого алышты да, булактын башына айдап келишти. Баарысы тое-тое суу ичишти-колго түшүргөндөр дагы, колго түшкөндөр дагы.

Асман уулунун элчисин кытайчада эптеп-септеп сүйлөй алган хундардын аттуу кароолдорунун жетекчиси суракка алды.

-Эмне үчүн кум аралап, жашырынып жүрөсүңөр?

-Адашып калдык, шекилдүү.

-Каяка кетип жатасыңар?

-Батышка.

-Ко-ош, кимдин алдына?

-Биз айрым уруу-уруктар менен соода-сатык мамилесин орнотуу максатында баратабыз.

-Сиздердин мындай иштериңерди бизден дагы жакшы түшүнө алышкан жайга чейин күзөтүп коебуз. Алашань чөлүнүн батыш чек араларын чекелеп айланып өтүп, Гобинин талаа бөлүгүндө созулуп жаткан Алтайдын чыгыш бөксөлөрүнүн капталынан жол арбыткан аттуу аскерлер тобу элчилерди дал ушул анчалык бийик болбогон тоо тизмегин көздөй алып кетишти. Он күндөн кийин, сыягы, көп каттамдар таптаган топурактуу талаанын жолу кесип өткөн бир жерде элчилердин көз алдына узакта айгашкан отоолордун шаарчасы пайда болду. Шаарчага жакындашкан сайын кудум күмбөз өңдөнгөн кийиз үйлөрдүн көрүнүшү дагы ого бетер аныкдаана болуп бара жатты. Шаарчанын борборунда дагы да бийик, тигилерге окшошсо деле кыйла айырмаланган отоо-үйлөр ажыралып турду, Айрым, өзгөчө жана бийик отоолор жанында ага көмөкчүдөй кичинекей отоолор да туруптур. Элчилер борборго жакындашкандарында шаарчанын ортоңку бөлүгү, көрүнүп тургандай, жөнөкөй букараларга караштуу отоолор-үйлөрдөн болгону он, он беш кадамдай нарыраакта экендиги маалым болду. Бул борбордун негизги өзгөчөлүгү - андагы бардык отоолор жана чакан отоолор дагы ачык, ак, күл түстүү, боор түстүү, саргыч - түркүн боекто, сыягы, атайылап иштөө берилген кийиз дерден жасалгандай.

-Мына, шаньюй ордосу! - деди Жан Цянга көп сүйлөбөгөн атчандардын башчысы.

Отоолордун алдына жетип келген кишилерди жара-шыктуу кийим кийген амалы бийик инсандын

башчы-лыгындагы найза жана жебелер менен куралданган сакчылар кабыл алышты. Хандыктарды жана алардын жүктөрүн мурдатан даярдалып коюлган бир жайга алып келишип, элчилерди болсо өзүнчө бөлүнгөн отоого жайгаштырышты. Элчи, Жан Цянга өзгөчө бир отоо ажыратылган болчу.

-Бүгүн дем алгыла! - деди кытайча ыргакта, күтүл-бөгөн меймандарды тосуп алган, хандыктардын тилинде анча-мынча даана сүйлөгөн ордо башчысы. Эртелеп жагымдуу мамиле жасаган башчы Жан Цянь жана анын жардамчысын миң түркүн кытай шайылары менен кооздолгон өз отоосуна - эртең мененки тамакка чакырды.

-Таньи-фу- менин оң колум, -элчи өз жардамчысын ордо башчысына тааныштырды. -Анын толук ысымы болсо Таньихуннугань-фу. Өзү, түбү хундардан. Асман уулу - ээбиздин ат багарынын уулу болот. Чжунгодо туулган.

-Ал хундардын, өз калкынын тилин билет бекен? -отоонун эгедери суроолу элчиге карап сүйлөп жатса да, назарында суроосун Таньи-фуга жолдогон эле.

-Ооба, аз-маз! Жакшы түшүнөмүн, бирок, кыйналып сүйлөймүн, -деди бир аз кыжаалат болгондой Таньи-фу. Анын бул сөздөрүндө этияттануу да сезилбеди.

-Өзүңүзгө жардамчы тандоодо эч жаңылбапсыз. - деди башчы Жан Цянга карап.

-Таньи-фу ханча сүйлөбөйт, ал булбулдай сайрайт!.. -деди элчи. - Сиз дагы, улуу урматтуум, өзгөчө жакшы сүйлөйт экенсиз!

-Ушундай болуу керек, элчи. Жакын кошуналар менен башкача жоосунда мамиле кылууга мүмкүнбү?

Жан Цянь макулдап баш ийкеди. Ал да Ордо башчысынын кытай тилин билгендей туурасында туура эмес сүйлөп алганын кийин сезди. Ага жөн гана: «Сиз да, Таньи-фу да, хандар тилин зарылчылыктан улам үйрөн-гөнсүздөр» - деш керек эле, чындап келгенде. Ал болсо, бөтөндөр менен сүйлөшүүлөрдү алып баруу тажырый-басына ээ боло элек элчи, бир көчмөндөн кагуу-насыйкат укканын карагыла.

Отоонун башчысы шаньюйдун алдына бара турган мезгил келгенине ишаарат кылды.

Жетекчи Жан Цянь жана Таньи-муну бирине-бири туташтырылып кеткен эки кийиз отоо аркалуу ээрчитип жөнөдү, үчүнчүсүнө — орточо кеңдиктеги жана бийиги-рээк отоого киргенде, токтошту. Жибек саймалар менен капталган бышык кийизден жасалган эшиктер алдында турушкан сакчылар башчы жана аны менен бирге келген хандык «меймандарды...» ичкергиге өткөзүп жиберишти.

Жан Цянга жана Таньи-фуну чоң отоонун эшигинин алдында калтырып, башчы төрт кадамдай нарыдагы башка бир эшикке кирди. Бир аздан кийин хандыктардын каршысында турган эшик ичкериден ачылды.

Сакчылардын иш арасынан кийин алар үлкөн, жасалгалуу кийиз үйдүн астанасын аттап өтүштү. Дал ушул отоодо киийнки жетимиш жылдын ичинде көчмөндөрдүн өлкөсүнүн шаньюйлары, ал турсун ошол кездердеги Азияда маалым болгон көп сандаган уруулар жана уруктар, ал гана эмес, Асман асты мамлекетинин тагдырына байланышта болгон согуш жана тынчтык маселелеринин үстүнөн көптөгөн токтомдор кабыл кылынган.

Эшиктин карама-каршы тарабында, сары-жашыл түстөгү кулпуруп турган кытайдын кызыл шайысы менен капталган үлкөн он алты канаттуу төгөрөк отоодо, секичеде коюлган зумурад тахтыда шаньюй Модэнин небереси, Лаошандын уулу шаньюй Гюньчен отуруптур. Мындай караганда кырк бештерге кирген, сөөлөттүү, сары буралган муруттары, маңдайы араң көрүнүп турган, көздөрү кудум мышыктыкындай, сакалы сейрек-бирин-серин Гюньчен Чжан Цянга кудум согуш учурундагы жоокер хундар ээрде бекем отурганындай сыяктанып, тактысында да өзүнө өтө ишенип отургандай көрүндү. Жан Цянь жана Таньи-фу шаньюйга таазим кылышты. Гюньчен алардын таазимин-урматын баш ийкеп кабыл кылды. Сарай кызматкери аларга кадимки жүн жиптен килемге окшотуп токулган төшөктөн жай көрсөттү. Хандыктар орун алышты.

-Көрүнүп тургандай, сиздер юечжилер алдына кетип жатыпсыздар сыяктанат?

- Жан Цянга олуттуу тигилип сурады Гюнчен.

Асман уулунун элчиси, балбан Жан Цянь өзүн ач карышкырдын каршысында туруп калган козудай туйду. «Бул жерде куулук өтпөйт, жалганды сүйлөштүн кереги да жок!» -деген ой анын кыялынан өттү.

-Айтканыңыз акыйкат, улугум шаньюй!

-Эмнеге! аны биз билебиз. Алар менен соода-сатык жүргүзүү-анык маскара. Юечжилер бизден түштүктө. Кайсы бир чыныгы акыйкат-укукка байланышып хан бийлиги ошол тарапка элчилерин жөнөтүп жатат? Эгерде мен Чин аркылуу Нанюэге элчилерди

жөнөткөнүмдө, бул нерсе хан бийлигине макул болот беле?

-Сизге жооп айтканга сөз таба албай турамын, улуу урматтуум шаньюй!

-Сиз ушул жерде каласыз. Мындан ары эмне кылууну убакыт көрсөтөт!

-Биз сизге милдеттүүбүз, улуу урматтуум, шаньюй. Өмүрүбүздү сактап калгандыгыңыз үчүн Сизден бир өмүр бою карыздарбыз!

-Кулак салыңыз, элчи. Биз силерди зынданга да таштабайбыз, өлтүрбөйбүз да. Анткени биз Цин менен болгон мамилелерибиздин бузулуусун каалабайбыз. Силер менен согушууну да каалабайбыз, албетте. Бирок, Хан өлкөсү муну түшүнүүгө аракет кылбай жатат. Сизге, балким, маалым чыгар, менин улуу чоң атам шаньюй Модэ хундарын жыйырма төрт уруусун бириктирип, улуу хун дөөлөтүн негиздеген эле. Башталышында Чин бийлиги, кийин болсо хан бийлиги өзүбөзгө тууган-урук болгон юечжи калкын бизге каршы кайрап келди. Эскиден эле бул силердин тымызын саясатыңар: бөтөн кол менен майды сыгып алуу деп аташат муну! Бир нече согуш-кармашууларда менин чоң атам жана атам, шаньюй Лаошан, юечжилерди төгөрөгүбүздөн сүрүп чыгарып салышкан болчу. Алар ырааккы батышка көчүп кетишти. Мына, жыйырма эки жылдан бери, силер өз көзүңөр менен көрүп турган тактымда олтурамын. Эгерде өкүмдарлыгымдын үчүнчү жылында болуп өткөн көңүл-сүз бир окуяны айтпаса, биз силерге каптап кире элекпиз го! Неге Хан дөөлөтү сизди дагы кайрадан юечжилердин алдына жөнөтүп жатат? Жок, эми мындай жорук өтпөйт! Биз эми юечжилер менен

дагы, силер менен дагы тынчтыкта, ынтымакта жашайбыз! Сиз менен дагы тууган болуп, катташабыз, элчи! Айтып өткөнүмдөй бизде мейманыбыз да, досубуз да болуп жашап тура бересиздер! Үмүт кыларыбыз, биз хундар, биздин бардык урууларыбыз биргелешип чыгарган жыйынтыктарга хан дөөлөтү дагы келет.

Жан Цянь адеп менен таазим кылганда, Таньи-фу ич-ичнен кубанып, артка, эшикке карап чегине башташты. Ордо кызматкери экөөсүнө ажыратылган отоого чейин күзөтүп койду.

Жан Цянь жана аны коштогон адамдар үчүн жаңыча жашоо башталгандай эле. Баарысы эң жакшы жайгаштырылды. Алар шаарчанын жана анын төгөрөгүндө ээн-эркин сейилдеп жүрүштү. Ошондой болгон менен, түрдүү-түмөн шылтоолорду айтып шаньюйдун адамдары аларды коштоп жүрөр эле. Хандыктар дагы тигилердин өзүлөрүнөн көз албай күзөтүп жүрүшкөнүн билер эле. Демек, Хандыктарга, алар Чинге кайтып кетпестик туурасында берген анттарына дале ишенишпей жаткандай. Шаньюйдун мыктылары ууга чыккан маалдарда меймандар дагы кошо чыгар эле. Аларды түрдүү-түмөн салтанаттар, майрамдар, сейилдер, жарыш жана тойлорго дагы чакырык кылышчу.

«Шаньюй биздердин эркин туткун сыпатында кармап турат» -деп ойлонуучу элчи.» Өтө аяр Модэнин небереси Гюнчен дегендери ушул экен да!» -дегенче кээде өз-өзүнө күңгүрөп алуучу Жан Цянь. Ал анан тарыхчы Сима Цяндын Асман уулунун сарайындагы эми гана даражалуу кызматка дайындалган элчиге түшкү сый тамак учурунда Модэ туурасында айтып

берген аңгемелерин эстеди. Маалым болгондой, Хан өлкөсүнүн негиздөөчүсү Лю Бандын өкүмдарлыгынын үчүнчү жылында хундар Модэнин жетекчилигинин астында Ман чебин басып алып, түштүк тарапка жүрүш жасашкан жана Гэучжу тоо кыркаларынан ашып өтүшүп, кышта Түндүк Шаньсинин баш калаасы Цзиньян шаарынын босогосуна жетип барган экен. Дю Бан жеке өзү хундарга каршы аскерин-желдеттерин башкарып барууга мажбур болгон. Бирок, каттуу сууктан улам, ошондо хан аскерлеринин үчтөн биринин бармактарын үшүк уруп кетиптир.

Модэ болсо, жагдайды туура баалап, көчмөндөрдүн сыналган усулун колго алат: адаштыра турган чегинүү менен ал хандыктардын тандалма бөлүктөрүн жашыруун жерге баштап барат дагы, Пинчэн шаарына жакын Байдин делген кыштакта Асман уулунун Лю Бан баштаган кошунун курчап алат. Жети күн аралыгында хандыктардын кошууну хундардын чеңгелинде жеп-иче турган эч нерсеси жок, уйкусуз калып кетет. Модэ өзүндөгү абалды дагы, хандык кошундардагы абалды жакшы түшүнгөн. Хундардын негизги күчүн душманды адаштырып буктурма тарапка жүрүүгө мажбур кылганда да, чегинип жаткан каршылашына чабуул койгондо да ойноктотуп ат чабуу менен душман кошуундарын ого бетер алдан тайдырып, сестентип таштай турган жеңил жүрүштүү чабандестерди уюштуруучу. Лю Банды өтө тар тоолуу өрөөндөгү Байдин деген кыштакта курчап алгандан кийин, оор куралчан аскерлер менен согушуу ыңгайсыз болгон. Модэ ошондо, чындап өз күчтөрүнүн салмактуу бөлүгүн ишке тартып, Лю Бан башында турган хандыктардын кошундарынын

жалтанбас тандалган бөлүктөрүн бүтүндөй талкалап салган учурунда даты, Чжунгодо жашап калбастыгын анык биле турган. Ошондуктан. Модэ өзүнүн максатмүдөөлөрүн көздөп, согушту токтотууга чечим кылат да, хан кошуундарынын артка кайтуусу үчүн жолду ачып коюуга буйрук кылат. Лю Бандын аскерлери ачык жолчодо хундар тарапка каратып коюлган жебеорторун көтөргөнчө өтүшөт. Мына ушундан кийин Модэ жана Лю Бандын ортосунда «тынчтык жана бир туугандык» келишими түзүлөт. Шаньюйга хан өлкөсүнүн биринчи айымынан келишимдүү шайы, кымбат баалуу соога-саламдарын, аларга кошумча хундарга зарыл болгон буюм-теримдер жөнөтүлгөн болчу. Ошол согушта шаньюй Модэ өзүнүн максаттилектерине дал ушундай жол менен жетише алган. Кеп жок, чыныгы акылмандык, ал турсун өтө акылмандык! Мына эми Модэнин небиреси Гюнчен туура эмес иш туткан жок. Жин урсун, биздин душмандарыбыздын өзү ушунчалык акылдуу жана аяр! Дагы эле алар көчмөн, жапайы, тарбия көрбөгөн деп чиренгенибиз чиренген!

Эки түркүн туюм Жан Цянга каттуу азап берип жатты. Бир тараптан, ал шаньюйлардын чоң атасын дагы, небересинин дагы акыл менен жасап жаткан иштерин тэн алды, башка бир тарабынан болсо дал ушул өкүмдарлар хандарды душманы (!?) экендигине ачуусу келип турду. Элчи шаньюй Модэнин башка бир мүдөөсү ишке ашпай калганынан улам өзүн тынчтандырып турду. Сима Цяндын айтып берүүсү боюнча бул окуя Лю Бандынын көзү өткөндөн үч жыл кийин жүз бериптир. Шаньюй Модэ Лю Бандын жесири императрица Люй Хоуга хундардын өкүмдары

менен никелешүүнү сунуш кылат. Дал ошол жылдарда императрица Чжунгону өз туугандары - княздардын колдоосу менен баш ийдирип келе жаткан. Императрица Модэнин талабынан ачуусу кайнап кетет, сарай ичинде көптөгөн билермандар хундар менен дагы жаңыдан согуш болуп кетүүсүнүн кырдаалы келип калгандай деп кеп салып жатышты. Алар императрицаны ушул жапайы көчмөндөр башчысынын алактаганы эле, мындай нерсеге ачууланып олтуруп керексиз экендигине ишендирип жатышты. Сарайдын билермандары атайын элчи аркылуу шаньюй Модэге жесир-императрица жашы улгайып калгандыктан мындай никенин жолу жоктугун жеткизишти. Модэ деле аяк тиреп турбайт жана ошо менен мындай иштин айланасындагы кепсөздөр тынчыды. Никелешүү да, согуш да болбойт!

«Ооба, ооба, -толкундап кетти Жан Цянь, -сарайдын билермандары чындап эле акылдуу иш тутушкан!» Модэ-чи? Модэ ушул ирет согушсуз Асман астыны колго киргизүүгө аракет кылган. Ниет кылганынан эч майнап чыкпагандан соң ал да жөн гана сүкүт сактады. Демек, ал акмактарча иш тутпаган! Шаньюй Модэ дал мына ушундай аяр жана акылдуу болгон! Улам жакындашып келе жаткан жамандыктарды бир жаңсыл кылуу жолун-дагы өз согуштары менен шаньюй Гюнчен деле чоң атасы шаньюй Модэге өтө окшошуп кетет!

Жан Цянь ыктыярында хундардын Чжунго жана башка кошуналар менен өз ара мамилелери дал ушул маселеде алардын баштан кечиргендери туурасында бардык уккандары дагы жана дагы, ар тараптан жакшылап ойлоп алып, тыянак чыгаруу үчүн ага бир

топ убакыттар бар болчу. Ал эркин туткунчулуктун зеригерлик жана азап толгон күндөрү, айлары, жылдарын ушундай жол менен кыскартууга бел байлады. Кээде ал кыялданып, өзүнү мамлекет иштерине жарап калган, акылы жетик хун сарайынын кызматкери, ал турсун өзүн шаньюйдун ордуна коюп көрүүчү, айрымда болсо Чинге кайтып, анда Асман асты сарайынын кызматкери сыпатында пикир-талкулоолорду жүргүзгөн болоор эле. Анан да ушул абал-кыял тез-тез кайталанып туруучу. Өзү дагы толук сезбеген абалда Жан Цянь өзүнүн көз алдында, чындап эле, өзү да катышып жүзөгө ашып жаткан окуялар жана өзгөрүүлөрдүн мазмун-маанисине түшүнүп, жетип анча-мынча бийиктикке көтөрүлүп бара жаткандай туюлчу.

Бир күнү мына мындай болду, ал бүтүндөй түн бою көз ирмебеди жана төшөгүндө жаткан абалда бардык нерселер тууралуу кайтадан, башынан баштап ой калчады. «Ко-ош, булардын баарысы эмнеден башталган эле? -деп үн чыгаргандай талдап кирет Жан Цянь.

-Баарысы тарыхчы Сима Цян туура айткандай, юечжилердин Чжунгонун чек араларында пайда болуп калуусунан башталган. А болбосо, буга чейин хундардын аталары жана биздин аталарыбыз тынчынтымакта жашап келе жатышкан беле ? Албетте, жок! Андай болсо, аңдышуунун эң биринчи себеби кайда?»

Жан Цяндын ой-пикирлери чындап кадимки тарыхтын көчтөрүнө таркап жаткандай туюлат. «Кел, токтот, муну аныкташтырып-такташтырып алуу

менен Сима Цян жана ага окшошкон тарыхчылар алектене беришсин!»

-деп өзүн жооткондой болот элчи. Ошол себептен, мамилелер - тарыхий, баса дагы кемде-кем маалым болгон тарыхий окуялардын себептери жаш көчөттөр арасында жоголуп кетпөөсүнүн жолун тапкан болчу. Ал ошентип, юечжилер жана ошол кездерде кичинерээк болгон Чжунго - Ортолук дөөлөтүнүн өз ара согуш алып бара жаткан беш падышачылыгынын бири катары эсептелген Чин ортосундагы жакын мамилелер орнотулуусунан баштоосу керек.

Мал-жандыктар анчалык калың эмес, ээриген кар катмары астынан туягы астындагы жемиштерди, чөптөрдү таба ала турган кумдуу жерлерде, аптаптуу тараптарда кыштоосу жана тоо этектериндеги жайылып жаткан, кең жайлоолорду издеп юечжилер эки жүз жылдан мурдараак алыскы Батыштан келишкен жана Алашань чөлүнүн бир четинде туруктуу жайгаша башташканы чындык. Башкача айтканда, алар Чин дөөлөтүнүн чек арасына келип токтошкон. Негедир, башталышында юечжилер жана хундар ортосунда жайлоолор үстүнөн улам бир-эки кагылышуу да болуп өткөн көрүнөт. Кантсе дагы алар тирешүүлөрүн басты-басты кылышат. Ал кездерде анчалык чоң болбогон Чин дөөлөтү юечжилер менен жакшы мамилелерди орното алышкан. Сима Цян айткандай, Шаа Ян юечжилер өздөштүргөн билимдеринин негизинде коргонуучу жайларды жаратат жана кыска убакыт ичинде күжүрмөн, аракети мыкты болгон, тайманбас жоокерлер тобун түзөт. Ушул аракеттин натыйжасында Чин калган төрт падышачылыктагы жана түштүктөгү жерлерди өзүнө моюн

сундурат. Мындан соң, Чин Чжунгонун бардык дөөлөттөрүнүн гегомонуна - ээсине айланат! Чиндин биринчи сары императору Чин-Ши-хуанди аскер башчысы Мэнь Тян башында турган кошундарын жөнөтүп Ордосун басып алып, ал тараптан хундарды кууп чыгат. Кошуундар Хуанхэ - Сары дарыяны кечип өтүп Ин-Шань адырларын дагы ээлеп алышат. Хундар мына ушул жагдайдан кийин тоо арасындагы эң жакшы жерлеринен, түркүн куштар жана айбанаттар мекендеген чоң-чоң токойлорунан жана жайытгарынан, жебе жана октору даярдай турган кенчтеринен айрылып калышат. Алы кеткен шаньюй Тумана биздин жөө аскерлерибиздин найзаларынан чочулап, өз калкын түндүк-батышка алып кетет. Мунун натыйжасында чыгыштагы хундар дунхуларга көз каранды болуп калышат да, аларга салык төлөп жашап калышат. Мына ушундай оор шартта мурдагыларын калыбына келтирүү максатында шаньюй Тумана өзүнүн тун уулу Модэни күчөп бара жаткансыган батыштагы аскерий күчтөрдүн ээси Юечжилердин колуна барымтага берүүгө мажбур болгон. Ошол себептен, юечжилер колунда барымтада турган Модэ дагы эрезеге жетип, сөөгү катып барган сайын атасы шаньюй Тумананын дөөлөтүнүн алсыздануп калышынан, бөлүнүп-жарылуудан сактай албай калган экен да, деген тыянагын чыгарат. Бул деген, чындап талдай келгенде шаньюй Тумананын айыбы эмес, балким юечжилердин Алашанга келүүсү, бүтүндөй үлкөн Чжунгодо Чин дин үстөмдүгүнүн орнотулуусу, Чиндин хундар менен согушуп Ордосун кайтарып алуусу, ушунун натыйжасында чыгыштагы дунхулардын күчтөнүп кетүүсү, хундардын жыйырма

төрт аскерге жарактуулары мол уруусунан, он экиси дунхуларга олпон төлөөгө мажбур болуусу сыяктуу окуялардын кесепетинен болгон. Анын натыйжасында Алашань чөлүнүн батышына дагы юечжилер өкүмүн жүргүзө баштаган. А, шаньюй Тумана болсо өзүнүн тун уулу Модэни алардын колуна барымтага берип коюуга мажбур болгон.

Кандай болгондо деле, -деп ой калчады Чжан Цян, юечжилер колунда барымтада болуп турганда Модэ негизинен мына мындай ойду жүгүрткөн: «Менин атам Туманада мына ушул душмандар, айрыкча биригип алышкан юечжилер жана Чин Шиге каршы күрөшүүгө эрк жана ыкчамдык жетишпеди. Эми болсо ал карып калган, колунан эч нерсе келбейт! Ал тактыда отуруусун уланткан сайын, жалпы иштер барып-барып дөөлөттүн үзүл-кесил болуп майдаланууусуна барып такалат. Эми, мен эмне кылышым керек? Мына ушул азапка салып жаткан ойпикирлерден алыс болуу үчүн Чи-Ши-хуандинин уулу Фу-Суга окшоп, өзүмдү өзүм мууздайынбы жана өгөй энемден болгон иниме тактыны берип коеюнбу? Жок, жок, мен эч качан мындай кылбаймын! Менин атам өзү туйбаган жагдайда хундар дөөлөтүн биротоло жою жолунда тосмого айланып калды! Менин өз атама уулдук урматымдын белгисиндей дөөлөт, анын артынан болсо хун калкынын баарысы бүтүндөй жок болуп кетпөөсү керек!»

Моюнга алууга туура келет, Модэ узактан узак ойлонуп, учурда болуп турган өтө оор абалдан чыгуунун жолун тапкан болчу, деп эсептеди Жан Цянь. Хундардын арасында бир мезгилдерде кидандардан өткөн адат бар эле: согуш учурунда душманды бет

алып жөнөгөн жолдо өткөн бабалардын арбагына курмандык чалуу үчүн бирди-жарым кылмышкерге биргеликте «миң ок» үзүлчүү. Анан, алиге чейин хундардын бирөө-жарымынын башына дал ушул максатта шаньюйдун өзүн курмандыкка чалууга болот деген пикир келбеген эле! Анан калса, муну шаньюйдун өз уулу, тактынын мураскери да жүзөгө ашыруусу мүмкүн! Купуя өлтүрүүлөр көп болгон. Мындайды болсо эч бир жан көрбөгөн, укпаган.

Жан Цянь ээриндерин каттуу тиштеп, кайрадан ойлорго чөктү. «Ооба, туура! - караңгылыкты бузгандай ал кыйкырып жиберди.

-Хундардын бардыгына, мейли, анысы уруу башчысы, жан кечти шаньюй болсо боло берсин, дөөлөттү кыйратканы үчүн, дөөлөттү башкаруу ишинде чарк-чамасы төмөндүгүнү көрсөтүп койгондугу үчүн мыкаачылык менен жазалоону иш жүзүндө көрсөтүп бермейинче хундардын бийлиги кайрадан тикелөө жана бекемдөөнүн ылаажысы деле болмок эмес! Дал ушундай, курч болоттой болгон экен, ушул Модэ дегени! Ушундай максатына жетүү үчүн ал өзүнүн келишкен тулпарын деле, сүймөнчүктүү сулуу катынын деле, өзүн ушул жарыкка алып келген атасы - шаньюйду дагы аяп олтурган жок! Ушундан билсе болот, Модэ чыныгы мамлекеттик ишмер болуптур. Мага Модэ туурасында аңгемелерди куруп берген тарыхчы Сима Цян, а балким, анын мындай иштеринин түпкү маанисине, себептерин терең талдап олтурбаган шекилдүү!

Ал аный адаттан иштеринин өзгөчөлүгүн билгенге жетишпегендир! Сима Цян, эч талашсыз, тырышчаак аалым жана терең билимдүү тарыхчы - катчы болгон!

Бирок, ал деле дөөлөттүн ишмерлеринин катарына көтөрүлө албаптыр!

Чамасы, дөөлөт адамы акыл-парасаты менен түшүнүп-аңдап жетиш даражасына жакындаш үчүн болсо, чаң-тозоңдуу кармаш майдандарынан ыраакта, булбул-дар сайрап турган, суусу туп-тунук кең ауздардын жээгиндеги ажайып кооз бактар ичинде, көркөм гүлзарларды аралап жүрүп күзөтүү эмес, жесир калган аялдардын, тентип жүргөн жетим балдардын, ач- жылаңач калган адамдардын онтоосун дагы, боздоп-ый салган кайгылуу үндөрүн укпай туруп, же туткунга түшпөй туруп, качан башыңды алмадай үзүп таштарын күн сайын күтүп олтурбай, балким ошол жүзөгө келип жаткан каргашалуу окуялардын ичинде жашамагың, аларды өз башыңдан да кечирүүң керек! Модэ чындап эле өз калкынын бактысыз болуусуна, дөөлөт иштерин жүргүзө албагандыкка, дөөлөт башчысы жана калктын ылаажысыз калуусуна чек кое билген!

«Шашылба, элчи, -үнүн чыгарып айтты Жан Цянь. - А,балким булардын баарысын Сима Цян кантсе дагы түшүнгөндүр. Анткени, ал деле ушундай деп айтууга, кайра-кайра ушундай деп жазууга акысы жок эле го!

Чечкинсиздиги үчүн анын деле башын алып салышмак. Эй, Жан мындай талкуулар үчүи сенин да башыңдын кетип калуусу эч кеп эмес! Ушундай экен, эсиңди жый! Элчилердин милдети бейбаамдардай пикир-талкууну жүргүзүү эмес, башкысы ишенип тапшырылган ишти аткара билүүдүр! Бүгүн дагы, эртең дагы, Жан, бир гана ушул туурасында ойло!»

Асман уулу - ээсинин элчиси, анын кийиз үйчөсүнүн төгөрөгүнө күн нурлары төгүлө баштаганын сезип, эринчээктик менен төшөктөн турду.

-Экинчи бөлүм-

АРЗЫП КҮТҮЛГӨН ЭЛЧИНИН КАЙТЫШЫ

Элчи Жан Цянь узак жылдык сапардан кийин Асман тагына кайтып келген убакта Асман уулу ал кезде Чань анда жок болчу.

У-ди-Лю Чандин лакамы болуп, "Күйүмдүү император" маанини билдирген. Кытай башкаруучулары ушунчалык Асман уулу деп анча көтөрмөлөп, мүмкүн гербдеги тартылган сүрөткө туура келет дешкен. Ошол маалда Лю Чандын атарабындагы жерлерди уучулукка баруудан мурун У-Ди коңшу мамлекетинин элчилерин дагы кошуп алып барган болуучу. Башкаруучулар Кытай тагынын байкоосуздугун байкашып, элчилерине көрсөтүш менен башка жагында кошуп алмакчы эле.

Кытайдын тарыхында айтылып келген төртүнчү аталыштары "Жунгу", "Чин", "Хань" жана ушунчалык "Түрт" деңиз аралыгындагы мамлекет "Асмантагы" аталыштардагы ошол жерлерди кеңири көз атышар болуучу".

Жан Цяньды башкаруучулардын канчалык күтүп жатканын жана ага кандай суроолоруна жооп бериш тууралу өз башынан өткөн кыйынчылыктарды тизмектештирип айтып берүү тууралу кайра, кайра кайталап эскерип жатты. Жүрөктү титиреткен Асман уулунун суроо жоопторунан кантип кутулушту

ойлогондо Жан Цянь уйку болбой жатты, тамактан аш өтбөй, суусаган төөдөй тили кургап жатты.

Бул окуя илгерки 122 жылы ошол өлкөсү (азыркы Сичуан карамагы) көтөрүлгөн козголоңчулардын болушуна түрткү болгон.

Сакчылар башка хандыктардан келгендерди четке токтотуп, элчи менен эзрчитип, келишти.

Ал элчи он үч жыл башта кымбат баалуу сыйлыктары менен эң чоң элита Юечти башкаруучунун катышуусунда элчи катары да, башчы кылып жөнөткөндөн баштап жүз ирет ар кыл кырсыктар, тоскоолдуктар болуп өткөн жумуштарды бир-бирден жарык көздөн өткөзүп, кайта-кайта элестетип жатты. Эмнеге ал Хундун колуна түшүп калдык? Башка жол жоктугун себебинен элчи Хун жерлерин, бириндеп өтүп кетүүгө мажбур болду да акыры!

Сакчылар башка хандыктардан келгендерди четке токтоттуруп, элчи менен тилмечтен өтүүчү жайлардын арасынан жетелешип илгерки жакка алып келишти. Жасана кийинип акырын басып барууга дагы эки өтүүчү текшерүүчүлөргө кийизден үйлөр тигилген. Элчи бул өтүүчү сарай экендигин түшүндү.

Элчи менен тилмечти кооздоп тигилген жумшак кийиз эшиктен экөөсүнөн өтүп ортодогу кең бийик кийиз үйгө алып келишти. Төрдөгү ордодо сейрек сакалдуу, көгүш мойлоочон, дөңпешене, кысык көздүү, мышыктыкыдай көгүлтүр алтымыш чамасындай өзүн көрсөтүп олтурат. Бойлуу кыялкеч салабаттуу, кубаттулугуу келбетинен ашкан кырк жаш чамасында көсө Хан элчиси кийиз эшиктен кирип, жарым ийилип салам берди.

Анын жанындагы нооча шыңга бойлуу тилмечда таазим этти.Булардын ким экендигин чабарман аркылуу маалым болгон.

Шаньюй элчини катуу суракка алды.

-Атың ким?

-Жан Цянь!

-Сеникичи-тилмечке тигиле ал.

-Таньи-фу.

-Сен Хун чаташкан Чинликсиңби?

-Жок асыл Хунмун.

-Атың дагы,тилиң дагы курамаго?!

Таньи –Фу урматтап үн катбады.

-Кана туурасын айткылачы, каякка кетип бармаксыңар? Туура айтбасаңар, башыңарды алдырам.

Жан Цянь Шаньюй суроолоруна майдаланбай жооп беришке аракеттенди.

Өкүмдардын максатыны дээрлик толук билди. Таньи-Фу суроону эмес, жоопту туура айтууну туура көрдү:

-Туура Юечжиге кетип бараттык. Алар дагы силер менен карым катнашго акыры.

Араңардагы чыр-чатак токтогон. Ханда Юечжи менен дагы соода сатык кылмакчы?

-Эмне эми бизден жашырынып өтмөкчү болдуңар алар тарапка?

-Жашырынып өтмөкчү эмес элек. Жолду жакшы билбегендиктен, токтоп-токтоп баратканбыз.

-Курук сөз го мунун баары? Чоң төөчүлөр, силерчилеп да Юечжилер бизден нары жакта күн батар тарапта жогорурааkта.

Асман уулу эмне максатта жалгыз элчи жиберди.

Эгерде мен Чин аркылуу Наньюге элчи жөнөткүм керек болсо, Хань өкүмдөрү өткөрбөсө керек?!

Жан Цянь бул сөзгө ишенимдүү жооп табалбай туруп калды. Шаньюй сөздү улады:

Хундарда Хань менен ортодо мамиле түзүү ниети жок. Ошону үчүн биз силерди өлтүрбөйбүз, кампада койбойбуз. Силер биз менен кала бересиңер. Эркин ушул жерде жүрө бересиңер. Бирок силерди катуу көзөмөлгө алуубуз шарт.

Күндөр, айлар өтүп жатты. Хандыктар эркин кармап турганы менен канча убакытка чейин экендиги белгисиз. Алар эмес Шаньюнин өзү дагы билбейт эле. Эгерде Асман Уулу адам жөнөтүп, кечирим сураса, же экинчи мындай кылууга жол бербеске убада берсе, анын элчилерин кайтарып жиберсе болот. Бирок Хань өкүмдары билмексендикке салып коёт эле.

Ал азыр кечиримда сурабайт, нараазычылык да билдирбейт.

Шаньюй өз жакындары менен кеңешип, Жан Цяньды Хун аялына үйлөндүрүп коюга буйрук кылды. Бул көрсөтүлгөн чара Хан элчисин бир катар ойго салат, качып кетиш максаттан чалгытат, чаташтырат. Ошончолук Хундардын өздөрүнүн айып иштерин өздөрүнүн аялдарына үйлөндүрүп, өздөрүн өздөрүнө сиңиштирип жибериш максатта жасаган иш.

Асман уулу “Элчимди, бөлүштүрдүң же камап койдуң “деп да доо кыла албайт. Шишда күйбөйт, кавапда күйбөйт” демекчи , тым болот.

Уруу башчыларынын биринин кызы хан элчисине аялдыкка алып беришти макулдашты.

Бирок көчмөндөр салты боюнча үйлөнүүчү жигит кыз куумай оюнуна катышып кызды кууп жетип, аны өзүнүн атына өңөрүп алса гана той болот.
Ансыз той болуу мүмкүн эмес болчу.
Кыз кезинен ат чабышка үйрөтүп жүргөн кызды, жигит жетип аны өз атына өңөрүп алышда оңой эмес. Элчини кыз куумайга көндүрүп, ат чабышта,кызды өзүнө көтөрүп алыш милдеттин үйрөтүү Таньи-фу өзү кыз кийимин кийип кыз ордуна “кыз куумайга” бир топ күн катышып машыктырды.
Жань Цянь өзүнүн кубаттуулугуна карабай Таньфуну эңип, өзүнө өткөрүп ала албады.
“Өнөрү ашкан Тань-Фу” Жаңы кыз пайда кылды. Ичкеээк кунажын терисине саман тиреп тикти да, аны эгерге отургузуп, бышыгыраак байлап койду, аял оромолун сулуура башка байлап ороду. Ошентип жеңилирээк кыз пайда болду.
Эми бардык сөз ошол жасалма кыз менен күйөөнүн аттарында.
Эки ат дагы барабар тездикте чуркашы керек.
Үч төрт күн убараланып, көңүлдөгүдөй эки ат тандалды. Таньи-фу элчинин даярдыгына көңүлү толбогондон, Жан Цяньдын жанында барабар чаап, кыз кууй баштады.
Элчи колун кызга узатканда, ал дагы ушундай кылууда. Натыйжада күйөө бир катар мааракеге келгендей болду. Элдер арасында күйөө-жигит жардамчысыз бир өзү ала бекен?!
Деп тамаша азил сөз тарады. Таньифу укпамышка салып, кол шилтеп кете берди. Кантсе да той күнү белгиленди.

Элчи акыйкатта Хун кызын кууду. Элчи кызды өз атынын ээрине оодара алды... Арадан бир жыл өткөндөн кийин уул төрөлдү. Эми эркин туткундагы хан элчилерине жакын ортодо тоо атарабындагы жерлерге уучулук кылууга уруксат берилди. Бирок ууга ар кыл Хундардын жакындары барышчу калгандарга көрсөтүлгөн атараптан барыштан башка жагына барышка мүмкүн эмес. Уучулук кылган учурда Хан тарабындагылардын ар тараптан сакчылар көзөмөлдөп турат.
Ошентип булардын таржымалына да он үч жыл өтүп жатты.
Хандар тарапка кошулуп күйөө жигит туткундукка да көнүгүп калган.
Ууга чыгыш тартиби боюнча Хонгюй тоосунун түштүк тарабына уюштурулмакчы. Уучулук кызуу күчөгөн мезгилде Сайгак куушуп,суюк өскөн камыш аралап таркалганда бир кезде күчтүү бороон көтөрүлдү.Ар тараптан кызгыч кум, топурак аралашкан куюн болуп ороп алды. Бири-бирин көрүшбөй калышты “Он жыл күткөн, күнү-түнү эңсеген мүмкүнчүлүк эми келди” Кеттик деп өзүнө-өзү Жан Цянь,Таньи-фуга: кеттик күн батыш жакка! –деди. Алар болсо жакындарына кыйкырып чакырышып, аттары менен сүрүлүштү, түндүк тарабка. Бирок же жол, же жарык, же дарак сыяктуу эч нерсе көрүнбөйт. Жол издеш шарт эмес, бир гана алга бассак болду. Түшкө жакын көтөрүлгөн бороон эрте сааргa барып токтолду. Таң сүрүлгөндөн баштап, Хун сакчылары ууга келген отуз эки хандык туткундан он беш кишинин дайыны жок. Болгон маалыматты беришти.

Эң жаманы, элчи Жан Цянь менен тилмеч Таньи-фу жок чыкты. Демек алар качышкан! Бирок кайда качышкан? Күн батышкабы?

Ортодон төмөнүраак тараптан башка жактарга чаптырган сакчылар дын баарысы эч жерде дайыны да, өлүгү да дайынсыз деп арып чарчап келип айтышты. Арадан бир апта, он күн өттү. Алардан өлүк, тириги тууралу эч бир кабар укбадык дешти.

Жан Цянь Шаньюй ордосундагы "Эркин" туткундуктан толук кутулуп келгендигин эстеди.

Эгер Асман Уулу эмне үчүн силерди ороп алган Хун атчандардан кантип бошонуп качтыңар деп сураса кандай жооп айтууну ойлоду. Ал Хундар көпчүлүк аттулар болчу. Аларга кол салып урушууга биздин алыбыз жетбегендиктен, акыры качууга бир мүмкүнчүлүк болуп калаар деп убактынча алардын айтканына көнүп, үйлөнүп алдым деп жооп бермекчи болгондо, качып келбедиби деп боор ачып калаар Өкүмдөр. Башка жол жоктугуна байланыштуу түндүк мамлекеттери аркылуу келгеним да оң болушу мүмкүн.

Жан Цянь Бахтриен менен Кашкар ортосундагы Памир жолдору аркылуу өткөн жолдогу Ташдарбаза аталган тар тоо арасында айбаттуу улуулугу менен көз алдына келтирди. Албетте ал Асман Уулунун элчисин болочок жибек жолуга из сала турган бирден-бир биринчи болуп, башка кандыктардан эрте курмак. Бул тууралу Асман Уулуна өз оозу менен айтып берет. Бул азыр арзыбаган сөз эмес да акыры! Ой максат дагы Жан Цянды Хундар колуна экинчи жолу алып кетти. Жана бир жыл чамасында Жань Цянь Хундар колунда болду. Аялы жана кыйла

токтонуп калган уулу менен көрүштү. Эгерде Шаньюй каза болуп калбаганда, туткунда жана канча жыл болушу белгисиз эле.

Батыштагы Хундардын так талашкан баш аламандык күчөп турган мезгилде Жан Цянь ошондон пайдаланып Асман тагына качып келди.

Элчи биринчи жолу качып жатканда аялы менен уулу тууралу алып кетиш оюна да келген эмес. "Али жашмын чындыкка жетбейинче (жеткенде) дагы үйлөнөм деген".

Жань Цянь Хундар колуна экинчи ирет түшкөндө ой-максаты өзгөрдү. "Эликке да жетип калдым. Качан уул көрүп,качан аны өстүрөм? Жакшысы ушул уулумду алып кетейин. Акыры буга да оомат келип, өз өлкөбүзгө кетип бара жатам го, көрүнүктүү жигит болуп калар. Өткөнкү сапарым да эч көрбөгөн, билбеген белгисиз журттарга бара жатканмын. Ал мамлекеттерде ар кандай кокустук болушу мүмкүн эле". Элчинин эми аялга болгон көз карашы да өзгөрдү. Модомик уулумду алып кетиштен башта анын апасын да бул жерде калтырбасым керек. Уулум апасыз кетүүнү каалабайт, калаберсе апасыз уулду өстүрүш,тарбиялаш өтө кыйын. Жан Цянь качышты өтө этияттыкк менен даярданды. Ал качуу эрежесин акыркы минуттага чейин сыр сактады. Хундар гүмөн санабаш үчүн өзү катыны менен ат минип качышты. Уулун болсо алып качышты эски досу Таньи Фуга тапшырды. Кийинчерээк Таньи-Фуга айтышы боюнча уулу Асман тагына барышка так көнбөдү "Мен Чин Жин" эмесмин. Эркин жүргөн чалдын баласы-Хунмун"-деди. *(ал убактта кытайларды Чин-жин деп аташкан).* Уулунун бул кылмышын Жан Цянь айып

санап, канкордук деп баалап, өтө кыжаалат болду. Бирок ал эч качан өз кыжаалатчылыгын эч кимге сездирбеди.

Асман уулу менен учурашууга даярданып жаткан Жан Цянь бир гана кызматкердин узатышында Хуанге дарыясынын тармагында Вейхе кыргагында бир нече жолу жөө барып келди. Толуп ташып агып жаткан кең дарыя жерлери жамгысыз жыттарды айдап кыйла дем берүүчү.

Жан Цянь кийиктей көзүн кысып түндүккө карай Вейхенин Сыр дарыя Цзинзе баштала турган жакка көз чаптырды.

Тоолордун ак, кара сызыктары да көрүнбөйт.

Кантсе да Жан Цянь ал тарапта Люпань деген тоолор бар экендигин билүүчү. Андан ары жагында Хундардын көз жетбеген талаалар жайгашкан.

Жан Цянь түндүк мамлекеттеринен кайтып, келиштен алдың бир жыл башта Шенбиндер Хундарды жана дагы алысыраак түндүк жакка каратып кыса баштаган. Бул Жан Цянды кыйла кубандырды, себеби анын көңүлүндө кубандырып жүргөн максаты ишке аша баштаган.

Ал ушул максатта оюнда коркуп-үркүп, күйүп жүрсө да дүнүйөнүн жарымын кыдырды го акыры!

Элчи күн батыштагы мамлекеттеринде болгон учурда дүнүйөдө хундардан башка да өтө көп журттар, элеттер, ар кыл улуттар бардыгын билди. Ошолордун башын бириктирип, Асман тагынын башкаруучулугунда болуш керектигин ойлоп, ишке ашырыш максаты болгон. Бирок бул максатка кантип жетиш же ишке ашырыштын жолу кандай болмок же кантип. Ал

Жан Цянь куп изденип, кандай кылып, кайсы жол менен жетиш мүмкүн.

Бул үчүн уруштан башка дагы эмне?

Элчи көп ойлонуп мындай жол тапты. Булар менен соода-сатык, жакшы мамиле, бир аздан жардамдашуу, карындаш-урук болуп, жөнөкөй жол менен бириктирип, башкарууга өтүү жана жерлерин өздөштүрүп тамак-аш көбөйтүрүш.

Жанни Хун кызына үйлөндүм, катыны толук ага баш ийди. Уул төрөп берди. Эгерде Жанни өзү башта катачылыкка жол койбогондо уулу дагы ага моюн сунаар эле. Мейли катаны оңдосо болот. Жан муну оңдой алат. Али уулу жаш анын өткүрлүк пейили жаштыктан десек да болот, бир жагы Хун тайатасы тараптан тарбиялангандыктан болушу да мүмкүн.

Бул өткөн таржымалды ойлонуп олтурган Жан Цянь Хун аялы Хандыкка аял болсо, жана толук моюн сунса, андан туулган бала Хан адамы болуп жетишине толук ишенди. Бир эле ал Жан гана эмес, балким ондоп, жүздөп, миңдеп, он миңдеп, жүз миңдеп хандыктар Хун аялдарыны үйлөнүшө беришчеси? Мына Таньи-фу! Ал Хун.Толук аты Таньи хунугань-фу!

Таньи фу Хань аялга үйлөнгөн, бирок анын балдары Хун тилини билишбейт. Балдардын апасы Хань балдарын Хань үрп-адатарын тилин толук хандыкка сиңдирип жиберген. Ал балдар Жаннин уулуна караганда дагы акыйкатта Хандардан. Хундардын ачуулу моюн сунбагандарын кырып салып Таньи-фуга окшогон жоошураак сөз угуучуларды Хань аялдарына үйлөндүрсөчү. Ушул жол менен дагы Хундардын аксары жүздүүлөрүн Хандаштырып коюга мүмкүн. Жүз, эки жүз,үч жүзжылдар өткөндөн кийин Хандарга

аралашып сиңишип кетет. Аста секин басып алып, бойсундуруп барса, күн батыштан ар кыл аралашып жашашкан журттар, элеттер, уруулар Хандарга аралашып биригишип кетишет. Алар өздөрүнөн-өздөрүнчө азайышып Хандарга кошулушуп кетишет. Көп тил билген, күркүрөп аккан дарыядай ар бири өзү нугунда аккан суу ар тарапка бөлүнүп ар тарапка бөлүнгөндү бириктирип алса болот го. Алардын тунуткан, көк сууларын бириктирип кубаттуу өлкө кылса болот го.

Жан мындай ой пикирин өз башкаруучусуна айтат. Мүмкүн Асман уулу да бул майда урууларды, кыштактарды, элдерди бириктириш максатын ойлоп жүргөндүр! Ушундай болгону да узак эместир. Мейли, ошондо да хан кызына үйлөнгөн элчинин тажырыйбасы Асман уулунун ойлогон эрежелерин бир жагынан кубаттайт жана бекемдейт.

Бул Жан Цянь үчүн кубанаарлык иш.

Мындай кубанычтуу ой максат Асман тагынын эң бир максатына туура келген амалдарынын бири эле.

Бул ой максат Жан Цянды кыйла кубаттандырды.

Ал турган дөңчөдөн Чаньан күзгүдөй көрүнүп турчу.

Асман тагынын жүрөгү болуп эсептелген күн чыгыштан күн батышка чейин он жети “Ли” *(узундуктун өлчөмү)* түндүктөн, түштүкө чейин онбеш “Ли” узундукта келип жана бийик дубал менен курчап алган. Устундарына Сары ажыдаардын сүрөтү тартылган. Он эки метр чоң, дарбазасы аркылуу Чаньанга ааламдын ар тарабынан ар кыл маталар, товарлар келтирилип турулат. Шаардын күн батыш

тарабына бош жерлерге кул базарга айландырган. Пулдар кул сатуучулар жана кул алуучулар адам сатып алып олтурушат. Кулдар жыгач панжаралар менен жүзүн тосуп, буттарын чынжыр менен байлашат. Мойундарына да чынжыр орошуп, кир кийимдери менен сатылат. Үй иштерин аткаруучу аял даярдаган кулдар, бычылган жаш эркек балдарга жаңы шайы көйнөктөрдү кийдирип аларды атайын жайда көрсөтмөк.

Жан Цянь элчиликке жибериштен баштап кул базарына тез-тез келип турчу. Анда өтө баалуу кул, Асир кул (пленге, колго түшкөн урушта, кул эмес кармалгандар) аларды көздөн өткөрчү. Кулдарды алып келген өлкөлөрдүн өздөрүн көрүштү каалочу. Ошол каалоосу өз башына келди. Чаньанга кайтып келгендин биринчи күнүнөн баштап, элчи сапарында болгон жылдарга караганда бир кыйла кеңейтилген, баягындай кул базарын кыдырып чыкты. Албетте Асман тагы гүлдөп жаткан.

Кул хундарда кыйла көбөйгөнүн байкады.

“Айтмакчы” – деди Жан Цянь өзүнө-өзү, мойун сунуштан баш тарткан башка элдиктерди да кулдука айландырышы мүмкүн. Бул да Асман тагынын пайдасы болот! Бул ушунчалык анын ойу эле. Ачылыш деле эмес. Канча жылдардан бери ушундай кылып келе жатышат. Жан Цянь чоң шаардын ары көчөсү, ар бир нашапоздордун жайын билет. Чаньандын тарыхында ага белгилүү. Хан башкаруучунун негиздөөчүсү Гао-ди (улуу император) лакамы менен кытай тарыхына кирген. Лю Бон такта олтуруп борборун Саяньяндан Чаньянга көчүрдү. Ошол доордон бери, бири-биринин оордуна олтуруп келе

жаткан Асман уулдары үчүн алардын мансапкорлору, жакындары, аскер башчылары (саркарлары) үчүн бул шаарда канча каражат алса, алтындар кетирилди. Канча элдин күч кубаты, пешене тери төгүлдү дейсиң? Шайырлардын сөздөрү менен айтканда бул Сарайлардын курулушуна, бышырылган ылайлары жүз миңдеген кулдардын пешене тери жана көз жашы менен бышырылган жана хан адамдарынын көз жашы менен куралган. Шыптарга, дубалдардын бооруна иштелген түрдүү боёктор менен кооздолуп тартылган сүрөттөрдү тарткан сүрөтчүлөлөрдүн архитекторлордун мээнетинен өмүрлөрү өтүп, алардын каны, жаны аралашкан каны менен курулган. Бул тууралуу Жанга жакшы билгени: Ал өзү да кулдарды камчылап, түнү-күнү иштеткен. Бул кызматында көрсөткөн эмгегин баалап Асман тагына сарайына ишке алган болчу.

Элчи кылып жиберишинин алдынан күчтүү Жань Янды дарбаза эшик ага кызматына которушту.

Шаардын түштүгүнөн түндүкө караган тараптары созулган Цинлин тоолору Асман тагынын эки улук дарыясы –Хуанхе жана Янцзн босейндеринин биринен ажыратып турат. Цинлиндин түндүк жамбаштарына жааган жамгыр суулары Сары дарыя-Хуанхеге күн чыгыш жамбаштарына жааган эсе болот да Янсыга барып кошулат.

Чаньдан күн батыш ыраагында Цинлиндин эң бийик чокусу Тайбайшан (Тияньшан) эң ак-кар муз чокусу Асманга улуулар моюн ийишип турушат.

Бул чоку Жан Цяньдан да байсалдуу көрүнөт. Ал жерде болгондо Жан Цянь көп жолу бул чокунун кооз көрүнгөн жерлерин тамаша кылган. Бирок азыр

Жан бир нерсеге таң калууда: ыраазы болбосуна айла жок, бир чоку башка-башка эки шаардан да бирдей көрүнөт экен, ал шаарлар бири-бирине өтө жакын жайгашкан өлчөөсүз экендиги анык. Ошондой мезгилде ордону башка жака Саяньяндык Чаньянга көчүрүштүн кандай зарылчылыгы болушу мүмкүн. Акыры кыска мүнөт ичинде тез курулуш курууга атаандашуу болушу мүмкүн.

Чин империясынын убагында да өтө көп кооз курулуштар сарайлар болгон да. Шаар Вейхе дарыясынын эки жээгинетең чоң сарайлар жайгаштырылган. Ошол доордо көпүрө куруучу техникасы таң калаарлык көркөмдүү деп эсептелген жабык көпүрө салынган. Бул көрүнүктүү курулушта көз тунарган караңгылыкта миңдеген кулдар алсыздыкта бийликтен түшүп же тоолордо куланып ташка урунуп, сууга түшүп майып болуп, өлүшөр эле. Дарыянын сол тарбында кыска бойлуу кооздолгон ар түрдүү даректар, заңгыраган үй жайлар курулуштары болгон. Шаардын бир бөлүгүндө имараттардын Чиншинин өзү жана эң жакын улуу мартабалуу урук туугандары, жакындары менен он беш жыл бийлик жүргүзгөн (206-221) жылдары жашашкан.

Дарыянын оң тарабындагы кыргагында макталган көрүнүктүү урматтуу адамдары менен уучулук кылынуучу. Бул даректар арасында курулган бийик сарайларда өтө жогорку сыпаттагы мейманчиликтен таңга жуукка чейин теңдеши жок отуруштар болчу. Анын ортосундагы гүмбөздөй бир бөлүгүнө эле он миң адам бата турган сарай эле.

Чин Ши Хуан доорунда бүтүн Асман тагы жети жүздөн ашык сарайлар курулган болчу. Аларды миң-

миндеп кызматкерлери, корукчулары абайлап карап турушчу. Өзүнүн карамагындагы сарайларга Асман өзү тандаган, өзүнүн кандашы, уулдары менен бир дем алып, абайлап басып, ар тарабын жарыктантып жарытуучуларга көз салып, жылмайуу менен буйрук бериштиата-бабаларынан бери алардын духуна түн, күн дебей сыйынуучу экен. Бирок алардын күнү-түнү сыйынып жүргөндөрү аларга пайда бербеди. Асман уулу ал касыр-кусурда сарайлардын бир нечесинен гана буйурмак түгүл, айрымдарына эки гылдыректүү алтын саябандуу арабада өтүп баратып көз кырын таштап өткөнүнө ыраазы болду.

Чин Шин Хуандынын бактылуу кадамы чыгымдалган аскерлерине жетип баралбады. Анын жаңы денесин жерге калтырып асманга учту. Оордуна олтурган жаңы келген хан орун алмаштыруучусунун негизги аткаруучусу так ордосун Сянь Яндан Чаньанга жана Чин Ши Хуанди текшерүүчү жайындагы багынан бери жагына көчүрүлдү.

Буга Лю Баниндин соодачысы Сян Юй шериктери шаарды талап жаткандыгы анын жанынын чыгышына шылтоо болду. Чин империясынын укмуштай кооздолгон сарайлары эми мамлекеттин башка жерлери да бош аңгырап кароосуздуктан көз алдында жок болуп урап жатты.

Алардын жаратканга кеткен каражаттар тер агызган мээнет, куруудагы кулдардын өлүмү шамалга учкандай бекерге кетти. Эл арасында: хан үй-бүлөлүк Чан Ши аткарган кээ бир кара иштерден жийиркенишет эле.

Ал эмес сарайларынан да ичиркенип өтүшөт деп сөз кылышчу. Бирок Жан Цянь мындай ушак сөздөрдү туура эмес жалган деп айтуучу.

-Ошондо эмнеге... Хан борборун көчүрүштү?

-Жан Цянь доош кылып өзүнө-өзү суроо берди да, кийин чочулап, ар тарабка кайрылды. Жакшы дагы атарабында эч кимиси жок эле.

Кокус угушса мындай сөзү үчүн башынан айрылып калышы да мүмкүн. Чин жана Хань тукумдарынын башкаруучуларына көз артып жүргөн Жан Цянь алар тууралу жогору пикирде жүргөн.

Алар кандай кылып бул даражадагы улук бийликке жете алды ?

Кайсыл жол менен Асман тагыны башкарып ээлей алды?

Акыйкаттан алар Асман тандаган, сыйлаган улуу заттары, жылдыздары, жалтыраган күзгүлөрү болчу.

“Эгерде такка мен отурсам эмне кылаар элем?

– Жан Цянь өзүнчө кыялга баткан шартта суроо берди.

–Асман Уулу болуп калсам, тактан оодарылган Чин убагында курулган сарайларда жашай белем, алар берген атакты мага ылайык көрөр белем?

Эгер ошондой кылсам, жанаша мамлекеттердин башкаруучулары менин үстүмдөн күлүшбөс бекен? Күлүшсө күлүшөр!

Ар кандай болсо да Асман уулу болушка эмне жетсин!

- Жан өз оюнда өз оюу менен өзүн күчөндүрдү, биринчи өзүм үчүн улуу мартабага Чин ойлоп табат болчум. Асман тагындагы улуу башкаруучулары так ушинтип чоң чиндерди ойлоп табышкан.

Коңшу майда мамлекеттердин элдерин кошуп алар элем. Эмне кылаар элем? Ушу доорго чейин курулгандардан да кооз жана кымбат баалуу курулуштарды курар элем. Ушундай кылууну ишке ашырып, элди өтө кыйнабай курганымда гана, мени келечек муундар эч качан унутпай мактап калышар эле. Ана ошондо гана Жан Цянь өз улуу урматтуулар жана тууган уруктарын ыраазы кылаар эле!

Жан Цяндын орчундуу оюн жеңил гана бүтүргөндөй жеңилдеди:

Кандайдыр болуп өткөн кокустуктардын себебин ойлоп тапкансыды. Ооба алардын негизги максаты өздөрүн улуу максатына кандай болсо да жеткирүүгө ынтылыш эле.

Жан Цянь Асман тагы өкүмдарлары, көпчүлүк үмүткорлору, максатташтары, дүнүйөгө көз караштары, алардын кулактары менен угушуна толук ишенич асыл кылды.

Эгер каршы эмес экен, күн батыш мамлекеттерин ал таап, топтоп келген маалыматтары Асман уулуна жакты. Асман тагынын өкүмдарлары өз элчиси Жан Цяньдан ыраазы болду.

Демек ушунча узак жылдар, күтүлгөн үмүт бекерге кетбептир. Жан Цянь Асман уулуна жан дили менен бүтүп, эсеп иштерине даяр экендигин анык билдире алды.

Бирок негедир түнүндө ошол Чоң төөчүлөр курултайында башталган тез-тез кайталанып турган тополоң-чаң Жан Цянга тынчтык бербеди. Ал оң жамбаштан сол жамбашка оодарыла таң атырды. Ал Чаньанда короздор ушунча көп экенин жана жарым түндөн баштап, ар убакта чакырышын өмүрүндө

биринчи жолу сезди. Кыялда аны кайталанып турган тынчтык курултайына алы кетип жатты. Көз алдыга накта кайсар кыйшайган "Муздак-суук" бирок кетип жатып пешенесине сууктар келгени келген. Акыркы убакта чакырышкан короздор коноргодон учуп түшүштү. Жан Цянь терең үшкүрүп алды. Оордунан туруш убакыт эле. Асман Уулу чакырыгына шашылыш керек!

Жан Цянь кийинки күндөрдө ал мансапкорлорду кабыл кылып жаткан Чанмгун Сарайы тарабына бара жатып да оорундуу суроону уланта баштады. Эми ал сүйлөшүүнү эмнеден баштоону ойлонуп алган. Эмнени колго киргиздиң, эмнеге жетише алдың, эмнени билгениңди башта, ушундан кийин эмнени колго киргизе албадың, эмнени бүтүрө албадың, эмнени бүтүрүшүң керек эле, эмнени көрө албадың, ушулар тууралу айтканың оң болот. Бул бир жагынан зарыл, экинчи жагынан сен үчүн пайдалуу.

Колуңдан келген ишти, бүтүргөн ишиңди айтуу оңой. Бирок берилген мүмкүнчүлүктү болушунча өкүмдарды ар кайсы тапшырмаларыңыз аткарууга такыр мүмкүн эмес экендигин ишендире алаар бекен? Ким кайсыл азамат айта алышы мүмкүн? Бул сөздү ? Асман уулунун Чоң атасы Вин ди дагы эки карындаш урук калктын ортосунда уруш чыгарышка урунуп көргөнү, кезеги келди, Сюндарды Юечжилерге кыжырлантышты жакшы дагы Курултай убагында эч ким эстетбеди, Хан элчилерине. Мүмкүн азыр эстеткенде Жан Цянга жеңил болбос эле? Юечжилер ошол эски окуяны да эстен чыгарышпаган экен десе күчтөнүп кетмек. Башта эмнелер туурасында сүйлөшүп, бүтүрүш кайсыларын талдап айтыш тууралу эреже

элчинин эске тутумуна байланыштуу. Кеңешип сүйлөшүүнү Жан Цянь эмес Асман Уулу өзү баштайт эмеспи. Мүмкүн ал башкаруучу: Сөздүн керектигин кыска кылып же бөлүп-бөлүп, же толук түшүндүрүп айт деп калышы да мүмкүн. Андай учурда сүйлөшүү кыйла кыска болот анда өкүмдардын балээсине калып элчинин башына таяк болот!

-Сөздү Шаньюйдан кандай чечим кылып жөнөп кеткениңден башта! - буйду У-ди маңдайда баш ийип турган Жан Цянга.

Хань жогорку дарыя бойлорунда жашаган Хундардын борборун кемсинтип алардын жашаган жерлери деп айтышаар болчу. Асман уулу сөздү туткундан кантип качып кутулгандыгыңдан башта!- дешке көңүлү бурулбады.

Мындай деп айтыш өз элчисин кемсинтиш болуп калмак. Асман Уулунун элчиси качып кутулбайт, же сөзсүз келет же жөнөп кетет. Шаньюй Жан Цянды үйлөнүшкө мажбур кылгандыгын уккандан соң У-ди: Асман уулдарына өзү үйлөнүшкө макулдук берген деген ушак сөз таратылган эле. Асман уулдарынын абройун жогору көтөрүүнүн ордуна ал эмес, анын карамагындагы башкаруучулардын атына да дак калтыруучу сөздөр болууга мүмкүн эмес.

Элчи сөзүн улады. Даван мамлекетинде болдум. Конга өлкөсүнө өттүм, андагы эң чоң Юечжилерди араладым. Дасяда (Бактра) да болдум. Лобнор көлү аркылуу кайттым.

-Башта жакын коңшулар тууралу түшүндүр.

Жан Цянь бул жолугушуу тууралу кантип даярданып айтыш жолуна толук кайталап даярданганына карабастан кыйла сөздү аралаштырып жибергенинен өзү

да таң калды. Азыр Асман уулу үчүн, каяктарга барып, эмне көргөнү, башка маселелер кызыктырбайт, ага жанаша жашаган мамлекеттер туурасында жакшы ой мақсаты тууралу айтуу керек эле.

Жан Цянь эми кантип сөзүн буруп сылык сөз менен Асман уулуна жанаша жашаган мамлекеттер тууралуу айтууну ойлоду. Эгер тез туура жооп бере албаса анда ага оор суроолор бериши мүмкүн. Жан Цянь өкүмдардын суроолорун тез, туура жооп беришти чечти.

-Цзиньчендин күн батышынан жана Теньшандын түндүк тарабындагы жерлерге илгертен Юечжилер мал багып жүргөн жерлерин Сюннулар эзелеп алышыптыр. У-ди жүзүн ары жакка бурду.

Азыркы жооп Асман уулуна жакбаганын сезген Гун-Сун Хун Жан Цянга:

-Бул бизге белгилүү. Андан алыскы жактарында эмне геп?-деди. Элчи дагы алсыз абалда калды.

-Луолань менен Гуш, этияттап сүйлөшө башташты, Жань Цянь, - орто жүздүү башкаруучулар. Шаарчалары Шуркул тарабына жайгашкан. Алар Чаньандан беш чакырым аралыкта. Хотон жерлери бар. Хотон тоолорунан ар кыл түстөгү мрамор таштары бар, казып алынуучу.

Бизден ал мамлекеттерге бара турган жолдору Сюннулар эзелеп алган. Сюннулар түштүк кеңдиктеги тибеттик (Цяндар) ажыдаарларга барып такалат.

-Цяндар сюнндарга кулак салышабы?

-У-ди элчинин сөзүн керектүү жакка бурду.

-Ал атараптарда кичик Юечжилерден башка дагы жыйырма чакты шаарлар бар: Цюци, Яньин, Пулей, Вэнсу, Гумо, Суле. Алардын ар бири өз башкаруучуларына баш ийишет. Алардын баары Сюнуларга кулак салышат, аларга ар кыл кийим кече түрдүү буюмдарды сатып турушат.

Сюннулардан болсо, чарбага керектүү жылкыларды терилерди жүн сатып алышат.

Пилдери, үрп адаттары бири-бирине жакын Бирок аларга бири-биринен этияттанбайт, бирок Сюнндардан кыйла коркушат, бизден караганда Жан Цяндын акыркы сөзүнү У-ди укпамышка салды. Мындай сөздөр Асман уулунун кыжырын келтирчү. Бирок өкүмдар көз карашы же сөз менен кейиген жок. Ал элчинин чыныгы оюн билиш эле. Мүмкүн ал тил учунда: "алардын бир гана бизден коркуунун убактысы келген жок"! - деген сөз ойго келгендир. Коңшу мамлекеттерде чоң дарыялар барбы?-деп У-ди суроо берди.

Жан Цянь Асман уулунун бара турган жолдорду сурап кызыгып жатканын дароо түшүндү.

Маектешүү бир кыйла сылык мамиледе болгонуна кыйла көнүлүнө ылайыктуу болгондон Жань Цянь коңшу мамлекеттердин дарыяларындагы кечүүлөр, саздак жерлерди кыялап өтө турган, чөлдөрдөгү кудуктар, булактар, даван ашуулар, жайлоолор тууралуу сында толуктап айта баштады.

Маектешүү аягына чыккандай болду.

Чыкканда дагы кандай! Асман уулунун элчиси күн батыш жактагы жерлерди бекер кыдырбаган экендигин билди, башынан өткөндөрү аныкка чыккандай болду.

Канчалап бейтааныш эл журт, адамдары, соодагерлери туш келгендин баарысы суракка алгандарын айтбайсыңбы!

Асман Уулу сезилип-сезилбегендей башын селкилдеткендей болду. Өкүмдардын көңүлүн сезүүчү жана ар кандай жоруктарын байкоочу өтө тыкан, куу Гун-Сун Хун:

-Маекти эртең улантабыз! – деди.

Жан Цянь иийлип таазим кылган бойдон эшикке чыгып кетти.

-Үчүнчү бөлүм –

ПАЙДАСЫЗ ӨТКӨН ОН ЖЫЛ

Эки жарым жыл Хундар жашаган жерден качып чыкканда эсен соо калган Жан Цян он беш чакты өз адамдары менен Төөчүлөр Кокондун ортосуна жакындашып калган эле.

Элчи Давандан чыккандарына бир ай чамасы өткөнүн эстеди. Каньха өкүмдары хан элчисин кабыл алууну туура көрбөдү. Тудун кыйла алыска сайгак уулаганы кеткен, ал кышка жакын келиш керек, деп узак кетүүнү шылтоо кылды. Кем сөздүү мансаптар Жан Цянга он чакты жол көрсөтүүчү берди. Элчилер ошол адамдар менен бирге Сыр дарыя аркылуу чөл тарап менен Амур дарыя тарапка жол тартышты. Чар тарапта ыссык аптапка барып, туташа турган жайлоолор аркылуу жетишет.

Кокон Хандыгынын ортосуна жакындаган сайын тез-тез көчмөндөрдүн айдаган койлору, жылкылары, шашпай басып чайнанган төөлөр учурай баштады. Хандыктар ойноктогон бакма күлүк аттарында араң минип келишүүдө.

Төөчүлөр каганы - Кудулу элчилерин он алты бурчтуу өтө чоң чатыр ортосунда туруп күтүп алды.

Каган меймандар менен өзү тез эле сурашып, жогорудагы тизе боюу алтын такка барып отурду. Бул алып жүрүүчүнү ага канча төөчүлөр менен карындаш урукчулук маанисин билдирип белек кылганы. Кокон каны бармактарына көгүлтүр-саргыч якут

көздүү шакектерди таккан колу менен сейрек сакалын сылады. Алтымыш жаштагы бойчон, бирок таттуу кыял Кудулу өзүнө ишенген оор кулактуу адам көрүнөт. Ал салабатту көзү менен белги берүү менен өзүнүн башкаруучу аксакалдарын чатырдагы кыпкызыл гилемдерге чок түшүп олтурууга буйруду.

Жан Цянь чатырдын атарабына көз жүгүрттү. Чатырдын ички тараптары кызгычтанган саргыч алтын түстөнгөн хан шайысы менен капталган экен:

"Юечжилер кокондун хан маталарына өч экенго"! деп көңүлүнөн өткөрүп койду элчи. Ал ордунан турду да, үч жолу ийилип жеңил таазим кылуу менен Кокон каганына кичине жаркырак бир нерсе узатты. Кудулу аны колуна алар менен таңдана карады. Башка улукмандарда белекке карашты.

Каган колуна алып, оозун чоң ачып алтын ажыдаар башын кармап турду. Төөчүлөр Кудулунун колундагы кымбат баа буюм Хан падышасынан белги, аны алып жүргөн адамды элчи экендигин түшүнүштү.

Хан элчиси да мындан тышкары, жана кымбатчылык кыска жыгач сапка байланган куйругунда бар эле. Кымбат баалуу куйрук элчинин белгиси болгону үчүн текшерүү аны алып койгон болчу.

Алтын ажыдаар башын болсо элчи кийиминин арасына тигип бекитип койгон. Мына эми ошол этияттыгы колго келип турат Жан Цянь кагандан Асман Уулунун ага жиберген белектерин жеткизип келе албагандыгы үчүн кечирим сурады.

-Чин каганы бизди эстен чыгарбаганын да сүйүнөбүз - деди Кудулу элчиге жооп берип.

-Асман уулу тапшырмасы бир катар кечиктирилгенине кабатырланды. Сюннулар абдан ашы-

нып кете-жатышат. Алар сиздерди эң жакшы жериңер, ата-бабаларыңар басып, жашап өткөн топурактан сүрүп чыгарышты! Асман уулу силердин өз жерлериңерге кайтышка, өз жайлоолоруңарды кайта ээлешиңерге көмөктөшөт. Шенбиндер даяр турушат. Алар силер үчүн өч алышка даяр.

-Бир эки күн дем алууга чакырыңыздар. Андан кийин сүйлөшөбүз. – деди шарт айтып каган.

Кудулу ашыкбагыла көрөбүз – деп чечим чыгарды. Ошону үчүн маектешүүнү кийинки убакка сүрдү.

Кудулу кандарын асманга көкөлөтүп мактайт экен, хан элчилеринин келгени, алардын максатты тууралу билдирди.

Анын сөзүн "ар ким эмне ойлосо, ошону айтсын"! деген сөздөр менен түгөттү.

-Хундардан кимдер зарык иши болсо, анда алар сүйлөшсүн!

-Отурган жайынан доош кылды Сюми элинин ханы.

Сюми элинин канынын бул жоруктарын Жан Цянь ач көз алаамат экен деп кабыл алды. Мындан кийин эмне болушу белгисиз ачуулу мүнөзү өтө эле таракташып жатышкан эле.

-Бизди эл, - сөз баштады токтонгон Сисе каны эки жаш корголоочулары жардамы менен туруп,-ошол жылдагы кар өтө көп жааган кышта бар төөлөрүнүн жарымына жакынын жоготту. Жайында жаныбарларга өлөт башталды. Кээ бир айылдарда бир да мал туягы калбады.

Аларга башка урук, туугандардан, кой, эчки, мал туяктардан жардамга чогултуп бердик. Жазында жер ээриген кезде Лаушан Шаньдөй биздин үстүбүзгө

бастырып келди. Аскерлеribиздин бештен бирини кырып ташташтары.

Ошондуктан Хонгай тоолорун таштап, бул жерлерге келип олтурабыз.

Биздин элге бул жердеги от чөптөрү, суулары жагып калды.

Бул жерде ал жакка караганда жаз эрте ысып, кышта анча суук болбой жумшак экен.

Малдарды айдап барып, кыштатып келсе боло турган жайлар бул жайлоолордон алыс эмес экен.

Хонгай тоолору тарапта жайлоо издегендер барсын. Биздин эл бул жайлоону таштап кетбейт.

-Каган секин жайына олтурду. Бардыгы тынч олтурушту.

- Ким сүйлөшүүнү каалайт? – деп сурады Кудул.

Эч ким ордунан турбады. Бардыгы гобур-шыбыр башталды.

Жан Цянь ушул бүгүнкү күндү он жыл ашыгыраак убакыт күткөн эле. Мына азыр мүмкүн. Көп өтбөй максатына жетээр. Акыры ушул максат үчүн узак жылдар сар-санаа болуп, бейтааныш мамлекеттерде жүрдү, жалынды жалбарды, качты, кучактап жер өптү...

Асман уулунун Хундарды тизе чөктүрүш эрежесин ишке ашырыш, гилем жана тери талпак үстүндө буттарын бүктөп, чардап олтурган, чачтарын кырдырган мына ушул адамдарга байланыштуу.

"Эмне болгондо дагы, кандай абалда алып барганда дагы бүгүнкү мүмкүнчүлүктү колдон чыгарбаш керек"!- өзүнчө катуу чечимге келди Жан Цянь. Ордунан акырын козголду. Габыр-шыбыр токтолду. Элчи башта Кудулга, анын жанында

олтурган хан жакындарына бектерге ийилип таазим кылганча Асман Уулунун сөздөрүн чоң төөчүлөрдүн Улуу кишилерине айтып берүүгө уруксат. Сурады.

-Угайлык! Сүйлөсүн! – деген дооштор жаңырды.

Кудула башын силкип уруксат берди. Жан Цянь сүйлөй баштады.

Анын ар бир сөз маанисин чыйраксынган Таньи-Фу чечмелеп түшүндүрүп турду.

-Асман уулу мени сиздердин алдыңыздарга жиберип жатып, Шаньюйдун баш чанагыны каган Кудулуга май идиш кылып беришке убада кылды.

Сюннулар сиздердин мал бакчу падачыларың болушат! Сюнну аялдары сиздердин күндөрүңүзгө айланат! Бектерден бирөө кыйкырды:

-Кайтып барабыз, өчүбүздү алабыз! Ал жерден туура! Деген сөздөр угулуп жатты. Мындан сексен жылдарча ийилген төөчүлөргө көңүлү ачык болчу.

Хун башкаруучулары-Шаньюйлардын уулдары Каган ордосуна таламай -талашта турушар эле.

Алардын бири Модэ (кытайлар Мяодун деп да айтышкан) хан ордодогу шахзадаларды алмаштырыш убакта барып, өз атасы Туманянды өлтүрүп, такка олтурат. Бул окуя Чин Хуандарынын акыркы тактан оодарылып, оордуна Асман тагына хан тукуму талкаланган жылы болгон эле.

Модэ бийликти колго алгандан кийин Хундардын жыйырма төрт аймагынын бардыгын бириктирди.

Ал төөчүлөр ортосунда болгон убакытагы топтогон билими жана ашырган тажрыйбасына ылайык Хундардын тартипсиз жосундарын коңшуларын төөчүлөрдүкүнө он миңге бөлдү. Ондуктар, жана жүздүктөр карындаш жана урукчулуктун үзүлбөс

жиптер менен, миңдиктер жана тумандар аймактык мамилелери менен байланыштырып, согуш жана коргонуу убактарда адаттагы согушчандыгын өтө бышыктаган болчу.

Атчан жоокерлер төөчүлөрдөгүдөй толтура акча мис калай сооторду кийе турган болушту атчан согушууга машыктырып баратты.

Оор куралдарды кумурскадай жөө жоокерлер, атчандар ороп алышар эле да, душмандар башына жаа окторун жамгырдай жаадырышат, тирик калгандарыны найзалар менен тынчытчу.

Бекемделип алган Хундар төөчүлөргө каршылык көрсөтүш үчүн өтүүчү жолдорунда пайлашчу. Төөчүлөргө биринчи тобокелчиликти өзү 176-жылы Модэ өзү катышты. Арадан эки жыл өткөндө. Модэ өлгөндөн кийин такка отурган уулу Лаошан, төөчүлөрдүн каганынын атасын колго түшүрүп анын баш чанагынан ичкилик иче турган идиш жасаткан. Бул окуядан соң төөчүлөрдү абдан көп бөлүгү күн батышка жылып. Аранхи дарыясынын жээктерине барып калган эле.

Асман Уулунун элчиси ошол болуп өткөн окуяларды алардын эсине салып, аларды кыжырлантып Курултайды хан башкаруучулары үчүн пайдалуу жана зарык токтом чыгарууга үндөп жатканы болчу.

-Мен, биз мына ушул бардык хандыктар, - Жань колу менен өз адамдарын көрсөттү – кагандардын алтын саптуу баш чанагыдан ичкилик ичкенин көп көргөнбүз. Биз аны мына ошол-бармактарыбызды алардында кабактарына деп тийгизди, силерди карап турган көздөрүм менен көрдүм. Мактанып ошол баш идиш менен шарап ичкенин да көрдүк.

Курултайга катышуучулар арасында Хундар менен уруш кылабыз деген талапкерлер арта баштады. "Кайтып барабыз!" "Аларга көрсөтүп коёбуз"! деген тукуруулар тез-тез угула баштады. Токтонуп калаган Кудулунун көздөрүндө азаб оту чачырайт. Бир нече өзүн чоң элдин ар бир ишин этияттап ойлоп, ар бир баскан изин кайта-кайта өлчөп баса турган акылдуу каганы эмес, балким өлтүргөн атасынын каны үчүн өч алыш чечкиндүү жаш баладай сезди. Коркунучтуу уулуна да көз салып турууну ойлонду кудулу,- Ал Хундарга жакын, кичине төөчүлөр башында калган го. Кол астындагы жетишсиз эсептешүү коңшусу менен өзүн колдой алар бекен, Хундар анын да башынан шарап ичүүчү идиш (каса) жасашчу? Мен болсо бул жерде узак Аранха кырларында жан сактап отура береминби? Кудулу уулуна калтырып келген алтын так дагы ага да бактысыздык алып келишин ойлоп, ал да эзиле баштады. Хундар төөчүлөргө жер акы төлөп жүргөн бир убакта белек катары ошол мүмкүнчүлүктү берген болчу.

Мүмкүн даярдалган столду сыйкырлап уктоочу муздак чай даярдап койгондур. Кудулунун даяр столдо көпкө чейин отурган атасы, мүмкүн ошол сыйкырчылык азабынан кокустуктан каза болгондур? Мүмкүн ушундай кокустук уулунун пешенесине жазылса, эмне болорун ким билет? Бардык балакеттер жылдызы ушул шумдуктуу амалдар даярдалган орундар үчүн эмесби?

Кудулу ошол тууралу уулуна калтырып жатканда эмне ойлободу?!

Ушундай коркунучтуу ойлор айлана-чөйрөгө карап тердеп Кудулу бири-бири менен жакшы макулдашбай, зорго чала-була угушчу.

Билинер-билинбес башын кыймылдатып, сүйлөө-чүлөргө сөз берчү, бирок алардын эмне дегенине көңүл бурбай укпачу.

Каган зорго өзүн кармап, курултайга катышуучуларга түшкү оокат ичиш үчүн уруксат берди.

Түштөнүү баштагыга караганда кыйла узакка созулду. Кудулу өз чатырына кирбей, маркум атасынын эки аяш аталары менен кичине тар бир үйдө тамактанышты.

Алар менен сырдашкан, каган өзүн бийик сезип, кабыл кылуу алдында атасынын сөзүн кабыл алгандай сезээр эле.

-Эң кеминде элик-алтымыш бабаларыбызды эскерип айтылган сөздөр бул жомок эмес, – деди аксакалдардын бири.

Кудулу алардан кандай масилат берээрин байкаштырып:

-Мен эсиме келгенден бери бул сөздөрдүн маанисин, мазмунун чагышка урунам.

Байкашымча мындай болгон:

Кыйла узак заманда, эң кеминде он, он беш, жыйырма жыл башта, бүгүн авал төөчүлөр ушул жерде жашагандар. Башта суу жетпеген чөп тулаңдар өспөгөн такыр чөлгө айлана баштаганда мал койлорун тойгозуп болбой калган.

Бабаларыбыз коюн чөп өскөн жайлоолорду кыдырып, акырындан Хонгай тоолору, Губи чөлдөрүн көздөй жылып бара-беришкен.

Ал тоолорго кар жаап, суук боло баштаганда кайта бул жакка ылдыйлап жылуу жакка келишкен.

Ошондой кылып жылышкан көч миң жылдап, кайталанып чыныгы жашоону башынан өткөрүшкөн.

-Демек, Туран кумдуу чөлдөрдүн кырларында аландар жашай турган Каспий деңизден Хинган тоолоруна чейинки кеңдик биздердики болгон. Бул жерлерде биздин көчмөнчү ата-бабаларыбыз жашап турушкан. – деди

Кудулу өз ишеничин тастыкташ үчүн.

-Бакшыларыбыз оозунан чыккан кошоктор жок жеринен кошуп айтылбаган, - сөзгө экинчи чалда аралашты.

Кудулу тартипти сактап, анын жомогун да кулак салып уга баштады, – Хонгай тоосунун этегинде бүтүн баштуу кой короону түнү көчкү басып калганы, короодо майып болгон, өлгөн чабан жигитти издеп барып, кар алдынан анын денесин казып ала жатканда анын жанында муздап калган кыздын денесин тапкан жөнүндө кошулган кошоктор да бекерден пайда болбогон.

-Ооба, туура-деди урматтоо иретинде Каган.

-Мына, биз өзүбүз да көрдүк, билдик: Хангой тараптар сууй баштады мал жандыктары узактан-узак кыш мезгилде тоют жетишпей ачкадан өлүп, туяк саны жылдан-жылга кыскарып кетип жатат.

Бул жерге келсек, от чөптөрү жетерлик, суусу кенен экен.

Кудулу тамактангандан кийин кыйла чыйралып көңүлдүү келди. Курултай кайра башталды.

Салт боюнча колу менен желкесине тайанган Гуйшу ханы акырын оордунан турду. Ал көп деле картаң

эмес, бойлуу алдуу, далылуу көрүндү. Ушул убакка чейин Гуйшуан ханынын тынч отурганына баары таң калып олтурушкан. Эми көпчүлүккө белгилүү болгондой тополоңдо чечүүчү мүмкүндүктү күтүп олтурган.

-Биз бул жерлерге Хундардан, ошол кийик балдары-нан коркконубуз үчүн көчүп келгенибиз жок, -айта баштады Хан- биз өз жерлерибизге, өз журтубузга кайтып келдик!

Узак убакыттарда бул жерлерде биздин ата-бабалар жашаган!

-Туура! Ошондой болгон! – хандын ойун кубатташып кыйкырып жатышты.

Жан Цянь курултай акырындап пикирлер тескери жагына алганы бул үчүн пайдалуу жолго салышка оорлошконун дароо түшүндү. Анын көз алдында тарых эч нерсе болбогондой болгонун биле баштады. Өткөн иш кайсы жерде канча нары кирилсе ошончо ары узакташат, унутулат.

Чин-Хань мамлекеттин эң кадимки күчтүү деп эсептеген.

Асман уулунун элчиси Туран мамлекети кандайдыр анын чырпыктары анын асман мейкиндигине сиңип кеткен эле.

Анарха дарыясынын ар жагындагы деңизге чейин созулган кара-кум туздуу талааларынан баштап Алтайга, Хонга, чоң Хинган тоолоруна чейин созулган көз жеткис кеңдиктерде кимге караштуу дейсиң жогорку даражалуу чоң жүздүү алдынан, көчө-көчө менен кыдыртып Меймандап, коноктоп коючу кайсар копол калк. Эскертүүчү беш эл көз жеткис, эсепсиз кеңдикте ар убакта бир бурчуна барып, бул бурчуна кайтып келгенинен эмне пайда, эмне өзгөрүшү

мүмкүн, кайсы бир элдер аларга кошулат, кээде ажырап кетет. Кошулуп-кошулбаганы менен “бир метр жерде туулуп, ат үстүндө жан бере турган” эл негизги ар дайым туруктуулук, эңилбес, баатырлык, жеңилбес, жеңилсе ийилбес.

Бул калк бирөөнүн жетегине жүрбөйт, ал өзү билүүчү! Асман Уулунун элчиси Жан ошого толук ишеничке моюн сунду!

-Мени атам-мындай деп сөз улады Гуйшуан ханы атайлап Коконго аркасынан бурулуп, Жан Цянь бул убакта араң оюн бир жерге топтоп алган эле. Калың кар жаай турган кышта тез-тез от качып такырая баштаганда ушул жакка адам жөнөтүп турган. Алар кербенчилер менен бирге келип, бул жерлердин кышы каттык же жеңил болушун жазы катуу ысыйбы же мээлүндүгүн билип, жайлоолорундагы чөптүн өсүшүн кабарлап турушкан.

Кудулунун атасы дагы бул жерлерге келишке макул болгон!

Гуйшуан ханы Кудулунун атасын “Каган” деп айтпаганын көпчүлүк көңүл бурду. Хан сөзүн улады чын кокондуктар биздин илгерки достугубузду эске алыптыр, эми бизге жардам кылмакчы болуптур.

Элчи өз коконуна, алар айтмакчы Асман уулуна, биздин пикирибизди айтсын:

Хундардан биз ошол, мындан келди жаңылыш-каныбыздан кийин беш алты жыл кийин күч топтоп, аларды дагы өзүбүзгө каратышка күчүбүз жетип калаар! Бирок ойлоп көрдүк: биз алардан эмнени тартып алышыбыз мүмкүн? Калың кар катуу суукту, узак кыштыбы? Ал жерлердеги жайлоолор бизге да, аларга да тардык кылып калды.

Келинчектерибиз чыйрак, тың болгону үчүн да биз көп балалуу болуп көбөйүп жатабыз.

Отургандар арасында күлкү көтөрүлдү. Хан сөзүн улантты: акыйкат көбөйүп бараткан экенбиз, дагы көбүрөөк эт, кымыз, сүт керек. Хундарда да ушундай болууда, же Хундар же биз бир жакка жылыш ордуна, бири-биребиздин каныбызды бекерден-бекер төгүшүбүз керек беле?! Кимде-ким жалаң кылычка таянып иш кылса, ал акылдуулукка жатбайт. Кудай биздин колубузга кылычты бекем, зарык кокустуктан сактаныш үчүн карматкан!

Кылычты өзүбүздөй начар коңшулардын башына ойноткончо, мына бу көк-жашыл сууга мол жайлоолорду бизден тартып алмакчы болгон душмандарды талкалаш үчүн сактайлы!

Гуйшуан ханы оордуна олтурду. Башка эл, катышкан адамдар, аксакал бектер Каган эмне дейт экен деп тынч олтурушту.

-Дагы ким сүйлөйт? Ким кандай кеңеш айтат?-деп суроо салды Кудулу.

-Эми Кагандын сөзүн уга калалык – деди жоон үндүү хандардын бири.

-Менин, ойум – салмактуу баштады - Кудулу, - ал жакка кайта барбастык, Хундар менен уруш кылбастык! Алар өз ага-инилеребиз бири-бирибиз менен тилмечсиз түшүнөбүз. Илгеркидей кан төгүүлөр артта калды.

"Канды кан менен жуу болбойт" деп бекерден айтбаган ата-бабаларыбыз. Балким "Улуу Кокон" деген кубанычтуу узактан биз тарабка бийик жакшы сүйүнүп тан калып жаткандыр. Жүрөк кабынан чыккандай сүйүнүчтүү аркада тургандар кыйкырып

үндөр дубалга урунуп кол чабылып төөчүлөр тараптан бийик үндөр угулду . Бир нече убакыт курултай иши токтоп калды. Каган адамдары бир кыйла убакты күтүүгө туура келди, андан кийин салмактуу сүйлөп иш улантты.

-Боорукер атамды, сиздерди билерман каган-дардын баш чанагыдан шарап ичүүчү чөйчөк жасаш-канын эч качан унутбаймын.

Бирок бул канкордугуна бардык Хундар айып-туу эмес. Муну... бир гана... анабу... Лаашан кылды!-Кудулу мушун катуу түйүп, азыркы айтуучу атын араң тилге алды.

-Мен билемин кылыч оюнчук эмес, аны душманды өлтүрүш үчүн жасалган.

Кылычтан Лаошдой пайдаланыш-көз көрүп, кулак укандар үчүн жырткычтык.

Бул көк теңирим өзүн кармай албаганды жарат-кандын каарына тапшырдык.

Өз атасын өлтүргөн Модени теги арам Лаоштон мындан башка эмне күтсө болот? Жараткан теңирим аларды от жалында күйгүзөт! Моде менен Лаошду өз атасынын арбагы менен менин атамдын арбагы урат.

Моде менен Лаошандардын атын да аташбайт, уруктары да кырылат. Кагандын акыркы сөздөрү ажыдаарлар рухуна жан дили менен берилгендерге сыйкырдуу төөчүлөрдүн көпчүлүгүнө катуу таасир этсе да.

Кудулу тажрыйбалуу хандар, зирек бектер ойунда анын атын укkан бешиктеги бала дагы ыйлаштан токтоп кала турган башкаруучулардан көрө ата-бабаларынын өч алуучу рухтарыны жардамга чакы-рып, каргаштан башка айла жок айласыз карыядай

туйулар эле. Кудулунун өзү дагы күн сайын салтанатына шүгүр дешин сезди. Кийинки жылдарда моюн сунбагандыгы күчөгөн Гуйшун ханы ачыктан-ачык төөчүлөр тактына көз артып жүрүүчү. Ал ар бир оң келген жерде Төөчүлөр тахтысына отурушка Кудулудан көрө өзүн ылайыктуумун деп көрсөтүүгө аракеттенчү. Анын бул ниети, мына бүгүн жеке өзүнө сезилип калды. Кадимки тартиптен көрө, сөзүнөн кийин бир топ курултайга катышкандар ордуларынан туруп, алдынан даярдап койгон майданга барышты. Ысыгында көпчүлүк Каган тараптык экендигин көрсөттү. Ошол кезде "Жолду Гуйшуан каны көрсөттү, Каган ошол жакка жүрдү"! Шыбыр-гүбүр сүйлөш кандарга таркаган болчу. Добуш бериш үчүн кол салышка өтүштү. Ушул кандардан тазаланган майдандын эки жагына казык кагылып, казыкчаларга жүн аргамчы тартылып байланган. Кимдер коңшу тарапка Хундарга баруучулар аргамчынын сол тарабына өтүшсүн. Ага каршылар оң тарапка өтүш керек болчу. Добуш бериштин натыйжасы Жан Цянга алдын ала белгилүү болсо да, ал этияттанып, Таньи-фу менен бирге тартылган аргамчыга жакын барды. Сол тарапка бар болгону он эки бек, бир гана хан өттү. Ошол адат боюнча жайлоолор гилемдей бир нече ондогон Карнайлардын үнү жаңырып, кокустан така-тук андан бетер жаңырды. Атты минип жай олтурган ат чабарлар ар тарапка үркүп кетишти. Алар кызыл кум, Каракум жайыттары тоо этектеринде жайгашкан төөчү элдери, угушканын тууган уруктарына. Төөчүлөр Хундар астына коңшу катары бара алышбайт Хундар өз туушкандарыбыз! Деген уу-дуу кабар алып барышты. Жан Цяндын өңү агарып кетти.

Ал өз бутунда арең турду. Таньи-фу анын кирпигинен жогору көтөрүп бошошбо деп көңүл айтты. Күтүүсүздөн өз жардамчысынын жүзүнө көзү түшүп калган Жан анын кубанычын толук байкады, Жан Цяндын кандайдыр хундун кубанычын сурооого да акыбалы жок эле.

Эртеси күнү таңда Хан элчиси Жан Цянь өз адамдары менен Каган кошуп берген жол көрсөтүүчүлөрдүн узатуусунда Арахи дарыясынын сол кыргагыдан өттү жана ал жол менен жөнөп кетишти. Ал эми Асман уулу алдында эмне деп жооп берет?!

"Юечжини Сюннуга каршы согуш кылышына көндүрө албадым" дейби?!

Кандай айта алат?! Коркунучтан денеде титирек сөөгүн какшатып жаткан элчи, аттан жыгылып кетбес үчүн, ээрдин кашын эки колдоп кармап алган.

Жан Цянь эртеси боло турган сүйлөнүүлөргө өз көзү менен көрүп, угуп турган көңүлсүз окуяны жана да бир жолу эске алууга туура келди.

-Төртүнчү бөлүм-

АКЫРЫ КӨРҮНБӨГӨН ОТЧЕТ

У-динин ымдашы менен Гун-сунь Хун Жан Цянга күн батыш тараптагы мамлекеттердин согуш күчтөрү туурасында толук маалымат беришти буйруду. Оор суук баш башкаруучу, анын баш кеңешчиси күн батыш мамлекеттеринин дубалдарынын бийиктиги, калың-дыгы, чыдамдуулугу, эшик, терезелеринин чыдам-дуулугу, башкаруучуларынын жүрүш-турушу, сый-урматтоосу бири-бирине болгон мамилелери, жоокер-леринин жөө жүрүшү, аттуу согушуу ыкмалары тууралу кызыгып сурады. Жан Цянь бардык нерселерди толук түшүндүрүү менен сүйлөшүүнүн акырында сөздү Асман тагынын эки эң чоң дарыянын чыккан түпкүрүнө бурду:

-Сюнну, Юежи, уйгурлар, Хуанхени "Жашыл Угуз" деп айтылат. "Жашыл Суу" деп айтышат.

Ал жактагы бийик тоолордон аккан сууну Хуанхе суусу акыйкаттан да жашылданып агат. Жашыл Угуз дарыясы Жаринур менен Урунур көлдөрүнөн башта-лат экен.

У-ди оюну башка жакка бурду. Демек Жан Цяндын бул сөздөрү Асман уулуна жага бербеди. Өкүмдар кан-дай пикирдеги анын жарым-жарты сөзүнөн гана эмес, чоң бармактарынын кичине кыймылдашынан, же бир

аз өзгөргөн көз карашынан байкай билген Гунсунь Хан элчиге жактырбаган түрдө суроо берди:

-Биздин тилибизче кандай айтылат экен ошол кулдар?

-Бизге эмне жок ал кулдардын. Жакын ортодо Хандар жок.

-Ал жерлерге биринчи болуп кадам баскан уйгур-ларча ат койбосо, ким коёт?! - заарланды жана Гунсунь Хан.

Жан Цянь дагы каталыкка жол койгонун байкап, тил учунда турган:

"Яньзинин жогорку акимин гаоцзюйлар улан-булан деп айтышат" деп койду. Жан Асман Уулу менен Ченсяндын Асман тагынын кызыкчылыгын көбүрөөк түшүндүрүшкө таң каларлык түшүндүргөнгө макул-дугун берди.

Жан Цянь кулдар, дарыялар, тоолор кең талаалар, сайларды канча айтып бергенине тан берип, өтө унутбагандыгына өзүн койдум. Укмуштай ошол жер-лерди Асман тагына кошуп алынышына узак убакыт калган жокко акыры!

Ал жерлерге бара турган Менбинлердин канча ойлоп табышка кайдан убактысы болсун?

Аларды мындан зарык жана пайдалуу жумуштар күтүп жатыптырбы?! Шенбиндер боюн ийбей жерги-ликтүү элди убара кылбай бирме-бир кубалашып иш күтүп жатбаптырбы?

Хан Жигит жоокерлери ошондон колу бошобой жатса керек.

Түштөн кийин Жан Цянды Асман Уулу иш ордуна чакыртбады.

У-ди кечээ гана Чаосяндан чосон аттуу мамлекеттен кайтып келген башка элчи-сергек адамды кабыл алуу менен бош эмес эле. Кансарай, шаарлары ортосунда "көп өтпөй Чосон дагы хан болуп калышы" туурасында сөз таркаган.

Чанлэгун сарайындагы үчүнчү жолугушуу бийик Даван тууралу маалыматтарды баяндап жатышты. Жан Цянь бул жөнүндө анча таасирсиз сүйлөдү. Давандын Хань менен соода-сатык алакаларын орнотушка өтө кызыгууну арттырып турууну башка жакка бурмак болду.

-Даван ар тараптан Асман тоолору менен оролгону тууралу-деди Жан Цянь- эч ким ал мамлекет менен коңшу катары биригише албайт.

Даван башкаруучулары буга толук ишенет. Анын ишеничтүү себеби бар: Жунго менен Даван ортосунда жүрө турган жол жок!

–Даван башкаруучуларынын ишеничин жана дагы бышыктоо керек! – ишенич таштады Гунь-Сун Хун. У-динин жүзүндө эч кандай өзгөрүш сезилбеди. Мындан ал элчинин азыркы сөзү менен Ченьсяндын таза сөзүнө караганда ишениш мүмкүн эле.

–Сюннулар менен Юечжилерде болгону сыңары,- сөзүн улантты элчи.

–Давандыктарда дагы өкүмдары каза болгондон кийин анын Уулдары эки инилеринен бирини Хан тагына отургузушат. Даван өкүмдарынын жалгыз уулу менен бир иниси бар. Өкүмдар инисин так ээси кылмак.

Бирок уулум али жаш, убакты келгенде такка отурушка үлгүрөт, ага уулу нааразы.

–Ошондойбу? - мыйыгынан жылмайды У-ди.

–Демек, эки так ээлери менен дагы алаканы бышыкташ зарык-деди Ченьян Асман Уулунун чукур маанилүү "ушундайбы?" деген сөзүнү түшүнгөндөй.

Жан Цянь Канха тууралу сөз баштады, Канха башкаруучусу элчи менен учурашуу үчүн түрдүү шылтактар менен кабыл албагандыгын каралагандай маанide:

-Ханцзюй абдан годойгон, уятсыз! деди. У-ди дагы жүзүн башкача бурду. Бул дагы жандын азыркы сөзү Асман уулуна жакбады, аны түшүнүп, Кангха туурасында башка сөз айтбады. Ал өзүн жоготуп койгондуктан тамагына бир нерсе такалгандай тым турду.

Негизги элчи Хангха туурасында гепти төөчүлөр маалыматына улап, – төөчүлөр менен алып барганын макулдашмакчы жагына бурмакчы эле. Ал өзүнү араң колго алып, эмнегедир күлдүрмөк болду.

-Эң чоң Ючжи... анын каганы Кудулу...

У-ди жүзүн четке бурган эле, Жан тек катып калды.

Ченсян угулар-угулбас үндө:

-Баарысын билдик! – деди.

Жан Цянь тердеп кетсе да, бирок Асман Уулу бирөөнүн катышуусунда жүзүнү артышка чечкин айталбас эле.

Эртеге! – деп шыбырады Гун-Сун хан.

Жан Цянь бутуну араң сүйрөп, эшик жакка чыкты.

Аны Асман уулунун эч ким карай албай турган көзү менен узатып турду.

Өкүмдар ушунча сырларды, маалыматтарды топ-топ келген элчиден ыраазы болгон-болбогонунан ачууланабы аны билип болбойт болчу. Мына Жан Цянь бүгүн да, азыр да баштагыдай, эч болбосо, колун

дагы сыйрытмактан араң кутулгандай жеңилдеп алды. Элчи бир жолуда Асман уулунун көздөрүнө тик карай албады. Караганда да баары бир эч нерсени аңдай албайт болчу: У-динин тоголок көздөрү жансыз сакалдардай пайдасыз эле. Жан Цянь сыртка чыкканда желдет колундагы сыйрытмактан кутулгандай жеңилдеп алды. “Бул зат адамдарды ушунчалык жүрөгүнүн үшүн алганды кимден үйрөндү экен”?! Чоң абройлуу элчи дагы Асман уулунун алдына кылчылдап титирек басат! Буга Жан Цянь өзү да таң калчу. Бул тикерээк басуу төөчүлөр курултайынан башталды!

“Асман уулунун маңдайында титирек баскан жансыз менби? Жалпы адамдар ал затты көргөндө кылчылдап кетишет го? Жан Цянь кан сарайда ага бөлүнгөн канасына жетип барып, мындай деди: -Асман уулу ар кайсы мамлекет ар кайсы калк тууралуу топтоп келген маалыматтардын, ар бири бөлүп, толуктап шайы оромолдорго абдан тыкан далилдеп жазып берүүндү буйруду.

– Өзү да кошмолоп койду: Мүмкүн бир нерселерди эстеш үчүн жардамчыларды да кошсок жаман болбос. Бул тууралуу өзүмда сизге айтмакчы элем.

Таньи-фу кээбир журттарда өзүн башкача кармады. Даванда бүтүндөй калып калыш максат кылгандай болду. Бирок мындай кылса, тирик калбасына көзү жетти окшойт:

-Давандан өтүп жатканда башка тилмечтер жанында бар беле?

–Бар эле го, бирок Таньи Фу жакшы тилмеч болгону үчүн... Анын жана башка жакшы жактарынан иш берди. Тоолордо, адамсыз чөлдөрдө... биз Сюнулар

колунан кутулуп кеткен соң... Чарчабаган уучу, көзгө атаар мергенчилиги менен ачкачылыктан сактап калды. – Сизге жакбай турган кандай Хунду көрсөттү? –Юечжилер Сюнуларга каршы уруш кылбайбыз дегенде аябай сүйүнүп кетти.

-Тилмечтикти таза аткардыбы, же...

- Таза аткарды менимче. Башка тилмечтер ар кыл таржымалын таза угуп, мага айтып турушту.

Төөчүлөрдүн курултайынын акырында Таньи-фунун жүзүндөгү кубанычтуу сүйүнүчтү көрүп калганымда дагы, андан алдында Даванда да Жань Цянь боорукерлик ким тараптан экендигин толук түшүнө албаган болчу. Жан дайым ар убакта тилде да, дилинде да акыйкат хан болуп келе берген.

Шарт аны Таньи-фу сыяктуу милдети башка го, амалы ишин башка сак болушка мажбур кылбаганда. Азыркы өкүмдар У-ди нин атасы Цзин-ди сарайынын ат багарлар башчысы, Жунгодогу Хун айылында туулган. Таньи-фу Асман уулуна берилген жашоочулар тарбиясында болгону үчүн Асман тагынын өкүмдарларына кызмат кылып жүргөн. Бирок Төөчүлөр “Хундарга каршы уруш кылбайбыз, алар өз боорукерлерибиз” деп кыйкырып, кубанышканында Таньи-фу бир нече минут Асман уулуна болгон берилгендик, төөчүлөр чындап эмне максат менен келгенин унутуп калды. Ал макулсуз төөчүлөрдүн чечимини макулдашууну дагы билбей калды. Ошол Жан Цянь Таньи-фунун жүрөк сезиминде Хундарга чындап мээрими бардыгын сезип калган эле. Кантсе да Хун каны бар да анда!

Даванга барганда да Таньи-фуга ал жердеги бардык жер көрүнүштөрү- тоолор да, дарыя да, бактар,

мөмөлөр да, андан алынган шарабда, аргымак аттар да, айрыкча давандыктардын өздөрү абдан жаккан эле.

Жан-Цянь Таньи-фу туурасында өзүнүн башка бир гүмөндүү жагын Гун-Сунь ханына айтбады.

Жан-Цянь кийинки күндөрдө уулунун Жунгуга келишке көнбөгөнүндө да Таньи-фунун колу бардыгына ишенди.

Эмне ушундай кылган экен Таньи-фу? Же көрө албастыктанбы? Же башка бир себеп барбы? Жан-Цяндын бул гүмөнүндө бир чындык бар эле.

Таньи-фу Жандын Уулуну сөзгө киргизбегени туура. Бирок анын шартында көз кулагын байлап, оозуна чүпүрөк тыгып, думуктуруп атта алып качса болоор элең. Таньи-фу мындай кылбады.

Ал Жандын тамырында Хун каны соккон уулун Асман тагында азапталып жашашын, Хун жерлерин өмүр бою көрүшкө сагынып жүрүшүн каалабады. Ошонун өзүнөн да Таньи-фу Хундар тарабынан кабыл алгандыгы көрүнүп турат. Жан-Цянь ошондо уулу жөнүндө ойлоп акыры кача турган мезгилде уулунун каякадыр бир жакка ойногону кетиптир деп калп эле айтылгандыгына көзү жетти.

Элчи өз атына дак калтырбас үчүн бул болгон окуяны да Ченсяндан жашырып койду. Жан Цяндын пикири боюнча мунсуз деле Таньи-фу жаза алышы мүмкүн эле.

Чаньсян ачык эле айыптап: Кыштан кийин кир пайтабаны ыргытып жибердиңер!

-Туура ысрап кылбаш керек эле ал пайдасыз. Гунь-Сунь хан ушул убакта дарбаза кароолунун башчысын чакыртып, камакка алууну буюрду. Эртеси

У-ди Ченсяндан Таньи-фуга көрүлгөн буйругун угуп, жылмайып мындай деди:

-Мейли, ал өлтүрүлбөсүн. Тагдырына жазылган, өлүм болсо кызматыбыздагы башка журттуктар капа болушат.

Убакыт келип, аны өз Сюннулар өлтүрүп кетиштери мүмкүн.

Гун-сунь хан катуу кыжаалат болду, өзүн бир кыйла жоготуп да койду. Ал узакты көрбөйт да!

Эмнеге мындай катачылыкка жол койду. Анын кылган катасын Асман уулу түздөп койду!

У-ди бул өзүнүн кылган ишине кубангандай болду.

Ченсян кээ бир убак-убагы менен бийлик башындагы саркарлар, мансапкорлордун каталарын таап туруш түздөн-түз көңүлдөгү иши. Бул кол астындагыларды катуу башкарыш жолунун бири! Лю Чаге бул башкаруу искусствосу Асман уулдарынан калган мурас!

Жан Цянь Таньи-фундун бошотулганын тез эле уксада, эмне себептен камалганын билбей катуу убараланды:

Элчи юечжилерди сөзгө көндүрө албаган үчүн Асман уулу өз нааразылыгын ошол тууралу билдиргениби Асмантагына кызмат кылган убакта чет элдиктердин нааразычылыгына себепкер болду дегендей айып коюлдубу?

Гун-сунь Хандан Таньи-фу бошотулду деген акыркы себебин билгенден кийин гана Жачь Цяндын көңүлү оордуна түштү. Бир нече күн өткөндө эки кан сарайда Жан Цянь күн батыш мамлекеттери, өлкөлөрү, кыштактары, шаарлары тууралу маалы-

маттарды көргөнүн укканын толук шайы оромолчого жазып даярдады. Даяр болгон оромолдорду Асман Уулу ишканасына алып келди! У-динин жанында ар убакта Гун-Сунь хан даяр турар болчу.

У-ди акырын башын кыймылдатып, биринчи кеңеш-чисин шайы оромолду окууга буйруду.

"Усунь" (Ысык-көл) Давандан дээрлик эки миң чакырым түндүк жакта жайгашкан, окуй баштады. Гун-Сюнь Хан–ал көчмөн эл, адамдары мал чарба-сындагы көчмөндөр. Урп адаттары бойунча толук Сюннуларга окшоштугу бар. Усун бир нече он миң баатыр аскери бар. Кадимки усундар Сюндарга баш ийип жүрүшкөн. Бирок күчтөнүп алганда, башка элеттерди өзүнө каратып, Сюннулар ордосун барып туруштан баш тартышкан. Бул жаман эмес-деп өзүнчө сөз кошуп Гун-сюн Хан – Демек Усундун Сюнну менен байланышы начарланган. –Сунг окууну уландырды: "Канцзюй Давандын дээрилик эки миң чакырым күн чыгышта күн батышка чейинкилер да көчмөн калкы. Урп адаттары бир-бирине өтө окшош. Токсон миңге жакын согуш жоокери бар. Канцзюй Даванга ирегелеш коңшу, күчсүздүктөн Юечжи акимдигине, бир жагынан Сюннуга көз каранды. – Муну кандай түшүнсө болот? – Ишенимдүү суроо берди. У-ди бул коопсуз жетекчинин катасы болсо керек? Токсон миң жоокери бар туруп, күчсүз болушу мүмкүн эмес. Алар Юечжилер менен да Сюннулар менен да абдан жакын ынтымак болушу керек. Муну дагы кандайча аныктайбыз.

Гун-Сунь Хан биринчи жүзүндө Жан Цянды У-ди иш оордунда чалгынчы деп атады. Эгер азыр өкүмдар Жан Цяндын маалыматтынын ишеничтүүлүгү жана

өзүнүн калыстыгы тууралу баа берилбегенде Ченсян бул сөздү оозуна ала албайт болчу.

Антпегенде мындай тартипсиздик үчүн катуу жаза алышы мүмкүн эле. – Эң Чоң Юечжиден бир нече миң чакырым алыстыкта жайгашкан.

-Шайы оромолдорду окууну уланты Гун-Сюнь хан. Бул мамлекеттин айыл-кыштактары отурукташып калган дыйканчылык менен алектенген калк:

Будай, шалы эгишет, жүзүмдөн шарап, ичкилик жасашат. Кантсе да бир нече жүз чоң шаарлары бар, алар Давандагы шаарларга окшош. Мамлекет бир нече миң чакырымга созулган эң чоң мамлекет болуп саналат...

Көңдөөлөң сызыктар болуп, өгүз терилерине оюп жазышат.

-Кызык !

Терини, жыгачты оюп жазышса деп булар кызык?!

-Ченсянь таң калып, башка мамлекеттерди окууга кириштi: Тяочжи (кичик азия мамлекеттери)

Аньсиден бир нече миң чакырым алыстыкта күн батыш деңизинин жанында жайгашкан. Абасы ыссык, топурагы нымдуу. Көпчүлүгү дыйканчылык менен жумуштанат. Шалы эгишет. Тяочжиде чоң дарыя суу агат.

Гун-сунь окуп болуп шайы оромолдорду ары койду:

-Шенбиндер аягы күн батыш деңиз байларына жетип барганда, өлүк суулар тирик сууга айланат. Ал айткан сөздү У-диге макул кылганча шайы оролгон жазмасын алууга кол узатты.

-Башка күнү-деди У-ди акырын сөздө.

-Жан Цянь бардык көргөн, укkан, билгендерин шайы оромолчуларга жазып түгөткөндө, отуз алты мамлекет жөнүндө маалыматтарга эге болосуз!

-Бешинчи бөлүм-

ЖАКЫНЫ ДА УЗАГЫ ДА КОҢШУ

Тоо этектеп адам өйдө-ылдый дөң адырлар жана ийри буйру жолдор менен кербен кетип жатты. Бир аттуу кербенден ажырап чыкты да коюк токой тарапка жүрдү. Ал атын бир даректын шагына байлап коюп, өзү коюк токойго кирди да жоголду...

Бийик өскөн дөңдүн жамбашында топ-топ болуп өскөн даректардын арасынан төрт бейтааныш адамдар байланган атка карап, жорттуруп келе башташты. Алар токойдогу адамга барышып, оозуна чүпүрөк тагышып ар жака сүйрөштү. Керебен алыстаганда даректардын арасында турган аттарына минип, колго түшкөн адам менен шашылышты.

-Тарт муну Аньин "Тил" алып келдик. Атамандын алдына алып кир! – деди орто бойлуу күчтүү адам колу буту байланган жаш жигитти ээрден түшүрүп.

Качандыр бай соодагердин жүгүн, эми болсо колго түшкөн соодагерлер, кербен башчылары, кызматчылардын колун бутун байлай турган ничке жибек аргамжы түйүндөрүн чечип ташташып, каракчылар туткунду үңкүрдүн тешигинен итерип жибериште.

-Аны кайсыл жерде колго түшүрдүңөр? –деп сурады үңкүр ичиндеги жоон үндүү атаман.

-Кербенчилерден ажырап, токой ичинде даарат алган учурда күлүп жооп берди каракчылардын бири.

Атаман менен анын эки шериги жакын келип, туткунга тигилип карашты.

-Кербен кимдики?

-Кожойунубуз Асман уулунун элчиси.

-Кай жакка кетип бара жатасыңар?

-Дянь-Юэге.

-Куньминден ары жагындагы мамлекетке.

Атаманга Дянь-Юэда, Куньминди да билбеген экен.

-Корукчулар көппү кербенде?

-Жүз чакты адамдар.

-Алып кеткиле муну! Атаман буйрук берди.

Андан соң атаман жанындагылардын бирине-түшүндүрүп.

-Кербендерге кал салбайбыз! Шенбиндер биздин тынчтыгыбызды тытышат.

Кербендин өзүндө дагы корукчулар аз эмес экен!

Атамандын пикирин колдоду дагы бир каракчы.

Бир аз убакыт өткөндөн кийин Аньин оолугуп үңкүргө кирип келди:

-Колго түшкөн жигит окушту, жазышты билет экен.

-Эмне болуптур билсе?

-Эгер аны мага... Жардамчы кылып...

-Мейли деп ыраазы болду Атаман ала бер. Бирок этият бол, качып кетпесин дагы. Аньин тышка шашып чыгып кыйкырды: аны өлтүрбөгүлө! Атаман айтты!

Аньин коркконунан калтырап өзүн жоготкон туткун жигитти чоң өз чатыры жанына алып кетти. Ал жерде Аньин төрт каракчы менен жашай баштады. Бүгүндөн баштап алтынчы адам пайда болду. Түшкө жакын каракчылар токой жылгаларга кирип кетишти. Узактагы кароолдор гана кароол канага келишип, бул

жакка келүүчү жолдорду өтө этият тыкан карап турушат экен. Аньин туткун жигит менен жалгыз калды.

-Эмне сени элчи өзүнө секретар кылып алдыбы?

-Ооба мен башка мамлекеттерде болушту абдан каалоочу элем –деди чамасында Аньинге теңдеш туткун жигит элчиге алысырак тууган. Аньинда өзү тууралу, жол курулушундагы кыйынчылык, Шенмин-дер кылычынан кандай кутулуп калганы, тоолордо жашырынып жүрүп, өзүнө окшош качкындар менен каракчылар арасына келип, аргасыз болгону тууралу айтып берди. Бул жерде Байшандыктар да бар, – деди сөзүнүн акырында.

-Алар эки жыл башта дыйкан болчу. Адал мээнет кылышып, эгин эгишип салык төлөшөт болчу. Эми талоончулук, адам өлтүрүшкө аргасыз болушуптур. Өз үйлөрүнө барышка жүрөктөрү жол бербейт. Тутуп алса өмүр бою кул катары иштетиштен коркушат!

-Каракчылыкка кыйла үйрөнүп калгандырсың?

-Мен талоончулук кылбаймын, адам да өлтүр-бөймүн... Жанымды сактап гана жүрөмүн. Каракчылар колуна шайы оромолчолор түшүп калса, окуп беремин. Эмне тууралу жазылганын, кимге таандык экенин түшүндүрүп беремин, дагы бир ишим Атаманга оокат бышырып беремин. Азыркы жаштар, башка мамлекет-тер туурасында сүйлөштү.

-Мен Куньмин тууралуу укkан элем –деди Аньин, кечээ сенден Дян-юе мамлекети бардыгын да билдим.

-Мен да жакында билдим. Мындан төрт жыл мурун күн батыш тараптан чоң мамлекеттердин чоң элчи кайтып келиптир. Анын аты Жань Цянь экен. Чаньандагылар ошол элчиден Жунгунун түндүк

тарабында, Куньмин тоолору арасында бир чоң мамлекет бардыгын билишиптир. Анын атыны Шен-ду (индустан) дешти. Ошол мамлекеттин адамдары пил минип жүргөнүн айтышыптыр.

Ошондой. Биз ошол мамлекеттерге, Дянь-юе менен Шендуга кетип бараткан элек.

–Эгер арманыбыз болгондо, сага таң калсам бол-мок.

–Жакшы дагы булардын арасында сен бар экенсиң. Болбосо жаным качан эле жер астында жатып калмакмын. Бир апта ичинде бул эки жигит бири-бири менен жакшы ынак болуп калышты. Алар кыялында узак белгисиз мамлекеттерге саякаттап келип турушту. Бир нече күндөн соң каракчылар кароол-канада тынчсызданып калышты. Узактыгы кароол-дордун жандарында кандайдыр бир гумандуу адамдар пайда болду деп кабар кылышты. Алар кароолчулар турган жерди, каракчылар каттоочу сокмо жолдорду аныктап, көрүп, анан жок болуп кетишкендигин бай-кашты. Атаман күн батыш жакка жөнөтүлгөн элчи-лер жүрө турган жол коркунучтарын тактоо максатта ушул тарапка жакын арада адамдар келиши мүмкүн деп күмөндөй башташты.

Каракчылар кароол кананы башка тарапка өзгөр-түш тууралу чечим чыгарышты.

Түндөсү алар тополоңдошуп жаңы жайга көчө башташты. Кечеси караңгычылыкта жамгыр жаай баштады. Аньин атыны жарттуруп барат, анын шериги да келе жатты. Сай боюндагы бурулушка жетишкенде, алар башкалардан бир кыйла аркада калгандарын билип, аттын башын башка жакка бурушту. Таң атарда эки дос Аньин иштеген чоң

жолдон Куньмин тарапка ат сүрүп кетти. Бир аптадан соң алар Асман уулунун элчи кербенине жетип келишти.

Экөөсү тең келип калышкандан элчинин жакын секретары Аньинди ага Байшан кыштагынын аксакалынын уулу катарында тааныштырган бул жигит мени каракчылардан куткарып алды деди.

Улуу элчи деген наамды алган Жан Цянь эшик ага сыйлуулар катары болуп калды. Ага өзү топтон келген маалыматтарды, башка элчилердин алып келген маалыматтарын талдап Асман уулуна кабарлап туруш үчүн Зарыл болгондорун дароо даярдап берүү жагы дайындалды. Жан Цянь эми Асман уулунун элчиси эле эмес, мүмкүн Асман тагынын башкаруучуларынын бирине айландырууга буйрук болду. Гунь-Сунь хан Жан Цянь ага жардам бериш тапшырылган сарай мансапкорлору менен тааныштырды. Ал адам мансапкор-байлардан болуп, өзүмдүк менчик, казынага акча каражаты, сыйлыкка келген каражаттарды көзөмөл кылуу менен көзөмөлдөөчү эле. Ал бир нече түз кендер, жана темир буюмдарды иштеп чыгаруучу ишканалардын ээси Дунго Сянь-Ян болчу.

-Түштүккө жөнөтүш үчүн элчилерди даярдап жагабыз деп калды бир күнү Жан Цянь ошол адамга.

-Биздегидей даракка өсө турган тактабы? Же пас бир жылдык өсө турган пакталуу мамлекетби?

-Ооба Шендуга! Асман уулу ошол мамлекет менен соода жолун ачышты буйруду.

-Асман уулунун ооматты аша берсин мындан дагы тилек кылды Дунго.

Сянь-Ян болчу.

- Соода Асман тагынын күчүнө-күч кошот. Цзи, Хоу, жухоу ата бабадан калган мураскорлор, кошматчылар оокат, аш, ичкиликтен башы ооруган, түшкө чейин укташкан бекерчилер. Жакшы дагы Асман уулу аларды тизелентти. Жетер эми бир убактагы атабабалардын эсебинен жашоо.

Мына эми Асмантагынын издеген жеринде соода кылсаңар болот. Бирок бул да аз! Бизге узак-жакын мамлекеттерге базар ачышыбыз керек!

-Ошону үчүн Шеньдуга жол ачып жатат да!

-Ал мамлекетти ээлесек, керебендерди баарыдан мурда ошол жакка жөнөтө турган элчилер табылып калат.

-Сиздин кербендериңиз эң алдын барат.

-Асман уулунан өтө ыраазыбыз!

-Биринчи бара турган элчилер түзүлүшү үчүн адамдарды тандашыбыз керек!

-Сырдашуу жакындады Жан Цянь аларды бул жерге келтириңиз, масилатташабыз. Айрымдарын мүмкүн Асман уулунун алдына алып киришибизге туура келип калар.

Арадан бир нече аптадан кийин Наньюэ жаңы курулган жолдон Шенбиндер корукчулугунда бирининин артынан бири болуп төрт элчилер сапарга чыгышты. Алар Шу жана Сичуан өлкөлөрүнүн жерлери, тик бийик тоолор аркылуу адам буту тийбеген тоолор аркылуу өтүш керек. Бул кыйын, азаптуу, бирок эң кыска жол. Айрыкча абанын жетишпегендигин айтпа бул жолдо. Цяндар (тибеттиктер) жери аркылуу кербенди жөнөтсө буга ал жердеги жашагандар кандай карашы белгисиз. Түндүк жак менен жүрсө Хундардын колуна түшүп

калуулары мүмкүн! Жань Цянь өзүнүн ачык көргөн тажрыйбасын унутбаган эле. Ушул өлкөнүн тоолорунда сейрек жашаган Хундар да Цяндарды оңой кууп жибериши мүмкүн. Аньинди кабыл кылган элчинин кербени Куньмин аркылуу өтүш керек эле. Өзгөчө бир учурда каравандын жолуну колдоруна жаа кармашкан атчандар тосуп алышты.

-Хуанди?! Хуанди?! – деп кыйкырышты алар жакын келбей.

-Жок Хуанди ал жакта! –деп жооп беришти Хандыктар асманды карап.

Иш башкаруучу элчи аттууларга кызыл шайы матачаларды улаштыргыла деп буйрук кылды.

Жол тосуучулар кайра иштерине кетишти.

Арадан бир күн өткөндөн кийин, түштөнүп олтурган хандыктар үстүнөн жаанын октору жамгырдай жаады. Үч адам өлдү. Шербендер душмандарды каргоого атчандар даярдалды. Бирок элчи аларды токтотту, катуу көзөмөлгө алууну буйруду.

Түндөсү кербенге дагы кол салышты бир нече кишини тутуп кетишти. Шенбиндер кол салгандардан эч кимди кармай алышпады. Ошол кече Аньиндин досу да каза болду.

-Эми сен секратарлык кыласың – деди Аньинге. Элчилик кербендин жүрүш жолу барган сайын кыйындашып бара жатты, Хандыктар Куньминге араң жакындашканда алардын баш кийимдерине үкү пари кийген аттуулар ороп алышты. Аралашып кармашып кетишти. Хундуктар курчоону жарып чыгышты да аркага чегинип,чоң койкана аркасына жашынышты.

Кыштактагы аттулар ар жакта токтоп, кана алгыла деп кыйкырды. Элчи өз адамдарынан үч

кишини алардын максаты эмне экен билгилечи деп буйруду.

Айылдык атчандардын бири кепетесинен алардын башчысы көрүнөт ал келип, Хандыктар тилинде чала-була сүйлөп бакырды.

-Келгиле сүйлөшөбүз! Башчыңар ким?

Силер кайда барасыңар?

-Дань-юэге!

-Жок!

-Шеньдуга!

-Иньдуга?

-Ооба!

-Жок! Аркага! Хуанди!

-Шайы беребиз! Алмаштырабыз!

-Жок! Аркага!

-Шайы бекерге беребиз! Алтын беребиз!

-Жок аркага кайт!

Элчи акыйкаттан Кунмин аркылуу Шеньдуга жол бардыгын түшүндү. Бул уруу кишилери Хань элчисинин кербени бул жер аркылуу өтүштү каалашбаган. Бул жапайылар Чин Ши Хуанди Шенбиндери бул жерге бастырып келгенин унутушпаган, Асман уулунун өзүнү аларга баш ийүүнү каалашпаган.

-Башка айла жок деп өкүндү элчи. Хандыктар аркага кайтууга мажбур болушту. Алар ушул жерлерден өткүчө ал тоолуктар изме-из карап келишти. Башка өтүүчү жолдорунда айылдык аксакалдар баш болуп тосуп ташташкан. Элчилер кербени Чаньанга кайтышты. Үйлөрүнө сүйүнүчтүү барыш максаттары ишке ашбады. Кээ бирлери ар жерде калып, таркап кетишти. Ань-индин да үмүтү үзүлө баштады. Мына Шаньдуну көрдү, эмне байлык арттырды. Эми ал

башыны кайда коюуну билбеди! Ата энеси кайда жүрөт экен. Ал туулган кыштактын аты эмес,чоң атасынын же эне тараптагыларды да билбейт. Билгенде эмне пайда. Ата-энеси өздөрү андан баш тарткан го. Мүмкүн алар өз баштары менен кылган айыптарын ойлоп, ыйлап жүрүшкөндүр? Эми Аньин чоң жигит болуп калды, ата-энесине пайда кылуусу мүмкүн. Бирок кантип? Акчасы болгондого башка сөз. Атасынын бир шапалактай жери бар эле, ага иштеп бериш үчүн жардамчы керектир, же өзү эптеп иштешер бекен?

Ал жер үч кишини бага алар бекен? Ал ата-энеси үчүн жана артыкча жүк болору турган сөз! Айрыкча жан башына төлөөчү салыкчы? Андай салыкка пулду кайдан табышат. Аньин кулдук кандай экендигин, малдай сатылышын, кандай кордук экенин жакшы билет. Барып эле Аяону издеп таап, ага кызмат кылып жүрсөмчү? Ага аны эри кандай дейт?

Ал Аньинге үйүнөн жашоого жай берет бекен?

Аньин каракчылар арасынан качып кеткенине да арман кылды. Каракчылар арасында курсагы ток жашап жаткан эле? Эми ал жакка жол жок. Кайтып барса көрсөтмө үчүн Аньинди дарга асып коюшу турган сөз. Эгер кечиришин аныk билсе Аньин чоң каракчынын бутуна жыгылып баш уруп кечирим суроого даяр эле. Эми чоң каракчы болууга да даяр эле. Каракчылар да жашоо үчүн аргасыздан талоончулук кылышка аргасыз болушат да. Аньин Чань анга кайтып жаткан элчи кербенинин арасынан айласыз ээрчип баратты Каракчылардан алып качкан аты да Куньминдеги тоолуктардын огунан өлгөн. Эмне кылыш керек? Кербен артынан барат да. Алар го өз

үйлөрүнө барышат. Аньинчи кайда барат? Элчиден бир нерсе сураса...

Бирден ал байшандык чалдын сөздөрү эске түштү: "Качкын тоолордо үңкүргө жашырынып жүрбөй көпчүлүк арасында жүргөн артык". Чаньанга бара бериш керек башка жол жок. Шаарга кирүү алдында элчи Аньанга:

-Мени менен бирге жүрө бер. Сени чоң бир соодагерлерге секретар кылып коёмун – деди. Ал элчинин атканасы жанындагы үч күн түнөдү. Төртүнчү күнү эртелеп элчи Аньинди башкаруучу сарайына ээрчитип барды.

Ал Аньинди эшик алды калтырып, өзү чоң, ишканага кирип кетти. Ал абдан Аньинди ишеничтүү мактады.

–Чамамда кыштак аксакалы болгон атасы аны жаштыгынан илимдүү устаз адамдын колуна тапшырган.

Азырынча сиздин кызматыңызда болуп турсун. Кийинчерээк мени башка бир мамлекетке жөнөтө турган болсо, бирге алып кетемин.

–Урматтуу кыштак аксакалы да уулуну илимдүү, сабаттуу кыла алат экенда – деп таң калышты соодагерлер.

–Мейли, кана кирсинчи! Эшик кызматкер Аньинди ичкери кирүүнү белги берди. Жигит астана алдында катып калды: Гилемдер, укмуш боёлгон шайы маталар менен оролгон каанада өзүнүн кожоюну, Аяонун атасы Дунго Сян-ян олтуруптур. Ачуусу келген Дунго оордунан ыргып туруп, колу менен бетине шапалак менен уруш үчүн кулачын жайды да, ачуусун токтотуп, кайта жайына олтурду. Сунгра жылмайып күлүмсүрөдү. Дунго эми адаттагы кул ээлөөчү эмес,

чоң мансапкор эле. Ал бир аз улуу мансапкор Асман тагында өзүн кармай билген, акыл менен иш туткандардын бири эле. Дунго кызматкерге баш шилтегенде, кызматкер тышкары чыгып, эки шенбинди баштап кирди. Аньинди алып кетишти. Эртеси Дунго Сян-ян аны кымбат баалу белектер жана он чакты кул менен бирге казынага тапшырып жиберди. Жунго ар жылы казынага мына ушундай тапшырма аткарып туруучу. Подарка кылган кулдарын көзүнүн четтери не чегип боёп койчу белгиси коюлат. Ошентип Аньин мамлекет эсебине өттү. Гун-сунь Хун элчилеринин кайтып келгендиги жөнүндө У-диге кабар бериштн. Асман уулунун жакшы ниет менен жөнөткөн максаты аткарылбай келгенине жини келбес үчүн этияттап сөз баштады:

-Куньмин кыштактарда тоолук башка жапайы башкаруучусуз жаман элдер болгондуктан алар жол тосушуп, жаман үйрөнгөнү сезилип турат.

-Наньюе менен Миньюэ Асман тагына кошулгандан соң тоолуктар жоош болуп калышат! –деди генебестик менен У-ди - Алардын нар жагындагы мамлекеттер бизге жакын, тоонун ушундай гана аркасында болсо да, азырынча алыстык кылып турушат.

-Бир жагы жакын, бир жагы алыс коңшу! – деди Гун-сунь хан. Ал бул сөзү менен Асман уулунун атайлап пикирин байкоону билгиси келди.

-Элчилеribиз шэндуга азырынча Дася аркылуу каттап турушсун.

-Алтынчы бөлүм-

КҮНДҮН БИР КҮНҮ

Күн батыш мамлекеттери жөнүндө Жан Цянь топтоп келген маалыматтар Асман уулу сарайындагылардын дүнүйө тааануу көз караштарын өзгөртүп жиберди. У-динин өзүнө да анын улуу мансапкорлорго да Лун-си-Цзинь Ченден да пияздуудагы болгон аралык бар канча майда өлкөлөр бардыгы, түндүк тарапта Усун, Кангюй, Даван, чоң төөчү, аландар жайлашкандыгы белгилүү болду. Чаньандын жогору жагында пияздүү тоолорунун арка жагында болсо, Таш дарбазанын ылдый жагында Авгандар, Дася, Аньин, Төөчү жана башка жерлер жамбаштап жатат. Куньминден ар жагын да Шенду жайлашкан. Бул мамлекеттерде ар түрдүү тилдерде сүйлөшө турган калктар жашашат. Алардын бир кыйласы бири-биринин тилдерин түшүнүшөт.

Үрп-адаттары бир аз бири-биринен башкачарак. Алар өз ара ынтымак, кээ убакта, нааразычылык да болуп туруучу. Илгертен урушуп да калчу экен.

Ал өлкөлөрдүн аркасында алтын, күмүш, жакут, аргымактар, пилдер, топоздор, тотукуш, бөдөнө, жаңгак токойлор. Буга окшогондор Асман тагында жок, болсо да, абдан аз же башкача. Демек дүнүйө бир гана Жунго, Хундар жеринен, тоолорундагы түштүк кеңдигинде деңиздерге барып кошула турган кыйынчылык жок.

Дүнүйөнүн байлыктын көпчүлүк жагы ошол жакта. Бир жагы биздин Асман тагына кошулбай калганы өкүнүчтүү. Күн чыгышта илгери Чин Ши Хуандинин кол астында болгон. Наньюэ менен Миньюэ бир-эки жыл ичинде Асман уулу тарабына өтөт, буга талаш жок. Демек дүнүйө байлыкты ээлешке арзый турган бөлүгүнүн батыш тарапта. Чоң-кичинеби кандайлыгы бир катар белгилүү болду. Алардан тышкары башка да калктар барбы?

Байлыктары, күч кубаттары кандай эмнеден пайдаланышат, алардын согуш куралдары, жаачылары көпбү? Же азбы? Бул тууралу Асман Уулунун башкаруучуларында эч кандай маалымат жок. Асман уулу анын арканы, дөөлөтү эч качан бийлик жөнүндө баратканда, аны көбөйтүш үчүн, кеңейткенде кандай, аны кеңейтүү жолуна ынтылышкан.

Хан тукумунун алтынчы императору Люче жана у-ди бешинчи бүгүн бабаларынын тукумдарынын башчысы болгон Любандын Хундар менен болгон келишиминде карындаш-урук болуп ынтымак жашоо келишимин унутуп койгон болчу. Анда бир канча убакытка чейин хан айымдарынын кыздарынан Хундардын баш көтөргөн жигиттерине кыздарын аялдыкка алууга уруксат берилген. Бул карындаш урук болуп тынчтыкта жашоонун белгиси катары. Хан тукумдары өздөрүн тынч жашоосуна себепкер болуш үчүн кыздарын Хундарга тойлошуп берип турушкан.

Хандардын экинчи максаты карындаш урук болуп урушбай бир топ жыл дем алуу менен куралдануунуга аракет кылышкан жана кыздары аркылуу Хундар кандай курал-жарак менен камданышып жатканын кабарлашып турушкан.

Ал кезде Хундар жезден баш кийим, ок өтбөс калың токулган жез соотторду, тизелерине да атайын калың-жеңил тосмолорду орошкон. Курч болот, темирден айбалта, кылыч, канжар кемерге тагылган ар кыл жаа окторун желкеге көтөрүп алышкан, бойлору узун, өтө кубатту өткүр согуш жоокерлери болгон. Согушка жигиттер гана эмес кыздарда соот кийишип, эркектер катары согушка катышкан. Аттарына да ок өтбөс соот жаптыра башташкан! Жеңил куралданган шенбиндерди бөлүп, жүздүктөр, миңдиктерге бириктирди.

Илгертен Чин, Сунг хан кошуналарынын негизги пайдаланып жүргөн жөө жүрүүчү жоокерлерди көзгө атар камалак менен куралданды. Өзү атарды октош үчүн жоокер чалкадан жатып, буту менен темирди тарактатат. Керек болгон учурда гана мелжеп туруп атчу орнотулган. Камалакти иштетбей турган мезгилде бөлөк-бөлөк кылып бекитип коюшчу. Өзү атардын огу калканды да соотту да тешип кетчү. Бул жаңы курал кудалашкан Хундардан көрсөтпөй сыр сакташчу. Жань Цяндын сапардан келишинен бир жыл башта куралданган хан коңшулары сынаб көрдү:

Хундар согуш күчүн түндүккө чыгарылып, Губи кумдуу тегиздикке башталгыч коргонуучу согуштук курулушту бекемдеди. Арадан үч-төрт жыл өткөндө Хундарга каршы жаңы чечкиндүү Жан Цянды элчиликтен башкаруучу бийлик тарапка которулду. Асман уулу аны орто даражадагы башкаруу бийлигине которуп түндүккө жиберилди. Жан Цянь суу жолдорун жакшы билгендиктен коңшулар жеңил гана алга жылышты. Ошол убакта Хундарга каршы атактуу команда башчысы Хо-цой-бин кошундары менен чечкиндүү атака башталды. Согуш натыйжасында

Хундар катуу кысымчылыкка дуушар болуп, түндүккө карай чегиништи. Бул жүрүштөгү кызматы үчүн Жан Цянь чечкиндүү жетекчи катарына өттү. Кийинки жылы чечкиндүүдөн да жогорку наамдарга дайындалып, командир Ли Гуан-Ли менен бирге Юбэйпиндеп Хундарга каршы чыкты. Ли Гуан-ли менен Жан Цянь эки тараптан келип Хундарды курчап алыш керек эле. Жан Цянь кошуну жолдо буттарын чылбыр менен байланган ат ошондой эле жерден башын чыгарып көмүлгөн өгүз жана кой-лорду көрдү. Демек Хун шамандар ырым-жырым менен балакетке учураткан. Бул балакеттен өзүлөрүн сакташ үчүн башка жолго кайтып, Жан Цянь башка жолго бурулгандын натыйжасында белгиленген жайга кечигип келди. Ошо себептен Ли Гуан-ли жоо-керлери менен Хинчан тоо этектеринде Хундар курчоого алышты. Асман уулу катуу капаланды. Хандын аскерлеринин көпчүлүгү өлүмгө дуушар болду. Жан Цянь да жоокерлеринен ажырап, өздөрү арап кутулуп калышты. Асман Уулу өзү такка олтургандан бери, мүмкүн биринчи жолу улуу башкаруучулардан катуу жазага тартуу өкүмү болсо керек. У-ди кишенденген Жань Цянды ордого алып келүүнү буйруду да андан эч нерсе сурабастан өкүмдү аткарууга өкүмдү угузду. Бул катыны тараптагыларга сатылганы үчүн башы алынып Асман тагынан чыгарылып таштalсын. Денеси өзү Даванда, Самаркандта куруп, иттерге берилсин. У-ди Жан Цяньды бирге жүргөн тагдырлаш кыйла кесиптеш болуп калган, аны ар дайым жогоркуу жумуштарга которгондо кандай акырын жоопкерчилик менен сөз кошкон болсо, азыр өкүмдү угузганда да ошондой токтоолукта эч нерсени

сезбегендей акырын сүйлөдү. Жаңы Буши баш алуучуну чакырууга даярданды.

-Баш кесериң бир аз туруп турсун! – деди Жан Цянь акырын үн менен. Ал үңүрөйүп У-диге анын жүзүнө биринчи жолу тике караса керек. Чен Сян чочуп кетти. Ал өлүм алдында Жан Цянь бир жагымсыз сөз сүйлөп коёбу деп чочулады. Бирок Жан Цянь да Асман Уулу эч качан өз сөзүнөн кайтбаган, айрыкча өкүм чыгарышты бекерден болбогонун өзү билет болчу.

Демек Жан Цянь тараптан ката кетирилди. Өлө турган өгүз балтадан кайтбас!

-Бир ооз сөзүм бар, кийин мейли.

-Сүйлө.

-Мен өлүмдөн коркпоймун. Азыркысы менен ажал жыйырма биринчи жолу алкымга алышы!

Асман уулунун өкүмү менен өлүш мен үчүн кубаныч!

Жакшы дагы колго түшүп ордо чирип өлгүчө, – иттерге жем болгуча, тоо бүркүтүнө жем болбодум.

-Бул бизге белгилүү!

-Айтар сөзүм башка. Дүнүйөнү кыдырып жүрүп соодагерлерден Аньисиден кийин Тяочжиданда башка ар жагында Рим империясы бардыгын укkан элем. Келгенден бери укkан маалыматты аныктап, тактап анык чечимге келдим. Рим абдан чоң мамлекет. Атлантика деңизинин жээгиндеги жерлерди да жакшы пайдалана турган мүмкүндүк бар, кемелер үч ай жүрө турган орто деңизди мамлекет узакка жүрүүчү жолдо көлгө айландырып коё жаздаган болушу керек. Жан сөздү бүтүрүүгө өттү. Ли цзяндын

Европа жагы Аньсинин күн батышка дээрлик ыңгайлуу дешет.

Лицязн өкүмдөрүнүн максаты Аньсиге чейинки жерди колго алыш максат болсо керек. Аларда чыныгы окшош адамдар. Бирок алар бизге караганда бойлуу ошол себептен Лицязнды Дачин деседа болот. Чин менен Дачин эки бөлөк мамлекет.

Жан Цянь жутунуп сүйлөөнү токтотту. Бул Ши айран болду. Бу сүйлөшүү элчи менен болуп жатканы эмне менен бүтүшү белгисиз.

- Дачин жана сүйлөй баштады Жан Цянь –күн батыш тараптан күн чыгышка сарык сылжып келүүдө, өз жолундагы бир топ майда жана чоңураак өлкөлөрдү баш ийдирүүдө.

-Биз күн чыгыш тараптабыз, алар күн батышта.

Демек Чиндин Дачинге чейинки болгон аралык күндүн бир күндүк жолу! – деп жиберди У-ди.Мындай абалды бул Ши биринчи жолу көрүшү эле. Адатынча Асман Уулу бирөө сүйлөп жатканда толук кулак салбайт болчу. Ар кандай сөздү да кенебестик менен угуп коючу, эч нерсе кызыктырбачу аны. Жан Цяньга өзүнүн Асман Уулу даражасында пикирлешке дагы бир ишенич пайда болду, ал бир кыйла дадилданып калды да кайра улантты. Күн батышка дагы көп маани бербегениңиз жакшы! Сүйлөшсөк, Дачин Аньсини да колго алышы мүмкүн! Ал убакта алар менен келишип, эки жактан бара бермек жол болот бир мезгилде. Ошондо гана ошол аралыктагы өлкөлөр өздөрүнчө бытырайт. Күндүн бир күндүк жолунда көпүрө Чинга болушу шарт! Чин жибеги Дачинге жана Лицзянга чейин бара турган узун жолдун көп бөлүгү биздин колдо болууга шарт түзүлөт!

Такта олтурган У-ди анын жанында кол куушуруп турган Бу Ши, колдоруна кишен салынган Жан Цянь үчөөлөп Хань кытайы менен Империяга айлана баштаган тартылууга дүңүйөнү алып, Узун жибек жолун хандар элдин кызыкчылыгына бурдурмак, дүңүйөгө кытайдын максатын жеткирип, тынчытмак. Пикирлештердин азыркы айырмасы да максаттары да кечегиден таттуу ойлору бир сары тыйынга да арзыбай калды.

Күтүлбөгөн адаттан тышкары “баш элчи башта билдирген маалыматтан чоң тыянак чыгарган эле. Бул тыянак коркунучтуу өлүмгө тукуруу таасири менен күтүлбөгөн кырсык болобу же кыйтыр же жөнөкөй ортомчу ар кандай кокустукка сактап келе жаткандыр мунуң. Туурусун айтканда, Жан Цянь эч качан “пүпүсасык” деген даражага түшүп калбас, үчүн дайыма зарык чара көрүп койчу. Жан Цяндын бул кылган чарасы албетте У-дини жумшатты. Бирок Асман уулу бир жумшашы мүмкүн эмес! У-ди Жан Цянды чоң жолбашчылыкта кылган айыбын билсе да, анын этиятыгына дагы бир жолу таң калды.

“Демек Жан Цянды улуу Саркарбашы кылып дайындоо туура болбогон, аны кеңешчи катары пайдаланышка болот” Бирок бул кетирилген айыпты тан албайбыз.

Асман уулу да катаа кетиребиси эч качанда?! Балким улуу атактуу Саркарбашыны жазалаш керектир? Эч кажаты жок!

Анда эмне кылса туура болмок? Ойлоп көрүш керек! Жан Цянь өз катасын Ли Гуан-ли кошунусу менен жолугуша турган жайга кечигип баргандын себебин да дээрлик Асман Уулу толук түшүнгөн болчу. Анын

оюунча “демек бул кетирилген гүнөөкөрүнүн жарымы Асман уулунун өзү да” деген пикир пайда болот.

Жан Цянь Асман Уулу катарында пикир алышка үзүл-кесил ишенимдүү болду. Пикирлеш, өзүн кармай билиш, туруктуулук бул жагынан абдан окшош бул эки туруктуу-Хан империясынын атактуу башчылары азыр бетме-бет олтурушат. Алар ортолуктагы билинген келүүчү ортомчуларды да түшүнүп калышкан. Бирок бири коркконунан, экинчиси, башка бирөө белгилүү адам болушуна согуштун себебинен болсо да теңдешкенине кабыл албастыгына ачык айтылбайт болчу.

У-ди ордунан турду да, унчукбай жанындагы бөлмөгө кирип кетти. Бу Ши бир аз ойдолоп туруп, Жан Цянга кайрылды:

– Сарайдагы жатаканадан эч жакка чыкбаң! Бу Ши азыр Асман уулу өз өкүмүн кайтарбастыгын жакшы билет болчу, ушул кезде Жань Цяньды өлтүрүш максатынан кайтышты. Демек азыр туура чечим чыгарыш, Ченсяндын, жана башка жан жөөкөрлөрүнүн иши! Эгер кийин У-динин ойу өзгөрсө, бардык айып Бу шинин башына жүктөлөт, эгер азыркыдай калса, Асман Уулу анда кубанычтуу болот. Мындай жоопкерчиликти өз убагында, таза түшүнгөн киши гана Ченсян алышы мүмкүн.

Арадан бир канча ай убакыт өттү. Илгери 121-122-жылдар арасында какыраган кыш башталды. Хундардан тартып алган түндүктөгү жайлаштырган Шенбиндер суукка чыдабастан, жем чөптөрү түгөнүп, аттардын кырылганы тууралу үстөмө-үстөк кабар келе баштады.

Кабарлардын биринде кандайдыр тартипсиздик жөнүндө “жакшы дагы Хундар кол салышбай жатышат, алардын бир гана жүздүк жоокери биздин миңдик жоокерлерибизди тыркыратып жибере алат-деп зарлап кайрылып жатты, Асман уулу бул кабарга оорчунду ойго келди.

Чилде чыгып, токсон башталгандын бир күнү шашылыш боло турган мамлекет кеңешин өткөрүшкө чечим чыгарды. Вейянгун сарайына катар-катар мансапкор жетекчилер топтоло баштады: дайындуу элчилерди башкаруу мекемесинин башчысы, кеңешчилердин башчысы, командир башчысы, өлкөдөгү княздар жана бир канча башка баш көтөргөн жетекчилер келишти.

Кеңешке келгендер арасында Хундардын азабын берген “Вейцин, хо Цюй-бин Шеньду эрежесин иштеп чыккан ишмер жаңы амалдардан Кун Цзинь, Дунго Сянь-янда бар болчу.

Кеңештин максатын Бу Ши толук түшүндүрүп айтты. Кеңеште Асман тагынн тартып чек арасында Хундар бир кыйла нары сүрүп чыгарылганы белгиленди. Азыркы мезгилде түндүк климатынын кескин өзгөрүп бара жатканы тууралу эки нерсе себеп болгондугун көрсөттү: биринчиден какыраган суукта чарба киргизилгени, бүтүн топоздорду кар тээп жегени тууралу Юечжилер да бул өлкө түндүк Хундар менен талашып олтурбай, Кангюйдин нары жагына, Гуйшуй дарыясынын жээгине көчүп кеткени же кайта келиштен баш тартышты. Экинчиден бүтүн кыш ичи Хундар жанындагы шенбиндерден келген кабарлар аркылуу чек ара тарап катуу суук болушундагы күздө эле билишкен.

Ал жактан келген дайынсыз кабар тууралу сөз да кылышбады. Чоң маанилүү кеңешке дайынсыз кишилер келип калгандыктан ортодо ар кыл сөз таркап кетпесин деп сөзгө алынбады. Бу алардын аттары жана күлүк аттар шенбиндер менен Хундардын узак түндүктөгү чөлдөрдө тобакел кылыш кудайдан эле. Күн батыш Хундардын күчтүүлүгү тууралу да сөз ачылбады. Себеби аны кабыл алыш Хундардын дүхун көтөрүш менен чыкынчы Жан Цянь утулганын эске алыш акыйкат согуш уюштурушта жетекчилик кылуучу адис катары өзүн актай албады. Түндүк кычыраган суук. Бизге климаты мээлүн түштүк жак керек! деп кеңеш ишине жакын сүйлөду Бу-Ши-сюнну түштүктөн дайыма кол-кабыш алып турушат. Алардын оң колун кыркып ташташ керек! -У-динин маанилүү бир нече сөзүндө Хан империясынын узак жылдарга көздөлгөн саясаттынын максаты белгиленген болчу.

-Ишти Лунсиндин түштүктө жайгашкан майда өлкөлөр уулунун алтындай пикирине түшүндүрмө берди Бу Ши Ал түштүккө жүрүш кылуу жөнүндө ачыктан-ачык айкын айтылды, бирок алар так талашып, өздөрүнүн түштүк аймактары менен душмандашып калган мезгилинин тынчышыны көздөп калганын көздөштү.

Көп өтбөй кеңештин чечимин колдоно баштады. Жаз айдын акырында Хонюй-бин коңшулары Шафон шаары жандарында Линжун яссы тоолорундагы бийик дубалдардан өтүп Хундарга катуу каршылык кылдык Хундар Тянь-Шань тоолорду бойлоп асты жагын алды.

Натыйжада Хундар өздөрүнүн биргелешкен – тибеттик колдоочулардан ажырап калды хандар Тянь-Шань жана Хонгай тоолору арасындагы тегиздикке сүрүлүп кириштн. Хундардын оң кол арасында иштеген туура түшүнгөн, эң бышык ишке киришип кетишти. Жан Цянь сапардан кайтып жатып, Хундар туткуну болгон жылы Шаньюй бошотуунун натыйжасында Шаркий жана Гарбий Хун аймактарынын так талашып өз ара урушуудан пайдаланып, Хандар Хундарды өз жеринен кууп чыгарган болчу. Мындай шартта түштүк Хундар, түндүк Хундарга жардамдашбагандын себеби түндүк Хундардын алсызданышын күтүшкөн. Аларды башка жака көчүрүштү. Эми ошондой кылып Хандар төөчүлөрдүн жерин да колго алышты.

Жанубий тоолорунан тартып туз көлгө чейин жерлерде Хундардын кадамы киргизилбей калды.

Арадан бир жыл өтүп, Вейцин кошуналары Хонгай тоолору жанындагы кумдукка Шаньюйдун өзүн да балакетке учуратты. Хундардан бир нече миңдеген киши туткунга түштү. Алар дагы түндүк жакка чегиништи Хундардын оң колун кыркып ташташ керек деген саясаты башталгыч үч жылдын ичиндеги согуштун натыйжасында Хундар ата журтарынан тышкары, кадимки өз таасири менен кармап турган соода сатык аракеттери жана кол өнөрчүлүктөн түшкөн байлыктардан да ажырап калышты. Лунсиден тартып түздүктөрдөн турган аралыкты Хундардан тазалаш бул жердеги баш көтөргөн чыр адамдарды бутуна кишен салып, алыс жактарга көчүрүп жибериштн.

Ызы-тызы талоончулуктан бир жүз жыйырма биринчи жылдан кийин өзүнө келтирбей Цзинь Чинден күн батышка коргонуу дубалы уланта башталды. (Улуу кытай коргону дубалы деп айтылат).

Тазаланган күн батыш тарапган сактаныш үчүн Юйминь Гуань түштүктү сакташ үчүн али даяр эмес Янгуань коргонуу крепосту курулду. Бул али жетерлик эмес эле. Кийин күн чыгыштын бир күндүк жолунан бир аз бөлүгүнө Асман тагына кошуп алынган эле. Шенбиндер байрагына тартылган сары ажыдаардын табити эми гана ачыла баштаган болчу!

-Жетинчи бөлүм-

УЗУН ДУБАЛ КӨЛӨКӨСҮНДӨГҮ СЫРДАШУУ

Үч төрт күндөн бери оокат тойумдуубу, эмне бале, башчылардын шакыйлары тутуп калдыбы деймин? Сюннулардын арам өлгөн аттарынын этинен бышырып жатышты бекен?

Же көзөмөлчүлөрдүн жегенден калган сөөктөрүн казанга салып келдиңби? Бир жигит колундагы бошогон сапал табакты бычылган ашпозго кайтарып туруп.

–Бекер эт табылып калды, тиги адырдын арасында таш бакаларды чынжырлангандар көрбөй калгандары бар бекен. Ар күнү төрт бешөөсүн тутуп келип, тазалап казанга салып жатабыз. Унчукбай жей-бериңиздер.

– Коркпо менден Сяо тан! Бизди өз атыбыз менен айта бер эмне кыласың “жарабастар” дейбер. Чыныгы жарабас ахвалга түшүп калган, катыныңды да коркбой жаныбызга алып келсең болот.

Канча жарабаган ишти кылсаңар да катыным силерге ташбака тергени кеткен!

– Байталдын кысырын бизге атып, куйрук жагын көзөмөлчүлөргө берет имиш го!

– Оозуңа карап сүйлө! Катыным сенден жийиркенгенден бетер көзөмөлчүлөрдөн да жийиркенет.

Дуньхуанга жетейин деп калган чаң баскан дубал курулушунда иштеткени үчүн жакыныраак келтирилген “Жарабастар” деп шылдыңдаган кембагалдар

ашпоз менен жигит ортосундагы бул сүйлөшүүгө кызыгып, жана таң калып, аларга ашпоздун кимдиги, эмнеге бул жерге катыны менен жашашка эч кимге белгисиз эле. Курулушта эки үч жылдан бери иштеген "Жарабастар" да анын себебин билишбесе да алардын алы кургандыгы үчүн мындай барды-келди сөздөр кулагына укпусу келишбейт Сяо тан дагы таза жаланган кеселерди бошогон чакаларга салды да колуна алып коргон жака жөнөдү.

Көзөмөлчүлөрдүн тилдеши жана узун камчыны абада шуулдатышы түштөнүү убагы бүткөнүн билдиргени болчу. Баардыгы жумушка жабышты. Болбосо иштей албаганды узун камчы менен башы көзүнө карабай сабаш сөз эмес эле. Ар бир инсан-адам ар кандай нерсени баалай алат Чангчен-узун дубал курулушундагы мээнет азабы канчалык оор болбосун, бул курулуштун кандайдыр бир ашыкчалыгы бардай туюлчу. Азыраак жеңил айыпкерлер менен бир катарда өлүм жазасына тартылуучу түнү (эркек кул, мамлекеттик кул) га айландырып, тирик калтырылган "жарабастар" да бул жерге келтирилгенден кийин дарылануууга чыккандай сезишет эле.

Алар жер төлөлөрдө жашап, ушул ортодо кароосуз жүрө алышчу. Кээ бирлери гувалактан өздөрүнө үй жасап алышкан; алар кул аялдарга үйлөнүп, бир аз эркин эгин эгип алууга укугу бар болчу. Туткун Хундар, кичи төөчүлөр, көп жылдык соттолгондор узун дубалдын көлөкөсүндө бир аз үргүлдөп кеткенин эсептебегенде алар укташ дегенди билбеген. Каттык кыш суугунда гана же катуу жамгырда жер төлөлөргө кирүү мүмкүн эмес эле. Курулуш күнү, түнү дебей бирдей шартта жумушта болушат. Байкуш

"жарабастар" чет элдик айыпкерлерге караганда дагы бир жеңилдикке ээ болчу.
Алар нообат менен иштешет эле.

Көзөмөлчүлөр ага маани беришпейт алар бири биринин тамагын зордоп ичсе да киришбейт.
Көзөмөлчүлөр жалаң иш убактысында гана катуу карашчу.

"Жарабастар" качса дагы көңүл бурбай коюшчу. Алар качышты да билишбейт. Ким качса чоң жолдон четтеп кумдуу чөлдөр менен жүрүш керек. Чоң жолдун бойлорунда сакчылар толо.
Качкан адам оокатсыз ачка, дарманы жок алсыз.
Кайда бара алат? Жазда жызыраган ыссыкта суусуз ачка адамга аргасыз өлүм, суук-уруш дагы өлүм.

Андан жакшысы иштеп-иштеп өлгөн артык. Жаңы келген күч кубаттуу жаш "жарабастар" башта бир аз шоктук кылып жүрүшөт да кийин жоошуп момун болуп калышат. Алар көп өтпөй күч кубаттын керектигин түшүнүп калышат.

Көпчүлүк кыйла башта жумушка катышып калса да, бир жумушчу көзөмөлчүлөрдүн бири келип, аны буту менен түрттү. Ал ташка жөлөнүп олтурган жайынан оодарылып жыгылды. Ал катуу тепкенге да тоготбоду.

-Өлгөн окшойт! Бакырды көзөмөлчү ар жакта турган башчысына карап.

-Дубалдын ичине ыргытып жибер! Өзүн ооруга окшоткон айлакерге көргөзмө болот!- кыйкырды баш көзөмөлчү. Эки көзөмөлчү эки колу бутунан кармап сүдүрөшүп жатканда, бул ишти "Жарабастардын өздөрү көтөрүшүп дубал жакка таштасын деп буй-

руду бош көзөмөлчү иштеп жаткандардын арасы-нан сен бар, дешип калышты.

-Ким жакшыраак болсо барсын!

-Кана келиңиздер, таштасак, таштапбыз да, өлгөн окшойт.

-Өлгөнү аныкыбы?

-Жок өлбөгөн. Бечаранын туталак оорусу бар.

-Кандай оору? Алдан тайып, кыймылдабай калганда. Түштө да иштей албай көзөмөлчүлөрдөн бекинип жүргөн эле.

-Таштап жибериш керек. Баары бир иштей албайт.

-Артыкча жүк болбосун дагы.

-Туура! Оокатты канча адам иштегендерге карап беришет да.

-Абдан таш боор болуп кеттикби? Өз шеригибизди ыргытып жиберебизби? Көзөмөлчүлөрдүн өздөрү кыла берсин канкорлукту.

Биздин кантип колубуз барат?

-Кудайда бизди жазалайт тирик адамды өлдү деп ыргытсак.

Ар биребиз ушундай акыбалга түшүшүбүз мүмкүн. Бул дүйнө, кайтуучу да дүнүйө мен менсиген өтө күчөгөн убакыт эле, кандайдыр иш башкаруучу пайда болуп калды. Анын көрсөтмөсүнө ылайык эки көзөмөлчү оорулуу адамды колу-бутунан кармап, көтөрүп келди да, тыбыратып туруп, дубалдын үстүндөгү толо элек бош жакка ыргытты. Заар кыйкырык угулду. Көп өтбөй баягы бош жай таш шагыл, топурак менен толтурулду. Бул жайда кабырда адамдын тебелендисинде. Курулуп жаткан дубалдын арасындагы боштуктарды, таш, шагыл, топурак жана

адам өлүгү да кошо көмүлүп толтурулчу. Иш башкаруучу узап кеткенден кийин көзөмөлчүлөр тиштерин кычыратып, куруучулардын башына камчы ура башташты. Эгерде иш башчысы келип кетпегенде силерден да тил албаганыңардан үч-төртөөңөр да ага кошулуп дубал боштугуна көмүлөт болчусуңар.

Дубал боштугу баарыңарга жетет.

-Курулушка дагы канча адам керек. Ошон үчүн башчы бизди аяды-деди кеңсе адам.

Акыйкаттан да бир нече күндөн кийин ички Жунгудан жазага өкүм чыгарган жүздөгөн жаңы адамдар келе баштады.

Алардын сөздөрүнө караганда, бул келгендер болбогон эле айыптар үчүн эле, өлүм жазасына чыккандарында бул курулушка өзгөртүп, алып келинген экен. Жаңы келгендер үчүн катар-катар жертөлөлөр казыла башталды. Даярданышка караганда быйыл кыш оор болушуна карабастан кышынжайын жумушту токтотбостон иштетиш режимин киргизген.

Жаңы келгендердин арасында бир эки чеченсинген мамаданы адамдардын сөзүнө караганда, бул курулушка дагы кошумча адамдар башка жактай алынат деген суроолоруна караганда Асман уулу жылмаюу менен уруштан алынат деп кыска жооп кайтарган имиш. Согушта аркы түндүккө чегинген Хунндардын аркасынан куып барып, алып келиш үчүн, жоокерлерди чогултуп, жөнөтүлөт имиш. Бул мишмиш сөздүн туура болушу дагы жер төлөөлөрдү каздырып жатышат. Арадан көп өтбөй топ-топ болгон Хунндарды алып келди. Курулушта адам көбөйгөн

үчүн ашпозчу менен анын аялы үй оокат бышырып бере турган адам саны да эки эсе көбөйдү.

Аларга дубал ишине жараксыз болгон бир картаң кишини жардамчы кылып берди. Жер очок жанында оокат бышырып жаткан кезде карыя Сяотан арманын айтып жатты: мен узак Ляо шаары (Кореядагы орто аралдагы шаары) нан болом. Бала-чакам эгерде тирик болсо ошол жакта. Аларды көрүүдөн алда-качан үзгөнмүн. Он жылдан бери күн көрбөдүм.

-Илгери үйүңүз, жериңиз бар беле?

-Ооба бар эле. Бир жыл ооруп калып, карызга баттым.

Жеримди орток болуп, шериктерим эгишти.

Карызды экинчи жылы кутулам деп чирендим, болбоду.

Үчүнчү жылы карызым эки эсеге өстү. Карызыма ал келип дагы карызын менден сурады. Мен таң калдым. Ал бамбук тактачасында колумдун изин көрсөттү. Акырында жеримдин жарымын да тартып алды. Менин үй жайым башкаларга караганда жакшыраак эле кыштагыбызда мен эң жакшы кыш уруучу уста элем.

Кыйын абалда калдым. Эгер сүткор жерим менен үйүмдү алса кандай жашоо болот деп, мага көрсөткөн бамбук тактайчаны акырын барып уурдап жоготоюн деп, үйүнө киргенимде мени кармап алып ууру деп айыптап, дубал курулушуна жибериштн. Он жыл бою иштеп жүрүп ушул жерге келдим. Хандар арасында менден башка эч ким бул курулушту баштан аяк көрбөсө керек.

Билесиңби, мен абдан көп билимдүү, эсепчи, адамдар, амалдуулар менен сүйлөштүм, көп нерсе

көрдүм, көп нерсе уктум- деп чал отунду ичкерип жатып. Эски буйрук боюнча он миң километр курулат дешчү, жаңы чечим боюнча төрт миң чакырым болуш керек дешет! – Ушунча узун дүнүйөнүн жарымын тосуп алуу үчүн курушат экен да. Жакшы да менде бала жок. Эгер болсо балдарыбыздын өмүрү да бул курулушта өтмөк.

Бирок билимдүү адамдардын айтышы боюнча, илгери мындай чоң курулуш болгон эмес. Кааласаң бир баштан айтып беришим мүмкүн.

-Мейли башта казандарга суу толтуруп коеюн. Карыя узакка кургаган чырпыктарды таштаган экен улууланган жалынды азайтып, көсө менен түрткүлөп жатты. Узун дубалы курулушунун тарыхын өзү укканы боюнча айтып берди. Анын узундан-узун маалыматтарынан кыскача мазмуну ушундай деди. Узун дубал башта кадимки Янь, Чжао жана Цинь падышаларынын түндүк чек арасына курулган узун-дубалдардан болгон. Биздин эрадан баштап 290-300 чү жылдарда. Чин империясы пайда болгондон баштап, бул узун дубалдарды бириктирип узарта баштаган. Чин Ши Хуанди бул ишке коңшулардан үч жүз миң адамды жиберген. Бул аздык кыла баштаганда жана жүз миңдеген номерлүү адамдарды жиберип турган. Бардыгы болуп беш алты миң толук бир армияга тең адамдар иштеген.

Дубал курулушу он жылдап күнү-түнү токтобой иштешкен. Ишке жөнөтүлгөндүн көптөрү ач- жылаңач акыбалда оор жумуш азабынан кырылып өлүп жаткан. Каза болгондорду дубалдын арасына боштукка таштап, үстүнө топурак, шагыл таштап толтуруп турушкан. Бул көрсөтмө фигура эмес, жашоо эмес өлүм

жазасы, өткөн кылымдардагы мээнеткеч чынжырда байланып өлүшкөн адамдар үчүн фигура көтөрө барган. Дубалдын бийиктиги алты адам бою, эни он аттуу адам жеңил катар бастырып кете ала турган курулган. Ар бир жүз- жүз элүү кадамда жаа менен ок атуучу мунарачылар курулган. Дубалдын үстүнөн башка, тыштан келүүчүлөргө учтуу ара тиштүү таштар, акоптор, ок атуучу складтар, орнотулган. Дубалдын бир топ жерлерине катуу корулоочу дарбазалар орнотулган. Бул дубал Хунндардан сактаныш үчүн деген менен, негизи дубалдын паанасында толук даярданып алып, Хундарга каршы согуштү күчтөндүрүү менен аларды кырып, кайтарда алардан жашырыныш, өч алыш үчүн пайдаланылган.

Карыя чалдын сөзүн тыңшап олтурган Сяо Тан акыры:

- Сөзүңүзгө караганда, Чин Ши дагы азыркы Асман ушундай эле бийлик аткарган экен- да!

-Секин! Шаңкылдаба! Азыркы Асман уулу Чин Ши Хуандиден үйрөнсө керек!

Сүйлөшкөндөрдүн сөздөрүндө жан бар эле. Хан тукумунан болгон Асман уулу Аю Че дагы ушул узун дубалды Хундардан тартып алган жаңы жерлерди түндүк жагын бойлоп, күн батышка каратып буйруган эле. Чангчендин бул чечими да Хундардан жана башка кошуна өлкөлөрдөн алынган баштагы замандагы чынжырланган адамдар сөөктөрүнүн үстүнө куулуп барышкан эле. Бирок кошумча созулган узун дубалдын максаты да артыкча эле. Эми Хундарды өз ата журттунан толук тазалап кууп чыгыш, андан дагы аты жөнү дайынсыз майда калктарды да баш ийдирип, көз каранды жана өздөрүнө жардам берип, чек араны карап туруш үчүн пайдаланууга болжошкон. Аларга

тынчтык орноду. Ар ким өз ою менен болуп, үнсүз олтурушат. Кексе чал отту ичкерип жатып Сяо Танга акырын назар салды бирок жашын аныктай албады.Бирок азыр бычылган жүзү да Сяо Тандык качандыр бир абдан сулуу жигит экендигин эч айталбас эле. Анын бойлуу келишкен мүчөлөрү, баркыраган көзү, куш мурун, кара-каш жигит тууралуу адамдар арасында макталган ушак угат болчусуң.

-Кана иним өзүң тууралуу да айтып берчи?! – деди кексе аксакал.

-Азыр айтып беремин! Бирок бир аз ичкериге кирип чыгайын. Көз карашынан Сяо Тан аялына бир нерсе айтып чыкты окшойт, аялдын казан башынан кадамы токтолду, чоң жер төлөдөн чыкпай да койду. Мен он эки жашка киргенимде,– өз башына түшкөн окуя тууралуу берилип сүйлөй баштады Сяо Тан, – атам сизге окшогон карызга батып калып,мени башкаруучуга кул кылып берди.

-Эх карызы курсун! - деди бүтүн боюу калтырап, бардык Хандар кулга айланабыз окшойт карыздын жаман айынан! Ата-энемдин эрке баласы, жалгыз уулу болгондуктан: – сөзүн улантты Сяо Тан -мени алып кетиш убакта үйүбүз дат байрат ыйга толуп кетти. Апам мени эки эжемдин боздоп ыйлаганын эстесем, дагы да боорум эзилип кетет. Ошол убакта атам каякадыр бир жакка кеткенге окшоду.

Мүмкүн ал өзүнү кармап турушка кудурети жетпесе керек. Кыздарыбыздан кайсысын алсаң мейли десе да болбоду. Карыз ээсине аял эмес, кымбат сата турган кул керек экен! Мени башка жакка алып барып, сатып пулдады. Жаңы кожоюунумдун колунда жыйырма чакты кулу бар экен. Аял кулдар шайы

токушар экен. Эркек кулдар талаадагы эгиндерди карашат.Мен жаш болгонум үчүн болсо керек, үй ичиндеги жумуштарга пайдалана башташты.Суу алып келиш, гүлдөргө караш,отун жарыш,жаш балдарды ойнотуш, мага жүктөлгөн. Балдар апа деп чуркашканда мен дагы апамды эстеп тез-тез ыйлап коём. Бирок айлам жок эле. Кожоюнумдун төрт келини, үч кызы болуп,кыздардан экөөсү турмушка чыга элек. Келиндер менен кыздарга жагып калдым окшойт, алар мени талашып ишке жумшашат бул кожоюнга, балдарына жакпадым. Мени талаа жумушуна, устаканага иштете башташты. Бирок узакка барбадым. Бир күнү кожоюнум мени чакырды. Анын алдына кириштен мурун мени жуунтушту, таза кийиндирди, тамактандырды. Кожоюун "сага устакана жагабы? Үй жумушуна караганда?" деп сурады.

Мен "үй жумуштары мага жагат" деп жооп кайтардым. Кожоюун мандайда кол куушуруп турган кул үй кызматчысына алып чык" деп кол шилтеди.

Кызматчы мени башка бөлмөгө алып кирди да, пешенемден сылап, өптү. Мындай карасам,кызматчы кулдун көзү толгон жаш. Таң калдым. Ал мага бир жутум суу берди. Ичкенимди билем,башым айланып кетти, өзүмө келип карасам, төшөктө жатыпмын. Төбөмдө алиги кызматчы кул карап олтурат.

Чатым катуу ооруганын сездим. Ал мага:катуу кыймылдаба,тез оңолуп кетесин,мени дагы кырк жыл башта сендей болгонмун -деди. Кийин билсем,менин эсимден кетиптир,бычып таштаган экен.Ошону үчүн байкуш кул менин пешенемден сылап, ыйлагысы келип, өпкөн экен. Ушул менин тарыхым өмүр боюу эркек болбой калдым! Уул төрөлүп,кыздардай турмуш

өткөрүп келе жатамын деп солкулдап ыйлады.Арадан төрт жыл өттү, жашым он сегизге жетти. Он төртүмдө кыздар, сулуу жаш аялдар көзүмө жакшы көрүнө турган болуп калган эле. Эми билем жаштыгым козголгон убак экен. Акылым толо баштагандан бери,ошол төрт жаштык кезимди тез -тез эстей турган болдум. Бирок колум аял денесине тийсе да сезбеймин денем эч козголбойт. Кийин түшүнсөм бул акталыктын белгиси экен, жана бул акыйкат болгон иштин жөнүн байкап билиш эмес, кулагым менен уксам, келишкен сулуу жигит болгон кезимде кожоюундун келиндери мени талашып, өздөрүнө жумушка алууга кызыгышкан тура.

Кожоюун алардын жоруктарын байкап, мен байкушту бычып берген тура. Ана эми нак айымкыз болдум да калдым. Өзүмдүн качандыр бир эркек болгонумдагы эсимден чыккандай болду. Доошум,кылык-жоругумда аялга окшоп кеткенимди байкадым. Бирок келиндер мага суктанып карашат. Кожоюндар үй бүлө үчүн пычтырып койгондору үчүн аялдардын ашкере тараптарына жооптуу эркекче көз салбай, көзүм жер карап калчу. Ар убакта ушундай көз карашта мени каттык ызаландырчу эле. Түндөсү төшөгүмдө былкылдап ыйлап чыкчу элем. Кийин мындан артык колго түштүм. Кожоюундун короосунда мен үчүн эки кокустук болду.

Кексе кызматчы - акта кул кызматчы көз жумду.

Ага боорум ачып бир топ ыйлалдым. Эми аны кыла турган жумуштары мага калды. Оокат кылыш, чай демдеш, чоң аялдардын жуунушуна суу куйуп бериш менин милдетим. Эркек болуп туулган жигитке мындан артык кордук болобу.

Дагы экинчи окуя болду. Кожоюндун тыртык араң жан баласы да үйлөндү.Ага абдан суулу он алты жаштагы кызды алып бериштн. Ал дагы менин качандыр бир эрке болгонумду эске салды.Ачыгын айтсам ошол күндөгүлөрдө күйөнүмдү айтба. Кантип ушундай кызды бир таскара боруна кысып жатса,мен бечара көзүм көйүп жүрсөм! Эгерде мага алып бергенде деле пешенесинен өпкөндөн башка мүмкүнчүлүгүм жокту, эстеп өзүмдү-өзүм сооротту.м.

Аялдардын жуунуп тазаланыш күнү жаңы келинчек дагы уялып жатып, жуунчу бөлмөгө чечине баштады. Бир укмуш келишкен ушундай сулуу да барбы? Шыңга бойлуу бели бир тутам, балтырларыны айтпа мен болсо карашка батына албай көздөрүбүздү бири-бирибизден алып качтык. Бычылган болсом да баштагы эркектик сезимим козголду окшойт, денем титирей баштады. Узак убакыт тынч боло түштүк келин жууна баштады, мен акырын аны денесине суу куйуп бере баштадым, анын да денесин ышкалап жуунтуп жаттым. Чоң аялдар мен туралуу акта деп түшүнтүргөн окшойт,генебестен абдан укалаганым жагып, мемерип рахаттанып жатты. Мени денеми болсо кадимкидей титирек басты. Ошол күндөрү аялдарды жунтуруштан абдан жиркенет болчумун. Эми ошол келинчекти көрүп ышкалап жуунтуу күнүн күтө турган болуп калдым. Кечеси түнү менен уктабай ыйлап чыга турган болдум жаш келинди жуунтушта убакыт соозулуп кеткендиктен аялдар арасында шыбыр-гүбүр сөз чыга баштады. Ушак сөз көбөйбөсүн деп, башка аялдарды да жакшылап укалап сууларды куюп жышып калдым. Бирок бари бир кенже келин мага үйрөнүп калды. Ал ар нерсени шылтак кылып,

мага жакындап жумуш кылып, мени карай бере турган болду. Өзүмө өзүм аял кишиде акыл кем болот экен да, менден эмне пайда деп койгонмун. Кийин түшүнсөм келинчек араң жан ээри менен аргасыз жашагандыктан, бүтүн оюу менде болуп жүрүптүр. Жуунганда денесин катту ышкалатат. Денем менен сезбесем да мага да жагат. Бул жолу келинчектин эмчектерин кармалап өзүмө тартым. Келинчек мойнумдан кучактап жыттады, мен бетимди анын бетине бастым ошол минутада канча турдук билбейм. Эшик шарак деп ачылып кетти. Карасам кожоюндун ортончу келини турат, ал мени ар убакта өзү ышкалай турган жерлерин да мага ышкалап берүүмдүү талап кылчу, мен ар кыл шылтак айтып өзүмдү качырат элем. Түшүнүктүү ал бизди мамилебизди, кичик авысынын пайлап келген. Бул окуяны дароо кожоюнга жеткиришет. Ошондо жоон таякты жегенимди эч ким көрбөсүн. Ошондон кийин кожоюн мени салык карызына баалап өкмөттүн эсебине тапшырды.

-Сени дардиң меникинденда беттер экен! – деди катуу үшкүрүп кексе чал. Бул али баары эмес! – дагы улантты Сяо-таң.

-Мени туппа туура узун дубалдын Цзиньчендик ар жагындагы белгисиз бир дарбазанын алдына алып келди. Ал жерге айдап келгендер он беш жыйырма чакты элек. Кол бутубузга бири-бирибизге жабыштырылган чынжырды алып салганда, гыш куйушка кириштик. Гыш куйуучу жайда бир нече жүзгө жакын аял кулдар да бар экен. Бир күнү маңдайымда ыргытылган гыштарды терип жаткан аялга көзүм түштү сүйүнүп бакырып жибердим. Аялда мага бой таштады экөөбүз көп чүлүктүн арасында кучакташып көрүштүк, узак ыйлаштык. Юй чын эле сенсиңби?! Шыбырадым аны кулагына “ооба менмин” деди аял үшкүрүп бул ошол кожоюндун кичине келини Юй эле!

Бирок ал азыр бир канча бой түстөрү да өзгөргөн, бир гана көзү ошол көзүн чекелерин урулган көк кызыл ала белгилер. Бир эле бул эмес бардыгынын эле көк ала белгилери бар. Эмне болуптур кожоюндун келини кулга айланган кенже келини менен кучакташып учурашса. Юйди кантип кандай кулга айландырган, жакшы үй бүлөөнүн кызы эле?! Кантип мен үчүн эле кулга айлантырса? Эмне болуптур бычылган кул кучактаса эрке келинди?. Кийин Юй өзүнүн башынан өткөргөн кордукту түшүндүрүп айтып берди. Юйдин жарамсыз эри кызганып катуу уруп, үй ичине камап коюптур. Үч каана ичинде басып туруу, жатып турууга гана укуктуу. Агада чыдаптыр байкуш. Кийин аны да бычыптыр. Аялга да бычылабы? Эмнеге ушундай кылышты деп сурады? Алсыз эри ачыктан ачык "мен алсызмын сен жетилген аялсың ошону үчүн сени бычтырдым эми эч ким менен мамиле кыла албайсың мен сени кетирбеймин" акыры ал эрин өлтүрүштү эп көрүп, өлтүрүлбөй жарадар болуп калган. Кийин Юйди оор айыпкер катары бул курулушка алып келип тапшырышыптыр. Эки бактысыз кайра табышканы-бызга ыраазы болдук. Бирге иштей баштадык. Бардыгы бизди эри катын деп ойлошот. Ал жерде ким менен кимдин иши бар. Юйнин баштагы сулуулук көркүнөн эч нерсе калбаган көзөмөлчүлөргө андан көрө сулуу аялдар жетерлик эле. Биз жер суудан ажыраган, же балдарбы, чалдырбы баарысы карыздарына баалап өткөрүлгөн, сатылган үй-жай дегенди билбеген айласыз дабасыздар жан сакташ үчүн, же эптеп тамактаныш максатта ушул дубал курулушуна келишкендер. Адамдардын арасында кээбирлери узун дубалдын ар жагына качып өтүш тууралу сөз таратып калды. Ал сөз таркаткан үй жайынан ажыраган дыйкандар арасында жол биле турган, башта урушка катышкан ал жерде болгон адамдар бар экен. Алар түн ичинде узун дубал

дарбазасын ачабыз да сакчыларды тез көптөн бууп өлтүрүп Сюннулар тарапка качабыз. Биз көпчүлүкпүз. Он беш жыйырма сакчы бизди кармап кала албайт. Узактан жардамга сакчылар же аскер башчылары келгенче биз Сюннулар жакка өтүп өзүбүз ыктыярыбыз менен келдик, бизге жардам кылып алып калгыла десек, алар бизди өлтүрбөйт, кулда кылбайт, себеби аларга кул керек эмес. Алардын ордолору бара турган жер атарабында иштете турган бош жерлерди иштетип, өздөштүрүп, таруу, сабиз, түрп жана башка жашылчаларды эгебиз. Сюннулар бир кыйла түшүмүн алып, бизди иштетишке макул болушат. Ал жакта ошентип күн өткөрөбүз. Урушта колго түшкөн адамдар бар. Биз да барып ошолорго кошулабыз. Ошондой кылсак ачтыктан да өлбөйбүз, кулдуктан да кутулабыз. Кеч салкында да, иштен баш көтөрбөй иштеп жүрүп, "Шанлютянь" ырын ырдап турабыз айла жоктон.

Анын сөздөрү эсимде калган:
Дүйнөдө адамдар неге күчсүз-неге күчтүү теңсиз!
Баш кошуп кетейлик азаттык элдерге! (эркиндик).
Жер ээлөөчү, жер гүрүчү пакал – аш ар дайым болсун!
Баш кошуп кетейлик азаттык элдерге!
Казандан жеген эптемей буламык, түнүбүз жангыз!
Баш кошуп кетейлик азаттык элдерге!
Айыбыбыз эмнеде акмакбы же керектелген кул!
Баш кошуп кетейлик азаттык элдерге!
Асман буйругудур бизге тагдыр, бакыт турмуш!
Баш кошуп кетейлик азаттык элдерге!
Адамзат, кимден күтөсүн эртеңки уруш!
Баш кошуп кетейлик азаттык элге.

Бул ырды асман тагында ырдабаган бар бекен? – чукур үшкүрүп алды карыя.

-Бул качууга даярданыш баарына жакты – сөздү улантты Сяо Ган-бизге дагы бул эреже абдан жаккан

болчу. Бизди сыйлабаган бул жарык дүйнөдө акыркы үмүтүбүз ушул качып кутулушта калды. Юй менен экөөбүз турмуш куруп эр катындай жашашка ант бердик. Бир күн түндө качышкан аламан дарбазага жапкырылды юй кичине түйүнчөгүн көтөрүп алды. Мен колума чакмар таяк алдым. Бул менин эркектигимди эске салды чокморду иштетип, бычылган, бычылбаганга карабайт да көзөмөлчү менен сакчыларды ичибизден бир тыңчы бардык болгон сөздү жеткерип койгон экен. Качкан адамдарды башы дарбазага жакындаганда ар тараптан атчан жигиттер кылыч ойнотуп, келип козголоңчуларды ызу-чуугa түшүрүп уруп согуп, өлтүргөнүн өлтүрүп, өлбөгөндөрүн кайтарып алып келишти. Биз Юй экөөбүз ортодо калып кылычка туш болбой аман калдык. Мына бир жылдан бери бул жерде тамак бышырабыз.

-Бул аял ошол Юйбу? – деп сурады карыя.

-Ошол бечара ошол!

-Каякка карасак баары жогунан ажыраган байкуштар.

-Канча жаштасыңар мына сен?

-Мен жыйырма экидемин. Юй он тогуз жашта.

-Ушундай де! сен кыркта, Юй болсо отуз беш жаштагыдай болуп көрүнөт.

-Юйди үч жыл башта көргөнүңүздө таң калат элеңиз.

-Бул жарык дүйнөдө кордук менен өтүп кетебиз.

Баары жоктон чектелген байкуштар тез-тез узун дубалды ашып качууга аракет кылып турушчу. Он жылдын ичинде мындай кагылышууларды көп көрдүм. Ушуну бил узун дубал сюнгулардан сактанууда тышкары чынжырланган кулдардын качып кетпес үчүн да жол бербейт. Бул курулуш алардын тозогу деседа болот.

-Сегизинчи бөлүм-

ЖАН ЦЯНЬ САПАРДА

Ченсян Бу Ши Асман уулунун азабына дуушар болду. Жан Цяньды эч нерсе болбогондой жашырынча мамлекет иштерине жумшай баштады. Ал эми күн батышка барып келе жаткан элчилердин маалым аттары жөнүндө тактап даярдаш, аларды өз мээрими жана ар дайым Бу Ши аркылуу башкарууга киргизилет. Люче бул малыматтарды ким таркатканын жана даярдаганын суроочу эмес. Бу Ши болсо Жан Цянь тууралуу эч сөз кылчу эмес. Асман тагы өкүмдары тарабынан талабы күчөп бара жаткан. Негедир бүгүн Асман улуу Ченсянда күндөгүдөн эрте сураптыр. Бу Ши жол-жобосун Жан Цянь кече түнү даярдаган жазма бүтүрүлгөн маалыматты алып кирүүгө үлгүрдү.

-Даван, Дася, Аньси, Шенду, чоң мамлекетти тууралу окуй баштады. Буши Жан Цянь жазуучуларыны алардын айыл кыштактары отурукташкан жашоочулар кымбат баа ар кыл нерселер ал мамлекеттерде абдан көп, бирок кошундары бир аз күчсүз. Чыны буюмдарды абдан баалашат. Көчмөн калкы Усундар, Кангюй, Чоң Юечжи күчтүү кошунга ээ. Алардын коңшулаш Шеньдуга жана күн батыш өкмөттөрүнө жибериш мүмкүн болот, эгер түрдүү жолдор менен алардын жашоочуларын көндүрө алсак асман тагынын жана дагы күн батыш тарапка он миң километирге кеңейтүүгө болот. Тогуз тилди биле

турган тилмечтер аркылуу алардын хандыктарынан башка үрп-адаттарын билип алып, чын таасирин төрт деңиз аралыгына жетишибиз мүмкүн.

-Бул малыматта эмне жаңылык бар? – деп сурады У-ди Бушиден.

-Ал өлкөлөрдүн кеңдиги... чоңдугун билебиз... Бирок Даван, Дася, Аньсинин коңшулаштары алсыздыгы... Баштатан эле белгилүү эле. Жана Кангюй менен Юечжилер Сюннуларга каршы чыгыштан баш тартышкан эле. Эми алардын коңшуларына жолдош, Шендуга, аньсиге, Дасяга каршы башташ! Бардык кеп ошондо Дабанга каршы пайдаланып турса болор бекен? Алар туушкан элдер дечү эле? Жан Цяньдан азыркы максатын жакшылап үйрөнүп чыгышка умтулган Ченсян күтүлбөгөн суроого кандай жооп бербей дудаланып калды.

-Демек көчмөнчү урук аралашкан жашоочу элдерди пайдаланыш керек! - үнүн көтөрбөй бүттү деди У-ди. Ага Ченсяндын азыркы мүргүшү керек эле. Орду келгенде бардыгын, Ченсянды да дудаландырып коюп Асман уулуна чыныгы берилгенин бийик баалайт, анын акылы таптакыр тереңдигинде. Өкүмдар Жан Цяньдын айткан көрсөтмөсүн терең үйрөнүп чыгышка жетерлик баа бербестен Ченсяндын көз карашын сураганы бекерден болбосо керек. “Түрдүү жолдор менен кошуналаш күчтүү көчмөндөрдү пайдаланыш керек” мына сөз кайда жатат! Алардын коңшуларын керектүү жайга которсо боло берет. Дачинди узак күн батышка деңизден бери үркүтүшү да ошого байланыштуу. Бул катар кезек менен даярдалган маселенин жылдызын Асман уулунун өзү тапты. Геп маалыматты топтошто эмес алардын

маңызын чагышта, аткаруучу жумушка эң зарыл чечим чыгарышты билиште. Бирок буга ар ким эле жөндөмдүү боло бербейт!

– Жан Цяньды чакыргыла - деп буйурду.

Убакыттын өтүшү күнөөнүн эскиргени, эч болбогондо күнөөнү жеңилдетиши мүмкүн! Гүнөкөрдүн көрсөткөн кызматы да баалуу, керек болсо нур үстүнө нур!

Жан Цянь акыркы жолу колу-буту кишенделген бойдон бул бөлмөгө киргизди.

– Асман тагынын эң урматтуу адамдары кирүүчү жайга жана кадам басты. Ал өткөн он үч жыл күн батыштарды кыдырып келгенде бул канага кирген болчу. Бул жолу да бул сарайдын ичине жети жылдан кийин да келип, өтө элпек таазим кылды.

Бул чакырууну ким амалга ашырышы мүмкүн? Атайлап белгисиз суроону таштады У-ди.

Жан Цянь Бу Шинин бир минута алаксып калганы, берилген суроо накта өзүнө байланыштуу экенин сезгени үчүн шарт мындай деди:

–Асман уулунун ишенген кулунун колунан келет!

–Усун жөнүндө эмне белгилүү?

–Сюнну арасында болгонумда –деп сөз баштады күүнөсүн кечирилгенин байкаган Жан Цянь, – Усун өкмөтүн “Хунму”деп аталышын укканмын. Азыркы Хунму Лецзяоминдин атасы Наньдоуми күн батыш Сюнну жерлеринде азыраак жайлоолорго, кичинерээк элдерине эге экен. Айыл-кыштак арасында жайлоо талашып бири-бирин кырганда Хунмуну өлтүрүп анын кичинекей баласы Лецзяоминди жайытка таштап кетиптир. Бир нече күндөн кийин келсе бала тирик, бирок денеси курттап кеткендиктен

канаттуулар терип жешип жатканын, жана ургачы карышкыр эмизип жатканын көрүшүп, Шаньюй таң калыптыр, кудаанын кудуретине таң калып үйүнө алып кетип, тарбиялай баштаптыр. Лецзяомин жетилип жигит болгондо Шаньюй аны өзүнүн жигитерине жол башчы кылып дайындаптыр. Ал бир нече жолу согуш беттешүүлөрдө өзүнүн туруктуулугун, эр жүрөктүүлүгүн көрсөтүп, элди коргоп жүрүптүр. Шаньюй атасынын эли жерин кайтарып берип, күн батышка каттоочу кербендерге көз салып турунуу тапшырыптыр. Лецзяоми өз жериндеги коңшу айыл-кыштактарды, шаарларды, майда өлкөлөрдү бириктирип өзүнүн кароосуна кошуп алыптыр. Ага каршы жөнөтүлгөн жаңы Шаньюй жеңилүүгө учурап, Сюнналар Усундарды тынч коюшуптур. Сөз ушул жерге келгенде У-ди кыймылдап токтотту. Жан Цянь сөзүн токтотту. Бу Шиге суроолу карады.

-Хош, бул жомоктон кандай чечим чыгарыш мүмкүн?

-Суроо таштады У-ди.

-Менимче, Шаньюй өз башынча Хунмуну өлтүрүп, Лецзяомини "Уул" кылып алган. Кийинчерек Шаньюй усундардын кыйла алын кетирип турган. Акыры Лецзяомини өзүнө көндүрүп анын атасынан калган ушул жерлерди берип, аны абайлап сактаган. Кексе митам Шаньюй өлгөндөн кийин, усундар дагы күчтөнүшүп алган, – ишеничтүү жооп кайтарды Жан Цянь.

-Мындан чыкты усундарда негизи Сюнну аймактарына таркашкан! – түшүндү Бу Ши.

- Туура, деди Жан Цянь – усундар башчыларына аттарына "хун"сөзүн кошуп айтылат. Бул сөзгө ошол

уруунун тукуму башкаручунун атына кошумчалап "ми" "хунми" жана "хунму" деп айтышат. Айтууларына карганда Шаньюйларда ошол уруудан болгон экен. Алар дагы Хун (кийик) урусунан болгондуктан, алар каласындагы калктын айтылышы да "хун"аталып кеткен дешет, биз аларды Сюнну деп атайбыз. Буларды аныкташ кыйын.

У-ди билинер билинбес баш чайкаш менен ашыкча сөз кылбады: Усундарды Сюнну менен кайта бириктиришке жол койбостон, аларды күчсүздөндүрүшүбүз керек. Алар аркылуу Кангюйду да жолго салышыбыз керек!

-Туура, көчмөнчүлөр ичинде эң ийкемдүүсү, бизге жакыны усундар, – деди шашып жатып Буши сырдашуудан четте калбас үчүн. Бардык сөз ошол тууралу болуп жатпайбы деди У-ди. Бу Ши кыйладан бери, Жан Цяньдын айткандары сөзгө алынгандан бери Асман уулу алдында сүйлөшүүдө ал өз ордун таба албай жаткан эле. Өткөндөгүсүн мейли дейли! Азыркысы да орунсуз болуп жаттыда! Ченсян Жан Цяньды Асман уулуна пикир алмашууга, өзүнө караганда жакынраак сезе баштады. Бул анда Жан Цяньга бир кыйла кызганыч пайда болду. Усундар баштан аяк күн батышка, Даванды колго алышта Шенбиндерге негиз таянч болушу керек. Беймарал дагы сөзгө аралашты Бу Ши. Асман уулун колдош үчүн кандай амалга ашырышка биле турган Ченсян бул сөздү нак жеткире алууга бажбур эле.

–Шендуга да, Дасьянгада, Аньсиге да Усун аттарын туягы жетип барышы керек! Жан Цянь жогорку даражадагы жумушка дайындалып эми хундар найыбы (профессору) Элчи милдетинде Усунга

жөнөдү. Ага жардамчы кылып асман уулу буйругуна ээ болгон көп сандуу элчилер бириктирилди, абдан көп баалуу белектер, он миңге жакын мал койлор берилди. Аларды караш үчүн ар бирине экиден ат берилди. Үч жүз куралдуу көзөмөлчүлөр барышты.

Күн батыштан кайткандан кийин арадан он бир жыл өткөндө (биздин эрага чейинки) 115-жыл Жан Цянь жана узун сапарга чыкты жана ушул жылдын өзүндө Ыссык-көл атарабына жайлашкан Усундар башкаруучусу хунму ордосуна жетип келди. Орто жаш хунму Лецзяомин баш элчи Жан Цяньды жактыргандай күтүп алды.

Кангхада төөчүлөрдөгүдөй суз күтүп алышка көнүп калган, баш элчи өзүн башкача кармады. Ал анча да таң калбады. Туруктуулук менен өзүн кармады. Хунмуга анын кол астындагы башчыларына, аялдарына, келиндерине, кыздарына кымбат балуу белектерин таратты. Бирок ар кандай жөндөмдүүлүгүн көрсөттү. Хунмуга усун Ченден узак эместигин чекаралаштыгын, Хундар болсо кысылган шартта экендигин байкаштырып болду. "Хунмуну жумшартууга айла жок! деген ишенич менен Жан Цянь Лецзяомдун ордосуна кирди, ийилип салам берди эгерде асман уулу жиберген белектер сизге жакпаган болсо, кайтарып беришиңиз мүмкүн! – деди. Лецзяоми буга жооп кылып акырын жылмайды да, алтын чөйчөккө куюлган кымыздан чукулдатып ичип, чоң жыгач табакка эми гана келтирилген, буусу чыгып турган кой этине эки колун салып үзүп алып жей баштады. Ал адатындай көрүнүш үчүнбү же аталбадыбы, кара үйдүн өйдөсүндөгү түйүнчөгүнө байланган кой этин чыпылдатып чайнады.

Көчмөнчүлөрдүн адаты алардын мейман-достугун жакшы билген элчи башчысы да хунмуга кымыз ичишмек экен, апыр-тапыр эт жешмек болуп телмечке чыгып кетүүгө белги берди. Жан Цянь экөө гана калышты, элчи башчысы Усундар тилинде чала була сүйлөп мындай деди:

– Силердин адатыңарды билемин. Конок оокат жейби, кымыз ичеби ишиңер жок. Алдыга тамак койду иче бер дегени.

– Ооба ошондой -деди да, Хунму жылмайып, тери жастыкка жамбаштап алды.

Жан Цянь жыгач аяктагы кымыздан бир жутум калганда Лецзяоми жолборс тери талпакка бутун узатып коңурук тартып калды. Хунмунун эки жаш сакчылары кирип келишти. Жан Цянь өзүнө бөлүнгөн кара үйү тарапка жөнөдү.

Лецзяомин Жан Цяньдын бир нерсе айтып жооп кайтаруусуз жөнөтүш дагы хан эли усундарга дээрлик коңшу болуп калганын жакшы билет болчу.
Катташкан карындаш урук Хундар күн батыштан чыгып чыгарылган, башка карындаш уруктар ар жакка көчүрүлүп жиберилген эле. Баалуу белектерди кайтарып берүү хан менен алаканы бузгандай болот! Мындан Усундарга пайда жок, эч туура жол-жооп беришке шашылбайлык! "Хан менен мамилелерди бузбашыбыз керек жана өтө жакындашуу да"! деди өзүнө өзү Хунму. Тажрыйбалуу хан элчиси Жан Цяньдын токтолуугуна Лецзяоми да өзүнүн салыштырып, бирок муну көнебеген чал, көчмөнчүлөргө өзүмчүл, жөнөкөйлүк, достук аркылуу аткармакчы болду. Ысык-Көлдөгү Караколдо Жан Цянь башчылыгындагы элчилер толук жайлашып алышты.

Асман уулуна Жан Цянь жөнөтүп турган толук маалыматтар аркылуу Усун жөнүндө анык толугураак сиңирип баратты: “Усундар жашай турган Кара-Кол Ак-суудан түндүктө. Бул жерде чоң Хунму жашап турат. Ал Чань андан сегиз миң тогуз жүз аралыкта. Жашоочу калкы алты жүз отуз миңден ашык, кишиден турат. Же бир жүз жыйырма миң үй-бүлө. Жаачылары бир жүз сексен миңден ашык. Жерлери тегиздик, чөлдөрү калың жайыттуу, суусу кенен. Бул мамлекет абдан жаан чачындуу, суук. Тоолорунда ийне жалбыракту арчалар көп. Усундар дыйканчылык менен, бакчылык менен да аракет-тенбейт.

Чарбачылык менен жамгыр, суулу, чөптүү, жерлерин да кыдырып, көчүп жүрө беришет. Урп-адаттары Сюннулардай, аларда да жылкы абдан көп, айрым байларда төрт миң, беш миң баш жылкысы бар. Усундар эң күчтүү өлкөлөрдүн бири болуп эсептелет. Усун күн чыгышта Сюнну менен, түндүктөн Кангыюй менен күн батышта Даван, түштүктөн ар түрдүү отурукташкан элдер менен чектешкен. Эң чоң Юечжийлер көчүп кеткенден кийин жайлоолордун көпчүлүгүн Усундар ээлеп калган. Алардын арасында Юечжилерден калган элдер да, башка улуттар аралашып жашап келишет. Алардын арасында Ючижилерден калган калктар да жашайт. Кадимки Усундар, Ючижилер биз турган Дуньхуан аралыгында да көчүп жүргөн, күн батыштан, жылып көчүп жүргөн, усундар менен бирге жашашкан кыргыз деп аталган элдер да бар. Кыргыздар Усундарга эң жакын улуттардан. Кыргыздардын бир бөлүгү күн чыгыштан, күн батышка чейин жер ээлеген калктар. Сюннулар арасында жашагандар көп. Хунмунун ондон

ашык уруулары бар. Ал түн уулуна так мураскоору деп жарыйаланган экен. Бактысыз түн уулу өлүм алдында уулу Рюньсюнду өз ордуна так мураскоору катарында дайындашка сураган. Хун мунун боору ачып өлүм алдындагы атасынын сыранычын аткарган. Мындан Хунмунун ортончу уулу Далу капа болгон. Ал күчтүү саркар башчы же согуш командасынын башкаруучу адам. Далу акырын пайлап Гюнь Сюйминди өлтүрүшкө касам ичет да өз туушкандары менен ажырап өзүнчө жашайт. Митам Хун му небересине да он миң жаачыларды берип, ажыратып жиберген. Өзүнүн колунда да он миң жаачылары бар эле. Ошол шартта Усундар өлкөсү болгону менен үчкө бөлүнсө да чындыгында үчкө бөлүнүп калган болчу. Алар үчөсү да өздөрүн хунмубуз деп эсептешет. Чоң Хунму болсо Лецзяоми дешет. Баш элчи Жан Цянь Кара-Колдо жашап көнүп калганда өзүнүн кол алдындагы элчилерди түрдүү кымбат баалуу белектерди берип, Дася, Анси, Төөчү, Кангхю, чоң төөчү, Лицзяань, Янцой, Шенду, Юйтан, Даван жана башка өлкөлөргө жибере баштады. Бул элчилерди Асман уулу өзү “ортомчу” деп атаганда алардын милдетин өзү белгилеп берген: Ортомчулар максаты ар түрдүү мамлекеттердин жаңаша өлкөлөрдүн саны, аймактары, согуш ыкмалары жөнүндө жана күчтүүлүгү, алсыздыгы тууралу маалымат топтоп, өлкөлөр ортосунда бири-бирине кагыштырып, улуттар арасында бири-бирине тукуруп, чатак чыгаруу ыкмаларын күчөтүү аркылуу кагылыштырып күчүн кетирип туруу максаты.

Элчилердин жанында куралдуу оңдоп, жүздөп коргоочуулар барышат. Ар жылы Хундар беш-алтыдан, айрым жылдары ондон ашык ошондой

элчилерди жөнөтүп турган. Мындай элчилерге кээ бир өлкөлөр байкоо салбастан жол койгон, кээ бирлери күмөн санап, катту текшерип, кез салып турушкан. Элчилер узак мамлекеттерден жети-сегиз жылдан жакын өлкөлөрдөн төрт беш жылдан кайтып келишет болчу. Буга жолдун азабы, башка кыйынчылыктар себеп эмес эле. Элчилердин максаты тез кайтыш эмес. Айрым хандык элчилер эч нерсе билбегендей, эч нерсе көрбөгөндөй өздөрүнчө группа түзүп өздөрүнчө калып кетишет. Аларды "качкактар" дын кайта келишин күтүп, ал мамлекетте калып кетиш мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп. Ошол мамлекеттер арасында, шаарларда кыштак арасында бири-бирине кагыштырып, уруш чыгарып, баалуу белектерди, акча таратып уруш чыгандарды колдоп Асман уулунун тапшырмаларын аткарышат. Жан цянь Ысык-Көлдөн колдон-колго тапшырып Чаньанга жиберилген маалыматтар Асман уулунун узак күн батыш мамлекеттерге кызыктырып жиберүүдө. Эми элчилер эки борбордон-Чаньандан, Кара-колдон жөнөтө турган болду. Туппа-тура Асман тагы сарайынан Усундун Күн батыштагы мамлекеттерине жиберилүүчү элчилер дагы албетте Ысык-көл жээгинде токтоп, өтүшөт.

Себеби күн батыш тарапты беш колдой биле турган элчи башчысы менен майектешүү зарыл болчу. Жан Цянь жолдору, кечүүлөрдү, давандары, суусуз талааларын жакшы билгенден тышкары, эң керектүү ошол элдин үрп-адаттары, башкаруучулардын мүнөзүн, өтүмдүүлүгү, чекиндүүлүгү, такташ үчүн үмүт кылып, аракеттенип жүргөндөр жөнүндө толук түшүндүрүп айтып берчүү. Андан тышкары элчилер эмнеге көз салып, эмнеден, кимден этият болушу керек

аныктап түшүндүрүп турчу. Жань Цянь көчүп өтө турган элчилердин эмнелерге көбүрөөк маани бериши керектигин эмнелерди кошумча тактап, аныктап билип, келиши зарыл экенин айтчу. Хан элчилеринин чет эл башчыларыдан алардын кызматчылары көз алдында өзүн кармап этикасы, кете башташын жана Асман уулу жиберген соода салымдарына жазуучусу азайып баратканы жана башка себептери да бар эле. Баштап жибергенге элчи топтошуп, арасында кызматчы, катчы болуп барган бейтаныш адамдар Асман уулу сарайына бул мамлекатке элчи катары жөнөтүлгөндөр болчу эле. Мындай суранып баруучулар көп убакыттарда пайда бербейт. Ар жерге даяр чөнтөгү курук элчилер өздөрү бара жаткан мамлекет башчыларына Асман уулу жолдогон белектерди да Хань башкаруучусуна жооп кайтарылгандан кийин да белектерин кээ бирлери өздөрүнө алып калышат. Эгер бул биларман элчилер өздөрүнө тапшырылган негизги милдетти аткара албаган болушат да майда айыптары кечирилет. Эгер айыптары чоң болсо жарым акчаларын төлөтөт же каттуу жазаланат. Эгер кеткен чыгымын төлөшсө, кайта элчиликке жөнөтүлөт. Бул жагынан да Асман уулу "бирден-бир туура жол тапкан эле: негизги колу ири элчилер уурдаган малдарын калтырбай Асман тагына алып келип тапшырашат. Дагы башкадан байлык топтош үчүн дагы бара берчү элчиликке. Асман уулуну соода-салам белектерин да алыштан тайманбаган "азаматтар" гана тапшырылган милдеттеринда толук аткара алышат. Бошошкондордон жол болсун. Чымчык чыр этсе, жүрөктөрү шырт этет андайлар.

-Тогузунчу бөлүм-

ТОКТОНГОН ХУНМУГА ЖИБЕРИЛГЕН ЖАШ ХАНЫШАЛАР

Ысык-Көлдүн ар тарабын курчап турган тоо чокулары көк муз, ак кар менен капталган. Ылдый жактары таш, шагыл, кум аралашкан жай күнүндөй. Тоонун боорундагы адырларда чатыр, боз үйлөр тигилген түзөңчөлөрдөн көкмөк болуп көл тарабы көрүнүп турат. Көл тегереги жап-жашыл саз өңдүү майсалар (чөптөр). Кызыл жибек менен жасалган чатырдын төрт жагына карасаң, көк бакмал чейшепке кызыл гүл тигилгендей көрүнөт. Чатырдын жарымын көтөрүп коюлган парда тартылган эшигинен жеңил шамал кирип турат. Чатыр ичинде ак төө жүн кийиздер үстүнө кызымтыл шайы төшөктөр салынып, ар-ар жерге, жөлөнгүч балыштар койулган. Хунму Лецзяоми менен баш элчи Жань Цянь пахталуу калың жөлөнгүчкө жамбаштап отурушат. Өтө сыйлуу Хан кызматкерлери алтын чөйчөктө кайнатылган шербет алып келишти.

– Оокаттан кийин кургатылган өрүк шербетин ичмек абдан пайдалуу –деди баш элчи Хунмуга жыгач аяк узатып.

– Кымызчы, кымыз пайдалуу эмеспи?

– Кымызда пайдалуу. Бирок бул шербетда кем калбайт.

– Оозум куруп калбайт бекен деп корком.

Жан Цянь Хунмуну бул сөзүнө жооп таба албай жутунду. Туура Усундар оокаттан кийин ыссык шербет ичип көрбөгөн. Бирок бул картаң түлкү туура суроо берди? Же Хандар менен жакындашуудан оозу күйүп калышка кыялатып жатканыбы?

–Туура жайкы мезгилде адаттагыдай кымызга жетеби? Кымызга, кызга чардашат – деди баш элчи бир топ тынчтыктан кийин.

– Кыз көргөн даары дейишет- чайналды Хунму. Жана сыйлуу конок олтурду! Мындан эмне демекчи картаң чал! Таң каларлык түшүнүксүз Хунму. Баш элчинин байкоо талабын түшүнбөскө салып жатты. Жан цянь сөздү айлантырбастан негизги максатын айтууну чечти. Ал эми бүгүнкү меймандостукту бекеринен эмес болчу. Усундар сары түстүүдөн көрө, кызыл түстүүнү жактырганды эсепке алган элчи атайын жогорку чеберликте тигилген кызыл жибек чатырды Хунмуга жакшы максатты көздөп, белек кылган болчу.

– Аял затынан рахаттаныш үчүн жаратылган. Аял адамдарды карындаш урук кылат.Эгер сиз Хан уруктарынын канышаларынан алсаңыз, эки өлкө карындаш жиптери менен жана дагы бекемделинет.

–Кана эч болбосо жашым жетимиште болсо...

–Сиз али жигиттей кубаттусуз!

–Бул жерге сиздердин араңыздарга келгенден бери түшүнүп калдым: Кымыз менен казы-карта жесеңиз жетимиш эки тамырларды күчөттүрүп жиберет экен. “Кымыз, казы, кыз”–деп бекерге айтылбаган экен! – баары бир канышалар үчүн карылык кыламго. Ал бир кыйла жаш болсо керек.

– Каныша кыздын жашы он жетиде болсо керек, эгер анданда жаш болбосо. Хунму каныша кыздардын жашын сураганда, андан пайдаланып чыныгы максатты айтты: Чыныгы карындаш урук болуш ниетибиз бар экен, бири-бирибизден тартынып, отуруштун пайдасы жок. Эгер сиздер күн батыштагы Сюнну жерлерин өткөрүп алсаңар Асман тагына жана да жакындашасыңар. Акыры ал жерде жети атаңар жашап келгенго. Баш элчинин ойлогон максатын толук түшүндүрө албады. Ал толук байкабады же Жан цянь жеткире айталбады. Эх аттиң тилмештин жоктугу ишти кам кылды. Хунму коңурук тарта баштады. Демек бул максаттка толук жооп ала албады!

Жан Цянь Хунмуну асман улуу атынан белек эткен жибек чатырга калтырып, өзү ишканасы тарабына жол алды. Баш элчиден уктамыш болуп кутулган Лецзяомин анын айткан сунушу туралуу ойлоно баштады. Хан канышасына үйлөнүш үчүн күн чыкка тарапка илгери Хуншабек жашаган тарапка өтүшү керек. Хан өлкөлөрүнө эмне үчүн керек болуп калды бул. Эмнеге Хандар Хундардан тартып алган жердин бир бөлүгүн Усундарга беришмекчи.Эмнеге алмаштырмакчы ал жерлерди. Бул ойлоруна абдан коркунучту эстешүү бар. Эгерде Усундар илгери Хуншабек аймактары жашаган жерлерге көчүп өтүшсө, болгон сөз Хундар менен Усундар ортосунда согуш келип чыгат. Бул өзүнөн-өзү хандар пайдасына кызмат кылышат. Өз ара кагылуушудан Хундарда, Усундар да зыянга учурайт, алсызданат.
Алсыздангандарды баш ийдириш үчүн артыкча акылдын кереги жок. Хандардын максаты мына ушунда.

Эми максат ушундай экен картаң Лецзяомин кандай чечим чыгарат? Эгер башка мүмкүнчүлүк болбосо, Уди-гиге күйө бала болушу мүмкүн,бирок эч качан Хундардын жерине көчүп өтүшү керек эмес! Опуттуу акыл ээси Лецзяоми канчалык зирек болбосун баары бир Асман уулунун максатын толук түшүндү. Чин башкаруучусу негизи Усундардан, алардын аттуу жоокерлерин такыр Хундарды тым-таракай кылуу эмес, балким башта күн чыгыш, андан күн батыштагы мамлекеттерди басып алышта да пайдаланыш максатын ойлоп жатат. Баш элчиге бериле турган жоопту Лецзяоми ар кыл себептер менен тайсалдата баштады.

Ал катарындагы жолугушууда Жан Цяньга каныша кызга үйлөнүштүн алдында аксакалдар кеңешине, тууган уруктарды чакырып макулдашым керек. Кыш келишке эшик качып турат, элиме болсо, жаз алды менен топтой албаймын. Кийинки жыл жазында аймактагылардын урук-тугундардын башчылары келип топтолушканда кеңешүүгө Хунмунун ортоңку кайсар уулу Далу келбеди, так эгеси деп жүргөн небереси Гюньсюй болсо, картаң чоң атасы жаш канышага үйлөнүшкө каршы чыкты. Кеңеште бул маселе боюнча Усундар бир чечимге келише албады. Кийинки жылы дагы Хунму Жан Цяньдын максатына анык жооп кайтарбады. Кызматкердин кээ бирлери жашыруун Шаньюйга кызмат кылышат, аларды бириктирип кеңеш кылбаса болбойт, деди Лецзяомин.

-Мен Асман тагына барышым керек катуу капаланган абалда Жан Цянь –Асман тагынын буюругу ушул.

– Дагы бир жыл сабыр кылса болбойбекен? Адамдарымды күздө топтойм.

– Мен Асман тагынын кызматкеримин.

– Асман уулу улуу зат максатына каршы иш тута албаймын. Хунму ойлонуп калды. Бир жактуу кетип калбадым бекен. Акылсыздык, митаамдык кылам деп эл журтумдун башына балекет келтирбесем бекен? Баш элчи жолго түшкөнүнө үч күн болгондо Хунму анын артынан чабарман жөнөтүп, Жан Цяньды токтоп турушун сурады.Баш элчи бул өтүнүчкө араң макул болду. Жан Цяньдын акыркы ишеничи берилген эле. Бир жумадан кийин Чаньанга кайта баштаганда Жан Цяньдын каравынында өз адамдарына жана сакчыларына ээ болгон Хунму элчиси да бар эле. Ушул убакытка чейин Жунгуда Усундардан эч ким болгон эмес, Хандар мамлекети туралуу Хунмуда, анын башкаруучу ойондору да, бир гана сөзөмөл хан элчисинин сөздөрү аркылуу макулдукка ээ болчу. Эми Хунму Чин туралуу өз адамы аркылуу маалымат алмакчы болду. Өз ара алакалар, качан барып жете турган убактысы Жан Цяньдын көрсөтө турган чараларына каршы келечекте боло турган чараларды көрүп койду. Чаньян дагы чындап кабатырлана баштады Усундарды чалгытыш хандардын өздөрү үчүн көңүлсүз ахбалга алып келбес бекен?

Хандар менен Усундардын мамилелеринин салкындашы аларды Хундар менен жана жакындаштырып койотго! Шеньбиндар тынч турушат Усундар Шеньбиндердин аркы жагында калышат. Ошону үчүн келечекте согуш ийгиликтери көп нерсеге байланыштуу. Даванга жүрүштү башташ даярданышы дээрлик түгөлдөнгөн. Усундар Хан согушка жүрүшү

Даванга каршы барышына тоскоолдук кылбашы шарт. Бирок бул дагы аныктыгы эмес. Хунмуну Даванга каршы азырак болсо да аскер жөнөтүшкө көндүрүш керек. Бул тараптан аз-аздан Шеньбиндерди колдоп-кубаттап турушка көндүрө баштайт. Демек Хунму менен тездикте карындаш урук болуу керек. Муну кенебестикке салып болбойт. Убакыт өтө зык. Ана бул пайдасыз Жан Цянь эмне кылып жүрөт экен ал жакта. Усундарды күн батыштан Хундардын илгерки жашаган ата журтуна көчүрүштөн башта Даванга басып алууга бара жатканда бизди колдоп, кубаттап турушу бизге зарыл. Демек Хунмуну күйөө кылыш үчүн Баштагы шартты-Усундарды Хундардын жерине апыр-тапыр тезде көчүрүш керек.

Усундардын жардамы менен Хундарды бүткүл талкалашты, кийинчерек шашылбай Даванды жеңгенден кийин Давандыктардын аргымактарына минген Шеньбиндер бүтүрүшөт! Ошондо гана Усун ат минүүчү жоокерини Асман уулу жанаша кошуналары менен жанаша хандар алдына бастырып барыштан башка айла калбайт.

Жан Цянь дагы так ушундай максатта келген болчу. Бирок элчи “Хунмуну күйө бала кылыш үчүн Усундарды Хундар жашаган жерге албетте көчүрүр өтүштөрү шарт деген буйрукту бекер кылган! – деп Асман уулуна кандай айта алат?!

У-ди Чигудан кече түнү кайтып келген. Жан цяньды иш канасына чвкырып ага мындай деди:

Усундарды күн чыгышка көчүрүш абдан зарылбы? Баш элчи Асман уулу менен бир кыйла пикир алышып жана бир жолуу ишенчине киргенде Усундарды толук максатына жете албаганы себептүү өкүмдардын газа-

бына калбай аман калганына ыраазы болуп, дадил көңүлдөгүдөй жооп берди:

-Муну кийин черек кылса да боло берет.

-Анда кийин кыймылдабаш керек.

Эртеси таң атарда сакчылар тобу корукчулугунда тымызын чабаган Чигу жакка жылды. Хандар чарбаны Хунмуга баш элчи атынан белектерди тапшырды. Пил сөөк саптуу кийик мүйүзүнө капталган канжар бир убакытта Ханму Жан Цяньга өзү берген. Чабарман ушул белекти берип жатып өз кожоюнуна жашыруун бергин деп айткан. Ушундай кылса, Хунмунун өзү үчүнда, калкы үчүнда пайдалуу болушун дайындады. “Силерде ичкен тузум урматына–деген эле баш элчи – Хундар жерине көчүштү талап кылбай турган болду. Бул акыркы мүмкүнчүлүгүм. Мүмкүн сиз меймандос Хунмуга жардам кылыш мүмкүнчүлүгү мага башка насип кылбас!” “сырдашкандын бул “кымбат берген пайдалуу кеңеши” Асман уулунун макулдугу болбостон Ханму чабармандын сөзү бүткүчө эле түшүндү. Бирок Асман уулунун Усундарды Хунмулар жерине көчүрүш ниетинен баш тартканы өз меенети деп билди. Союздуктан Хундар менен мамилебизди бузууга себеп жок. Мына эми жаш каныша кызга үйлөнсө боло берет: Хундар менен да Хандар менен да негизнги тил табыш өз калкыбыздын тынчтык турмушу болот. Арадан көп убакыт өтпөй Чаньанга жуучуэлчилер келишип Хан Ханыша кыздарынан бирда Хунмуга аялдыкка сурашты. Асман уулу кудалашуу үчүн сарай аксакалдарына кеңешип көрдү. Аксакалдар ханыша кыз калыңын сурашты. Хунму көп алтын, күмүштөрдөн ташкары бир нече миң күлүк усун аттарды бериши керек эле. Калыңдары келгиче

У-ди нин жээни Ванцяо-дунун кызы он тогуз жаштагы бойго жеткен Си-Цзюнь чоң тойду көркүнө чыгарып Усундар токсонго жакын Хунмуга аялдыкка жөнөтүлдү. Ханыша Си-Цзюнга келген жигиттерге эшик ачарына кымбат баалуу кийим кече таңылчактар берилди. Асыл шайы пардалар тартылган, алтын суусу менен бойолгон эки кылдыректүү арабага олтурган каныша келинди бир нече жүздөгөн сарай кызматкери, бычылган кулдар, жана башка кызматкерлер жандашып бара жатышат. Айрыкча шайы кездемелер, кийим кечелер, алтын, күмүш идиш аяктар-келиндин себи артылган төөлөр, качырлар болсо той карвандын артында акырын бастырып келүүдө.

Ысык-Көлдө чоң той башталып кетти. Тойдун акыркы жетинчи күнү Си-Цзюнун жибек чатырына күйөсүн алып келишти. Он гүлүнөн бир гүлү ачылбаган эликтей жаш кыз маңдайында биринде ген суюк сакал жүздөрү тырыш басканы мулуңдаган чал белин көтөрүп турат. Хунмунун чылпактаган көздөрүнөн жаш агып турду. Ал келинчектин чимирилген көз алдына кириштен башка белине кыстарылган жибек оромол менен көздөрүн жакшылап арчыган болчу. Келинчектин көзү караңгылашып, башы айланды окшойт өзүнөн кетти. Жанында дайар турган эки кызматчы аял келинчекти сүйөп калышты. Үрп-адаттары токтолду.Келин күйөө экөөсү жибек пардада калышты.Арадан көп өтпөй чатырдын ичинен курек тарткан үн чыктыда солкулдап ыйлаган үнү угулду.

Эртелеп тамак ичкенден кийин өз кийиз үйүнө кеткенде жаш катыныны чатырына арадан үч ай өткөндөн кийин кирди. Ушул жорук келин-күйөө үч

айда бир жолугушуу адат болуп калды. Чындап боору ачыган өнөрчүлөр көл бойунда жаш келин үчүн көп чоң эмес, бирок өтө кооздолгон жыгач сарай салышып берди. Ар дайым Хунму Си-Цзяон сарайына сыноо мыймандар менен келгенде каныша Ханди эң жакшы урмат сый менен тосуп алат,эт, сүтү, жок ар кыл тамак жасап берип, оюн шок музыкалар менен коштоп, жаш кыздарды танцага түшүрүп жандоочуларына белек-терди берип. Узатып коючу. Хунуму ханышасынын сарайынан чыгышы менен өзүнү ири-буйру тар жолдору бар үнкүр ичинен чыккандай сезет эле. Кийиз боз үйүнө киргенде гилемдер ак кийиздер үстүнө чозулуп дем алчу. Лецзяоми хан тилин билчүү эмес.Бир жылдан ашык жашашкан болгону менен үч төрт сөз аркылуу сүйлөшүшөт. Эл журтун сагынып каныша арман ырын айтып жүрдү:

Боордоштор мени жат элге
Берди, келдим айласыз баш ийип,
Тагдырыма жазылып Усун ханы,
Залок болуш бар экен, каламын таң.
Томолок кийиз үйүндө,
Жегеним эт, ичкеним көк сүт.
Уйкусу арам, үргүлдөш жок
Жигиттик мында, түгөгөн ок.
Эл журтумду, эстеймин дайым,
Жүрөктөн менин, тамчылайт каным.
Жапайы газ болсом да анда
Жашоого үмүт, канатын какса.

Ханышаны зериккени жана аны күйгөндөн чыккан арман ырлары У-динин да кулагына кабар жетти. Ханышанын көңүлүн көтөрүш үчүн, куштардын

сүрөтү тартылган, укмуштай жибек жиптер менен тигилген чатыр, түргөлгөн шайы маталар, алтын, якут жана тагылчактар жөнөттү. Асман уулу Си-цзюну Усундар калтырыш максатынан кайтып калышканын билип, картаң Хунму ханыша сарайына небереси Си-Цзюну баштап келди. Бул өзүнүн эч кимдин ойуна келбеген иш кылууга келген эле. Ал Си-Цзюну пешенесинен аталгандай өөп, жөтөлүп - жөтөлүп:

-Ханыша Си-Цзюнь! Бүгүндөн баштап, сен Сеньцзунун келинчеги болосун! Эми сен менин келинимсин! – деди.

- Бирок ...Биздин адатыбыз..

- Сен менен мен... Экөөбүз билебизго, Сеньцзу биринчи эриң болот!

- Жакса, бул ишти алты айга кечиктиришти сураймын.

- Мейли, ыктыярыңыз! Сеньцзу эригип калбайт, ал азырынча башка катындардын үйүнө кирип турат.

Си-Цзюнун үмүтү үзүлгөн болчу. Ал Хунмунун өлүмүн күтүп, ал өлгөндөн кийин өз элиме кайтамын карыянын өлүмүнө саналуу күн калды деп ойлочу. Ханыша ар дайым дарыя бойлорунда салкын аба бак аралап жүрүштү максат кылчу, түш көргөндө да каз болуп учуп үйүнө баруучу. Ал жерде өзүнө ылайык жер табылат. Сарайдагы жаш мансапкорлор арасынан кимге турмушка чыгууну ичинде ойлонуп жүргөн. Каныша шайы матага кат жазып тууганы У-диге жөнөттү: “Хунмунун катыны болуп туруп, кандай анын небересине эрге чыга алам? Бирок Асман уулунун: Хан доорун кең ааламга таркатыш үчүн, алардын үрп-адатына көнүшүң керек!

Деген көрсөтмө алды. “Каныша болсоң да кыз баланын кызматы ушул экен да! Ханышанын оюна ушул келди. Ал каттын акырына чейин окуй албады. Көздөрүнөн шорголоп аккан көз жашы жука көйнөгүнүн денесине жабыштырап, али эркек кол тийбеген бөртүп турган мамагы көрүнүп турду. Суралган алты ай убагы да келди. Си-Цзюнун чатырында кең далылуу нооча жигит Сэньцзу түнөгөн биринчи түндөн кийин, ханыша зерикпей да, түшүндө каз болуп учуш да болбой калды. Картаң Хунму хан ханышасы менен мамилени жолго койгондон кийин. Асман уулунун Ысык-көлдөгү элчи ортомчуларынан жашыруун Шаньюй одосуна элчи жөнөтүп, Хун ханышаларынан бирин аялдыкка сурады.

Усундардын хан мамлекети менен жакындашып бара жаткандыктан кабатырланып, Шаньюй Усундарга кол салышына тымызын даярданып жатышкан. Хунму элчилеринин сөздөрү менен бир кыйла ынтымакташып калышты. Алар көп эле кыстабастан эле кыздарынан бирин “картаң түлкүгө” берүүгө макул болушту. Эң эпчил жигиттерин да аттуягыдан чыккан чаң артка калтырып олтурган, эки жүзү нак алмадай кып-кызыл Хун ханышасы атайы чоң тамаша менен Ысык-Көлгө кирип келишти.

Лецзяоми Хун ханышасын убакыт өткөрбөй өзүнүн ортончу уулу Далуга аялдыка белгиледи. Адаттагы өткөрүлүүчү кыз кумайдын акырында Далу аппак гана тарсылдаган бадам кабак жаркылдаган Хун ханышасын эңип алып эки колунан көтөргөнчө атараптагы кыйкырык шоокун менен туппа-туура өзүнө даярдалган уйунө алып кирип, тизе боюнан жогору салынган орундукка басып калды.

Бардык эл жана башкаруучу урук туугандары топтолгон чон кеңеште Хунму Хун келинин чоң каныша деп, кичик келинин кичик ханыша деп элге угузду. Лецзяоми Хан канышасынын көңулун алышка күчү жетпеген болсо да, али өз калкынын тынчтыктыгын сактоого жарады. Усундар бир эле, Хундар менен мамилени бышыктоо болду. Хандар менен да бышык тил табыштык. Бул ийгилик узака созулаар бекен? Ким билсин келечек көрсөтөт.

- Онунчу бөлүм-

ЭҢ СОНУН ТОРПОКТОР КАНЫ

Чаньандын түштүк көк жайык кеңдиктеги кооз-долуп тигилген үй-жайларынан ар жагындагы кеңири бийиктикте жангыз ченемсиз кооздук көзгө орунду. Кеңири бийиктикте үстүмө-үстөк кондурулуп, үй бурчтарында учу бир аз жогору кайрылган курбандык кылуучу үйү муң баскан үйдөй байкалат. Бул үй жай улуу биримдик Руху-буга бир аз кайрылып кетүү зарыл.

Урматтуу коноктор үчүн курулган. Ылдыйкы жактагы жанбоордогу токой четиндеги импе-раторлордун ата журтуна, ата-бабаларына арналган чоң короо жайлар курбандык өткөрүүгө даярдалган жана император өзү тосуп алуучу өтө сыйлуу коноктору тосуп алуучу жайлар.

Түштүк күн чыгыш тараптан Хуан-Ди-Сары император улуу бабаларына. Күн батыш тарапта Чи-ди как император, улуу бабаларына. Түндүк тарапта Бай-ди ак император улуу бабаларына. Түштүк тарапта Чи-ди кызыл император улуу бабаларына. Түндүк Сибир тарапта Хей-ди кара император улуу ата бабаларына. Сыйынучу улук жайларды жөнөкөй адамдар жана карап текшерип туруучу кароолдор ээлеп алышкан. Тай-и курбандык үй ичинде ар кимиси өз амалына, урматына жараша тизилип турушуп, колдорун көкүрөгүнө алышып баш ийип турушат. Эч

кимиси үн чыгарбай кыймылсыз абалда. Тай-и жүнбаш, көзү ачык Куан-шу карамтыл ток кызыл түстүү кең плашка оронуп, курбандык шаан шөкөтү башкарууда. Алардын кексе улуу башкаруучуларга кемчилдиксиз даярдануу тырышкан жүздөрүнө, улуу акылман адамдар өтө баалуу милдет жана жоопкер-чиликтүү эле.

У-ди саргыч майрам кийимдери менен жумшак отургучта жүзүнү күн чыгышка буруп отурат. Эшик агалар, жан сакчылар аны көз алдында жүздөрүнү тик көтөрүп, баштарын каткандай кыймылсыз турушат.

Асман тагындагылар ушундай: башкаруучулар башыны күн чыгышка буруп отурушса, урматтуу тууган уруктары, кызматчылары болсо Асман уулуна өз көз карандыларын көзөмөлдөп, жүздөрүн түндүккө карап тик турушат! Максус багылган топозду алдырып келди. Жыйырма үч, жыйырма беш түрдүү кыл аспаптар менен музыкалык үндөр жаңырды. Бул укмуштай түрдүү музыкалык аспаптар уюштуруучусу Хоу жана ага көрсөтүлгөн жай күн номерлери кудайдын улуу күнүнө арналгандыктан күн Хоу деп айтылат. Курбандыкка союлган мал, кой эттери таратылышка туура келген, топоз каны шырылдап кесилерге ага баштады. Андан тышкары тараптагы түрдүү идиштердеги шараптар, курма, сүрсүткөн эт, тандырда бышырылган эттер, түрдүү тамак аш коюлган. Адамдар эч нерсе болбогондой тизилип катып калгандай кыймылсыз турушат. У-ди колун көкүрөгүнө коюп, кудайга жалынып, асманга карап:

-Эң башта Асман өз уулуна, биз эң кымбат баалуу үч аяктуу бирикме убада кылды. Биз жакшы билебизго, бул үч аяктуу бирикме башта улуу

Хуандиге тийиштүү болчу. Бул үч аяктуу бирикме деген-Асман, жер жана адамзаттын биримдиги, экендигинин белгиси деп билебиз.

Ошондуктан Асман тагына отурган башкаруучуларды, адилеттүү, элге ак кызмат кылган, элдин үнүн укkан, таза колдуу, тынчтыкты камсыз кылган, өлкөнү күчтөндүрүп, байытып кемчилдиксиз жашоого жеткире алат деп урмат сый менен башыбызды ийебиз.

Сыйынунун акырында шыбырап бүтүшүнө аз калганда көбү сөздү угушпай да калышты.

Кураан катмы акырына жеткенде У-ди доошуну бийиктетип: Алладан бизге тынчтык иштерге ийгилик, жакшылыктарды, элдердин саламатчылыгын тилейбиз! Бул дүйнөгө Асман уулу баш болгон чет жактарга барып, жер ааламдан биздин өлкөнү кеңейтүүгө Аллахдан мадат, кубат, оомат беришин үмүт кылабыз. Куань шунун көрсөтмөсү менен дагы музикалык оюн шоок жаңыра баштады. Асман уулуна, анын улук жүргүзгөн иштерине оомат беришти, каалаган тилектерди Алладан тилешип, музыкалык добуштар шаңдуу бийиктиктен-бийиктикке көтөрүлүп асманга угулгандай болду.

Курбандык союну маракасы акырындап калганда эттердин майда калдыктарын ыссыгында койдуруп, эттерин бөлүштүрүп башка катышкан адамдарга таркатып беришти. Кийинки күндөрү ар кайсы императорлор ата-бабаларына арнап, туура келген түстүү плаштарды кийишип, асман тагынын эң улуу урматту адамдары сары, көк ,ак, кызыл, кара, императорлор алардын урматына көрүлгөн курбан-дык мааракаларын эң чоң даярдык менен өткөрүштү. Беш

императорлор ата бабаларын урматына эскерүү үчүн,жети ага-ини жылдыздар арбагыны жүрөгүнө сактап жүргөндөр үчүн чөйчөккө куйулган шарап-тарды бучтарга төгүп жиберишти.

Чансян жакында курбандык кылуу маарекесин өткөрүүчү убакытта Шанси, Шенси жана аларга коңшу жашаган башка айылдарда миңдеген кулдар,жолдорду тазалап, сарайларды жана мунараларды ушундай ата-бабалардын урматына тоолорго курулган сыйынуу жайларды тартипке келтирүүгө киришип жаткан эле. Даярданыш иштеринде күчөнтүш жана көрүүгө кызыктар болгон Асман уулу жакын күндөрдө бул жактарга сапар тартып келүүсү дайын болгон. Вейянгун сарайында акыйкатта сапарга келишине даярдык кызуу жүрүп калган.

Жунцзюй-дөөлөт байлык үчүн сапардын башкаруучусу Асман уулу кетиши мүмкүн убакытта сактап калууга дарбазаларыны өзү бирден барып көрдү. Бирөө жарым бир жашырынып келбесин деп, атту сакчылар ар тарапка көз салып, чоң, кичик кыңыр, кыйшык баскан адамдарын көзөмөлдөш үчүн күнү түн айландырды.

Сарай сакчылары жана корукчулар сакчылар башчылары менен корукчулар үз кызматтарын аткарып жаткандыгы толук жеткиришти.

Арадан эки он күн өтүп-өтпөй түн бою бир нече миң челектер менен суу септирип, бышырылган сопол идиштер жеткерилди. Көчөдө эрте таңда аттуу корукчулар баштаган сары шайы матаа капталган эки гылдиректүү сайабан араба сарык пардаларын желбиретип,эң чоң дарбаза тарапка ээрчишип жөнөштү. Хуаньцзюй сол шатысынын учуна жарык калып,

аттар-дын жалынынын учуна байланган кептер канаттарын желпилдетип келишкени Асман уулунун өкмөтүнүн тынчтык белгиси болуучу. Эки гылды-ректүү Сарык саябан араба- Хуаньуцзюй бүтүндөй Асман тагынада бир даана. Ал да Асман уулунан башка эч ким жүрбөйт жана жүрүгө да мүмкүн эмес! Аны узактан көргөн ар бир адам арабада өтүп кетбейинче жер менен жер болуп таазим кылып турушат. Пайдасыз Асмантагын жөн бойлоп кыдырганда ар тарапты жарык тутуп, нур чыгып өтүүчү Хуаньуцзюй бирагарта көрө алган кокустан бираарта карабаш табылаар бекен?!

Шаар дарбазасынан ташкары чыкса, сарык саябан араба көк-мөк эгин талаалардагы талан изи жолдо ылдамдайт. Алдында жана эки жанында жаз ыссыгында кужурап кеткен кызгыч тоок-сары дөңгөлөк көзгө чалынат. У-динини пикири боюнча таң каларлык сүрөткө тартылды: кышта аппак адырлар, жайында жашыл өнгө кирет. Күзгө жакын саргайат, акырында топ сарын-кызгыч түсалат. Жер бетиндеги өсүмдүктөр жыл ичинде өз түстөрүн өзгөртүп турушу У-диге Асман тыгында тукумдарынын символу катарында өзгөртүп тургандарын эстеди. Чин ши узак сапарга же саякат үчүн белгиленген өзүнүн

Эки кылдыректүү саяван арабасы-Веньлян Цзюйга алтыта боз ат коштуруп жүргөн кезде ак түстүү башка түскө караганда жогоруу жана көзгө урунарлык сезилет. Дөөлөткө ашынган байлар ордодон узакка барып каза болгону үчүн аны өлүмү ошол араба менен көмүлгөн. Ошондон баштап Ваньлянцзюй дайым кабрыстанга өлүктү алып барыш үчүн гана пайдалана турган болуп калды.

Чин династиясы башкаруучулардын урук тукумдары У-ди ойлочу ак император ата бабасынан башталат деп, бул ошондон алар Бэдоу рухуна курбандык кылып келишкен. Ошол себептен көп өтбөй алардын башкаруусу таркалган болчу.

Сары өңдүү Хандар ортосунда урматтоого татыктысуу кокусунан эмес. Жунгу жерлеринин ортосунда агып өткөн даря суусу күн кужураткан өнүмдүү кызгыч-токсарысы келген топурактарынын жууп келгени үчүн өзүдагы сары болуп калган.

Ошол себептен Улуу ата бабаларыбыз бу даряны Сары дарыя-Хуанхе, бударыя барып куя кутурган деңизди да Сары деңаз-хуанхай деп аташкан. Сарыя дарыя суулары жашоочулар жерлерине бактарына, эгиндерине агып келген ылай калар жерге сиңип, топурактты жымшатып, нымдылукту даары катары күч кубат кошуп үстүрүп, түшүмдүүлүгүн аттырып турат.

Бул дарянын элди багышка сары дарянын жардамы күч. Аксыз Жунгу элинин тирикчилиги өтпөйт.

Ошондуктан сары түс илгерки ата-бабаларыбыз заманыдан бери өнүмдүү түшүмдүү болгондуктан тез арада элти байлыктын символуна айланган. Албетте саргыч ылайка табияттын берген байлыгы кубаныч, токчуулук, кубаттуулугу, элге берген сыйлаган, белеги. Ошону үчүн хандыктар сары түстү жактырышат жана баш башкаруучубуз адам атабыздан бери Хуанди Саргыч император деп айтышкан. Чянь Чженин, "Худанди" "сары император" наамды кабыл кылып, өзүнү "чин ши хуанди"-Чиндин биринчи императоруу" деген наамга да таандык блбогон!Бул орунда ин Чжен өз тукуму, ата бабасы Ак- имперптор

башталышынан да оюна албаган. У-ди арабанын жумшак отургучунда жөлөнүп өткөндөгү музыкалык аспаптарды эстештен башка өз эрежелери жөнүндө ыйлай баштады. Мен Асман уулу сары кооз пылашта элдердин көз алдында жана эки, үч жоолу сыйлуурак, болушум. Асман саары тик учуп жаткан ажыдаар сүрөтүү тартылган байрактарды жоокерлеримди Улук ийгиликтерге көбүрөк аракеттендирет! Сары түстөн башка элдерди багындырышта, бир топ жапайы жашашкан калктарды Асман тагына мага баш ийдирип алууда мага көмөктөшөт көбүнү кул кылышат. Асман тагыны башка болочок башка-руучулары мага жардам кылышат. Сары түс болгондуктан алар менен өздөрүндөй көрүшөт. У-ди бир канча жылдан бери саары түстүлөрдүн сырыны, алардын кайсыл жактан мындай кубатту болушуну себептерин байкоого киришкен. Бул жөнүндө ал канча жылдан бери, дээрлик Жунгу тактына отургандан бери ойлоочу. Акыры башкаруучулуктун оттуз беш жылын басууда! У-ди чоң атасынын улуу атасы Рао-ди, ал заманда сыйлуу гана Лю Баи деп аташкан. Зат кызыл император-атасы Чи-ди арбагына арнап курбандык кылганын билүүчү. Чи-ди оор куралдар, урум пири деп эсептешчү. Алардын байрагы да кызыл болуучу. Лю Бан куралдуу күч менен Чин башкаруучуларды тактан оодарды. Бирок ошол жылдардан баштап Хуан-ди-Сары ата-бабаларына да курбандык атай баштаган эле. Албетте ар убакта согуш талаасында болгондой бул нерсеге шылтап, У-ди улуу ата-бабалары баштаган улуу жүрүштү акырына жеткерди! Ал мындан абдан ыраазы, муну менен абдан мактанарлык иш аткарда десе болот.Аны

коргоону мындан ары нече жылбашта Фень-ин башкаруусунда саздак жер ортосундагы тегерек-челерге сары тупуректан сактанып, Хоу-ту наамынан баштап курбандык үйү курулган болчу. Эки гылдырктүү саябан арбалар чынжырланган сары саябан араба Хуань Цзюй башчылыгында мыны азыр ошол үйгө карай тезде келишүүдө. Күз башталып калган болсо да сыйынуучу-камыштуу абасыз дем кысылган топ өскөн даректар эле.

У-ди жандоочулары менен баткок үстүнө төшөл-гөн камыш көпүрөлөр аркылуу бир-бирден басып, биринчи дөбөчөгө өттү. Баш тилдүү баштоочу Куань шу атайын, Чоң Чаньан атарабындагыданда эң күчтүү аракет менен сары топурак сактануучу, сактоочу Хоути маарекесин өткөрүп жаткан курбандыкты башкарууга өттү. Бул саздакка курулган курбандык үйлөрү анын суранычы менен курулган эле. Маареке алдынан белгилеп коюлгандай аткаруучу катышуу-чулардын бардыгы сары плашчан эле. Курбандыкка бүтүн сары малдар менен өгүздөр союлат. Куань-ши көрсөтмөсү боюнча оро курбан кылынган мал-өгүз эттери маарекенин акырында ыссык жерге көмүлүп саары топуракка арналат. Маареке дың сөдөгү курбандык үйлөрүндө бир күндөн, беш күнгө чейин өткөрүлөт.

Өз борборуна кайтыш алдында У-ди баш жетектөөчү Куань Шунин Камарина (кемерине) алты мөөр басып, улуктугуна жарашкан узун бойлуу, сулуу эркетай Луаньда аттуу ачык сүйүктүү айымды кабыл кылды.

Луаньданын кемериндеги мөөрлөрдөн бири жашыл түстүү кымбат баалуу таштан жасалган болуп, анда Асман рухтарына жол көрсөтүүчү белгилүү башчы деген белгилери бар эле. Менин дөөлөт сактоочум мага кайрылды Луанда. Асман уулунун укканыман иш арасы бүткөндө Курбандык кылынган дөнсөлөрдө гилем үстүндө, түн ичинде асман жарытып кетти, таң калаарлык көгүлтүр нур пайда болду... Анын жарыгында дөңчөлөр үстүнү сары туман оролуп акырын, акырын туман асманга көтөрүлдү.

У-ди кубанычын араң жашырып, Куань Шуга көз таштады. Баш жол күзөтүүчү баштагыдай кокустук жөнүндө түшүндүрүлдү. Асман рухтарынын алааматы бул! Улуу максаттардын аткарылышына рухтар жөлөп, колдоп, күч кубат берсин! Эки жол көрсөтүүчүлөрдүн айтууларына, түшүндүрмөлөрүнө ыраазы болгон Асман уулу эң акылман башкаруучуларынын курчоосунда Шенси өлкөсүнүн түштүк чыгышына жайлашкан Тяньшан (Цяошань) тоосуна карай жол алды. Ал жерде Сары император ата-бабасы Хуан-ди кабырына курбандык кылып, бата кылышты. Өкүмдар өз борборуна кайтып келгенден кийин, жыл эсебини өзгөртүүгө буйрук берди. Хан астрономдору У-ди башкаруучулугунун («Улуу жолкөрсөтүүчүсү») деп аталган жетинчи кылымдын он биринчи айынын биринчи күнүнөн

башташ макулдугун белгилеп бериштти, себеби кышкы күн-түн теңдигиошол күнгө туура келген эле (бул алдыңкы 105 жылдын 25 декабрь айына туура келди).

Хань тукумунун алтынчы императору У-динин башкаруусунда Цзянь-Юань («түзүлүшүнүн башы») даңкы менен башталган жана кээбир убакта У-ди башчылыгында баштапкы заманга айланган.

Ошондон Жунгу ааламында күчтүү жылдыз жарыгы пайда болгон тууралу У-ди башкаруусунун жаңы, экинчи Заманы-Юань-Гун (Жарыктык баштапкы абал) башталды. Акырында Юянь-Шо заманы, андан кийин болсо уучулук убагы ийгиликтүү көрсөткүч катарында жангыз шок айбан тутулган, Юань-шоу (Биринчи уу) заманы деп белгиленди. Эч нерсе болбогондой кадимки Жоу өлкө заманынан бери жашоочу илгерки үч аяктуу бирикме – Асмантагы башкаруучусунун адилеттүүлүк белгиси табылганча, жаңы заман Юань-дин («Биринчи очоктуу бирикме»), кийин Тяньшань тоосу жанаанын ылдыйкы жактарында Курбандык кылына турган атайын которулгон бийикчеде адам баласынын пайда болушуна алтынчы Заман Дань-Фен (биринчи колдо жасалган дөбөчөлөр курбандыгы). Ченемсиз Асман тагы карамагындагы элдердин кулагына жетти. У-ди башкаруусу эрадан-эрага өткөн Сары түрдүү ар кыл баш көтөргөн, оозунда бу замандар Асман уулу башкаруучуларынын нооваттагы акыйкат жана жетишерлик баскычтары деп бааланууучу.

Тойчу-улуу жол көрсөтүүчү! У-ди бул бирикмеге ашыкча чоң эмгек сиңирген болчу. Демек, өкүмдарлыгынын алты заманы отуз беш жыл боюу

өткөрүлгөн биринчи баскычы тугөнгөн, экинчи эң күчтүү баскычы болсо, анын оюнда эми гана башталганында. Биринчи баскычта У-ди Асман тагыны узак күн батыш тарапка кенейтиришке жарактуу күч топтоого жарады, сыноодонөткөрдү, даяр кылып койду. Мына эми Улуу чынжырлап элдердимоюн сундуруп коюуга жеткирсе болду. Ошон үчүнда жаңы жетинчи Замандын экинчи башкаруучунун биринчи дооруну – Тойчу улуу жол көрсөтүүчү деп атады.

Сары малдар курбандыгы сары түстүү маараке-синин жана дагы ашырыш мааракеси эле! Сары түстүүнөкөт көрүнүш империянын дөөлөттүүсү деп жарыя кылды. Шенбиндер желегине тартылган ажыдаар сүрөтү эми сыйынуучу эмес, балким Сары ажыдаардыр. Даванга кылына турган жүрүш убактысында белгилеп коюлду. Даван жолундагы бир топ майда өлкөлөр жана уруулар элдерин баш ийдирилиши, Хундардын түндүк тарапка жана дагы суук тарапка чегиндириши аныk. Баш ийдирилген Даван узак күн батыш мамлекеттерине жүрүш кылыш үчүн таяныч чындап кызмат кылат! Чын эле Улуу иштер эми башталат! Сары ажыдаар сүрөтү тартылган байрактар бүт дүйнөгө кылпылдамак!

-Он биринчи бөлүм-

ТАРЫХЧЫ ЦЯНЬ-МЭНЬ-ВАНХУНУН САРАЙЫНДА

Катардагы он күндүктү У-ди бир кыйла жакын коңшу мамлекеттер үстүнөн өндүрүлгөн ийгилик даңкына курулган көрүнүктүү Цянь-Мень-Ванхуңун сарайында өткөрүүгө буйрук кылды.

Адаттагы бир чоң оор маселе чечилип болгон соң, У-ди ушул сарайга келчү. Бул катардагыиш Усундар менен болгон маселелерди бир катар жолго койгон соң келген эле. Ушундай узак созулган сыйынуу сапарынан кийин дем алыш зарылчылыгы туулган болчу. Эми анын көңүлү ток: жакынкы күндөрдө Шенбиндер Сары ажыдаар сүрөтү тартылган байрактарды желбиретип күн батышка жүрүш кылган убакта алардын арка тараптары коркунучсуз болушу ишеничтүү!

У-ди бүгүн Сарайдын бир бөлүгүндөгү шыйпанда жыпар жыттуу сандал, жыгач менен пил сөөгүнөн жып-жылма гүлдөр жабыштырылып жасалган жөлөнгүчтөрдө, жумшак отургучта рахаттанып отурат. Ал азыр жеңил гана таза дем алуучу кийимчен. Такта олтурганда кийинүүчү кооз кийимин эл чогулган убакта гана кийинет. Ал мындай майрам кийимин кийип чыкканда, бирге иштеген башкаруучулар жөнөкөй адамдар таң калышып эстен тануучудай болушчу. Хан така окшотуп жасалган бул олтургучту Асман тагына кошуп алынган Миньюэ усталары жасаган.

Сөйөнүүчү жумшак олтургучтун сол жагына кыял сүрүп жамбаштап олтурган Асман уулу маңдайдагы кооз тартылган табийгый көрүнүшүн тамаша кылып олтурган. Бактын аркы бурчундагы чоң даракка бир убакта баш ийдирген Миньюэ мамлекеттен алынып келген эки чоң пилдерди чынжырлап байлап койгон. Пилдер болсо, бири-бирин жалашып турушат. Бери тарапта уругу өзүнүн узак өлкөдөн алынып келген жап-жашыл бедени үзүп жегенДаван аргымагы казыкка аркандалган. Сол тарапта пилдердин тушунда мындан бир нече ай мурун басып алган Чаосянын токоюнан келтирилген эң чоң ала чаар жолборс темир капастын ичинде тилдери менен жаланып жаткан эле Хун тоолорунда эркин жүргөн мүйүздүү кийиктерге көз артып тургансыйт. Шыйпаңда жакын жерде чынжырланган жылма ала эки Жунгу корукчу иттер олтурушат. Хандардын ар кайсы жаңы басып алган өлкөлөрдөн келтирилген бийик добуштуу куштар, куйругун желбиреткен кооз тауСттар кадамын ташташат. Илгери эч ким көрбөгөн жана укпаган ар жерлерден алып келинген жаныбарлары мына эми бир гана бакта жайгашкан. Ал бакта түрдүү көчөттөрдүн уруктары түрдүү өлкөлөрдөн келтирилип отургузулган. Асман уулунун колу канчалык узарганы, Хан элинин байлыгы кандай ашканы, Асман тагы бүтпөс -түгөнбөс күчкө ээ болгонунун белгиси бул! Ханышалардын сарайында толуп-ташып жаткан кымбат баалуу таштар, берметтер, көз тундуруучу аркыл белектер, жакут, жапайы айбандардын мүйүзүнөн жасалган укмуш буйумдар, идиштер... Баш ийдирип, какшаган көз жашынан алып келтирилген

куштардын парларынан жасалганбаш кийимдер... Бул Асман уулунун арекетинин жыйынтыгы.

Мүмкүн азыр Асман уулу ошолордун баарысы тууралуу ойлоп жаткандыр! Бардыгына караганда

У-диөзү жакшы билетго, башка мамлекеттердин байлыктарын колго алып жеткизип келиш өзүнчөчоң чыгым талап кылганын! Башка башкаручуларды Хандын карамагына көндүрүш, белек-бечкекти, салам айттырып жөнөтүш, токтоосуз элчилерди жибериш, эсепсиз коштоп баруучуларды багып, кийинтип, куралдантып, коргонуу жайларды куруш, бардыгына абдан чоң каражат болоорун. Азыр да ушундай болуп жатат. Мүмкүн акча каражат жетпей калганда ар бир жанга алтын менен төгүлө турган оор салыктар жана ичимдик саткан үчүн салык белгилешке макулдук бергени, түз жана темир сатышты мамлекет өзү колго алыш, күмүштөн тыйын соктуруш, өз ара эсептешүүгө, тери пулдарын чыгарышка буйрук берген, уй малдарга кемселер, чоң эки кылдыректүү жүк ташуучу аравалардан салык алыш туурасында ойлонуп жатышы мүмкүн бул башкаруучу! Булар тууралуу ойлонуш Асман уулунун иши эмес.

Мындай маселелерди айкын Ченсянь – биринчи масилаатчиси, баш орун басарынын иши.

Алар ойлонуштуруп, таразага салып, чечимди алып келишсе бардыгы макулдашып чечсе толук болот. Хань башкаруучусу – Асман уулу маселенин майда-чүйдө жагына баш оорутпай аралашпаш керек. Ушул кезде эмнелер тууралуу ойлонушу мүмкүн Асман уулу? Хан бул Сарайда ыкыр-чыкыр тууралуу эмес, улуу эрежелер туурасында ойлошу мүмкүн! Себеби, Цяньмен сарайы көрүнүктүү иш жай эмес,

мүмкүн дем алыш жана сырдашаарга ылайыктуу жайдыр. Асман уулу эрежелердин көпчүлүгүн ушул Сарайда ойлоп тапкан. Ошону үчүн да бул сарайда билимдүү ар кыл корумсуз чакыруучуларды которуп келишпейт. Мүмкүн Цянь-Мень-Ванхугун сарайы көңүлдөгүдөй иш орду эмес, балким арам алыш жана жөнөкөй сырдашуу жайыдыр. Асман уулу адатта улук дем алуунун көпчүлүгүн ушул сарайда ойлоп тапкан. Ошону үчүнда бул сарайда ар кыл бала -чака көтөрүп келишпейт.

Сарайдын абасы укмуштуудай тап-таза көңүл менен карашып аркыл гулзарлары, ар кыл бактары кооздолгон, баа жеткис жыт берүүчү даректар, кооздолгон жайлар, буйумдар, шаркырап аккан суу арыктары, булардын баарысы Асман уулунун кызыкчылыгы учун гана кызмат кылуу. Бул Сарайда илхам келгенде бир топ ырларды жазган. Мына бул жакында жазган касийдасын көздөн өткөрмөкчү. У-динин көз карашында өзүнө жага турган бир канча сатира жөнүндө токтолду:

Сары крокодил-ажыдаар буралып,
Жылан болуп,учаар асманга.
Өмүр жана токчулук келтирип,
Канат кагаар кендик ааламга...
Теңге-теңге териси көрүнгөнү,
Жарык берээр бардык ааламга...
Тарыкчылар тилинде айтсак;
Асман, тагдыр буйругун аткарууда.
Ал канаттуу аттыр учуп асманга,
Эмне кылмакчы асманда?
Достук эмес, Алла деймин айтканга...

Амандык жана токчулук Сары өндүү ажыдаар, «буралып-буралып» учкан жайда гана болот. Асман уулунун кату ишеничи ушундай. Ооба, ал бүгүн Цянь-Мень-Ванхугун сарайында ушул ишеничке байланып, урматтуу адамга иштин себебинен бир Затты бийлик орнотуу максат болчу. Сыма Тандын уулу, кырк жаш чамасындагы жигит, эшик агага татыктуу Сима-Цянь шыйпанга жакын келип, У-динин отур деген белгисинен кийин, жер менен бир болуп жөрмөлөп таазим келтирди.

Сима-Цянь өкүмдар маңдайындагы жайга тизеси менен чөгөлөдү. Зумраттан жасалган ылдыйраак олтургачка жакынраак жайга тизеси менен чөгөлөп олтурду. Акылдуу, билимдүү жана зирек Сима-Цянды У-ди өзүнө жакын тутчу. Ошол тууралуу аны мамлекет жандап жүрөтурган кылып сапарларга бирге алып жүрчү. Сима-Цянь тарыхый болуп өткөн жайларды өз көзү менен көрүүчү, калк оозунда айтылган кошоктор, санжыраларды жазып алып, сөөктөргө, таштарга, шайы оромочолорго жазылган кадимки кол жазмаларды кунт коюп угуп үйрөнүүчү. Ал эң чоң Кун-Цзи туулган өлкөдө дагы болуп, анын атына курулган сыйынуучу, намаз окуучу мечиттерди курган. Жакында Асман уулу Сима-Цянды Тайшигун сарай тарыхчысы кызматына дайындалган.

Бул жаш тарыхчы бул күндөрдө бир жүз отуз бөлүктөн турган «Ши Жи» (тарых жазуулары) китебинин Кытай тарых басмаканасына негиз болгон улук китепти жаза баштаган болчу.

Сарай башкаруучулар ортосунда Сыма-Цяньга көз атуучулар болгондуктан, көралбастар, каралоочулар да аз эмес. Себеби, бул жаш тарыхчы Асман уулунун

улуу иштерин башкарган убагындагы эң көрүнүктүү, мактоого татыктуу башкаруучулугундагы ийгиликтерди келечекке жазып калтыруу максаты болгон болчу.

- Китеп иштери кандай? – деп сурады У-ди

-Жазылыпжатат. Маркум атам топтогон документалдуу маалыматтардан да пайдаланып жатам деп этияттык менен жооп кайтарды

- Атанды урмат менен тилге алганын жакшы!

- Албетте, урматтуу Кун-Цзи маалыматына амал кылмак милдетибиз.

- Ал улуу заттын: «Бийлик бийликтей болушу, элдер элдей, ата атадай, бала баладай болушу керек!» – деген үгүт сөздөрү дайым эсимде. Жазылган тарых китебинде да ушул өкүмдарга берилгендик даңкыны даңазалайм.

- Жазылгандын бир болүгүн көздөн өткөрдүм. Калганын өзүн окуп берчи?

Сима-Цзянь зумрад отургучтагы жарым ийилген атайын даярдалган, жогорудан ылдый караган сөздөрдү шайы оромолчодон колго алып окуй баштады.

- «Кадимки Жунгуда Ли-Вандан нааразы болгон калк көтөрүлүш чыгарганда».

-Бул жерини калтыр! Ли-Вандын уулуну Ченьсян кандай кылып жашырып калганы туурасында жазылган жайынан оку!

-«Ли-Вандын уулу тахт ээсиЦзинь атасынын Ченьсян Шао Гундун үйүнө жашырган.

Көтөрүлүүчүлөр Ченьсяндан Цзини тышка алып чыгышын талап кылышты. Шао Гун өз уулун «Мына Цзинь»– деп тополоңдошкон аламандар колуна

тапшырды. Ошондон кийин аны тополончулар талкалап ташташтары. Ошентип тарыхка тахт ээсин өлүмдөн куткарып калды».

-Жетээрлик! Бул көпчүлүк адамдар үчүн өрнөк болушка арзыйт!

Өкүмдар ойго чөгүлдү.

Сима-Цянь ойго чөгүлгөнүн бузбастан тынч олтуруп калды. У-ди Кун-Цзи илим тууралуу ойго толгон эле. Башкаруучу өкүмдарболушу керек, уул уулдай болушу!

Өкүмдарга уулдук милдетти уулдук чын жүрөктөн берилиши! Кандай болуп мындан төртжүз жыл көрүнүктүү алтынчы хан өкүмдары пикирин, каалашын ошончо анык ачык көрсөтө алган экен? Акыйкатта акылдуу улуу зат экен. Көзү ачыкта мынчалык терең түшүнүктүү болобу? Асман уулу Сима-Цзянга нааразы болду. Ал сөздү улантышка уруксат бергенин түшүндү. Тайшигун бүгүн айта турган сөздөрүнүн бардыгы өкүмдарга жагып түшүшүнө көңүлсүздүк кылбаса да, ал эмнеден сөз башташтары кабыл алышын билбес эле. Ал оюн, өз жазууларына көз алдына келтирээр эле.

- Кайсыл бирөөлөр Асмантагы чындап Жунгу жеринен толук өзүнөн деп ойлошчу, - ишеничсизраак кооздоп сүйлөй баштады: Сима-Цянь жок, Жунгу Асман тагынын орто бөлүгү гана. Асман тагы чындыгында бүтүн дүнүйө! Демек, бардык аалам Асмантагынын карамагында болушу керек!

У-ди тарыхчынынсөзүн тынч олтуруп угуп жана анын ыраазы болгонуна кубанычтуу эле. Тайшигун чыйралып сөз улады.

- Асман уулу бир гана Жунгу өкүмдары гана эмес, ал эң чоң Асмантагында жашоочу бардык калктары көз алдындадыр! Бүтүн башка өкүмдарлар Асман тагына кошумча соода-сатык белектерди келтирип турушат.

- Алардан келген балектери салыктыр, салык төлөөчүлөр – менин уулдарым! Сыма-Цяндин сөзүн болду- ушундай деп жазамын «Тарых жазуучуларга»!

Бул сөз Сима-Цянь үчүн жаңылык болду. Демек, Асман уулунун башка мамлекеттерге анын өкүмдарларына жиберген белектерибизди чыныгы белек деп билиш, алардан келген белектер Асман тагына жиберген белектер бажы төлөмү деп билиш керек!

Илгери майда өлөлөрдөгү падышалар карамагындагы төрөлөрүн «уулдарым» –деп аташкан. «Уул кылыш деген-тообо кылдырыш», баш ийдириш манисин жаңылап келүүчү Жунгуда.

Эми болсо башка журттар, элеттердин өкүмдарларын дагы Асмантагынын «уулдарынын уулдары» – деп аташзарыл! Сима-Цяньдын жазыла турган китеби Хан империясынын алтынчы императору У-дини абдан чоң аталыштагы өкүмдарын «Уулу» болупүлгүргөн деп келечек муундарга жеткириш керек! Күтүлбөгөн ачылыш жаңылыгы толкундаган.

У-динин иш арасындагы уруксаты менен Сима-Цянь баштаган ой пикирин улантты.

- Жакында Цзя Инин «Го Чин Лунь» китебин толук окуп чыгып, андагы сөздөрдүн чукур маанилүү экенине дагы бир толук ишендим: «колго киргизүү башка, аны сиңдирип алыш башка»! Чин Ши Хуанду тууган уруктары колго тийген, ээленген мал-мүлктөрү, ушул бар дүнүйөнү сактап асырай алыша албады.

Сиздин чоң бабаңыз Улук Гао-Ди мураскору, биринчи сиз, менин дөөлөткөрүм, колго кирген жерлерди, аймактарды сактап калыш эмес, балким аларды жаңы өлкөлөр, мамлекеттер катарына кеңейтүүдүр... У-ди кыймылдабай, катып олтуруучу, ал кирпигин да ирмебей олтуруучу.

– Булардын бардыгы Тянь-Тунга таандык, алдынала белгиленипкоюлган! Тянь-Тун...Тянь-Тун

– Асман жактан алдынан белгилеп коюшуна согуштук тартип. Канчалар терең маанилүү Аллага сыйынгандай согуштук тартип. Асман уулунун маңдайында уялгансып, кымтынып отурган, негизги иштерди кагазга түшүргөндөн башка колунан келбеген тарыхчы терең маанилүү Тянь-Тун түшүнүгүн өз убагында эске салды. Асман бийлигин амалга ашырыш - Асман уулунун жанаанын терең ата-бабалары тууралуу өз жоопкерчилигине алыш булардын иши, анын иши! У-ди өз түшүнүгү, акыл-эси, жүрөгүАсман берген парасаты менен байкап олтурат... Ага белгиленген улуу эреже, максат, өз темирдей туруктуулугу, мээнети, күрөшүүсү, табыш-туулугу, ойчулдугу менен амалга ашырат! Сары ажыдаар байрагын желбиретип, алдын ала белгилеп койгон. Асман буйругу менен пайда болгон бул байрак түндүк, түштүк батыш, чыгышта жайгашкан башка майда, орточо калктарды, улуттарды бириктириш! Алардын тилдери ар башка, үрп-адаттары аркыл болушунэч кимди кызыктырбайт. Бир гана Асмантагына алардын баарысы бир түрлүү ой максатта биригип калгандыгы жетишээрлик. Бардыгы биригип ошол чоң мамлекеттин өнүгүп-өсүп, бай тынч жашоо учун бир максат менен калышат.

Асман уулу ушуга макул, Тянь-Тун белгилеген дүнүйөлүк эрежелерди чындык, мындай түбөлүктүү эрежелерди жер жүзүнө таратыш же толук жеткириш, көк асман астында жүзүнө терең иштердин эң макулудугу кубанычуудур! У-динин терең максатын этияттап байкап турган Сыма-Цянь Асман уулунун жүзү өтө эле ачылып кеткенин сезди. У-динин өзү дагы Сыма-Цяньдан муну жашыра албады, мүмкүн дээрлик эч бир, эч ким кыла албай турган бул «Инсан» аркылуу Асман уулу тарыхчыга атайын тапшырма берип жаткан болчу. Тянь-Тунда белгиленген дүнүйөлүк эрежелерди Хан доорунда амалга ашырышын, турмушка пайдаланган Сыма-Цянь көп сандуу шайы оромолчолорго бата турган жазуулар аркылуу келечектеги миң, беш миң, он миң жылдарда бирине токтоосуз орун бошотуп туруучу улуктар бири-бирине чынжырдай өткөрүп билишсин жана окушсун!

Модомики Хан үй-бүлөөлүк болочок ишенимдүүсү Асман тарабынаналдын ала белгилеп койулчу экен. У-ди Асман уулу өзүнүн акыйкат атасы Асман өкүмдардын темирдей эрежесин аткарды...

У-ди максатташ, тилектеш Асманга көз салды. Албетте ага белгилүү, урматтуу Асман өкүмдары Цзи-Гундун түбөлүк сыйынуучу мекени Темир казык жылдызы жанында. Ага жакынраак жайда, Бэйдоу, жети каракчы жылдыздары жанында, Тайи-улуу биримдик руху жана Тянь-и-Асман бирдиги руху жашашат. Эң түгөнгөн баштууларда болсо, Асман периштелери учуп жүрөт. Кээ бир убакта жерге түшүп турушат. Кимге бакыт жылдызы конуп калса, аларга көрүнүп калса, ал кишиге Асман периштелери көңүлүн

бурса өлүмдөн түбөлүк кутулат, түбөлүк жашайт. Асманга көтөрүлүп кетет. Ал адамдар периштеге айланат. У-ди сыйынуучу Адам ата өткөн бабалар император Хуанди өлбөгөн, ал периште болуп асманга көтөрүлүп кеткенине ишенет. Эшик кароочулары анын кийимдеринен баш кийимин бекитип сактагандар, ушул тууралуу жерди Хуандинин кабырын музей катары пайдаланат!

У-ди түндүк деңиздер ортосунда жайлашкан сыйынуучу Пенлай тоолорунда бир нече жолу көзү ачыктар менен олуяларды жиберди. Балким ал жерге Асман периштелеринин түшүп туруштары илгертен белгилүү. Бир кезек У-динин өзү дагы сабыры чыдабай ошол тоолорго жакын барды. Рухтарга кызмат кылуучу көзү ачыктар менен олуялар Асман уулуна сыйынуучу тоо бул жерден узак болсо да ал дайыма калың булуттар менен капталып тургандыгы үчүн аны көрүш мүмкүнчүлүгү жок деп айтышкан. Асман периштелеринин барына арнап сыйлап курбандыктар кылынса аларды төрт деңиз аралыгында көрүнүш мүмкүндүгү тастыкталды. Акыры периштелердин издерин курукчулукта мунаралардын үстүндө да учуратышкан дешет!

Асман периштелери Жунгуда учуратыш чаралары курулду. Эгерде алардын көзү түшкөн болсо У-ди, Хуанди сыяктуу улуу затка айланат. Ушул абалына он экиге чейин жеткизиши мүмкүн болгон ар кыл аялдарды дагы, сегиз ар улуттук ханзада аялдарды дагы, көңүлү жакын сырдаш, табакташ аялдарды дагы кечип өзүнүн акыйкат атасы Цзи-Гун-уулу Асман өкүмдары жан тынчуу жайга көтөрүлсө болот. Цзи-Гун У-диден ыраазы болот, себеби ал Тянь-Тунга

ылайыктуу бардык улук иштерди амалга ашырды жана ашырууда. У-ди кыялында өзүн улуу Асман өкүмдары катарында көрөт экен, өмүрүндө бир канча жолу өзүн көрүнүктүү жетекчи катары көрөт экен. Эмнегедир кыялы диртилдеп сезгенип кетти. Эмнеге? Башка бардык иштер катары Асманга көтөрүлүштүн дагы орду, убакыты бар акыр. Буга артыкча ашыкбаса да болот. Асман уулу ай сүрүштөн токтоп, сергек олтурду. Анын тушунда тизе чөгүп тарыхчы олтуруучу.

-Жакын арада Шенбиндер узак күн батыш мамлекеттерине жол тартат – деди У-ди, сөздү жакындатып.

– Бул тууралуу жазганыңды унутпа: тарыхчынын иши мамлекеттик кээ бир ишке аралашып эмес, балким, максат, болгон ишти Асман эрежелерине туш келгендей баяндоо!

Өкүмдар эмне талап кылганын Сыма Цянь жакшы түшүнөт. Асман уулунун Цянь-Мен-Ванхунун сарайындагы бүгүнкүчарчоону чыгарып, пикирлеш, сырдаш түз олтуруп кеңеш берүү жана алыс, башка калктар менен болгон мамилелерди хандар кызыкчылыгы накта мамлекеттик кызыкчылыгын талкуулаш жана аны жөнгө салып, жиберүү каратылган эле.



ЭКИНЧИ КИТЕП

-Биринчи бөлүм-

ДАВАН ДУШМАНДЫК КӨЗӨМӨЛГӨ АЛЫНДЫ ЖЕҢҮҮГӨ БАГЫТТАЛГАН АТТАР

Бул аттарга минип, өлүм болбос мамлекеттерге жетип алса болот кадимки Кытай легенда, фантазиясынан Жан Цянь картайган Хумду үй бүлөөлүк достук жана карындаш урук байлоочу жип учун аракеттенип жаткан кезде Шенбиндер бирин-серин Гуши, Лоулань дагы Тарим дарыясы Тынч океандагы башка кичине өлкөлөрдү моюн сундурган болуучу (биздин эрага чейин 108-109-жылдары). Бирок Шенбиндерди түндүккө жана да жылдырышка аттардын жетиш-сиздиги тоскоолдук бере баштады. Ошол тууралуу айрым согуш башчылары, айрыкча Хун аттарынын күлүктөрүнөн жетерлик топтоп алганга чейин түндүккө карай жүрүштү токтотушка да макул эле. Кымбат баалуу белектер менен бир топ элчилердин бир тобуну Аньси, Янцой жана башка мамлекеттерге жиберилди. Даванга ушул кезде көп элчилер топтолушуп барып жатышты, тарыхчынын сөзү менен айтканда «биринчи желке-синен экинчисинин көзү тойчу эмес», жана да карама-каршы жөнөтүлөт эле. Асман тагы бардык жерди бойлоп, курбандык кылуу убакта тайлардын ордуна жыгач аттар «союла турган» болуп калган эле. Хан мамлекетине аттарды келтиришке кең чөлдөр, кумдуу жайларда шимшип

турган Хун каракчылары тоскоол болуп турушту. Хан каравандары Хундар бирок баары бир колго түшүп калуучу. Өтө кыйынчылыктар менен келтирилген аттарды Сарайда бирден көзөмөлдөп алышчу. Алып келинген аттар көп болсо шаардын четине чыгарып, ат чаптырып текшерип алышчу. Бүгүн дагы адамдар ат чаба турган жерге топтоло башташты. Бардыгынын оозунда бүгүн Давандан келтирилген күлүк аттарды байгеге койуп көрүшөт деген сөздөр.Отуз алты ат коюлган, тамаша убагында пайдалана турган Фанзя деп аталган эки кылдыректүү саяван аравада олтурган У-ди түштүк кендикте, маңдайдагы дарбазасынан чыгып кетти. Бул Асман тагында аттар жетишпей жаткандыгын жана күлүк-төрдүн санын көбөйтүрүш максатта элге түшүндүрүш керек эле. Асман уулунун саябан аравасы алдындагы корукчулар сүрүлгөн элдерди четке чыгарып барышты. Узактан Асман уулунун көрүнүктүү саябан аравасы жаркырап көрүнүшү менен бардык топтолгон адамдар тизе чөктүрүп, жерге жабышкан абалда таазим кыла башташты... Саябан арава жанында пилапая келтирип койгон эки кызматкер жардамында У-ди акырын жерге түштү да, таазим келтирген адамдардын жанынан кадам шилтеп өттү. Эч нерсе билбегендей, жанын берүүчү адамдар эмес, жыгачтар жагылып жаткандай эле. «Бүгүлгөн ушул желкелер үстүндө бут басып, Асман аттар менен бүтүн түндүктү моюн сундурса болот»! – деген ойго батты. Асман уулунун оюу боюнча.

Кубанычтуу У-динин куп дечүүлору бетинде жылмайуу пайда болду, бирок бул жылмайууну эч ким сезген жок. Асман тандаган заттын сакчылары да,

жанындагы коргоочулары да өкүмдарга тик караштан айбыгып, көздөрү жер тиктешчү.

У-диге жанын төшөөчү кызматкерлери дагы баштарын ийип тургандыктан өткөндөргө алардын колунун учтары жана кийими гана көрүнөт. Баш көтөрүп карашка эч ким батына албайт болчу.

У-ди төрт тарабы ачык бийик шыйпанга Мрамор таш аркылуу көтөрүлдү да жумшак олтургучка олтурду. Шыйпаңдын күңгөй тарабында саргыч топтолуп тура турган шайы парда тартылган болчу. Гун-Сунь Хе менен жана бир нече белгилүү адамдар Асман уулунан пайге тарапта чогулушуп жайланышкан.

Башкалар алардын аркасында олтургучта олтурушкан. Бийик кооз жөлөнгүчтүү шайы шырылган жайга Асман уулу калган жетекчилеринин символу болгон топтолуш жок эле. Узакта ат чабуулардын ары жагында жөнөкөй адамдар жерде олтурушат. У-ди өзүнүн ар бир аракетин абайлап карап турган Ченсянга карап акырын баш силкиди.

– Баштай бериңиздер!

– Гунь-Сунь Хе Асман уулунун белги бергенин ар жакта буйрук күтүп, жай турган аткаруучуга жеткирди.

Даванаттарынын тизилип турушу башталды.

Шэнбиндер ноктолонгон төрт аргымакты бирден тизгинден жетелеп ортого алып чыгышты.

Аттар кулактарын көтөрүп, үркköндөй бышкырышты. Жаныбарлар мындай көп адамдарды биринчи жолу көрүп жатса керек.Аттарды айландырып, алды жагынан, жамбаш жагына, арт жагынан көрсөтүштү.

Ат тизгиндегенШэнбиндер жумушун орто даражадагы саяпкер адамдар менен башкарышат.

Көргөзмөдөн өткөн аттарды саяпкерлерге көпчүлүк элдерге да көрсөтүш үчүн башка жакка да алып кетишти. Бүткөндө жапалдаш кызгыч денесинин кооздугу Хун атын көргөзмөгө жетелеп келип тике кармап тургузду. Бардыгынын таң калыштуу көрүнүшү учкаар Даван аргымагын алып келген чабандезге карашты. Аргымак туп-туура Хун аты үстүнөн секирип өттү. Урматтуу аксакалдар арасында «офарин» узактан көз артып турган көпчүлүк кыйкырыгы менен аралашып кетти.

Ошол убакта чабандез аргымакты кайтарып башка кара ат үстүнөн секирип өттү. Даван аргымагы жөнүндөгү мактоолор кереги жок эле. Ат байгесине жакындаган убагы башталды. Пайгеде аркыл жаштагы, ар кыл асыл тукумдуу аттары коюлуш керек эле. Узактан чаң көтөрүлдү. Маарага бардыгынын алдыда баштап көрсөтүлгөн төрт Даван аргымагы дээрлик барабар жетип келишти, андан Анси, аркасынан Яньсой аттары пайда болду. Кучтүү, бирок кыска аяктуу хун аттары аркада калып кеткен эле. Тайпу жакындап Чэнсяньга акырын угузду: ылдый жакта бир соодагерадам турат. Мен ырчымын дейт, Лояндан келген имиш. Даван аттары жөнүндө жазылган ырым бар, ошону окуп берейимби дейт. «Мейли, окусун»! –жооп берди

У-ди. Шыйпан жанына бойчон, арык-чырай кишини баштап келишти. Токтоосуз таазим кылган ырчы Асман уулу жана анын белгилүү башчылары алдында өзүн өзгөчө сезди. Ченьсяндын айтуусу менен ырчы сергек сакалын селкилдетип, доошун бийик кылып окуй баштады. Ырынын мазмуну төмөндөгүдөйэле: Башта Алланын кудурети менен

Асман тагы жаралды, анын тактына кезеги менен Асман уулдары олтурушту. Асмантагы гүлдөп өсүп баратты, дүнүйө байлыктары ага суу аккандай келтирилди, баары таң калаарлык – ажайып колго киргизиш Асмантагы үчүн эсеп эмес эле. Бирок Хандыктар Асман аттарына гана жетише албаган. Кантип Асман уулдарынын элчиси Жан-Цянь Асман тоолоруна жетип барды. Ал тоолордо нак булуттарастанасында абдан таптаза тоо абасы, шаркыраган суулары, көбүнчө беде өскөн жайларда тоо аттары ыргыштап жүрүшөт. Ал аттарды «тоо аттары» деш кемдик кылат. Алар чынында эле Асман аттар! Кантип Асман аттары Асман тагына келтирилди. Асман аттардын тээриси да өзгөчө, кызыл өңдү канга окшош! Ал аттар кымча бойлуу, буттары узун, колтуктарынын астында көзгө көрүнбөгөн канаттары бар. Асман аттарга өлүм жок, көп мамлекеттерге алып бара алат. Аларды минген адам ар кандай жоону кууп жетет, ар кандай жоодон качып кутулат! Бардык билгендер таң калышчуу: эмнеге ушундай учкул күлүк аттар Улуу Асмантагында эмес, бейбаш Даванда таркатылган?! Мында да бир биз билбеген маанилүү сыр бар! Бул Даван Асмантагынын жайлоосу болсун!

Давандыктар Хандардын жылкы багаарына айланбасын! Асман аттарынын жарымы кызыл-саргычтүстүү. Бул аттарга миңген Шэнбиндер Сары ажыдаар байрагын согушта тик көтөрүшөт!

У-ди башын силкинип койду, демек ырдын мани-си өкүмдарга жакты. Гун-Сунь Хе жанында олтурган ырчынын үстүнөшайы желек жабып, ал бүгүндөн баштап Асмантагынынсарайында калат деп угузду. Ат чабыш башталганга чейин жыгач такталардан бийик сөөрүлөрдү жасап койдурган Ат чабыш бүткөн-дөн кийин жарчы сөөрүүстүнө чыгып, эң чоң айып жасагандар үчүн чыгарылган өкүмдү бийик доош менен окуду. Андан кыйла алыс турган адамдар, алардын арасында турган башка жарчылар, сөөрүдөгү жарчынын окуган өкүмдү угуш үчүн доошунун баарынча даана окуп түшүндүрсүн, – деди адамдар! Мына айыпкерлер! Булар бир нече жыл мурун жол курулушунан иштен качып кутулгандар! Элди көтөрүлүүгө ушак таратчуулар, уурулук кылуучу каракчылар. Жолдон чыккан жарабастар азыр силердин көз алдыңарда өлүм жазасын алышат. Бул шайтан жолго кирүүчүлөргө сабак болот!

Жарчы сөзүн токтотту.

Сакчылар эки тараптан Хун аттары кошулган эки арава келтиришти. Желдеттер калтырак азгын айыпкерди жерге басып туруп бир бутун бир аравага, экинчи бутун экинчи аравага бышык байлап, эки арава эки жакка тарта баштады. Катуу кыйкырык угулду...топурак канга бойолду. Адамдын денеси экиге бөлүндү. Нары жакта турган эки желдет канга буланган эки денени замбирче салып, аламан турган жерден канын куйултуп өтүп кетишти.

Жарчы- Асман уулу өз буйругу менен калган айыпкерлердибошотту.

Аламан элдер таркай баштады.

Шыйпан жанынан түшүп бара жаткан амалдуулар бирине акырын шыбырап:

– «Сиздин кулуңуз Ань-Инди тааныдыңызбы»?

- Тааныбай кандай! –деп жооп кайтарды.

Дунго Саньян, аны элчи катарына келип кошулганга чейин каракчылык кылганына өзүм күбө болчумун!

- Дагы ооматы келиптир да!

- Өтө эле анчалык эмес! Асман уулу аларды шенбиндер менен Даванга жөнөтүш үчүн аларды жазага тартпады.

- Асман уулу калгандарын бошотконун эми түшүндүм! Бардык нерсе алдынан эрежеленип коюлган: жооптуу кызматка жараксыз эки соттолгонду бошотуп, башкаларын коркутуш. Алар да баары бир өлүшөт, бирок бул жерде эмес, узак мамлекеттерде.

-Экинчи бөлүм-

САРЫ ДАРИЯ ЖЭЭГИНДЕГИ БАК

Бул бак Даван боорлоруна мөмөлүү бак эгип көбөйтүш максаты коюлган болчу. Асман уулунун багбан башчысы элчилер кербендери менен Даванга барып, Асман тагында жок мөмөлөр, жүзүм жана жер жемиштүү жашылчаларды кандай өстүрүш, карашты өзү өз колу менен көргөнү келген жок. У-ди Даван багын көргөнү ушул бүгүнкү күнгө белгилеген болчу. Багбандар көптөп кызматчылар, кулдардын жардамы менен өкүмдар келишине бакты бир нече күндөн бери даярдап турушкан.

У-ди даректар, гүлдөр арасындагы жылан изи, кыштан тизилген жол менен сыйлуу коноктордо бак өстүрүүнүн зарылдыгын түшүндүрүп жатты. Баш багбан мөмө даректар тууралуу айтып берди.
Катышуучулар укмуштуудай мөмөлөрдү, сүйкүмдүү бак көрүнүштү,жол боюнда анжир, анар жегенче, сугат жердеги бакта кечки бадырың даамында татышты. Көбүнчө жап-жашыл бедени тамаша кылышат экен. Алар жанында болуп өткөн ат чабышты эстетишти да Асман сыйлыгын болгондугу тууралуу ойлорун бөлүштү. Бул тууралуу өздөрүнүн билимдүү деп эсептеген акылмандар Асман уулу жанында тартип сактап, үндөрүн чыгарбай, этияттык менен бири-бирине, айрыкча кабарсыздарга, Даван аттарынын күлүктүүлүгүнүн сыры так ушул, «Му-су» да деп түшүнүшөт.

«Му-су» абдан тойумдуу тамак. Ушул жердин чөбүн жеген аттар семирип кетпейт дешчу, алар жылкыны семиртип жиберет, ошону үчүн Сюнну аттары эттүү, күчтүү, бирок, күлүк эмес. У-ди жаш жаңгак көчөтүнүн жанына токтоду. «Жаңгактын маңызы абдан тоюмдуу, анын майы пайдалуу» – деп баш багбан түшүндүрдү. Асман уулу жардамчылырына маанилүү көңүл бурду. Эч ким чук эткен жок.

«Бул даректын жыгачтарынан кылыч, канжарларга бышык сап жасаганда болот» – деп калды, күтүлбөгөн жерден У-ди. Гун-Сунь Хенин көңүлүнөн Асман уулу бул тууралуу каяктан билсек экен деген ойго келди. Демек, өкүмдардын билбегенин Ченсян дагы билбей турганын айтып берүүчүлөрү болсо керек да! Айтылган жаңылыкка дүйнөдө айтылбаган сыры так ушунда! Таң калаарлык – бул заттын туулма сапаты эмес го. Гунь-Сунь Хе өзүнүн дагы бул тууралуу билимин байкатыш үчүн сөз кошту: Даванда «балта сабын өзүнөн чыгарыш керек» деген макал бар. Мейли, сап алардын дарагынан боло берсин, бирок, кылычтын сабы өзүбүздүкү болушу керек!

– чыныгы максатын айтып салды Асман уулу.

Шиңгилдеп бышкан жүзүм ноодасына жакындаганда багбан башчысы дагы сөзгө кирди:

«Бул жүзүм ноодалары башта көкмөк эле, жашыл түстөн саргара баштаганда мөмө бере баштады».

«Түшүм бериш үчүн чоң жүзүм мөмөлөрү да саргайганда быша башташат экен» – өз билимин көрсөтүш үчүн ушул шарттан пайдаланып калмакчы болду Гун-Сунь Хе. Башкалар да өз оюн билдире башташты; мына, Даванда эмне өскөн болсо саргарып кетиши көнүмүш көрүнүш.

– Мөмө-чөмөлөр, Давадын өзү дагы сары түскө айланышы шарт. Бардык дасторкон кен Хан такка жайылып бийик шыйпанга көтөрүлдү. Күмүш табактарда түрдүү түстөгү жүзүмдөр, анжир, анар, бадырың, жаңгак коюлган эле, алтын көзөчөлөрдө ичүүчү суйуктукар, суусундуктар. Ак сөөктөр килемдин үстүнө шайы төшөктөргө бир бирден тизелеп олтурушту.

У-ди аркаларына пар балыштар коюлган бийик орундукка олтурду. Бактын ыркыраган шамалдуу бийик жайына курулган шыйпаңдар Сары-дарыя Хуан Хенин чоң бөлүктөрүнөн Вейхэ дарыясы көрүнүп турат. Бул бак Сары-дарыяны Даванга жакындаштырган болчу – деди сый үстүндө сүйлөшүүнү баштап берүү максатында Ченсян Гун-Сунь Хе.

- Азырынча, мүмкүн Даванды Сары-дарыяга жакындаштырганбыз!-Сөзгө аралаш, өзүн көрсөтүп коймок максатында жаңы башкаруучунун бири Дунго Сянь-Ан. Даван жүзүм ичимдиги меймандарды кыйла кызытып койгондугу сезиле башталды.

«Жүзүм ноодалары Давандан келтирилген болсо да канча ичимдиги Давандардыкына окшобойтго?» – сурап калды митаам У-ди. Бул суроо ошончолук пайдалуу экендигин баары түшүндү. Асман уулу баарына белгилүү акыйкат, жана хандыктар али Даван жүзүмүнөн мусалла даярдаганды жакшы үйрөнө электигин эстетмекчи эмес эле, албетте. Гун-Сунь Хе аркага жөлөнө түшүп эмне дегенди билбеди...

Мунун сыры сууда! – өзүнүн суроосуна өзү жооп берди У-ди. Асман уулунун ниети түшүнүктүү болду. Ченсян ушул убактан пайдаланып пикирин, оюн кенирээк түшүнүшкө киришти:

-Даван сууларын бул жерге алып келиш мүмкүнчүлүгү жоктугу бирден бир көрүлө турган маселе. Даванга жакын дарыя боюна хандыктарды жайланыштыруу керек!

Ана ошондо Даван сууларына сугарылып канган жүзүмдөрдөн даярдалган суусундук Асмантагына агып кире берет! – дагы сөз таштады Дунго Сянь-Ян. Гун-Сунь Хе бир аз жылмайып, Дунго Сянь-Яндын какшык сөзүн артыкча дегендей болду. Аа, баракелде!- бир аз жумшады Чень-Сян, жаныдан кошуп алына турган мамлекеттерге соодагер көзу менен караш анча жага бербеди...

Ошол убакта бир аз ары жактан:«кармагыла аны, тирүүлөй кармагыла»! – деген кыйкырыктар угулду. Ар тарапта жай турган, ылдыйкы бөлүктөн шыйпан жакка ат чаап келе жатканадам боюн таштады да, аны сакчылар курчап тутуп алышты. Азыр Асман уулу ушул жерделигин билип, анын багына кирип келген кандай, ким болушу мүмкүн!? Ушунча сакчылар, жоокерлергекарабай, бул жерге кайсы жол менен кантип келе калды? У-динин буйругу менен колго түшкөн он сегиз жаштагы жигитти шыйпаңдын жанына алып келишти.

- Сен кимсин, кайсыл жерденсин? – сурай баштады Гун-Сунь Хе.

- Мен Асман уулунун жанында турамынбы? – суроого суроо менен жооп кайтарды туткун.

- Албетте, сен Асман уулунун багына бастырып келдиң!

Жигит эки кубаттуу сакчы колунан чыгып Асмантагы өкүмдарына зор берип таазим кылууга урунду, бирок эки сакчы ага мүмкүнчүлүк бербеди.

- Бош койгула! – буйруду Ченсян. Сакчылар жигитти пешенесин жерге тийгизишке мүмкүндүк берди. Ал жер барабар таазим кылып, мындай деди: «мен Даван жузумун көрүп, андан ооз тийгим келди, адамдар бул шумдуктуу жаңылык деп жатышат Даван жүзүмүн».

- Кандай кире калдың бул жерге?

- Дувал алдына коюлган куурдан өттүм.

Куурда бүгүн суу жок экен.

- Атың ким, кайсыл жерден болосун?

- Атым Женче. Кайсыл жерде туулгандыгымы өзүм да билбейм. Кароосуз жетиммин.

- Асман уулу бүгүн ушул жерде экенин билет белең?

- Жок, билбейт элем. Бул бакка бүгүн гана кирип, Асман уулун көргөнүмөөтө кубанычтамын. Билемин, мени жазалайсыңар, мейли, бир башка - бир өлүм! Ченсян У-диге суроо катары карады.

- Мейли жүзүмдөн бул жерде да, Даванда да тоюп жесин – деди акыры У-ди. Асман уулунун бул чечимине башкаруучулар таң калды.

- Асман уулу бир кашык каныңдан кечти! Шэнбин болгун: –деди Гунсунь Хе. Ал жигит өз кулагы менен уксун деп доошун чыгарып Сунгра сакчыларга карап буйруду: - «Аны бошоткула, мейли, тойгуча жүзүм жесин»!

-Үчүнчү бөлүм-

САЙМАЛУУ ТАШ ЭСТЕЛИКТЕРИ

Тоо этегинин төө өркөчүндөй жандамада эң бийик жаңгак даректары көтөрүлгөн. Жылдыздардын кеңдигине окшогон тоодо эркин жаркырашы тоо асманынын карамтыл түстөнгөндөй болсо керек. Жаңгакка жакын жайга жүн шалча таштaлган, анын үстүнө тери дасторкон жайылган. Алла жөнүндө жобурашып үч киши негедир бери жакта, көк чөптүн үстүндө жамбаштап жаткан эле.

Жапайы райхандардын атыр жытынан тойунуш үчүн жыттап жатышкан бекен алар?

Мүмкүн, көңүлачканы тоо кеч нурунда тамак ичиш убакта, бир эки чанач кымызга тоюп сырдашып жатканы бул жерге келип калышы да мүмкүн. Ушундай неберени үйлөндүрүп коюш убакты эле – деди сөзүнө жакын жасаган ак гүлдүү топу кийген абышка.

- Туура, албетте! Сиз бул балага ата да, чоң ата да болосуз – макулдады экинчи карыя. Сооп жолуна бел байлапсыз, бул дурус максат!. Сырдашуунун максатына кошулган карыя – кожоюн. Ал ар жыл эрте жаздан кеч күзгө чейин көгарт Даванынын (Фергана аймагындагы көгарт тоосу) тоо арасында, жайлоолордо өз жылкыларын багат. Анын эки уулу, келиндери, неверелери бар. Жаңгак дарагынын аркы тарабындагы Яссы дөңчөсүндө тигилген төрт боз үйдөн биринде карыя кемпири менен, башка эки боз

үйдө эки баласы балдары менен жашашат. Боз үйдүн төртүнчүсүн дагы жасалгалап койгон, бирок эч ким жашабайт. Ал өткөн-кеткен жолоочулар конуп өтүүчүлөр үчүн. Үйлөрүнө жете албай кеч калгандар үчүн. Ошол тараптын Беги бул аксакалдын кылган эмгегин туура баалаган. Бек чон жол ат арабасындагы бул жайлоолорду ушул аксакалга тапшырган. Небересин үйлөндүрүш жөнүндө айткан чал – мейман. Анын бул жерде болушу биринчи жолу эмес. Бул карыя мурда да бир нече жолу келген. Экинчи жолу бул аксакал кыздардын бирин турмушка чыгарганда узактан узакка болсо да тойго келип кеткен, жана бир нерсе шылтоо болуп келип мейман болуп олтурат.

- Чек арадагы базарда жылкынын көп тамга басылгандарын алат имиш деп уктум –деди мейман.

-Мен дагы өткөн кетекендерден укканым бар,– деп айтты. Бир соодагер эки жылкыга алмаштуруучу алтын тыйынга, эми бир жылкы алмаштыра турган болуптур. Ушул сөз туура чыгат. Узак күн чыгуучу тараптан келген эл журт көп аттарды сатып алып жаткан имиш. Хунндар базарга ат алып келбей коюптур, ошону учун аттар кымбаттап кетиптир. – Алып барган жылкыларды сатып, ордуна ала турган келинге кыйла кийим кече, тагынчак алса болоор экен да, божурап суйунду мейман абышка. Кийин соз улантты: – бул төрт жылкы аздык кылаар бекен, деп ойлоп келе жаттым эле. Бир аз кемдик кылса, неберем теңтуш-тарынан укпасын деп этият болот экенсин да. Создор ошол жерде калсын. Узактан кун гүлдүрөгөнү толук угулду. Асман таза тунук эле.

- Чурка уулум! Жылкыларды короого киргиз-гиле. Иниңди да чакыр. Сүйлөшүп жатып карабай калып-быз, доошуна караганда сел болгудай.

Абышканын эки уулуна мейман карыянын Бургут небереси да кошулду. Ал чоң кишилердин сөзүнө аралашпайын деген болсо керек. Үй кожоюнун кенже уулу Кошок менен боз үйлөрдүн аркасындагы майда, жумшак чөптө бир нерсе жасап жаткан. Бул эки жаш балдардын сөздөру бири-бирине макул келди. Алардын жаштары да анча баркы жок. Бургут он сегизде, Кошок болсо он тогуздай көрүнөт. Үчөө жылкыларды тез эле короого киргизишти. Жигиттер тамашалашып, күч сынашып күрөшүп көрүштү.

Бургут эки ага-инини бирдей кучактап замат которду да, айландырып кайра жерге койду. Жаштар боз үйгө кайтышканда жамгыр жаай баштады. Аксакалдар эрте эле ачык абадагы жайды жыйыштырып коюп боз үйдүн ичинде бакылдашып олтурушкан. Бургут алардын жанынан жай алды. Үй ээсинин балдары өзүнүн балдарын жамгырдан үйгө айдап, аялдарына жардамдаша башташты. Ошол мезгилде чагылган чартылдап, тоо чокуларынан тартып ылдый жактагы жылга ортосунан таш топурак аралашкан жер сүрүлүп кетти. Мамакалдырак коркунучу доошу эми чындап боз үйдүн үстүнөн гүркүрөдү. Шамал көчүп жаткан селди силкип-силкип жаткандай туюлду. Чокудан түшкөн жаан, боордон агып келе жаткан жамгыр суу көп өтпөй боз үй тигилген түз очоктун эки жагынан ылдый карап шаркырап агып кете баштады. Сел бир тегирмен сууга айланды. Боз үйдөгүлөр тыбырашып, чуркурай башташты. Өрүктөй болгон мөндүрлөр жерден

секирип боз үйдүн ичине да кире баштады. Жаңгак дарагынын чоң шактары карсылдап сынып түштү. Бир аздан соң мөндүрлөрда селге айланды. Агып жаткан сел суунун каттуу доошу эми үйгө жакындай баштады. Аял кишинин кыйкырыгы угулду. Ошол убакта Бүргүт эшикке атып чыкты, анын аркасынан абышкалар да чыгышты. Кошок аялы экөөсү бирден балдарын колтукка кысып карыянын үйүнө алып киришти. Алардын үйүн сел агызып кетти. Ал үйдүн ордунда чоң суу агып жаткан. Кандай бул абышка, ушунча жылдан берки чоң тажрыйбасы менен суу агуучу жайга отурукташкан? Ар дайым эле ушул жерге көчүп келчү эле. Бул жыл башкача болду, жамгырлуу, сел көп кетти.

Эркектер калган үч боз үйдү сактап калыш, эгер мүмкүнчүлүк болбосо, жаш балдарды алып чыгып кетишке шайланышып калышты. Азыр эч кимдин андан башка чарасы калбады. Үй ээси, аксакал, асманды карап: «кара булут тез өтүп кетет»,– деп койду. Жамгыр сейилдей баштады. Мамакалдырак да акырындап үйлөрдүн үстүнөн ары жакка карай кете баштады. Демек өткүн өтүп кетти. Жамгыр токтоду, бирок шамал толук токтой элек. Бир убакта аттар бышкырып, жер тепкилеп, чолулай башташты. Дагы эркектер сыртка чыга башташты. Жылкылар короодон чыгып, оттоп жүрүшөт. Койлор чочулашып ар тарапка жайылып кетиптир. Кимдир бирөө:
«карышкыр келген окшойт» –деп кыйкырды.

Келиндердин бирөөсу үйдөн жаа алып чыкты, бирок, караңгылыкта кайда, эмнени жаа менен атышка мүмкүнчүлүк жок эле. Бургут Кошокту баштап жылга тарапка шашылды. Анын кулагына элес-булас

буулган койдун доошу угулду. Экөөсү теңүн чыккан тарапка тез чуркап барышты да узактан чагылган жарыгынан карышкыр койду көтөрүп качканын коруп, чуркап кууп, өрдөн ылдыйлап карышкырга үч-төрт кадам калганмезгилде колундагы жез чочмор менен башына чапканда карышкыр жыгылды да тиштеген койду кое берди. Караңгыда чочмор менен эки жолу жонуна чапты. Жырткыч да адамга карап бир тиш салышка аракет кылды, бирок алдан кеткени байкалды. Кошок көтөрүп келген карышкырды таш менен жанчып койду. Экөөлөп кой менен карышкырды үйдүн жанына алып келишти. Жылкылардан бири, кыр тарапта, жарадарболгону угулду. Алар жылкыларды, койлорду араң айдашып короолорго киргизишти. Ач көз карышкырлар кайтып келбесин деп абышканын чоң уулу уктабастан короону айланып жүрдү. Калгандары тошокторун салып уйкуга камынышты. Таң атаарда сыртта иттер үрө баштады. «Бай-бай, жамгырдан абдан суу болуп кетипсиздер го»– дегени, жана көпчүлүктүн басып келгендерин байкаган Бургут так секирип туруп, эмне болду деп, чоң атасына айтып, сыртка чыгып кетти.

- Коноктор келишти, чамамда – деп абышка небересинин жанына чыкты. Бей тааныш адамдар менен адаттагыдай кол алышып учурашты. Келгендер он чакты бар экен. Саламдашып, кыскача сурашканда чек арадагы жолдо жамгырда калган жолоочулар экен, бара турган жайлары алыс болгондуктан жол четиндегиүйлөрдү көрүп, бурулушуптур.Үй ээси меймандарга бышырылган ыссык сүт алып келдида: шамалдаганга даарылыгы бар, ичиңиздер.

Меймандар: рахмат, сүт иче албайбыз, андан көрө кайнаган суу болсо – деп сурашты.

- Мейли, сиздер өрүк как шербет ичесиздер да?

- Кайдан билесиз? – меймандардын бири сурады.

- Сиздердин адамдарыңыздар тез-тез келип конуп турушат.

- Таптыныз! Биз Чинжиндербиз. Өзүбүздү хандыктар дейбиз.

Көп өтпөй, хандыктар боз үйдөн алып чыккан постундарга оронуп жумшак кийиздер үстүндө чогулушуп, күн чыкканча каттуу укташты.

Давандыктар жолоочуларды ызат-урмат кылышты, тапкан тут канын алардын алдына коюшту. Бирок меймандар кетишке анча шашылбады. Алар үй ээлерин сөзгө сала башташты.

- Биз элчи каравандардан ажырап калдык, - сөздү айландыра баштады тилмеч. Асман уулунун элчиси Яодин-Хан түн ичинде селге да карабай, туп-туура Эршиге (Давандын борбору Эрши. Азыркы Мархамат району). Элчинин жанында абдан көп хандыктар бар. Биз сүрөт тартуучуларыбыз. Шайы маталарга түрдүү, ар кыл айбандардын сүрөтүн сызабыз. Силердеги ташка тартылган сүрөттөрдү көрмөкчүбүз.

- Ооба ушундай сүрөттөр саймалуу ташта бар. Менин уулум Кошок эрте таңда ошол жерге кетти. Эгер билгенде силерди ээрчитип алаар эле.

- Эч нерсе эмес, жетип алабыз. Мүмкүн ошол жерде жолугушарбыз. Биздин аттарыбыз бир кыйла картайып калды. Сатыла турган аттар жокпу?

Боз үй ээси мейман абышкага карады. Ал башын ийкеп макул дегендей болду.

- Табылат– деди уй ээси.

буулган койдун доошу угулду. Экөөсү теңүн чыккан тарапка тез чуркап барышты да узактан чагылган жарыгынан карышкыр койду көтөрүп качканын коруп, чуркап кууп, өрдөн ылдыйлап карышкырга үч-төрт кадам калганмезгилде колундагы жез чочмор менен башына чапканда карышкыр жыгылды да тиштеген койду кое берди. Караңгыда чочмор менен эки жолу жонуна чапты. Жырткыч да адамга карап бир тиш салышка аракет кылды, бирок алдан кеткени байкалды. Кошок көтөрүп келген карышкырды таш менен жанчып койду. Экөөлөп кой менен карышкырды үйдүн жанына алып келишти. Жылкылардан бири, кыр тарапта, жарадарболгону угулду. Алар жылкыларды, койлорду араң айдашып короолорго киргизишти. Ач көз карышкырлар кайтып келбесин деп абышканын чоң уулу уктабастан короону айланып жүрдү. Калгандары тошокторун салып уйкуга камынышты. Таң атаарда сыртта иттер үрө баштады. «Бай-бай, жамгырдан абдан суу болуп кетипсиздер го»– дегени, жана көпчүлүктүн басып келгендерин байкаган Бургут так секирип туруп, эмне болду деп, чоң атасына айтып, сыртка чыгып кетти.

- Коноктор келишти, чамамда – деп абышка небересинин жанына чыкты. Бей тааныш адамдар менен адаттагыдай кол алышып учурашты. Келгендер он чакты бар экен. Саламдашып, кыскача сурашканда чек арадагы жолдо жамгырда калган жолоочулар экен, бара турган жайлары алыс болгондуктан жол четиндегиүйлөрдү көрүп, бурулушуптур.Үй ээси меймандарга бышырылган ыссык сүт алып келдида: шамалдаганга даарылыгы бар, ичиңиздер.

Меймандар: рахмат, сүт иче албайбыз, андан көрө кайнаган суу болсо – деп сурашты.

- Мейли, сиздер өрүк как шербет ичесиздер да?

- Кайдан билесиз? – меймандардын бири сурады.

- Сиздердин адамдарыңыздар тез-тез келип конуп турушат.

- Таптыныз! Биз Чинжиндербиз. Өзүбүздү хандыктар дейбиз.

Көп өтпөй, хандыктар боз үйдөн алып чыккан постундарга оронуп жумшак кийиздер үстүндө чогулушуп, күн чыкканча каттуу укташты.

Давандыктар жолоочуларды ызат-урмат кылышты, тапкан тут канын алардын алдына коюшту. Бирок меймандар кетишке анча шашылбады. Алар үй ээлерин сөзгө сала башташты.

- Биз элчи каравандардан ажырап калдык, - сөздү айландыра баштады тилмеч. Асман уулунун элчиси Яодин-Хан түн ичинде селге да карабай, туп-туура Эршиге (Давандын борбору Эрши. Азыркы Мархамат району). Элчинин жанында абдан көп хандыктар бар. Биз сүрөт тартуучуларыбыз. Шайы маталарга түрдүү, ар кыл айбандардын сүрөтүн сызабыз. Силердеги ташка тартылган сүрөттөрдү көрмөкчүбүз.

- Ооба ушундай сүрөттөр саймалуу ташта бар. Менин уулум Кошок эрте таңда ошол жерге кетти. Эгер билгенде силерди ээрчитип алаар эле.

- Эч нерсе эмес, жетип алабыз. Мүмкүн ошол жерде жолугушарбыз. Биздин аттарыбыз бир кыйла картайып калды. Сатыла турган аттар жокпу?

Боз үй ээси мейман абышкага карады. Ал башын ийкеп макул дегендей болду.

- Табылат– деди уй ээси.

Мейман абышкаүч атын үй жана ээсинин да эки атын хандыктарга сатты. Күмүш акчаларды үй ээси кемпирине алып келип берди. Мейман абышка болсо акчасын бел боосуна ороп, белине байлап алды.

Узак жактан келген сүрөтчүлөрдүүгушкан конушу айылдык бир топ жылкычы жигиттер менен бирге хандыктар саймалуу таштар тарапка жол тартты. Мал базарга барышка пайдасыз болгондуктан Бургут да аларга кошулуп алды. Ал бир жолу данкы кеткен саймаланган ташты өз көзү мененкөрмөкчү болду. Хандыктар жолдогу биринчи давандан өтүп, Кокард жана Увек дарыялары кошулган жайга токтолушту. Хандыктардын башчысы тилмеч аркылуу сурады:

- Бул тоолордо жана кандай давандар бар?
- Дагы кыйла бар: Калдама, Урумбаш, Кызыл-суу...
- Бизди ошол жактарга алып бараласыздарбы?
- Ал жактарда сүрөт тарткыдай жай жок.

Өз көзүбүз менен көргөнбүз.

- Мүмкүн көзүнөр түшпөй калган чыгаар. Тооңуздар өтө бийик, асман тирейт! Таң калаарлык көп болсо керек.

Хандыктардын башчысы жылкычы жигиттерди көндүрүшкө аракеттенди. Хандыктар давандан көргөнүн баарысын көздөн өткөрдү. Алар атта да, жөө да жүрүшүп, сайлар, жарлар, өтмөктөр кечүүлөрдүн чукурларын, тегиздигин билиш үчүн ал жакка, бул жакка өтүп көрүштү. Жылдын кайсыл убагында жамгырдын жаашы, сел жүрүшү, кайсыл убакта суунун азайышы, жакын арада көпүрө салышы үчүн бийик даректар өсүшүн, кайсыл жерлеринде гуртку болушу, көч жүрүшү жөнүндө кызыгып сурашты. Хандыктар бул жергиликтүү жылкычылар эмне үчүн эле баары

жокту билгиси келип жатканына, каршы ойго калбасы үчүн, буларга башкача түшүндүрмө берүүгө бурду.

- Биздин мамлекет сиздер менен соода иштерин күчөтүү максатта кербендер кыйналбай, жолдо адашып, көп күн жолдо жүрбөш үчүн, жол салып жардамдашка сиздерге жөнөтүшкөн. Алар дагы Кербен эмес эле жоокерлерди бул жакка жөнөтүш үчүн болуп жүрбөсүн деген ойдо калбастыгын түшүн-дүрүп жатты.

Үчүнчү күнү хандыктар жол баштоочулар жетекчилигинде кургак Даванга жөнөштү. Жол Увек жылгасынын сол кыргагын бойлоп, тоонун күн чыгыш тарабынан көтөрүлүп барышчу. Жылгалардын дарыяга куйулган жерлеринде, жызыраган жазда даээрибеген кар муздары жанынан өтүп бара жаткан хандыктар, жап-жашыл жайларда эркин оттоп жүргөн кой, эчки, улактарга, жылкыларга суктанып карашты. Хандыктар азаптуу жолдун сол жагында пайда болгон кооз жайлар жарк этти. Эң бийик адыр, жар боорго качандыр бир убакта көчүп түшүп, коркунучтуу жар пайда болгон.

-Бул жар да Асман тиреген жар экен! – жалтандады сүрөтчүлөр башчысы.

- Муну жар дебейт, жар бир аз тегизираак болот. Мындай жарды бизде зоо дейт. Бул – көк зоо! Көк зоо жанынан өткөн жалгыз аяк жол оң тараптагы зоону бойлоп тик көтөрүлө баштады. Бир аздан кийин Хандыктардын ылдый карашына жүрөктөрү дүкүлдөп, баштары айланды. Эгер ат мүңгүп жыгылса, же эгерден куласа майда-майда болуп кетиши турган сөз эле.

-Мына тоо пияздары – деди жылкычыжигиттердин бири, зоо бойлорунда боо-боо болупөскөн жапайы пияздарды көрсөтүп.

- Пияздүү тоо ушул экен да!– деди Хандыктардын бири.

- Жок, ал тоо башка! Бул жерде да пияздар бар экен! – сөз кошту сүрөтчүлөр башчысы.

- Бул тоолорду бизден да жакшы билет экенсиз! – мейманды мактады жылкычы жигиттердин бири.

- Укkан болчумун. Пияздүү тоо башка жерде болсо керек деп ойлоймун. Бул тоолорду да ушундай десе боло бере турган! – сөзүн түздөмөкчү болду сүрөтчүлөрдүн башчысы жылкычы жигиттердин суроосуна жаман оюу жоктугу, өз ара сылык, чын жүрөктөн сүйлөп жатса да.

Жол чоңураак күчтөнгөн дарыя Увектин оң кыргагына өткөндө Даванга көтөрүлүш дагы бийиктей баштады. Аттар чарчап, титиреп каттуу кансырады.

- Жолдо жылан изи, тез бас! – деди чечэн жылкычы алдында бара жаткан шеригине.

Жолоочулар акыркы кырдан ашып өткөнүнөн соң, жылкычы жигиттер аттарды дем алдырганы сунушташты. Кургак Даванга көтөрүлүш алдынан чечээн жылкычы Хандыктарга карап:

- Алдыбызда дамык бар.

- Ал эмне?

- Эми жолдо шашпай басабыз. Дем алалбай кыйналышат, аба жетишпей калат. Ушуну бизде дамык дейт.

- Даван үсүтүнө көтөрүлгөн жылкычы чаначтагы сууну атынын капталына куюп жиберди. Суу эки жамбашынан жерге шорголоп акты.

- Мына, көрдүңөрбү? Бул жер сугаргыч! Адамдын бир желкесинен аккан жамгырдай тоодон агып түшкөн жамгыр суулары Көкардка, андан Карадарыяга, башка желкесиндеги аккан жамгыр суулары эгинди сугарат жана жаныбарлардын баары ичишет. Кургак ашуунун түндүк жагынан созулуп келген аралашма кар суулары бириккен жердеги эгер сымал жерге ылдыйлап, аккан калган кир аралашмасы эле.

«Саяктар» даванынан ар жакка карашты.

Алардын коз алдында күн чыгыштан күн батышка карай созулган көз жеткис кеңдик талаалар ачылды. Алыста Угуз дарыясы карамтыл сызык көзгө чалынды. Жылкычы жигиттер хандыктарга Давандын ар жагына, Угуз дарыясы көрүнгөн тарапка башташты. Сүрөт тартуучулар токой тараптагы эрибей калган карлар үстүнөн өтүп, кеңжылганын жогору жагына түшүштү. Үч тараптан агып келген кирлер менен курчалган бул бийик тегиздик, табийгат тартуулаган жер семирткич топтолгон жай. Бир жагы ачык калтырылган табийгый көргөн эле, деп таң калышты. Бул тегиздикте жогорку таштуу адырлардан кулап келген аманат таштар да жок. Мүмкүн бул жылга учтуу таштагы кирдин жуулуп топтолгон жайы болсо керек. Тегиздик ортосунда түз жайык дөңчөлөр да бар. Ушул дөңдөрдүн боорлорунда ток кызгыч, сылык, жалпак таштар жатат. Бул жалпак таштар качандыр бир заманда (зил-зила) кыямат-кайын болгондо пайда болсо керек.

- Мына, ушул силер көрө турган саймалуу таш! Сүрөтүүчтуу керки менен чукуп иштелгендиктен бул жерди «саймалуу таш» дешет. Айттык эле го, сүрөттөр кургак Давандын көк бели жанында дедим эле го. Хандыктар түз жайык дөңчөүстүнө чыгышып, ар жакта жалпак таштарды тазалап жаткан эки кишини көрүп калышты.

- Кошок, биз дагы келдик! – колдорун карнай кылып кыйкырышты. Бургут колундагы чегүүчүменен таштар үстүндө белин бүгүп иштеп жаткан жигитке: - Хандыктар таштарга сен чегип жаткан сүрөтүндү көрмөкчү имиш. Кошок башын көтөрүп, дөңүстүндөгү тууларга карады.

- Мына, карай беришсин. Тилмеч шериктерине түшүндүрдү: - «Саймалуу таш – ташка сайып, чукуп иштелген» дегени экен.

Хандыктар башчысынын суранычы менен Кошоктун колундагы темир чегүүчүнүн учтуу жагын таш үстүнө коюп туруп, балкача менен анын экинчи учуна кесилген тарабына ура баштады. Ташка оюлган ноктолордон кандайдыр сызыктар бир жандуу болоор, аларды бириктирип Алла жараткандай болоор эле. Кошок бүгүн эрте менен баштап архар сүрөттү чегишти уланта берди. Көп өтпөй аркардын бутунун жарымы бүтүп калды. Жылкычылар колунан мындай иш келет деп ойлобогон...

- Сүрөт тартканы биздикилерден калышпайт го, ыя? – деп койду өзүнчө Хандыктын

- Башчыларын эмне дептир? – давандыктардын кимдир бирөөсү сурады.

- Азыр сүрөттөрүн чекиттеп сызышпайт алар...

Кадимки өзүнчө чегилген болсо керек деп ойлодум эле деп жатат, - сөзүн бурмалап койду тилмеч. – туура, эскилери да бар. Бирок, аларды таштарга эмне менен, качан тартылганын эч ким билбейт. Ал сүрөттөр мурунку замандардачегилип тартылган болсо керек.

- Ошону үчүн келгенбиз да!– деди хандыктар башчысы. Кошок хандыктарды бир сүрөттү жанынан алып өтүп, көп убакыт көрсөттү. Сүрөттөр, негизинен, түрдүү айбандар туурасында баяндайт. Биринде чоң таштын бетинде эки аркар бири-бирине жанашкан, экинчисинде, узун бир мүйүздүү топозго окшогон бир жаныбар, үчүнчүсүндө, кийиктерди карап турган итке окшош жаныбар чегилип жасалган эле.

Меймандардын сүрөттөргө бир катар кызыгып карагандан Кошок, момун жигит болгону менен, алардын көпчүлүгү сүрөттөргө кызыкпай жөн эле көрүмүш болуп жүргөнүн, сүрөттүн маанисине көңүл бурбаганын сезди.

Хандыктар абышканын үйүнө караңгы түшкөндө кайтып келишти. Эртеси, эртелеп, мейман абышка акчасын жоготуп жибергенин зарланып безилдеди. Үй ээси таң калды. Ал досуна: «Бизде эч качан уурулук болгон эмес, балким, түшүрүп алгандырсың. Менден күмөндөбө»–деп тынчытышка урунду. Хандыктардын башчысы өз адамдарынын түйүндүктөрүн, каптарын, бар жогун тинтип каратты. Эч кимден жоголгон акча табылбады.

-Туурасын айт Женче, сен уурдабадыңбы?

Хандыктардын башчысы өз адамдарын каттуу опузалады.

-Ишенбесениз мына, дагы бардык жеримди карагыла?

-Ачууланбай, жакшы жооп бер, Женче? Сенден башка ким алышы мүмкүн? Уурдагандын пешенесине жазып коюлган! Асман уулунун багындада өзүнчө киргенге тартынбагансың. Эмнеге кошушту экен менин адамдарыма?

-Эмнеге кошконун мен кайдан билейин? Бирок, мени Даванга жөнөтүштү. Асман уулу өзү буйруган! Жаңы ачыган Бургут тишин кычыратып ары-бери басып, эмне кылышты билбеди. Үй ээси абышка аттарынын экөөсүн хандыктарга сатып, акчасын мейман досуна берди.

- Баарыбир – деди ал мейман абышкага акчаны берип жатып, - сыйлуу досум үчүн тойго кошумча кылыш ниетимде бар эле. Акыры ата-баба салтыго!

Кийинки түнү мейман абышка небереси Бургут менен үй ээсинин үйүнө жатышты. Түн ичинде Хандыктар жаткан үйдөн бирөө акырын чыгып, чоң жаңгактын алдына жүрө баштады. Ал ары-бери карап жаңгактын сынып түшкөн жерине кол сунду да, кайра шашып үйгө кайтты. Караңгыда ал шеригинин бутун басып алды. – Жарым түндө эмнеге дейдип жүрөсүң, Женче? – жекирди уйку сурап, бутун баскан Хандык. – Ажаатканага чыккан элем...

Эртелеп хандыктар тоолор аркылуу өтө турган жолдорду сурай башташты.

- Угуз дарыясынан айлампасына барса болобу? – сурады Хандыктар башчысы.

– Жол бар – деди Кошок, бирок, кээ бир жерлер тар. Эки атту жүрсө батбайт, бирден өтүш керек болот. Жол боюнда калың даректар, ал жерде жырткыч айбандар көп. Бир жолу ошол жерде уучулук кылган элем, нак жолборсторго жем боло жаздаганмын. Жыш токойдо жолтосоорлор толо. Жол ошол калың токой аркылуу өтөт.

Айтышканына караганда, жолтосоорлордун башчысы Жолборсбек, чечкиндүү адам имиш.

- Азыр да ошол жолдон каттап турушабы? – дагы кызыгып сурады хандыктардын башчысы.

- Мындан он-он беш жылдар алдында каттоо бар эле. Мен да ошол жол аркылуу айланпага барып келгенмин. Жол тосоорлор пайда болгондон бери эч ким кадам баспай койгон.

Хандыктар өз ара сүйлөшүп алгандан кийин, үй ээлери менен жылуу кайырлашып, Эршиге жол алышты. Меймандарды узаткан соңуй ээси уулунун жалган айтканын, Хандыктарды жок нерселерди айтып чочутканы үчүн, анын күнөөсүн кечиргенин Алладан абдан суранды. Үй ээси менен анын баласы Кошок да Хандыктарга ишенбей калышты.

– Караң, эмне бул меймандар тоолордогу бир топ давандар, жолдор, жылан изи, сокмо жол, кечүүлөр, бурулуучу жерлер, өтмөктөр, суунун тереңдиги, тайиз жана бир топ нерселерди такташып жатышат?

-Төртүнчү бөлүм-

КОРКУНУЧТУУ ЖЫЛАН АРАЛАШКАН СҮЙҮҮ

Көгарт давандан кайтышта Бүргүт менен чоң атасы Шихит базарына кириштн. Абышка той үчүн зарыл керектелүүчү нерселерди сатып алды. Өз кыштагына кайтаарда Бургут алып келген акак таштн чөнтөгүнө салды да сүйгөнүн үйү жагына карап шашылды. Кыштактын эң сулуу кызы, Ойтук, эми аныкы, эми ишеничтүү болду. Ага эч ким көз артпай турган болду. Ишенбөөгө эч кандай орун жок.

Мындан бир нече күн алдын чоң атасы менен коңшулары, үч-төрт акасакал болуп барып Ойтуктун ата-энесинин макулдугун алып келишкен болчу. Адат боюнча алардын ыраазычылыгын алып Бургут бардык шарттарын аткарды. Кыз куумайда кызды кууп жетти, атына өңөрүп алды. Эми Ойтук сулуу эң чабандос Бургутка болуп койгондугун бардык кыштактагылар билишет. Алар эми баштагыдай бекинип суу жээгинде жолукбастан, кыштак четинде эле жолугушса боло берет. Бирок Бургутка да, Ойтукка да биринчи жолу жолугушкан жери жагып калган. Ал жерде бийик-тиктен түшө турган шаркыратма шамалы Ойтуктун көңүлүн акырын желпип, суу ушундай күчтүү болу-шуна карабай, таза сууну көргөндө аргасыз терлеп кетүүчү Бургуттун колдорун сергитет. Атылып агып түшкөн суу шокуму жигиттин сөздөрүн Ойтукка угузбай коет. Бул сөздөрдүн толук

угушу шарт эмес. Бирок, сүйүшкөндөр ортосундагыүч-төрт сөздөрүнүн маанисин түшүнсө болгону: эмнеге кеч келдиниз, убакыт эрте эле го, дагы эмнени шылтак кылсам экен. Ойтуктун шар суунун арча жанында турганы жагат.

Бургут Ойтукканды сүйүп калгандан бери оюнда корккондой болуп калган. Кызга тик карашка дагы жүрөгү чыдабайт. Ойтукканга дадил бир сөз айтуудан да уялат. Бүгүн болсо Бургуттун аракети башкача. Ал Ойтуккандын мойнуна акак таштан белегин өз колу менен тагып, кызды бооруна тартып мамагынан кармасам капа болбой бекен. Жигит ушундай таттуу ойлор менен келе жатып, кыздын үйүнө келип калганын да сезбей калды. Суунун эки тарабындагы бактар, жаңгактар арасында паксалуу, сынч менен курулган үйлөржайланышкан. Ойтуккандын үйү жолдон бир аз четте. Ал жерде да сай суунун шаркыраган үнү угулуп турат. Ар дайым Бургут жолдон өткөндө ырдапөткөндө Ойтуккан ал жакка чыгып турчу. Ошондуктан Бургут өзү билген бир гана ырын айта баштады.

Сүйүп калдым ал сулуу кызды,
Аты экен шамалдай учкуч.
Жете албастан сурадым колунду,
Озу экен куштардай кол тийгис.
Ой жапайы гүл, кыз жүрөгү
Мен керекпи, же аргымак?!
Жалдырадым ырды айтыштан
Жалынгандай болдум го тажап.
Секиндеп чап, тез той кылайлы
Эл келгенде турбайын күтүп!

Мурда эч ким бул ырга маани бербегени менен, кийинки убакта укканда кыздын коңшулары да түшүнүп калышкан болчу. Ырдалган кошокту укканда Ойтуккан шаркыратманын жанына барбай койчу эмес. Бургут көпкө күттү. Ойтуккан келе бербеди. Балким кеч келгенден уялып жаткандыр. Мүмкүн, болуп койгон кыз көчөгө көп чыкпайттыр, же ал ооруп калгандыр. Же баягы көндөрү жамгыр, селде суу болуп ооруп калгандыр. Балким ушундай болсо, азыр эле Бургут Ойтуккандын үйүнө туура барып, аны өзү айтмакчы. Же бир башка балекет баскандыр? Бул сөзүнөөзүнүн жүрөгү шуу деп, каттуу сого баштады. Сокмо жолдо бирөөнүн карааны көрүндү. «Ана, Ойтуккан келе жатат!»– деп ойлоп, Бургут ошол жакка басты. Барып караса Сокмо жолдун боюндагы дарактын сынган шагы экен. Эмнеге анын көзүнө сынып калган дарак Ойтуккандын денесиндей көрүндү? Бургуттун жүрөгү кабынан чыккандай тыпырап кетти. Ал Ойтуккандын үйүнүн жанына келди. Туура эле үйүнө кирсемби? Жок бул уят иш болот.Менин доушумду укпагандыр? Ошол убакта жол боюндагы булакчанын жанында отурган ким?

- Бүргүт, балам, сенсиңби? – деди, жанында отурган кемпир. Аны көрбөгөнүнө таң калды.

- Ырыңды угуп чыкканча кыйла өтүп кетипсин. Аркандан доош кылсам, укпадың, кайтып келет деп күтүп отурганым.

Кемпир – Ойтуктун кошунасы. Бүргут аны дайыма ушул булак жанынан көп учуратчуу. Бүргүттүүн Ойтукка ашык экенин жакшы билчүү бул кемпир. Бирок эмнеге Бүргүттү күтүп жатат?

- Ооба, апажан! Мына келдим! – деди Бүргүт, оюн бир жерге келтириштиурунуп.

- Сен өзүңдү басып тур, бир сөз айтамын, - деди кемпир.

– Ойтуккан үйүндө жок, ата-энелери да бир жакка кетишкен. Айылда ар кыл сөз. Кандайдыр бир киши... жок, жигит менен...Жок, бирөө ала качып кетиптир. Кемпир атайылап өзүн жөтөлгөнүнө салып, тамагын кыра баштады. Бургут кемпирди: «сүйлөң, дагы эмне билесиз» –деп, атайылаппы же чындан жотолдубу, аны да сезе бербеди. Дагы сөзүн улантты кемпир: - башка бирөөлөр, кыздын атасы жашыруун, узактагы бир тууганына берип жиберди дешет.Ойтуккан жоголгон күндүн эртеси коңшум өзү баарыбызга: «кызымды түндөуурдашып кетиптир, баскынчылык кылып». Эми өзү да бала-чакасы менен жок, көрүнбөйт.

- Кайсы күнү? – сурады Бүргүт, зорго өзүнө келип.

- Сен жогунда чоң сел, жамгыр, мөндүр болду, асман чартылдап, күн гүркүрөп, даректар сынып кетти. Ошол түнү. Бургут атын чаап кетти.

Кемпир: «Каякка, шашпа, токто!- дегенине да карабады.

Жигит чоң жолго жүрбөстөн, Сөкмө жол менен өз үйү жакка кетти. Жолдо кыр жакка бурулду. Көч чабаар атын оттоп жаткан жеринен кармап, бел боосу менен ноктолоп, минип үй жакка келди. Эми алардын бүт дүнүйөсү, тору аты эле болгону. Минишке жараганы экөө: бири чоң атасы үчүн, экинчиси Бургутка. Бул ат өз кыштагында- биринчи күлүк ат. Жылкылары көп адамдарда да мындай күлүк ат жок. Өткөн жылы бул күлүктү төрт атка да алмаштырган

эмес. «Бургутка мындан башка ат туура келбейт» – деп.

Бургут чоң атасын бүкчөйүп, эзилип бошошкон акыбалында көрдү. Бирок, ал бул миш-миш сөздөрдөн кабары болгондой. Чоң атасы Бургуткө карай албады, көзүнүн жашын көргөзгүсү келбеди. Бургут чоң атасынын карылыкка баш ийип, чөгүп баратканын сезди. Ата, – деди Бургут, - сиз үйдө болуп туруң, мен коңшу айыл-кыштактарды кыдырайын. Албетте табылат.

- Кантейин, мейли балам, өзүңө этият бол!- абышка өзүн кармай албай солкулдап-солкулдап ыйлай баштады.

Бургут атын эгердеди. Басмайылды каттуу тартты окшойт, кулук аты ийилип Бургуткө карады. Керегиме жарай турган кезегиң келди окшойт, досум? – деди атына карап. Демек, Бургут канжар тагуучу кемерин белге байлап, тери ак тонду бүктөп эгердин оң жагына, бүктүрмөгө жакын бекем байлады да, жаасын желкесине асып атка минди. Чоң атасына карап: «кабатырланбаң» – деп түн ичинде кыштактан чыгып кетти.

Кызыл үңкүр жана Кара үнкүр суулары кошулуп, тентек Сай аталган жерге келгенде, Бургут кайсыл тарапка жүрүштү билбей токтоду. Ойтукканды кайсыл жакка алып кеткенин эчким билбейт. Бул окуядан эч из калган эмес. Эмне кылыш керек, аны кайсыл жерден издесек экен? Бургут Ойтукканды суу башы тараптагы кырдын аркы бетинде, Огуз дарыясы боюндагы айылдардын биринде бир тууганыбыз бар, мени келин кылып алыш оюу бар имиш дегенин эстеди. Ал Кара үңкүр суусун бойлоп жол тартты.

Жигит жолдо бара жатып, Ойтуктун азыркы акыбалы эмне болуп жатканын көз алдына келтиришке аракет кылды. Кыздын уурдашканына бүгүн төрт күн болуп, бешинчи түн башталды. Анын угушуна караганда «ала качып» эмес уурдап кеткен. Кызды башта аял кылып алат, ал көнгөндөн кийин той кылышат. Демек, Отуккан үч-төрт күндөн бери бирөөнүн аялы, мүмкүн көнүшүп калгандыр. Байкуш, кандай чыдыган экен зордук-зомбулукка. Ойтукканды ургандыр. Эртеси, күн батышка жакын Ойтуккандын тууганын тапты. Бирок алар эч нерсе билбегенин айтты. Тууганы бир баласы менен бир апта тоонун ушул тараптарын, кыштак, айылдарын кыдырып чыкты.

Бүргүт өз кыштагына кайтып келди. Чоң атасы менен бир күн түнөдү. Кыштакта жаны ушак тараган болчу. Ойтуккандын ата-энеси келип, калган майда-чүйдө буюмдарын алып, кең талаадагы Селат айылына жакын кыштакка көчүп кеткен имиш. Ойтуккан да ошол кыштакта имиш. Ойтукканды элүү жашындагы жүз башыга аял кылып берген имиш. Бүргүт, эртеси, ошол кыштакты издеп тапты. Ойтуккандын ата-энеси ошол жерде экен. Алар Ойтукканды белгисиз адамдар качырып кетти, биз уялгандан бул жакка көчүп келдик деп ыйлашты. Кай жакка алып кеткенин билбейбиз, бул тарапты да издеп таппадык. Бургутту ишендириш үчүн сырдашкан үч-төрт аксакалдарды чакырып, алар да, туура, бул жерде жок, убара болбой кете берүүсүнө ишендиришти. Бургут кайтып, өз кыштагына келди.

- Ата мен дагы ошол кыштакка барамын, барбасам болбойт – деди Бүргүт чоң атасына. Жүрөгүм сезип турат, биз эми көрүшпөйбүз.

- Сен кайтып келгенче мен өлүп калам, балам! Бүргүт чоң атасын кучактап алды. Чоң атасынын кой дегенине карабай, Бүргүт Ойтуккандын ата-энеси турган жерге барды. Ал кыштакка жетип барганда Ойтуккандын ата-энеси жок, майда балдар эле бар болчу. Балдар ата-энелеримиз ылдый жакка, сай боюна кетишти, кыштактагы адамдар да ошол жакта деп. Бургут да ылдамдады. Жүз башы короосунун жанында, суу боюнда адамдар топтолгон. Суу боюнда, кыргакта аял кишинин кепини, кызыл жолугу жатат.Жоолук Ойтуккандыкы. Бүргүт менен акыркы жолугушканда, ошол жолукчан барган. Ойтуккандын апасы жолуктун бир учун көзүнө басып ыйлады. Аныкболду, Ойтуккан өзүн сууга таштап өлгөнү. Бүргүт, байкуш, түшүн эстеди. Ал атын жетелеп сайдын этегине чейин барды. Ойтуккандын денеси да ага насип кылбаптыр, таба албады. Кантсин, ал Кара дарыя суусунун алдында жер кучактап жаткандыр. Жигит эми Ойтуккандын тиригин же өлүгүн табышка бүтүндөй үмүтүн үздү. Бүргүт да өзүн дарыяга таштоону ойлоду. Бирок чоң атасы эмне болот. Чоң атасыөлсө аны ким көмөт? Ой баскан Бүргүт кайда барышын, эмне деп иш башташын билбей, айыл четиндеги бир үйгө туш келди. Эшигин такылдатты. Ичкериден жөтөлгөн, бир токтонгон адам жетип келди.

– Кел, балам! – деди ал жигитти ызаттап.

– Кире бер үйгө. Конок окшойсуң, бул жерликтер эшикти такылдатбай эле кире беришет. Бүргүт атын байлап үйгө кирди. Абышка келини, төрт-беш уул-кыз неберелери менен жашайт экен.

- Уулунуз...- суроону кандай беришин билбей калды Бүргүт

- Ээ, балам, сен сураба, мен айтпайын, уулумду өлтүрүшкөн бул жарыбагырлар, – деди абышка, ыйлактап.

- Себеби эмне?

- Жүз башына моюн сунбаганы үчүн. Анын ашарларына барбайт эле, малдарына чөп орушпайт эле, сөзүнө сөз кайтарган экен. Чөп жыйдырып, чөп үстүнөн түшүп кетти деп өлтүрүшүп коюшту. Жалгыз жарым адамга күн беришпейт, тырмагын өстүрүш-пөйт бул жашабагырлар. Сөз маркум күйөөсү жөнүндөболуп жатканын угуп турган келин Бүргүткө сөз баштады:

- Бул өткөн жылы болгон. Өтүп бара жаткан кошуналарыбыз көрүп калыптыр. Оозу-мурдунан кан агып жаткан экен. Тезде үйгө алып келдик, кандарын жуудум, тазаладым. Дары-дармек берген болдук. Кечиндеси жан берди. Гарамдан туртуп жиберген да, анан башына, ичине тебишкендей. Бул жетимдерди эми эмне кылам. Кийгизиш, жедириш керек буларды. Иним сизди жүз башынын жаңы аялы өзүн сууга таштаган жерден көрдүмбү?

- Ооба! – деп оордунан туруп кетти Бургут.

- Айтың апажан, тез айтың, кандай болуп Ойтуккан анын аялы болуп калды?

- Сиздин атыңыз Бүргүт эмеспи?

- Ооба, ошо Бүргүт мен, айтың тез?

- Ойтуккан сиз тууралуу айтып берген. Жолдошум жоктугунан, –деп сөздү узактан баштады абышканын келини, - мен тоо тарапта багылып жаткан, төрт-беш малыбыздан кабар алганы бардым эле. Ошондо жүз башы алып барып койгон жаш келинди көрүп калдым. Абышканын келини өзү билген, кошуналарынан уккан

сөздөрүн бири-бирине улап, болгон окуяны айтып берди: ата-энеси Ойтукканды «конокко барабыз» деп, кыштакка катту сел аккан күнү кеч алып келишкен. Бургут чабандез, жакшы болсо да, жетимче, эч кими жок деп, Ойтукканды ага беришке баштадан эле көңүлдөрү болбой келген экен. Ойтуккан башка кишиге турмушка чыгышка каттуу каршылык көргөзгөндөн кийин аны Бүргүткө беришке ыраазы болушкан экен. Жүз башы тоо кыштактарга саякатка барып жүргөн кезде (илгер-теден катташ болгон, бир айылдык, өзүбүздүкү) алар-дынүйүнө барып токтошот. Белек-бечкек алып барып беришет. Ойтуктун сулуу кыз болуп жетилип, жаш болуп көрүнүп турганынан жүз башыишти башынан даярдап, ата-энесин мындан он жыл мурда карызга батырып койгон экен. Ушул кезде да чоң багынан жер болуп насыяга берген экен. Бул жүзүмдүн түшүмү Ойтуккандын ата-энесине тийиштүү болуп калган экен. «Кызды Бургутка бере турган болду» деген кабарды укkан соң жүз башы тез маселе койгон. Кыздын ата-энесине же карыздан кутуласыңар, же кызыңарды бересиңер, деп туруп алган. Ойтуккандын ата-энеси ойлонуп калган. Демек алар кызыбызды жүз башына берсек, карыздан да кутулабыз, калыңга да байып калабыз дешкен. Акыры, чоң жүзүм бактары бар адамдар Чин мамлекети менен байланышып, түшүмүн сатып тез байып жатышат деген ойго келишти. Келиндин сөзү ушул жерге келгенде Бургуттун оюна «Чин кандай калк экен? Каякка барсаң ушул чинден чыккан баш оору сөздөр? -келди. Ойтуккандын ата-энесине жүз башынын аялы бир апта мурун аттан жыгылып өлдү деген сөз угулган.

Ошондуктан ата-энеси кембагал Бургуттан көрө жүз башыга беришке макулдугун берген. Натыйжада, Ойтукканды жүз башына зордуктап алып келип беришкен, тойду, жүз башынын мурдагы өткөн аялынын мааракеси өткөндөн кийин боло турган болгон. Бул иштерди өздөрү гана билишкен.

Ойтукканды түшүндүрүп көндүрүш ата-энесине жүктөлгөн. Ойтуккан бир аз болсо да жүрөгүн суутуш үчүн да абышканын келинине айтып бүгүн чыгарган экен. Анын бир аз көңүлүн көтөрүш үчүн Эршиге, хан элчилерине бериле турган сый конокко, алып бара турган бийчи аялдарга кошуп жиберилген. Ойтук кайтып келгенденкийин бул үчүн Бургут сени өлтүрөт деп алдашып, сени көрбөсүн деп узак жайлоодо боз үйгө жашырып коюшкан. Ойтуктун көз жаштары, жалынганы да жардам бербеди. Кызды өзүн сууга ташташтан бир күн мурда кыштакка алып келишкен.

Бүргүттүн башына да чокмор тийгендей болду: «бул Чиндиктер эмне издейт бизден? Ким аларды чакырып келди»?

Абышканын келиничочулап, бул сөздөрдү бирөө укпадыбы экен дегендей эшикти карап-карап айтып берди.

- Ал жагын сурасаң, өлүм – деди абышка. Жүз башы мурдагы аялын дагы өзү өлтүргүздү, жаңыдан үйлөнүш үчүн, «аттан жыгылды» дегени шылтак. Эки баш алгычты кайдандыр табып келген. Ошолорго мойлоосун сылап койсо – иш болгону. Жүз башы жаман көргөн адамы кете берет кулагын кармап.

- Атамдын айтканы туура, - деди келини. Жүз башы Ойтукканды дагы тамагына бычак такап туруп көндүрдү да.

Сөз ушул жерге келгенде Бургут чыдай албады, тез оордунан туруп, канжарын сууругуча тышка атырылып чыкты. Ал сыртка чыгышы менен «токто» деген доош угулду.

– Оббоо! Баш кесерлерди жүз башы бул жакка жиберген экен да, бул жигиттин келгенин кайдан биле калды? – деди абышка айнек жарыгынан көрүп. Ошол кезде эки киши Бургутко асылышты. Бургут болсо, көзүн чырак же от жарыгында көрө алган эмес эле. Бир кезде жүз башынын жигитинин бири ичин эки колдоп кармап, дубалга жөлөнгөн бойдон жыгылды. Экинчиси качышка аракет кылды. Бургут аркасынан кууп жеткенде, жүз башынын жигити аркага кайрылып, канжар менен аракет кылды. Бургут анын билегин катуу кармаганда канжар колунан түштү. Андан кийин Бургут душманы жер сүздү. Абышкадан атты тышкары чыгарууну суранган Бургут кыштак тарапка чаап кетти. Бир аздан соң жүз башынын үйүнөн бийик жалын көрүндү. Бургут келип, атты миңди да, бышкан тамакка да карабай, бышкан нандын экөөсүн койнуна салып, караңгыда тоо тарапка ат чаап кетти.

Жүз башынын үй-жайы күйүп жатканда коңушулары көрбөгөнгө салып, башкалары болсо «өрткө учураган адамга жан бериш күнөө» – деген шылтак менен жардамга келбеди. Жүз башынын агас эки баласы менен жетип келгенче үйдүн жарымы күйүп бүткөн болуп, калганы күчөп жаткан абалы эле. Эртеси жүз башынын денесин чала күйгөн жыгачтар арасынан табышты. Денесинде бир да жаракат жок болчу, муунтуп өлтүргөн болсо керек.

-Бешинчи бөлүм-

КЫЗ КУУМАЙ.
КӨНҮЛҮ БАР КЫЗ, АТТЫ АКЫРЫН ЧАБАТ
(Көчмөндөр макалы)

Эрши айылынын кыз куумай уюштуруучу дубалынан үч-төрт чакырым чет жакта, түштүккө бурулуп кеткен тоо этегиндеги кеңдик майданда таң жарышы менен карнай-сурнай тартылып, күтүлбөгөн жерден бийик үндөр жаңырды.

Жигиттер, кыздар, жаш келиндер, өрүлгөн чачтарына папик тагып, чыйрак аттарды минип, карнай-сурнай үндөрү чыккан тарапка ашыгып жөнөштү. Чоң келиндер дагы аттарын эгерлеп, токуп даярдануууда. Бул көрүнүштө бүгүнкү кыз-куумай тамашасында адам көп болот окшоду. Бүгүнкү той башкаларга караганда башкачараак да. Даван мамлекетинин өкүмдар мүчөсү, анын кул беги Мудтой, тунгуч баласы коңшу айыл башчысы болушка даярданып жаткан отуз алты жаштагы Чайырбекти үйлөндүрмөкчү. Кадимки адат-салтка ылайык Чайырбек баштагы маркум аялынын синдисине үйлөнмөкчү. Кыздын атасы Кунанбек Давандын эң көрүнүктүү бектерден, бай, сыйлуу кишилерден эле. Адамдардын айтымына караганда бул эки бек Мудтой менен Кунанбек – кудаалыгы үзүлбөстүгү үчүн бышыктап койгула дешиптир. Бул кыз-куумай катары биринин аркасынан келе турган элчилердин катары менен турган Чинден келген шайы матага сүрөт тартуучулар да

тамаша кылымыш жана ошол жайдын өзүндө аттарды, адамдарды сүрөт кылып сызат имиш деген да сөздөр таркалган болчу.

Эршиде, башка айылдарга караганда кыйла көп болгону үчүн айрым күндөрү бул жерде бир эмес, бир канча кыз куулат. Бүгүн да ошондой болот. Кең майданда беш-алты кыздар бириккени көрүнөт. Алардын бир аз ары жагында аттуу жигиттер да топтолушуп турушат. Кайсыл кызды куушту тамаша кылуу керектигин чечише албаган жигиттер ал жакка, бул жакка ат коюшуп жүрүшөт. Адатта ар кайсы кызды үч-төрт жигит куушуп, ары тараптагылар болсо аларга аралашып жардамдашып тамаша кылышат. Алар ар убакта кууй турган шарттарын байкап жүрүшөт.

Биригип үч-төрт кыз ат коюп качышы да мүмкүн: кээде бир кызды кууп жеткенден кийин экинчисин да башташы мүмкүн. Бул кыздардын макулдугубоюнча болушу керек. Адатта кыздын көнүлү ары жактагы жигитте болсо, анын «колу бошогуча» күтөт да, анан ат коюп качат. Достору кыздын достору да ат коюп тамаша кылганча досуна жардамдашат.

Бийик, алакандай көрүнгөн жерде, Эршинин белгилүү башкаруучулары, алар менен бирге Хандыктар да көтөрүп чыгышты.

Жасоолдоралардын аттарын алдырып, жетелетип кетишти. Аттуу жана жөө тамаша кылуучулар жакынкы тоо этектеринен орун алышты. Чагырбек инилери жана үч-төрт достору менен эч кандай кыздарга жакындашпай турушту.

Бойлуулугу, боорукерлиги, мамиле түзүчүлүгү, алдын алуу ойчулдугу, шарт сүйлөгөнү Чагырбек-тин

атасы Мудтойдун, чоң көздөрү, бакылдап турушу апасына окшоп калган дешти.

Жарашкан кара мойлоосу өзүнө абдан жарашкан. «Айтууга караганда, ошол жарашкан кара мойлоосуна бармын да» - деген кыздар да алардын арасынан табылат. Үч агасынын кенжеси Чагырбекке абдан окшош, эки иниси кайсыл жакшы кыздар бар экенин айтып турушту.

Адамдар Майданда толук топтолуп турушту.

Тоолор артынан жаркыраган күн нуру да көрүнө баштады. Карнайдын үндөрү токтоду. Демек, кадимки кыз куумай оюну башталат. Карнай доошу жаңырды. Жигиттер аттарын даярдай башташты. Карнайдын биринчисозулуп чыккан доошу жаңырып, үч топтон турган кыздардын бирөөсү ат чаап жөнөдү. Анын артынан жигиттер ат тизгинин кой беришти. Эки атчан кыздар тыбырчылаган аттардын тизгинин бекем кармап тартып турушат. Топтологон эки кыз кимди, кайсыл жигитти күтүп турушат экен?

- Атыңды камчылай бер, досум, – деди атчан кыз – бүгүнкү качуу биздики. Бектин аты биз тарапка чапкысы келбей тургансыйт.

Кыз кууду убагы эмнеге болбойт, эмнеге болбойт дейсиң? Жигит башта көз арткан кызы калып башкасын кууп жетип калышы да мүмкүн, кээ бирде башка жигит кууганда атын акырындатып калган мезгилда болот. Бирок бул кыздар күтүшкөн жаштар келе берди.

- Ана, бек күткөн кыз келе жатат, –деди башка кыз майданга кирип келе жаткан аттуу кыздарды көрсөтүп. Кечигип келген кыздар майданга кирип келбестен аттарын чабышты. Ар тараптан пайлап

тамаша кылымыш жана ошол жайдын өзүндө аттарды, адамдарды сүрөт кылып сызат имиш деген да сөздөр таркалган болчу.

Эршиде, башка айылдарга караганда кыйла көп болгону үчүн айрым күндөрү бул жерде бир эмес, бир канча кыз куулат. Бүгүн да ошондой болот. Кең майданда беш-алты кыздар бириккени көрүнөт. Алардын бир аз ары жагында аттуу жигиттер да топтолушуп турушат. Кайсыл кызды куушту тамаша кылуу керектигин чечише албаган жигиттер ал жакка, бул жакка ат коюшуп жүрүшөт. Адатта ар кайсы кызды үч-төрт жигит куушуп, ары тараптагылар болсо аларга аралашып жардамдашып тамаша кылышат. Алар ар убакта кууй турган шарттарын байкап жүрүшөт.

Биригип үч-төрт кыз ат коюп качышы да мүмкүн: кээде бир кызды кууп жеткенден кийин экинчисин да башташы мүмкүн. Бул кыздардын макулдугубоюнча болушу керек. Адатта кыздын көнүлү ары жактагы жигитте болсо, анын «колу бошогуча» күтөт да, анан ат коюп качат. Достору кыздын достору да ат коюп тамаша кылганча досуна жардамдашат.

Бийик, алакандай көрүнгөн жерде, Эршинин белгилүү башкаруучулары, алар менен бирге Хандыктар да көтөрүп чыгышты.

Жасоолдоралардын аттарын алдырып, жетелетип кетишти. Аттуу жана жөө тамаша кылуучулар жакынкы тоо этектеринен орун алышты. Чагырбек инилери жана үч-төрт достору менен эч кандай кыздарга жакындашпай турушту.

Бойлуулугу, боорукерлиги, мамиле түзүчүлүгү, алдын алуу ойчулдугу, шарт сүйлөгөнү Чагырбек-тин

атасы Мудтойдун, чоң көздөрү, бакылдап турушу апасына окшоп калган дешти.

Жарашкан кара мойлоосу өзүнө абдан жарашкан. «Айтууга караганда, ошол жарашкан кара мойлоосуна бармын да» - деген кыздар да алардын арасынан табылат. Үч агасынын кенжеси Чагырбекке абдан окшош, эки иниси кайсыл жакшы кыздар бар экенин айтып турушту.

Адамдар Майданда толук топтолуп турушту.

Тоолор артынан жаркыраган күн нуру да көрүнө баштады. Карнайдын үндөрү токтоду. Демек, кадимки кыз куумай оюну башталат. Карнай доошу жаңырды. Жигиттер аттарын даярдай башташты. Карнайдын биринчисозулуп чыккан доошу жаңырып, үч топтон турган кыздардын бирөөсү ат чаап жөнөдү. Анын артынан жигиттер ат тизгинин кой беришти. Эки атчан кыздар тыбырчылаган аттардын тизгинин бекем кармап тартып турушат. Топтологон эки кыз кимди, кайсыл жигитти күтүп турушат экен?

- Атыңды камчылай бер, досум, – деди атчан кыз – бүгүнкү качуу биздики. Бектин аты биз тарапка чапкысы келбей тургансыйт.

Кыз кууду убагы эмнеге болбойт, эмнеге болбойт дейсиң? Жигит башта көз арткан кызы калып башкасын кууп жетип калышы да мүмкүн, кээ бирде башка жигит кууганда атын акырындатып калган мезгилда болот. Бирок бул кыздар күтүшкөн жаштар келе берди.

- Ана, бек күткөн кыз келе жатат, –деди башка кыз майданга кирип келе жаткан аттуу кыздарды көрсөтүп. Кечигип келген кыздар майданга кирип келбестен аттарын чабышты. Ар тараптан пайлап

турган жигиттер көп экен, алар кыздар минип барган аттарга камчы бастырышты. Чагырбектин инилери да биринчилер катарында бара жатышкан. Үчүнчү катарда болсо Чагырбек келе жаткан, кыздын аты кыйла күлүк экен, жигиттердин кыйласы калып кетти. Кулук аттагы кыздын жашы он сегизде. Анын аты Гулчечек, ал Эрши айылынын жанындагы Аргу шаар-часында жашоочу бир топ коп койу бар Кунанбектин кенже кызы. Аргу сай боюнда бакта гүл терип жүрсө да ат чабышка элпек экен. Өткөн жылы эжеси кокустан каза болгондон кийин жездесине турмушка чыгышы тууралуу бир катар көңүлсүз сөз болсо да Гулчечек Чагырбекке кыз куумайда артынан көп куудурбастан макулдугун сездирип, макул болуптур деген сөз тараптыр. Гүлчечектин макулдук беришине бир себеби Чагырбек кантсе да айылдын башчысынын он кол бегинин уулу го, деп дагы сөз болгон. Чагырбектин жашы жыйырма жети деп ойлогондой, эч ким аны отуз алтыда дебейт. Эгерде Чагырбек кааласа башка бектердин кыздарын да алышы мүмкүн. Гүлчечек менен Чагырбектин аттарынын жанына кашка аттуу күлүк минген жигит кирип келди. Аны эч ким билбейт. Аркадан келе жаткан Чагырбектин инилери да достору да тааныш-пайт. Демек, ал бул айылдардан эмес. Кыз аркага бурулуп карады. Ал Чагырбектен башка жигит келе жатканын көрүп атын Чагырбек тарапка ыңгайлатып буруп жиберди. Бейтаныш жигиттин аты бир чукурчакка мүдүрүлүп кайрылып өтүп кетти. Эми Чагырбек Гулчечектин артында калды. Бейтаныш жигит кызга жакындап калганда Чагырбек атын демитип чаап кызга теңдешип калды. Гүлчечек теңдешип

келип Чагырбек жакка эңилгенде бейтаныш жигит кыздын колун кармаганы калганда, Чагырбек кызды белден алып өзүнө өңөрүп алды. Аттардын тизгиндери тартылып Гүлчечек өзүнүн атына өтүп минди. Чагырбек бейтаныш жигитке көз салса, анын эки мүрүсүнөэки адам отургудай далылуу бакубат жигит көрүндү. Чагырбектин инилери, достору бейтаныш жигиттин атына каратып аттарын чапкылай башташты. Бейта-ныш жигит жигиттердин экөөсүн аттан жулуп жерге түртүп түшүрдү. Чагырбектин достору андан өч алыш үчүн аны ороп алышты.

- Токтогула! Ызылдабагыла! Бул азамат жигит экен! – деди Чагырбек бакырып.

– Мейли, коебергин Бек!

- Жигиттер бирден күч сынашып алышса жаман болбос эле! – деди бейтаныш жигит.

- Менден алдын сиз кууп жеттиң, – деди кызарып-бозоруп Чагырбек – бирок кызды эгерден мен өз атыма онoруп алдым! Сен эмес!

- Уттук, бек сиздин пайдаңызда. Мен жөн эле өзүмүн атымы сынап көрдүмда.

- Атты кемсинтпе, ал аргымак затты! Тойго кел.

- Рахмат, Бек! Албетте келемин тойлоруңа, эгер капа болбосоңуз.

Гүлчечек Чагырбекке карап таң калгандай жылмайды. Кыз башкалардын карап тургандарынан тартынып кызарып атын буруп кетти. Чагырбек бираз күмөндүү утукту алса да, үйлөнүштүн биринчи шартын аткарды. Күйө-кыздын үйлөнүүсүнүн экинчи шарты - «белдешүү» башталды.

турган жигиттер көп экен, алар кыздар минип барган аттарга камчы бастырышты. Чагырбектин инилери да биринчилер катарында бара жатышкан. Үчүнчү катарда болсо Чагырбек келе жаткан, кыздын аты кыйла күлүк экен, жигиттердин кыйласы калып кетти. Кулук аттагы кыздын жашы он сегизде. Анын аты Гулчечек, ал Эрши айылынын жанындагы Аргу шаар-часында жашоочу бир топ коп койу бар Кунанбектин кенже кызы. Аргу сай боюнда бакта гүл терип жүрсө да ат чабышка элпек экен. Өткөн жылы эжеси кокустан каза болгондон кийин жездесине турмушка чыгышы тууралуу бир катар көңүлсүз сөз болсо да Гулчечек Чагырбекке кыз куумайда артынан көп куудурбастан макулдугун сездирип, макул болуптур деген сөз тараптыр. Гүлчечектин макулдук беришине бир себеби Чагырбек кантсе да айылдын башчысынын он кол бегинин уулу го, деп дагы сөз болгон. Чагырбектин жашы жыйырма жети деп ойлогондой, эч ким аны отуз алтыда дебейт. Эгерде Чагырбек кааласа башка бектердин кыздарын да алышы мүмкүн. Гүлчечек менен Чагырбектин аттарынын жанына кашка аттуу күлүк минген жигит кирип келди. Аны эч ким билбейт. Аркадан келе жаткан Чагырбектин инилери да достору да тааныш-пайт. Демек, ал бул айылдардан эмес. Кыз аркага бурулуп карады. Ал Чагырбектен башка жигит келе жатканын көрүп атын Чагырбек тарапка ыңгайлатып буруп жиберди. Бейтаныш жигиттин аты бир чукурчакка мүдүрүлүп кайрылып өтүп кетти. Эми Чагырбек Гулчечектин артында калды. Бейтаныш жигит кызга жакындап калганда Чагырбек атын демитип чаап кызга теңдешип калды. Гүлчечек теңдешип

келип Чагырбек жакка эңилгенде бейтаныш жигит кыздын колун кармаганы калганда, Чагырбек кызды белден алып өзүнө өңөрүп алды. Аттардын тизгиндери тартылып Гүлчечек өзүнүн атына өтүп минди. Чагырбек бейтаныш жигитке көз салса, анын эки мүрүсүнөэки адам отургудай далылуу бакубат жигит көрүндү. Чагырбектин инилери, достору бейтаныш жигиттин атына каратып аттарын чапкылай башташты. Бейта-ныш жигит жигиттердин экөөсүн аттан жулуп жерге түртүп түшүрдү. Чагырбектин достору андан өч алыш үчүн аны ороп алышты.

- Токтогула! Ызылдабагыла! Бул азамат жигит экен! – деди Чагырбек бакырып.

– Мейли, коебергин Бек!

- Жигиттер бирден күч сынашып алышса жаман болбос эле! – деди бейтаныш жигит.

- Менден алдын сиз кууп жеттиң, – деди кызарып-бозоруп Чагырбек – бирок кызды эгерден мен өз атыма онoруп алдым! Сен эмес!

- Уттук, бек сиздин пайдаңызда. Мен жөн эле өзүмүн атымы сынап көрдүмда.

- Атты кемсинтпе, ал аргымак затты! Тойго кел.

- Рахмат, Бек! Албетте келемин тойлоруңа, эгер капа болбосоңуз.

Гүлчечек Чагырбекке карап таң калгандай жылмайды. Кыз башкалардын карап тургандарынан тартынып кызарып атын буруп кетти. Чагырбек бираз күмөндүү утукту алса да, үйлөнүштүн биринчи шартын аткарды. Күйө-кыздын үйлөнүүсүнүн экинчи шарты - «белдешүү» башталды.

Экинчи шарт – жигит атты чаап жатып, кызжаадан аткан окту уруп түшүрүү болчу. Аны биринчи шарты аткарган жигит гана аткарышы керек. Эгерде экинчи шарт аткарылбаса кайра кыз куумай башталат. Чагырбек бул шартты оңой эле аткарды. Үчүнчү шарт –бир топ жигит-кыздар көз алдында жертөлөөдө кыз менен жигит алышып кызды жыгытыш керек. Ал үчүн кең талаанын четинде кеңири жасалган жертөлө бар. Жертөлөнүн ичине кирип карап турушкан кыз-жигиттердин көзүнчө Чагырбек менен Гүлчечек кирип келишти. Бир топ Хандыктарда жаштар менен кошо көргөнү кирип келишти. Күрөш башталды. Жертөлөдө жарым караңгыда үйлөнгөн жаштар алышып жаткан-дарды жакшы көрө башташты.

Чагырбек кыздын оң билегин сол колу менен бекем кармап, экинчи колу Гүлчечектин назик белин ороду. Кыз каршылык көрсөтүш үчүн бош колу менен жигит-тин көкүрөгүнө катуу такап, алышканда көйнөгү суурулуп, жылаңач төшүндөжумшак мамагы басылып, Чагырбектин бир кыйла көзү түшүп көзү тунжурай кеткенсиди. Кызды дагы өзүнө тарткысы келди, бирок терсейген мамакчасына зыян кетип калбас бекен деген ойго кетти. Кызды жыгытыш үчүн дагы каттуу аракет кылыштын кереги жоктой сезилди. Чагырбек кучактаган кезде Гүлчечектин көздөрүнө тигилип карап турганда, кыз өзүнөн-өзү жыгылып кетиши турган сөз. Чагырбек Гүлчечекти жерге жыгытып, бооруна басты. Ошол кезде карап турган кыз-жигиттер жер төлөөдөн чыгып кетишти. Көп өтпөй Гүлчечек менен Чагрыбек да тышка чыгышты. Алар аттары тарапка басып кетишти.

Эртеси той үйүндө күүлөр жаңырды. Күүлөр сүйүктүү келинин гулзарга айландырып, колун унга салып, салам салдырып жана башка үрп-адаттарды жасатышты. Кыз тараптан келген кудааларды артыкча сый-урмат кылуу болуп жатты.

Кең эшик алдында, так орто ченине эки мамык тургузуп, аларга мис идиштер кадалып уланган, окшош даярдалган башты тазалап, баш ичине май куйуп жарык кылышкан. Бир топ сөөрүлөр коюлган. Сөөрүнүн бирине келиндин достору менен, экинчисине күйөө жанчылары менен жайланышты. Эки чоң сооруну бириктирип, улуу бектер, коңшу шаарлардан келген бектер жана элчилер үчүн жай кылышты. Башка меймандар урук-туугандар менен жайланышты. Ырчылар, кошокчулар үчүн орто тарапка жай жасалган. Чоң-чоң жез табактардагы бүтүн бышырылган кой эттери биринин артынан бири тартыла баштады. Алтын, күмүш жана чертсе зырылдаган көзөчөлөрдө келтирилген жапайы аары балдарынан жасалган шарап ичимдиктерин да таратып жатышты. Элчилер үчүн той өткөрүү мааракеси өтө ашыкча көрүндү, бирок алар бир нерсеге таң калышты. Ырчөөр токтотулду, эки үч киши бири-бирине карап, алмак салмак айтышса башкалар баркырашып күлүп жатышат, кээде күлкү кыйкырыкка айланып кетип жатты.

- Бул кандай оюн, деп толмоч элчи,көзүнө көрүнүп турса да, түшүнбөстөн сурады.

- Бул тамаша айтышуу дейт (бири-бирин сөзгө жыгыш).

Элчи Яо Динь-Хан Давандын сыйлуу бектери арасынан орун алган болчу. Ал кээ бирде аргымак-

тарды, таттуу ичимдиктерди, маанисине жетпесе да, кошок, аския айтышууну мактап койду. Элчинин көп сүйлөгөнү, мактанганы кыйла жагым-сыз эле. Ал той өткөн ар кыл адаттарынын ыкыр-чыкырына чейин сураштырып, тактап отурду. Кезек дагы оюнга келгенде эки жаш жигит эң шок, чыйрак, колу башын силкилдетип баарынан башкача оюнга түшө башташты. Бул оюн элчилердин көңүлүн да бурду. Алардын суроосуна Кундузбек мындай жооп кайтарды: - бул жигиттер Хотонарык кыштагынан келген коноктордон.

- Булар кайсы жерден келишкен? – элчи Яо Динь-Хань сурады.

- Хотонду Шенбиндер өткөн жылы басып алгандан кийин, алар бул жакка көчүп келген, - деди Кундузбек элчинин көзүнө тике карап, - биз аларга жай бергенбиз. Алар Чоң сайдан суу чыгарып, кыштак болуп калышты. Ошол арыкты бардык эл «Хотонарык» дешет. Булар биз менен тууган эл. Алар менен бир тилде сүйлөшөбүз. Алар бегинин «чагыр ичелик» деп кысташы андан оюндан кийин бийик доош менен айтылган ыры элчинин жанына каттуу тийди. Ал алдында турган идиштеги шарапты толук ичип Яо Динь-Шань өзүн атайылап маска окшотуп: хандыктардын ар бир кыймылын карап турган Жасоол беги Кундузбектин сөзүнөн кийин элчи өзүн мастыкка салганы туура деди.

Кызматкер келип Чагырбектин кулагына шыбырады.

- Анын өзү кана? – кескин сурады Чагырбек.

- Аны Жасоол башчы тышкы дарбазадан чакырды. Сен өзүнчө баштап келипсин. Чагырбек тоюна чакырбаганды киргизбейт. Билесинби? Бул жерге кимдер гана келет – деп мени кагып койду. Кеч болсо да айтып койбосом болбойт.

Азыр жасоол башчыны чакырыш убакыт эмес. Ал жигитти тапса болоор бекен? Табылганда да... мүмкүн акырында баштап келишээр? Тойдон кийин кеч болбос бекен.

Жакшы болбоду, - ойлоду Чагырбек – эгер аны меймандасак тилин тыят эле. Эми болсо бектин аялын мен башта кууп жеткемин деп бир жерде айтып коюшу мүмкүн.

Эртелеп шаар коргонунун алдында тартылган карнай үнү бара-бара угулбай бара жаткан. Бүгүн Чагырбек менен Гүлчечектин тойунун үчүнчү күнү. Бугун аламандар учун Сейил «Кыз кууду» майданда болмокчу. Карнайчылар аравада ошол майданга кетип бара жатышат.Карнай-сурнай аркасынан чогулган Чабандездер байгеге катышмакчы болгон жашжаландар да барышууда. Алар жолдо көрүнгөн тааныштарын да «жүргүлө улакка, байгеге» деп чакырышат, «менин атымды чапканда көрүп кое-суздар» деп макатанышат.

Соорунчулар байгенин таштай турган жерге жакын топтолуп турушту. Бул жерге шаардын аламандары менен Яо Динь-Хань башчы элчилер да келишкен. Байге башталды. Күлүк аттар майдандын чаңын асманга көтөрдү. Паттага келген биринчи соорунду кашка ат минип турган биринчи! – деп кыйкырды. Соорунду, Гүлчечекти баарынан башта кууп жеткен бейтаныш жигит алды. Байгеден кийин аттарды дем алдырып, анан күрөш башталып кетти.Түрдүү шаар кыштактардан келген балбандар

күч сынаша башташты. Дагы улак башталды. Соорунчунун алдындагы улакты чабандездер арасына алып барып таштады. Ар тараптан атчандар келип кошула башта-шты. Менмин деген чабандездер ортого киришке аракеттенишип, айрымдары улак жаткан жерге жакын бара албай, улакты алыш үчүн энкейгендерин үстүнөн ат салышып, көтөрүлгөн улакты үзөнгү менен теби-шип, түшүрүп жибериштн.

Улакчылардын үчөө-төртөөсү биригип, бири-бири-не жардамдашып, илип аларда коргошуп, көптөшүп алып чыгышты. Улакты өңөрүп алган чабандездин жанынан экөөсү, бири алдынан, экинчиси артынан коргоп барышты. Тартип боюнча майданды айланып чаап келип, паттага соорунчунун алдына ташташ керек болчу. Эсепсиз көп улакчылар соорунду көздөп келе жаткан улакчыларды куушуп кетишти. Бейтаныш жигит шериги жок, жалгыз өзү, ушул мезгилди пайдаланып, алгоолошуп келе жаткандын шериктерин болгон ченде да аларды жандап, жакындап ат койду. Баштагы жандап келгендин бирин сүрүп чыгарып, ортого кирди.

Алардын аттары ажырап кеткенде, улакчы такымындагы улакты катту тартканда улак сүрүлүп чыктыда улакчы аттан жыгылды. Бейтаныш улакчы эч кимге карматпай, улакты алып келип соорунчунун алдына таштады. Тамаша кылуучулар: «жаша азамат», «баллии», «атаңа рахмат», «ана ат деген, мына жигит»! – аны макташып, баталарын бериштн. Хандыктар байгени, улакты тамаша кылып: негизги күчтү күлүк аттарга, тез чабышы, топко кирип барышы, чыгып кетиш мүмкүнчүлүгүн карап жатышты.

Яо Динь-Хань улак чабыш туурасында Жунгуда да боло турганын укканда ишенбегендей жылмайып койчу. Ал байгеде да, улактагы утуп чыккан кашка күлүктү алууга кызыгып калды. Демек Даванга келген же келе жаткан бардык элчилер катары Яо-Динь-Ханда күлүк зат аттар учураганда бир жолу да колдон чыгарбашка тапшырма алган болчу. Напсилерине Шенбиндер үчүн ушундай учкул күлүк аттар гана керек!

Кашка күлүк ээси, бейтаныш жигит чыйрактыгы да, жүрүш-турушу да өтө элпек экен деп, аны Эрши шаарчасынын беги Сыртланбек өз ишканасына чакыртты:

- Атын ким? – деп сурады бейтаныш улакчы жигиттен.

- Камчы

- Кайсыл жерден болосуң?

-Тар дарыясынын жогору жагынан. Селат шаарчасынын ары жагынан.

- Атыңды сат. Биз аны Чин элчисине тартуулайбыз.

- Бек, акыры бул ат менин канатым. Мейли, мен так ушундай ат алып келип берейин.

- Атыңдын баасын ашырып жатасыңбы?

- Жок, бек.

- Баарыбир алабыз аны! Бектергесөздү көбөйтүп жатасын!

- Анда өлсөмда атымды бербеймин.

- Кана бербей көрчү! Бересиң! Жогол!

Хандыктарга бир гана жакшы аттар эмес, башка нерселер да кызык болду. Даван бектерине билдирип койуш үчүн Яо Динь-Хань улак бүтөрүндө мындай суроо берди:

Кыз куумайда баарысы барабар ат чабышбайт экен. Бул жакшы. Улакта болсо, бардыгы бирдей ат салат, аны көрүш да абдан кыйын экен. Ар дайым он-он бештен гана улакты чапса болбойбу?

- Элчиге жакшылап түшүндүрүң, – деди Кундузбек тилмечке, - биздин ойундарыбыздын, баардыгынын өз маанилери бар.

Кыз куумай аялдарыбыздыкы, аларды чыйрактыкка үйрөтүшөт: алар дагы атта жакшы жүрүш, каттуу бастырыш, жорголотуш, жоортуруп бастырыш, аркага бурулуп туруп душманга жаа атып төшүнөтак тийгизиш керек! Улак тополоң уруш. Согуш убагында баары барабар бирдей кол салышат. «Ур, сай, башын ал, жүрөккө сай» - ушул сыяктуу. Улак деген тынч убакта согушка даярдагандай аттарды үйрөтүү жана өзүбүздү да машыктыруу! Яо Динь-Хань мындай толуктүшүндүрмө бергени үчүн ыраазычылыгын билдирип, жылмайсада, бирок өңдөрүөзгөрүп кеттида, мастыгы таркады.

Кеч түндө, төшөккө созулуп жатыш убагында да, анын кулагына Кундузбектин курч учтуу октору жүрөккө тийгендей болду. «Улак - согуш оюну,душманга кыргын салышты үйрөтөт, кыз куумай – аялдар атты чаап баратып душманды жаа менен окко тутуш машыгуусу!»

-Алтынчы бөлүм-

КАЧЫР КЕРБЕНИ

Качандыр бир чокудан кулаган жар чукур жарча жабышып орноп калган жол ушул жолго келгенде өтө тарайып, чыканактай бурулуп өтмө болуп калган.

Бурулуштан өткөн биринчи аттын аркасындагы үчүнчү атчанды көрө албайт. Бул жерден тоолор акырын басып, аттар, качырлар акырын басып өтүшөт.

Айдын жарыгында жолго түшкөн кербендин бир бөлүгү жардын үстүндөгү ушул тар чыканакчадан бурулуп өткөндө, акырында келе жаткан кароолду кимдир бирөө качырдан тартып алды да жанына байланган канжары менен кылычты алып, өзүн жол четине тынчытты. Уйкусурап бараткан экинчи кароол чочуп көз ачып, качырдан түшүп, шеригинин жанына шашылды. Белгисиз жол тосор акыркы качырдагы куржунду ыргытып жиберди. Куржун барып кароолдун кылычына илинип калды. Корукчу ошол убакта жолоочуга кылыч менен айбат кылды. Кылычына тап берип, жар кырына барып калган кароолду белге тепкенде жардан кулап кетти. Анын кыйкырыгы төөлөр мойнуна асылгын шылдырактан угулган да жок. Акыркы эки тооге ар кыл маталар жүктөлгөн болчу, анын алдындагы эки тоого да, малдардан тышкары, буттарына жынжыр менен байланган экиден төрт кулдар да бар болуучу. Алардын экөөсү эркек, экөөсү аял эле. Кулдары кербен башчысы төөлөргө миңгиз-

бей, катардагы мата жүктөлгөн качырлардын арасына кароол катары жөө бастырышат болчу. Эркек кулдар төө үстүндө бара жатып, белгисиз жол тосуучуларэкинчи кароолчунун алышканын жана аны жарга кулатып жибергенин көргөн, алдындагы төөдө кетип бараткан аял кулдар болсо кыйкырык доошун эле угушкан. Жол тосоорлор тоого артылган байлыктарга кошуп, кулдарды да алып кетиши да мүмкүн эле. Эмне баркы бар?! Баарыбир алар да бирөөнүн мүлкү да! Соодагерлер кимдир бирөөгө сатышат, мүмкүн алган адам да бирөөгө сатышы мүмкүн. Бул убакта аларга сатып алганбы, уурдалган кулбу, барыбир. Жолтосоор тоолор жанынан өтүп келип, эркек кулдарга колу менен түшүндүргүсү келди. Кулдар бири-бирине карашып, кимдир бирөөсү ал жол тосорду көргөндөй болуп, кийин эстеди. Аны кул базарда бир кулду сатып алмак болгондо, акчасы жетбей калып, соодагер акчан болбосо эмне келдиң деп кагып койгонду эске салды. Мына эми, сатып алмакчы болгон кулду эми уурдап ала турган болду. Кулдарда көп ойлонушка убакыт жок эле. – Түшө берейли – деди алардын бири, жолтосоор түшүнбөй турган кылып өз тилинде. Эгер ал олтурмакчы болгондо, өлтүрөт болчу. Бизди узак мамлекеттерге алып барып сатсачы?

- Айтканына көнбөсөк, замат эле өлтүрүп коет. Анда эч кимибиз үйгө кайтып баралбайбыз. - Чын айтасын, кыйла башын иштейтда! Аты белгисиз жигит куржундан өгө алды да, кулдардын колу- бутундагы жынжырды кыркты. Кулдар бир аз жеңи-лденип калышты. Эми бул жагы эмне болот дешип, ойлонушуп калышты. Кулдардын Парфиен тараптан

болушарын билип алган жигит каерден угуп калган фарс тилинде аларды: - Бошодуң! Бошодуңар! Кулдар биринчи жолу өз кулагы менен бошотулдуң деген үндү угушту. Кантип бул каракчы алардын бошотуучуларынан болсо?! Алар жана жол улап бара жатышты. Эми жигит алдында, качырга учкашкан кулдар болсо аркада барышат. Жигит колу-буту бошотулган кулдардан шектенбеди. Демек анын жаман ниети жок. Кулдар бир аз болсо да өздөрүн бош сезишип калышты. Бирок бул жигит аларды кайсыл жакка, эмне максатта экени белгисиз.

Бир аз ооруп калган кербен башчысы Шихид алып келинген маталарды ачтырбады.

Ал ырым-жырымдарга ишенет. Жолболбой кыжаалат болсоң - соода да болбойт, деп ал ошондой кылды. Эртеси убакыт бар. Кербен Эршиге жөнөдү.

Базар майданына жакын дарбазасынын жанындагы Кербенсарайга кирип келгичекербен башчы маталарын кампаларга толук жайлаштырды да качырлардын ээсине кире акысын берди.

Тоо жолдору өтө оор машакаттуу болгону үчүн кире акысы баштагыларга караганда ашыкча турат. Кербен башчы менин кулдарым үчүн акын ким төлөйт деп, өткөн түнү алып кеткен качыр ээсине акча бербеди. Кире ээси макул болбоду. Бирок жарга кулап өлгөн кароол акысын бала-чакасына берип жибериш керек-тигин эч ким сөз да кылбады.

Бактра менен Эрши ортосундагы жол Памир-Алай тоолору аркылуу өткөнүүчүн анын бир далай аймактары аркылуу Ош кеңдигине жетиш үчүн шагыл таштар үстүндө жүрүшкөтуура келет. Төөлөр бул жолдо жүрө албайт. Ошондуктан бул жолго жүрүшкө

бей, катардагы мата жүктөлгөн качырлардын арасына кароол катары жөө бастырышат болчу. Эркек кулдар төө үстүндө бара жатып, белгисиз жол тосуучуларэкинчи кароолчунун алышканын жана аны жарга кулатып жибергенин көргөн, алдындагы төөдө кетип бараткан аял кулдар болсо кыйкырык доошун эле угушкан. Жол тосоорлор тоого артылган байлыктарга кошуп, кулдарды да алып кетиши да мүмкүн эле. Эмне баркы бар?! Баарыбир алар да бирөөнүн мүлкү да! Соодагерлер кимдир бирөөгө сатышат, мүмкүн алган адам да бирөөгө сатышы мүмкүн. Бул убакта аларга сатып алганбы, уурдалган кулбу, барыбир. Жолтосоор тоолор жанынан өтүп келип, эркек кулдарга колу менен түшүндүргүсү келди. Кулдар бири-бирине карашып, кимдир бирөөсү ал жол тосорду көргөндөй болуп, кийин эстеди. Аны кул базарда бир кулду сатып алмак болгондо, акчасы жетбей калып, соодагер акчан болбосо эмне келдиң деп кагып койгонду эске салды. Мына эми, сатып алмакчы болгон кулду эми уурдап ала турган болду. Кулдарда көп ойлонушка убакыт жок эле. – Түшө берейли – деди алардын бири, жолтосоор түшүнбөй турган кылып өз тилинде. Эгер ал олтурмакчы болгондо, өлтүрөт болчу. Бизди узак мамлекеттерге алып барып сатсачы?

- Айтканына көнбөсөк, замат эле өлтүрүп коет. Анда эч кимибиз үйгө кайтып баралбайбыз. - Чын айтасын, кыйла башын иштейтда! Аты белгисиз жигит куржундан өгө алды да, кулдардын колу- бутундагы жынжырды кыркты. Кулдар бир аз жеңи-лденип калышты. Эми бул жагы эмне болот дешип, ойлонушуп калышты. Кулдардын Парфиен тараптан

болушарын билип алган жигит каерден угуп калган фарс тилинде аларды: - Бошодуң! Бошодуңар! Кулдар биринчи жолу өз кулагы менен бошотулдуң деген үндү угушту. Кантип бул каракчы алардын бошотуучуларынан болсо?! Алар жана жол улап бара жатышты. Эми жигит алдында, качырга учкашкан кулдар болсо аркада барышат. Жигит колу-буту бошотулган кулдардан шектенбеди. Демек анын жаман ниети жок. Кулдар бир аз болсо да өздөрүн бош сезишип калышты. Бирок бул жигит аларды кайсыл жакка, эмне максатта экени белгисиз.

Бир аз ооруп калган кербен башчысы Шихид алып келинген маталарды ачтырбады.

Ал ырым-жырымдарга ишенет. Жолболбой кыжаалат болсоң - соода да болбойт, деп ал ошондой кылды. Эртеси убакыт бар. Кербен Эршиге жөнөдү.

Базар майданына жакын дарбазасынын жанындагы Кербенсарайга кирип келгичекербен башчы маталарын кампаларга толук жайлаштырды да качырлардын ээсине кире акысын берди.

Тоо жолдору өтө оор машакаттуу болгону үчүн кире акысы баштагыларга караганда ашыкча турат. Кербен башчы менин кулдарым үчүн акын ким төлөйт деп, өткөн түнү алып кеткен качыр ээсине акча бербеди. Кире ээси макул болбоду. Бирок жарга кулап өлгөн кароол акысын бала-чакасына берип жибериш керек-тигин эч ким сөз да кылбады.

Бактра менен Эрши ортосундагы жол Памир-Алай тоолору аркылуу өткөнүүчүн анын бир далай аймактары аркылуу Ош кеңдигине жетиш үчүн шагыл таштар үстүндө жүрүшкөтуура келет. Төөлөр бул жолдо жүрө албайт. Ошондуктан бул жолго жүрүшкө

качыр кербени каттайт. Суусу жок кумдуу чөлдөрдө тоодон өткөн чыдамдуу жаныбар жок чыгаар, тоо жолунда качыр дагы күчтүү. Таштуу тар жолдорго турганда тоолорго көп оор жүк жүктөлбөйт. Себеби ар кыл шагал таштартоонун бутун тилип жаралантат. Керебендеги төөлөр кербен башчыныкы. Ал таштуу жолго келгенде тоолордун буттарына кийиз байлап койду. Кербенбашчы Давандан ары, күн батыш тарапка дагы канча журттарга бармакчы. Жолдун бул бөлүгүндө тоолор иш көрсөтөт. Ал төөсүз кербен башчы да боло албайт. Ошону үчүн да ал кандай гана машакатту болсо да, таштуу жолдордогу таштарды тердирип болсо да, тоолору тоо жолдорунан өткөрүп келген болчу. Эртеси эртелеп кербенбашчы кооз тон кийип, көрүнүктүү сөөлөтү менен Даван сарайы – Аркага жол алды. Аркасынан бара жаткан эки кызматкерлери колдорунда бирден эң кооз гүлдөр, оролгон кутучалары бар. Башка бир кызматкер жаңы шайы көйнөк кийилген кулду айдап барышууда. Жасоолдор кербенбашчыны чоң тегерек боз уйдун эшиги алдына ээрчитип келишти. Караванбашы кошмо эки эшиктин бетине кийиктер, архарлар, узун буттуу кулук аттардын сүрөттөрү тартылган чоңэшиктен киргизип такта олтурган киши тарапка баш ийди. Түрдүү мамлекеттердин өкүмдарларынын сарайында болгон тажрыйбалуу кербенбашынын көзүБадахшан, көк түстүү жасалган кооз такка түштү. Аны менен жана-жан окумдардын алдына кирген Кундузбектин белгиси менен караванбашы колдорун кокурогуно коюп, тизелеп башын жерге тийгизгенче каттуу таазим келтирди. Сунгра ал ихшиддин сол жагына,Мудтойдун тушуна чок туштү, бек белги

бергенде килемден кенири жай алды, жасаоол беги Кундузбек Мудтойдун жанына олтурду.

-Караван жолдорунан сиздерди суйукту Парфиендон жана Бактриенадан белектерди алып келдик эле, - деди караванбашы урмат менен.

Кундузбек үч жолу такылдатып урду. Сакчы жасоол кирип кол кушурду.

- Тартууларды келтиргиле!

Кызматкерлер кутучаларды келтирип, Мугуванын бут астына коюшту. Кутучалардын биринен кербенбашы Парфиендон сатып алган укумуштуудай кооз көзөнү алды. Өнөрпоздун колу менен пил сөөгүнөн мүйүздөй иймекей көзө, сөөктүн экинчи иймегин укмуштай канаттуу маклуктун алдынкы бутуна жана башына иштеткен. Экинчи кутучадан Бактирена кумуш табакчаларды алды. Табакчалардын ортосунда эки балбан олтуруп алган пилдин сүрөтү тартылган болчу. Мындай кооз буюмдарга Кундузбек гана өзү жактык соодагердин тартуулаган буюмдарына бир аз карап көз салып койду. Ихшид болсо анча коңүл бурбады. Анын кул беги Мудтой сүрөт тартылган табактарынан бирөөнү кармап карап коюп кайра кутучасына салып койду. Даван окумдары менен анын кул бегинин мындай суз мамиле кылганына кербен-башы бир аз көңүлүн иренжитти.

Парфиенадан Урабаз аттуу бир кул сатып алып келдим. Ал жоош, өнөрлүү, жыгачты тегиз жөнөт, темирчиликти да билет. Улуу Ихшид, ушул тартууну да кабыл кылсаңыз! – деди Кербенбашчы оордунан туруп, кул биргеликте жарым ийилип, таазим этти. Бул белектер аркылуу ал жакшыраак мамиле кылып пайда табыш болчу. Бир аз мурун эле алдынкыдай суз

мамиле кылды. Тартуулаган кул акы төлөш тууралуу эч ким сөз кылбады.

- Өзүңүз курган соода жолдор, элдер ортосундагы соода сатык мамилелерда кыйынчылык жаратпай калды. Ошол тууралуу айтып берсениз жакшы болоор эле–деди Мугува. Караван башы алып келген белектерге бул жолу суз мамиле кылышса да, Даван Ихшидда мейманды жакшы кабыл албаганын жакшы түшүнду.

- Илгери курган мамлекеттерден баштайымбы, же...

- Бактриена менен Парфиена аралыгындагы жолдор тууралуу биз анча мынча билебиз. Алардан ар жагындагылар тууралуу айта бериң.

Мен Бобилде туулганмын. Элимдин башкы шаарыболгон Суз аркылуу отуп Перстердин борбору Тахти-жамшитке барып турчумун. Жолдун карама-каршы жагында катталгамын. Экбатан (азыркы Хамадан), андан Юнондун (эски грек) Эгай денизи боюндагы шаары Эфесге чейин барганмын. Суздан Эфеске чейинки жолду «шох жолу» (муйуз же шак жолу) деп айтылат. Шохтун Искендер падышачылыгы кулагандан кийин бул жалгыз жол да бузулду. Натыйжада, сатыла турган буюмдар үчүн төлөнө турган бажы төлөм абдын ашып кеткен. Мен бул жолдон өтө ызычуу убактарда каттай баштадым. Мындан канча жыл мурун Парфиена падышасы Фроат эски гректерден Бобилди тартып алгандан баштап «шох жолу». Бул жолу сиздердин жеринер, журтуңар аркылуу Даванга Гекотампил, Нугай, Маргиена, Бактриена... аркылуу келдим.

- Өткөн жылы Нусайдан келген сатуучу да Парфиена Рим жерлерине чейин созулуп барыпкеле жаздады деген эле, - деди Мугуба Мудтойго карап.

- Туура, ошондой улуу Ихшид! – деди кербенбашы-соодагер. Кербендер эми Парфиенадан теетиги Рим жерлерине чейин токтоосуз бара алат... Кийин... Кийин андан ары күн батыш суу тараптагы элдерге да өтсө боло берет дешет. Бирок ал тараптагы элдерге барып соода кылган кербендерди жолуктура да укканым да жок.

- Көп өтпөй, узун кербен жолу Даванда кесилишет.

Румодон Чинга, Бобилден Хоразимга чейин каттай турган көп кербендер бизди кент, Депара аркылуу өтүшөт! – деп койду өзүнө өзү сүйлөгөндөй Мугува. Мугува тактын сөйөнгүчтөрүнө тирсегинен аскандай тигилип тынч олтуруп калды. Кербенбашы Ихшид баштаган сөздү укканы турган. Ал Мугуванын бүткүл оюу деңизге сүзүштүбилбейт эле. Ихшиддин ой максатын тоскон эрежеден оң кол беги Мудтой менен Жасоол беги Кундузбек гана жакшы кабары бар эле. Ошол себептен алар өкүмдарга көнүлүн бурбаш үчүн сөз сүйлөшбөй тынч олтурушкан. Кербенбашы аргасыз тартипке баш ийди.

Кийинки жылдарда Даван ихшиди Мугува негизги кербен жолдорун, албетте, өз мамлекети аркылуу өтүшүнө чараларды көрүшкө киришкен болчу. Ошондо гана Даван мамлекетинин байлыгы көбөймөкчү, анын күчү да артат болчу. Ошол аркылуу Даван ихшиди Мугуваны кыйла мамлекеттер таанышат, билиш дагы эмес, соода жолдорунунан ар кыл жолдорун да биле баштады. Булардын бардыгы анын тахтын күчөндүрөт, шан-шөөкөтүн ашырат.

Мына азыр да келүүчү соодагерлер, элчилер, саякатчылар элден-элге тентип жүргөн кароосуз, үй-жайсыз, ишсиз жүргөн байкуштар Узун жол туурасында уккан-билгендерди эске келтирип, акыл таразасынан өткөрүшкө аракеттенип жатканы. Түрдүү тилдерде сүйлөшкөн бул аралашкан адамдардын сөздөрүнө караганда бул улу жана узун кербен жолу. Кээде-кээде кесилишип да калаар, мүмкүн дагы тикеленип жалгыз узун жолго айланып тураар. Муну Эрши аркылуу өтүп турган кербендин бир азайып, бир көбөйүп тургандан да байкаса болот. Даван ашуу-сунда дагы ушул нерсе да белгилүү, Румо менен Парфиена өз ара талаш-тартыш болуп урушуп турса да алар ортосунда соода мамлелери үзүлбөй турат. Буга үчүнчү ортомчу мамлекет соодагерлердин жүргүзгөн иши да бир канча жардамы тийет. Улуу соода жолу күн батыш тарапка бара-бара жакындап бара жатат. Мындан бир нече жыл башта узак күн чыгыш тарапка улуу Чин мамлекетинен биричи жолу элчи Жан Цяндын келиши Мугуваны кубандырган эле. Ошондон кийин өздөрүн Хан деп атоочуЧин менен Даван ортосунда ири соода мамилелери орнотулган эле. Демек, Румо менен Парфиенадан башталган кербен жолу Даван аркылуу Чин соода жолу менен кошулушу мүмкүн! Акыры Давандын Чин менен келечек жана боло турган соода мамилелери эми гана өсүп, өнүгүп келе жатпайбы. Ошондой кылып, күн чыгыштагы деңиз деңгээлинен башталып, күн батышка Чон суу кыргактарына барып такала турган улуу кербен жолу Даван шаарлары, кыштактары аркылуу өтөт. Эки улуу кербен жолу - Румо менен Чинди байланыштыра турган узун жол, Хинди менен Хваразейм (азыркы Хорезм)

аралыгындагы бир гана кыска жол Даванда кесилишет. Мындан башка бир да мамлекет бар бекен дүйнөдө? Кудайым Даван мамлекетинин бактысына бут атарабын, тоо чоку-ларын, ээрибеген муз, кар менен капталып оролгон Асман тиреген тоолор ороп турат. Мындай тоо менен оролгон башка эч жерде жок, Чындыгында бул тоолорду бекерге Тянь-Шань - Асман тоолору деп аташпагандыр! Кайсы жолдон жүрсөң, да Даван мамлекетине келиш үчүн жазда да кар ээрибей турган, калың муз менен капталган давандарды басып өтүш керек. Ошону үчүн дагы бул мамлекетти «Даван» дейт, же давандар мамлекети, же бүт атарабын давандар курчап туруучу мамлекет дешсе да болот. Анын тоолору адам заты өтүшү мүмкүн болбогон таш дубалдары улуу Ахурамазда темирден да каттуу кылып жаратылган! Ушул убакка чейин эч ким Даванга кылыч көтөрүп келе алган эмес! Искендер кире алган эмес бул өлкөгө! Бул жерге Румо же Парфиена армиясы келе алышы мүмкүн! Чин болсо коңшу болуп келбей турган алыскы аралыкта. Чиндин көптөп элчи кошо келүүчүлөрү да бул узак, машакаттуу жолдо оокат жетишпей тез-тез өлүп турушат. Эгерде Чин бул жакка күчүн көп жөнөтө турган болсо, алдан азган жоокерлер жолдо өтүп болбос тоолор, тик жана тайгалак муз да аларды тосот. Даванды басып алуу, согушуу мүмкүн эмес! Демек, башка мамлекеттер Даван менен же Даван аркылуу соода кылыш тууралуу ойлонушу мүмкүн. Акыры келген же келе турган Чин...Хань элчилеринин бардыгы так ушуну тастыкташаар. Даван тууралуу айтпасаңар да муну жакшы билишет!

Кербенбашы уруксатсыз жөтөлүп жиберди. Ихшид мандайда олтурган бектер менен мейман соодагерге карады. Айткандай – деп койду ичинде. Мугува – Өзүбүздүн жердеш кербенбашына уруксат бериш керек!

- Жана кандай сөзүңүз бар бизге?

- Арзыбагаган эки ооз сөз бар.

Кебенбашы көптү көргөн анча-мынча кокустуктарга туш келип, башынан эмне деген жаңжалдарды, чечилбеген чатактарды өткөргөн. Ал далай гана шахтар, хандар... Мандайында тиш чукуп олтургандарга да таазим кылып, чоң каракчылар туткунунда да болгон, бир нече жолу баскынчыларга учураган.

- Мен ишенемин, деди ал сөзүн жакындатып.

- Бул ишти күтүүсүздөн бир эки ач эшекчилер кылган. Мындай адамдар кыштактарда деле табылат. Бирок бул көңүлсүз кокустукту кербен жолдорун көзөмөлдөөчү улуу Ихшидке билдирбей коюну өзүмө эп көрбөдүм. Угушубузга караганда чоңбу, кичинеби болоор-болбос ишке өз убагында чара көрүп коюш зарыл деп билет экенсиз, улуу Ихшид!

Кербенбашы ийилип таазим кылганча аркасы менен тисерилип эшикке чыгып кетти. Мугуванын түсү өзгөрүп, кебетеси бырышып кеткенсиди.

Ал кабагын бүркөп жасоол беги Кундузбекке карады:

- Бизге журт кербендери Даванга келиштен безилдебеш керек!

- Албетте, каракчыны табабыз! Башка эч ким жол тоскону аракет кыла албайт! – деди Кундузбек.

/Жетинчи бөлүм/

БАЗГАНДАР ҮНҮ

- Дагы бир жолу таштайын ашыктарды, - жалынды үйүндө уткузуп койгон кумарпоз шериктерин мыскылдап күлгөндөрдүн алдында.

– Жок Жоодар, башта карызыңды үз, андан кийин ашктарга кол узатасың.

- Оббоо, эч нерсем калбады деп жатамго!

- Болбогон сөз! Карызыңы төлөй турган эн жакшы нерсең өзүңдө турат! Ал түгөнүп да калбайт!

- Ал эмне экен? Төштүк менен базганды айтып жатасынарбы?

- Жоок! Базганың менен төштүгүң өзүңө эле буйрусун!

- Эмнени айтып жатасынар анда?

- Аялыңдын кебетеси келишкен экенин баары билишет!

- Эмне! Аялым сулуу болсо силерге эмне?

- Өзүңдү көп эле билбестикке сала бербе, Жовдар? Карангы түшкөндө аялыңды алып келесин, эртен менен кайра алып кетесин. Бир жери кемип, жоюлуп кетпейт. Этияттайбыз. Ошо менен карызындан кутулдум деп коебер.

- Булар дагы дос жар имиш! Жарыбагырлар! Эми түшүндүм, ким менен табакташ экенимиз!

- Ыхтыярың өзүңдө! Аялынды алып келесин же өзүңүздү даракка байлап, согумга байлаган торпоктой

алдына көк беде таштап коебуз. Ким уткузган карызын төлөбөсө, башына эмне түшкөнүн өзүң жакшы билесиң го!

- Билемин!

- Билсен болуптур да. Аны муну сүйлөбөй алып кел аялынды. Жовдар ачуусу менен бузулган чалдыбардан атып чыкты.

- Биз төртөөбүз, ал болсо жалгыз, кумарпоздор бакылдашты.

- А дайым аны утуп карызга батыра беребиз. Акыры аялын алып келип, карыз үзгүчө көнүп калат. Бул бизге да жаман эмес. Жовдарга да залалы тийбейт. Эми эмне дейсиңер?

- Аялы да Жовдар кумарда утулса ачуусу келбей турган болуп калат. Колго түшкөн олжону нак колго түшүргөндөй, наша тарткан сайын жыргап жаткан.

- Башта бирден бирден киребиз сулуунун жанына.

- Эч кайсы жарабагыр кире албайт – деп үшкүрдү Жовдар.

- Мына алгыла! Бул нерселер карызымдан эки барабар турат. Ачуусу менен таштады да аркасына карабай чалдабардан чыгып кетти.

Эртеси эртелеп темирчи устаз Жоодар устаканасында иш менен убара болду. Ойлонуп кабагы калың эле. Коншу дүкөндөгү шериктери таң калышты: эмнеге Жовдар бүгүн кем сүйлөп, кабагы түшүп калган? Чырак жакса көңүлү ачылбаган Жовдар чоң дүкөнгө жакындашып келген Чин элчилерине да көңүл бурбады. Анын ачуусу кайнап, базган алдында отто кызытылган кее бирде бул темир буюмдарын шалдыратып жилкип таштачу. Бир эки жолу ачуусу менен базганды уруп жиберди.

Хандыктар устаканааларды тамаша кылып, шашпай келе жатышты. Алар ал уста менен сүйлөшүп, балка, теше, кескич, кычкачты колдоруна кармалап, көргөнчө өздөрүнүн мамлекетинде кандай темирчилик буюмдары бардыгы тууралуу айтып беришти.

Мына алар Жоодардын устаканасына келип токтошту. Саламдашкандан кийин Хандыктар Жовдар даярдаган ооздурук, ат такаларын, өмөлдүрүк, ар кыл буюмдарды, темир жана жезден найза учтарын көздөн өткөрүп жатышты. – Ооздурукту Хундар ойлоп табышкан – деди Хандыктардын бири давандыктарча сүйлөшкө тырышып. – Мумкун сиздер алардан, Хундардан, үйрөнгөндүрсүздөр. – Билбеймин! Мен ооздурук кылышты атамдан үйрөнгөнмүн, атам чоң - атамдан үйрөнгөн, - кыска жооп берди Жоодар. Анын сөзүнө көңүл бурбай Хандык дагы суроо берди: - найза учтарын көбүнчө темирден жасайсынарбы же жезденби?

- Аны уста башчыбыз Турон билет.

-Даван темиринен жасалган найза учтарыбышыкбы же башка элдерден келген темирден жасалганбы?

- Темирдин кайсы жактан алып келгенин мен сурабаймын! Алып келгенинен, айткан буйрутмасын жасап беремин. Мага акчаны күмүштөн төлөшөт, аны бир жакшы иштерге жарайт деп бекитип коемун. Ал өткөндөгү утулуп калган иштерди ойлоп, бул кандай шермендечилик! Уккандар эмне дешет. Мындай акмак достор менден алыс кетишсин, акмактар. Жоодар туура келип, аялына болгон сөздөрдү төкпөй-чачпай айтып берди. Өткөн, кечеги иштери үчүн, аялы аны, окшошкон досторун каргап ыйлады: мени ким деп

ойлойсуң, өлсөм да андай ишке, айбандыкка жол койбөймүн. Өзүң бар да мойнундан байлатып, алдына көк беде таштат. Бут элге шерменде бол! Жовдар, мен сага андай кыл деген оюмда жок, өзүң бир мүмкүнчүлүк таап, мени куткар бул акмакчылыктан. «Өлсөм да эч качан колума ашык албаймын эми!»- деп жалынып, аялынын бутун кучактап ыйлады. Аялы ата-энеси тоюнда берген белегин ушул убакка чейин сактап келген алтын шакек, акак мончокторун күйөсүнө берди.

Негедир Хандыктардын суроолоруна жооп берип жатып, иш акысына алган кумуш акчасын бир жаман ишке керек болот деп бекиткенмин деген сөзүн эске тутуп, эмнеге айтканын өзүнө өзү таң калды.

Хандыктар башка, конушу устаканаларга өтүп, кылыч, канжарларды жез менен темирден кандай жасалышы, отто канча убакыт, канча тапталышы, кайсыл даректардан сапталышы жөнүндө кызыгып жатышты. Бугун бардык нерсе, балка дагы башка жайга эмес, өз ордуна койулушу Жоодардын ачуусун келтирди. Уста дагы өз ишине кирише баштады. Анын он төрт жаштагы жардамчысы Рахшан, орто бойлуу, ичке көз, Хандыктарды аңырайып карап, жыгач челекке урунуп, андагы сууну Жоодардын бутуна тогуп жиберди. – Эй, оосар бала иш убакта аңырайба! Шеригин кагып койду уста. Рахшан өзун жоготуп койду. Жоодар бир колунда кескич менен кып-кызыл чок болгон темирди төштүк үстүнө койду да, шеригине чоң балканы узатып жибер, деп буйруду. Эндиреп калган Рахшан орточо ыссык балканы колуна карматты. Ачуусу менен Жовдар балканы ыргытты да, жардамчысынын бетине чабайын дегенде, жардамчысы качамын деп чабылып чок болгон темирге бети менен жыгылды да, эс Үчүн жоготуп

койду. Коңшу усталар чогулушуп келишти, Туран да жетип келди. Ал Жоодарга урушуп жатканда, эмне дешти билбей калды. Бетине суу сээп, сергитишип, Рахшанды аран өзүнө келтиришти.

- Болуптур, Тохтар, бул жакка кел! Туран өтүп бара жаткан шап мойлоо Жасоолду чакырды. Жасоол Туранга коңшу эле. Ошондуктан Туран ага өз уулундай жумушка жумшай берет. Сен үйүңө кетип жатасынбы? Замбардын бир жагын карма. Мына баланы үйүмө алып кетебиз. Жовдар Рахшанды өткөн жылы Куба дарбазасынын жанында Каравансарайдан таап алган эле. Бала атасынын көп жылдык оорусунан каза болгонун, энеси болсо эки жыл башта каза болгонун айткан. Жетим калган Рахшан ач, жыланач, ар жерде күн өткөрүп жүргөн. Он экиге киргенде Хасансай аркылуу өтүп бара жаткан караванга илешип, Эршиге келип калып бул жерде дейдип жүргөн.

Рахшан Турандын үйүндө эки апта жашады. Ал өзүн оңолдум деп, Жовдардын устаканасына келди. Туран баланы көрүп калып кайра жиберди. – Бетин жакшы түзөлүп калгыча иштебе! – деп урушуп койду аны. Бир нече күндөн кийин түн ичиндеРахшан Туран менен аялынын акырын сүйлөшкөнүн угуп калды.- «Бул жетимди ушунча күндөн бери бакканыбыз жетишээр»- деди аялы. Өзүбүздө да тамак-аш жетишбейт. – «Дагы бир апта сабыр кыл. Бир аз жарасы бүтсүн, кийин аны бир аз боорукер темирчиге жардамчы кылып жайлайм. Ошол адамга жайда берем. Рахшан эрте танда кайсыл жаккадыр качып кетет. Туран устаканадагы жардамчы беш-алты балдарды Рахшанды издегени жиберет. Эч жерден аны табыша албады. Кенсайга бара жаткан караван менен өз журтуна кетип калса керек деген ойго келди.

/Сегизинчи бөлүм/

ЗУМРУД КӨЗДҮҮ ТАШ ТӨӨ

Жер алдындагы бул үңкүр дубалдары,
Күмүш кыштардан пайда болгондой.
Ал жерде чөк түшкөн зумруд көздүү таш төөсү бар.
Кони Гут атындагы фантастикалык көрүнүштөн.

Чокуга келген жайдын күнү баарын айоосуз ысытты. Эки гылдыректүү аравалар. Ат буттары чаңыткан ийри-буйру жолдо кырк жамак кийимчен, жокчулуктан аран эле кыймылдайт. Алардан он бешжыйырма кадам аркада эки жаш жасоол эрингенсип аран эле басышат, үчүнчү, жашы өтүп калган жасоол эн акырында ат минип алган. Алар колго түшкөн туткундарды айдап баратышат. Аларды мал катары төрт-төрттөн чынжырлаган. Алардын арасында бир өспүрүм да бар. Ал аркада келет да, чуркап барып, жасоолдордун көрсөткөнүн аларга жеткирип берет. Жол четинде учураган, арыктан топусуна толо суу алып, чынжырланган байкуштарга берет. Топусу жыртык болгондуктан эки-үч ууртам жутат да калат. Суусундары канбагандар жетимдин топусун алып беттерин артат. Алар мындан үч күн мурда Эршиден чыгып күн батыш тарапка жол алышкан болчу.

Алырдын абдан алы кетип калган. Төрт чынжырлангандын ичинде экөөсү гана бир аз тетик. Тажрыйбалуу баш жасоол бул эки кубаттууларын

атайылап биринчи төрт кишиге кошкон. Аларга карап аркада калгандарын басышына кол кабыш кылып жылдырышка жардам кылат дегени. Алсыз бул эки туткун жолго чыгаардан бир күн алдында Эрши зындanына салынган болчу.

Жолоочулар эми адырдан кыялап түшкөн таш жол менен барышууда. Бир аз алдынкы жакта жолду кесип өткөн саз суусу шырылдап агып жаткан арыкча көрүндү. Каракчылар буттарына ийне сайгандай басыгын тездетип арыкка жетип өздөрүн сууга таштап, беттерин, ооздорун чайкап колу менен суу иче башташты.

- Ким уруксат берди силерге? – жасоолдордун бири кыйкырды. – Мына, мына жарыбагырлар! – деп байкуштардын баштарына камчы менен ура баштады. Биринчи кошоктолгон эки алдуулардын бири күчтүү жасоолдун колундагы камчыны жулуп алып, аны жолдун четинде эсинен кетирди. Туткун камчыны силкип тартканда жасоол чалкасынан кеткен эле. Ал ачуусу менен кылычын сууруп, бейбаштык кылган туткунга шилтегенде, жанжалды көрүп турган жасоол башчысы тез келип, кылыч кармаган жасоолду четке тартты да: -«өзүңдү бас, бул даваасыз жолтосоор, аны тирүүлөй жеткиришибиз керек»!

- Охоо, ушундайбы али?! – таң калды жасоолдун сөзүн укkан өспүрүм жаш жигит. Бутактары тарбайган чон тал алдына жеткенде жасоол башчысы түштөнүп алышка уруксат берди. Бул жерде суу да бар экен. Давандыктар кирне киргенге ишенет болчу. Ошону учун жасоолдор туткундардан алыс, тескери олтурушуп тамактана башташты. Туткундар кир калталары, белдемчи, аркыл тапкандарын: кургатылган нан,

талкандарын алышып жеп атышты. Жол тосоор туткун эч нерсеси жоктон чөп сындырып, жер карап отурду. Зынданга түшкөн күндөн бери туткундар ага да кагыштырып загара берип турушчу. Бирок, бүгүн эртеден бери жигит эч нерсе оозуна алган жок. Баягы өспүрүм жаш жигит анын алдына келип, белине байланган эки арпа нан алды да бирин сындырып жарымын ага узатты.

- Мына сизге ага, алың!

- Жакшы! Мейли, сенин нанынды жейбиз, жигитче! – күлүмсүрөп нанга колун узатты. – Атын ким? Сен каерге кетип жатасың?

- Атым Рахшан, - жооп кайтарды жаш жигит, экинчи нанды белиндеги чүпүрөкө ороп, белине байлады. – Муну эртеге жейбиз. Мен шаарларды, кыштактарды кыдырып журушту жакшы көрөм. Жердешибиз токтогондо сурандым, мени да жанына алып алды. Жолдо сизге жардам көрсөтөм дедим.

- Токтор дегенин ким?

- Аттуу жасоол да, аты Токтор. Ал жасоол башчысы. Жаман адам деп ойлобонуз. Мен бетимди күйгүзгөнмүн темирге чалышып, жыгылып кетип өзүмдөн кетип калганда ал мени замбарга салып, устаныкына алып барган.

- Жасоолдун жакшысы барбы? Жүрөгүм сезип турат, биз кайтып келбейбиз алып барган жайдан – алардын сөзүнө бир орто жаштагы туткун аралашты. Сиздер качасынар, мен жардамдашам! Кийин бирге жол тособуз, каракчы болобуз! Рахшандын создорун угуп, үч-төрт туткун акырын жылмайып коюшту. Мумкун алар өздөрүнүн жөнөкөй, таза жаштыгын эстеди окшойт.

- Агабай, сиздин атыныз ким? - сурады Рахшан өзүнө жакын сезген давандык туткун жигиттен.

- Камчы!

- Камчы? Ошол сизби?... Сиз оң кол бектин уулунун тоюнда...

- Ооба, ошол менмин...

- Ал жерде мен сизди узактан көргөмүн. Адамдар айтышты: сиз даванда биринчи улакчы деп! Кандай жакшы, сиз дагы жолтосоор!

- Кийинчерээк бардыгын түшүндүрүп беремин. Сен Али эч нерсени билбейсин

- Камчы ага мен ар дайым сиз менен... Сиз менен бирге боломун.

Чынжырланган туткундар жүзүн күнгө койгондо жана дагы жолго түшүштү. Бугун эртелеп Рахшандан, токтоосуз суранып жаткан, токтонуп калган туткун кечке жакын бутун көтөрүп, басышка да акыбалы калбай калды. Аны согуш же попуза кылыш пайдасыз эле. Жасоол башчысы суу боюндагы кайрагачтар алдына түнөш тууралуу буйрук беришке аргасыз болду. Түн ичинде дарманы жок, токтонгон туткун жан берди. Анын өлүгү да ашыкча жүк болду. Акыры адамзат өлүктү туура келген жерге таштап же көмүп койбойтго. Баш жасоол жолду жакшы билгендиги бир аз женилдетти. Мындан бир аз ары жакта таштуу дөбөчөдө адам соогунун көрсөтмөсү, андан ары жакта, чон кыштакта мүрзөлөр болуш керек, жай казуучуларда табылат. Бирок, ал жерге чейин ыссыкта жыттанып кеткен өлүктү кантип алып барабыз. Замбар да жок. Кимдир бирөөсүнүн арка желкесине узунунан жип менен ороп, көтөрүш керек деп, Камчынын жанындагы жаш жигитке байламак

болушту. Анын көнбөгөнүнө карабай Рахшандын аркасына байлап көтөртүп коюшту. Мүрзө турган дөбөчөгө онтоп-сонтоп барды. Барганда, үстүндөгү өлүктү жасоол жардамдашып акырын түшүрдү да, айланасында тизе бою таш, тактачалар оролгон жайга коюшту. Жигит өлүктүн жанына чыкпай жатып алган. Жасоол жанына жакын келип чык деп камчынын сабы менен түрткөндө, ал замат анын кекиртегинен буун алды. Жанталпас менен канжарын сууруп алгыча дарманы куруп калды. Жасоол менен жигит алышып бүткүчө эле чоң канаттуу кузгун, каргалар жаны коюлган өлүктү жана алышкандарды да талап чокуша баштады. Алышып жатып калган экөөнү туткундар да жасоолдор да көрүштү.

- Ал жигит бизге окшоп коен жүрөк эмес экен, март жигит экен, деди бироосу.

- Анын аялы да, бала-чакасы болбосо керек да! – акырын айтты башкасы.

- Туткундукта кар-зар болуп күн өткөргөндөн көрө ушундай кылып койгон да жакшыраак! Жасоолдор алардын сөздөрүн укмаксанга салып коюшту. Эми алар кыйла зүнө тың боло башташты. Катуу попуза, сөгүштөр да, айрыкча, туткундардын башына камчы ойнотуш да кыйла азайды. Көз карайганда чынжырдагы туткундар Усурушан тоо кырларынан түшө турган дарыя борборундагы тик жарларга тегиздеп бийик көтөрүлгөн таш коргону жанына алып келтирилди. Бул шаар көргөндөрү он-он беш адам боюнан турган зоо таштар үстүнө курулган. Дарыя тараптан чыгуу тууралуу сөз болуш да мүмкүн эмес. Башка үч тараптан да ага чыгыш мүмкүн эмес. Калган дубалдар зоо таштардын турган шартына жараша

жабыштырып курулган. Асылып катардан чыккан таштын үстүнө мунаралар курулган. Тышкарыдан бастырып келген жоонун келе алышы «амримахол» (бул курулуштун калдыгы исфара дарыясынын сол кыргаагында азыр да көзгө көрүнүп турат). Жасоол башчысы Калього кирип кеткенде, бир киши нан алып чыкты. Туткундарга бирден нан берилди. Алар дарыя сууларынан тоюп ичип алышты да, бир аз дем алышып, өздөрүнө келишип, кыйла тетиктелип да калышты. Мындай кош пейилдүү кабыл алуунун себеби туткундар үчүн белгисиз эле. Азыр бул туткундарды кызыктырбай жатканы. Бир гана Канд беги менен анын жасоолдору гана туткундарга көрсөтүлгөн кичи пейилдик мамилени билишет. Эршиден айдап келген жасоол дагы аларды оор ишке иштетиш учун алдырып келгенин гана билет.

Туткундар дарбазанын жанындагы айнексиз чоң караңгы каанада түнөштү. Аларды Кенд бегинин жасоолдору кабыл алган болсо да бир нерсени күтүп, жайларынан жылдырбас эле. Дарыянын этегиндеги тегиздикте жайлашкан башка тараптан он чакты туткундарды айдап келип кошкондордон кийин гана көбөйгөн жасоолдор биригип аларды да, баарын, кун батыш тарапка тоо аралатып айдап кетишти.

Кечке жакын туткундарды Давандагы адырлуу талааларды түштүктөн курчалган кардуу тоолордон башкача жаман чөл аттуу тоо тизмесиндеги талалардын бирине алып келишти... Бул жерде тоо жамбаштарында жерди оюп иштелген, жыгач шакчалар басылган, жертөлө үстүнө топурак аралашкан майда таш ташталган жертөлөлөр көрүнөт.

Келтирилген туткундарды эсептеп кабыл алгандан кийин аларды чынжырдан бошотушту да, эки-үчтөн жертөлөлөргө бөлүп жибериштн. Рахшан Камчынын аркасынан жертөлөнүн бирине кирди. Жертөлөнүн тар, бирок бышык эшигинен ичкери кирген убакта Камчы эсине салды. Бул жертөлөнүн башкалардан баркы жок.

Камчы дагы Рахшан да эмне кылышты билбей ортодо тик турушту. Жертөлөнүн карангы бурчунда бир адамдын араң сүйлөгөн үнү чыкты:

- Жаңы келтирилгенден болсоңор керек, аа? Пакал төшөлгөн жерге чыккыла! Алдына камыш басылган, азыраак ным тартылат. Бир аздан кийин жертөлөгө дагы беш-алты адам киришип, алар өздөрүн пакал үстүнө ташташты. Азыр иштен кайткан болсо керек. Алар жертөлөдө кыйла убактан бери жашап жүрүшсө керек. Тышкарыдан доош чыкты: - Тамак даяр! - деген үн угулду. Адамдар буттарын аран сүйрөшүп, жертөлөдөн чыгышып, үн чыккан тарапка жүрө башташты.

- Сиздер да барыныздар, тамак беришет. Мага, жанымдагы жаткан шеригим алып келет, -деди ооруган киши Камчы менен Рахшанга.

Аларга дагы бир кеседен буламык жана бирден нан берди. Бул күтүлбөгөн көрүнүш эле. Рахшан да, айрыкча, Камчы да бир нече күндөн бери ыссык тамак жешкен эмес болчу. Камчы мене Рахшан жолдо чарчаганына карабай уктай алышпады.

- Камчы ага, бул жерден тезиреек качып кетпесек болбойт! Сизден дагы кишенди алып таштады го! Эми качыш оңой! – шыбырады Рахшан.

- Шашылба! Бир –эки күн ал жак, бул жакты билип алайын. Кийин албетте качабыз!.

- Канча тез болсо – ошончо жакшы болот.

- Бир аз сабыр кыл! Сен өзүмдүн инимсиң!

- Уйкуларыңар келбей жатабы? – созго аралашты ооруган киши.

- Кийинчереек көнүгүп каласынар! Биз дагы башында келгенде көнбөй жүрдүк.

- Бирок бул жерден качышты оюнарга да келтире көрбөгүлө. Эмне үчүн дегенди түшүнүп каласыздар. Менин айтканыма көнүңүздөр!

- Эмнеге эми качышыбыз керек эмес? – билдирди Рахшан

- Биз жөн эле азилдешип жатабыз да. Уктай албай бакылдашып жатабыз да – деди Камчы Рахшанды акырын түртүп.

Таң ата электе көзөмөлчүлөр жертөлөлөргө кирип туткундарды ойготушту. Чай ичкенден соң, туткундар башын жерге салып биринин аркасынан бири басып бара жатышты. Жол буткон жайда, тоо жамбаштарында чоң уңкүр көрүндү. Камчы менен Рахшанда кишилердин катарында жогору жакка көтөрүлө башташты. Алардын алдында бара жаткан кишилер, Рахшадын байкоосунда үңкүргө эмес, эмнегедир, бир жомоктогудай ачык турган үңкүрдүн оозуна кирип жок болушту. Камчы менен Рахшан да аларга иш көрсөтө турган эски кишилердин биринин аркасынан үңкүр ичине кириштн. Чамасы бул адам жертөлөөдөгүлөрдүн иш башчысы болсо керек. Алар ункур оозунан ары бир нече кадам басышкандан кийин жыгач шаты менен ылдыйга, нымдуу,үч-төрт абдамдын боюндай терендикке түшүштү. Кийин

ылдый бара турган жакка, башын уруп албас үчүн, ийилип журо башташты. Бир кезде алардын көзүнө чон түз оюлган аралык көрүндү. Бул жайдын төрт бурчунда пилик кара чырактар жанып турду. Шып тарабы жарым ийилип турган

- Ортого кара иним, - деди иш башы Рахшанга.

- Ана, чөктүрүлгөн төөгө окошогон таш турат. Аны тамаша кыл, бир аз болсода!

Чын эле келдик ортосунда таш тоо тизе чөккөн эле. Анын көздөрү жалтырап турган. Рахшан таш тоонун жанына келди да, анын башын колдору менен сылады. Тоонун көздөрү бирден өчүп калды. Рахшан ары жакка барып кайра караса, таш төөнүн көздөрү дагы нур чачып калды. Жакшы байкап караса төөнүн көздөрү зумруддан эмес, темир кесинди калган экен.

Ушул жерде да, түбөлүк карангылыкта адамдар жашоого умтулган сезим, боорукерлик, ойчулдук, адамкерчилик сапаттарын жоготподу. Чындыгында бул зулумдук капастан кутулуп мүмкүнчүлүк такыр болбогон. Башта анча-мынча жылтылдаган үмүт учкуну да бул сыз жыттанган караңгылыкта өчүп калышы керек эле. Алар таш төөнү кандайдыр бир Кудайындай атайын сыйынуучу зат катарында ойлоп сыйынышчу. Ал байкуштар мына бу зулумдук караңгы кепесте да өз пешенесине жазылганына карабай акыры зулумдук үчүн козголоң болушуна чындап ишенишет. Албетте, инсан ишенич менен ар кандай кыйынчылыктан чыгышы мүмкүн.

Таш тоо турган жерде, үңкүрдөн өтүүчү жолдон ар тарапка бөлүнгөн издер бар экен. Туткундар ошол ичке бир адамдык жолдор менен бириндеп кирип кетишти. Камчы менен Рахшан иш башчы аркасынан басышты. Иш башчы өздөрү кирген жолдун текче-синде үч чеккич

менен үч балка алды да алардын алдына келип, алардын колуна бирден карматып, эскертти.

- Иштен кийин бул аспаптарды ушул текчеге калтырыш керек. Эгер тышка алып чыксанар, өзүңөргө өтө жаман болот. Дагы бир аз баскандан кийин иш башчысы Рахшанга карап: - сен, жигитче, бир нече кадамдан кийин дувалга барып такаласын. Ошол жер майда жолдордун акыры. Чеккич аркасына балка менен уруп, таштарды көчүрө бер. Ошентип темир казасың. Кечке жуук көчүргөн таштарыңды алып кетишет. Бул тешик жолдор аркылуу темир казып, ата-бабаларындан бери ушул жерден темирказып алып, ушундай иш менен аракеттенип келишкен.

- Адамдар дегенде бизге окшогон...кишендеп келгендерди... айтып жатасызбы? – таң калгандай сурады Камчы.

- Албетте, туткундарды айтып жатам. Мүмкүн камалбаган адамдар да иштеши мүмкүн. Бул тууралуу эч ким билбейт. Сиз экөөбүз дагы ылдый түшөбүз, - деди ал Камчыга. Иш башчы Камчыдан ары үч-төрт кадам басып эле үнсүз жок болуп кетти:

- Этият болуң! Бул жерде дагы ылдыйда чукурлук бар, чукурлугу алты-жети адам боюу келет. Иш башчынын доошу араң эле угулат. Бул жерден жыгылган адам кийин оордунан тура албайт! Камчы да ылдый түштү. Ал иш башчы экөө жарым ийилип, секин-секин алдыга жылышты. Көп өтпөй жолу экиге бөлүндү.

- Мына жетип келдик. Сиз аркы жолдо иштейсиз, мен мына мында иштеймин.

- Эмнеге темир мындай тар жолдордон казылат?

- Улуу Ахурамазда темирди кандай жаратышкан, кандай жайланыштырган болсо, ошондой казып алат.

- Биз жүргөн жайдан ылдыйында темир барбы?

- Билбедим, мүмкүн бардыр. Наркы тарапта, бул жерден дагы ылдыйда бар имиш. Ал тарапка өмүр бою камалгандарды киргизип жиберет экен. Ал жакта сизге окшогон күчтүү жигиттер да эки жылдан ашык чыдабайт дешет.

- Кандай айыпкерлер ал жакка киргизет экен?

- Адам өлтүргөн каракчыларды.

Камчынын денеси дүркүрөп кетти. Акыры аны да «Сен жол тосконсун, каракычын» деп тутуп алып келишти го! Эмне болбосо, аны башка тарапка, эң түз жолдорго камашбады?! Камчынын жол тосоор, каракчы эместигин өздөрү билишсе керек. Андай болсо, эмне үчүн камакта? Аргымагын Чин элчисине беришten баш тартканы, Кенд бегинин сөзүн эки кылгандыгы үчүн! Кыз куумай оюну убагында Ихшид Сарайындагы бектердин эки уулдарын эгерден жулкуп алып, жерге оонатып таштаганы үчүн да оч алыш максатта болушу мүмкүн. Кандай эле ошол күйөө жигит (Чагырбек деди окшойт эле анын аты) көңүлүнө кир сактаган болсо? Көрүнүшү, сөздөрүнөн деле анча ыймандуу адамга окшоду эле? Камчы ага эмне жамандык кылды? Бир гана кыздын атын куун жеттим, бирок аны эч ким коргон жок. Кыз өзүн ошол Чагырбекке, кучагына бойун таштады да? Ага, тоо жигити, жылкычы Камчыга эрке талтан, бек кызы эмне керек? Ошону учун « ал кызды мен куун жеттим» деп доо да кылбадым, бул тууралуу эч кимге да ооз ачканым да жок! Камчы келиндин атын куун жетип, анын ээри кашынан колун тартып алганын Чагырбек өз көзү менен көргөн болсо керек. Мүмкүн ал Камчы ээр кашын кармаш шылтактап келиндин санына кол ургандыр деген ойго баргандыр. Чагырбектин да колу бар, Камчыбекти тутуп, бул жерге алып келишке. Чагырбектин тоюу күндөрү Камчыбек бойдок эле. Мына

эми айылда ялы калды. Мүмкүн, ал байкуш күнү-түнү боздоп ыйлап жаткандыр.

- Сиз узак убактан бери ушул жердесизби? – уйку-дан чочуп ойгонуп тургандай сергек сурады Камчы эски иш башчыдан.

- Жакында бир жыл толот. Ага инилерим айыпсыз абакта жатканымды тастыкташат. Ошол үмүт мага кыйла кубат берип турат. Кее бирде түшүмө ар кыл нерселер да кирет: ага-инилерим мени качан эле бул абактын ичинде чирип кетти деп, арызданбай да койсо керек. Камчыны бул жерге алып келгенине да бир жумадан ашып кетти.

Рахшан менен экөөсү ушул тараптарды акырын көздөн өткөрүш эрежелерин түзүштү да жана аны амалга ашырышка кирише башташты. Рахшан эки күндөн бери иште болбогондугу аны иштетбей койду. Ал ашпозго жардамдашып, от жагар болуп калды. Муну Рахшанга Камчы уйроткон. Нообаттагы кечки күндүн биринде туткундардын кыйкырып, согунуп, иттердин үргөнүн, ырылдашканынан ойгонуп кетишти. Көзөмөлчүлөр жертөлөгө оолугуп кирип, туткундарга окуруп-бакырып, кайра-кайра эсептешке киришти. Анан баары тынчып калды. «Бироо качканга окшоду»! - деген ойго келди Камчынын пикиринде. Эртелеп иш башташ алдында туткундарды музей катары пайдалануу, калын өскөн даректардын арасына алып келди. Эки жасоол замбарга салынган олукту ызылдап турган иттердин жанына алып барып таштап беришти.иттер ызылдап, чынжыр менен байланган иттерди кое беришти. Замбардагы чала өлүк бир аз убакытта эле эт сөөгү ажырап калды.

- Кана эми, баардыгы ишке киришсин! – аргасыз үшкүрдү көзөмөлчүлөрдүн бири. Баштарын салып туткундар үнкүр жакка жөнөштү. Камчы менен Рахшан,келген туну, жертөлөдөгү оорулу кишинин аларга «качыш тууралуу ойуңарда болбосун» деген сөздүн маанисин эми түшүнүштү.

/Тогузунчу бөлүм/

КЕЧЧИКЕН МАРТТЫК

Рахшан жолдо учураган жылкычылар, койчумандардан сурап-сурап Камчынын туугандары жашаган боз үйгө жетип барды. Кардуу чокуга туташып кеткен тоо жамбашында бир аз тегиз майданчага көкмөк өскөн чөптүнүстүнө тигилген боз уйдун биринен Рахшандын сүйлөгөн сөздөрүн уккан, бой келбети келишкен жаш келин чыкты. Анын майда-майда өрүлгөн чачтарына кошо өрүлгөн жылтыраган, шынгыраган кооз конгурочолор силкилдеп, жаш аял ар бир кадам баскан сайын акырын зырың-зыраң деген үн чыгарат. Көрүнүшүнөн жаш жуван келин экен. Демек Камчынын келини Ботокөз деген ушул.

- Жеңеке! Мен Камчы аганын алдынан келдим. Ал мени сизге жөнөткөн.

- Кудайга шүгүр! Ал тирикпи?

- Тирик, тирик! Камчы ага сизге тынч-амандык жолдогон.

Ботокоз Рахшанды кучактап, жүздөрүнөн өпкүлөп койгусу келди, бирок көз жашы токтоосуз аккандан, өзүн араң токтотту.

- Туура айтып жатасызбы? Бардык нерсени жараткан бир Кудайга шүгүр! Ботокөз Рахшанды өз үйүнө жетелеп кирип анын алдына жайнатып, бышырылган эт коюп меймандады. Анан күйөөсү жөнүндө токтобой сурады: аның кыйналбай атабы, ал

жерде кандай кылып алып барышты, бул жерден ал абак узакпы?

- Аркы үйдө анын атасы, кайнатам жашайт – деди Ботокөз, - ал киши азыр жок, бар апта мурун уулун кыдырып тавамын деп чыгып кеткен.

- Кандай Камчы аганы табалат? Темир кендин кайсыл жерде экенин аны эч ким билбейт, жакын аралыкта кыштакта жок, үйлөр да жок деп билдире баштады Рахшан.

- Биз тездик менен жөнөшүбүз керек! Азыр кайнатамдын иниси азыр кырдан түшүп келет. Алар мени ал жакка жөнөтпөй коюшат!

- Сизге эмне дешет, Ботокөз жеңе? Сиз ал жакка барасызбы? Ал жерде бит, кене, ным жертөлө, анда эки адам зорго батып жатат, ийинге окшош.

- Мейли, эч нерсе эмес, мен сиздерге тамак бышырып берем, жыртылган кийимдеринерди жамап, бүтөп берем.

Рахшан аны-муну айтышып олтуруу пайдасыз экенин түшүндү. Ал өзүн кыйла токтотуп калгандай, аял-эркектин мамилелерин түшүнгүдөй эмес эле. Жигитче Ботокөзгө зарыл керек болгон калың кийимдерин, азык-түлүктү куржунга салыштырганды жардамдашты. Кыска убакыт ичинде Рахшан Ботокөз үчүн бир туугандай сезилип кетти.

- Рахшан, сен мага бир тууган болдуң!

- Камчы ага да так ушундай деген.

Боз үй аркасында ойноп жүргөн балдарга Ботокөз: «Мен Камчы аганардын алдына кеттим, издеп убара болушпасын» - деди да эркекче кийинип, атка минди. Рахшан ээр аркасына учкашып алды. Шам кире баштаган кезде саргыч созулуп кеткен тоо этегине

жетип алды да, ат башын Тар дарыясынын агымын бойлоп, ылдый кеткен сокмо жолго бурулушту. Кечүүдөн өтүп алгандан кийин чындап эле карангы кирген эле. Алар дарыянын оң тарабындагы кыргак менен бир аз жүргөндөн кийин бара-бара тарып кеткен жолдон жылан изиндей өйдөлөп көтөрүлө баштады. Бул сокмо жол бир ылдыйлап, бир көтөрүлүп бурулма жол башталды. Жарым түндө айдын жарыгы менен дараткар көтөрүлө баштады. Жолоочулар адашып калганын түшүнүштү. Ботокөз тизгинди тартты, ат кулактарын көтөрүп токтоду. Жашында жарымы күйүп калган даракта конуп турган бай уулунун сайраганы угулду. Узакта чөө бөрүнүн уулуганы да угулду. Бир жерде токтоп туруш, бастырып бараткандан да коркунучтуу көрүндү.

Жолоочулар калың даректарды аралап, акырын жылып кетип баратты. Алар дарак шактарынан этияттанып энкейип алышкан. Даректар арасынан жарык берген ай нуру аттың бутунун астында узун жолдой болуп жылтырады.

- Суу окшойт... дарыя – деди Ботокөз коркконун билдирбестен. Дараксыз ачык тегиздикке чыкканда ат бышкырды.

- Ар жакта боз үйлөр көрүндү! – сүйүнүп кетти Рахшан.

- Токто! Жайыңдан кыймылдаба! Тегиздик четиндеги даректар алдынан эркек кишинин доошу угулду. Ботокөз тизгинин тартты. Доош кылган тараптан аларга бир киши шашылбай келе жатты.

- Биз адашып калдык – деди Рахшан доошун жогорулатып.

- Ат ээриндеги ким?

- Менин эжем! – деп жооп берди Рахшан. Ал шашып кетип Ботокөздү эркек деп айтканын унутту.

- Бул жерде аялдар барбы? Бир кече түнөп кетсек жакшы болот эле- сезилер-сезилбес доошу менен айтты Ботокөз.

- Аял өз буту менен келип туратго, дагы кандай аялды сурайсын, тилла айым?! Аттан түшкүлө, жок десенер азыр жаа менен атып салам.

- Макул, түшөбүз. Башта жааңызды ары жакка алың - деди Ботокөз.

Жасалма этияттык менен Рахшан «жааны узат» деген белгисин берди.

- Айтканыңызды аткарам, ай жүздүү сулуу, каранғыда бетиңди көрбөсөм да назик доошуңдан байкап турам. Бейтааныш киши жааны ары алды. Рахшан бул мезгилден пайдаланып, ээр астындагы жааны алып, акырын Ботокөзгө карматты. Ботокөз эпчилдиги менен ок атып жиберди. Бейтааныш киши колуна тийген октон куралын таштап жиберди. Ошол кезди колдон чыгарбастан жолоочулар эми аттын башын бурганда, көпчүлүк бейтааныш кишилер аларды ороп алышты да, ээрден оодарып, боз үйлөрдүн бирине алып киришти. Боз үйдүн ичинде тегиз кыркылган буюм үстүндө кара чырак жылтылдады. Кармап келгендердин көзү үйдүн төрүндө жамбаштап жаткан кишиге түштү. Ботокөз ойлонбой эле «оой» деп жиберди.

- Коркпо, карындашым! – деди, тикеленип олтуруш учун козголгон сөлөкөттүү жаш жигит. Ботокөздүн муундары бошошуп кетти. Кара чыректын үлпүлдөгөн жарыгында сөлөкөтүү жигит Ботокөзгө жолдошу Камчыга окшоп көрүндү. Албетте, бул жигит да бой

сөөлөтү менен да, бет түзүлүшү менен да Камчыга абдан окшоп кетти. Жамбаштап жатышы да Камчыга окшоштугу, көңүлүнө өткөздү Ботокөз. Жигит сөздү улантты: - Эмне кылып жүрөсүздөр бул жерлерде, түн ичинде? Кайсыл жактан келе жатасыздар, кайсыл жерге барасыздар? Жөн эле жолдон адашып кеткен болсоңор кое беребиз. Ботокөз жылкычылардан ушул тарапта жолтосоорлор пайда болгонун уккан болчу.

- Жолдошумун жанына кетип бара жатам – деди Ботокөз уялгансып. Ал жолдошум деген сөздү биринчи жолу айткандай сезилип калганы үчүнбү, аркада турган жолтосоор ишенбегендей күлүп жиберди. Бойлуу жигит шериктерине каттуу окурайып караганда күлкү так токтоп калды. Демек, бул жигит алардын башчысы.

Ботокөз Рахшан менен жол тосоорлордун бор-боруна келип калганы аныкболду.

- Жолдошун кайсы жерде? – сурады акырын үн менен башчысы.

- Канткениңде, ошол зынданда – Ботокөздөн мурун Рахшан жооп берди. Ал караванды талаган. Кимдир бирөөлөр аны таанып калган, ошону үчүн аны тутуп алышкан. Камчы ага качып кетмекчи. Мен дагы аны менен жолтосоор болмокчу элем. Бул мага абдан жагат...

- Токтот жалганды, Рахшан! Бирөөлөрдөн укканыңды бакылдай бербей – айтты Ботокөздүн ачуусу келип.

- Жок, жалган эмес! Мен муну жасоол башчысынан уккамын! Камчы ага бул сөздөрдү айтканымда күлүп эле койгон.

- Ал эч качан жолтосоор болгон эмес! – деп кыйкырды Ботокоз.

- Булардын колдорун чечкиле! – Ботокөздү карап буйрук берди алардын башчысы. Караванга мен кол салганмын. Менин атым Бургут. Мына булардын экөөсү ошол каравандан. Эми биз көпчүлүкбүз!

- Тоюбузга чейин кокустукка учурады жолдошум. Ал Эршиде минген күлүк атын кайсы бир мамлекеттин элчисине бергенден баш тарткан экен.

- Чин деген өлкө элчисине болсо керек – деп ой баскан чагы Бургуттун.

- Ооба, ошондой айткансыган... туура, туура Чин! Кандайдыр бир бек: «атыңды да бересиң, жаныңды да бересиң» деген экен. Мына ушундай балекет болгон эле.

Камчы аганы – эми гана быдылдап, кошумча кылды Рахшан, - келинди үйгө көчүрүп келгенде, той күнү, кечинде аны тутуп алып кеткен экен. Камчы ага... Камчы ага... - деп токтоп калды.

Ботокөз уялган жүзүн жерге каратты.

Дагы ошол Чинжиндер көргөзгөн азаппы... деген ойго чөмүлдү Бургут. – Даванда аларга эмне керек, эмнеге алар бул жерде ар нерсеге мурдун тыга беришет? Ал ар кыл ойлорду топтоп туруп, кескин мындай деди:

- Азыр жөнөйбүз, жолдошуңду куткарабыз! Өлсөм да, бул ишти аткарам. Ал мени деп, менин ордума аббака киргизилген.

Түндө үй ээлери жолдон адашкандарды жалгыз калтырып, тышка чыгып кетишти. Алардын тез шашылыш аракеттери, геп сөздөрүнөн, таң аткыча кароол канадан чыгып кетишке даярдык көрүп

жаткандары сезилип турду. Бирок караңгыда чоң жолго чыгып алыш керек, көпчүлүк арасынан ким жолтосоор экендигин билип болбойт.

- Камчы ага «мен дагы жолтосоор боломун» дегенимде ал менин үстүмөн күлүп койгон эле. Көрдүңүзбү, жолтосоор кандай жакшы адамдар?

- Алардын баары эле жакшы эмес! Башчысы жакшы адам экен.

Жаш жолтосоордун бири боз үйгө сапал табакта кайнатылган эт менен көмөч нан алып кирип, түнкү меймандардын алдына койду да, унчукбай чыгып кетти. Башчысы киргенде коркконунан бы же ага болгон урматынабы, Ботокөз дагы, Рахшан да акырын оордунан турушту.

- Олтурунуздар! Жолго чыгуунун алдында тамактанып алыш керек.

- Жигитче, сенин кардын кыйла ач болсо керек. Бургут Рахшандын жанына олтуруп, аны эркелетип сөз кылды:

- Сен жолтосоор болосунбу?

- Каалаймын! Каалаганда кандай!

- Жолтосоор болуш үчүн ачык ачык калемпир чайнашың керек! Менин да келинчегими тартып алган. Аны Ойтуккан дешет болчу. Ал да сенин эжене, женене абдан окшош эле.

- Сиз да Камчы агама абдан окшойт экенсиз!

- Ойтукканды өлтүрүштү. Анан ошодон кийин жолтосоор болдум.

Бүргүткө шериктери да жаштыгындагы бардык нерселерди айтып билдиришти. Асман гүмбөзүндө дагы бекинген жети каракчы аларга кошулуп жолго түшүштү. Жолго түшкөндөн төртүнчү күнү каракчылар кен казган жайдагы тоо тизилген этек жагына келип калышты. Алар чапан кийимдеринде Данги башындагы жылгага киришти. Рахшан туткундар жата турган жертөлөлөр кайсыл жерде экенин, сакчылар кайда турушканын айтып берди. Өзү болсо от жагаарга жардамчы болушту каалаган, кайтып келген бала болуп көрүнүш максатында, туура кен иш башкаруучусу турган жайга кетип калды. Рахшан туткундарга каракчылар кол салган убакта алардын аттарын минип качып кетиштигин айтып, бул ишти тез арада, кенден кошумча жасоол жардамга келип калгыча алдын алып, аларга угузуш керек эле.

Түн караңгылыгында жолтосоорлор жертөлөлөргө бастырып келишти. Ар жакта тынч эле: жасоолдор да жок, иттер да үрбөдү. Бургут акырын чакырышка мажбур болду.

- Камчы, Рахшан, кайсыл жердесинер? Эски жертөлө астында оорулуу кишинин карааны көрүндү.

- Силер аларды алып кетиш үчүн келдиңерби?

- Ооба, Камчы, Рахшан кайда?

- Камчы кеткен бул жерден, Рахшанды өлтүрүшкөн. Тез кайтыныздар аркага, бул жерде токтобогула. Азыр кенден жасоолдор келет. Ал жерге кабар берилген.

- Бизди алдап жатпайсызбы? Сөзүңүз туурабы? – сурады коркутуп Бүргүт.

- Алдаганым жок, Камчыны атасы келип, куткарып кетти. Рахшан кыйноого чыдабай сиздердин келишиңерди айтып койду.

- Башка туткундар кайда?

- Аларды кен ичинен чыгарышпай, үңкүрлөрдү жакшылап кооруп атышат. Баары бир эч кимди куткара албайсыздар.

- Жер төлөдө дагы кимдер бар сенден башка?

- Бир эки орулуу кишилер бар. Аларды козгоп болбойт. Кереги да жок. Мен аран аса таяк менен чыктым.

- Кенге, абакка кирген жол кайсыл жакта?

- Жогору жакта, болду ана!

Каракчылар ошол жакка аракеттеништи. Алардын баштарына жаа октору жаады. Каракчылар оорулуу туткундун сөзүнүн чындыгына ишенип, аны атка мингизип, кыр тарапка шашып чыгып кетишти.

Каракчылар куткарышкан оорулуу туткун эртеси күнү кенде эмне болгонун толук айтып берди. Камчынын картайган атасы Эршиге келип, уулу кайсы тарапка жиберилгенин билип, Канд кенине келип, жасоолдор башчысына күмүш акча жана минип келген күлүк аргымакты берген. Жасоол башчысы Камчыны абактан жашыруун чыгарып жиберген. Камчы Рахшанды өз үйүндө, Ботокөздүн жанында жолугушабыз деп ойлогон. Камчы менин үйүмө да барып менин тирик экеними айтат эле. Карындаш уругум мени да куткарып алышка аракет кылуусу керек эле. Оорулуу туткун киши сөзүнүн акырында: - мен жертөлөдө эң улуусу болчумун, Камчы мени эч кандай айыпсыз абакта жатканымды билген. Бирок туткун бардык болгон ишти толук айтпады. Рахшанды катуу урушкан, оор абалда чала өлүк кылып, чукулган кендин эң ылдый жагында таштаган болчу. Ал жактан азырынча эч ким тирүү калган эмес. Ошону үчүн Рахшан тирүү болсо да аны өлдү деп койгон. Рахшандын өлүмү чын, аны куткарыш мүмкүн эмес. Муну каракчыларга түшүндүрүш мүмкүн эмес. Ошону үчүн туткун сөзүн

кыска кылып, өлдү деп кое калган. Ботокөз Рахшанга күйүп-бышып ыйлады.

- Карындашым, кой ыйыңды токтот! Ыйлаганын жүрөгүмдү эзип жиберди! – жалынды Бүргүт.

-Кандай боорукер жигит, кантип жолтосоорлук кылаар экен? – деп ойлоду Ботокөз, көз жаштарын артып.

Жол доңуз туякча бурулуп кете турган жайдагы кечүүгө келгенде Бүргүт шериктеринин бирине буйруду:

- Бул карындашымды өз үйүнө жеткирип кой. Жанында биз куткарган туткунду да карап кет. Эгер бул карындашымдын жолдошу келбеген болсо, анда аны кайра алып кел. Жалган айткан болсо жазасын алат.

Жасоол беги Кундузбек кенге болгон кол салуу тууралуу кабар берди: - биз али тутуп бүтпөгөн бир нече жолтосоор өз шериктери менен кен ичиндеги жолдордон куткарып алыш үчүн аракет кылышыптыр. Жасоолдор аларды тызгытып айдап, кууп чыгышты. Жолтосоорлор бир гана оорулуу туткунду алып кетишиптир. Ал эми гана үйүнө барып, балдарын эми гана кучагына алган кезде баш кесерди кычкач менен кымчыгандай тутуп келип, кайра өз жайына кайтардык. Ал кендин эн акырына, үчүнчү кабатына киргизип жиберилди. Кендин ар бир тешиктерине кошумча сакчылар коюлду. Бул окуя хан элчилери келе турган болгон эле. Алар караван жолдорунда дагы мындай тартипсиздик болушу турган сөз, - деп биз менен соода-сатыкты пайдалуу болушуна күмөндөшүп калып, кыжаалат абалында келди.

/Онунчу бөлүм/

КҮНҮ БҮТКӨН ЭЛЧИ

Өкмөткө артыкча шылтоо кылыш,
Шайтанга кызмат кылыш менен барабар
Жене Сюань. Кытай ойчулу. II-кылым

Ушул убакка чейин эч ким тааныбаган-билбеген, бирок мындан бир нече күн алдында Даванга элчи кылып дайындалган Чэ Лини, Асман уулу зор мактоо менен кабыл кылган эле. Сарай башкаруучулары бул мактоону аран жашырып, бул теги жок, кадыр барксыз адамды дайындаганына айрац калган.

Өкүмдар мейманканасында жайылган дасторкон четинде Чэ Ли менен Жан Цянь жанаша олтуруп Чэнсян Гун-Сунь Хе менен тартынбастан, кеңири сүйлөшүп олтурушту.

У-ди мунун мындай тартипсиздигин анча сезбеди. Эгерде башка бирөө Асман уулу алдында өзүн ушундай кармаса, - отургандар ойлошот эле, - качан эле башы алынат болчу деп.

Сый тамак акырындаганда Асман уулунун өзү Че Линге сөз узатты:

- Даван башкаруучулары коркокбу же баатыр экенин жеңе аласынарбы?

- Мага бул иш анча эле кыйын эмес! – чыйрак жооп кайтарды Че Линг.

Ал чындап, Асман тагынын жакындарынын биримин деп эстептеген эле. У-ди Жан Цяньга жылмайып

карап койду, ал болсо күлүмсүрөп турду. Жан Цянь Чэ Лини тышка жетелеп чыккыча, аға Даванда өзүн кандай кармашты эринбей узак түшүндүрдү.

Элчи Чэ Ли Эршиге келиши менен Даван бектеринен Ихшид менен атайын сүйлөшүүнү талап кыла баштады. Ошол күндөрдө Мугуба тоого чыгып кеткен эле. Ал чокулуу кар жаткан тоолорго барып, анын жамбаштарында көкмөк чөп өскөн жердин таттуу кымызын ичкенди жакшы көрчү. Жанында барган бектер, урматтуу бийлер ортосунда бир отурушта ким көп кымыз иче алат же бир койду өзү жалгыз жей ала турган мелдеште Мугуба өзү жеңип чыккан. Ал ушундай азоо аттарды үйрөтүш, суутушту да жакшы көрүүчү.

Жашы улгайып бара жатканына карабай Мугуба суутулбаган жайдак атка ыргып минип, аны аргамчы, нокто салып башкарып токум салышка даярдап койуучу. Ал ыргытып, секирип, чапчыган, минилбеген ар кандай атты да замат секирип минип, чаап журуп, чарчатып, тынчытып, нокто, жүгөн салып үйрөтүп алчуу. Аттан жыгылган бектерди көрүп чарчаганча күлүп рахаттанчу. Эршиден келген ат чабар Мугубага Чинден келген күтүлбөгөн элчи келгенин жана ал Ихшид менен өзүнө жолугушун да айтты. Яо Дин-хан кайтып кеткенден бери өткөн эки жыл ичинде Чинден караван да, элчи да келбеген эле. Ошол себептен Мугуба хан элчиси келгенине сүйүнгөндөй болду. «Мумкун, Яо Дин хан өз убадасы үстүнөн чыгып» хан өкүмдарга Даван менен соода-сатык иштерин жакшыртсак пайда болоорун айткандыр, - ойлоду ал. Бул кезектеги элчи дайыма караван жолун тынч өтүшүчүн биз менен мамиле түзүш үчүн келген болсо

керек. Арктын жарым тоголок, боз үйдүн чон бөлмөсүнө Даван башкаруучулары топтолушту. Мугубанын сол жагында такка жакын жерде Ихшиддин иниси Нишан жай алды. Ал так өзүндөй агасы Мугубага окшош. Нишанда Мугубага окшоп кең далылуу, сөөлөттүү, жоон бирок, бою агасынан бир аз кыскараак. Он кол беги Мудтой буралган кара мойлоосун сылап, мындай деди:- Элчи бизге чон гана алтын куурчак ат, жана бир нече күмүш акча белек алып келиптир. Хан өкүмдарыбызды, Асман аттарды жакшы көргөнүбүздү билет да.

- Күмүш акчасына эмне сатып алышат экен элчилер? – сурады Мугуба.

- Бир гана Асман аттарын! Бир дагы жөн ат албайбыз!- деп так жооп берди Чэ Ли Элчинин мындай копол жооп бергенине бардык олтургандар тан калышты. Хандардан келген элчилерден эч кимиси мындай мамиле кылбаган болчу. Алардын адаты канча ашыкча сүйлөсөң да ыржайып күлүп койушчу.

- Бул тууралуу сөздү эртен сүйлөшөбүз – деди Мугуба ордунан туруп.

- Яо Дин ханга Асман аттарын сатпайбыз деп аныk айтканыбызга карабай бул Хан элчиси эң кеминде жүздөй аргымакка жараша күмүш акча алып келиптир. Баштагы убадабыздан кайтышыбыз керекпи? Бектерге масилат салса Ихшид – жүз аргымакты саткандан азайып кетпейт го. Бирок муну менен алардын көзү тойбойт! – баш чайкады Мудтой бек.

- Эртеси Мугуба элчиге келип: - Асман уулунун белектерин кабыл кылдык. Биз дагы жыйырма аргымак белек кылабыз. Бирок бир да аргымак

сатпайбыз! Чэ Ли тилмечинин айткандарын угуп болуп, оордунан силкинип турду да, алтын куурчак атты түртүп жиберди. Куурчак оонап түштү. Кийин ал чекене белектерби деп гудуранып отурган жерден чыгып кетти.

- Эмне деп гудуранды ал? – сурады Мудтой тилмечтен.

Тилмеч аныk бир нерсе дебестен дуудаланып: - сөгүндү... «Элчинин бул кылыгы үчүн Даван окумдары аны менен катышкан Хандыктарды кылычтан өткөрүшү мүмкүн!» - деген ойго кетти тилмеч акырын. Чэ Ли бул жакка келиштен башта көзөмөлчүлөрдүн башчысы болгон да... деди ал ичинде. Хан элчисинин корстугу жана тартипсиздиги Даван бектеринин ачууларын келтирди. «Азыр эле анын башын алыш керек»! – дешти кээ бири кызыгып. Башкалары Хан өкүмдары кечирим сурабагыча, бул доңузду зынданга салыш керек! – дешти. Мугубанын сабыры кетти. Оң кол Мудтой Ихшидди бир чара көрүш үчүн араң эртеңки күнгө калтырышты.

Эртелеп, өзүн кыйла басып алган Мугуба башка бектерди чарырбастан Мудтой менен өздөрүнчө кеңешти.

Оң кол бек өз пикирин негиздешке урунду: -Ким билсин, Хан өкүмдары атайылап өз элчисине чатак чыгарыш үчүн жөнөткөндүр. Даванга кол салышка шылтак кылыш ойдодур! Жакшысы аны кетирип жиберели. Акыры «Элчиге өлүм жок» деген сөз бар го! Этияттсыздык кылып, балээге калбайлы анан.

Ихшидди гөйрөң, басмырлаган Мугуба оң кол бегинин пикирин түшүнүшкө оңой болбоду. Мудтой Ихшидге Хан өкүмдарды кечирим сураш үчүн башка

элчи жөнөтсө керек, ошондо эки мамлекет арасында орнотула баштаган соода-сатык мамилелери үзүлүп калбас – деп масилат берди. Мындан Мугуба бир аз жумшагандай болду.

Хандыктар эмнегедир каптарда келтирилген күмүштөрүн да албастан жолго түштү. Элчилер арасынан эки хандык качып кетип, Даванда калып калышты чечиптир деп, миш-миш таркады. Алар Чэ Линин кополдук мамилесинен, каттуу сөз газабынан тажашып ушундай кылган имиш. Андан алардын бирин – мерген устаны Нишан, экинчи , тажрыйбалуу багбанды Эрши кенинин беги Сыртланбек өз үйүнө кызматкер кылып алыптыр.

Арадан бир нече күн өткөндө чек арадагы шаарга жакын жерде өз мамлекетине кайтып кетип жаткан Хан элчилери мүчрлөрүнө кандайдыр жолтосоорлор, көпчүлүк болуп кол салышып, Хандыктарды кырып таштаптыр деген сөздөр таркады. Элчи ЧэЛин өлтүрүлгөндүгү тууралуу кабар жетти. Алардын үчөө гана качып кетиптир деп айтышты адамдар. Даван бекткеринин көпчүлүгү болгон окуяга капа да болушпады, кайра сүйүнүштү. Бирок он кол беги Мудтой, жасоол беги Кундузбек жана бир нече бектер кокустуктун акыры жаман ишке айланышы мүмкүн деп кыжаалат болушту.

Эршиден бул шаарга жүздүк жоокерлер жиберилди. Ал тараптан эч кандай жолтосоорлордун изин да табыша албагандан кийин, жоокерлер кайтып келеерде Донуз токойго кириштн. Жүздүктөрдөн бир гана ашпоз тирик калган. Башкаларын жолтосоорлор пыстырмадан туруп аткан жаа окторунан бардыгы каза болгон. Жеңилип ачуусуна чыдай албай дагы

күчтүү жүздүктөрдөн бешти жөнөтүштү. Бирок эч кимди таба алышпады. Жолтосоорлор Донуз туяк аркылуу Алай тарап менен Сургап дарыясынын этеги менен барышып, тоолуу мамлекет Риштамга өтүп кетишиптир деген сөздөр таркады.

Жүздүк жоокерлерди кырып таштагандан кийин Ихшид жолтосоорлор менен өтө каттуу күрөш жүргүзүлөт дегенди укkан жолтосоорлордун башчысы өзүнө жакын шериктерин Давандан алып чыгып кеткен болуш керек деген божомолдор да болчу.

Оң кол беги Мудтойдун кеңеши менен Даван Ихшидди Дуньхуандагы Хань өкүлү аркылуу Асман уулу У-диге берген коркунучтуу кабар билдирди. Чэ Линин элчи тобуна кол салган жолтосоорлор бирин койбой кырып таштаганын толук кабарлады. Соода караван жолунда тынч эместиги айтылды.

Даван тоолорундагы ашууларга биринчи кар жаады. «Эми Хан элчилерин келеерки жылы жазга чейин күтүүгө болбойт. Кыш ичи Хан өкүлдөрү бир топ ачуусунан кайтып калаар» - деген кыялга барды Даван Ихшиди. Ал али өз өмүрүнөн эрте өлүштү каалабаган.

/Он биринчи бөлүм/

ТАК ЭЭСИ

Мугуба жолтосоорлор өлтүрүшүп жиберишкен Чэ Линин күнү үчүн бир нече жүз аргымак, миңдеген күчтүү, ишке чыдамдуу кара жылкылардан, элчи алып келген күмүш акча, алтын куурчак атты кайтарып беришке, ошонун эсебинен Чиндиктерге жаккан малдарды жиберишке, эрте жазда барган соодагерлер аркылуу Чин башкаруучуларга билдирген. Алар бул тууралуу Асман уулуна жеткиришкенин айтышты. Кантип Асман уулу кетирилген айып иштерин Даван башкаруучулардын кечиримин жана күн төлөп барышын кабыл албаса?! Адатта мындай жаман кокустуктар болуп турат, ошол жерде жашагандардын көзүнө ызычуу салып, нааразычылык билдирсе да, кысталыш убакта эки жактын падышалары келишип бүтүрө беришет да. Бул болгон акыйкатты Асман уулу билбей калышы мүмкүн эмес. Акыры кее бирде тамак-аш, азык-түлүк жетишпесе Хан элчилеринин адамдары да жол боюнда жашагандарга уурулукка кириши да мүмкүн го. Демек, жазга чейин Чин элчилери келишет! Дагы соода-сатык мамилелерин жактырыш үчүн келишет. Дагы соода жүргүзүш жолдорун жакшыртыш үчүн келишип алышып түндүк менен түштүккө, ар кайсыл жакка катташуу, Даван ашуулары аркылуу биздин топуракты басып отпогонда айласы жок. Буга эч ким, эч нерсе тоскоолдук кыла албайт. Бир нече жылдан бери, жасоолдордун копол мамилелеринен жанга тийип келген ашыкча Даван менен Чин ортосуна себепчи болуп жолтосоорлор тобу да күчөштү. Аларды кууп чыгарышты, эми алар тоо таштар, зоолор арасында өлүп кетишет. Жазда келе турган Чин элчилери менен боло турган маселелердин бири Кербен жолунун тынчтыгын коргой турган чараларды күчөтүү. Он кол беги Мудтой, жасоол беги Кундузбек жана алардын жан-жөөкөрлөрү, бектер, элчи Чэ Лини өлтүрүп жиберилиши кандайдыр сырдуу болгондугу сезилип баштаганы бир кыйла кыжаалат туудурду. Алар башта «Чин элчилерин жолтосоорлор талап өлтүрүштү» деген сөзгө ишенген болсо да, тымызын сураштырылганда бул тууралуу эч нерсе тастыкталбады. Бул тууралуу Мудтой Ихшидке айтып көргөн болчу, анда «өлгөн жыландын башын козгогондон эмне пайда»? Ким өлтүрсө да, биздин жерде болду. Бул болгон иш үчүн биз жооп беришибиз керек, аларды өлтүргөндөр жолтосоорлорбу же Чэ Линден капа болгон бектерби, мунун айырмасы жок, ал үчүн майда уурулар катуу жооп алды. Шарт кесип таштаган бул сөздөн соң Мудтой көңүлдөгү кир ойду Ихшидке айта албады. Мунун себеби, бир гана Мудтойдун батына албагандыгы эмес эле.

Мудтойдун көңүлдөгү ишенбестик, кыйла кокустук болгондон тышкары бул жөнүндө ал эч кандай далилге ээ эмес эле. Бул сырдын бир учу Аркка барып такала турган сезилчү. Нишандын агасы Мугубанын «Чин бизден кыйла узакка, биз менен соода кылуудан ары өтө албайт», деген ишенич орду келди дегенче күчөйтүрөт, бирок андан ашбайт, этият болушубуз керек. Чэ Линин өлтүрүлгөндүгү тууралуу ал Ихшид

атарабында эч ким сөз ачбай, башка бектер менен учурашканда да тилин тыйчуу эле. Эгерде бул тууралуу сөз ачылса, бир эки сөздөн кийин токтотушат. Жолтосоорлорду ушул убакка кейин жок кыла албаган Жасоол беги, Селат жана Шихид бектерине сөз кылыштан башка айлалары жок эле.

Нишан Кундузбекти кейигенде абдан этият болуп, абайлап сүйлөп, ал кокустукка деерлик айыбы жоктогун эстетип, ишенич үчүн Жасоол бегин да тилге алып койчу. Чамасы, Нишан Кундузбекти өзүнөн алыстаткысы келген эмес, аны өз таасирине калтырууга аракеттенчү. Акыры Жасоол беги так ээси – болочок Ихшиддин жакын адамы болуш ашыкча эмес. Жасоол бегине да – ойлоочу Нишан, - тахтын ээсинин ишеничтүү адамдарынан болушу да зарыл болуш керек. Бул акыйкатты билбей тургандан эмес Кундузбек. Баары баш ийип өзүнүн жашыруун, узакты көздөгөн, эрежелерди амалга ашырышта Кундузбекке чоң амал белгилеп койгон эле. Убакыт келгенде Жасоол беги Нишанга эмне үчүн керектигин, кандай жумуш аткарылышын билип туруусу, ага кандай ишенич беришин билдирди. Азырынча Жасоол беги Нишандын адамдары колго түшпөсө болду!

Чэ Лиден качып калган эки чинжинди так ээси өз кызматына алып калганынын себебин Даван бектерине түшүндүрүш керек: копол бир элчинин кокустан өлтүрүлүшүнүн кесепетинен Хан падышасы менен мамилелери жаман жагына ооп кетпестиги үчүн жөнөтүшкө, Асман уулунун жана башка элчи жөнөтүшкө даярдаш максатында ушундай кылынды го акыры!

Чегип сүрөт тартуучу чинжин өз кожоюуну үчүн корооонун так ортосуна төрт жагы ачык, төбөсү жабылган курулуш жай куруп берди жана мындай курулушту «шыйпан» деш керек деди. Шыйпанга төрт түркүк, ар бир түркүккө оюлган бирден ажыдаар сүрөтүн оюп иштеди. Биринде Сары ажыдаар Даван аргымагын кууп бара жатканы, экинчиси - ага жетип алганы, үчүнчүсүндө – чырмашып алганы, төртүнчүсүндө – аргымакты сүйрөп кеткенин тартып көрсөткөн болчу. Бул сүрөттөрдүн жеткирген маанисиустанын өзүнө гана таандык. Шыйпан курулуп жатканда Чин Жин Нишандын уулдары үчүн, арча менен жангак жыгачтарынан кыска-кыска кыркылган дөңгөчтөрдөн түрдүү ойунчактарды жасады. Аларды оймочу мис, ак темир, чоңураак күмүш тыйындар менен кооздош үчүн аракет кылган. Ал ойунчактарга узак журттардан келтирилген түрдүү кооздуктарды кадашчу. Аларды таап алыш үчүн уста тез-тез базарга, кербен сарайга барып турчу.

Оймокчу Давандыктардай кийинип алгандыктан Эршиликтер анча эле байкабай калышчу. Билген адамдар «Чин Жинь кул» деп коюшчу. Оймокчу Кербен сарайга адатынча барганда оролошуп көп убакыт кетти. Кеч кайтаарда кожоюну менен түн ичинде, баары уктаганда учурашып дагы чала-була сөз менен мындай деди:

- Мен атамдан шайы оромолчого сызылган кат алдым.

- Ким аркылуу жибериптир сүрөт тартылган катты – гүмөнсүрөп сурады Нишан.

- Кербен төөчүсү ишеничтүү киши, Хундан жибериптир.

- Шайы оромолчодо эмне тууралуу сызылыптыр?

- Башы жок адам.

-Демек, алар Чэ Линин өлтүрүлүшүн кечиришбептир.

- Дагы ал оромолчодо бул жылы эгин тушуму кем болушу, Асман тагы шаарларынын биринде аркалары менен бири-бирине жабышкан эгиздер туулгандыгын жазыптыр.

- Бул кабардан эмнени түшүнсө болот?

- Бекер сөз булар. Шайы оромолчо бирөөнүн колуна түшүп калса, оо эси жок, ушундай мата керексиз кабарларга жумшалыптыр даа демек. Бул чокума уста негизги сөздүн атайын айтышка шашылбайт болчу. Ал Асман уулу эрежесине ылайык бардык нерсеге Нишандын кызыгып-кызыкпаганын билиш максаты эле.

- Бул оромолчодо дагы кандай сөз, сыр бар? – ойлоно баштады Нишан.

- Атам менин иштериме ийгилик каалап, ал Сары булуттар бул жакка келип, менин башыма жамгыр болуп тийсин деп, ырым-жырым кылганы тууралуу да айтыптыр.

- Мындан эмне түшүнсө болот? Сары булуттар... дегени...

- Бул ушундай! Эрте жазда жоокерлер Сары ажыдаар тартылган байрак көтөрүп, бул жакка жол алышат. Жаз ортолоп калганда Эршиге жетип келишет!

- Андай болсо, силердин жоокерлеринер, азыр бул күндөрдө жолго түшсө керек?

- Ооба ошондой, жакын арада келип калышат! Нишан ойго чөмүлдү.

Чин шараптарынан көрө, Даван чалавын жакшы көрө турган Нишан Хандык Хан тагында турган алтын көзөдөгү ичимдиктен кесеге куйду да жымырып иче баштады. Так мураскору акырын басып, жатаканасына киргиче каттуу ойго чөмүлдү. Ал бир нече жолу ойлоп көргөн, пайдасы же залалын, кайра-кайра кокустук эми тез арада болушу керек, эми тезде чара көрүшү керек болуп калды. Нишан бул болуп өткөн окуялардын кандай болгону тууралуу кайрадан ойлоно баштады.

Мына анын жашы дагы алтымыштан аша баштады. Бир кем кырк жылдан бери аны бардыгы мураскор деп билишет. Качан тийет бул мураскордук? Бул турушта агасы Мугуба дагы он-онбеш жылда да такты бошотбойт. Агасынан беш жаш кичине Нишанга так жетимиш-жетимиш бешке чыкканда тийеби? Мүмкүн, бектер кеңешинде такты жетимиш беш жаш инисинен көрө, жаш, күчтүү Мугубанын уулуна бере коелу дешсечи? Нишандын айыбы эмнеде? Агасы бүт өмүрүн такта олтуруп өткөзсө алтын андан да суук жасалган, бирок көз күйдүргөн такты бечара инисине насип кылбайт экен да? Акыры Нишан да Мугуба менен бир ата-энеден туулган го? Даван Ихшид тукумунан болсо дагы, бул байкуш Нишан башта агасы, андан кийин инилеринин алдында бойпоңдоп жүрө берет экен ал? Такты башта чоң баласына бериштн ким чыгарган экен? Мүмкүн картайганда иниси, агасынан башта көз жумаар? Эй, адамдар, адамдар! Кандай ушуну ойлошбогон?!

Ушул ээрчишкен Хан элчилери келгенден кийин, төрт-беш жыл ичинде, Нишандын караңгы көңүлү ичинде, үмүт чырагы бир аз жылтылдагандай болду. Бул элчилер Нишандын максатын сезишкендей. Алар ишин баштаарда Нишанды мактагандан башташты. Мактоо кимге жакпайт дейсиз? Ошону үчүн анын кулагына «агаң сени алдайт, барып барып сен картай-

ганда такты уулу Мугуланга берет», дешип шыбырай башташты. Кийин акырын-акырын Асман уулу сени Мугубадан көрө көбүрөөк урмат кылат дегенге өтүштү.

Саймалуу таш эски эстеликтерди үйрөнгөнү келген сүрөтчүлөр башчысы, элчи Яо Дин-Хан: «Так сиздики, биз сиз тарапта!» - деди. Нишан башта бул сөздөн чочуй түштү. Бул сөздү туппа-туура барып агасына айта турган, Чиндиктердин изин кырып таштай турган болду. Эгер ал өз агасын, айталык уу берип өлтүрсө, бабалары, урук-тукумдары Нишандын башына балекет жаадырбайбы? Кала берсе ал такты деп ушундай боорукер агасына кол көтөрөбү?

Нишан бир нече күн өзү менен өзү ой максаттары менен күрөшүп жүрдү. Агасына бир сөздү айтсачы? Агасы Нишанды туура түшүнөт экенби?! «Ниетиң бузулуп, жолдон тайып калыпсын» - десе керек? Анда эмне болушат? Мугуба аны такка отургуза турган ниетинен кайтат! Ошол убакта дагы кайсы жерден дөөлөттүү Чин соодагери пайда болду. Ал дагы Нишанды мактады. Чин жибектен жасалган укмуштуудай маталарды соода кылды да агасынын уулу Мугулан Парфиена падышалары менен тил табышка аракет кылып жатканы, атасынын өлүмүнөн кийин такты өзү ээлемек болгонун, анан Нишанды чектке чыгарууну көздөгөнүн байкатып, эч кимге айтпастан Эршиден тез жок болду. Ооба ушундай болсо деп ойлой баштады Нишан. Мугулан такка өзүң менден көрө ылайыктуумун деп билет. Муну ар бир оң келген жерде көрсөтүлүшкө аракет кылат.

Мугулан Парфиена падышасынын коргоосуна таянмакчы болсо, мен Асман уулу коргоосуна, колдоосуна өтө койомун. Нишан агасынан такты тартууну жашырып, өз аракетин максатка ашырууну

чечти. Бара-бара Нишан агасынан такты тартып алыш, анын уулу Мугулонду жакын жолотбостук жөнүндө тез-тез ойлой турган болуп калды. Бирок такты кантип тартып алат? Ал ойлоп, оюнунун акыры тыянагына жете албайт эле!

Нишан такка отурса, эмне кылмак? Мугуба ойлогондой, андан да ашыкча кылып узун жолду Даван аркылуу өткөрүшмөкчү. Чин менен соода-сатыкты күчүнө келтирээр эле. Мугуба өз максатын ашырууга, өзүнүн туура эмес жоруктарына өзүнө-өзү капкан салдыго! Ал Чин менен соода-сатык мамилени күчөтмөк эле, бирок аргымактарды сатмакчы эмес. Нишан ушул капкандалган маселени чечип таштамак. Чин Маликесине үйлөнөт да Асман уулуна күйө бала болуп калат. Кайнатасы коргоосуна өтүп Парфиенадан да чочубайт! Бул тууралуу айткан Чин соодагеринин сөзүнө бир кезде маани берген эмес экен! Бул туура жол го! Бирок... Бирок...! Эй, Кудайым! Эмне мени кичик ини кылып жараттың?!

Так мураскору Нишан Чиндиктер эрежесине бир аз жан кире баштаган күндөрү элчи Чэ Ли менен келген оймокчу менен багбан, анын үйлөрүнөн кабары бардай, бул сураныч Асман уулу Сарайынан экендигин ишенерлик далилдер менен кара-кайра байкаштырды. Таң калаарлык иш! Эмне үчүн оймокчу менен багбан чиңжиндер бул сырды Нишанга ишенип, эң негизи, коркпой айтышкан? Ал көнбөгөндөчү? Эмне болот анда? Бул эки чиңжин Даванга жөнөтүлгөн жана башкача тапшырма да алгандыгын Нишан оюна да келтирген эмес эле. Башта Нишан жакшылап эскертилген эле. Ал көнбөгөнгө айласы жок болуп калганын билишет эле. Ар бир кокустукка каршы Нишан өзү үчүн даярдалган уу же болбосо узактан атылган

канжар болсо да жүрөккө тийе турганын, «ишеничтүү» кызматчылар да даяр турганын билбейт болчу.

Чэ Лин Чинге кайтып кетиш үчүн жолго түшкөн күндөрү оймокчу менен багбан чинжиндер Нишанга тартипсиз элчини же ихшид өлтүрүп жибериши, же такка олтуруш үчүн ойлогон адам аткарышы мүмкүн деген сөз болгон.

Бу Нишан «Асман уулу өз элчисин Даванда өлтүрүп жиберишине кызыкчылыгы бар болушу мүмкүн, же бул иштин аягына мен чыгышым керек» деп түшүнгөн эле.

Бул сөздөр бир кыйла аркада калып кетти. Азыр эч ким Чэ Линди Нишан жашыруун жөнөткөн адамдары аркылуу өлтөргөн деп эч ким сөз кылбайт.

Жоокерлер болсо Даванга жакындап калышты! Жаны ихшид катары аткара турган зарыл иштер туралуу ойлош керек. Нишан ойунда мүмкүнчүлүгүнөн пайдаланып такка оңой эле олтуруп алыш, Асман уулуна күйө бала болуш, көп сарыпай берип, аскерлерди узатып коюш эрежелерин бышыктап койду. Агасы Мугубаны эмне кылыш керек! Узак жакка бек кылып жиберсечи? Бул абдан сонун ой, себеби, ата-бабалары Нишандан нааразы болбойт, анын кылмышына азап чегишбейт. Кимди оң кол беги кылып дайындаш керек?

Албетте Сиртланбекти да! Кундузбек эгерде өзүн жакшы кармаса Жасоол беги болуп кала бериши мүмкүн. Башкалар тууралуу ал кийин шашылбай ойлонот.

Нишан өз чечимин Сиртланбекке кабарлады. Ал так ээсинин көүнө гүмөнсүрөп жылмайгандай болду.

/Он экинчи бөлүм/

ОТКАНАДА КУБАТ МОЛ!

Кып-кызыл чок болуп жанып турган Күн нурлары чозулуп жерге жакындашкан саргыч түстөгү шоолаларынын учу менен гувалактан тургузулган тамдарды, дубалдарды, бышып төгүлө баштаган буудай зардын машактарын, орокчулардын эңилген ийиндерин кудуп сылап бара жаткансыйт.

Буудай зардан ары жакта кырк, кырк беш чакты киши тээ алыскы тоо тараптан гүпүлдөп агып келе жаткан суу агымындагы сайга үч бурчтуу сыпайларды орнотушуп, суунун жолун бөгөө менен убара болушууда. Сыягы, ал адамдар деле бул жерликтерден эместей, буудай оруп жаткандар менен алардын ортосунда байланыштын жоктугу дагы сезилип тургандай. Бирок да, алардын баарысын кандайдыр бир күч башкарып тургансыйт.

Шаар беги пайдаланылбай келе жаткан жерлерди өздөштүрүш үчүн арык чыгарып, жаңыдан бир-эки кыштакты негиздөөнү ойлонуштурган болуучу. Ушундай максатта ал ар тараптан келген жерсиз, жайы жок адамдарга сүрүштүрбөй-нетпей жер көрсөтүп жана аларды арык казуу, тосмолор менен серпаяларды куруу иштерине салып жиберген эле. Башкаларга аралашпай, бир четте өзүнчө топ болуп иштеп жатышкан адамдар дагы өздөрү казып жаткан арыкка суу чыккандан тарта жер алып, үй-жай куруу

үмүтүндө жай-саратандын сызгырган аптабына карабастан талып калууну унутканча эмгек кылып жатышкан.

Чындап ишке берилген ушул мусапырлар кечкурун булакты жандай өскөн теректер астында эс алганча кобураша башташты. Алар өзү бир нече күндөн бери ушул жерде, ачык аба алдында түнөп келе жатышат.

–Тигил жакта иштер кандай барууда? Арык бир азга узарыптырбы? – суроо салды бойлуу жигит шериктерине. Өзү ушул мусаапырлардын башчысы сыяктанат.

–Кыйла узарды! – деп жооп кайтарган болду олтургандардын бирөөсү. Кечирээк шаар бегинин өзү келди. Иштериңер дурус деп бизди мактаган да болду. Соңунда:" Жер беребиз. Баш паанек куруп аласыңар, үйлөнүп да аласыңар!" –деди.

–Мунун баарысы курулай кеп! – түйшүк баскан ыргак менен сөзгө кошулду кек серек, азгын киши .

–Арыкка суу агып келер менен депара беги айткан кебин унутат. Биз менен эч кимдин иши да болбой калат!

–Анда бекти сөз берген жерине алып барып, башын шарт алабыз дагы, убадасын унуткан жерине алып келип, көмүп салабыз! – керилген болду жашыраак мусаапыр.

–Үнүңдү өчүр ! – үшкүрүп жиберди, бечаралардын башчысы.

–Жаш балага эле окшошуп кетесиңер да! Мурунку жаман кылыктарыбызды таштайбыз деп сөз бердикпи, бүттү. Заалдын келишин гана канткен менен, күтүшүбүз керек. Эгерде ал жагымдуу кабар жеткирсе,

жер дагы беришет, үй-жай дагы куруп алабыз, ар бирибиз катын алганга да жетишебиз, балалуу-чакалуу дагы болобуз!

– Эй, кудуреттүү Ахурамазда! Күнөөлөрүбүздү жууганга өзүң медет бол! – асманга кол созгончо, жалбарып жиберди, баякы кексерээк, азгын мусаапыр. Тигил кыштакта бир жаш тул катын бар экен, көз астыма алып койдум! Кайра мактанып кирди, башчыдан кагуу жеген жаш жигит.

–Ымалаша да түшкүндүрсүң, ал катын менен? – азил кебин таштады дагы бир мусаапыр.

–Эмне деп жатасың?! Мен атаманыбыздын буйругун эч качан бузбаймын! Өлүп бара жатканымда да!

Эрши журтчулугу отканага шашылышууда... Откананын эшиктери адегенде көөнө Хваразейм топурагында зардуштар пайгамбары Заратуштара жаккан ыйык от Атар-Хурага сыйынганы келгендер үчүн ар дайым ачык. Төбө жагы күмбөз сындуу шып жагында төгөрөк-чамбарак бар. Откананын төгөрөк-кештелүү дубаларында зардуштардын өзгөчө ыйык китеби "Овестадан" алынган хикмет-нуска кептер төрт бурчтуу алтындалган алкактарга жазылып, илинип коюлган. Имараттын ортосунда, уламыш-айтымдарга ишенсек, өтө мурунку мезгилдерде Хваразеймден алып келинген от кечеси деле, күндүзү деле эч өчпөстөн жанып турат Төгөрөгү өзгөчө бекем тосмолор менен курчалган очок боюнда сөрү сындуу супалар. Өзгөчө такыбалар супалар үстүнөн тирелише орун алышкан. Ал эми, супадан орун тийбегендер, ылдыйдагы узун жолокчолордо чөк түшүп олтурушат. Анан, чаканыраак капталдагы эшик ачылар менен бардык чөгөлөп олтургандар орундарынан туруша, ибатка

келгендер колдорун көкүрөккө ала таазим кыла ийилишет. Атактуу Даван мамлекетинин баш баканы-Заутар шашпастан, салабат менен кадам таштап, супалардан кыйла өйдө жайлаштырылган секиге көтөрүлөт. Эми, бой-келбети келишкен, төбөсү бийик-учтуу селдечен, узун, ары боор түспөл үстүндөгү кийим Заутарды ого бетер сөөлөттүү кылып көрсөтүп турганыда айдан ачык. Ал ушул отканада кызмат кылышкан эки жаш жандоочусунун коштоосунда атайын даярдалган орунга олтурганы да өзгөчө азем эле.

Анын, абайлаган белгисинен соң отканага келгендер жалаң жүндөн токулган шалчаларга чөк түшүп жай алышканы да сонун көрүнөт. Катар тизилише олтургандардын ортолоруна узун, көгүш өңдүү, бөздөн даярдалган дасторкон жазылды. Кызматтагы жаш жигиттер тандыр нанын, мөмө-чөмөлөрдү, көзө идиштерде ыссык даамдарын келтиребашташканы да кызык. Баса, даамдарды супадан орун жетпей калып, узун жолчолор четинде олтургандарга колмо-кол узатып, бири-бирине урмат көрсөтүп турушту.

Сый тамак учурунда такшалган үгүтчү-заутар тез-тез Ахурамазда, Заратуштра урматына мактоолорун жолдоп, даамдарды бышырууга өз көмөгүн аябаган ыйык от үчүн алкоолорун айтып, тынбай сүйлөп турду. Олтургандардын айрымдары Заутардын ар бир айткан сөзүн кайталоого аракет жасап да турушту.

Ыйык от-чок боюндагы сый тамактын соңуна жакындаганда элпек жигиттер тобу бошогон идиш-аяктарды, жыйыштырылган досторкондорду сыртка алып чыгып кетип жатышты. Олтургандар сүкүт

кучагында турушту. Баарысы Заутар-үгүтчүнүн нуска кебин күтүп жаткандай.

–Улуу Заратуштра, –деп өз сөзүн акырын ыргак менен баштап кирди, үгүтчү – Заутар, Асман менен жердин ээси Ахурамазда нускасы менен адамдарды бирден-бир туура, ишеним жолуна баштаган. Буга чейин ар кайсы, топ, аймак туш келгенин Теңирим деп атап келишкен . Ошо, теңирлерин –Дөөлөр деп атап алышкандар да болушкан. Дөөлөр болсо, өздерүн ар түркүн топтор, аймактардын Теңирибиз –деп алышкан соң, бир уруу-топту экинчисине, бир аймак тагыларды дагы бирине кайрап, кан төгүүгө чейин барышкан. Биздин улуу Заратуштра алардын баарысын жокко чыгарды, көз боемочулуктарын ашкереледи. Дөө болумуштар эч качан Теңир болушпаган, жолдон гана азгырган бузуку рухтар экен, болгону!

–Теңирибиз – (асман менен жерди жараткан Ахурамазда, бирден бир пайгамбарыбыз –Заратуштра!

Отпарастардын бийиктеген үндөрү откананын дубалдарын титреткендей, төбөдөгү түндүк-алкактан асман кучагын көздөй көтөрүлүп жатты.

–Заратуштра, –үгүтүн удантып, үнүн бийиктетти, Заутар, – бирден бир гана ишенимге моюн сунууну бизге осуят кылып калтырган! Улуу жол башчыбыз кудуреттүү Ахурамазда аракети менен бизди башкарып келет, чарбачылыгыбыз үчүн жайлоолорду сактайт, арык казганды да буюруп коет. Даван аймагын жин-шайтан, кырсыктардан коргоп турат!

– Кудуреттүү Ахурамазда улуу жолбашчыбызды өз көлөкөсүндө асырасын! –такыбалар да анын айтканын кайталап жиберишти.

– Дөөлөр бул жарыктан куулган, таркатылып жиберилген, ашкере болушкан. Бирок, алар деген адамдарга жамандык кылуудан, кырсыктандыруудан баш тартыша элек. Анткени, Жакшылык менен Жамандык, Чындык менен акыйкатсыздык, ортосундагы күрөш ар дайым болгон, ал бүгүн да бар! Жакшылык менен Акыйкат күчтөрүнүн башында Ахурамазда, Жамандык менен Акыйкатсыздык күчтөрүнүн башында Ахраман турат. Биздин улуу коргоочубуз, ыйык Заратуштранын жардамы менен Ахурамазда жакшылык менен акыйкаттын жеңишин үлгү кылып кеткен үгүтчү – Заутар өз баянын түгөткөндөй болду.

Угуп тургандардын толкундоосуна чек жоктой эле.

–Заутар, чындыгында сен гана акыйкаттын жолуна баштоочуларыбыздансың! –ким бирөөнүн басмырт, бирок, салмактуу үнү угулду. – Отканада жаза эмес, күнөөлөрдү жууш, тообо келтирүү жайы, тазалыкка баш ийүү! Мен туура эле айтып жатамынбы!?

– Туп-туура, – бышыктады Заутар-үгүтчү.

–Андай болсо,дагы бир сурого уруксат бер?

– Сүйлө!

–Жакшылык менен жамандык бир адамдын өзүндө да, анын ой-кыялында да, кылмыштарында дагы өз ара күрөшө алабы?

– Ооба, албетте. Баса, бул сөздөрүң менен эмнени айткың келип турду эле?

–Менин атым, Заал. Илгери кул болгонмун. Бактриена өлкөсүндө туулганмын. Даван аймагында жамандык менен акыйкатсыздыктын айынан келип калдым. Азыр болсо, жол тосорлор, ооба, каракчылар

арасында жашаймын, алар менен бирге тоокапчыгайлар арасында жашырынып, күн кечиремин.

Баарысы Заалга таң калыша каргап калышты. Күбүр-шыбыр күч алды. Үгүтчү - Заутар узун сакалдуу ээгин көтөрө бергенде,адамдар тынчый түшүштү.

Жол тосорлор тообо келтиришүүдө, тообо дагы кылып жатышат, – Заал өз сөзүн улантты. Азыр алар маңдай терлери менен күн кечирип жатышат. Өзүңдөн чоң өтүнүчүм: өзүңүз ырайымдуу атабызсыз, күнөөлөрүбүздү кечип, биз бечараларды эзүүчүбүздүн азабынан куткарып койсоң? Биз Заратуштра көрсөткөн чыныгы акыйкат жолуна кайтууга даярбыз! Биз откананын мээрим-кубатына ишенебиз, анын ырайымдуулугуна өзгөчө үмүт артабыз! Бизди эзген зулумдуктун артынан пайда болгон Жамандыктарды акыр-акыбет өзү аныктап салды. Сен, биздин атабыз Заутар-үгүтчү, ырайымыңды айай көрбө?!

Отканада бир топко жымжыттык бийлик алды. Бир гана, ибатка келгендердин ыйманын, дилин бекемдеп тургандай болгон ыйык оттун жанып жаткан отундарынын чартылдаганы гана угулгансып жатты.

– Дагы бир эки ооз сөз айтууга уруксат сураймын, –дегенче өз сөзүн улады Заал, үгүтчү аксакалынын көзүнө тигилип туруп.

– Мына, арабыздагылардан эч кимиси өз каалоосу менен жол тосор болуп чыгышпаган. Биз баарыбыз уятсыздык, акыйкатсыздык, алдамчылык, адилетсиздиктин курмандыктарынан болуп калганбыз.

– Өз жолдошторуңду, курбуларыңды... каракчыларды актоо үчүн ынсаптуу, жакшы адамдарды айыптап жатасың! Өз кожоюнунан качып кеткен кул, кыштак-

тын аксакалынын короосуна от койгон жан кечти, бизге жакындашуу үчүн кол созуп жаткан мамлекет элчилерин талап-тоногон, өлтүрүп салышкан жол тосорлордун күнөөлөрү эч качан кечирилбейт! Сага көрсөтүлө турган бир гана сый ушул, бул жерден тирүү бойдон чыгарылып жиберилесиң, жазага тартуу откананын милдети эмес !

Заал эсенкирей түштү. Анан өзүнө келе түшүп, чегинген бойдон откананын салабаттуу бөлмөсүнөн тышкарыга чыкты.

Акырын ордунан турган Заутар:

–Акыйкатка жетишиш үчүн Ыйык өтө чыңалуу керек! – деди дагы ортодогу томпойгон очок тарапка кадам таштады. Ыбадатчылар чегинише, ага жол бошотушту. Заутар колдорун жалынга кактап, ысыган алкандарын бетине сүрткөнчө, очоктун үстүнө ийилди. Калган адамдар дагы анын кыймылын коштоп, баштарын очок четине тосулган тосмолорго тие тургандай кылышып төмөн ийип турушту.

Отканада ошентип бир топ убакытка чейин отпарастардын жакшылык, чындык, адилеттүүлүк салтанатына арналган жолдогу салт-каадалары уланты-лып жатты.

Арадан бир күн өтөрү менен, арык казып жатышкан мусаапырлар түнөй турган жайда зор салтанатүлпөт башталды. Төгөрөктөгү даректарга ээр-токумдалган аргымактар байланып коюлган. Булактын айланасына жайылган төшөнчү-паластарда өзгөчө шаңдуу кийинишкен адамдардын тобу жай алган. Бир аз арыда кой эти салынган шорполор кайнап, тал шактарынан жасалган шиштерде кебептер бышырылууда. Кумура-көзөлөрдө оголе күчтүү ачытылган муссалас-шараптар куюлуп, чайпалып турушту.

–Ээ, ыйык-улуу Ахурамазда! Бир гана өзүнө аян, ниетибиздин калыс, тазалыгы! Биз чындап эле жакшылык жолуна кайтмак болдук! Сен өзүң бул жолду бизге ыраа көрбөдүң!

Жаш, колбашчы Бүргүт өмүрүндө биринчи жолу узун сөзгө кирген эле.

Жолтосорлор түн бою ичкилик үлрөтүн күчөтүп, чер жазмай кылышты.

Мас адамдардын кыйкырык-чуусу, гүпүл-дөгөн сүрөөндөрү узак-узак тараптарга дагы угулуп жатты.

– Ким айткан жол тосмой, талоончулук, зордуктоо жаман деп?!

Жолтосор, каракчы– эң эле оомат конгон адам! Байлык, шарап, эң сонун оокат-аш, чырайы жанган аялдар – баарысы ошолордуку! – мастыгы ашынган атаман өз жандоочуларына ушундай акылынын айтып турду...

Таң жарышканда Бүргүт ордунан козголду. Жандоочулары дагы так турушту.

–Атты алып келсин!

Заал өзүнө жакын турган жаш жол тосорго ыма кылар менен, ал тездик менен жыгач челекте булактын муздак суусунан сузуп келе калды. Атаман Бүркүт башындагы мис тулгасын алып ийилди, анын моюнун кошо чайкаган булактын муздак суусу баштан ашканча, жаш жол тосордун тулку-боюна, аяктарына төгүлүп жатты.

Бүркүттүн мастыгы бир кыйла кайта түшкөнсүдү. Ал ээрге ыргып минди да, атка камчы басты. Аргымак

учуп жөнөдү. Анын артынан каракчылардын үйүрү да аламан ат коюшту.

Жолтосорлор жакын кыштактагы эки бай менен кыштактын аксакалынын үйүнө басып киришип, малмүлкүн талап, аялдарын, кыздарын, келин-сиңдилерин зордоп салышты. Кетер чакта алардын короо-жайларына өрт коюп жибериштн. Бүркүткө болсо кыштактын аксакалынын жап-жаш келинин тууралап беришти...

Эртең менен Бүргүт маанайы бузук абалда ойгонду. Анткени, ал ушул мезгилге чейин бир ирет дагы бирөөнү катынын же келинчегин зордоп көрбөгөн эле, бул күнөөлүү жоруктан ар убак өзүн тыйып жүргөн. Ага себеп, дал ушундай айбанчылык-зордукчулук кылгандыгы үчүн Бүргүттүн өзү кыштактын аксакал болмушун бууп-өлтүрүп, анын үймүлкүнө от койгон бойдон, өз башын тоо арасына алып качкан эле го! Мына эми... бүгүнкү түндө анын айтуучу ага болгон сүйүүсү, ага берген убадалары бүтүндөй кыйрады, анын элеси бет алдында пайда болду! Бүгүн Бүргүт өзү болгон жол тоскуч, ырайымсыз каракчыга айланып калгандыгын моюнга алып турду.

/Он үчүнчү бөлүм/

ХАН АСКЕРИ ЧЕК АРАДА

Эгерде мамлекет жакшы куралданбаса
Эшик аркасында ар дайым душман даяр.
Кадимки Шумер (биздин эрадан илгери II миң жыл)

- Хан элчисинин күнү кымбат турат! Муну Даван ихшиди жакшылап түшүндүрүшү керек!

Асман уулунун бул акылдуу сөздөрүнүн негизги мааниси түшүндүрүшкө аракеттенип, бирок У-динин өзүнө окшош кам семиз Чэнсян Гун-Сунь Хе кеңешиндеги катышуучуларга кызык болбосо да толугу менен түшүндүрүп берди.

Эки жүз жыйырма жети жыл өкүмдарлык кылган эн чоң Хан императорлорунун ичинде эң узак, элүү үч жыл такта олтурган Лю Чега Ченсян узак чыдап бийлеш кыйын эле. Салтанатты борборлоштуруп, бир канча эле башкаруучу, аткаруучу, кызматчылар эмес, бүткүл барын бири-бирине көндүрүш, алмаштырыш гана эмес, асыл заттарды, үрп-адат боюнча топтоштуруп, алынган маалыматтарды бириндетип топтош, аны окуп мээге синдириш, башка өлкөлөр менен элчилик байланышты бекемдеш, дипломатиялык сылык мамиле жасоо, сүйлөшүү, анын баарына бир адам башы менен ойлонгон акыл адам үчүн да оорлук кылат экен.

Бирок Ченсяндын милдети ушудан гана токтолуп калбайт. Эң оордугу Асман уулунун көз алдында өзүн

кармашты билиш! Муну түшүнүштүн маниси өтө кең, Алтынчы Асман уулу такка олтургандан бери Ченсяндыктай оор жүктү кыйынчылык менен тартып келген, өзүнөн кийинки тартуу насип кылган, ата-бабалары катары Гунь-сунь Хе дагы Асман уулунун эмне дешин айттырбай ойун сезе билген, кээ бирде күлүмсүрөшүнөн, көз карашынан байкап билиш керек болот. У-ди башкалардын алдында Ченсянды бакрсыз деп жактырчуу эмес. Буга дагы баары эле чыдай албастыгын Асман уулу башкаларга караганда түзүк деп билет болчу. Ошону үчүн да бир ишти толук бүтүрбөстөн экинчисин баштап толук даярдап берүүгө туура келчү.

Ошондуктан Ченсяндар аттын кашкасындай, аттын бут манжасынын тапаны менен таш ортосунда эзилген эт катары чыдамдуу эскиси жаңысы менен алмашып бара берет, «ат тапаны» ошо-ошо бойдон кала берет. Асман уулунун ар дайым кең жана терең, узак эн (пухта) терең ойлошто, эмне болсо да бышык көздөн качырбай, узатып барышка убакыт болду. Ал ар дайым чыйрак, ойун чарктап бекем турат. Ченсяндыкка ылайык адам Асман тагында аз эмес, бирок Асман уулу боло ала турган адам бирөө гана... Ли Чиден башка жок! Ошону үчүн ал Асман тагынын бактысы үчүн өзүн баркташ керек! Али канча-канча чала иштер бар. Асман тагына бириктиришке үлгүрбөгөн мамлекеттер, өлкөлөр бар!

Ич ачыштырганы: эч нерсе болбогондой биздин элчилерди Мугубанын өзү эмес, кандайдыр бир каракчылар өлтүргөн имиш. Хан жокерлери Даванга бара албайт деп ойлосо керек! Ар кандай болгондо да элчилерибизге кол көтөрбөгөн болуш керек эле.

- Мындай пикир Даван бектеринде башта да болгон – деди оорусуна карабай кеңешке катышкан Жан Цянь.

- Даван бул дүнүйөнүн ар жагында эмес! Ал күн батышка чейинки суу боюнда, Дачинге бара турган караван жолунун ортосунда. Бул узун кербен жолу, түштүк, түндүк кербен жолу менен Даванга кесилишет. Бул өлкөнү душман окумдарынын колунда калтырбайбыз! Жоокерлер Даванды баш ийдиргенден кийин, андан ары жагындагы мамлекеттерге кулук Даван аргымактарын минип барышат.

Асман уулунун пикирин Гун -Сунь Хе талкуулап акыркы жыйынтыгы ошондой болду. У-ди акырын баш чайкап кенеш бүттү деген белги берди.

Эртеси Даван иштери боюнча баш кенешчиси Жан Сянь каттуу ооруп калганын, сол тарабы иштебей, сүйлөбөй калганын Асман уулуна акырын кабар кылышты. Сарайдын эңкүчтүү дарыгер ийне сайуучулары бир жума колунан келген бардык мүмкүнчүлүктөрдү пайдаланышты. Ар кандай болсо да Жан Цяньды чала-була болсо да тилге киргизе алышпады. Ал бир өзүнө келип кайра өзүнөн кетип жатты. Даван маселеси боюнча эн керектүү адамы иштен чыгуусу жаман болду. «Даванга жүрүш алдынан Жан Цяньдын чала жан болуп калганы жакшылыкка алып барбаганы» - деген ойго келген башкаруучулардын ойлоруна келип, бирок бирөөсү сөз айтууга батына албады.

Даванга жүрүш баштоону анык болушун макулдашканы менен, канча жоокерлерди жөнөтүп, кимди башкаруучу кылыш, толук чечилбеген болчу. Маселе так ошого келгенде, бул иште баш кенешчи болууга

аны макулдашканда ооруп калганы үчүн У-динин максаты бир аз бузулду. Бирок сырттан караганда анча билдирбеген болду. Демек Асман уулунун чечимин ишке ашырылышына эч ким, эч нерсе айта алышбайт.

У-динин тапшырмасынан коро Гун-сунь хэ Жан Цянь баштап баргандан кийинки жыйырма төрт жыл ичинде Даванга барып келген элчилердин саны, сапаты Эрши жерине, бүткүл Даванга барып катышкандардын маалыматтарын көрүп, тирүү калгандары менен сүйлөшүп чыкты. Бул иште Саймалуу ташка үйрөнгөнү барган элчи Яо Дин-хань бир кыйла жардам берди, ошондуктан ал баш кенешчиси болуп дайындалды. Яо Дин-хань башка элчилердин берген маалыматтарынан өзүнүкүн далилдеши үчүн ажыратып алып чечим кылды: Давандын жанындагы элдер күчсүз, Эршиге өзү атуучу ийилип жасалган камалак, палахман менен куралданган үч миң жоокер жөнөтүлсө жетээрлик. Давандын башка шаарларынан аскер жигиттерин топтоп келгиче, Эрши биздин колубузда болот! Гун-сунь Хэ бул чечимди колдоду, себеби анын оюнда жүз аттуу жоокер менен Лэу лань өкүмдарын колго түшүргөнү тууралуу көрсөткөн эрдигин мактаган сөздөр эскире элек болчу. Бирок Асман уулу Даванга жөнөтүлө турган жоокерлердин санын көбөйтүп жөнөтүштү буйруган.

Бир убактарда Даванга бара турган кошунга кимди цзянцзюн- башчылыгына дайындашка үйрөтүлүп жаткан. Тоо этектеринде Жан Цяндын айыбы менен хундар курчоосунда калып, чоң жоготууларга учураган күндөн бери, он сегиз жыл ичинде Ли Гуан-ли өзүн кыйла актаган эле. Хундардын он колун кыркып

ташташ үчүн алып барылган уруштун кийинки жылдарында бир катар согушта жеңип чыккан

Ли Гуан-ли азыр жашы жагынан да, сый урматы жагынан да узак Даванга жиберсе боло турган эки, үч согуш жетекчисине татыктуу катары эсептелет. Аны өз убагында жар кыргагынан алып калган жана жогоруланышка чоң колдоо кылган жээни Ли Ши каттуу шымаланып ишке кириштн. Сарайдын эн чечкиндүү, эпчилдүү, ханышалардын сулуусу Ли Ши Асман уулунун эң жакын «сырдашы» эле. Бу сарай ханышасы эрке болгону менен мамлекет иштеринде эң чечкиндүү кеңешчи катары болуп эсептелет.

Кантип Ли Гуан-лини кошун башчысы кылып дайындашты?

Сарай бийликтегилер бул иште да Асман уулуна дагы бир ишенип калышты. Ли Гуан-ли эң ылайыктуу болгону үчүн Даванга бара турган кошун башчысы болуп дайындаган болсо да, Ли Шига анын суранычы менен көрүлгөн пайдалуу жагын ойлоп көрсөтүлгөн. Улуу Шахзаада ар кандай иште да өзүнүн ачыктыгы, чечкиндүүлүгү менен баарын ишендирет экен!

Иштен чарчабаган Жао Ши-Чэн, Лэулань менен Гуш каарманы, баатыры хаохоу Ван Куй таанымал Саркар башчы Ли Чиге байланыштуу милдеттерди жүктөштү. Баш ийилген мамлекеттерден топтолгон алты миң аттуу жоокерлер, бир нече он миң жаш безерилерден топтолгон, кырк-элүүдөн ашык аттуулдардан турган аскер Даванга жөнөтүлдү.

Ошол күндөрү Жан Цянь бир аз өзүнө келгендей болду. Ага Асман тагы жоокерлерди Даванга жөнөтүлгөндүгүн араң түшүндүрдү. Жан Цянь аран жылмайды.

Даван ичимдигин, анын ширин-шекер мөмөлөрүн биринчи болуп даамдаган, азыр болсо, кургап, соолуп бара жаткан бул ооздор бактарды тебелетиш үчүн аскерди жөнөтүлгөн өз ээсинин кубанычынын, анын максатынын акыркы сүйүнүчүн, ой пикирин унутууга аргасыз эле. Анын дем алышы тездеп, кайра түшүп кетти. Оозуна тутуп койгон кашык да нымдашкан жок. Бирок анын бир көзү гана жумулган, экинчи көзү ачык болуп, таштай катып калган болчу. Ал ачык көзүн сылап көрдү, баары бир ал көзү жумулбады. Жан Цяндын кийинки жыйырма жыл ичинде жакшы билген кызматкер катары «Эршиге аскерлерди жибергендигинен ыраазы болгондугу үчүн анын бир көзү жумулду, Даван алынгандан соң экинчи көзү жумулса керек» - деди. Эгер ушул сөздөрү туура болсо Жан Цяньдын экинчи көзү ачык бойдон калып кете бекен?

Сары дарыя жээги менен жер-сууну титиретип жөнөгөн жоокерлер Даванды албетте баш ийдиришке, Асман аттарынын баарын алып келишке жана Даванды токтоосуз Асман аттарын жиберип тура тура турган Чаньандын көңүлү ток эле, күмөндүү эмес болчу. Ошону үчүн да Ли Гуан-лиге (Эрши баскандыкы) - деп алдын ала согуштук наам берилди. Асман уулу бул жагынан да башкалардын акылына кирбеген Кудай колдогон: Ли Гуан-ли Эршини албастан кайтпаш керек, туурасы, кайта албайт! Согуш аскери жолго түшкөн күндөрү Гуандын (азыркы Шаньси) аймагынан көтөрүлгөн чегиртке-лер, күндү тоскон булуттай болуп учуп келгенде, туш келген эгин-тегин, даректардын мөмөлөрүн, жалбыректарын баргыча жеп бүтүрөт. Ли Гуан- ли

аскерлерди Дуньхуанга чейин ар жакты чегирткелер такырайтып жаткан, жем, чөпсүз, азык-оокатсыз, чаңы асманга көтөрүлгөн жолдо жүрүшкө аргасыз болду. Хан аскерлери Яншуй дарыясынан өтүп, «Кайсар» шаарларга туш келди. Майда кыштак тургундары шаар ичине бекинишип, Хан жоокерлерине тамак-аш бериштен баш тартышты. Ал шаарларды, кыштак-тарды ороп алгандан пайда жок. Душманга азык оокат бериш эмес, бар азык-тардыжерге көмүп ташташтты. Хан аскерлеринин келишин укканда чөл тарап-тагылар көчүп башка тоо тарапка, токойлорго жашы-рынышып калышкан. Бир гана кокустан-бастырып кирген шаарлардан гана тамак-аш таап алып жатыш-ты.

Бул мактангандар көп өтпөй Хан жоокерлеринин иши оңунан чыкпады деген ойго кетишти.

Бактысыздыкты алдын алып, көптөн курбандык кылышты. Бүтүн жаз ичи ушул кайгыруу менен жол жүргөн жоокерлер, кеч күздө аран Ак сай менен Какшаал дарыялары кошулган жайдагы кең талаага жетип келишти. Жолдо майда ашуулар менен болгон беттешүүлөрдө тамак-аш жетишпегендигинен сейрек суюлушуп калган Хан жоокерлери топтолуп узак убакыт ороп турушка да күчү кайтып калган эле. Лигуан Ли шаарга күтүлбөгөн жерден бастырып киришке буйрук кылды.

Камчы аялы Ботокөз менен бирге шаарга кириш-кенде, шаар дарбазалары шашылып жаап жаткан. Курч топтолгон адамдар шаарды коргогон, дубал-дарды, мунараларга көтөрүлүпкатыш үчүн даяр-далган көзөнөктөр жанына топтоло башташты. Күн кеч кире баштады. Картан кишилер менен жаш балдар

губалак, пакса үйлөр ичинде жашырынып жатышты. Топтолгондордун ичинен кыйкырып, эркек, аялдарга кимде найза, кылыч, ай балта болгонун алып чыккыла деп суранып жатышты. Мунараларга, ок атуучу көзөнөктөргө көтөрүлгөндөр! Дарбазаларга тез жеткиле – деп бакырышты алар.

Камчы аттарды таанышынын атканасына калтырды.

- Эгерде тируу калсак, аттарды анан алып кетээр биз бул жерден. Азыр аларды сатуу тууралуу сөз жок-деди аялына.

- Арзан болсо да сатып жибериш керек эле. Кымбат сатабыз, деп мына эми... Балдарыбыз үйдө калып кетти! Биз жок алар эмне болушат – деди жолдошун урушуп Ботокөз.

- Көп кыжаалат боло бербе! Кырк жыл кырган болсо да, ажалы жетсе өлөт, деп бекер айтпаса керек. Кудайым пешенеге жазганын көрөбүз.

- Жүрөгүм сезип жатат, бир балееге дуушар болобуз. Өткөн түнү жаман түш көрдүм эле.

- Азыр сенин түшүндүн маанисин сураштырганы убакыт жок!

- Мынаны кара, аялдар биз кирген дарбаза тарапка кетип бара жатышат.

- Бар сен дагы алар менен бар, мен ар жакта дубалдын үстүнө чыгам. Аттардын жанында учурашабыз.

Камчы тар, ийри-буйру көчөлөрдөн тез жүгүрүп кетип бара жаткан адамдардын арасына аралашып көрүнбөй кетти. Жаа көтөргөн Ботокөз тынчы кеткен дарбаза тарапка жөнөдү. Күүгүм кире баштаганда ал жерден бир аз ары жакта каттуу күч менен бир нерсе

гүлдүрөп түшта да, ал жерден кыйкырык угулду. Ботокөз басышын тездетип, бир нече адамдар үн чыгарбай жатышты.

- Дубалдан ашырып таш ыргытышып жатышат! – деди кимдир бирөө.

- Ким караңгыда жакшы көрсө Мунарага чыксын! Мунарадан бирөө буйрук кылып жатты. Ботокөз дубалга жөлөнгөн шаты менен жогору көтөрүлө баштады. Анын аркасынан бир нече адамдар чыга башташты. Ботокөз тышкары жактан дубалдарга жабышып келе жаткан сансыз душмандарды көрдү. Душмандар дарбазаны ачып кириш үчүн ынтылып жатышкан. Давандыктардын жаа окторунан ондоп кытай жоокерлери кайра кулап жатканы менен токтой турган ойу жок. Көп өтпөй, Ботокөздүн октору түгөнүп калды. Ал тарапта согуш күчөдү. Мунаранын ок атуучу тешиктер тараптан эч ким калбады, калганы да ок тийип кулап жатышкан. Душман жоокерлери дубал үстүнө чыгайын деп калышкан. Ылдый жактан оор жыгачтар менен көптөп уруп, сынып жаткан жыгачтардын кычырашы, адамдардын кыйкырыгы угулду. Жоо басып кирди – деген ойго чөмүлүп Ботокөз эмне дешти билбеди. Ал тез шаты менен жерге түшүүгө аракеттенди. Ботокөздүн буту жерге тиер-тийбес кезде жогорудан бирөөлөр шатыны оодарып жиберди. Ботокөз чалкасынан кетип жыгылды. Ал жерге эмес бирөөнүн үстүнө түшкөндөй болду. Ботокөздү кимдир бирөө күчтүү колдору менен бекем кучактап алды. Анын жумшак көкүрөгүнө кандайдыр каттуу нерсе кирди. Ботокөз бошонуп алыш үчүн чиренип, чалкалап туруп

тепкилеп жатты. Эки жоокер чылбыр менен анын колу бутун ороп, жаңгактан ары алып кетти.

Душман жооруклери тосмолор жанында жүрүп, түн ичинде бир топ көчөлөрдү басып алышты, бирок шаардын тургундары душмадардын көпчүлүк күчтөрүнө туруштук берише албады. Таң атаар мезгилде согуш дагы күчкө кирди. Ли Гуан-ли өзү бир топ жоокерлер, башчылардын курчоосу менен шаарды коргогон коргон үстүнө чыгып, түздө болуп жаткан кыргынды көрүп турду. Соот жезден токулган көйнөк кийген жоон жигитсол колунда калкан менен өзүн сактап, он колундагы узун найза менен душмандарды ал жактан бул жактан келгендерди топ-тобу менен кулатып жатты. Ал Ли Гуан - линин көз алдында бир нече душман жоокерлерин найза сайып өлтүрдү. Ли Гуан -линин жанындагы аскер башчысынын бири мунарадан туруп, баягы балбан жигитти жаа менен атышты суранды. Цзян цзюн «тура тур» деп буйрук берди. Бирок ал Даван жигитинин эмнеге зарыл экендигин билмекчи болду. Даван урушу эми гана башталган кезде душмандын азыркыдай өз көзү алдында бир Давандык беш-он душмандарды олтуруп жатканы, өзүнүн кандай ийгиликке жетишке көзү жетпей ой басып калган болчу. Давандык жигиттин найзасы сынып, замат кылычын сууруп, аны ороп алган жоокерлерден өзүн коргоп жатты. Ал караса, калкандан пайда жок. Ошондуктан калканды жоокерлер бетине карап шилтеп жиберди эле бир жоокердин бетине тийип анан кулады. Давандык кылычтын сабын эки колу менен бекем кармап, тегеренип туруп туш келгенден үчөөнү тынчытты. Мунарадан жаа менен атылган ок кекиртегине тийип

давандык жоокер көз жумду. Түшкө жакын уруш токтоду. Чек арадагы кичине шаарчанын тургундарын, балдарын кошуп өлтүрүп жатышты. Көчөлөр, үйлөрдүн жанында, арыктарда давандыктар менен душмандардын жоокерлери аралашып жатты. Бир топ сакчылар менен аскер башчылары коргоосунда шаарда болуп өткөн согуштун кандай өткөнүн көргөнү, шаарды айланып бара жатып, бир үйдүн алдында кылыч менен башы алынган беш жаш балдар жаткан, анын жанында эки жоокер жана бир аял (мүмкүн үйдүн ээси, же балдардын энеси болсо керек) менен эки жоокер аралашып жатты. Аялдын колу бир жоокердин кекиртегине кирген бойдон өлүшкөн. Экинчи жоокердин көкүрөгүнө сайылган даван канжарынын сабы көрүнүп турат. Алар балдарды кылыч менен чаап өлтүргөндөн кийин, балдардын энеси душмандарды өлтүрүп өзү да каза болгон, - деген тыянакка келди Ли Гуан-ли шериктери менен. Алар таң калышты – кандай аял киши болуп эки жоокерди өлтүрүшкө күчү жеткенин? Түнү боюу оор шартты көргөн Ли Гуан-ли эч уктай албады. Бир жигити он кишиге тең келсе, аял башы менен бир өзү эки жоокерди өлтүрө алган мамлекетти жеңип алууга болбойт экен го? Эң четтеги, чек арадагы кичине шаарчасындагы адамдар ушунчалык көп күч менен келген биздин жарымыбыз да калган жок! Эмне кылыш керек?

Баштагы ууру болуп согушта катышып Жэн Чэ бошотулган ондуктардын башчысы, Ботокөздү ошол колго түшүргөн. Көп өтпөй жарадар болгондуктан ал сулуу аял Ботокөзгө тийише албады. Ал жоокерлерине Ботокөздү бизден башка эч ким көрбөсүн деп, караңгы

жерге бекитип, тамак-аш менен камсыз кылууга буйруду. Менин адамдарым жашырылган давандык аялды пайлап калышыптыр.

- Ал кайсыл жерде экен?

- Аркы жанаша үйдө.

- Жакшы, сен кыйладан бери өзүңөрдөн аял алууну ойлоп жүргөнсүң.

- Бардык сөз ошодо да. Башчыбыздан сурансак... Ошого аракет кылсак...

- Сага жардам кылууга мен да кошо барам.

Цзяцзюндин өзүнүн сакчылардын ичинде тилмечтерге тааныш сакчы бар эле.

Ал дагы Жолборс менен Ан-инди, Ли Гуан - линин алдына киргизип жиберди. Бу ичкеридеги эшиктин аркасына өтүп, кимдир бирөө менен (мумкун сакчылар башчысы) узак убакыт сүйлөштү. Кийин аны араң көндүрдү окшойт, кайтып чыгып:

- Киргиле, бирок сөздү узартып койбогула! – деди.

Илгерки шаар беги сарайчасында оюлуп кооздолгон эшигинен ичкери киришкен тилмечтердин көзү дубал бетиндеги тартылган аттар, кийиктер, архарлар сүрөттөрүнө түштү. Мындан бир нече алдында, шаар беги меймандарды кабыл кылган чоң бөлмөдө Цзян Цзюн олтуруучу. Адатындай ар дайым өзүн кармап, тетик көрүнө турган Ли Гуан -ли бүгүн ойлуу, чарчаган, уйкусуздуктан оор болуп турду. Анын үстүндөгү каптама көгүмтүл шайы кийими жаркырап, белине болсо, жибектен токулган кемер байлап алган эле.

Кирип келген тилмечтин байкоосунда суук өтүп калгандай көрүндү.

Жолборс менен Ан -ин бирдей ийилип салам бериштти.

- Кандай жумуш менен келдиңер?

-Ондуктун башчысы давандык аялды колго түшүрүптүр. Мен аны аял кылып алмакчымын... алсам дедим эле. Эгер ондуктун башчысына буйрук кылсаныз...

- Тартып алмакчысынбы?

- Топтолгон алтынымдын баарын беремин...

- Ал айылдык аял. Андан Давандык тилди жакшылап үйрөнсө болот – деп сөзгө аралашты Ан-ин.

- Демек, бирөөлөргө аял, экинчиңерге тилмеч болобу? Ушундайбы?

- Ооба, ошондой! Бир сыйра ынгайсынып жооп берди Ан-ин.

- Ондуктун башчысы айыбы үчүн окум чыгарганданбы, же аттуулардanбы?

- Өкүм кылынгандан! – деди Ан-ин, ошого тынч олтуруп калды. Себеби, анын өзү да ошолордон болчу.

- Жакшы, ала бергиле!

Эки тилмеч да ишинин оңунан чыкканына сүйүнүшүп: - эгерде чын «аттыктар» деп айтканда жоокерлердин ондук башчынын колунда болгондо, аларды капа кылбас үчүн Давандык аялды тартып алышка уруксат бербейт болчу. Цзян Цзюндун буйруктарынын аткарылышына жооптуу адамдын жанында эки сакчыны алып, тилмечтерди атайын жашырылган короого жөнөттү. Алар өз убагында келишкен эле. Жэн Чэ эки жоокеринин жардамында колго түшкөн Ботокөздү сүдүрөп кетип жатышкан. Аял жан дили менен каршылык көрсөтүп жаткан. Анын койногу желбиреп, жыртылып кеткен, аппак денеси көрүнүп

турган. Цзян Цзюндун сакчыларын көрүп, Жен Че менен анын эки сакчысы токтоп калышты. Ботокөз дарбазадан кирип келгенде тан калып, ошол кезде өзүнө келип карады.

- Карындашым, биз сени куткарганы келдик! – деди Жолборс чала даванча сүйлөп.

Ботокөз Жолборстун сөзүн толук түшүнбөсө да, өзүнүн эне тилинде сүйлөгөнүнө бир аз күч берди. Ал уйкусураган абалдай солкулдап ыйлап жиберди.

Туткун аял тилмечтер колунда болот, аларга керек экен.

- Цзянцзюн дун буйругу ушундай! – деди бирөөсү.

- Бербеймин! Цзянцзюндун алдына өзүм барам! Бул менин олжом!- деди муштумун түйүп Жэн Чэ.

- Эгерде башынды алдырайын десең, бара бер! Буйрукту аткарбагандыгын үчүн сени ондуктардын башчылыгынан да, башыңдан да айрыласың!

- Ал ошол жерде эле Жэн Чэни ондуктун башчысынан алып, анын ордуна башка жоокерди дайындады.

-Алып кете бериниздер аялды! – жаңы дайындалган ондук башчысы тилмечтерге карап.

- Жүр биз менен, карындашым – деп Ботокөздү ар жактан Жолборс чакырып, жакындап келип анын чачын сылап, аны дарбаза жагына жетеледи. Жолборс менен Ан-ин Ботокөздү өздөрү менен өздөрүнүн кичинекей каанасына баштап кириштн. Ботокөз качан «бар эми үйүңө кетебер деген сөздү күтүп жатты. Ага жуунуп алыш үчүн чоң идиш, көзөдө суу, кийгени Хан шайысынан көйнөк, жолук алып келишти. Жолборс аран бир жактан Даван бөзүнөн тигилген кийим таап келди.

- Мени бул жерден качан бошотуп жибересинер? – деп сурады Ботокөз тилмечтерге тике карап.

- Шашпа! Баары бир сени жолдо баягыларга окшоп, сени тутуп алышат. Эршиге жол тартканда сени өзүм үйүңө жеткирип коемун.

- Мен шаарга барышым керек. Жолдошуму издеп табышым керек.

- Эмне деп жатасын? Эркек аттуудан эч ким калган жок!

- Жолдошумун өлүгүн да болсо табышым керек. Баары бир чыгам тышка – деп туруп алды Ботокоз.

- Бардык өлүктөрдү Какшаал дарыясына таштап жиберишкен, жарабагырлар. Таза сууну булгашыптыр.

- Бул кылган айыптары үчүн Кудайым силерди жазалайт го! Баарыңарды жалындаган отко салып күйдүрөт го!

- Кудай Хандар үстүнөн да айыптууларды таап жазалайт деп ойлойсунбу?

- Тениринг ким өзү?

- Көкө теңир!

- Ал биздин да тенирибиз. Ошону үчүн мен сени бошоттум да, өзүбүздүкү деп.

- Анда эмне алар менен аралашып бизге каршы согушуп жүрөсүң?

- Кийин түшүнөсүң. Мен уйгурмун. Хандар бизди Гаочюй дешет. Мен туулган жерде Хандыктар да жашашат. Мен алардын тилин жакшы белгеним үчүн алар мени тилмеч кылып алышты.

- Аялың, бала чакаң кайда калды.

- Менин эч кимим жок. Эч качан үйлөнгөн эмесмин. Бул өмүр өзүбүздөн болсо анан үйлөнөмүн деп жүргөн элем. Мына сен табылып калдың.

- Мына эмне үчүн мени тетиги айбандардын колунан ажыратып алган экенсин. Үйүмө кеткенге уруксат бербей жол тосуп жаткандыгын себебин эми түшүндүм. Жок, эч кандай андай болбойт. Эй, эси жок, менин балдарымчы. Азыр мени ыйлап-ыйлап анан макул болот деп ойлоп жаткандырсын. Мен болсо бул жерде саргарып кетиштен башка айла жок. Жок, мен бул камоодон жакында кутулуп, силердин жанынарда боломун. Эй улуу Тенирим, мага ал, күч бер, чыдамдуулук, колдоо бер, куткар мени, чыгар бул туткундан, бул жерден!

- Тынчтан, куйукпо! Менин жардамымсыз бул жерден чыгып кете албайсын – деди Жолборс. Эгерде балдарынды көргүң келсе, сөзүмө кулак сал! Мен сага жалан жакшылык каалаймын.

- Мен сенин да, башка бирөөңөрдүн да аялы боло албайм, жакшылап угуп тур!

- Сен али жашсын, жолдошунду өлтүрүшкөн. Кимге болсо да күйөөгө чык?

- Өлөмүн, бирок эч качан, эч кимге күйөөгө чыкпаймын!

- Мен сабыр кылам, сен тынчтан, кийин ойлоп көрөрсүң, бирок сен менин жанымдан чыга корбо. Дарбазадан башынды чыгарганда эле сени кармашып, коендой бууп, буктоп алып кетишет. Мен сени менен бир үйдө жашап турсам, Хагдыктардын оюнда бирге жашап калышыптыр деп, сени менин аялы дешет. Болбосо... көрүп турасынго, бул жерде аял заты жок, уруктукка.

Ботокөз башка сүйлөбөдү. Жолборс кийиз үстүнө кабылган төшөк салды да, анын бир четине жатты, чапанын жабынып уктаганга кириштн. Ботокөзгө

жабыныш үчүн жука шайы көрпөчөнү калтырды. Кара чырактын пилиги күйүп бүткөн болчу. Ботокөз Жулбарстан чочулап, оордунан туруп, акырын бутунун учу менен жылып айнекке жакын келди. Эч качан Ботокөз мындай согуш, басып алуу, колго түшүш тууралуу түшүнө да кирбесе керек эле. Камчы азыр кайда экен? Кана эми, жан дилиң сүйгөн жолдошу? Ал чындап өлгөн болсо, денесин суук дарыяга таштаганда, аны агызып кеткен болсочу? Эмне, Ботокөз эми жолдошун эч качан көрө албайбы? Кантип эле ушул чартылдаган уйгурдун аялына айланса? Ботокөздү, ага боору оруп куткарыш эмес, өзү үчүн куткарып алган болсочу? Бул уйгурду өлтүрүп, кырма-кыр тоолоп жүрүп балдарынын алдына баралабы? Бул пешенеси суук уйгур туура сөздү айтып жатат. Эгер бул үйдөн жалгыз чыкса... Жакшы дагы уйгур нысаптуу экен, аны зордобой жатат. Эгерде зордосо Ботокөз аны өлтүрүп таштайт... Кийин эмне болот? Ал эч качан үйүн да, балдарын да көрө албайт. Ой басып, үй ичиндеги караңгылык да күч алды. Ботокөз сууктан калчылдай баштады. Бул шаарча бийик жайда жайгашканынан, күз эрте эле суука айланып, кыш түшө баштайт. Ботокөз тактасыз бурчка олтурду. Ал жоокерлердин тынымсыз ары-бери басып жүргөнүнөн коркуп, ар нерселерден, ар кимден чочулап турду. Ал акыркы күндөрдө уктабай жүргөнүнөн күндүзү да ар ойлорго чөмүлүп, үргүлдөп жүрчү болду. Чарчагандык өз күчүн көрсөтүп уктай баштаган. Эртелеп ойгонгондо бүт жагын шайы төшөкчөнү ороп койгонун көрдү. Уйгур жанында көз салып олтурган болду. Бирок, баары бир Жулбарс көзүнө баштагыдай эле көрүнүксүз болуп көрүндү.

/Он төртүнчү бөлүм/

СОГУШСУЗ БАШТАЛГАН УРУШ

Ушул күндөрү Даван ихшиди Сок дарыясына курулган суу тосмолорду өзү барып көрмөкчү болуп турган. Тосмонун жанында коргон болуп курулган Мугукоргон деп аталган. Эки аймактын бөлүктөрүнө суу жетишпей калган учурда тартип сакташ үчүн жасоолдорду ошол коргонго жайгаштырышкан.

Илгери, бир топ жолу суу талашып жаңжал, урушталаштар болуп турган. Кээ бирде кан төгүлгөн учур да болгон. Суу тосмолор бышыкталып, коргон курулуп бүткөндөн кийин суу жөнүндө келишпестик бир кыйла токтогондой болду. Мугуба муну өзү курган маселелердин негизгиси деп эсептечү. Мугуба Эршиддеги так ээси, иниси Нишанды калтырып, көрүнүктүү бектер курчоосунда Мугулон шаар аркылуу Давандын жанында жайланышкан аймак-тарга жол алды. Ал жерде казылып жаткан арыктарды, суу тосмолорго көздөн өткөрмөкчү. Кээ бир убактарда Мугуба өзүн калкка жакындыгын, адилеттүлүгүн, күйүмдүүлүгүн көрсөтүш керек болчу. Мугубанын ойунда элдин кемчилдигин, кыйынчылыктарын жоюуу, кыскартыш зарылдыгын чечмекчи. Ар дайым, ар кандай падыша башкаруучу керек учурда өзүн элдин атасы болуп көрүнүштү унутушпайт. Элдин башына түшкөн согуш кыйынчылыктары, кырылып жаткан адам тагдыры тебелениши да өзүнүн элчилерин өлтүрүп койгон айыбынан болсо да, эл көгөргөн, жер көгөргөн баатыр башкаруучу катары, эң зарыл жумуш деп көрсөтүүдө. Ихшид сапарга чыккан мезгилде Нишан дээрлик бүт убактысын Арк сарайында Эрши шаарынын беги Сыртланбек менен бирге өткөрүүдө. Алар эч жакка чыкпай, эч кимди кабыл албай тахты алыш тууралуу узак кеңешип, макулдашып жатышты. Алардын негизги ой максатын уруксатсыз, оолугуп кирген эшик агасы бузду.

- Чабарбан! Экөө... тиги шаардан... Ал жерде хандыктар! – деп кабар кылды. Эшик аганын тамагы буулуп, Нишандын денеси дүркүрөп кетти. Бирок өзүн токтотту.

- Чабарбан кайсыл жерде? – өзүн токтотуп сурады.

- Ушул жерде, тышта турушат.

- Киришсин! эшиктен кирген чабарбандар эңкейип, жерге бетин салып таазим этүү менен чөк түшүп турушту. Алардын колдору көкүрөгүндөй ийилген боюнча узак жол азабын тарткан, чарчап чабарбандардын көздөрү киртейип, араң эле турушту.

- Сүйлөгүлө! – деп буйрук берди Нишан, токтоолугун билдирип.

- Улуу Ихшид, бизди ондук башчы жиберди. Шаарды Хандыктар курчап алышты. Ошону сизге билдиришке буйруду.

- Сиздер Хандыктарды өз көзүңөр менен көрдүңөрбү?

- Биз өзүбүз көргөнүбүз жок. Биз шаардан жарым күндүк бери жактагы жолдо элек. Биздин жаныбызга шаардан жарадар болгон чабарбан келди.

- Жол тосоорлор болбосун дагы?

- Кайдан. Ондук башчы бизге буйруганын, ал жактан чабарбан келгенин айттык.

Нишан тымызын Сыртланбекке көз салды, анын жүзүндө сүйүнүчтөй жылмаю көрүндү. Так ээси каабагын бүркөп алды. Кантип Сыртленбек билбестикке салышты да билбесе. Байкап калышы да мүмкүн го. Адамдар анын бекер эле чылбыр дебейт экен да.

Өзүн байкап калган Сыртланбек да Нишанга окшоп, кабагын бүркөп, каттуу кыжаалат болгондой сездирип койду.

- Бул кабар толук аныктагыча Аркдан сыртка чыкпастыгын буйруду Нишан чабарбандарга. Эшик агасы чабармандарга карап, сыртка чыгууга белги берди. Чабарбандар анын артынан басып чыгышты. Нишан Сыртланбек менен жалгыз калганда, алтын тактын жөлөнгүчүнө чалкалап олтуруп, көкүрөгүн көтөрүп, кердейип койду. Анын кердейгенин байкаган Сыртланбек мылжыйып койду.

- Чабарбан сизди Ихшид (паашам) деп ойлоду. Бул жакшы белги! Чыныгы чечим чыгышка аз калды!

- Акырын, дайынсыз чаң чыгарба! Азыр менден кийинки аткарыла турган тапшырмаларды тактап алышыбыз керек. Мага аркага кайтыш жок! – деди, бир аз ойлонгондой, Нишан. Сыртланбек менен макулдашкан сырын бир жайга койгондой Нишан ондук башчынын жөнөткөн чабарбандын айтканын текшерип, аныгын билип көрүп келишке, эртелеп шаарга чабарбан жөнөтүүгө чечим чыгарды. Нишан жиберген чабарбандар өз көзү менен көрүп келиши керек, барып келген жолдо кандай сөздөр болуп жатканын угуп, топтоп, жарым жолдон кайтпай келишти дайындады. Нишан аник болгонуна ишен-

генде гана агасы Мугубага кабар бермекчи. Пааша жолго чыгып келгиче Нишан такка олтуруп алыш керек болот! Нишан ойлогон максаттарын этияттык чараларга карабай, Хандыктар шаарды ороп, басып алган деген кабарлар толук бүтүн Даван жээгиндеги элдерге таркаган болчу.

Бул шум кабар Мугуба (Ихшид) турган Вадил жашоочуларынын кулагына жетип келген болчу. Мугуба үч күндөн бери эле чоң чынар теректин алдында дем алып, бул кыштактын так ортосунан шаркырап агып өткөн дарыянын таштан-ташка урулуп, көбүрүп агып жаткан сууну тамаша кылып олтурган. Баары тып-тынч эле. Вадилдиктер ушул убакка чейин Хандыктардын адамдарын көргөн эмес экен. Ал жерде ар кандай имиштер таркаган. Башка кыштактарда жашаган элдер да хандыктарды Ченжиндер деп аташат имиш дешкен сөздөр, көздөрү экөө эмес так пешенеде бир гана көзү болот имиш, илгери эч кимге дайын болбогон сырдуу калк биздин Даванга бастырып келе жаткан имиш.

Тополоңдошкон Вадилдик элдер адаттагыдай эле, ар кандай иштерди ортого салып чечүүчү чоң чынар алдына топтолушту. Сай боюндагы сөрүлөргө аксакалдар олтурушту, орун тийбегендер тике туруштту, орто жаштар өзүнчө, жаштар болсо таза жерге чөк түшүп олтурушту. Хандыктар тууралуу ар ким өз билгенин айтып жатышты. Айткандарына караганда биз жашаган жерге, элге Гог Магог деген адам эмес чегирткеге окшогон макулуктар болсо керек. Чинжиндер эмне болсо да адамдар го. Алар жолдо эмне учураса жеп жалап келе беришет экен. Алар басып өткөн жерде малдар болобу, мөмө жемиш,

- Кайдан. Ондук башчы бизге буйруганын, ал жактан чабарбан келгенин айттык.

Нишан тымызын Сыртланбекке көз салды, анын жүзүндө сүйүнүчтөй жылмаю көрүндү. Так ээси каабагын бүркөп алды. Кантип Сыртленбек билбестикке салышты да билбесе. Байкап калышы да мүмкүн го. Адамдар анын бекер эле чылбыр дебейт экен да.

Өзүн байкап калган Сыртланбек да Нишанга окшоп, кабагын бүркөп, каттуу кыжаалат болгондой сездирип койду.

- Бул кабар толук аныктагыча Аркдан сыртка чыкпастыгын буйруду Нишан чабарбандарга. Эшик агасы чабармандарга карап, сыртка чыгууга белги берди. Чабарбандар анын артынан басып чыгышты. Нишан Сыртланбек менен жалгыз калганда, алтын тактын жөлөнгүчүнө чалкалап олтуруп, көкүрөгүн көтөрүп, кердейип койду. Анын кердейгенин байкаган Сыртланбек мылжыйып койду.

- Чабарбан сизди Ихшид (паашам) деп ойлоду. Бул жакшы белги! Чыныгы чечим чыгышка аз калды!

- Акырын, дайынсыз чаң чыгарба! Азыр менден кийинки аткарыла турган тапшырмаларды тактап алышыбыз керек. Мага аркага кайтыш жок! – деди, бир аз ойлонгондой, Нишан. Сыртланбек менен макулдашкан сырын бир жайга койгондой Нишан ондук башчынын жөнөткөн чабарбандын айтканын текшерип, анығын билип көрүп келишке, эртелеп шаарга чабарбан жөнөтүүгө чечим чыгарды. Нишан жиберген чабарбандар өз көзү менен көрүп келиши керек, барып келген жолдо кандай сөздөр болуп жатканын угуп, топтоп, жарым жолдон кайтпай келишти дайындады. Нишан аныктолгонуна ишен-

генде гана агасы Мугубага кабар бермекчи. Пааша жолго чыгып келгиче Нишан такка олтуруп алыш керек болот! Нишан ойлогон максаттарын этияттык чараларга карабай, Хандыктар шаарды ороп, басып алган деген кабарлар толук бүтүн Даван жээгиндеги элдерге таркаган болчу.

Бул шум кабар Мугуба (Ихшид) турган Вадил жашоочуларынын кулагына жетип келген болчу. Мугуба үч күндөн бери эле чоң чынар теректин алдында дем алып, бул кыштактын так ортосунан шаркырап агып өткөн дарыянын таштан-ташка урулуп, көбүрүп агып жаткан сууну тамаша кылып олтурган. Баары тып-тынч эле. Вадилдиктер ушул убакка чейин Хандыктардын адамдарын көргөн эмес экен. Ал жерде ар кандай имиштер таркаган. Башка кыштактарда жашаган элдер да хандыктарды Ченжиндер деп аташат имиш дешкен сөздөр, көздөрү экөө эмес так пешенеде бир гана көзү болот имиш, илгери эч кимге дайын болбогон сырдуу калк биздин Даванга бастырып келе жаткан имиш.

Тополоңдошкон Вадилдик элдер адаттагыдай эле, ар кандай иштерди ортого салып чечүүчү чоң чынар алдына топтолушту. Сай боюндагы сөрүлөргө аксакалдар олтурушту, орун тийбегендер тике туруштту, орто жаштар өзүнчө, жаштар болсо таза жерге чөк түшүп олтурушту. Хандыктар тууралуу ар ким өз билгенин айтып жатышты. Айткандарына караганда биз жашаган жерге, элге Гог Магог деген адам эмес чегирткеге окшогон макулуктар болсо керек. Чинжиндер эмне болсо да адамдар го. Алар жолдо эмне учураса жеп жалап келе беришет экен. Алар басып өткөн жерде малдар болобу, мөмө жемиш,

жалбырактар да калбай такырайып калат имиш. Аркыл сөздөр болду. Акырында бир акскал: - «Азыр ар кыл пайдасыз сөздүн пайдасы жок, кандай болгондо да, душман келгенде өлүм, кыргын болушу чындык».

-Андан көрө тез арада бышкан эгин-тегинди жыйнап, түшүмдү бекитип, өзүбүздү коргош үчүн жаштарды куралдар менен камсыздап, жакшы билген адамдардан талдап алып, жаштарды үйрөтүүгө камданалы. Тез арада аттар менен согушка келишсин деген кабар, буйрук берилиши мүмкүн.

- Ченжиндер биздин Давандан өтүп келе алышпайт. Иран паашасы, мүйүздүү Искендер да Даванга жакын келе албай, кайра аркага кайтышка аргасыз болушкан. Вадил жерине кирип келишке алардын жүрөгү чыдай албаган! - өз оюн айтты, кеңеш башталгандан бери унчукпай олтурган карасакал киши.

- Хандыктар абдан көп дешип жатышат, алар фарстыктардан да, мүйүздүү Искендерден да көп имиш – сөз улады кыштактык эгин-тегинди жыйнайлы деген аксакал, - мен жакында Мугуланда (Маргалан) болгонумда, бир соодагерге жолугуп, аны менен сүйлөштүм. Ал бул дүйнөнүн көп мамлекеттерин кыдырып, соода кылып жүргөн соодагер экен. Анын айтымына караганда Чинжиндер ушунчалык көп, ар бири бирден ийне таштап өтсө, кудук толуп калат имиш. Ошентип, хандыктардын эсепсиз көптүгү тууралуу айтылды.

Сайдын аркы кыргагындагы жол менен Ихшид (пааша) бир нече жандочулары менен өтүп келе жатты. Мугуба ак кашка аргымагы менен, анын артындагы бир топ бектер күлүк аттарында

желдирип бара жатышкан. Вадилдиктер паашага баш ийишип таазим кылышты. Бирок көңүлсүз ойго чөмүлгөн Мугуба аларды көрбөдү окшойт.

Ээрде да, такта да беймарал көңүлдүү дем алып олтурган Мугуба Ханга таандык ар кандай иштерди башынан өткөрө турганын ойуна келтирип баратты. Хан мамлекетинен келген биринчи элчи Жан Цянга аласа-бересе мамилеси болгонун толук эсинде калган. Элчинин сөзүнө караганда, Даванга төөчүлөрдү, хандыктарча айткандай, ар бир жерди кыдырып алып жана ал жерлерден Кокон ордосу тарапка жөнөп кеткенин укkан. Жан Цянь Хандыгы Даван менен бир гана соода кылгандан башка ойу жок деп ишендиришке аракет кылган эле. Андан кийинки элчилер деле так ушундай пикирде деп ишендиришкен. Акырын хандыктар менен соода мамилелери жолго салынганы да туура. Мугуба бул жылдары көп эле Хан мамлекетине каттай турган Кербен жолдорун бара-бара адам кулай турган тар болуп калганына, аларды кенейтип, дагы бир топ иш чараларды кылды. Ар бир түнөй турган жайга үйлөрдү, куруктана турган жайларды, дарыялардан өтүүчү көпүрөлөрдү курдурду. Шаарлар аралыгына дайым кабарлашып туруучу чабарбандар даярдалды. Бул иштери үчүн Хан элчилери аны көкөлөтүп макташчуу. Алар хан мамлекеттеринин башкаруучуларына да ушундай иштерди кылып жаткандыгы тууралу маалымдашчу. Асман уулу башка майда эл башкаруучуларын да узун Кербен жолун жакшыртыш үчүн үзгүлтүксүз жардам берүүгө аракеттенип жатканын да айтып келишчү.

Өткөн жылы келген корс хан элчисинин өлтүргөнү, өз ара тыгыз байланышты бузду. Кантип, ошондой кан

төгүлүштүн алдын алса болбойт. Мумкун, бул шум кабар, туура болбосочу? Мүмкүн шаарга жолтосоорлор коштошуп чогулуп келгендир? Мугуба дагы эле хандыктар Даванга бастырып келишине ишенбей турган. Ишенгиси да келбеди. Даванга душман келе албай турган, басып ала албай турган мамлекет деген ишенич, анын мээсине синип калган болчу. Так ушул ишенич менен ойюнда жок болуп, өз убагында Ханга элчилерди жиберип, анын аскер күчтөрү, согуш куралдары, алардын башка арам ойлору тууралуу маалыматтарды топтоп, өзүнө билдиришти билбеген. Ал тууралуу Хандардан келген элчилердин гана айтуусуна ишенген. Мына эми өз бармагын тиштеп, аттиң кылып жатканы. Хан аскери кандай куралдангандыгы, кандай башкаруу тартиби, кандай согуш беттешүүсүндө чабыша турган курал-жарактары, адам күчтөрү тууралуу эч кабары жок болчу. Анын бирден бир биле турганы Чинжиндер, анын аскер жоокерлери ат үстүндө ээрге олтура албаганы, атты чаба албаганы, ат каттуу чуркаганда аны башкаралбай жыгылгандары тууралуу бир аз билгени да бар. Алардын минген Хун аттары, Даван аргымактарынан артта калат деген умут кылуудан башка айла жок болчу.

Ихшид (паашасы) өзүнчө хан аскерлери басып алды деген кабар жалган чыкса деген үмүттөн башка айласы жок экени оюнда. Ойлогон сайын оюнун түбүнө жете албады Мугуба. Ушундай ар кыл ой, гүмөндөр ичин титиретти: - эмнеге иниси Нишан агасына атайын кабар айттырууга чабарбан жөнөтпөдү. Мүмкүн ушул убакка чейин эч кандай душман аскерлери согуш кылганы тууралу аныктаган

маалыматты билбесе керек. Шаарга Чэ Лин элчилеринин өлтүрүлгөн адамдардын кийимин кийип алган жолтосоорлор деп ойлоп жаткандыр да? Аларды тым-тыракай кууп жок кылуунун ордуна коркконго кош көрүнөт болуп пысып жатып, бир чабарбанды жөнөтүп коюп өзү көргөнү жатса керек?

Мугуба Эршиге, өзүнүн Арк сарайына алдын ала кабар кылбай туруп кирип келди. Нишан агасы келе жаткандан, акыркы жолу дем алгандай, кабар укканы үчүн аны бийик чоң боз үйгө окшогон эшик алдынан тосуп алды.

- Туурабы ушул? – саламдашбай сурады Ихшид (Мугуба).

- Ооба, туура окшойт...

- Эмнеге мага кабар бербединг?

- Бул тууралуу мен...адамдардын оозунан...уктум – дудаланды Нишан.

Ал жакка жиберилген чабарбан жеткидей болгон жок.

Ошол кезде жетип келген чабарбан аттан ыргып түшүп: - шаар Чинжиндер колунда деп кабар бериштн.

Мугуба да Нишан да чабарбандан эч нерсе сураган жок. Баары түшүнүктүү болду.

Мугуба бети менен сакалын кайра-кайра сылап турду. Ал каттуу бошошуп, ичкерки чоң бөлмөгө кирип баратып, өзун жоготуп эшикти кармап калды. Оң колу бек Мудтой Мугуба менен бирге келген эле. Ал Мугубанын артында калып чабарбандан сурады:

- Дагы эмне билесинер?

- Алардын атту аскерлери шаар четинде шимшип турушат экен. Ал жактан качып келгендердин сөздөрүнө караганда, туш келген Давандыктарды

тутуп алып, кайсыл жерде эгин, аттарга жем, чөп бар деп айттырып, кыйнап жатышат имиш. Адамдардын жылуу кийимдерин да тартып алышыптыр.

Мудтой ичкери кирип, Ихшид (падыша) жанында турду.

- Мен дагы ушундай деп ойлогонмун – деп жаткан болчу инисине Мугуба. Экөөбүз дагы бул көпчүлүк жолтосоорлор деп ойлоп калчу экенбиз. Андан кийин Мудтойго карап: - кана, кандай кылуу керек?

- Баардык шаарларга, кыштактарга чабарбандарды жөнөтүшүбүз керек. Бектер бул жакка чакырылсын. Жасоолдорду жөнөтүшсүн, өздөрү эртен бул жерге кенешке жетип келишсин. Нишан өзү жиберген чабарбан кайтып келишин кутуп, кеңеш өткөргөнү ойлонбогон экен. Мугуба инисинин кылмышын дагы бир жолу билбестикке салды. Кийинки күндөрү Давандын бардык шаар, кыштактардын бектери чогулушту. Кеңеште кыска бир маселе болду. Давандыктардын ар бир үй бүлөсүнүн ичинен бирден кишиси, үч күндөн кечикпей Кокард ашуусуна жетип барышы милдет. Ихшид Мугуба өз тактына кайтып келишине алар жоо жолун тосуш үчүн эртереек барып кошулуштары керек. Жөнөтүлүп жаткан аскерлердин ар бир он адамга бир үй, баарын камсыз кылуу үчүн бир айлык азык-түлүк даярдашы шарт эле. Селат (шамдагай) беги өзү миңдеген жоокерлери менен Кашкар жолунан үч күндүк ары жагына жиберилиши зарыл. Чакырылган аскерлерге жузбашы, ондук башчылары менен шаар бектеринин өздөрүнүн жоопкерчилигинде деп дайындалды.

Согуш кошун башчысы, миңбашылар, бектер, алардын балдары, инилеринен дайындалышы керек.

Он миң жоокер башчыларына – орто кенешчи дайындалат. Бирок буга чейин адаттагыдай Аскер башчысы дайындалчу. Эски салтка караганда тез убакта падышанын өзү же анын инилеринен бири согуш башкаруучусу болушу керек. Эгер падышанын жакын туугандары арасында ылайыктуу адам табылбаса, падышага жакын, ишеничтүү бектердин бири шайланат болчу. Бирок башка уруудан чыккан Аскер башчы так оордуна калууга аракеттенген мезгилдер да болчу. Буга эч качан жол коюга болбойт. Себеби, такты башка бирөөгө алдырып жибериши душманга эне топурактан кууп чыгарылыштан айырмасы жок эмес. Бул жагынан Мугубанын тактан көңүлү ток эле. Анын өзү да, иниси да, уулу Мугулан да согуш аскеринин башкаруучусу болуп дайындалышы мүмкүн. Алар негизи эч кимге берип коюшпайт. Чамасы Мугуба согуш аскерин башкарууну колго алышка ойу жок. Мындай жоопкерчиликти же инисине, же уулуна тапшырат окшойт. Демек, кимисине? Бектер падышанын максатын билише албай жатышты. Мугуба ар дайым жалгыз, өзү менен өзү ойлонуп жүрчү. Анын эреже, чечимдери пайдалуу болгон кезде бектер Мугубаны көкүрөктөрүнө көтөрүп макташчу. Бул жолу да Мугуба туура чечим чыгара алабы экен?

Мугубага жана үчөөсүнүн чечкиндүүлүгү, эки падышанын эрежелерин бириктирип бир максатка жолдомокчу! Ошону үчүн да бул аскер кошун башчысы болуп Нишан аткарса дурус иш болот. Ал так ээлөөчү, демек, агасынан, Мугубадан, кийин так ээси болмок. Баш ийдирүү колго тийе турган такты катту сактап, коргоп, жан дили менен душманды кууп чыгат.

Мугулон болсо Мугубанын ишенген уулу, Нишандан кийинки так ээси катары, мураскорлукту көрсөтүп, такты колдон чыгарбас үчүн да катту аракет кылышы мүмкүн. Ошондуктан Мугуба ар кайсыл бектердин жүрүш-турушун, согушта көрсөткөн эмгектери, арадан кандай чыккынчылар боло турган ар кыл көрүнүштөрдү бирден көз салып турушу эң негизги максаты.

Мына, жакында эле Мугубанын чоң атасы, ак сөөк урууларынын башчысы доорунда, ал улуу заттын эң терең ойчул тууралуу жылдыз гана жер баш ийичүү, чогуу жашоо заманда өзүнчө мамлекет болуп шаттанды го! Аргу шаарынын башчысы он колу бек Мудтой таккa олтуруп алышка ойу жок деп ким айта алат. Согдиейлерчи? (Ферганадагы тажик тилдуулор) алар ар дайым ажырап чыгып, өз бектеринен бирөөсүн хандыкка көтөрүп, чек ара тосмосун же болбосо, Давандын эң жакын шаарынын борбору кылып алууну көздөп жүрүшөт. Тоочулор ушундай кийинки элүү-алтымыш жыл ичинде көбөйүшүп алган уйгурлар, жакында келип калган башка улуттарды, аралашма аргындарды да колдоп кубатташып, бир нерсеге шылтак кылып, өздөрүнө кошуп алышы мүмкүн. Алар үчүн бул эки тарап тен бири-бирине окшош. Эгерде ортодо так талаш болбогондо аристойлор менен аргуулар бир эл, бир калк болуп жашашат. Аристойлор менен согдийлер ага-ини болуп, бир топ жылдардан бери куда-сөөк болуп аралашып кетишкен. Давандык ала-күрөк угуштар, уруулар, ар кыл элеттер кошулмаларынын падышасынын милдети кол астындагы бектердин тизгинин бошотуп жибербей, бекем кармап, башкарып турушу!

Ошондой кылганда, ошондой болгондо гана душманды кууп чыгарып, такты колдон чыгарбай, мамлекетти алгыр, бейбаш бектерге майдалантып бөлүп жарышына жол койбой, бүтүндүгүн сактап калышыбыз мүмкүн.

Мугуба уругу, балдары, небereлери, чеберелери Даван тагында бышык, узак бийлик кылуулары учурун да ойлоп, баш катырыш керек! Мугубанын сырдаш кеңешчисин, чырмашкан тууганчылык менен чектелип, калганы үчүн иниси агасына каршы болгондугу, жана каттуу кол көтөрүлүшү мүмкүндүгүн ойуна да келтирбеген болчу. Ал Даванга көзүн арткан душмандын уятсыздыгынан түрдүү бектер тарабынан да эмес бир карындан талашып талашып түшкөн ага-ини, ата-бала ортосунда талаш-тартыш болуп калышын эч ойуна албас эле. Эң жеңилдигинин себеби, так ээси кылып белгилеген иниси Нишандын, ата-бабалар тартибин урматтабай кыянат кылышына жетет деп ойлонуу мүмкүн беле, Мугуба?

Кеңешти узак кылып убакыт кетирбей душман баскынчылыгына Нишанды кошун башчысы кылып дайындашты. Аргу шаарынын башчысы оң кол беги Мудтойдун туңгуч уулу Чагырбекти, кеңешке катышкан бир топ бектердин колдоосу менен Кошун башчысынын жардамчысы болуп дайындалды. Ал Аргууда кылычта машыккан кыйындарынын бири, уучулукта каман атыш, учкан куштарды атыш, ар кандай жактан таанымал тасыккан жигит деп белгилүү болчу. Мудтойдун уулдарына согуш сырларын жакшы үйрөткөнү бул Чагырбектин саркар башчысы болуп иштегени болду. Ал мурда тоолордо үйрөтүлгөн байталдарды, жапайы тоо аттары менен аргын-

даштырып, баштагы узун буттуу күлүк аттар кийин барып барып Асман аттары, тулпарлар көбөйтүлүп аргындашкан деген сөздөн Аргымак деп аталып калган.

Кеңеште жасоолбеги Кундузбекти, Эрши шаарынын беги Сыртланбекти, Мудтойдун экинчи уулу Карчыгайбекти, жана төрт бекти али топтолбогон кошунга түмөн башы (он миңдик башчы) деп дайындашка макулдугун берди. Кошун башчы Нишан, ошондой эле Чагырбек, Кундузбек, Карчыгайбек кеңеш бүтүшү менен бир кече күндүзү топтолгон бир аз кем жоокерлерди баштап Когарт ашуусу тарапка жөнөп кетишти. Калган эки миң жоокер топтолуп алардын аркасынан барып кошулуш керек. Бүтүн Даванга келүүчү душмандарды шаарга жакындатбай, Көгарт ашуунун ар жагынан – Өгүз дарыясынын боюнда токтотуп калыш, кандай болбосун душманды Эршиге киргизбей коюга бел байлашты. Кошун башчы Нишан шаарды басып алган Хан душман аскерлерин келишин күтүлгөн чоң Көгарт ашуусу менен жүрдү. Аны менен бирге Кундузбек да бара жатты. Эки миң жоокер башында Чагырбек иниси Карчыгайбек менен Селат аркылуу Ойтал-Алайкуу жолу менен барышты. Аларга Селат бегинин миң жоокери да кошулду. Чагырбек Кашкар чек арасындагы Алайкууга чейин жетип барыш керек болчу. Бирок, анын ойунча душман сөзсүз Көгарт жолу менен жүрүшү мүмкүн, себеби анын жакын жолунан тышкары ылайыктуу дагы. Чагырбек ар кандай мүмкүнчүлүккө каршы бир миң жоокер менен Селат кыштагына жакын айылга келип токтоду. Мындай кылыш милдетин таза аткарса, Шихит кыштагынын жогору жагындагы тоо ара-

сындагы, сокмо жолдор аркылуу тез жүрүүгө ыңгайлуу. Көгарт жолуна өтүп алып, нак душманга каршы кирүүгө ылайыктуу болот. Нишандан көрсөтмө алганда Чагырбек, анын максатына каршы эч нерсе дебеди, көрүнүктүү тажрыйбасы баса жогору адам менен тартышты туура көрбөгөндүктөн өз билгенин жасады. Кала берсе Кошун башчысынын буйругуна каршы чыгыш, алардын ачуусуна тийип, балээге калыш эмес. Алайкуу жолундагы жоокерлери согушта беттешүүгө катышпай калсын деген максатта Нишандын ойу, атайылап аны өзүнө ары жакка четтетүү болгон эле. Чагырбектин ойуна да келген эмес. Нишан Хандыктарга каршы көп күчкө ээ болушун да каалабаган. Эгерде согуш жоокерлери душманды жеңишсе, ойлоду Нишан, бүтүн Давандыктар мени макташып, наам даңкым ооздорунда эле кала берет. Бирок, бул менен тагдырым өзгөрбөйт, баштагыдай эле кала берет: Мугуба өз иниси менен мактанып, ошол такта олтура берет. Мен баштагыдай эле Мугубанын өлүшүн күтүп олтура бериштен айлам жок.

Хандыктардын көпчүлүгү да капа. Ошол абалында хандыктар Нишан менен эч качан эсептешпей коюшу мүмкүн, такка эпчил, сөз угуучу, аткаруучу бектерден бирөөсүнө өткөрө коюшу да мүмкүн. Демек, ушундай кылыш керек. Шенбиндердин колу бир аз жогору келсин да, алардын өздөрү тынчтык келишим түзүүнү кабыл кылсын. Ошондо гана Нишан такка олтура алат! Андан кийин Нишан Хандыктар сураган аргымактарды жана башка нерселердин баарын берет. Ал Асман уулунун улуу башкаруучулугун мойнуна алат да, Шенбиндерди солкулдатып тойгозуп туруп, узатып

коет. Мейли, хан өкүмдары аны «уулум» десин, анын эмнеси жаман?!

Бирок, ушул убакка чейин хандык убада кылгандардан кабар жок! Ал кызматка кабыл кылган, элчилер арасынан качып калган аймокчу Чинжин да деми чыкпай, дайынсыз? Акыры ал хандыктардын ишеничтүү, алар менен Нишан ортосунда жакшы мамиле бар эле го! Анын, Нишандын өзүмчүлдүгү, өз эрктүүлүгү менен хандыктар эмне кылмакчы, алардын келечекте кандай эрежелерин билип алышы зарыл!

Нишан «ишеничтүү кызматкерин» алдына чакырып, буйрук бергендей:

- Өзүнүн адамдарынын жанына барып, бардык нерселерди билип келсең? – деди.

Түндөсү хандын эки ишеничтүү жоокерлери менен жашырынып шаарга жол тартты. Бир жумадан кийин, ал түн ичи, өзү жалгыз Нишандын чатырына келди.

- Сүйлө? – деди кабатырланып Нишан.

- Бизге келүүчү душмандар кышты ушул жерде өткөрө турган болду. Бул жакка жазда келе турган болду. Кошун башчысы Цзян Цзюнь Ли Гуан- ли келиптир.

- Дагы эмне болду?

- Шэнбиндерге тамак-аш жетишбей жатат, - бул тууралуу Нишандан жашырбай айтууну туура деп билдирди. Бирок, айтпаса да жакында баары бир жакын арада билинет, «кожоюну» ага ишенбей калат болчу!

Бул кабар Нишанды канаатандырды.

Хандыктардын жоокерлери көп, аларга тамак –аш жетишбей жаткандыр. Демек, алар менен келишим түзүп, тил табышы мүмкүн!

- Сени менен бир жоокер кеткен эле, ал кана?

- Алар ууланып калышты. Эски тамак жеп алышкан окшойт.

- Туура кылыпсың, бар деминди ал!

- Бул сөздүн баары эмес?

- Дагы эмне дейсиң?

- Мына бул сизге.

Ал кичине түйүнчөк шайы оромолчону колуна кармап турду. Аны жайып Нишан жогоруудан ылдый карап, сызылып жазылган тамгаларды көрдү.

- Бул эмне жөнүндөгү кат?

- Бул жазылган буйрук! Даван такты сизге берилгендиги тууралуу. Буйрукту Асман уулу атынан Цзянцзю Ли Гуан-ли жазган. Нишан жазылган тамгаларга суктанып карады, кыйшык-буйшук жазылганына күмөндөп, бирөө көрүп калбасын деп кийиминин ички чөнтөгүнө салып койду. Такка тездик менен олтурушка ар кандай амалдарды колдонуп, басып келген душмандын колунан эмне нерселерди гана күтпөстөн ала турган болуп калды. Нишан чоң хандыктар кошун башы Даван такты өзүнө өткөрүп алууга аракетин көрүп туруп, күмөн албай калган болчу. Эгерде душман кылган, ушундай мезгилде, Нишан эл-журтун душмандардын бутуна тебелетип, баалуу топуракты булгап, бышыктап койгон мамлекетти талкалап болсо да такка олтурушту максат кылып койгон. Ал Ихшид (падыша) уруктарын, Өгүз ата чеберелерин душманга тизе бүктүрүп, керек болсо, боорукер агасынын өлүгү үстүнөн жүрүп өч алмакчы эле.

Эгерде Кошун башчы чыккынчы болгондо, ал шаардагы абалды толук үйрөнгөндө эле, Давандын

тетик аскери чарчаган, жупуну, курал-жарак менен камсыз кылынбаган, руху түшкөн жоокерлер жылан изиндей аран келтириши, жана Асман уулунун Даванга аскер жибериштен алдын «жакшылап ойлоп көрө турган» кылып коюшу мүмкүн эле. Нишан Эршиге жиберген маалыматта «Хандын аскерлери шаарда кыштоого мажбур кылып жатабыз, азыр согуш кылуу орунсуз, көп жоготууга алып келет, аран кыштан чыккан жупуну, күчсүз жоокерлер менен жазда салгылашып, аларды өгүз кыргактарында жолугушуп, дарыя сууларына чөктүрөбүз, биз албетте женебиз» - деп Мугубаны ишендирди.

/Он бешинчи бөлүм/

АЙЛАСЫЗ КҮЛКҮ

Күндөр өтүп жатты. Жулбарс Ботокөзгө айтып, жалынып-жалбарып, башка жол жоктугун ишендиришке аракеттенди. Бирок, бары бир Ботокоз ага аял болушуна макул болбоду. Ботокөз бул уйгурдун жакшы адам экендигине ишене баштады. Бирок анын бошоңдугуна таң калчу. Эмнеге Ботокөзгө Жулбарсбек зордошко аракет кылбай жатты? Кантсе да алар бир бөлмөдө, жакын жатышат, бир кийиз үстүндө түнөшөт. Мүмкүн аялзатка жараксыздыр? Башкаларга аял менен жашап жатам деп айтыш үчүн гана көрсөтүш үчүндүр? Күтүлбөгөн ойго келген келген бул ой, Ботокөздү сүйүнтүп жиберди, көңүлсүз болсо да жылмайуу пайда болду.

Шаар дарбазасынан кирип келгенден бери, өткөн бир ай (анын ойунда бир жыл өткөндөй болду) ичинде Ботокөз биринчи жолу жылмай-ганын эстеди. Ошол күнү жолдо Ботокөз абдан көп күлгөн мезгилин ойлоп көрдү. Камчы, жолдошу, ага ар кыл азил-тамаша айтып күлдүрчү. Көп күлгөндүн пайдасы жок да? «Ашыкча асал-акыры касал» деп бекер айтышкан эмес. Ээх, кайсыл жерде экен Камчы? Чын эле тирүү эмессиңби? Ботокөз өмүр бою ага кыянаттык кылбайт. Жакшы, дагы Кудайдын буйругу менен, мына уйгур жараксыз болуп чыкты. Ботокөз ошон үчүн да көңүлдүү жүрөт. Эгер Жулбарсбек куткарып калбаганда, анын абалын ким билсин, кандай болмок эле? Кеч киргенде, күндүзү

деле алардын жанындагы үйлөрдө жоокерлер кыйнаган аялдардын ыйлаганы, «дат-байрат» деген үндөрдү Ботокөз угуп турат Жулбарсбек ага болгон ишти туура айтып жатты. Ушул уйгур болбогондо, качан эле анын намызы булганмак, же өлтүрүлгөн болот эле, ал эч качан балдарын көрбөй калмак. Ботокөзгө ар кыл ойлор келсе да, анчалык түйшүктүү сезилбейт. Кыштын суук күндөрү да келди. Очоктон казан түшүрүлгөндөн кийин, көп өтпөй үй ичиндеги ыссыкты сырттагы суук тартып кетти. Түнү бою бурчекте чокчоюп отуруш же кийиздин бир четине кымтынып уктаган азапка айлана баштады. Үйдүн ичинде бар болгону эки эле төшөк, тилмечтин чапаны эле бар. Кийиз өтө эле эски болгондуктан жылуусу деле жок. Ышкырган кар жааган түнү ачык айнектен шамал кара чыракты өчөрөп койду. Караңгыда Жулбарсбек унчукпай эле Ботокөздүн билектеринен кармап өзүнө тартты, аял каршылык кылбады. Ошондон кийин Ботокөз узак түндөрдө Жулбарсбектин башынан өткөн, көргөн кордуктарын угуп, түн кыскартып жата турган болду. Ал көп нерселерди көргөн, сөзөмөл, сырдаш болду. Жулбарсбектен Ботокөз өмүрүндө биринчи жолу Хандар, Хундар, Кяндар, күн чыгыш тараптагы башка элдер тууралуу, алардын үрп-адаттары тууралуу, Чинжиндердин сүт ичбегени, Кяндарда аялдары бир нече эркектер менен жашаганы, Каракур тоосунун артында жалаң эле аялдар бийлик кыла турган калк бар экендигин, баарын айтып берди. Жулбарсбектин айткан сөзү менен Ботокөз Хундар илгери Чинжиндер басып алган жерлерде жашагандары, башка бир топ нерселерди укту. Бул кишиге бекерден «Билка» деген лакап

көбөйгөн экен деген ойго келди. Тилмеч ушул лакапка ылайык экендигине дагы бир жолу ишенди.

Ал акылы менен иш тутуп, Давандык аялдын калпына тийиштик кылбады жана кандай аялга дечи? Жаш, өндүү-түстүү, сулуу десең сулуу, бойлору келишкен, керилген, кашы көзү жаркылдаган, күлсө күлкүсү жарашкан, суйкайган, атына заты жарашкан Ботокөз аялдык намысын сактай алды. Мейли, ал туң аял болсо да! Жаныңды тажаткан туугандан соң Ботокөздүн да балдарын жандарына алып келишет. Ботокөз Жулбарсбектен дагы уул-кыздар төрөлөт! Экөөсү бирге өмүр сүрүшөт. Ботокөз жоголгон жолдошу менен өткөргөн күндөрүн түшүндө көргөндөй эстеп жүрө берет, кийин бүтүндөй унутуп да калат. Жулбарсбек да кирлерин өзү жуубай, тамак-аш жасабай, үй-бүлөлүү, ынтымак жашаган адам-дардай, бактылуу жашоо өткөрүп.

Өмүр бою Ботокөздүн көзүн карап калат го!

Тоолу жерде кеч баштала турган жаздын келиш менен Хандык аскерлер жол жүрүшүнө аракеттенишип калышат. Балдары менен да тез арада жүз көрүшүп калышат. Ботокөз да балдары менен көз көрүшүп калууну үмүт кылып, кыйла өзүнө келип калды. Жулбарсбек адаттагыдай, күн бою ар жакта жүрүп турчу, анан тез шашып келип: - «атараптагы бары жокту тытмалап чыкты, топтолгон топ да бир да ат табылбады» - деп койду. Бүгүн, түшкө жакын келип, сүйүнүчтүү мындай деди: - Аскер жоокерлери аркага кайта турган болушту! Цзянцзюнь өткөргөн чоң чогулушта ушундай, биз кайра кетебиз деп чектик деди.

- Менчи?– шашып- бушуп Ботокөз сурады.

- Эр кайсыл жерде болсо- аял да ошол жерде болот да! – толук ишенич менен жооп берди Жулбарсбек.

- Жок, эч качан! Өлсөм да ал жактарга барбаймын! Кыйкырып, ыйлап жиберди Ботокөз.

- Тынчтан! Аскерлердин аркага кайтып кетиши жакшы эмеспи? Эл-журтунда тынчтык орнойт.

Балдарын аман калат. Эсенчилик болсо барабыз.

- Мени алдап жатасын.

- Сени алдап эмне кылам. Хандыктардын аскери тамак-аштын, кийим-кечения жетишпестигинен, дарманы куруп, арыктап араң басып калган. Алар азыр бир кадам алдыга басып уруша турган алы жок. Эмне, душмандар силердин жериңерди басып алып, тууган-уруктарынды дагы өлтүргөндү каалайсыңбы?

- Мен эч нерсе каалабаймын! Үйүмө барсам, балдарымды көрсөм болду.

- Азыр биздин эч кандай мүмкүнчүлүгүбүз жок! Сени ал жакка жөнөтүп жиберишбейт. Биздин тилмечибиздин аялы баары жокту билет, барып айтып коет деп сак болушат. Жулбарсбек өз иштери менен Аскер жетекчилигинин алдына барып кайра келгенде, жаткан жайынын эшиги жабык экен.

- Эшикти ач! Эмне эшикти бекитип алдың?

Жооп болбоду. Жулбарсбек эшикти тээп, сындырып кирсе, караңгы бурчта Ботокөз көрпө төшөктөрдү ороп туруп үстүнө чыгып, бийикке туруп асынып алышка аракет жасап жаткан. Ал эмне кылмакчы? Эмне жооп бербейсиң? Жулбарсбектин жүрөгү түштү. Ботокөзгө бар боюн таштады. Анын мойнундагы жипти алып таштады да, аялды көрпөнүн үстүнө жаткырды.

- Эмне мени куткарып жатасын? Мен туткун болуп жашагым келбейт.

- Жакшы да өз убагында келип калдым, бактындан айланайын! Эгерде бир аз кечиккениде, өмүр бою сенден айрылып калат элем! Анда мен да сенин жанында асынып алат элем. Жулбарсбек Ботокөздүн бети башынан өөп баштады. Ботокөздүн бетине шолоктоп ыйлаган көз жаштары куйулганын сезди. Аны деп эркек кишинин жашын тогуп ыйлаганын биринчи жолу көрүшү, же дагы тирүү калганыбы, тилмечтин ушундай боорукерлигин билдирдиба, Ботокөз анын мойнун бекем кучактап ыйлап жиберди.

-Башка андай кылба? Жулбарсбек жалына баштады. Жер бир аз кургасын, кербендер каттай баштасын, Чинжиндер менен бирге силер жакка кайтабыз. Сөз берем, сени алдаганым жок, алдабайм да!. Кийин мүмкүнчүлүк табам, сени менен албетте Даванга кайтып барабыз.

Кана, мага карачы Ботокөзүм! Чын эле көздөрүн укмуштуудай, өзүн сулуу, атыны да таап койгон экен!

Хандыктардан согушта өлбөй калган аскерлер Жунгуга сүдүрөлүп келе жатышкан эле. Кырчангы эшекке миндирип койгон тилмечтин аялы Ботокөз, тилмечтин жүктөрү артылган чолок качырлар катарында баратты. Эми ал өз макулдугу менен Жулбарсбектин жоопкерчилигине артып койгон эле. Эмне десе ошого моюн сунду. Кандайдыр анын ички сезими Ботокөзгө ал туура сөз, кичи пейил, боорукер, эмне десе аткара турган элпек Камчыдан да артык көрө турган болуп калды. Камчы менен болгон мезгилде Ботокөз, Даван аялдары сыяктуу эле чорт кесер, эрке аял эле. Бул жерде ал өзүн таанылбаган

Ботокөз, өзүн капаста камап койгон куштай сезет болчу.

Бул капас аны тышкы коркунучтан сактаган, бирок туткун кылып койду. Ал каалаган ишин кыла албаган, көңүлүнө келген сөздү да айталбаган. Эшектин үстүндө, жыртык-журтук төшөктүн үстүндө отуруп кеткен Ботокөз өксүп, көз жашын төгүп ыйлап кетти. Кана эми өзүнө келип, эч кимден, эч нерседен коркпой турган болуп чыйралды Ботокоз. Азыр ал кырчанкы качыр эшектин үстүндө начар, башы да, бар дүнүйөсү караңгы, жалгыздык, жокчулук ичин тыздатып бараткanda болор-болбос нерселерге тез эле көз жашын төгүп жиберишке даяр эле. Өз ойунда карып, бөкчөйүп калгандай сезчү эле.

Өткөн жылы, жазында Сары ажыдаар сүрөтү тартылган байрактар желпилдеп, Даванга согуш жүрүшүн баштаган он чакты жоокерлерден экөөсү гана араң тирүү калган эле. Суйулуп, араң калган, жупуну аскер калдыгы чек арадагы Дунь-хуан кыштагында токтоду. «Эрши баскынчы» согуш ишеничин актай албаган Цзянцзюнь Ли Гуан- ли Жунгуга келип дем алышка батына албады. Ал ушул жерден туруп Чаньянга узун жазма кабар жиберди. Жооп келбегендиги милдеттерибиз оорлошкону, бул жерде узак токтоп калышыбыздын себебин көрсөт-көн.

Арадан көп өтпөй Цзянцзюнь Асман уулуна, Даванга жаңыдан согуш күчтөрүн күчөтүп жибериши жөнүндө чечилиптир деген сөз таркалыптыр.

Ботокөздүн оюндагы өчүп бараткан үмүт, учкундары дагы жангансып кетти, ал өз эли журтуна кайтып барыш максаты менен жашап жүрчү. Ушул күндөрү Ботокөз өзү, балдары тууралуу көп ойлоно турган

болду. Хан аскери Даван үстүнө жаңы согуш башташы Ботокөзгө балдары менен көрүшүүнү элестетчү. Бирок бул баскынчы элдин башына кандай бактысыздыкты алып келиши тууралуу ойлобой жаткандай эле. Ботокөз кыйла өзүнө келип, баштагыдай кооздонуп, тилмеч таап келген кийимдерди кийип, чачтарын майда өрүп ага ушундай үйрөнүп калгандай. Үйгө убагында келбесе, зеригип сагына турган болуп калган. Анын Камчыга болгон сүйүүсү кыйла муздай түшкөндөй болуп калды. Бирок балдары, төрт жашар кызы, үч жашар уулуна болгон мээрими эч качан соолубайт. Күндөрдүн биринде Жулбарсбек Ботокөздү өзүнүн эски досторунун бирине мейманга алып барды. Ал дагы Хандарга тилмечтик кылат, өзүнүн жердештеринин бири менен Дунхуанда жашайт. Ботокөз үч эркек менен жашаган өзүндөй жаш аялды көрдү. Ушул күндөн кийин Ботокөз Камчынын, эгер ал тирүү болсо, өзүн күнөөлү деп сезбей калды. Кяндардын башта уятсыз көрүнгөн адаттары эми Ботокөзгө үйрөнчүк адат болгондой сезилди. Ботокөз жаны тийген күйөсүн Камчыга окшош жактарын карай баштады. Аялдын жашоосунда тилмеч да Камчыдай күчтүү, келишкен, салмактуу эле. Ботокөз Бургутдун да күйүп койгондой Камчыга окшош кайратуу экенин эстеди. Жулбарсбек да алдап-салдаганды билбеген жери да Камчыга окшойт. Жулбарсбектин жашы Камчыга да Бүргүткө да караганда бир аз улуу. Ал көп нерсени билет, көптү көргөн, көп башкаруучу адамдар менен сүйлөшкөн киши. Эгер Камчы тирүү болгондо алар да Кяндардай болуп Жулбарсбек, Ботокөз, Бүргүт менен да жашай берсе болмок. «Ай ий, эмнени ойлоп жатам өзү, шерменде го!» - деп жиберди. Тооба, тооба! – деп

кыйкырып жиберди ал. Кийин дагы жаман ойго берилди! Эркектер аял заттын жанында бузукулук бар, деген сөз чын болсо керек. Оо, уятсыз! Эгер Камчы тирүү болсо, Ботокөз анын жанына барат, аны менен жашап калат. Жулбарсбекчи? Ботокөзгө ушунчалык берилип, сүйүп калган, өлүмдөн сактап калган байкуш эмне болот? Ал байкуштун бул дүнүйөдө Ботокөздөн башка эч кимиси жок! Ботокөздүн ойлору аралашып, көздөрү караңгылашып, башы айланып, өзүнүн боюн кийизге таштап, бүлкүлдөп ыйлай баштады.

Демек, - Ченсян Гун-сунь Хе Цзянцзюнь Ли Гуан-ли согушта болуп өткөн жаңылыктарды, акыркы сөзүн бир аз ылдыйлатып, дудаланып, окуй баштады – жоокерлер беттешүүдө, жаанын огунан, кылычтан өлгөндөн да көбүнчө ачкачылыктан өлүштү. Аз сандагы жоокерлер менен Даванды баш ийдире албады! Ушул убакка чейин кыймылдабай угуп олтурган У-ди кандайдыр тынчсыздана баштады, же жөтөлгө, же аба жетишпей буулгандай болуп жатты. Таң калган Гунь-Сунь Хе Асман уулуна карап койду да, көздөрүн жерге түшүрдү. У-ди тамагына тыгылып келе жаткан абаны акырын чыгарыш үчүн ээгин көтөрүп кыркырап калды. Гунь Сунь Хе, Ли Гуан-ли Асман уулу менен үстүмдөн күлүп жатышат деген ойго келди. Бирок, У-ди азыркы абалын көзү өткүчө ачуусун Чен-Сяндан жашыра албады. Гунь Сунь Хе Асман уулунун мындай өзүн токтото албай калганын биринчи көрүшү эле.

У-динин өтө каттуу суук тийгени кайда кетти? Гунь Сунь Хе так өзү көрбөгөнү менен окумдардын мындай оорлошконун үчүнчү жолу болгонун жакшы билчү. Биринчи жолу Асман уулу, ошол ооматы

келбеген Ли Гуан- ли тоо этектеринде, Хундар курчоосуна түшүп калып, кол астындагы хандыктардын аскерлеринин чоң өлүмгө учурагандыгына себеп болгон. Экинчи жолу бүгүнкү күндөй аба жетишбей буулгандыгы ушул жылдын жазында Жао-По-нун жетектеген аскерлери жыйырма миң кишилик жоокерлер Хундар тарабынан колго түшүрүлгөнү тууралуу кабар келген учурда болгон. Ал мактанган Согуш башчысы да душмандын күч-кубатын билбей туруп, Хундар жеринде бир топ ичине кирип алышып, курчоого туш келип калышкан экен. Анын жоокерлеринен эч ким кайтып келген эмес эле. Өзүнө артыкча ишенич ушундай абалга алып келет. Жао-Пунун мактанганы, сыйды көтөрө албагандыгы. Ал башта Ло Улан, Гуш өлкөлөрүн баш ийдиргени үчүн алган төш медалдарды алгандан кийин баскан турганын байкабай калды. Мына эми ооматсыз Ли Гуан-ли коштоп Даван аргымактарын айдатып келмекчи адам, Дунь Хуандан кулач-кулач кабарларды жөнөтүш менен арап калды...

Күн батыш башчысына чабарбан жөнөтүлсүн! Алардын курал-жарактарына жакын келе албаган ар бир коркоктун башы алынсын! – деп өзүнө келген У-ди кыркыраган тамагы менен буйруду.

Бардык жерде, Даванга басып алуучулардын жеңилип калышы тууралуу ар кыл миш-миштер таркады. Баскынчылардын мал жылы түштүктү карай баскынчынын жүрүшү, Жан Цяньдын ошол күндөрү көз жумушу да ооматсыз! Баскынчылардын бештен бири арап келиптир, көпчүлүгү ачкачылыктан өлгөн имиш, канчалары согуш учурунда каза болушуптур. Бул иштери үчүн согушка баштап барган кошун

башчысы Лигуан Ли асылат имиш. Мындай миш-миштер бүтүн Асман тагына таркалган болчу. Асман уулунун узун кулак текшерүүчүлөрү бир да миш-миш айткан айыпкерди кармай алышбады.

У-ди «ушакчыларды» бир жакшыл кылып, өзү дагы баштакыдай ооруй баштады. Ошол күндөрү Асман уулу өзүнө эч кандай адамды кабыл албай жаткан. Өкүмдардын ушул учурдагы окуя тууралуу кандай чечим чыгарышын баары күтүп жатышкан. Айрыкча, Ли Гуан-ли кыл учунда эле, себеби анын тагдыры??? Бирок ишенген жээни Ли Ши ханышанын да азыр колунан эч нерсе келбейт го?... Ли Гуан-ли айыбы үчүн жардам сурабас болчу, аны бир гана Асман уулу согуш учурунда болгон негизги айыптын эмнеден башталганы: ачкачылыктын себептерин, азык-түлүк менен камсыздандырыш милдети жана башка себептерин так түшүнүштө калды, жөнөткөн элчилер айткандай Даван мамлекети күчсүз эмес экендигин түшүндүрө алышбагандыгында чоң каталар болгонун мойунга ала алса. Кеңешчилер Асман уулу олтурган жайда кеңеш өткөрүүгө чогулушту. Анда бир топ жетекчи бийлер катышты. Бирок, бир гана Ли Гуан-ли жок эле. Ченсян Гунь Сунь Хэ У-динин көрсөтмөсү менен кеңешти ачты. Асман уулу кеңеш мүчөлөрүнүн, башка башкаруучулардын ойлорун билмекчи эле. Даванга жакында дагы аскер күчүн жөнөтүш керекби же кереги жокпу?- деди ал. Эч кимден сөз чыкпады. Чень Сянь Дунго Сянь Яньга сөз таштады. Сарай иштеринде кыйла тажрыйба арттырган, дөөлөттүү бир жетекчи оордунан турду да, аркага эки кадам таштап, У-диге ийилип таазим кылды: - Асман тагынын өнүгүп-өсүп, гүлдөшү үчүн соода иши өтө зарыл, бирок кербен

жолдорунда кыйынчылык азайбаса, соода маселеси тууралуу сөз баштоонун кереги жок. Бир гана жолдорду оңдотуш, жолдо каршылык кылгандар үчүн атайын жолго көз салып турган аскер бөлүгүн түзүү керек. Көптөр ал тууралуу эмне айтып жатканымды түшүнүшбөйт. Даванга каршы жүрүштү башташ керекби же жокбу? Каттуу кайратчан Дон Гуан оордунан турду. Элүү жаш чамасындагы бул мансапкер ише аттуу чорт кесер эле. Ал эгерде, Асман уулу Даванга жүрүштү дагы жөнөтүш ниети болсо, кеңеш чакырып олтурбайт эле. Өкүмдар Даванга жүрүшүн токтотуш максатын чечүүнү кеңеш ээлеринин оюуна салыш болуп турат. Дон Гуан өзүн көрсөтүш, өкүмдар алдында чоң урмат кылуусун далилдеш үчүн дагы ойундагысын билдирди: - чоң көпчүлүк Аскер күчү Даванга каршы жүрүштө бир жылда араң жетип барат. Дан Гуан эч кандай көрсөтпөстөн эле катышуучулардын өткөндөгү жүрүш тууралуу эч ким сөз кылыштан коркконун сезип, болгон ишти ачык айта баштады. Бардыгынын көзү жер карап калды. У-ди эстен кеткен кишидей катып калды. Бул жакшы алаамат болбоду, бирок баары жогун толук изилдеп, тактап, азык-түлүк жеткидей ала-барып, ыссык-суугун билген киши, кийим-кечесин да ала жүрүш керек эле. Бул бизге чоң сабак болду. Бул мамлекеттер менен биз жыйырма жылдан бери соода-сатык мамиле жасап келебиз. Биз аларды билебиз. Алар башкаларга өздөрү тийишбейт, тийишкендин азабын көрсөтө алышат. Алар шамдагай, бойлуу, кең далылуу, ат мингенге өтө чыйрак, ат үстүндө миниш эмес, ал ат үстүндө эңкейип жерден тыйынды да алат, чаап баратып жаа атышып, каалаган жерине, ал эмес учуп бараткан канаттуу-

ларды да атып түшүрүшөт. Аларда жапайы ат менен аргындашып пайда болгон Асман аргымагы деп аталган аргымактары тоо боорунда, өйдө-ылдыйына карабай чуркаган аргымактар ар бир үй бүлөдө, жүздөн саналган ургаачы бээлер, айгырлары бар. Алар үйрөтүлбөгөн, жапайылашкан аттарды кууп жетип, жалдан кармап секирип минип, чарчагыча чуркатып, тез эле нокто, жүгөн кийгизип, токум салып үйрөтүп алышат. Бул тууралуу ар дайым каттап барып турган элчилер айтып келишет, алардын ичинен көрүп, үйрөнүп, үйлөнүп да жүргөндөр бар.

Кеңешке катышкандардын көпчүлүгү бул Даванга жүрүштү токтотуш керек деп айтат деп ойлонушуп олтурушса, ал эмнегедир кайра жөнөтүш керек дегендей ойду айтып жатты. Демек, Ченсянь шыбырап койгон окшойт деп ойлонушту. - Асман аттары бизге абдан кымбатка түшүп жатат – деди Ден Гуандан кийин сөз алган адам,– Даван аргымактарын сатып алабыз деп, өзүбүздүн аттарга жакшы көз салып, аларды да аргымактар менен аргындаштырып, жаңы асыл тукумдуу аттарды өзүбүз дагы көбөйтсөк болот болчу.

Кеңеште башка чыгып сүйлөгөн адам болбоду. Тажрыйбалуу жетекчилер Асман уулу узактан бери аракеттенген Даванга жүрүшүн тез эле токтотуп коюшуна көздөрү жетбей калды. Даван аркылуу өтө турган жолдор хандыктарга соода үчүн эле эмес, келечекте ал жолдордон барып алып, аларды өзүнө багындырыш, ал жердеги байлыктарды, кендерди ишке салып, мамлекетти күчтөндүрүү негизги максаты. Эгерде ал жерлер өтсө, ал жактан көп сандагы кулдар, алтын, эсепсиз байлыктар, канчалаган күлүк

аргымактар, жибек кылуучу нерселер, темир, көмүр түгөнгүс байлыктары. Дүйнөгө белгилүү болгон күчтүү мамлекет орнотулат. Баш ийдирген мамлекеттердин чоң сарайларына хандыктардын жүргүзгөн иштери тууралуу билдирип, мактап, келечекте Сары ажыдаар байрактарын ал жерге желбиретиш. Мындан эч качан баш тартып болбойт!

Ченьсянь-гунь Сунь Хэ кеңеште чыгып сүйлөгөн жок. Демек, бул бир гана Асман уулунун өзү бир нече сөз айтып койсо керек.

- Эгер биз Даванды баш ийдире албасак – салмактуу сүйлөй баштады У-ди, - Хун мамлекеттери эмне деп ойлошу мүмкүн? Биз басып алган Дася, Аньси, башка өлкөлөр бизди тан албай коюшат. Усундар менен Лунт элчилерибизди кабыл кылбай, аларды жакшы тосуп албай коюшат. Башка жердин башкаруучулары биздин үстүбүздөн күлүшпөйбү? Узун жол башкалардын колуна өтүп кетет. Биз Давандыктарды баш ийдиргенден кийин ала турган байлыктардан кур калабыз, бизде эч качан аргымактар болбой калат. Бүт аскер күчүнө жараган жоокерлерибизге жалаң Давандын Асман аргымактарын миңдиришибиз керек. Ансыз Сюнну өлкөсүн толук баш ийдире албайбыз.

Давандыктарды жеңиште да кыйынчылык болот... У-ди сөзүн токтотту. Калган жетекчилер Асман уулу дагы бир корутунду сөз айтса керек деп тынч өлтүрүштү. У-ди дагы кошумчалап сөз сүйлүдү:

- Асман тагы шаан-шөкөт менен бир топ Сюнну кырганча аттарын алмаштырыш максатта Цзянцзюндар кеңешинде ишке ашырыш керек. Сакчылар, Дон Гуан жана аны кубаттаган жетекчилерин тез арада алып чыгып кетишти. Таң калаарлык! Асман уулу

жазаны өзү чечип кое албай, көпчүлүк кеңеш мүчөлөрүнө чечишке койгонун толук түшүнүштү:
У-ди ушул жол менен Даван урушу тууралуу миш-миштерге чек коюууну жана Даванга каршы дагы жүрүшкө каршы чыккандарга көрсөтүш максаты эле. Албетте, эч ким эч нерсеге Асман өкүмдардын чечимине тең боло албайт, аны Асман тагынын согушууга жүргүзгөн аракети бекерден эмес!

Даванга баруучу аскерге кошун башчысы кылып кимди шайлайбыз? – туюк суроо берди У-ди. Баары көзүн жерге салып, деми ичине кирип кетти. Дон Гуандын кармалышынан кийин эч ким бир нерсе деп айтышка батына албады.

– Ийгилик кээде жеңилет, кээде ийгиликке жеткирет – деди жөн гана У-ди. – Эгер биз башка адамды кошун башы кылып дайындасак, ал жолдорду, Даван куралдарын узак убакыт үйрөнүшкө туура келет. Ли ал жакта болду. Даван жолдорунун ыссык суук күндөрүн тартты. Өткөн жүрүштөгү кетирген катааларын, кыйынчылыктарын артка калтырып, жеңиш менен кайтышына себеп болот деп ишениш керек.

У-дин бул чечими да кеңеш мүчөлөрү үчүн күтүлбөгөн болду. Ошондуктан Лигуан Ли кеңешке чакырылбаган экен. Даванга башка адам кошун башы болуп барат деп ойлошкон болчу. Асман уулунун чечимин уккандан соң башка кеңеш мүчөлөрү, баары туура чечим кабыл алды деп билишти. Эгер Асман уулу «Ли бир жолу өзүн дагы, бизди дагы шерменде кылды». Бир жолу ишеничти колдон чыгарган адам, башка жолу андай жамандыкка барбайт деген болсо», бул дагы эң акылдуулук, кечиримдүүлүк чечим десек

болот. Асман тагында ар кандай шартта бир гана киши туура чечим чыгарды, ал да болсо Асман уулу!
Башкалардын милдети тартипти сакташ, урматтоо менен тынч өлтүрүшү эң туура адамкерчиликтин чокусу.

Кийинки күнү Асман уулунун буйругу менен Чаньян уулу жалгыз Тай-и ар багына арнап жети күндүк курбандык мааракесин баштады. Ар күнү курбандыкка арналган букалар, кочкорлор, доңуздар союлду. Алардын кандары согушка бара турган жолдорго чачып боёшот экен. Булардын максаты согуш адамдары барышын душмандын канын төгүлөт деген экен. Курбандык мааракесинин акыркы күнү абдан кубанычтуу өттү. Курбандыкта Асман уулу менен баш көзү ачык, алдынан айтуучу Куан-Шу кошулуп олтурушту. Алардын тийиштүү кеңеш берүүчүлөрү да тизилип олтурушту. Бул жердеги улуу заттардын баары сары түстүү кийимчен эле. Шаан-шөкөт катуу өттү. Ыкчам баскан сөлөкөттүү, катуу мүнөз Шу Асман тагынын «Укмуштуудай жаратуучу» деген байрагын жогору көтөрдү да, анын жоон бутактарынын тикенеги бар саптарын ылдыйга басып, байрак учун алдыга каратты. Шайы чүпүрөктүн эки жагында жибек менен тигилген күн менен ай ортосунда түндүк, чөмүч жылдыздары үчүн да жогору көтөрүлүп бара жаткан Сары ажыдаардын жаркырап турган көрүнүшү турду. Ал байракты ары-бери солкулдатканда Асман тагынын башкаруучуларынын көңүлдөрү көтөрүлүп, кыйкырып жатышты. Даванга! Даванга! Даванга!

Бир нече күндөн кийин аттуу да, жөө да жүрүшкө ар тараптан топтолгон, көп миңдеген Аскер жоокерлери Даванга жол салышты. Так ушул жол

менен баштагы жылы барган Эрши кошундан кемдик кылбаган. Бул жоокерлер баштагыларга караганда көптүк кылат. Алар негизги күчтөргө жол ачып беруучулор. Тайчу доорунун үчүнчү жылы, жаңы коён жылы (102-жылы) хандыктардын алтымыш миң аскер күчү Кошун «Дунху-андан узактагы Асман тиреген тоолор арасындагы жашырын сырдуу Даван мамлекетине каршы экинчи күрөшкө аттанышты. Чабандар, ат чабарлар, ашпоздор, кербен төөчүлөү, качырлар, эшекчилер, соодагерлер, дарыгерлер аскер башчыларына кызмат кылуучулар, башка кызмат кылуучулар эсепке кирбегендер андан көп. Аскер жоокерлерин кандай зарыл иштерине пайдаланыш үчүн жүз миңден ашык өгүздөр, топоздор, отуз миңге жакын аттар, он миңден ашык качыр, эшек, төөлөр, эшекке окшогон аттар ажыратылды. Аскер аркасынан кошумча азык-түлүк, курал-жарак, жаалар жүктөлгөн кербен да бар болчу. Хан тарыхчысынын жазганына караганда Жунгунун элинин жетиден бири Аскер аркасынан бара жатышат! Даванга жол алган баскынчы аскеринин саны жүз миңге жакын болду. Аскер жоокерлеринин миңине миң башы, элүүдөн ашканына саркар башы дайындалган. Кошун аскер башчысы баш болгон жүрүш Яншуй дарыясынан өтүп өтпөй каттуу шамал менен пайда болгон кара булуттар асманды каптап жатты. Аттар, жана башка жаныбарлар туягы астындагы кызгыч топурак чаңы бороонго аралашып асманга көтөрүлүп, кара булутка аралашып, күн нурун жаап карангыга айланып, эч нерсе көрүнбөй калды. Айлананы караңгылык басты. Улуган ышкырык салган карамтыл борон Какшаал тоолорунан ашып, Даван тарапка жылды... Жалтырак саргыч өңдүү кийинген аскер Сары ажыдаар түсү тартылган байрактарын көтөрүп, бороон аркасынан жолго түшүштү. Чаньянда хундарга карындаш урук болгон калк Давандыктарды колдоп коюшу мүмкүн

деп кабатырланышып калышты. Даванга келе жаткан душман аскерине каршы Хундар чек арага каршылык кылуусу мүмкүн деп, алдын алыш максатта бул жерге хандыктар бир жүз сексен миң кишилик аскер алып келип жайланыштырган болчу. Ошондой эле, Асман уулунун күйөө баласы Хунмуга да толук ишенип болбойт. Акыры Усундар Давандыктар менен тууган-урук болушкан! Хундар ушундай Каракумдуктар Алаш чолу аркылуу өтүп, Узун дубалдын бир жагын бузуп таштап, өздөрүнүн эски жердештери Кяндар менен биригишип кетиши да мүмкүн. Ал кезде алар биригип Хандардын аскеринин жолдорун тосуп алышы мүмкүн. Асман уулунун бул жүрүшүнүн тагдыры ушундай ойго салды. Бул күндөрү бүгүн Сарайдагылар тынчтык эмне экенин унутушту.

Түндүктө, узун дубалдын сыртында кийинки жылдары Хундар, тоочулор жана башка аймактагы элдерден тартып алган жерлерин шашылыш, кандай болсо да жаны Цзюнян жана Сючжуй уездерин уюштурду. Жунгунун ички аймактарына бул жерди баш ийдирип, күжүрмөн, мээнеткеч калктарды, ошондой арызчыл, тополоң адамдарды келтирип жайлаштырды.

Жаңы уездиктерди толук куралдандырды. Ушул багытта Хандыктар кыйла узактагы башка жаңы жерлерди басып алыш үчүн жиберилген кошундун коркунучтуу жагын толукташ шылтагында жакын Өздүк калктар – конушу Давандыктар жерин кошуп алышты. Даванга карата баскынчылык жүрүш бүтүн империяны аракетке келтирди.

-Он алтынчы бөлүм-

ТОО ЭТЕГИНДЕГИ КЫРГЫН

Давандыктардын кадимки үрп адаты:

Жалаң той тамашаларда чалына турган кернейсурнайлар доошу бүгүн таң азаңдап кандайдыр бийик жаңырды. Мүмкүн кернейчи давандыктардын ачуу үн менен тамакка бир нерсе такагандай катуу үн чыгарды. Аскер кошундары апыл-тапыл душманга беттешүүгө шайланышты. Илгери белгисиз болгон кээ бир Чинжиндер, кээ бир хандыктар, хандар деп аталган калк эмнеге давандыктарга каршы согушууга күч курап келе жатышат. Бул жердеги тоо таштуу өрөөндөрүндө эмне бар аларга?! Узактан Акбуура сайы тараптан майданга кирип келе жаткан душман Хан аскер кошунунун бир бөлүгүнүн карааны көрүнүшү менен кандай доошу жаңырды. Карнай жана домбурачысы көз боемочулук аркылуу чакыруу максатында улак чапканга байге башталаарда, күч берген Даван аргымактары бышкырып, алга жүткүнүп, алдыңкы эки аягын бийикке көтөрүп тыбырчылаар эле.

Карнай-сурнай дооштурунун жаңырышы менен Даван кошундары алардын арасынан айыл-кыштактардан келген жоокерлери чоң-кичүү, аял-эркек дебей баарысын аракетке келтиришти. Тоо этегиндеги таштуу дөбөчөдө атайын даярдалган жайда турган Мугуба, Мудтой, Нишан, Чагырбек жана алардын атарабындагы бектердин темир сооттору жана кемерлеринен тартып аргымактарынын өмөлдүрүк, жүгөн

үстүнөн капталган алтын, күмүш сөлкөбайлары, чакырылган жоокерлердин аттарына чейин күмүш үзөңгүлөр тизгиндериндеги кооздолгон жаркырактар да, таң жарган нурга чагылышып, жаз күн нуруна жаркырады. "Бүгүн Давандыктар жоого каршы тике турушту!" - толук ишенич менен өз оюнан өткөрдү Мугуба. Кошун башы Нишан агасы Ихшидке бир карап алды да, алтын менен капталган тарамыш саптуу камчыны бийик көтөрүп силкти. Кошундун алдыңкы бөлүгүндөгү Каманчылар жөө аскери тарапка ат койду. Туман башы Кундузбек найзачылар, кылыч чабуулчулардын алдынан аңдап бул жакка ат чаптырып, өтөт экен. Кээ бири кылычын бийик көтөрүп найза сайышты, үйрөткөндөй аракет менен өткөндөгүлөрдү уктураар эле. Даван Каманчыларды душман кошунуна жакындашып, төрт-бештен ок чыгарышты. Баскынчылар да так ошондой ок атышты. Алар ар бир эки тараптан тең өлүп жаткандар болду. Ээсиз калган аттар жогору тарапка тыркырып кетишти. Ошол кезде Давандыктар тез бурулуп, аркага кайтышты. Калкандары менен баш же желкелерин сактап келген айылдык жоокерлер чечинишип жатып, жамбаш тараптан ок аткан душман жоокерлерин кыйрата башташты. Аркага качып кете баштаган "Каманчылардын эки тарабынан кыса баштаган Хандыктар алдынан узун найзалуу Давандыктар ар тараптан ороп алышты. Башта байкабай калган жөө аскерлери эми толук капканга түшкөнүн билишти. Ар тараптан ороп кысып келе жатышкан Давандыктар менен эми бетме-бет алышышка мажбур болушту. Учкул күлүк аттар менен толук куралданган Давандыктар, Хандын курал аскерлери көпчүлүгүн

жер сүздүрүштү. Мындай катуу беттешүүгө күчү жетпген душман аскерлери тартипсиз аркага чегине башташты. Давандыктарга так ушундай мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, аркасынан кууп барып, бирбирден башын алып жатышты. Бул күн башка толук беттешүү болбос. Хан кошунунун негизги күчтөрү абдан жакын келип калган эле. Чилустан тоолоррунун күзөтчүлөрү жакындап келе жаткан душман кошунун көптүгүнө сан жеткис деп айтышты. Бул душман кошунунун көптүгүн бийик тоо боорунда карап турушкан Мугува, Мудтой, Нишан, Чагырбек ж.б. бектер көрүштү. Чек арага жакын жашаган жергиликтүү чабармандар тоо жамбашындагы күзөтүүчүлөрдүн айтышкан маалыматтарына караганда Даванга келе жаткан душман жыйырма беш, отуз миңден кем эмес деп тыянак чыгарышты. Дунхуандан чыккандан кийин Ли Гуан Линин кошунун отуз миңден эки бөлүккө бөлүп, эки жолудан жиберген эле. Мындай кылыш жол азабы душман аскерлеи үчүн кошумча азык оокат таап жеткириш, аттарды жүк ташыган төө, эшек айбандарды өткөрүш кыйынчылыгын туудурат болчу. Цзян-Цзюнь Ли Гуан Линин өзү Алайкуу, Селат жолунан келе жаткан Ванкуй менен изме-из миң негизги сакчылар көзөмөлүндө келе жаткан экинчи Ли Чи башчылыгында башка бөлүгү болсо, туш келген шаарчаны басып алып, Көкарт даваны аркылуу жүрүшү керек эле. Ли Чи эмнегедир туш келген шаарчадан макулдашылган артыкча кармалып кечигип калды. Ошол себептен хан кошунунун бир бөлүгү гана Аргуан шаарчанын жанындагы Чилистан тоо этегине жетип калган эле. Цзян-Цзюнь тоо Ли Чи жетип келгенге чейин

Давандыктар кошунунун "кабыргасын сындыршка" чечим чыгарган үчүн Ван Куй жөө аскерлери Даван чакырлары менен бетме-бет чабышып жибериштн. Селат менен Жаңы Далбарзин шаарчасын басып алышта алдыңкы миңдиктер эки жолку жеңил беттешүүдө колдонгон үч миң кишилик өлүмгө учураган соң Эршиге жөнөтө баштаган душман аскерлери арең жыйырма жети миңге жетпейт болчу. Демек, Даван саркарларынын эсеби туура келди. Бирок хан кошунун башка жол менен дагы отуз миң душман жоокери келе жатканы менен кабарсыз эле. Жылдыздар жарыгындагы түндө Аргуан шаарчанын жанындагы айырма таш жанында Даван Саркар башчыларынын чоң кеңешмеси болду.

Түмөн башчылар менен миң башчылар кадимки сүрөт тартылган аргымактардын пайда болушу образын ойуп иштеген айырма таш боорунан агып чыккан булак жанынан орун алышты. Бектер өздөрү өтө мактай турган кылып курган таштагы аргымактар көрүнүшү бир башкача көзүң тойчудай эле. Алардын пикири боюнча "аргымактар жана согуш беттешүүсү" деген ойлорду өткөрдү. "Жок, аргымактарды аларга бербейбиз"! деп койду. Өзүнө-өзү Мугуба эң сыйдам таш үстүндө төшөлгөн көрпөчөдө олтуруп. Ал кийинки үч кече - күндүзгү эмнегедир бир нерседен далдааланып, этияттанып келдүүдө. Бул жаркыраган жылдыздуу түндө кыргакта ортодогу жылма таштарга урунуп агып жаткан Аргунсай сууларынын тынымсыз шуулдап аккан таза суу абасын тазалап турган жерде кеңештен көрө көбүнчө ыр чоор менен дем алышты. Бирок бул кечеде комуз күүсү, төкмө акындарга кызыгуусу Даван жигиттеринин суроосуна

тыйуу салынган болчу. Кийинки үч күн ичинде, айрыкча бүгүнкү эки тарап беттешүүдө жүздөп мүмкүн миңдеп Давандыктардын жаздыктары куруган болчу. Кеңешке топтолгон бектер бизге Хандык душмандар менен ачык майданда тоо этегиндеги жайыкта бетме-бет алышыш биз үчүн пайда эмес, себеби бизде аз сандагы жоокерлерибиз менен бир нече көп сандаган душман аскерлерин токтотуп туруш болбойт деген пикирге келишти. Жоолорду Аргун сайга жакын ушул тар жерде эки тута кыр аралыгында токтотушубуз керек. Жылма таштуу кыялар, бийик таштар арасында жашырынып алган каманчылар душманды беймарал кыйратышат. Душмандар так ушул жол менен жүрүшөт.

Аргунсайды четтеп айланып жүрүшпөйт. Себеби хандык Чинжиндер аркасындагы баш ийдирилбеген шаардын элдерин калтырышка коркунучтуу экенин жакшы билишет. Душман Аргунсай этегиндеги камыштуу кыргагы менен өтүүчү тар жолдор аркылуу жүрүшпөйт. Ал жер хан кошуну жүрүшү үчүн коркунучтуу болот деп элчи жүз бекиткен көз боемочулук деп аныкташкан. Анын үстүнө жоо баскынчыларды Ак-Буура кыргагындагы камыштуу токойдо мындан эки күн башта миңден ашык күйдүрүлүп өлүмгө учураганын унутушпаган. Демек бүтүн Хан кошун күчү Аргунсайга келиш жолдорунда. Шаар четинде топтолуш керек. Кеңешке катышкан бектер, Саркар башчылар дээрлик бардыгы ушул пикирге келишти. Үрп-адаттан көрө негизги маселелерди тастыкташып эркин айтышчу. Бирок Мугубонун иниси Нишан кошун башчынын милдети экенине карабай эмнегедир сөзгө аралашпай тынч олтурду. Анын мындай

кылышына таң калышкан бектер Нишан бир чечимге келбей кеңеш мүчөлөрүнүн ойлорун тыңшап олтурса деп ойлошту. Чынына келгенде Нишан башка себептер менен башын оорутуп жаткан. Ал азырынча хандыктар менен Кошун башчысы менен мамиле кыла албаганы, кандай чара көрүш тууралуу зарыктыгын билбей жаткан... Түн ичи Давандыктар Чилустан тоосунун күн чыгыш тарабынан бардык күчтөрдү түндүк тарапка көчүрүп, Аргунсайдын сол тарабына кыргагына жайлашкан күчтүү жоокерлерин көбөй-түштү.

Хан кошунунун күзөтчүлөрү таң атаарда оң жана сол тараптагы жан боорлордогу майдандарда - бардык жайда Даван жоокерлеринин гыжылдаганын көрүштү. Ар тараптан карнай-сурнай доошу менен келе жатканын угушту. Хан күзөтчүлөрү Цзян Цзюнга Даван кошуну илгеркидей аз сандуу эместигин кабар кылышты: алар жыйырма беш, жыйырма алты миңден кем эмес, өздөрү жергиликтүү болгону ыңгайлуу жерлерге жайланышып алышкан. Алдыңкы саптагы миңдиктер да туура ошондой дешти. Демек, ойлой баштады Ли Гуанли ар бир күнгө шүгүр. Башка шаар, кыштактардан да колдоп келүүчү жоокерлерине мүмкүндүк бербей Давандыктарды толук тыркыратып жиберишибиз керек. Мындай чоң кошун топтошко качан үлгүрүштү булар? Күчү жетип келгенче чечкиндүү күч менен толук жеңишти бүтүрүшүбүз керек. Жок, ал эмне деп ойлошу мүмкүн? Алар Давандыктарды бул жерден чегиндире албасам Цзян Цзюнь дагы мансиз эч иш чыгара албаптыр да дейт го! Баштай берсин! Даван каманчыларына куушта нормадан ашбашыбыз керек! Алар өздөрүнү качып жаткан

болуп көрсөтүшү мүмкүн. Узун найзалуу жоокерлерин баарынан мурун көзөмөлгө алынсын! - буйруду Цзян Цзюнь Ли Гуан Ли. Ванкуйга хан согуш башчылары кошундун бир бөлүгү Давандыктар түндө дээрлик коргоочусуз калтырып кетишкен жылгалар ичиндеги камыш аралап өткөн. Жол аркылуу алып барышка буйрук кылышты. Чилустан тоосу менен Аргунсай аралыгындагы ачык майданда Хандыктардын оор куралдары атуулары менен Давандыктардын бир топ бөлүктөрү беттешти. Көп өтпөстөн анабу беттешүүдөй Давандыктар душман акерлерин жаалар менен окко тутушуп, баскынчылар найзалуу ат менен Даван жоокерлерине туш келиштеринен көздөшүп, аркага кача башташты. Бирок бүгүн Давандыктардын кыйласына туруштук бере албаган душмандар Даван каманчыларыны чындап кубушбай, өздөрүн этияттагандай болуп көрсөтмөкчү болду. Давандыктар аттар башыны тоо тарапка бурушту. Душман аскерлери шашбастан ок атышып алардын аркасынан куып бара жатышты. Тоо этегине жакын барып, жоокерлер шарт аркага кайтып, камалып жаалар менен окко тутушуп ат коюшту. Душман аскерлер башында ар тараптан эсепсиз жаа октору жаай баштады. Давандыктар бул жолу да душман аскерлерин капканга түшүрүштү. Хандык душман көп өлүмгө учурап, аркага чегиништи. Ушул катуу беттешүүдө да, Давандык жоокерлер үстөмдүк кылды. Белгиленген убакытта жаңжалдар токтоп калды. Даван менен хан кошундарынын негизги күчтөрүн дагы эле Чилустан тоосу ажыратып турат. Давандыктар майданга душман баскынчыларын чыгынып күтүп турушту. Душман саркарлары болсо ал учурда Ош жолунан келип, эки тоо кырына келип

туташкан кысыктан келип, же тоо менен Сай ортосундагы тегиздик аркылуу кысымдыкка алыш эрежелерин түзүп жатышкан.

ххх

Күндүн ысык табы найзадан өткөндө гана Аргунсай тараптан басып келе башташты, бирок бул жолу алар тоо этегинен нары Майдандык сайга жакынираак жагынан келишүүдө. Сайдын ары жагы кыргактан атылып жаткан жаа октору душмандын аскерлерин кырып бүтүрө албас эле. Баскынчылар калкандарын үстүнө тосушуп, өз убагында ок атышып катуу аракет кылышууда. Даван күзөтүүчүлөрү душман аскерлеринин кыйла көп экендигин кабар кылышты. Даван жоокерлери хандыктардын тегиз майдан ортосунда жолугушту да адаттагыдай жоо башына жаа огун жаадырышып, аркаларына кача башташты.

Давандыктардын илаа жоруктарын түшүнүп калышкан душман аскерлери да турган жеринен аркаларынан ок атышып гана туруп калышты.

Давандыктардын соот кийинген аттуу жоокерлери ок өтпөс мис чепкен кийген, узун найза кылыч жана канжарлар да коркунучтуу жүзүн көрсөтө башташты. Хандыктар да ошондой эле сактануучу кийимдери менен беттешишти. Аралардын аралыгы кыйла кыскарганда душмандар тараптан ок үзө башташты. Баскынчылардын өзү атар камалактаринин октору калкан-соотторуну тешип өтө турган. Даван жоокерлеринин тизилген сабы кыйла сейректенип калган. Демек, Давандыктар аркага чегинүүгө аргасыз болушту. Давандыктардын учкул күлүк аргымактары тез арада жоокерлер да ок жеткис жайга жеткирип койду. Хандыктар ашыкпай, аттарын жорттуруп,

Аргунсай жээги менен тегиз майдан ортосунан, тоого жакындашпай бастырып келишүүдө. Эмне кылыш керек? Кайсы жол менен душмандын өзү атар командасына тең келишибиз мүмкүн.

Туманга Кундузбек, Кошунбашы орунбасары Чагырбектин макулдугу менен шашылыш чара көрүлдү. Беш жерге төрттөн каннайчы топтотуп, аларды аттарга миндиришти. Каннайчылар жоокерлер курчоосунда душмандардын арасына каттуу үн чыгарып коюшту. Жыйырма чакты карнайчылар доошунан кулактары тунжураган душман аскерлери жана шоокум музыкага көнбөгөн аттары үркүп туш жакка боюн таштап, душман аскерлери аттарынан кулап, өздөрүнүн мүмкүнчүлүгүнөн адашып тополоңдошуп кетишти.

Бул мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, баскынчылар сабына куйундай жарып кириштн да, айоосуз баш алуучулук башталды. Найза, кылыч, айбалта, канжарлар менен кагышкан шагыр-шугур дооштор, кыйкырыктар, жаны ачыганда аттардын кишинеши менен аралашып кырчылдаган кан төгүүгө айланды. Аман калган, жарадар болгон ат, адамдар үзөңгүгө буту илешкендер, колу, бутунан ажырагандар, канга боелгон бет, көкүрөктөрү менен сүдүрөлүп араңжандар андан көп. Эсепсиз төгүлүп жаткан кандан жан боордогу топурак карамтыл- кызыл баткакка айланды, таштарга сиңбеген боркурап аккан кан сайга агып түштү. Бул агып жаткан кандан канчасы хандыктардыкы же давандыктардыкы экендигин билип болбойт. Кылычтар, найзалар кайрылып, бүктөлүп сынып иштен чыкты, жоокерлер колунда канжарлар бычактар гана калган. Алышып бычакташып, суу ичинде чабак атышып көз карайгыча согушуп жатышты. Хандыктардын заңгыраткан токтотуу белгиси угулду. Карнайчылардын ачуу үнү да жаңырды. Катуу согуштук беттешүүдөн тирик жана толук жараланган дарды согушкан жерде эсепсиз курман болгон адамдарды калтырып, ар бири өз жайларына топтолушту. Хан аскерлери далваңдап жыртылган сары ажыдаар сүрөтү тартылган мата байрагын коргоочулар болсо ат куйругуна байланган узун жыгач менен бийик көтөрүп алышкан. Бул кандуу кагылышууда же жоо тарап, же давандыктар толук үстөмдүк кыла алышпады, ар бир эки тарап тең саркарбашчылар кеңешишти. Эртеге душмандын бир бөлүгүн Ош жолундагы кысыкта күтүшүбүз керек.

Алар Аргынсайды да кечип өтүшкө аракет кылышат. Давандыктардын кошун башчысынын орун басары Чагырбек душмандын эми келе турган эрежесин өзүнө чамалады. Тизилген калктар күчөгөн сайын толукталган жаш тажрыйбасы начарлар туш келишет. Кошунду башкарышта азык-оокат, өзүнө ишенген даражасы жогору, керектүү жарактар, эң жогорку башкаруучу, оң кол беги кошун башчынын уруксатсыз бир кадам да баса албаган Чагырбек саркар башчы тажрыйбалуу чечкиндүү, жатык Цзян Цзюнь Ли Гуан Ли менен белдешүүгө ынтылуучу. Кеңештин чечими менен Ихшиддин макулдугунан кийин көпчүлүк бектердин колдоосунда болсо да Чагырбектин чечкиндүүлүгү бааланбай калып кетти. Мындай кокустук мезгилде али бектерден бирөө жарым мүмкүнчүлүгүн көрсөтө албаган Чагырбекке толук кулак салбагандыгы табийгый нерсе болчу.

Душмандын кошуну анча деле көп санда эмес.

Давандыктардын кээ бир өз ишине кайдыгер караган күзөтүүчүлөрүбүз душман аскерлеринин санын толук билбей бизди адаштырат - деди кыжаалат болгон саркар башчылардын бири. Кеңештин акырында,- бул кабак баштууларды согуш жоокерлеринин алдына салып, согуш беттешүүсүнө жөнөтүшүбүз керек, ошондо адам санынын эсептешкенден көрө, учуп келген октун да эсебин ала турган болуп калышат.

Ли Гуан Ли анын жолун аз колдуу даван кошунун тосконунун билгенден кийин, катуу кыжаалатчылыка түштү. Мүмкүн алар көбүрөөк жоокерлерди топтоп алышкан болуп калсачы, анда эмне болобуз?. Баштагыдай болуп катуу беттешүүгө туш келип калсакчы? жок андай болушу мүмкүн эмес! Цзян Цзюнь оюна келген коркунучтуу пикирди ойдон чыгарып, өзүнү башка нерсе менен ойлонууга бура баштады. Ли Гуан Ли ушул жол менен экинчи Даван жүрүшүнүн келечеги туурасында ойлонушту токтотуп, бүгүнкү оттой күйгөн чараларды көрүшкө кириштн. Ал саркарбашчы Жао Ши Ченге Ош жолунда кетип бара жаткан миңдиктерге барып, бүгүн албетте Давандыктар күчөтүшкөн жоокерлери кууп чыгып, Аргуан шаарчасына кириштн буйруду. Ван Куйга болсо, Аргунсай бойлоп алга бара жаткан аскерлерин башкарып, кечке чейин кандай болбосун шаарга жакын жайдагы жыгач көпүрөктү ээлешти тапшырды. Чилустан тоо этегинде баштаган катуу кагылышуунун үчүнчү күнкү эртелеп эле ар эки тарап кагылуучулар тарапка согуш майданынан өлгөн адамдардын чыдагыс сасыган жыттары таркала баштады.

Айырмачташ үстүндө согушуп жаткандарды көздөшүп турган Даван саркарлардын арасындагы эң

жаш Чагырбектин иш планы туура чыкканына абдан ишенич беришти. Чындыгында Чагырбек айткандай душман аскерлери Ош жолунан кысык жолго жапырылып калкандарын баш жагына тосушуп Аргунсайдын этегинде бастырып келе жатышты. Бул жерде карап туруп төртөөбүз эмне кылабыз? Чагырбектин иниси Карчыгайбекке жардам кылыш үчүн кыссыкка жиберелик деди - Мудтой. Оң кол беги ыйманы менен кошун башы Нишанды дагы беттешүүдө колдойлу айтпаса дагы Мугуба анын пикирин баамдап көрдү. Ихшид башкаруучуларга өзүмчүл буйруктарды эсепке алды:

- Нишан болсо, Сыртланбектин жанына барды. Тоо тараптан көзөмөлдөп турган Ихшид, оң кол беги экөөсү эле калышты. Алар согуштун жүрүшүн көзөмөлдөп, чабармандар аркылуу кошундун ар үч бөлүктөрү менен кабар алышы менен, буйрук бериши керек. Чагырбек душман аскерлери эми тоо тараптагы Каманчылар жайгашкан кысыкка жакын келишпегенин байкашып, түндө бир бөлүгүн жоокерлерди Аргунсайды сол тарабына эртеңки беттешүүдө оң канатынан окко тутуш үчүн көчүрүштү. Нишандын барышы алдынан Сыртланбек туманга Эршинин аркы ылдый жагындагы шаар жакка айыл-кыштактардан үч миңге жакын жоокерлер келип кошулушту. Алар дагы али согушка кирбеген төрт миң жоокерер жанында. Аргунсай кыргагын бойлоп жайгаштырышты. Бары-жогу сегиз миңге жакын жоокерлер Аргунсайдын тик кыргагынан тосуп турушат. Эртеңки согушта алар баскынчылардын оң канатына камалак огун жаадырыш керек!

Кундузбек менен Карчыгайбек жоокерлери баштагы он, он бир миңден эки күндүк согушу кийин сегиз миңге жетээр жетпес адам калган болчу. Бирок алар тосо турган жолдор кыйла тар. Жоокерлердин кемдигин Чилустан, Айырмачташ тоолору көп билдирбей турат. Бул тоолор Дабандыктарды таза-аба, суусуз талаалар, шаркыраган суу, көк майсалар, мөмө жемишинен тышкары жоого каршы күрөштө да, жардам күч берет. Давандыктар өздөрүн тоосуз кантип жашашын да ойлоруна келтирбесе керек. Согуштун жүрүшү негизинен Чагырбек алдын-ала айткандай болду: Душман аскерлери сай бойлоп, Аргуан шаары тарапка бет алышты. Экинчи көпчүлүк бөлүгү сайдан кечип өтүүгө аракеттеништи. Сайдын ары жагынан ылдый карап жаа октору аларды сайдан кечип өтүп, Эрший тарапка барыштан кайтып, душман аскерлери өзү атар камалактари да, кысыктын ары жагынан ок атып жаткан Давандыктар менен кармалып калды. Акырында жана дагы өткөндөгү беттешүүдөй болуп, Кундузбектин командасындагы жоокерлери көп майдалашып көп өлүмгө учурабастан, душмандын сабын жарып өтүшүп, кан төгүш кечегиден да ашыкча суук баштарды кыра башташты. Карчыгайбек башчылыгындагы жоокерлер тар кысык жолду көбүрөөк өлүмгө учураса да, түшкө чейинки убактыны өз колуна кармап турушту. Душман аскерлери кысык жолдун эки четиндеги төбө жан талашып тармаша баштаганда, Даван жоокерлери тартип менен Аргуан шаарчасынын так үстүндөгү экинчи кысык жолду ээлешип, жаңы коргонушуп алышты. Ошол кезде Кундузбек беттешүүсү да, Чилустан тоолорун таштап, Айырмачташка барып жайланышкан эле. Душман

аскерлери алга жылыш мүмкүнчүлүгүнө ээ болушуна көңүлдөрү ачылганы менен ийгиликти колдон кетиргенин түшүнүштү. Чилустан менен Айырмачташ ортосунда кеңирээк жылга бөлүп жоокерлердин бир бөлүгү Чилустандын жамбашында калтырылган эле. Эки тоодон душман үстүнө камалак октору жаай баштады. Жоо аскерлери Чилустан алдында калган жоокерлерди бирин калтырбай кырып таштаны мүмкүн, бул турган сөз. Бирок, таш арасында бекинген Даван жоокерлери башына жогору тырмышып чыгууга аракеттенген душман аскерлеринин төрт-беш эмес, сегиз, тогуз душман да өлүшү турган сөз.

Чилустан тоосунун жогору жагында кадимки адамдар жашаган чоң үңкүр бардыгын, каманчылар ошол үңкүргө жашырынып, кутулуп калышын көздөшкөн душман аскерлери билишпейт болчу. Карнайлар доошу чыкса жоодогу камалакчилар ок атышын токтотуп, аттуулар кол салышка өтүшөт. Карнай экинчи жолу тарткандай чабышып жаткан жоокерлер чегинишип, Каманчылар ок жаадырышка киришет. "Сүйлөөчү бул карнайлар душман аскерлеринин да кандарына сиңип кетти окшойт". Аргунсай менен Айырмачташ ортосундагы аралык анча кең эмес, Ош жолундагы экинчи кысык өтө тар. Душман аскерлери бул турушунда капкан жылга ичинде беттешүүгө аргасыз мындай шартта Давандын ушул аз кошуну дагы душман аскерлерин түгөтүп эки аптасыз бул жерден алга жылып болбойт. Түн ичинде Давандыктар чогулушкан жерде дагы кеңешүү болду. Кошун башы Нишандан башка бардыгы ушул жерде хан кошуну узак кармап туруш, күчүн кетириш жана алыс шаарлардан дагы жардамга келгиче баскын-

чыларды кууп чыгарыш иш планын макулдашты. Нишандын бүгүн тили чыгып калышынын себебинин бардыгы ушул аптадгы агасы Мугуба да Аргунсайдын аркы кыргагындагы Сыртланбектин жети миңдик жоокерлери "бир карыш да аркага чегинбегенин" Нишан өзүнүн күчү менен болгон деп көрсөтүшкө белгиледи. Бул Нишандын биринчи жолу кылып жаткандыгын билишчү. Кошун башында пайда болгон жеңиш ийгиликтердин акыйкат себебин башка бирөөлөрдүн эмгек мээнетинен экендигин эч ким оюна келбейт болчу. Нишан да башкалардай эле Хан кошуну ушул жерде узак өздөрүн токтотуп туруш мүмкүнчүлүгүн түшүнгөн болчу. Аны кыжалат кылган, кескин өзгөртүлгөн дагы так ушул болуп эсептелет. Эгерде хан кошуну бул жерде узак кармалып калса, Давандын башка шаарларынан келүүчү жоокерлер келишип калышса баскынчыларды Эршиге киргизбей кууп чыгарышы толук мүмкүн. Андай болгон учурда кайта-кайта ушул акыбал боло бермекчи. Кимге керек мындай таксыз тополоң күрөштүн? Эң жакшысы Эршиге чегиниш, коргонуп туруп, келишим түзүш такты ээлеш! Укмуштай кайсар, сөзөмөл Чагырбектен иш чыгат окшойт. Анын Кошунбашы кылса болгудай, аны аткара тургандай окшойт. Бардык ой максат аны Нишан өзүнө ишенич бере алышта. Шайтандай чыйрак Сыртланбек бир карасаң орточо адам. Бирок иштин бул жагы мүмкүн кийин такталып чечилээр. Азыр болсо, кошунду Эршиге чегиндириш маселесин көрүш керек. Аргунсайдын суусу кыйла азая баштады. Бул жыл курукчулук болушун унутпашыбыз керек. Бирар аптадан кийин сайда суу кыйла азайат, анда хан кошуну сайдан жеңил кечип өтүп, туура Эршиге жол

алышат. Биздин кошун экиге бөлүнүп калат. Сайдын бул жагында жоокерлерибиз Айырмачташты кучак-таган боюнча кала беришет. Анда биз уткурабыз, канча жоокерлерибиздин өлгөн житкендерибиздин мээнетибиз арзанга бааланып калат. Нишан агасы Мугуба бир жагы оң кол беги Мудтойго өз ой макса-тын түшүндүрүшкө аракет кыла баштады.

- Сайдын суусу азайып кеткиче Куба, Мугулан, Канда, Гесой, Чуст шаарларынан жоокерлер жардамга жетип келишет. Сөздү кыска кесип сүйлөдү Мугуба Ихшид. Арада оор тынчтык орноду. Тынчтыкты күйүп-жанып ат коюп келген чабарман бузду.

- Улуу Ихшидим! жана башка кошун... Эрте таңда бул жакка !...

Нишандан башка баарысынын кол-буттары, бүтүн денелери бошошуп кетти. Арага чыккан оордук тынчтыкта Мудтой Мугубага акырын көз таштады. анын сөзсүз ыраазылыгын алып, Мудтой атынан мындай деди: - Тополоң - чоң кылбастан Эршиге кайтып, таң атканча дарбазаларды бышык бекитебиз! Ихшид Мудтой акырын оордунан козголду.

чыларды кууп чыгарыш иш планын макулдашты. Нишандын бүгүн тили чыгып калышынын себебинин бардыгы ушул аптадгы агасы Мугуба да Аргунсайдын аркы кыргагындагы Сыртланбектин жети миңдик жоокерлери "бир карыш да аркага чегинбегенин" Нишан өзүнүн күчү менен болгон деп көрсөтүшкө белгиледи. Бул Нишандын биринчи жолу кылып жаткандыгын билишчү. Кошун башында пайда болгон жеңиш ийгиликтердин акыйкат себебин башка бирөөлөрдүн эмгек мээнетинен экендигин эч ким оюна келбейт болчу. Нишан да башкалардай эле Хан кошуну ушул жерде узак өздөрүн токтотуп туруш мүмкүнчүлүгүн түшүнгөн болчу. Аны кыжалат кылган, кескин өзгөртүлгөн дагы так ушул болуп эсептелет. Эгерде хан кошуну бул жерде узак кармалып калса, Давандын башка шаарларынан келүүчү жоокерлер келишип калышса баскынчыларды Эршиге киргизбей кууп чыгарышы толук мүмкүн. Андай болгон учурда кайта-кайта ушул акыбал боло бермекчи. Кимге керек мындай таксыз тополоң күрөштүн? Эң жакшысы Эршиге чегиниш, коргонуп туруп, келишим түзүш такты ээлеш! Укмуштай кайсар, сөзөмөл Чагырбектен иш чыгат окшойт. Анын Кошунбашы кылса болгудай, аны аткара тургандай окшойт. Бардык ой максат аны Нишан өзүнө ишенич бере алышта. Шайтандай чыйрак Сыртланбек бир карасаң орточо адам. Бирок иштин бул жагы мүмкүн кийин такталып чечилээр. Азыр болсо, кошунду Эршиге чегиндириш маселесин көрүш керек. Аргунсайдын суусу кыйла азая баштады. Бул жыл курукчулук болушун унутпашыбыз керек. Бирар аптадан кийин сайда суу кыйла азайат, анда хан кошуну сайдан жеңил кечип өтүп, туура Эршиге жол

алышат. Биздин кошун экиге бөлүнүп калат. Сайдын бул жагында жоокерлерибиз Айырмачташты кучак-таган боюнча кала беришет. Анда биз уткурабыз, канча жоокерлерибиздин өлгөн житкендерибиздин мээнетибиз арзанга бааланып калат. Нишан агасы Мугуба бир жагы оң кол беги Мудтойго өз ой макса-тын түшүндүрүшкө аракет кыла баштады.

- Сайдын суусу азайып кеткиче Куба, Мугулан, Канда, Гесой, Чуст шаарларынан жоокерлер жардамга жетип келишет. Сөздү кыска кесип сүйлөдү Мугуба Ихшид. Арада оор тынчтык орноду. Тынчтыкты күйүп-жанып ат коюп келген чабарман бузду.

- Улуу Ихшидим! жана башка кошун... Эрте таңда бул жакка !...

Нишандан башка баарысынын кол-буттары, бүтүн денелери бошошуп кетти. Арага чыккан оордук тынчтыкта Мудтой Мугубага акырын көз таштады. анын сөзсүз ыраазылыгын алып, Мудтой атынан мындай деди: - Тополоң - чоң кылбастан Эршиге кайтып, таң атканча дарбазаларды бышык бекитебиз! Ихшид Мудтой акырын оордунан козголду.

-Он жетинчи бөлүм-

ПАКСА ДУБАЛДАН УЧКАН ЖЫЛДЫЗДАР

Күн Чилустан тоо үстүнөн үч найза бою көтөрүлгөндө Эршинин коргонунун тышкы тарабын курчап алышка үлгүрүшкөндө хан кошуну саркарлары кичи Алай тоо тизмесиндеги Давандыктар Шынгыр Дөбө деп айтылган дөңчөгө көтөрүлүштү. Бул жерден Аргунсай аркасынан жакыныраак келип, жана изине кайткан жайдагы "душман шаар", анын ичи - тышкы дубалдары, мунаралар жана коргонуучу жайлар, бир нече бийик жайлар, ылай менен шыбалган үйлөр, беде чөбү жайылган гарамдар, багылган аттар, ал жак-бул жак басып жүргөн адамдар... Баары көрүнүп турат. Бир сөз менен айтканда коргонуудагы шаарынын башыктыгын жана бош жайларында толук көрүш мүмкүн.

Таңкаларлык эмнеге Эршини курчап Давандыктардын узак бабалары муну көңүлүнө албаган экен? Мүмкүн, алар да Мугубага окшоп, жоо келип Эршини ороп алышына ишенич бербесе керек да... Даван бир гана Ишхидке бирдешкенге эригип, кээде биригип, кээде кагышып Эршинин жайы тоо этеги, бийик тоолу жерлерине кире албаса керек. Түрдүү ар кыл адамдар жогортон карабастан эки тараптан суу агып өтө турган бул жашыл шаарчанын ар бир көчөсүн, ар бир бурулган бурчектерин жакшы билишсе керек. Коңшу уруулар Эрши шаарчасына жакындашып, арада болуп турган уруш талаштар болуп турган. Бирок алар үч,

төрт күндө Уруу аксакалдары ортого түшүп жарашып, кайтып кетип турушкан. Карындаш уруулар арасында тез-тез келишбөөчүлөр болуп, кайра жарашып турушкан. Давандын башка шаарларына окшоп, Эрши да эч качан узак убакыт башка душман менен согушкан эмес. Эршинин баштапкы курулушуна таш теришип, ылай аралаштырып, Аристой уруусу кадимки бабалары мүмкүн шаардын тегереги мөмөлүү даректар, жүзүм өстүрүшүп, тоо этегине шаар курууну көздөштүрсө керек. Шаардын атарабын таш коргон кылып бышыктаса дагы, шаардын сыртынан келген душмандан сактаныш үчүн бийик көзү көрбөй турган шартта кыла алышкан эмес. Мүмкүн алар ошол убакта ушундай душмандан сактаныш тууралуу оюна да келбеш керек. Мүмкүн кадимки давандыктардын шаар куруш ал жерде жашаштан көрө, көчмөн калк болгондуктан токойлуу тоо арасында сууга жакын, мал койлорго жайыттуу чөбү оттуу, кокус душман кол салса, тез көчүп токой арасына жылгаларга кире качууга, кайра тез атуу чыгып, душманды ары жагынан жаа менен, туш келсе найза, кылыч, ай балта менен чабышып жоого жеңишке мүмкүнчүлүк бериш-кен эмес. Ата бабаларынын ошол шартта жашаган изинен кайтпай жеңил жашоо шартына көнүп калышкан.

Ли Гуан Ли үч жыл алдын өтө бийик курулуш курууга себепкер болгон эле! Ал албетте Асман уулу максаты менен Эриш Цзян Цзюнь, жана дагы баш ийдирилбеген Эршини толук багындырышты деген кабар берилди. Ли Гуан Ли Асман тагындагы эң жогорку сыйлуу урматтуулардын бири болуп ушул узак Чань андан алты айлык жолдогу, азыр анын

аскерлери айласыз оор абалдагы шаар катары жетишти, негизгиси жетишкендик болду. Эми акыйкатта "Эрши Цзян Цзюнь" болду. Өткөн мал жылындагы бул шаардан кайтыш дагы аны да жутушат. Чаньандагы кээ бир далай көралбастын, ичи тар Цзо Цзянь Цзюньдардын аркасынан алынбаган шаар баскынчысы деген лакабынан да кутулат. Асман тагында баарысынын оозунда аты жомоктой болот.

Бул үчүн жанаша жакын ортодогу шаарларды дагы багындырыш колун көккө көтөрүп, адамдарын тизелетип, жер өптүрүш керек. Ушундай кыргын салыш керек, агылган кан көлмөчөлөрдү дарыядай агып, өлүктөрүн агызып, тирик калгандарын хан аскерлеринин жаланган иттерине айлансын!

Уюштуруучу Саркар башы, тажрыйбалуу жашы алтымышка барып калган башка хандыктарга салыштырганда, бойлуу, сергек, чечкиндүү Ли Гуан Ли оңой эместиги белгилүү болду. Давандыктар менен Ли Гуан Ли бул шаарда жаңы Селат менен Аргун жанында беттешип көрдү. Толук эмес эсептешкенге караганда Давандыктар жер алдына көмүлгөндөрүн үч душманга эки жоокер туура келген. Бул шаарга келүү алдында жакшы үйрөнүп, билим алып чыгыш керек эле. Ошондон кийин гана аны бир тездик менен кол салып басып алса болот болчу, – деди. Ли Гуан Ли Эршини бир сыйра көрүп чыккандан кийин. Хандык чечим чыгаруучулары өз борборун "борбор" деп аташат. Башка мамлекеттер борборун болсо кемсинтип ("Ду") жана токтоочу жай, жашоо жайы деп коюшчу. Хан кошунунун Цзян Цзюнь Эршини даван мамлекетинин эмес, балким Даван өлкөсүнүн жашоочусу жайы деп коюшу да ушундан болсо керек. Ли Гуан Ли кошун

Саркар башчылары жашоо жайында курчоодо турган аттуу айланып көрүп, анын ички, тышкы тараптарын карап чыкты. Чоң дарбаза тушундагы тоо бооруна көтөрүлгөндө команда башчыларына буюруду:

– Чатырымды ушул жерге тиктир! Ал бир-эки кадам ары баскандан кийин, билдириш үчүн бош турган Сяовей өз жанына чакырды: – сен ченегин жердин узундугу канча чыкты?

– Үч миң эки жүз кулач – жооп берди Сяовей кармап турган шайы матадагы жазууга карап.

– Даванга келип-кетип жүргөн элчилерин да көрсөткөн маалыматы да ошондой. Айрыкча Жан Цзяньдын сөзү туп-туура чыкты.

– Ар бир кулачка үчтөн адам койсок, ороп алышка тогуз жарым миң аскерге туура келет экен. Демек бир катар бештен солдат тургузсак элүү миң!

Аскерлерди ушундай тыгыз койсок, Давандыктардын тизелери калтырап, күчтөн тайышат. Доош чыгарып, эстегенде Цзян Цзюнь Сяовейге буйруду: – сүйлөй бер! Бул пакса менен урулган дубалынын бийиктиги жети пакса жанаша эки катар! Ар бир жүз кулачта бирден, бардыгы отуз эки мунарасы бар. Бурчтарындагы мунаранын бийиктиги урулган дубалдарынан эки эсе бийик. Давандыктардын каманчылары ошол жерге жайлашкан. Сяовей бар болгон тартипке ылайык Саркарларынын өздөрү көрүп-билген нерселерин дагы ар бир бөлүкчөлөрүн мүмкүнчүлүгүн аныктайтууга тырышып айтып чыгышты. Дубалдын эки узун жагында чукур зындандары бар ал жерге суу толтурулган. Суу менен дубал ортосу үч адам бойу.

– Үч адам бою? кайсы адамдар боюна салыштырып айтып жатасың? – деп сөзүн бурду Цзян Цзюнь сынамакчы болуп.

– Албетте хандыктарды ойго алып жатам да! дароо жооп кайтарды өзүн жоготпой.

– Туура эсеп кылыпсың. Сөзүңдү улант.

– Сай тарап дубалга чейин калың камыш, балчык, баткак!

– Маалыматтарың дурус – макулдашууга жакын жаса да Ли Гуан Ли.

Цзян Цзюнь көрсөткөн дөңдүн түзчөсүнө эпчил адамдары Хундуктарга окшотуп он алты жибектен жасалган чатырларды тигишти. Чатырдын учуна узун жыгач кадалган ага байланган байракка желбирей баштады. Коркунучтуу ажыдаар оозу оролгон шаарчаны карап турат. Ли Гуан Линин чатырынын жанына жараштырып, кошун башчыларынын чатырлары да тигилди. Башка баш ийүүчү согуш жетекчилер каттап турушка ылайыкташты. Тез аранын ичинде Сарык ажыдаар Эршини жутуп жиберет, – капканга түшкөн Давандыктар абдан көп уюшулган баскынчылар күчүнө тең келе алышпайт. Ли Гуан Линин жанында тартип сактап турган Саркар башчыларга сынагандай көз карады.

– Менде жыйырма беш миң солдатым бар, бул шаарды ороп алышка калгандар менен бирге жыйырма тогуз миң аскеribиз бар. Жолдордо беттешкен согушта миң киши жоготтук. Ошондо сегиз жүзү Асеке жанында, Эршиге келе жаткан жардамчы күч менен беттешүүдө курбан болушту – баскан - турганы Цзян Цзюньга окшошуп кеткен Ли Чи. Көптөрү аларды тууган болушса керек деп ойлошчу.

– Бизде жыйырма эки миң киши калды – деди акырын сүйлөп Ван Куй. Анын менде дебей бизде дешинин да себеби бар эле.

Ван Куй: отуз миң солдатынан жыйырма эки миңи мени менен Цзян Цзюнь экөөбүз кошкондо – демекчи эле.

– Бардыгы кырк жети, башкаларды кошкондо кырк тогуз миң солдат. Эми акыл менен согушушубуз керек. Давандыктар айтышышкандай Хандыктарды өлүк-төрү менен толтуруп өтө албайбыз! – эсеп кылды. Цзян Цзюнь. Шаарга камалак ташты атып турганы, сактануучу мунаралардагы каманчы жоокерлери өзү атар жаалар ок атышкандай эсеп албаганда, согуш баштагандан бери Хан аскерлери катуу кол салыша албадык.

–Алар эмнени күтүп жатышат? Эмнеге унчукпай калышты баскынчылар деп тан калып жатышса керек Давандыктар. Тиги тоонун төрүндөгү бийик дөңдүн үстүнө курулган кесме күмбөздөй Арк жайда Оңколбек Мудтой менен бирге шаарды башкарып жаткан Мугуба жоо дем алып жаткандан пайдаланып, өзүнүн алдына Нишан, Чагырбек, Туман агалар жана бир канча бектерди чакыртты. Шаардын дарбазалары жабылыштын алдынан жоон-жолпу көрүнүшү куюп койгондой Мугубага окшош Мугулан атасынын жанында пайда болду. Ихшидтин уулу хандык баскынчылар келгени тууралуу кабар укканидыктан өзүнүн башкаруучу шаарлардагы бардык согушка жарамдууларды атасы Мугуба атынан жоокерлерди топтой баштаган. Ал үч миң жоокери менен Асекеге жетип келгенде адырдагы жол аркылуу Эршинин күн батыш тарабынан душмандар ороп, келе жаткан Ли Чи

командасындагы баскынчыларга туш келип калды. Сай менен адыр ортосундагы аралыктар болгону үчүн алдында келе жаткан душмандын негизги күчү кысык жерге умтулду. Мугулан баардык жоокерлери менен эки тараптан кысып жайлаштырды. Ал жоонун жыш турган жеринен таң атар мезгилде алдынан тосуп турду. Беш жүз адамынан ажыраса да калган эки жарым миң жоокери менен Эрши шаарына кирип келишке үлгүрдү. Эгер Мугулан жоокерлерин бир аз болсо да токтотуп турбаганда Давандыктардын Аргуандан келе жаткан кошуну Эрши шаарына кирип келишке үлгүрбөй, шаар жолун тосуп койгон баскынчылар менен беттешип дагы кыргын болушу мүмкүн эле. Аркасынан жетип келе жаткан Ван Куй күчү да жетип келмек. Демек али толук топтолуп үлгүрө элек душманга дээрлик төрт барабар кем саны бар Даван кошуну жана Даван мамлекети бир эки күндүк беттешүүдө жок болушу мүмкүн эле. Ли Чи башкарган баскынчылары Кара-Дарыя боюна жетип келгенде Цзян Цзюнь күчүн эсепке алып башкача эреже түзгөн болчу. Ван Куй түндө Эршиге кирип келе жаткан Даван кошуну катуу каршылык кылбаган себеби да мына ушунда. Эршиге кирип келе жаткан Мугулан миңдиктери Асеке кысыгында Ли Чи башта түзгөн согуш планын ишке ашыра алдырбады. Кээ бир убактарда ойлогон ой максатын ишке ашырышта ошол жерде жашаган элдин жашоо тагдыры да катуу роль ойношу мүмкүн.

Балким Мугуландын жоокерлери Ли Чи кошуну менен учурашып калбаганда эки душман Асеке кууш кысыгында бирдей жетип келишкенде анда ким билсин эмне болушту? Эсепсиз кыргын шумдук

болмок... Андай кезде күтүлбөгөн эки тараптын шору курумак. Ихшидтен башка эч ким олтурбаган. Эч ким кандай жай алышты ойлошподу. Жогортон шуулдап өтүп жаткан жаа октору үйдөгү жыйырма чакты жоокерлер калкандарын алып тосуп туруу менен убара. Ихшид ой баскан көздөрүн жерден албай ойлонууда. Ал чамасында кандайдыр бир жагымсыз сөз айтмакчы болгонсуду. Азыркыдай күтүлбөгөн жоо ороп турган мезгилде жакшы сөз күтүш кыйын албетте.

Кошун башчылыкты өзүм алмакчымын!–деди оор ой баскан мезгилди бузуп, Мугуба – иним Нишан өзүмө жардамчы болуп калат, Чагырбек дагы. Башка эч ким сөз айтпады. Бирок баары бул чечимдин макулдугун сезип турушту.

Азыркы кездешүүгө чакырганыбыздын себебинен акыбал оорлошконуна Нишан себепкер болуп, өз башчылыгында. Кошун башчы Айырмач таштагы акыркы кеңеште кайсарлык кылган болчу. Анын Чилустан этегинде коргонуу милдетин таштап, Эршиге бекиниш оюнун өзгөрүшүнүн натыйжасында чындык болуп чыкканын эсепке алып Ихшид Нишанды кечирген болчу. Бирок Мугуба анын бүгүнкү "бейбаштыгын" ага катары кечирсе да, өкүм башчы катары кечире албайт. Нишан эмнеге Ихшиддин уруксаты жок шаар бектерин Эршиге чакыртты? Шаар коргоочу жоокерлердин таркашын билип туруп, эмнеге ал "бар жоокерлериңер менен келгиле деп буйрук берди?!" Тынч мезгилдерде кырктан жүзгө чейинки тынчтыкты сактап туруучулар болушун билбейт беле? Мында кем эсеп адам менен Эрши шаарын сактап калышка мүмкүн эместигин билбейт

беле? Шаар-айыл кыштактардан топтолгон жоокерлерди ким башкарат? Азыр го бардык шаардык-айыл кыштактагылар болуп жаткан акыбалды билишип өзүнө бекем турушка аракеттенип жатышат. Албетте, Мугуба такты Нишанга бербей келген эле, эми согуш күндөрү кошун башчылыкты да бербеш керек экен. Анын ар бир катасы Даван үчүн өтө кымбатка түшмөкчү. Мына бир кетирген каталыгыбыз үчүн кандай кыйынчылыкка, жоготууга учурап олтурабыз. Канча жоокерибиз бар азыр? – сурады Мугуба узак көңүлсүз ойду бузуп. Мындай маселе тез чечилишин күтпөгөн Нишан өзүнөн кетип калган эле. Ихшиддин берген суроосун укпай да калган. "Баарысы бүттү! Мен дагы тактагы анын буттарын сүйүктүү оордунан алышка мажбурмун! Кантип!" Нишан уккан кулагына ишенгиси келбеди. Мүмкүн башкачараак угулдубу же туура түшүнбөдүмбү?... Мугуба суросун укканда кылып зекирди. "Аа бул сөз акыйкат экен! – Нишандын бүтүн денеси чымырап кетти." Ал айласыз өзүнүн алтынчы, бармагын карады. Нишан дайым өз тагдырынан тайыган мезгилдерде ушундай карачу. Бул артыкча, жарашыксыз көрүнүш деп сезчү. Албетте, "Нишан деп ат коюлушу дагы мына ушул касиетсиз бармак кесепети".

Нишандын оордуна жооп бериштн. Эмне кылсам деп Чагырбек тынч турду. Ал атасына эмне кылсам деген ой менен карады. Мудтой "Тектур" деген белги берди да Мугубанын суроосуна өзү жооп берди:

– Шаарда азыр бардыгы болуп, он алты миңге жакын жоокерлер бар. Алардан он эки миңден ашыгыраагы Айырмач таштан кайткан эки жарым миңи Мугулан шумкарлары: – Оңколбек Мугуланды

Мугабанын уулу болгон үчүн эмес, балким кечигип бир аз келсе да, үч миң жоокер топтоп жолго чыкканда Даван кошунун ачык жайда курчоого калыштан куткарганы үчүн мактап тилге алды. Бир миңи шаар ичинде дайыма сактоочу катары тура турган жоокерлер. Мудтойдун түшүндүрүп айткан жообу Мугубаны бир аз жибитти. Мудтой түндө айылкыштак бектери алып келген эки жарым миң жоокерлери жөнүндө атайын башка сөз кылбады. Себеби Нишан башчылыктан четтетилген бул уруштар жөнүндө сөз кылуу оорунсуз эле. Айтылбаса да бектер бул тууралуу жакшы билишет.

– Канча жоокер жоготтук? Оң кол бегине карады Ихшид. Мудтой аныk жооп бере албастыгын байкап, Нишанга кийин Чагырбекке карады. Нишан дале ээси оогондой акыбалда эле.

***

Чагырбек атасынын – үч күндүк беттешип согушкандан кийин үч жарым миң жоокерден ажырадык. Ошондон Кундузбек, Карчыгайбек жоокерлеринен үч миң жоокер, Сыртланбек, жоокерлеринен беш жүз миң жок болду. Мугуландын жолунда жоготууга учураган беш жүз миң, бардыгы болуп төрт миң жоокерлерден ажырадык.

– Жоо аскерлери жаңы келгендерин кошкондо канча бар? – шаарды курчоого алгандар элүү миңге жакын.

–Кандай билдиң? шаардагы коргондордун ар эки мунара аралыгандагы жайгашкан аскерлерин санадык. Бир катары үч жүз, үч жүз жыйырма оюбузча беш катарда бир миң алты жүз аскери бар! Отуз эки

мунара аралыгында элүү миңге жакын аскерлери бар. Чагырбек жутунду да, атасына карады. Мудтой айта бер дегендей белги берди. Муну башка жол менен да санап чыктык. Чилустан, Айырмачташ жанына келген душмандар жыйырма беш, жыйырма жети миң болчу. Жоонун ал жактан келгени да ошончо болуп, эки жолдон жиберилгени аныk! Чагырбек сүйлөштү токтотту. Бектер анын бул жолку эсептеп чыкканына өтө ыраазы болушту. Ихшид Чагырбекке дагы суроо берди:

–Душмандар тууралуу эмнени билесиң? Ак Буура сайы кыргагында, Чилустан боорундагы жайытта жоону азык оокат алып берип жүрчү карвандары, соодагерлери, кошумча курал-жарак сактоочулары жайланышкан. Алардын аныk санын биле албадык. Эки туманга келсе керек. Алардын да жарымы анча бери жылып келиши мүмкүн. Ишхид Чагырбектин бул эсеп китебин, толук угуп, көңүлү бир аз болсо да, жеңилдегендей болду. "жаш болсо дагы ушундай оор күндөрү да өзүн бошотпой жүрүптүр баракелде!" деген ойдо калды. Чагырбек каякта, Нишан каякта? Азамат уулум Мугулан чечкиндүү ишке жарай турган болуп калды. Кейиничтүү жагы такка отуруу мөөнөтү аныкы эмес! Нишандын анча-мынча кылган күнөөлөрүнө карабай Мугуба ата-бабалар тартибинин такка отургузуш тууралу оюна да келе элек болчу.

–Баарыңар жай-жайыңарга барыңар – буйруду Ихшид кеңешти жаап. Баш шаар курчоосунда калган Давандыктар согуш максатына каршы келген, алар душмандын кол сала турган учурун күтүүгө аргасыз эле! Кеч көз карайгыча да согушууга аракети болбоду. Балахман менен таш аттыруусу да токтоду, эки

тараптагы баскынчылар уйкуга кетишти. Бир гана сакчылар менен кароолчулар укташпады. Бир кезде мунаралардагы жоокерлерден доош чыга баштады. Айтууларга караганда коргондун алты тарабынан душмандар коргонго жабышып жатышыптыр. Ошол кезде коргондун ичинде палахман аткан таштар түшө баштады. Душмандын эки мунара тарабындагылар баш көтөрүшкө мүмкүндүк бербей жатышты, бирок үч-төрт жайдан душман аскерлери коргон үстүнө да, чыгышка үлгүрүштү. Бирок алар көп өтпөй кайра түшүп кетишке айласыз болушту. Бир нечеси коргон үстүндө эле курман болушту. Ихшид буйругу менен түн ичи коргон үстүнө, мунаралар да көз жумбастан сакчылык кылышып, душман менен беттешип сергек беттешүүгө даяр турушка атайын бойлуу, алдуу-күчтүү жоокерлерден атайлап бөлүп коюлду жана күндүзү дем алышка мүмкүндүк берилди. Душмандын бул түнү ичинде согушканы да Давандыктар үчүн сабак болду. Алар буга чейин түнү согушууну укпаган да, көрүш-пөгөн да болучу. Эриш шаарындагы экинчи күнкү беттешүү башталды. Согуштун жүрүшү бүгүн дагы кечекиден да катуу болушу эртелеп эле байкала баштады. Демек, душмандар күндүзү согушууга катуу киришкен өтпөйт. Жана дагы бир күнкү беттешүүнү күтүү керек болот. Ихшид бектерди өз жанына кеңешүүгө топтоду. – кантип эле, хандыктардын адаты күндүзү дем алып, түнү согушка киришсе, кимдин кандай пикири бар бул тууралы? Суроо берди Мугуба. Бектерден бирөөсү да үн чыгарбады.

Арабызда эч ким хандыктардын негизги тактикасын билбейт деп ойлошту эле.

– Өлгөн душман аскерлеринин оозунда жыгач тараша баардыгын аныкташты, – деди узак ойлонуп турган Кундузбек. Ал кийинки күндөрү кыйла өзүн алдырып койгон эле. – Түндө шаар коргонунун алдында доош чыгарбай келиш үчүн ушундай кылышкан, – сөз кошту бектердин кимдир бирөөсү.

– Алар күндүзү катуу беттешүүгө өткөндөрүндө да ушундай кылышат, – деди Чагырбек.

– Муну кайдан билесиң? – деди Сыртланбек.

– Аларды согуш жол-жоруктарын илгертен эле кызыгып, бизге келген элчилер, тилемчилерден сураштырып билгенмин. Арада бир аз тыныгуу болду. Айта бергиле! Ачуусу менен Ихшид.

–Билишимче, алар дагы түн уйку мезгилде кол салышы мүмкүн деди Оңкол беги Мудтой. – Кечеги түнкү кагылышууда өзүбүздү жоготуп кыйла эндирей түшкөнүбүздү сезип калышты душмандар. Түнкү караңгылыктар алар өздөрү акырын шаарга кирип келишке аракеттенишет, – кошумча кылды Кундузбек.

– Эмне сиз душмандардын кирип келишине ишенесизби? – таң калгандай суроо таштады Сыртланбек.

–Мени туура эмес түшүндүңүз, бек. Биз ошол душмандардын Даванга кошун болуп келет деп ойлобогон элек, мына көрүп турасыз го, алар басып келе жатышат! – ачуусу менен Кундузбек, – эмнеге менин душмандарым болот экен? – ачуусун басып Сыртланбек. – Азырга чейин үйүңүз да душманга жай берип отурасыз го. Нишан ой басып отурду эле. Ал Кундузбек менен Сыртланбек ортосундагы кайым айтыш - сөздүн негизи кайда баратканын сезип, өзүнүн бул сөздөргө аралашканын сездирбеш үчүн

бектерден көзүн ала качып жаткан болчу. Нишан так ээлөчү катары болгону үчүн Кундузбек так бетине айталбай, күмөндүү таш атып жатпайт бекен?

– Негизги максаттан чалгыбагыла! - деди буйрук иретинде Ихшид.

– Жоо дагы түнү албетте кол салып көрөт жана оюн ишеничтүү айта баштады Чагырбек.

– Бирок душмандар дагы ушундай кыла алышы - албастыгы бизге, өзүбүздөн болушу мүмкүн.

Баарысы Чагырбекке көз ташташтары.

– Кандай кылып... эмне үчүн? – онтолоду бектердин бири.

– Эркелетип түндө шаарга жакындатпай кое турган кылып коюшубуз керек душмандарды.

– Кош, эмне чара көрсөк душмандар түндөсү кол сала албай турган болуп калат? Абдан башыбыз катты. Азыр да ошондой акыбалдабыз... токтонгон бек Элбек оюн акырына чейин айта албай. Анын Ихшид :

– Чагырбек, сөзүңдү уланта бер, кулагыбыз сенде!

– Менин оюмча душмандар баш дарбаза тараптан кол салышат. Себеби ал жакта коргонууга акоп казылбаган, баткак да жок, душмандар ушул жерге жапырынып келишет. Себеби ок жамгырдай жаап жатса, камыштуу жакта, баткакта, суу кечип келип, найза, кылычтарга туруштук бере алышпайт. Ошондуктан ар тараптан кол салган болуп ызы-чуу кылышы мүмкүн, бирок негизги күчтү баш дарбаза тараптан ашып өтүп, дарбазаны ичтен ачышка урунушат.

– Каяктан алдын бул ойлорду? – таң калган Элбек. Буга Мугуба токтонгон бектин суроосуна үн катпады, бирок өзүнүн оюнда да ушул суроону бериши мүмкүн

эле. Мен... менин өзүмдү ошол жоо ордуна коюп көрдүм. Мен душман болуп шаарды алыш максатым болсо, ушундай өзүм айткандай план менен аракет кылат болчумун, душмандын да кошун башчыларынын да менчелик башы иштесе керек деп ойлоймун.

Бектер Чагырбектин иш планын колдошуп, баш дарбаза тарапка күчтүү, олуттуу жоокерлерди көбөйтүп коюга чечим чыгарышты. Кеч киргенге чейин алдын ала баш дарбаза тараптагы бийик мунараларда туруп, түнкү беттешүү боюнча иш пландарын тактап жаткан болчу. Чагырбектин ылдый жагында Заутар күтүп жатканын айтышты. Чагырбек тез эле ылдый түшүп сүйүктүү аксакал менен жолугушат экен, оюна ушундай коркунучтуу кезде өтө ишеничтүү зат эмнге келди экен? Азыр душмандар кол салышы мүмкүн да деген ойго келди.

– Уста Туранды билсең керек? – деди Заутар анын жанында турган адамга башын ийип:

– Ооба укан элем, ошол уста сизби?

– Туура менмин, уулум. "Балка" да лакабым бар.

– Мунусу, – Заутар сакалынын учун солго буруп, – Урабад.

– Билемин, ал киши да уста. Бабилден болот.

– Туура, мени Бабилдик соодогер Яо Дин-Шань бул жерге келген жылы Ихшидке тартуулаган эле. Ихшиддин кулумун.

– Анабу уста Жоодар, ал да жакшы темирчи, – тааныштырды Заутар үчүнчү адамды.

Чагырбек шашып турганын араң жашырып турган болчу. "Обоо азыр ушундай кезде кимдер менен тааныша турган кезби?" Азыр кудай сактасын дейт

турган мезгил! Заутар Чагырбектин оюн сезгенздей сөз баштады: бул усталар кудайдын кудурети менен душман башына ыргытыла турган жүздөгөн күйүүчү чыракчаларды жасашыптыр. Аларды өзүң көрүшүң керек. Мен бара берейин. Чагырбек ары жакта даярдап койгон чыракчалардын бирин көрүп, – мунун күйүшүнө эмне куйдуңар?

– Таза май куйдук, – жооп кайтарды Туранбаяка.

– Мындай тунук майды кайдан таптыңар?

– Ихшиддин устаканасынан.

– Ал жерде бир чыракчаны күйгүзүп көрдүк. Чакмактын учкуну тийгендей эле жанып кетти! – деди уста Урабаз. Оң башчылар менен жүз башчылар чыракчаларды бийиктеги мунараларга таратып беришти.

Чагырбектин уруксаты менен жыйырма чыракты ылдый жакка калтырышты.

–Чырактарды жерге таштабастан дубалдын боорлоруна оронтуп койгула деди жоокерлердин бири. Дубалга шашылыш орнотулган чырактын жарыгы атарапты күндүзгүдөй жарытып жиберди. Хан кошунун аскерлери кайсыл жактан келе жатканын, алар дубалдын кайсыл жерине тепкич шатыларды коюп, тырмышып чыга баштаганы, негизги күчтү кайсыл тарапка жөнөтүлгөндөрү толук көрүнүп калды. Кээ бир душмандар дубалдын алды менен бекинип, жөрмөлөп кетип баратканы да толук көрүндү. Баары жок толук жарыкта көрүнүп тургандыктан коргон үстүндөгү мунарадагы коргоочу тандалган жоокерлер кыйналбастан кыйратууга киришишти. Баш дарбаза менен сол бурчтагы аралыктагы душмандардын дубал үстүнө чыга баштаган бир топ душмандар

Дабандыктарды ылдыйга кулатыша баштады. Колго түшүп шаар ичинде пайда болгон душмандар менен бетме-бет алыша башташты. Колдоруна найза, кылыч, канжар менен баскынчылар үстүнө бирме-бир секиришип аларды кыйрата башташты. Дубал ашып түшкөн баскынчыларды аттуу, атчан келген Дабандыктар ат менен тебелетип, кылыч менен баштарын алып жатышты. Атчан Дабандыктар кыйла караңгычылыкта беш, ондон өздөрүн башка жакка бөлүп, душман аскерлерин аесуз баш алууну токтотушпады. Айрыкча сол тараптагы мунарадагы тандалган сакчылар дубалга тырмышып чыгууга аракеттенген жоолорду жаа октору менен кыйратып жатышты, күчөтүштү. Дубалдын оң жана сол тарабына ташталган жоо аскерлерин кылыч, найза, канжар менен аесуз кырышты. Дубалдын сыртында, ичинде да аралашкан эки тараптын да аралаш, куралаш болуп бетме-бет чабышып бири-бирин кулатып жатышты. Таңга маал душман кошуну токтотту. Кайдан ойлоп чыгышкан бул баары-жокту жарыткан чыракчасы бизге каттуу каршылык көрсөттү деп – өзү актамак болгонсуду. Жоо Ши-Чен Ли Гуан Ли алдында.

-Он сегизинчи бөлүм-

МЕНМЕНСИГЕНДИН АКЫБЕТИ

Басып алган бийликтен көрө,
Бактысыздын ыйы көбүрөөк.
Акылмандардын сөзүнөн

Оролгон шаардын үчүнчү жана төртүнчү күндөрү да беттешүү согушу суз өттү. Шаарга күндүзү гана палакманда атылган таштары, жаа октору аты-лып турду. Давандыктардын сырт жак менен байла-нышы токтоп калды. Сыртка эч кимди чыгарууга да, сырттан кирүүгө да шарт жок токтолду. Коргонуу чептин ичинен казып бара жатканында араң жары-мына жеткен. Душмандын митаамдыгы эч кимге белгисиз болчу. Эмнеге баскынчылар түндөсү согуш-пай коюшту? мындан пайда болушуна көз жетпедиби? мүмкүн алар чечкиндүү согушууга даярдык көрүп жатышат. Бирок күндүзү баштайбы же түнү баштайбы эч кимге белгисиз. Негизги күчү кайсыл тараптан башташы да белгисиз.

Чагырбек да бул иш пландар тууралуу бир токтомго келе албай кыйналды. Кош эмнеге көбүрөөк чечимге келиш керек? Душмандын планы кандай? Баарысына баш катырды, кандай азап. Мүмкүн алар бешинчи күнү кокустан түнү хандыктар токтоосуз ок жаадырса да кайсыл тараптан дубалга жабышып, чыгууга тырмышышат. Давандыктар ойлоп тапкан чырак жарыгында баскынчылар дубалдарга тең келүүчү узун торсундарды жөлөшүп, саман толтурган каптар, дарак

шакчаларын боолап дубалдарга жөлөп коюлганы көзгө урунду. Демек дубалдын ар жеринен чукуп, дубалды кулата турган жол ачмакчы. Баскынчылар кийинки үч күн ичинде ошондой айла ойлоп чыгарышыптыр да! Душмандын бышык окко байланган ак жиптердин учуна темир байланган узун таякчалар да көрүнүп калды. Демек алар дубалды бузушмакчы. Эрте менен таң үрүң-бараңда баскынчылар түшүнүксүз сөздөр менен кыйкырып шоокум менен кол салыша башташты. Хандыктардын бир нече жерлерге даярдалган шатылардан түшкөн солдатттары мунара тешиктерине, коргон кыргагындагы жоокерлерге жаадырылган октордон пайдаланып, узун жыгачтарды дубал алдына алып келишти. Бул баскынчылар ар төрт тараптан тең кумурскадай жабышып дубалга көтөрүлгөн максатында эле. Алардын ниети саны аз Давандыктар дубалга жабыштырып от койгон жалындан дубал ысып, адамдар ыссыка чыдабай качып же жерге түшүп кетишет деп ойлошту. Ихшид Мугуба душмандын так ошондой максатына каршы эч ким менен кеңешпей туруп жарып өтүшкө ылайыктуу жайлардан тыгыз турган жоокерлерди коргонуу жолу менен жарып чыгышка буйрук берди. Сай тараптан саздак камыштар аркылуу келе жаткан душмандарды дубал үстүндөгү Каманчылар толук токтотуп туралышат, – деп эсептеген бектер да Ихшиддин чечимине эч нерсе дей албай катуу берилген буйрукту аткарууга мажбур болушту. Душман чындап Мугубанын кеткен каталыгынан пайдаланып, бар тобокел деп эки тараптан шатылар аркылуу алдына жүткүнгөн хандыктар катуу каршылык көрсөткөнүнө карабай дубалга жабышты да адам боюнан бийик үч-төрт адам

кире турган дубалды тешишке үлгүрдү. Ушул ачылган жоолор шаар ичине кире башташты. Түшкө чейин коргонуучу жоокерлер душмандарды үч жолу хандыктарды кыйла ары жакка кууп чыгышты. Бирок жоо кайта-кайта шаар ичине кире беришти. Беттешүү кайра чабышып атып окоптор каза болгон адамдар менен толуп бара жатты. Давандыктар төртүнчү жолу душмандарды сыгып чыгарганда ички коргондун төрт дарбазасынан экөөсү жабылып кулптанды деген сөз тарады. Баскынчылар дагы шаарга кирип келишти. Согуш эми шаардын сыртындагы көчөлөрдө жерликтүү калктар да салкындап бара жатышты.

Баскынчылар шаар ичиндеги жабылбаган дарбазаларын көздөп, жетип алышка аракеттенип жатышты. Алар эгерде бул дарбазаларды да жаап алышса, чегинишине да жай калбай калаарын билишет болчу. Көп өтпөй Давандыктар арасында согуштан утушка көзү жетпей бара жатышты. Кундузбек алып келген бир нече жүз жоокерлер сол тараптагы дубал жыгылбаска душмандарды сыгып чыгарышты да ал жерге чоң от жалыны жагылганына карабастан душмандын шаарга киришине жол бербегени да оор акыбалдын оңолушуна жардам бере албады: Давандыктар арасында ар бир минут сайын утулушуна же утушунан үмүт үзүлө баштады. Күн батаар алдынан шаардын ичиндеги эки дарбазасы да толук жабылды. Булар али согушка катышууга алып келген жоокерлерди катуу ойго салып койду. Ар кыл миш-миш сөздөр таркалды: Туман башчы Сыртланбек кол алдындагы бектер менен бирге колго түшүптүр: жана башка шаар, кыштак, айыл башчылары да душман колуна түшүп калышыптыр: Бир нече миң башчылар, жүз башчылар

колго түшүшүп өлгүчө өздөрүн өлтүрүштү туура ойлошуптур. Ихшид буйругуна баш ийгендер көпчүлүк бектер өз жоокерлери менен бирге ички шаар коргонуна кирип кетишиптир.

Күн тоо аркасына жамбаштаган сайын тышкы шаардан көтөрүлгөн жалын ички шаар дубалдарына, мунараларын, коргонуу борборун көбүрөк жарыта баштады. Ички шаар дарбазалары бекитилгенден пайда болгон өздөрүнөн кетип душмандан таш боорлук, өжөрлүк менен өч алышка кириштi. Ички шаар коргонуунун тышында күйүп жаткан, кулап жаткан, шаар ичинде калып калган Дабандыктар үчүн бир гана жол калган болчу: Акыркы каны калгыча кармашып, чындык эл үчүн жер үчүн! жаш балдарды найза учуна илип, отко ыргыткан эршиликтер Ихшиддин боштугунан тышкары жардамсыз калган жоокерлер жоо менен арстандай алышып, баскынчылар алар менен бетме-бет келише албай тыркырап качып жатышаар эле.

Дабандыктар душман тилмечтеринин "колго" түшкөндөр тирик каласыңар! деген сөздөрүнө да кулак салышпады. Өлүмдү мойнуна алышып, тобокел кылып сынык найза, жарымы сынган кылычтары менен үстүнө ташташып, куралсыз да болсо, колу менен кармап тиштери менен бет, тамактарын тиштеп өч ала башташты да, өлүп жатышты. Таң атканда кулап жаткан дубалдардын арасында бийик курулган үйлөр арасында сактануучу борборлору хандыктардын көзүнө кандайдыр бир сырдуу, коркунучтуу басып ала албай турган болуп көрүндү, шаардын коргондору бийик жана калыңыраак болуп көрүнгөндөй болду! Баары жокто чала күйгөн миңдеген адам-

дардын өлүгүнүн жыты түтөп жаткан эле. Эртелеп эки тарап тең өлгөн, жоголгон адамдарын эсептей башташты. Бул хандыктардын Чилустан менен Аргун жакындагы үч күндүн ичинде өлгөн-житкен адамдардын саны көп эле.

Дабандыктар үч миңге жакын адамды жоготушту. Жалпы шаар ичин жаап алгандан кийин сыртында жашаган калктын жаш балдары, аялдары, картаң чал-кемпирлерди эсепке албаганда. Эршиликтер чыдагыс газапка алынган болчу. Дарбазаларды мындай элди карабай таштап жаап алышына ким буйрук берди? Акыры эл деген душманды канча күн киргизбей кармап турушса болбойт беле, тыштагы жаш бала-чака, картаң адамдарды шаар ичине киргизип алса болот эле го, душмандардын колуна салып берип, өздөрүн коргон ичине киргизип албай эмне себептен бектер душман колуна түшүп калган? Мындан кийин да болор-болбогон ишке башы жетпей буйрук бере берсе аягы эмне болмок. Душман шаар ичине кууп кирип, колго түшкөндөрдүн арасынан көңүл коштук нааразылык көбөйө баштады. Акыркы күндөрдөгү беттешүү согуштун утулушунан үмүт үзүлүп, намысына келген көпчүлүк баарысы буга эң айыптуу Ихшид өзү деп билишти. Түшкө жакын чинден алтындан ат жасалган белекти алып келген элчини дагы Ихшиддин жашыруун буйругу менен өлтүрүп коюшкан экен, деген миш-миш таркала баштады. Демек баскынчылар Даванга кыргын салышына да себеби Ихшиддин өзү турбайбы? Кечке маал мишмиштер ого бетер күчөп кетти. Мугубанын иниси Нишан да агасына нааразы экен дешип ачык эле айта башташты. Түн ичи Оташкага, Заутар көзү ачыка

такка отурушуна бектер колдоп кубатташына аракеттене баштады. Жашырын кеңеш өткөрүш үчүн Заутарга масилет берген да Нишан эле. Заутар мени колдойт деген максатта бүгүн такка олтурам деп ишенген эле. Нишандын башында кеңеш өткөрүү оюна келип, Заутарга кеңешкен мезгилде анын оюна кошулгандай кылып кабыл алган эле. "ооба, эң тез ишенген жол ушул"– деген болчу. Нишан да мейли ишеничтүү катыша берсин деген. Ал көз алдыбызда, эң негизгиси колубузда болот. Сөз көпкө угулгуча мени такка олтургузат деген үмүт менен ищенип калган. Оролуп турган мезгилде райондон келген бектерди Эршиге чакырып, алардын колдорун байлап, коюга геп эмес го? Ошол чыккынчыларды жазалаш керек!

Нишандын сөзүн чорт кесип таштады. Оңколбек, Мудтой.

– Бул ушак! – чырылдап бакырды Нишан, кеңешме толук анын пайдасына көздөп чакырылганын түшүнүп ал оордунан козголуп, колун белиндеги канжарга алып барган эле, күчтүү кулдар так ээси боло турганды желкесинен катуу басып алышкан. Ийилип үстүнөн басып турган эки мойлолууларды көрдү. Алардын бирин Нишан күч менен силкип жиберди. Ал жигит бектердин буттарына чалынып жыгылды. Бектер олтурган жерден ыргып турушту. Бирок, жаракtарды пайдаланышка үлгүрө албады. Сырттан кирип келген жоокерлер катуу каршылык көрсөтүп жаткан так ээсин сыртка алып чыгып кетишти. Күбүр-шыбыр басылып, бектер өз оордуларына олтургандан кийин Заутар акырын үн менен сурады:

Такка кимди олтургузабыз?

– Мудтойду, Оңколбекти, – бир ооздон бектер.

Чечим ушундай таза гана алмашты. Заутардын белгиси менен Мудтой ордунан туруп, Ихшиддикти кабыл алышка ыраазы экендигин билдирди. Бул оор милдетти аткарууга, такка отуруш да, аны белгилеш да, убакыт да жок экендигин баары түшүнүшөт эле. Бектер толук ушундай бир ооздон Чагырбекти кошун башы кылып шайлашты. Мугуба тактан түшүрүлгөнү тууралуу кабар шаардын бардык көчөлөрүнө, мунара-дагыларга толук чагылгандай тарады. Ал эмес эски Ихшидди келтирилген күнөөлөрүн оозго баты-шынча айтышты. Канча кеңеште айтылбаган жашы-руун айыптарын Мугубага толук жабыштырды. Ихшид аргымактарды хандыктар сатып алалы десе, сатпай койгону үчүн баскынчылык кылып аргымактарды алып кетүүгө келишиптир. Согушка пайдаланууга, өзүбүздүн жоокерлерибизге да бербей койгон экен.

– Ихшид өз аргымактарына Арк коргонуна бекитип, жай калбаганы үчүн, адамдарды тышта калтырып коюптур. Жашыруун кеңеште айтылган сөздөрдү бектер мындай эмес деп акташты.

Бирок бектерден тартып акылдуу башкаруучу Дабандыктарга чейин бир ооздон: Мугуба өзүнө айып койгон. Мен-менсингени үчүн тактан түшүрүлгөнү ылайык эле.

такка отурушуна бектер колдоп кубатташына аракеттене баштады. Жашырын кеңеш өткөрүш үчүн Заутарга масилет берген да Нишан эле. Заутар мени колдойт деген максатта бүгүн такка олтурам деп ишенген эле. Нишандын башында кеңеш өткөрүү оюна келип, Заутарга кеңешкен мезгилде анын оюна кошулгандай кылып кабыл алган эле. "ооба, эң тез ишенген жол ушул"– деген болчу. Нишан да мейли ишеничтүү катыша берсин деген. Ал көз алдыбызда, эң негизгиси колубузда болот. Сөз көпкө угулгуча мени такка олтургузат деген үмүт менен ищенип калган. Оролуп турган мезгилде райондон келген бектерди Эршиге чакырып, алардын колдорун байлап, коюга геп эмес го? Ошол чыккынчыларды жазалаш керек!

Нишандын сөзүн чорт кесип таштады. Оңколбек, Мудтой.

– Бул ушак! – чырылдап бакырды Нишан, кеңешме толук анын пайдасына көздөп чакырылганын түшүнүп ал оордунан козголуп, колун белиндеги канжарга алып барган эле, күчтүү кулдар так ээси боло турганды желкесинен катуу басып алышкан. Ийилип үстүнөн басып турган эки мойлолууларды көрдү. Алардын бирин Нишан күч менен силкип жиберди. Ал жигит бектердин буттарына чалынып жыгылды. Бектер олтурган жерден ыргып турушту. Бирок, жаракtарды пайдаланышка үлгүрө албады. Сырттан кирип келген жоокерлер катуу каршылык көрсөтүп жаткан так ээсин сыртка алып чыгып кетишти. Күбүр-шыбыр басылып, бектер өз оордуларына олтургандан кийин Заутар акырын үн менен сурады:

Такка кимди олтургузабыз?

– Мудтойду, Оңколбекти, – бир ооздон бектер.

Чечим ушундай таза гана алмашты. Заутардын белгиси менен Мудтой ордунан туруп, Ихшиддикти кабыл алышка ыраазы экендигин билдирди. Бул оор милдетти аткарууга, такка отуруш да, аны белгилеш да, убакыт да жок экендигин баары түшүнүшөт эле. Бектер толук ушундай бир ооздон Чагырбекти кошун башы кылып шайлашты. Мугуба тактан түшүрүлгөнү тууралуу кабар шаардын бардык көчөлөрүнө, мунара-дагыларга толук чагылгандай тарады. Ал эмес эски Ихшидди келтирилген күнөөлөрүн оозго баты-шынча айтышты. Канча кеңеште айтылбаган жашы-руун айыптарын Мугубага толук жабыштырды. Ихшид аргымактарды хандыктар сатып алалы десе, сатпай койгону үчүн баскынчылык кылып аргымактарды алып кетүүгө келишиптир. Согушка пайдалануга, өзүбүздүн жоокерлерибизге да бербей койгон экен.

– Ихшид өз аргымактарына Арк коргонуна бекитип, жай калбаганы үчүн, адамдарды тышта калтырып коюптур. Жашыруун кеңеште айтылган сөздөрдү бектер мындай эмес деп акташты.

Бирок бектерден тартып акылдуу башкаруучу Дабандыктарга чейин бир ооздон: Мугуба өзүнө айып койгон. Мен-менсингени үчүн тактан түшүрүлгөнү ылайык эле.

-Он тогузунчу бөлүм-

ШААР БЕГИ

Эрши шаарынын душмандар менен оролгонун сегизинчи күнү эрте таңда Мудтой биринчи жолу Бадахшан берметинен жасалган такка кооптонуу менен шашылбай олтурду. Зарык иштери менен эрте келген бир нече бектер жаңы Ихшидти куттукташты. Мудтой аларга ар кыл тапшырмаларды берип жөнөткөндөн кийин ордунан туруп, бир эки арым аттады да аркасына бурулуп, бул так өзүнө тартып, "эмне жасаса боло турган" этияттанып ойлонуп калды. Ха, ал бир өмүр ардактап ынтылган максатына жетти! Кокустан туш келип калбадымбы? Эмнеге канчалары кудайлап күткөндөр болбой, каала-каалаба олтурду. Мудтойго маңдадагы так кандайдыр бир касиетсиздей болуп көрүнгөнсүдү. Анда олтурган алдыңкы Ихшиддин тагдыры армандуу болду. Мудтойдун башында убакыт келип, ушундай күн түшпөс бекен? Ким өз тагдырыны алдын ала биле алышат. Ушул убакка чейин Мудтой өз тагдырынан көңүлсүз болгон эмес, ал бектин үйлөсүндө туулуп өскөн. Аны бир топ жылдан бери ишеничтүү, чечкиндүү иш жан дили менен берилип иштегени үчүн Оңколбеги кылып шайлаган. Мына эми Даван Ихшиди даражасына көтөрүлдү! Мүмкүн болочок балакеттин башталышыдыр бул. Кандай шарты болсо да, такка отурганын унутпас керек. Эгер азыр хандыктар басып келбесе, Мугуба да такта тынч отура бермекчи. Демек тактан коркуш

керек эмес. Бардык кесепет, бардык балакеттер тышта, шаар коргонунун сыртында. Жоону айдаш, Даванды душмандан толук тазалаш керек. Ошондо гана так бактысыздык алып келбейт. Эгерде кууп чыгарыш Мудтойдун колунан келбесечи?

Анда... Мудтойдун жети атасына чейин өмүр бою уятка калат, шерменде болот. Мудтой башын иштетип ойго чөктү. Бул тууралуу кече күнү Ихшидти кабыл албай туруп, ойлонуш керек эле. Ал кече да тайсалдаган эле, бирок Заутор, Кундузбек жана бир топ урматтуу башкаруучулары, шаар бектери аны такка азыр отурушу зарыл экендигин такылдап койбошту. Заутар Мудтойго: "Азыр Эршид сизден башка Даван кыйынчылыгын көтөрө ала турган эч ким жок" – деди. Муну Мудтойдун өзү да абдан жакшы билет болчу. Ошол үчүн да такты кабыл алды. Тагдыр ушундай экен, азыркы пайдасыз ойлонуунун эмне пайдасы бар. Мудтой ишеничтүү жүктү тартмакчы болду, бирок, баары бир гүмөндүү ойлор тынчтык бербей жатты. Мудтой такка олтурган убак өтө калтыс болуп, бир жагынан душман курчоосунда калды. Мамлекеттин бир бөлүгү жоо карамагында экинчи жарымы Эршидден ажырап калган. Мындай шартта эмне кылыш керек, кандай чараларды колдонушу зарыл. Шамандарга, душманга кол көтөрүп бериш керекпи? Тизе чөгүп жерди өөп душмандан кечирим сураш керекпи? Мудтой оюна келген мындай пикирден уялып да кетти. Ал Оңколбеги эч качан ишеничти жоготпогон. Каяктан пайда болду мындай чыдабастык? Балким ага бардык жоопкерчиликти өз жоопкерчилигине алганы үчүн ушундай туюлуп жаткандыр. Мүмкүн улуу Кудайым пешенесине өмүр бою

Оңколбеги, Даванда экинчи шах болушу жазып койгон болсо? Жок ал Ихшид болуш үчүн туулган, анын жаркын тагдырына бул хан ордуна жетиш алдынан белгиленип коюлган. Кудайым Мудтойго акылдуу жана эр жүрөк уулдары, жоокерлерди башкарыш, аларга жетекчилик кылуу, ата-журтун жоолордон куткарыш, жана асырап жүрүш жагы атаа кылган.

Өзүнөн кийин Мудтойдун уулдары, неберелери такка отурушу керек! Коркок адам, жарабаган акылдуу болбосун. Даван өкүмдарлыгына ылайык эмес. Мудтойго болсо коркоктук жат көрүнүш.

Давандыктарды куткарыш үчүн өз жанын да аябайт. Душман менен күрөшүүгө даяр, баскынчыларды куулп чыгарыш үчүн ар нерсеге даяр, колунан эмне келсе кылат. Мудтой чыйрак басып, так ордуна ишеничтүү жайлашты. Азыр Мудтой Ихшиддин кетирген каталарынын себептери тууралуу ойлонду. Өткөн күндөгү кеңеште Мугубанын жол койгон катаачылыгы тууралу айтышты, бирок эмне үчүн мындай болгонун айтышпады. Бул түшүнүктүү. Душман эки бутту бир кончко бууп турганда, ката себептерин сураштырып турганы көңүлгө сыйбайт. Мудтойдун өзү дагы Заутар менен сүйлөшкөндө бул катаачылык тууралуу ооз ачпады. Бирок Мудтой кыйладан бери, айрыкча өткөн жылы хан кошуну чек арагы бастырып келгенден баштап, Мугубанын сөздөрүндө кыйла баш айланган иштерди сезе баштаган эле. Маркум бабасынын тегиз жолунда аттын күчүн сынаш болбойт болчу, деген сөздүн тууралыгына Мудтой анык ишенген эле. Жаңы Ихшид бул тууралуу өзүнүн пикирин да кошумчалады:

Бир жерде багылган аттын басылган жолунда же башка жолдо, бири-бирини эмнеге керектигин сезет. Мудтой дээрлик отуз жылдан бери Мугуба менен жанаша тартып келди. Мугубанын кайсыл иште чечкиндүү эместиги, кайсыл иште кетирген айыптары белгилүү эле. Мудтой Мугубаны анык өкүмдар деп билчү, чын дилден урматтоочу. Жылдар өткөн сайын акырын-акырын Ихшиддин ойлонбой чечкен маселелери көзгө көрүнө баштады. Бара-бара Мудтой өкүмдардын ичи тарлык кылганына толук ишене баштады. Эң биринчи элчи Жань Цяньдан кийин Даванга Чин элчилери келе бере турган болуп калды эле. Ошондуктан Мудтой Ишхидке элчилердин ар кыл сөздөрүнө эле ишене бербеш керек болчу. Аларды кабыл алып туруу керек албетте, кээ бир убакта коңшу мамлекеттер менен алаканы чыңдап, этиятташ зарыл деп айтып да көрдү. Бирок узун соода жолун тобокелдештирип, алды-бердиге берилип кеткен Мугуба анын сөзүнө көңүл бурбады. Ихшид коңшу мамлекеттер алдында болор-болбос нерселерин алып, өз колубузду өзүбүз байлап, койбошубуз керек деп өзү сөз кылган. Алардын жерлери биздикине окшоп тоо таш токойлор менен курчалбаган. Биз эмес алар биздин жардамга муктаж. Эмнеге эле оорубаган башыбызды оорутушубуз керек. Мугуба карындаш уруктарын Усундарга, Согу, Төөчү, Алан элдери менен өз ара мамилелери, бири-бирине колдошуу тарабынан андай менменсинген адатын кылбады. Түбөлүк муз менен капталган асман тиреген тоолор Даванды коңшуларынан ажыратып турбай, кээ бир убактарда өкүмдардын максатташ мүмкүнчүлүгүн да чектеп койгон. Ихшид өз мамлекетинин тарыхын, өз элинин

бактысы тууралу кем ойлочу. Өткөн күн менен азыркы күндү баалап турган көзгө көрүнбөгөн нерселерди акыл менен ойлоого жатык эмес эле. Ал Даван Фарс шахынан да, мүйүздүү Искандардан да өзүн мен деп, эч кимдин жардамысыз өзүм бийлейм деп айтуучу. Өзүнө артыкча ишенич, менмендик, кайсарлык, кенебестик хандардын агрессорлук, басып алыш максатын байкабастык кылып, алдын ала чаралар көрүүгө мүмкүндүк бербеди. Мына азыркы күндү алып көрөлүк. Биринчи мүмкүнчүлүктү Ишхиддин темирдей мүмкүнчүлүгүн сындырды, алдыңкы ишеничтен эч нерсе калбады. Акыры тактан кулап түштү. Мудтой эми чыканагын так сүйүнүччүнүн сол тарабына койду. Анын максаты азыркы күнгө, анын кечиктиргис оор тапшырмаларга бурулду.

Мудтой өмүрүндө биринчи жолу масилетчи катарында эмес, өкүмдар катарында иш алып барууга берилди. Ал такта отурбаганда да баары бир башта деле мамлекетти башкарууда четте турчу эмес. Бирок азыр анын жоопкерчилигинде баардык нерсеге бир өзү чече турган тапшырма турат. Бул башкы сөз! Давандын жаңы Ихшиди Мудтой ар кыл күмөндүү ойлорду жеңип, адам зат дайыма айрыкча жашоо турмуш курууда өзүнө-өзү ишенип, туруктуулук – өзүнүн мүмкүнчүлүгүнө ишеничтен башка жол жоктугун далилдешти. Жаңы Ихшид ылдый жактагы баланы алып такка отурганда, шып этип кул кол куушуруп эшикте пайда болду.

– Марданбек каякта?

– Бул жерде сыртта турат.

– Кирсин?

– Канд шаарынын беги Марданбек Нишан чакыртканбектер менен бирге Эршиге жетип келген, ал дагы курчоодо калган эле. Жашы элүүлөргө барып калган Марланбек узун бойлуу, күч кубаттуу, сөзөмөл, аты чыккан улакчы эле. Ал шап мойлоо, кууш мурун, негизи тышкы көрүнүшү Мудтойго окшоп кетүүчү. Марданбек өтө ийилип таазим кылууга үлгүрө электе Ихшид сөз баштады: – Түнү менен Эршидтен чыгып кетишиң керек. Сага эмне кылышың тууралуу сүйлөшкөнбүз жок дегенде бир апта ичинде баскынчыларга каршы согушууга кол курап келишиң керек! Ошол күнү кечеси – Ихшид алмашкан түнү жер казуучулар Аргун сайдын ары жагынан камыш токою ичинен тешип тышка чыгып кетишкен. Сай менен шаар коргону арасында баткак, сайдын наркы кыргагы менен камыш ортосунда болсо кичинерээк түзөң жерге токтогон эле. Ошол жактан көңүлү ток душмандар сайдын аркы жагына сакчыларды коюшпаган. Он чакты жоокерлери менен Канд беги башчылыгында жарым түндө жөрмөлөп камыш токоюнан чыгып кетишти. Марданбек он жоокерлер ортосунда бара жатты. Чоң Даван кошуну жүрүшүндөй кылып катуу тартип менен бара жатышты. Негизги башкаруучуну оң тараптан, сол тараптан, арка тараптан, алды жагынанда абайлап кооруп барууда. Албетте Марданбек сөзсүз күн батыш тараптагы шаарларга, райондорго, топ айыл- кыштактарга сак саламат жетип барыш керек! Бир гана курчоодо калган Эршиликтерге гана эмес, мүмкүн Даван мамлекетинин келечек тагдыры ошого байланыштуудур.

Түнү жолоочулар жүрүүчү адырлар арасынан жылан изи жалгыз аяк жолдордо жүрүп таң атаар кезге чейин душман кароолдору келгиче үй ээлери таштап кеткен

жарым жарты коргондорго жетип барышты. Кийин алар жүрүштү тездетип, Кара-Дарыя кыргагындагы камыштуу токойго жайгашкан айылга туш келди. Марданбек жанында жүрө турган жоокерлеринин экөөсүн дагы аттарга миңгизип, күн батыш тарапка шашышты. Калган жоокерлер болсо, түн ичинде этияттык менен баскан изи аркылуу кайтышты да Эршиге жер алды менен кирип келишти. Кантсе да курчоодо калгандын тогузунчу күнү батыштагы шаарлар, райондор, топ жашаган айыл-кыштактар менен байланышып, жардамга келишке макул-дашкандан кийин желкесинен тоо түшкөндөй өзүн жеңил сезе баштады. Марданбек туптуура Кубага Мугулан баштаган шаарга жол алды. Кандга жетип барган учурда Давандын баардык шаарларына район-доруна чабармандар жөнөтүлүп жаңы Ихшид атынан Кандда чакырылган кеңешке алардын келишин суранды. Нишандын каразгөй буйругу кечиккен-диктен эршиге барбай калган бектер менен аксакалдар кеңешке келишине карата Марданбек бул жерден узактагы кенден темир жана коргошун алып келишти буйруду. Темир усталар күнү-түнү дебей иштей башташты. Алар түн ичи кара чырак, майга салып жагылган тарашалар жарыгында курал жарак даярдашты. Канд кениндеги усталар толуп кетти. Таштап кеткен үйлөргө, айбандарына калып калган сандалдарды алып келип, оңдошуп орнотуп алышты. Курал-жарак жасагандар көбөйдү. Ар тараптагы шаарлар, айылдар, кыштактар, жайлоолордон көчүп келгендер, эл арасындагы бир нече бар болгон жолдор, ашуулар, адырлар, кечүүлөр, булактар бар жерлерди билген, Кербен менен кумдуу жерлерди, какыраган чөлдөрдү көп жолу баскан саяпкерлер, чабандездер, жылкычылар, кой-мал баккан чабан, малчылар Марданбектин ишканасына агып келе баштады. Март, колу ачык балбан, эр жүрөк далай гана

жигиттер топтолушту. Аларды алыс-жакын айыл-кыштактарга, чөлдөгү дыйкандарга, тоо жайлоодогу жылга-жылгаларда суу бойлоп, токойлуу жайларга бир аз тууган уругу, балдары менен жашаган, жерлерге кабарчы жана жаңы Ихшидтин ишеничтүү кабарчылары катары жөнөтүлдү. Коңшу элдердин башкаруучуларына жаңы Ихшид атынан кабарчылар жиберилди. Коңшу жашаган элдердин акылдуу аксакалдары, баш көтөргөн көрүнүктүү жигиттери – койчулар, дыйкандар, малчы, жылкычылар, өнөрпоздор, улакчы, мергенчилер өмүрүндө биринчи жолу угушкан хан мамлекети тууралу түшүнүгү жоктор. Ал калк мамлекет эмне экенин, адам көрүнгөн жан-жаныбарларды жей берет экен имиш дегенди гана угушчу: Чин, Чинжин, Хань хандыктыктар, хан адамдары... алар туурасында эч нерсе угушпаган. Эми алар сан жетпеген адамдары менен кошун башчылары карындаш, урук Даванга жапырылып келген имиш! Аларга эмне керек экен?! Эмнеге алар ушунчалык узак, үч айлык жолду басып Даванга келишиптир?! Акылдуу адамдар бул коркунучтуу окуядан чечкиндүү чечим чыгарышты: Бир себеби болбосо Эршини жөн эле курчоого алынбайт да, демек бектерибиз, хандарыбыз бизди дагы Даванга жардамга чакырышты. "Коңшунун үйүнөн өрт кетсе, бирөөнү чакырып отурбайсың го" дешет го. Көпчүлүк жоокерлер буйрук күтпөстөн эле жардамга шайланып кылычтарын курчутуп, калкандарын даярдашып, үзөнгү боолорун ээр бел тарткычтарын бышыктап даярданышты. Бирок, Давандыктардын өздөрүндө курал-жарак жетерлик эмес эле. Канд шаарында чакырылган кеңешке күн батканга чейин Давандын айрым шаарларынан өкүлдөр келишпеди. Сигян, Гесой, Чуст, жана башка бир канча бектери менен аксакалдары барган чабарман кабарчыларга биз эч кандай жаңы Ихшидти билбейбиз билишти да каалабайбыз деп жооп

бериштн. Айрым бектердин мындай оор күндөрдө өздөрүн мындай боорукерсиз мамилелерине ачуусу келип өзүн токтотту. Ал өзү топтогон кеңештин катышуучулары менен тез токтотуп, бир нече жолу аксакалдар менен күн батыштагы шаар, айылдарга барды. Аларды түрдүү жолдор менен бой көтөргөн бектер, кайсар аксакалдар, сөзү өтүмдүү адамдарды кыйла жолго салды. Кээ бир бектердин ордуна башка адамдарды коюуга туура келди. Мындай жолго барышка жаңы Ихшид Марданбекке уруксат бербеген болчу. Бирок азыркыдай чара көрүш зарыктыгы оюна келбеген эле. Марданбек коркпой жоопкерчиликти өз мойнуна алды: Ким бек болуштун эмне айырмасы бар?! Курчоодогу Эршиге жардам кылыштан артык эмне бар "өз билермандык" актайт! Марданбек жашырынча жер алды менен чыгып кеткенден кийин баскынчылар тоо этектеринде, даректар арасында, камыштуу токой арасында Давандыктардын кичине аттуулар, бөлүнүп чыга калган адамдарын көрө башташты. Кээ бирде сайдын арка жагында, адырларда жүздөгөн аттуулар ал жак, бул жакта ат чабышып жүрүштү. Таң атар мезгилде чоң аттуулар Хандык аскерлерге жакын келишип, кароолканаларын карап кетише башташты.

Шихид, Селат, жаңы Далварзин шаарларын басып алып, Эршини курчоого алган кезде коргонуучу коргондорду бузуп, колго түшкөндөрдү, жаш балдарды, аялдарды өлтүргөндөрдү көрүп Давандыктар эми ата-журтунан душмандарды кууп чыгууга жан, алы калбай толук аракеттенүүдө.

-Жыйырманчы бөлүм-

ЖОЛ ТОСОРГО МУКТАЖ БОЛБОЙБУЗ

Түндө белгисиз үч Давандык кароолкана оозуна келип, ичкеридеги корукчу жоокерлерге биз Ихшидтин өзү менен учурашышыбыз керек, абдан зарыл сөзүбүз бар дешти.

Алар ким кайсыл жактан болушат, курчоодогу шаарга кире турган жашыруун жолдун оозуна туура ушул жердин адамындай кайдан билишти, эмне үчүн аларга бир Ихшид өзү керек, башка бирөө же бек эмес?! Бул суроолордун бирине да бейтааныш адамдар жооп бербеди, чынында жооп бергиси да келишбеди.

Алар шаарга сөзсүз киришибиз керек, кайтып кетпейбиз, деп туруп алышты. Бүтүн мамлекеттен айласыз жашап жаткан узун, тар, караңгы жер астында бир жарыктык жок, айрыкча ушул күндөрдө Маданбектен орчундуу, сырдуу кабар күтүп жаткан Ихшид Мудтой бейтааныш адамдарды кирүүгө уруксат берди. Бейтааныш адамдарды туп-туура Ихшид отурган жерге алып келишти. Алардын бири мындай деди: Биз Силат менен Шихид аралыгындагы тоолордо жашайбыз. Бир шаардан бизге курал-жарак, аттардан беришсин! Миңге жакын жигиттерди топтойбуз! Эгер күн батыштагы жоокерлер макул болушса, биз алардын алдында келип, баскынчыларга жоокерлер макул болушса, биз келип, баскынчыларга беттешибиз да, аларды моюн желкесинен бир эки жерин үзүп таштайбыз. Сиздер курчоодон кутулуп

чыгасыздар! Кийин бул жарыбагыр чиндерди тоолордо, калың камыш зарда бирден тынчытып, түлкүгө жем болгон тооктордой кыйкыртып тирик терилерин шылып алабыз! Атаманыбыз сиздин алдыңызга жиберди, ушул сөздү айтсын деп. Айткан сөзүңөргө караганда жолтосор болсоңор керек, ошондойбу?

– Кызыгып сурады Мудтой.

– Биз каракчы болобуз деп ойлонбогонбуз. Айласыз ушул жолго түштүк. Эми кылган күнөөлөрүбүздү жууш үчүн, душмандарды ата-журтубуздан куулп чыгып, элибиз тынч жашаш үчүн. Бирөө мажбур кылды бизди.

– Адилетсиздик, басмырлоо мажбур кылды бизди.

– Негизги! кандай адилетсиздик?!

– Бул абдан оор узак созула турган иш.

– Туура, азыр эмне, кандайлыгын акырына чейин сурай турган убакыт эмес – деп койду Ишхид.

Бейтааныш адамдарды бул жерге киришке уруксат бергенинде Мудтой алар каракчы болуп чыгаарын оюна да келген эмес. Алар бир шаар бегинен жакшы кабар алып келгендер болсо керек деп ойлогон. Мына эми Даван Ихшидди каракчылар менен да сүйлөшүп олтурууга туура келип олтурат. Кантип Ихшид каракчылар менен сүйлөшкөнгө ылайык зат болсо! Арага күтүлбөгөн оор тынчтык чөктү. Каракчылар эмне дейт дешип жооп күтүштү. Бектер аларды баштан аяк күмөндүү күзөтүп турушкан. Муну сезишкен каракчылар колдорун кылыч, канжарларына алып барышты.

– Коркбоңуздар, элчиге өлүм жок! – деди башкарып олтурган Мудтой.

– Силерди бул жакка кирүүгө уруксат берген менмин.

– Эгерде коркок болгонубузда, биз сиздин алдыңызга келбейт элек. Бирок койдой мууздалып, кетишти каалабайбыз. Кудайдан ар качан жолборс жолун тилеп койгонбуз! – деп жооп кайтарды каракчынын бири. Чамасы ал келгендердин башчысы болсо керек. Мудтой эшик кагасына белги берди. Ал жол тосорлорду башка бөлмөгө баштап кирди, да ушул жерде күтүп турууларын айтты. Ихшидтин жанында бектер гана калышты. Мудтой аларга карап:

– Бул жол тосорлор өжөр, каныккан жигиттер. Алардын бирөөсү он чакты душманды тынчыта алат. Бирок... бирок адамдар эмне деп сөз кылышар экен? Алар каракчылар менен жанаша согушууну туура эп көрөр бекен же намыстанар бекен? Күн батыштагы бектеричи? Алар булар тууралуу угушса, бизден жүзүн кайтарар бекен? Аларга азыр бир аз нерсени шылтак кылганы керек болуп турат. Кандай болсо да бул ишти туура ойлонуп көрүшүбүз керек. Ар бир кадамыбызды пайда, зыянын өлчөп басышыбыз оң. Катага жол койбошубуз зарыл, Бектер кандай кеңеш беришээр экен? Бул жол тосорлордун ким экени баарыбызга белгилүү го! Алар уурулук, талоончулук кылышат, үйлөргө өрт коюшат, аялдарды зордошот. Өт катуу айыпкерлер го булар! – жамандап сөз баштады Жасоолбеги катарында, өмүр бою жол тосорлор менен күрөшүп келген Кундузбек. – баскынчылар басып келгенден бери, күнү-түнү эмне кылып, кандай кылсак жоокерлер санын көбөйтө алар бекенбиз, деп ойлоном. Жоону айдаш үчүн башка бектердей мен да ушундай кылышым керек. Бирок

бул жолтосоорлор жоокерлер арасына кирип, аралашып кетишсе аларды да бузуп коюшат. Жаман кылык-жорук жугумчул болот. Менимче жол тосорлордон азыраак пайда көргөнүбүздөн көрө өтө чоң залал көрүнүшүбүз мүмкүн. Үч жыл башта жол тосорлор Заутар ишканасына өз өкүлдөрүн жөнөтүшкөн эле, ошол күнү мен да ал жерде сыйынууга барган элем, – деди токтонгон Некат беги – алар өз күнөөлөрүн кечиришти суранган эле. Бирок Заутар аларды узатып коюп, бизге түшүндүрдү: Жеткен заар ачуулуну сактоочунун жеткен душманы, бирок, кудай жол тосорлордун жанын сактап калган. Жамандык кылуу алардын сөөк-сөөктөрүнө сиңип калган. Жол тосуулардын каны төгүлгөн жерден бир күнчөлүк алыс жүрүү керек. Эшик агасы жол тосорлорду дагы Ихшид алдына алып келди. Мудтой аларга кыскача чечимин айтты:

Силердин жардамыңыздарга муктаж эмеспиз. Жол тосорлорго камкордук кыла албайбыз. Ушул убакка чейин Ихшид менен сүйлөшүп жаткан, далылуу каракчы канжар менен кылычын шарт алып таштап, килем үстүнө ачуусу менен көмкөрөсүнөн жыгылда да, башынан өткөнүн төгүп салды. Жол тосор атаманы мына менмин! Атым Бургут! Колдорумду байлагыла, мейли өлтүргүлө менин, жаныма жетти баарысы! Эч ким тообабызды кабыл албады, баары бизден жийиркенет. Биз жоокерлер менен бирге согушка барып, душманды өз жеribизден куулп, чыгалы деп суранып жатабыз го! Ихшид менен бектер баары каракчы – атамандын сөзүн тынч угуп турушту. Кабат-кабат оюндагы сөздү укkан-укпаганына карабай Бургут арманын айтып жатты. Сүйгөнүм Ойтукканды

тартып алган кыштак аксакалын өлтүрдүм. Ошол акмак мени жол тосорлукка алып барды. Эгерде Чинжиндер жолуму тосуп, тойго даярданган акчамды уурдашып, тоскоол болбогондо кечикпей жетип келип, сүйгөнүмдү сактап калат элем. Ушундай кылышпаганда Бургут буулугуп, бир аз токтоп калды. Менин бактысыз болгонума, ушул жолго киришиме ошолор айыптуу! Өлөр-өлгүчө өч аламын алардан! Бургут жана дагы ар нерселерди айтмакчы болду эле, бирок тамагына бир нерсе тыгылып, башка сүйлөбөй калды. Кундузбектин ымдашы менен бир нече сакчы жоокерлер каракчыларды кармоого даярданып калды эле. Муну сезип калган Мудтой колуну тез шилтеп жасоолорду токтотту. Бургут үчүн азыр башына эмне болорун түшүнүүгө пайдасы жок эле. Ал кайсыл жерде, кимдин жанында турганын да сезбей калган чагы. Бу кандай акыркы адамдарга кошулуш жолун-дагы акыркы үмүт дагы жокко чыкса! Жашаштын эмне кызыгы бар ушундан кийин? Кандай эле эзүүчүлүк менен жамандык ортосундагы күрөштө жаман-дык жеңип чыкса?!

– Ишендирип айтамын: Элчиге өлүм жок! деди Ихшид бардык күчү менен. – Билип кой атаман! Сен шериктериңдин элчиси болуп келгенсиң тирик, ойлонбой чыгып кетесиңер!

Демек, Ишхид алардын сак чыгып кетишине урук-сат берди. Муну Бургут өздөн кеткен адамдай чала-була түшүндү. Калган эки каракчы атамандын жарактарыны гилемдин үстүнөн чогултуп алышты да, Бургуттү арка-алдынан коргошкон боюнча тышка жөнөштү. Бургут башынан өткөн жакшы-жамандыкты жана кайта эстей баштады. Ал кийинки күндөрдө бир

нече жолу ушундай баш ооруга туш болгон эле. Туура, Бүргүт Ойтукканды уурдап кеткен кыштак аксакалын өлтүрүп, үйүнө от койду. Жол тосорлук кылып, байлар кербендерди талады, кулдарды азатыкка чыгарды. Түрмөдөгүлөргө кол салып, күнөөсүздөрдү азатыкка чыгарды. Талаган байлыктарды бей-бечараларга таркатты. Ынсапсыз байлардан тартып алган кийим-кечелерди, тагынчактарды кыз узаткан колунда жокторго көргөзбөй жашырын келип таштап кеткен мезгилдер да болгон. Бургут башта шериктерин катуу тартипке салчы, зордукка учураган аялдарды катуу жазалоочу. Бирок кийинчерээк өзү да катышкан учурлар болгон. Ал бекерден дүнүйө топтогон бирөө-нүн эсебинен байыган байлардын аялдарын зордогон. Каракчылар өз күнөөлөрүн жоюш үчүн тул аялдарды топтоп алып, үй салып, коргон уруп, үй шыбака салып иштетип үйлөнүшүп турмуш куруш жолуна түшкөн-дөр да болушкан.

Бирок бул адамдар! Бургуттун картайганча чоң атасы каза болгондо сөөгүн жайга коюшка жардам бериш-бептир. Бир апта кийин үйүнө кокустан келип калган Бургуттун өзү жайга коюшка жараптыр го!

Коңшулары чоң атаң каза болгонун билбептирбиз деп, актанышыптыр. Бургут ал сөзгө ишенгендей болду.

Туура, ар кимдин өз турмушунун кайгысы өз башы-нан ашып түшөт го? Чалдын жаңы үзүлгөнүн да, билишпегени мүмкүн, Себеби алар ар дайым жол тосорлорду издеп, тез-тез кыштакка келип турушкандыктан алардан коркуп, чалдан кабар албаса кайдан билишсин, анын өлгөнүн. Бул эле эмес, көпчүлүк каракчылардан жиркенгендери белгилүү. Негизги калк: дыйкан, кой багарлар, өнөрпоздор

жийиркенишинин себебинен үч жыл сыйынуучу жайга Зауттар мечитине тооба кылып барышчу.

Баскынчылардын Даванга бастырып келгендери Бүргүткө эки жыл көрө албастык ниетин козгоду. Бир жактан ал катуу ачууланды. Даван топурагында чинжиндердин пайда болушу. Бүргүткө бактысыздык алып келишти. Андан тышкары душмандардын корс элчисинин башчылыгында келгендер да кимдир бирөөлөрдүн көрсөтмөсү менен жолдо өлтүрүлгөн-дүгү тууралу да, бул каракчылардын иши деп, бир нече жүз жол көзөмөлчүлөр Бүргүт адамдарын аңдып тынчын алышкан. Бүргүт өз шериктери менен жанаша турган тоолорунда жашырышып жүрүп, бул жалаадан араң кутулушкан. Ушул жылы жайында Бүргүттүн шериктери менен жана Даванга кайтып келишти. Акыркы жол тосорлор да адам, алар да өз ата-журтун жакшы көрүшөт. Бургут баасыз топурагындагы тоолор, адырлар көгүлтүр дарыялар, сайларда жашоону көз алдына келтире албайт го!

Бул жерлердеги ар бир кырлар, жайлоолор, даректар, булактар шылдырап агып, кошулушуп гүркүрөгөн дарыялар, балалык кездеги Ойтукканды эстеди.

Азырчы? азыр ач көз, сук душмандар мынабу тоо-лорубузду, токойлорубузду, жайлоолорубузду, дарыя-ларыбызды, айдоо түз жерлерибизди Давандыктардан тартып алмакчы! Эгер алар жалпы максаттарына жетип алышса, хан элчилерин эч качан кечиришпейт. Анда Бүргүт шериктери менен өмүрүнүн акырына чейин Жолтосор болуп калышка мажбур! Жок, мындай жалаага көнүгүш мүмкүн эмес. Демек ар кандай болсо да, өзүбүздүкүлөр менен келишкенибиз оңойураак! Бирок, кандай кылып? Мына ушул тууралу Бүргүт

душмандын Даванга басып келгенин туура көрдү. Мына эми душман менен жан алып, жан берип, алышат. Кимдин, кимдигин көрсөтө алышат! Акылман бир жолу Бүргүткө мындай деген эле: "Ихшиддин алдына туп-туура өзүң бар! алардын акыбалы абдан оор, жардамдашып курчоодон чыгарууга болот деп айт" – Андан кийин Давандан душмандар менен болгон согушта каза болгондор шейит болуп, күнөөлөрү кечирилип асманга көтөрүлүп кетишет. Кудайым аларды да бейишине чыгарат. Башка бирөөнү жөнөтпө. Өзүң барып Ихшид менен бетме-бет сүйлөш. Мына бул көрүлгөн чара да натыйжа бербеди. Кантип эле эми өмүр бою Бүргүттөн жийиркенип кача беришет? Кантип эле Кудайым менин пешенеме наалат деп жазып койгон болсо?! Жол тосорлорго жооп берип кетиргенден кийин бектер курчоодогу шаарды коргош үчүн күйүгүп баш оорутуп жатышкан. Бирок алардын көз алдынан каракчылар кете элек болчу. Жолтосор атамандын марттыгы Чагырбекти кайраттандырды. Туп-туура Аркка келип, өзүнүн кимдигин айтышка кандай батына алды экен?! Мындай кем, коркпой берген өтүнүчүн айтпа! Чындап душман тамагыны үзүп чыга алса, душмандын дарманын курутмакчы.

Эмнеге баштараак бирөөбүздүн оюбузга келбеди экен? Эмнеге эми шаар ичинде бекинип олтура беришибиз керек? Душманды баткак камыш токойуна, тоолордун тар жолдоруна, тоо үңкүрлөрүнө, түп-түз уча турган таш боорлоруна ээрчитип барып, кыйратышыбыз мүмкүн го пысып олтура бербей! Баштагы Ихшид менен Жарабас Нишан кошун башы эч качан көнүшпөйт болчу. Кайратыңызга кыйла күч берди

каракчынын атаманы! Жалган качымыш болуп, жоону тузакка түшүрүшүбүз зарыл. Көнүшүбүз керек болчу атамандын ой максатына! Чын башы иштейт экен анын! Өзүмө жардамчы кылып алат элем го, кайран айыпкерчи да кимге керек эми пайдасыз ойлор? Бектердин баары баш тартты го аларга кам кордук кылуудан. Бирок мен өзүм да макул көрбөдүм камкордук кылууга. Корукчу жолдон адашып, азгандарга шерик болуп жардамдашса алардын сообу көп. Мына негизги аткаруучу иштен алаксып бара жатабыз. Азыр Чагырбек толук кандуу бек эмес, Давандын кошун башчысы, Ихшиддин уулу да! Жок ал менен Бургут башка-башка адамдар! Тагдыры түбөлүк бул. Некатдин картаң беги оордуна жатып, эч уктабас болчу. Көз жумду дегиче көз алдында ошол жол-тосорлор пайда болуп атаман күйүп-бышып атаман сүйлөй баштайт: "Бек сиз болсо акылдуу адамсыз! Эмнеге ушундай туура жол туттуңуз? Эшектин эти арам болсо да, күчү алал деген сөздүн маанисин жакшы билесиз го! Бизди баскан жоонун өткүр кылычы колунда, жол тосор колунда болсо эмне? Некат беги уйкусурап гүдүрөндү:

"Эй жолдон адашкан март жигиттер! Менин колумдан эмне келмек эле? Эмне майдалап жыйган абройумду чачып салайынбы?! "

Кундузбек өз жоопкерчилигине жөн гана жооп тапты:

Ким-ким го мен жолтосорлор менен келишип, талапкер болсом, бектер да, Ихшиддин өзү да эмне деп ойлошу мүмкүн эле? Кээ бирлери Жасоолбектин эскиден каракчылар менен тили бир экен да, деген ишеничке барышат. Оорубаган башымды оорутуп эмне кереги бар? Эмне үчүн өз убагында жолтосорлор

тутулбаган себебин эми түшүндүк демчилер да табылып калат болчу. Бардык бектер чыгып кетишип, бир өзү калган Мудтой жолтосорлор менен болгон укмуштай кездешүүнү эстеп, узак ойго чөктү. Эгерде арызчыга боорукерлик кылыш ниети, Ихшиддин улуктугу болбогондо Мудтой каракчыларды шарт дарга астырып жибериши мүмкүн эле. Бирок кээ бир чыйрак жана март адамдарды бошотуп жибериш инсаптан эмес. Андай болсо эмнеге Мудтой моюн сунганды кечирди? Кундузбектин ою тууралубу? же картаң Некат бегинин көңүлүн оорутпайын дедиби? Же Зауттар да алардын күнөөлөрүн кечирбеген экен го деген боорукерликке бара алдыбы? Жок, жалгыз бүгүнкү себеп эмес! Мудтой тажрыйбалуу мамлекет башкаруучусу катары жакшы чечилбегенинде. Кундузбектин сакчы алганында да жан бар, жоокерлер арасында баш аламан болушу мүмкүн. Бирок Жолтосорлор дегенди тарбияласа боло турган адамдар да бар. "Анда эмнеге, өзүнө-өзү суроо берип, жооп ала турган болмокчу Мудтой – Жолтосорлордун суранычын кечтим. Акыры ушул мезгилде курчоодо турган Жолтосорлордун бир аз болсо да жардамы керек болчу. Ошондой го ошондой бирок... калк, адамдар, бектер эмне дешмек? " Бардык замандарда түбөлүктүү доор үчүн кабыл алуучу көңүлдөгүдөй маралдуу, барандуу болуп, мамлекет белгилүү адамдары, акылдуу башкаруучу бектери, акимдери дагы ошол чыныгы бири-биринин сөзүнөн чыкпаган, максаттары бир, эл үчүн эр жүрөк таза адамдар бүтүн эл, мамлекет үчүн кызмат кылып, кийинки муундарга из калтырышат.

-Жыйырма биринчи бөлүм-

ӨЗ БУТУ МЕНЕН КЕЛГЕН ТИЛ

Мугубанын тактан оодарылганын Хандыктар ара-дан бир аптадан кийин гана билишти. Бул кабарды алар Давандын күн батыш тарабындагы шаарча-лардан келген атчандарды колго түшүрүш үчүн быстырмада жаткан баскынчылар колуна түшүп калган жарадар жигиттин оозунан угушуптур.

– Демек Давандыктар Асман уулунун каарын келтиргенге өздөрүнүн өкүмдары себепчи болгон деп эсептешиптир.

– Сөз чыгарып ойлой баштады Ли Гуан Ли курчоодо калган шаарда беттешип согушкан окуяны өзүнчө баалап. Жаңы Ихшиддин эрежеси кандай? Давандыктар али толук баш ийип бербеген, – деп көрсөтүш үчүн аракет кылса керек. Аны аныk билишибиз керек:

Тыштан келип, көрүнүп гана кетишкендери катуу каршылык көрсөтүштүн башталышыбы? Же алар бул менен өздөрүн күчтүү кылып көрсөтмөкчүбү? Алар шаарды акырына чейин коргоп калышмакпы? Же өз намысына тийбей турган бираар жол тапсак бизге толук баш ийүүгө ыраазы болушаар бекен?

Бир дүнүйө убада берген Нишан кай жерде? Эмнеге ал ушул убакка чейин дайыны жок? – деди Цзюнчжен Жао Ши-Чен. Агасы тактан оодарылса, иниси дагы дарга асылгандыр да!

– Жооп кайтарды Хаохоу Ван Куй.

– Нишандын кайсыл жерде болушу пайдасыз! Ал өлтүрүлгөн болсо, аны аркы чатырда уучу күчүгүндөй жаланып Сыртланбек олтурат. Бирок бул жөнүндө кийинчерээк... азыр так эгеси менен сүйлөшүүбүз керек, – Саркарлар кеңешин керектүү изге салды Ли Гуан-Ли – алардын жанына адам киргизебиз. Жаңы Ихшидтин эрежесинин кандайлыгын аныкбилейик. Кийин ушуга карап, иш кылабыз. Мунарада туруп, жоону көзөмөлдөп турган жоокерлер туура дарбаза тарапка карап келе жаткан төрт хандыкты көрүп калышты. Көкүрөктөрүн, баштарын, калкан менен тосуп, белине кылыч байлаган узун жыгач көтөргөн баскынчылар бир нерселерди айтышты.

– Токтогула жайыңарда! - доош кылды корукчу жигиттин бири. Алар басышты токтотушту.

– Биздин тилибизди билет окшойт! – деди экинчиси.

– Биз элчи, Ихшидге – Чинжиндер кыйла алыста болгону үчүн сөздөрү коргоочуларга араң угулду.

Ихшидтин уруксаты менен шаар дарбазасына жакындаганда бир аз ачылып, хандыктар ичкериге кириштн.

– Мен уйгурмун, Чинжиндерге Гаогюй же Угю дешет алардын тилмечимин – деди келгендердин бири – ишениңиздер, мен силерге жардам бермекчимин! Мен сиздердин жаныңыздарга калышка' келдим. Мени менен келгендер элчи эмес, ажыратуучу. Анабусу, – тилмеч сол колу менен четте турган хандыкты көрсөттү. Сиздерче миң башчы. Калган экөөсү силерче сакчылар.

– Элчиликке келгендер – конок, – тез уйгур сөзүнү бөлдү – Мудтой, Даванда коноктордубашта оокаттандырат. Андан кийинчи, сүйлөшөбүз.

Эшик агасы келгендерди жанындагы каанага баштады. Мудтой Хан өкүлдөрүнө курчоодогу шаарда азык-оокат жетерлик экендигин көрсөтмөкчү болду. Мындан тышкары Хандыктар тамактанышка чейин өздөрүнчө макулдашып да алыштары керек: уйгур Чинжиндерден азап чеккен окшойт, эми биз тарапка өтүп, аны кыйнагандардан өч алмакчы, ага ишенсе болот, бирок баары бир сергек болуп турушубуз керек. Эгер Уйгур чын эле бизге кызмат кылса, жакшы эле жардамы тийиши мүмкүн. Калган сактоочулары эч нерсе билбеши үчүн алар менен толук сүйлөшпөс керек. Кундузбек "Элчилер" тамактанган бөлмөгө кирип келип, Ихшиддин заар душманы жөнөткөн корукчулары менен сүйлөшө турган эч кандай сөзү жоктугун билгизип, аларды чоң дарбазадан тышка чыгарып жиберди. Уйгурду Ихшиддин бөлмөсүнө алып келишти. Уйгур так орнотулган күмбөздөй каананын босогосунда жер барабар ийилип таазим кылды. Так маңдайында кирип чыгуучулар үчүн жол калтырып, бир нече бектер олтурушат.

– Сизди биз тарапка өтүшкө эмне мажбур кылды? – сурады Кундузбек уйгурдан. Мен Урхун дарыясынын кыргагында туулганмын. – деди уйгур – жаштыгым Хангой тоо этегинде өткөн. Ал жерде хан баскынчылары Хундарга кол салганда колго түшкөн душмандардан далайлары жашашчу. Алар тарууу, жашылча эгип тиричилик өткөрүшчү. Жаш кезимден Хандыктардын балдары менен ойноп өстүм, тилдерин билемин. Мындан он жети жыл мурун алдын да

Чинжиндер Хундар үстүнө дагы кошун менен кол салып Шаньюй ордосун курчап алышты. Мен дагы Хундар менен кошо Чинжиндерге каршы күрөштүм. Шаньюй жеңилди. Чинжиндер бизди колго түшүрүп, Чан-Чен узун дубалына курулушка айдап барды. Ошондон Чинжиндер тилин биле турган бир нече жаш жигиттер катарында мени дагы Чаньанга алып кетишти.

– Кыскараак болсун! – деди Кундузбек Мудтойдун көз карашынан баамдап, көп эле чозо бербе!

– Мейли анда, эч болбосо эң зарыл жерин айтайын. Бизди Чин жинче окуп, жазышты үйрөтүштү. Күн батыштагы эл-журт туурасында Таньи-Фу деген адам айтып берчү.

– Тээтиги Таньи-Фубу?

– Ооба ошол, журтуңуздарга элчи болуп келген Жань-Цянь менен бирге келген Таньи-Хунну биздерди тилмечтикке үйрөттү. Мен Таньи-Фуга жагып калдым окшойт, ал мени тез-тез үйүнө алып кетчү болду. Биз кыйла жакын болуп, сырдаша турган болгонубузда Таньи-Фу мага жарылды. Ал асман уулуна кызмат кылып жүргөнүнө ачынды. Күн батыш жагы эл-журттарга элчи болуп кетип жаткан Жань Цзяньга Таньи-Фуну тилмеч кылып жиберишип жатканда ага Узун караван жолун ачыш үчүн барып жатасыздар деп, тапшырма беришкен. Кийинчерээк Таньи-Фу Жань Цянь башчылыгында элчилер бирикмесинин негизги максатын түшүнүп калган: Алар Асман уулу Чинге давандыктарды кошуп алмакчы болгон. Узак айыл-кыштактарга чейин бара турган жолдорду аныкташып, өздөрүндөгү башкаруучу бектердин арасына келишбестик, бири-бирине чагыштырып, уруштуруш-

ту баштатып козголоңго түшүрүш максаттары экен. Таньи-Фунун көзү өтө кеч ачылганын кайта-кайта айтты. Ал кийинки мезгилдерде өзүнүн абдан жаңгыздыгын сезе баштаган. Биз сырдашып олтур-ганыбызда жаныбызга катыны кирип келсе, Таньи-Фу сөзүн башка жакка буруп, Асман уулун аябай мактап, өз атаңдай камкордук көрсөткөнүн айта баштады. Катыны тышка чыгып кетсе Таньи-Фу баштагы сөзүн улантуучу. Ал мага Хундар, Уйгурлар, Төөчүлөр, Усундар, Давандыктар, Кангдар, Аландар, баарысы бир туушкан элдер, бири-бири менен тилмечсиз түшүнө тургандыгын айтып берген. Бул калктын баарысы бир жылдыздан келип чыкканы, алар ортосундагы кандуу кагылышуулар ага-ининин бири-бирине өлтүрүштөн башка себеп жоктугун айтып берчү. Кудайым "Көкө Теңирим" мындай күнөөнү эч качан кечирбейт! Ошол үчүн да Таньи-Фу Асман - уулуна кызмат кылганынан өзүнөн-өзү жийиркенчү. Ал күнөөгө батканын, бүт өмүр жаңылып жашаганын, азыр картайып эч нерсени өзгөртө албагандыгына өкүнөт. Ошол себептен "менин каталарымды сен тууралашың керек" – деген болчу.

– Таньи-Фу тирүүбү?, - суроо салды Ихшид. Ал уйгурдун жомогунун кийинки бөлүгүн кызыгып укkан болчу.

– Жок ... Аны өлтүрүшкөн... кийинчерээк билсем, Таньи-Фу бир мага эле эмес, башка окуучуларына да кир ойун ачкан экен. Ошолордон бирөө аны сатып коюптур. Таньи-Фу кайсы бир адам аркылуу угуптур. Ал мени дагы үйгө чакырып келип: "Бир сен да мен тууралуу айт. Мени туура эмес жолго салмакчы болгон дегин" – деди. Мен капа болдум. Ал өз сөзүнө туруп

алды: "Баары бир мени өлтүрүшөт, сен тирүү калышың керек!" Өлсөм өлөрмүн бирок сизди сатпаймын дедим. Таньи-Фунун ачуусу келди:

- "Наадан экенсиң! Арзыбаган нерсе менен өлүп кетпөө керек! Жакын ортодо адамдарга пайда келтириш үчүн өлүш мүмкүнчүлүгү келет, сага да анда башка сөз: Ошондон кийин аргасыз макул болдум. Уйгурдун көздөрүнө жаш толуп, сөзүн токтотту.

– Сөзүңүзгө караганда, Таньи-Фу сизди сөзсүз бул жакка Даванга жөнөтүшүн анык билген экен да? Сынаганча суроо берди Кундузбек.

– Ал дайыма душмандар сөзсүз күн батыштагы эл журттар үстүнө бастырып барышат, тилмечтерсиз иштери бүтпөйт дечү. Буга ишенчү элем. Мени эч качан Даванга барасың деген эмес. Кызмат да Кудайдын кудурети менен келдим журтуңуздарга. Себеби биз баарыбыз – Хундар, Уйгурлар, Давандыктар бир калкпыз. Буга чын дилден ишендим.

Туура, сиз өзүңүздөгүлөр тарапка өтүңүз эгерде бу...

–... Эгер бул эки жүз болбосо! – Кундузбектин суроолору сөзүн акырына жеткирди Уйгур.

– Күмөнүңүз орундуу, Чинжиндер жоошураак ар нерсеге ишене беришет. Даван бектери чын дилинен айткан сөздөрүнө ишенсе да, бирок баары бир, алар эрте менен душман тарап болуп келишкен, бул тилмеч каршы болуп, кайра кайтышы да мүмкүн, сөздөрүн да ичинен чыгарып жалган айттыбы? Текшериш керек. Таньи-Фу кандай кылып өлтүрүштү? – кызыга баштады жасоол беги өз милдетин аткарып келген Кундузбек. Кээ бир убакта уйгурдун сөздөрүндө ичтен чыгарып айткан жагы жокбу деп текшерип көрмөкчү болду.

– Аны таңга маал өз короосундагы Даван жаңгагынын бир бутагына асып койгонун көрүштү. Мындай канкорлук бир гана Хун адамдарынын колунан келет дешти. Алар Таньи-Фудан өз эли журтунан чыккынчылык кылганы үчүн өч алышты деп сөз таркатышты. Кайсыл жактандыр эки Хунду таап келишип, аларды Асман уулунун ишеничтүү кызматчысын өлтүргөнү үчүн деп ашкере дарга асышты. Таньи-Фунун өлүмүн ызат-урмат менен көмүштү. Ал өзүнүн көзү тирүүсүндө мага мындай көз боемочулук жоруктары Асман тагынын биринчи сарайында тез-тез болуп турат деп айтчу эле. Ошол үчүн да Таньи-Фуну акташ үчүн Хан мансапкорлору жалган ыйламыш болуп турганы мени таң калтырбады. Таньи-Фунун өлгөнүнө көп болсо үч-төрт киши гана күйүп ыйлашты.

– Сиз жазадан кантип кутулуп калгансыз? Анын үстүнөн арыз жазып бергенсизби? – Кундузбек үзгүлтүксүз суроо берип, Уйгурду адаштырып сынап көргүсү келген. Таньи-Фунун суранычыга ыраазычылык берсем да убадамды аткарыш эч бир ниетимде жок болчу. Жөн эле анын көңүлүн тынчытыш үчүн гана айтканмын. Менден эч ким Таньи-Фу менен арабыздагы болгон сөздөр, мамилелер тууралуу сураштырышбады. Бирок мен өзүм жалгыз жүргөнүмдөн мени сыноодон өткөрүштү.

Балалыгым, жаштыгым өткөн Хангой тоо этектерине жетип келгенибизде мени качып кетишиме шарт түзүштү. Мени сынап жаткандарыны билгендей туттум. Ушул бүгүнкү күнгө чейин да ишеничтүү болгон элем. Алар колдоруна түшүп калган бектерибизди эмне кылышты? – сурады Мудтой.

– Дээрлик баардыгын кыйнап өлтүрүштү... Кээ бирлерин кабыргасын сууруп алышты, кээ бирлери тизелерин көздөрүн чагып ташташты. Чинжиндерге жат эмес мындай жорук. Алар ушундай кыйнашты. Бирок Сартланбек тирик. Ага жана шаар бектерине өзүнчө жибек чатыр тигип беришти. Аларды сакчылар көрүп турушат. Аларды сурак кылганда мен жок болчумун. Хундардын тилин бир аз билген Сяовей тилмечтик кылыптыр. Сыртланбек менен Цзян Цзюн өзү сүйлөштү. Кээ бир нерселер эми билине баштады. Ой жарыбагырлар! Тиштерин кычыратты Кундузбек.

– Канча душман аскерлери калды? – биринчи жолу суроо берди Чагырбек.

– Кырк беш миңден кем эмес.

– Азыраак болушу керек! Отуз сегиз – кырк миң атарабында! – ишеничтүү билдирди Чагырбек.

– Мүмкүн сиз айткандайдыр. Муну бизден абдан жашырышат. Тилмечтерден этияттанышып коркуп турушат. Алар ак: мына мен сиздер менен отуруп, эмне билсем баарын айтып жатпаймынбы.

Ихшид эшик агасына көз салды. Эшик ага тилмечке "болду" деп белги берди. Андан кийин алар экөөсү аркага тиселирип-тиселирип тышкарыга чыгып кетишти.

ӨҢҮМБҮ ЖЕ ТҮШҮМБҮ?

Курчоонун биринчи күнүнөн баштап, жер астындагы куур менен Эршини суу менен камсыздалган тоо боору аркылуу алып келинген сууну башка жакка буруп, жиберген эле. Бул маселелер али Чаньандан чыкмай эрежеси менен аны амалга ашыра турган илимпоздор коңшулар менен бирге келишилген болчу.

Мына эки аптадан бери курчоодогу шаарга суу токтогон. Шаардагылардын макулдугу менен эки тосмо суу бир жетсе төрт-беш күнгө жетээрин хандыктар жакшы билет. Ыссык жайда суусуздуктай азап болбосо керек. Ушул себептен Цзян Цзюнь өз баскынчыларын катуу согушка барышка макул болбоду. Пайдасыз өлүштүн эмне кереги бар. Эрши суусуздукка чыдай албай, эртеби кеч өлүшөт да акыры. Курчоонун экинчи аптасынын акырында Ли Гуан-Ли ойунун туура экенин күмөндөй баштады. Бирок ал башка Саркарларга билдиришти чечти. Себеби Цзян-Цзюнь Жао Шичен менен Ли-Чендин чыдамына баш бербей согушту башташка ойун токтотту. "Менде бир дагы артыкча солдатым жок", жарабастар да жок! деген эле Ли-Гуан-Ли аларга. Давандыктар алдына жөнөтүлгөн "Элчилер" да Хаузда суулары бар, жок экенин билиши керек болуучу. Корукчулар алардын көзүн жаап шаар ичинен эч нерсе көрүүгө мүмкүндүк беришпеген. Ли-Гуан-Ли шаардын ичиндеги Хаузда суу барлыгын же жоктугун көрүш үчүн бийик үч бурчтук курууга буйрук берди. Чинжиндердин ар бир катуу аракеттерин дайым карап турган Давандыктар душман куруп жаткан үч бурчтук

бир гана суу толтуруучу тосмолорду эмес, шаар ичиндеги бардык кыймылды көрүшүп билип жатышты. Суу тосмолорун көрүшкө мүмкүндүк жок себеби бийик курулуштар тосуп тургандан тышкары жандарына бийик чөп чарларды жыйып коюшкан. Чинжиндер бийик үч эмеректи түн ичинде бүтүрүп, эрте менен душмандар шаар ичин толук көрүүгө мүмкүн эле. Ал үчүн эмне кылыш керек? Мунун мүмкүнчүлүгүн уйгур тапты. Ал айткан мүмкүнчүлүк укмуштуудай кызык эле, бирок ошол айткан оюну айткандай толук аткарылса, хандыктардын иши жүрүшпөгөнүн көрсөтөт эле. Кечке жуук аба бузула турган окшойт: Жарым түндө жыйырма чакты давандыктар жер алды менен тышка чыгып, бүткөрүп койгон үч эмек тарапка жол алышты. Ашыкча шарап-шурап болбосун үчүн жоокерлер жалаң канжар, бычак менен куралданган. Алар катуу уктап жаткан душмандын арасынан акырындык менен өтүп, бир нече кароолдорду үн чыгарбай тынчытышты. Бул кыска убактагы үнсүз алышууда эки давандык да көз жумушту. Курчоо аркасындагы үч-эмек тарапка кароол койбогон экен: Чинжиндер жанына түн ичинде давандыктар пайда болушуну оюна да келтиришбеген экен да. Давандыктар үч эмектин үстүнө көтөрүлүп, анын жыгачтарына тунук майды куюп чыгышты. Эки жоокер баарын шамалдан тосуп туруп чакмак таштан от чыгарышты. Көз ачып жумгуча шамал да үч-эмектин астынан жогору бири-бирине алмаштырган жыгачтар дуулдап жанып кетти. Булуттуу кеченин көзгө сайса көрүнгүс караңгылыгында даректар учу барабар дуулдаган жалындан жүз башчылар менен он башылар жатаканасына жалын чогу учуп түшө

баштады. Эмне кылышты билишпегенден кыйкырык - шоокумга түштү. Ал аз келгенсип чагылган чартылдап күн гүлдүрөй баштады да жүрөктөрүн түшүрдү. Бардык хан кошуну өздөрү курчоодо калгандай сезилди. Бул жерге чаап келген Хандыктар да бара-бара күчөп бараткан жалынга каршы эч нерсе кыла албай, кайра аркага кача башташты. Үч эмектен тышкары даректардын да күйгөн жарыгында дайрадан ары чыгышка жүрөктөрү чыдабады. Ким билсин, караңгылыкта аларды кимдер күтүп жатканын. Шаар коргону атарабында жайлашкан коңшулары да эмне кылышты да билбей калышты. "Курчоодо калбаган шаарлардан топтолгон Даван кошуну биздин үстүбүзгө басып келе жаткан имиш" Түндөсү согушууну баштаган өзүбүз үргөттүк да! "Алардын миңдиктери күйүп жаткан үч эмек тараптан киришиптир!... Цзян Цзюнь Ли Гуанли жыңайлак, жалаң баш чатырдан тышкарыга шашып чыкты. Ал башта келген кабарды укту да, башта үч эмек атарабын ороп турушту буйруду. От койгондор көп болушу мүмкүн эмес! Дайраны толук сыгып келе бериш керек! Тажрыйбалуу Саркар Ли Гуанли үч эмекке Давандыктардын чоң бөлүгү доош чыгарбай, жашырын жакындаша албастыгын жакшы билет болчу. Ал кийинип чыккыча үч эмекке от койгон Давандыктар арасында кимдир бирөө кан тилинде сүйлөгөнү тууралуу да кабар келтиришти. Эң четтеги кароолдорду Чинжинче доош кылып алдашкан. Кийин ичкериге өтүп алышкан! Бул иште Хан тилмечинин саткындык кылганы тууралу күмөн санаган жок.

Бирок кандай кылып, курчоодогу шаардан чыгып, Хандыктардын көпчүлүк ичине кире алышты экен?

Бул аралыкта кыйла машакат, сай тарабы баткактуу, Хан аскер башчылары Давандыктардын ушунча узун жер алдында жолун тез казышып, сайдын оң кыргагынан, талаанын да астынан, камыш токойунун ичинен чыгарышына акылы жетпей таң калышууда. Баскынчылар тез-тез ар тарапты текшерип турушкан, бирок эч кандай жашыруун жол жоктугуна толук ишеничтүү болчу. Этият болуңуздар курчалган чынжыры эч жерден үзүлбөсүн өтүшкө мүмкүндүк берилбесин – деди Ли Гуан Ли. Душман Саркарлары катуу күзөтчүлөр менен караңгылыкка шуңгуп киришти. Чагылган чартылдап жамгыр башталганда коркунуч баскан аскерлерди тынчтандырыш оңой болбоду. Күйүп бүтө баштаган үч эмектен кыйла ар жакта эр жүрөк Давандыктарды пайлап келе жаткан душмандар аларды ороп келе башташты. Душмандар бул тарапты жакшы өздөштүргөн үчүн караңгыда да кыйла тез аракет кылууда. Итибайлар деп сөгүнүп, ий деп жыгылып, жардамга деген доош кулактарына угулуп кетти. Чагылган жарыгында душмандар давандыктардын курчоосун жарып өтүп, тоо тарапка чуркагандарын көрүп калды.

– Четтеп өткүлө! Жолдорун тосуш керек! Тирик кармашыбыз керек! - деп кыйкырды душмандардын башчысы Сяовей. Чагылган дагы чартылдаганда Давандыктар дагы душман курчоосуна түшүп калганын көрүштү. Алардан эки киши сыртта тоо тарапка жетип калган эле. Кийин алар даректар арасына киришип кетүүгө үлгүрдү. Душмандар курчоодогуларды кармашка шашылышпады. – Бир, эки деп санагыла! Канча калдык экен? – шыбырап буйруду давандыктардын он башчысы.

"Он эки" дегенден кийин эч ким үн чыгарышпады.

– Кутулуп чыксак болот! Баарыбыз бир тарапка топтололу! - шыбырап буйруду дагы он башы, – баарыбызда кылыч, эки найза барбы?

– Душмандардан тартып алганыбыз бар!

– Өздөрүнүн кылычы менен өздөрүн майдалайбыз!

Давандыктар эңкейип ылдый жакка сүрүлүштү. Узактан чагылган чартылдап, жарыткан мезгилде Давандыктар "Ураа, ураа" дешип, алга чабуул койду, бир эки душманды жерге кулатып, чагылган жарыгында бир топ ылдый жар алдына кирип кетишти. Душмандар Давандыктардын курчалган тар жерден да чыгып кеткендерине таң калышты. Бирок душмандар көптүк кылып алардын аркасынан түшүшкөндө аздык кылып, Давандыктар туруштук бере албастан, бешөөсү жарадар болуп да, кармашып жаткан экөөнү тирик кармап алышты. Таң аткандан кийин Хандыктар колго түшкөн Давандыктарды суракка ала башташты. Чоң жибек Чатырдын жанында, ачык абада бир нече киши орун алып олтурушкан. Алардын жанында кандайдыр бир Давандыктар да олтурган. Колго түшкөндөр көргөн көзүнө ишенишпей калышты.

– Бул Сыртланбек го? Биздин Туман башчыбыз... Эрши беги! – деп жиберди уруксатсыз эле кармалгандын бири.

– Ал жерде эмне кылып жүрөт? Мен аны эч качан көрбөгөн болчумун. Эч качан... Илгери Эршиге келген эмесмин, – деди мойлочон жоокер. Анын көзүнө туулуп өскөн кооз жери, Вадил кыштагы, тез агуучу суу боюндагы чынарлар, салкын жайларындагы сөрүлөрдө өз айылындагы жердештери менен дем

алган күндөр, түн ичиндеги таттуу сөздөр, азил-тамашалар көз алдында элестеди. Өткөн жылы Чынар алдында болуп өткөн Вадилдиктердин топтолушу да эске келди. Ошондо Вадилдиктер кулагына Чинжиндер тууралуу ар кыл сөздөр, миш-миштер биринчи жолу укkан элек. Мына эми чоң жолдун четинде, тоо этегинде жашаган кыштак жигити, жоош момун, ишенчээк, келбеттүү жоро жана башка Давандыктар менен бирге колдоруна кишен салын-ган байкуштар Чинжиндердин согуш күчтөрүнүн башчыларынын алдында турушат. "Эмнегедир эми кыштагымды, айылдагы адамдарымды, үй-бүлө-лөрүмдү эми эстедим. Өз айылымда бирге жүргөн жолдошторумду, ата-эне балдарымды көрөр бекен-мин. деген ойго чөмүлдү Жоро. Жао Ши-Чен Сыртланбекке карады. Ал үн чыгарып, сөз баштады:

– Тооба, тооба! Дүнүйөдө кызык иштер болот экен да, уктуңарбы? Мен да эч ойлогон эмесмин, бул жерге келип калышымды. Илгери Чинжиндер жаман калк деп ойлойт элем мен да, эми билсем алар да адам экен. Силер да алар менен сөз табышып аласыздар. Акыры силердин үйлөрүңүздөрдө ата-эне, бала-чакалар, аялдарыңар силерди келет деп күтүп жатышат да! Келиштикби?

– Сөзүңүзгө түшүнбөдүк бек!

–Азыр шаар ичинде кандай иш болуп жатат жашырбай айтып бериңиздер, тирик каласыздар! Бекерге койдой союлуп кетиш эмне кереги бар?!

– Эмнени айтып берейлик?

– Азыр сурашат, аларга эмне керек болсо, айтып бере бергиле бир баштан.

– Жунчеден, шаардын ичинен кандай кылып, кандай жол менен чыктыңыздар? – тилмеч Ли Гуан Линин сөзүн кайталап айтты. Туткундар тынч тура бериштн.

– Айтыңыздар... болбосо тилиңерди шарт кесип ташташат! – үшкүрдү Сартланбек.

– Тилиңиз кесилбей кандай сактап калдыңыз бек? деп сурады туткундун бири.

– Жооп бериңиздер! Шаар ичинен кайсы жол менен чыктыңыздар? – сурады бийик үн менен тилмеч.

– Дубалдан ашып түштүк.

– Жалган сөз бул! Азыр өлтүрөбүз силерди! – дүк урду Жаошичен

– Билебиз!

–Бирок кандай өлүшүңөрдү билбейсиңер! Кана тилмеч кайсыл жерде?

– Билбейбиз. Өлгөн болсо керек кагышууда.

– Бул да жалган! Жер алдындагы жол кайсыл жерде? Айтсаңыздар, күмүш акча, алтын беребиз. Үйүңөргө кайтасыздар. Акыркы жолу сурап жатам! – деди Жао Ши-Чен. Давандыктар эч сөз айтбай тура бериштн. Жао Ши-Чен Сяовейге ымдады.

-Бир-бирден - буйруду Сяовей баш алуучуга, - тээтиги кайсарланган адамдан тарт!

Баш алуучулардын төртөөсү биригип, сурооого жооп бериште жалган айткан давандыкты жыгытышты. Анын буттарын аркан, колдорун кишенден тышкары чылбыр менен байлашып, эки жыгач үстүнө таштап, эки баш кесер анын үстүнө чыгып, көкүрөгүнө олту-руп алышты. Башка экөөсү ара алып келишип, бутун аралай башташтн.

Давандыктын ыссык каны атырылып, аралагандардын кийимдерине жана бүт денесине чачырады, бирок жалынбады. Эки буту кесилгенде жаны чыкты. Өлүгүн ары алып кетишти. Башка туткундар жер карап, тынч тура беришти.

– Эми айтасыңарбы, же жокпу?

Туткундардан баштагыдай эле сөз чыккан жок.

– Аркы четиндегисин алгыла ! – деди Сяовей.

Баш кесерлер четтеги туткунду кармаганы жакындаганда, анын жанындагы шериги илбирстей так секирди да, эки буту менен ара көтөрүп келген Шенбиндин көкүрөгүнө тепкенде, чалкасынан аркада келе жаткан шериги экөө тең жыгылышты. Колдон чыгып кеткен аранын тиштери желдеттин бетин жарды, ал кыйкырып жиберди. Колунда турган кылыч менен Давандыктын башын кыркып салды. Мүмкүн Давандык асан эле өлгөнүнө ыраазы болсо керек: кыйналып өлгөндөн көрө, тез өлгөн артык го. Калган Давандыктардын колу-бутун байлашып, желдеттер үчүнчүсүнө келип, көздөрүн тигишти.

– Айтасыңбы эми?

-Жок.

Кыйнагандан кийин ар жакка алып барып ташташтады. Буттарынан шырылдап аккан кандардан ыңылдап оорунун азабынан башы тегеренип, чалкалады. "Бир нече убакыттан кийин мен өлөмүн" – дарманы кетип баратканын ойлонду. Сүйүктүү катыным кимге калат? Наристе баламдын абалы эмне болот? Аларды жалгыз таштап кетиш кандай оор. Акыры адам баары бир күн өлөт да! Төртүнчү туткундагы андан алдыңкы Давандыктарга окшоп кыйналгандын акыркысы мойлоочон Жорого келди.

– Сенчи? Сен дагы оозуңду ачпайсыңбы?

– Башта колу-бутумду бошотуңуздар! Анан кийин сүйлөшөлү. Тилмеч Жоронун айткан сөзүн айтып берди. Душман Саркарларына кандай болбосун курчоодогу шаардын ичинен кантип, тышкарыга чыгышканы тууралуу жол сырын билишке кызык болчу. Ли-Гуан Ли уруксат берүүгө макул берди. Жоронун буту, колун бошотушту. Бирок анын атарабын душмандар курчап турушту.

– Сүйлө! - талап кылды Сяовей

– Биз аркы тараптан, - Жоро сол колун шаардын баш дарбазасы тарапка катты, – чыгып анан деп оң колу менен жанында жакын турган Шенбиндин кылычын тартып алып, аны бир тебиш менен оодара койду. Алдуу чыйрак Жоро колундагы кылыч менен илбирстей ыргыганда жакындагылар качып жиберди. Жоро чала жан кыйналып жаткан шериктерине барып, биринин жүрөгүнө кылычын матырып алды. – Мени дагы тезирээк! Жалынып жиберди экинчиси. Жоро бир айланып туруп, аны да азаптан куткарды. Шериктеринен көңүлү тынчыган Жоро эми душмандары менен бетме-бет чабышууга таштады. Анын чыгып кете албастыгына ишенип, этияттанып чабышып жатышты. Жоро менен алышып жаткандарга өлтүрүш тууралуу Цзянь Цзюндан буйрук берилген жок. Мүмкүн аны тирүү кармаш максаты болсо керек. Саркалар кирип алышкан Ли Гуан-Линин чоң чатыры атарабында алы күчтүү Давандык эркектер ошол Чинжиндерди тыркыратып жүрүштү. Чатыр ичинен өлтүргүлө аны деген буйрук угулгуча Жоро эки душманды тынчытты. Буйрукту алгандан кийин да, аны кулатыш оңой болгон жок Цзянь Цзюн

чатырына кирип келишинен кабатырланып эч ким жигитти атышка батына алышпады. Ошондон пайдаланган Жоро дагы эки душманды чаап таштады. Чатыр ичинен атылган каман огу анык көкүрөгүн тешип өттү. Жоро ошол жерге кулады. Аны Шенбиндер жыгач кадалар үстүнө тартып, колдорун аралашты. Демек, Цзянь Цзюн колго түшкөн Давандыктарды ушундай өлтүрүүгө буйрук кылган. Араң дем алып жаткан Жоронун акыркы сөзүндө:

-Даван! Ата-Журтум!

Көзүм менен көргөн үч эмекти түндө күйгүзүп жибериши, колго түшкөн Давандыктардын акыл жетпес чыдамдуулугуна хандыктардын акылына келбеген чоң таасир келтирди, алар өздөрү көргөн окуяга аргасыз ишеништи. Цзюнчжек Жао Шичен, башын кашып, толук ишенип-ишенбей "өңүмбү же түшүмбү" – деп койду. Душман колунан кутулуп кеткен эки Давандык эрте таңга жакын суу болгон кийим-кечелерин тик, таш бетине кургатып, жашынып турууга аргасыз болушту.

– Душмандар бардык жүздүктөр баш болуп, бул жерге кирүүгө батына алышпады, – деди кең далылуу жоокер башын сылап жатып, шыңга бойлуу шеригине. – Биз тоо тизмесинен ашып өттүк. Ана, Улуу Тоо! - жоокер колу менен өтө бийик тоону көрсөттү.

– Эрши анын аркы тарабында калды.

– Демек, биз үңкүр оозунан тескери жакка кетиппиз да?

– Ооба, Палванташ аркылуу Асекени айланып өтүшкө туура келет. Башта ушул тар жылга бойлоп, ылдый тарапка жүрөбүз андан ылдыйкы тоодон

ашуучу бел келет, аны басып өтүп, андан ары туура чоң жолго чыгып алабыз.

– Бир түн-бир күндө жетип бара алабызбы?

– Жок, эртеге күндүзү бир жылгага жашырынып жатабыз. Кийинки күнү үңкүр оозуна жетип барсак да, башка сөз. Качкын жоокерлер бир аз дем алышып, жапайы мөмөлөрдү жешип, жолго түшүштү.

– Билесизби? эмне үчүн шериктерибиз катуу чуркаганда аркабыздан карап турушту? – деди алдында бара жаткан.

– Сиз бизге абдан керек адамсыз. Биздин ичибизде бир гана сиз билесиз Чинжиндер тилин.

– Билемин. Ошол үчүн да мен тараптан өткөнмүн душман жөнүндө да анча-мынча маалыматым бар.

– Туп туура тилмеч! Сизди деп мен шериктеримди таштап, душмандар курчоосунда калтырып келдим. Сиздерди душман тузагына башташ-баштабасты-гымды аныкташ да сизге тапшырылган. Ошондой элеби?

– Бул да туура. Капа болбоң, ушундай сыноо керек экен да.

– Түшүнөмүн, билемин!

– Бечара досторубуз! Алардан эч ким тирик болбосо керек... Катуу үшкүрдү Давандык жоокер.

– Тирик колго түшкөндөрдү мүмкүн азырга чейин кыйнап жатышса керек. Адам кыйнашты жакшы көрүшөт Чинжиндер.

– Шериктерибизден кээ бирлерин тирик кармап алат деп ойлойсузбу?

Чинжиндер ар дайым тирик колго түшүрүшкө аракет кылышат. Өлгөндөн эч кандай сөз сурай алышпайт

да. Мен курчоодо болгон кезимде хандыктар бул тууралуу сүйлөшкөнүн укkан элем.

Биздикилер канча кыйнашса да баары бир эч нерсе айтышбайт. Тилмеч менен Давандык кыйла убакыт сүйлөшпөй бара жатышты. Алардын ар бири душмандын колуна түшүп калган жоокерлердин көрүп жаткан азаптарын көз алдыларына келтирип өтүштү.

– Ах, алардын кызматы ушундай экен да, эмне кыла алат элек биз? Дагы катуу үшкүрдү Давандык.

– Тагдырдан качып болбойт, – деди Уйгур, – тагдыр мени Давандыктар менен абдан бекем байлап таштаган экен. Өткөн жылы, Чинжиндер Йу шаарчасын басып алганда, колго түшкөн бир аялды аялдыкка алдым. Күйөөсү согушта өлгөн болчу. Ал аял мына ушул жерлерде туулуп өскөн экен. Биз душмандар дагы Даванга келе жатканда Эршиге жетер убакты алдынан жолдо Угуз дарыясынан өткөнүбүздөн кийин мен аны жашырып өз айылына жөнөтүп жибердим. Ошол жерде боз үйдө кызы менен уулу калган экен. Катыным кошуна аркасынан келе жаткан жүк жүктөлгөн аттарда падачылардын аялдары менен бирге келе жаткан болчу. Биз ушундай келиштик: Катыным аркада келе жаткан малдар арасында жашынып келип-кете турган болду. Кошун кыйла ары кеткенден кийин ал өзү жашаган айылына кетет. Ал ошол тараптагы ар бир сокмо жолдорду жакшы билет. Мүмкүнчүлүк болгондо, Давандыктар тарапка өтүп, бири-бирибизди издеп табышып алабыз дедим. Анын жашаган айылы кайсы жерде экенин бир аз болсо да билемин дагы.

– Ал катындын эри ошол... Йу шаарындагы согушта өлгөн дединизби? – доошу калтырап сурады Давандык.

– Ооба өлгөн экен.

– Ошол кезде мен да ошол жерде элем.

–Кандай? Дубал аркасында... Шаардын сыртындабы?

– Жок, ич жагында. Биз дарбаздан киргенде шаар курчоого алынды. Мен да алыштым. Кийин түн ичинде бир топ жүрөктүү жигиттер шаар дарбазасына аркан аркылуу асылып, өзүбүздү дарыяга боюбузду таштадык, агым бойлоп, сыртка сүзүп чыктык. Экөөбүз гана тирик сүзүп чыктык. Калгандарын күчтүү аккан дарыя суусу агызып кетти. Тоо сокмо жолдору аркылуу өз айылыма келип калдым.

– Айылыңыз, балдарыңыз абдан кубанышыптыр да, сак-саламат келгениңизге?

– Албетте, балдарым сүйүнүп секиришти, кийин ыйлашты.

– Эмне ыйлашты?

– Балдарымдын энеси, аялым Йу шаарында жоголуп кетти. Издеп таба албадым. Чынында толук издеп табышка да мүмкүндүк болбоду. Тоз-тополоңдо өлсө керек деп ойлодум. Согушка жарай турган аял болчу. Коргондун үстүнө чыгып, Каманчыларга кошулган болсо керек. Биздин аялдар жааны эркектерден калышпай атышат. Тилмеч сүйлөнбөй ар бири өз ою менен кетип бара жатышты. Тик тоо жамбашындагы жылан изи жол менен кетип барышты.

– Сиз үйлөнүп алган ошол тул катындын аты ким? – деп сурады кокустан Давандык жигит.

– Ботокөз!

– Анын өлгөн эринин атычы? – Камчы!

– Эй сен үй күчүгү! Камчы менен Жолборс билги алышып кетишти. Анын мушунан, тепкенинен өзүн алып качкан Жолборс билги аркага чегинип алды. Камчы канжарынын кынан сууруп алып, тилмечке шилтеди. Бир кезде таң калган Жолборс билги бул Давандык Ботокөздүн эри экендигин түшүндү. Бул күчтүү жоокер аны өлтүрүп коюшу кеп эмес. Эмне кылыш керек? Бул алдуу күчтүү азаматка Жолборс билгинин күчү жетпейт. Бирок тилмечти бирме-бир алышканда ар кандай күчтүү адамды да оодарып таштай турган ыкмаларды үйрөткөн болчу. Тилмеч ошол ыкманын бирин пайдаланып, Камчыга алышууга чечти. Камчынын көзүнө катуу тээп, колундагы канжарды колунан чыгарып алганда, Давандык эмне болгонун ойлонгуча эки бутуна өзүн таштап, эки ашыгына катуу тартып жиберди. Чалкадан оодарылган Камчы жан боордон ылдый оодарылып кетти. Камчы өзүнө келип, көзүн араң ачса, өзүн төө үстүндөгү өркөчүндө кеткенин сезди. Тамагы гырылдап ал:

– Суу, суу! – деп шыбырап анан өзүнөн кетти. Камчы эми өзүнө келгенде, анын бетине кимдир бирөө суу бүркүп жатканы билинди. Көзүн ачып, өзүн тоо алмасынын алдына көк-мөк чөп үстүндө жатканын көрдү. Анын жанына шаркырап аккан сай боюнда жаткан. Күн сайдын аркы кырагындагы кыр көлөкөсүнө өткөн эле. Демек жарым күн өтүптүр арадан. Ал тилмечке асылган кезде чашке болбогон болчу. Камчыны бул жерге ким алып келди? Камчы оордунан турмакчы болду, бирок тура албады. Кийин

араң баш көтөрүп, ар тарапка көз чаптырды. Эч ким көрүнбөдү.

– Эй Камчы, Сизге алча терип жатам! – тааныш доош угулду. Камчы баш көтөрүп карады. Тилмеч ага жогорудан кол шилтеди. "Эмнеге ал мени өлтүрбөдү? Мен аны чындап өлтүргөнү жаттым элем го!" Кантип ал мени ушул жерге чейин жардам кылып алып келди?! Камчы оордунан турушка аракеттенди, бирок сол бутун кыймылдата албады. "Чыгып кеткенби эмне балее болгон" башы, көзү жана колдорунун кээ бир жерлери шылынып, кан катып калганы көрүндү. Демек өзүмдөн кетип калгамын. Кандай жоокер болдум ушунан кийин?! Уят, намыз! Ал мени өлтүрүп койгону жакшы болмок. Эч ким көрбөй, билбейт эле, баардыгы мени душман колунан өлгөн деп калышмак. Мына эми өзүнү коргой албаган байкуш Камчыны анабу жараксыз тилмеч каралап жүрөт!

– Мына алың! жесеңиз тезирээк түзөлүп кетесиз! Жолборс Камчыга колундагы сай суусуна жууп келген алчаны узатты.

– Өзүң жей бер! Эмне мени өлтүрбөдүң?

– Сиз да, мен да алда айыптуу эмесбиз! Жолборс билги үн чыгарып.

Бото көздүн атын атоого батына албады.

– Сени көргөнү көзүм жок! Аны арам кылдың!

– Шашбаң, мен сизге бардык болгон окуяны айтып берейин, кийин түшүнөсүз.

Түшүнүштү да каалабаймын! Эч нерсени билишти да каалабаймын! Эмне мени өлтүрбөдүң? сенден сурап жатам.

Мен сага колумдагы канжар менен асылдым, өлтүрүшкө ант бердим! Сен алып келдиңби мени бул жерге?

– Сиз эгер ушуну дагы түшүнүшкө кыйналып жаткан экенсиз, кандай кылып, Ботокөздүн абалын, азап чеккенин түшүнө аласыз?!

– Анын атын тилиңе алба! Айт мени эмне үчүн өлтүрбөдүң? Камчынын кайсарлыгы, кызуу кандуулугу Жолборс билчинин да, бир аз ачуусун келтирди. Ал дагы сенсирешке өттү. – Көрүп турам, сен муну түшүнбөйсүң! Себеби эч качан башка элде ар ким колунда арасат болбогонсуң, мага окшоп көп жылдар ар кимдин колунда түрткүнчүлүк кордолбогонсуң. Чинжиндер баарыбызды жок кылмакчы! Мен дагы, сен дагы... аларга сиңип, кошулуп аралашып, жок болуп кетишибиз керек. Бул дүйнөдө бизден эч кандай из калтырбай жок кылыш керек. Мына эмне үчүн өзүбүздү ар кандай жарамсыз адамдар алардын эң көрүнүктүү адамдарынан жакшы көрүнөт. Мен алар менен эмес, өзүбүздүктөр сиздер, сен менен чатышып, биргелешип кетмекчимин! Сен бул сөздөрдүн маңызын түшүнө алар бекенсиң? Эгерде менин кызматымда башка бирөөнү кылычтан өлүш насип экен, өз ажалым менен өлбөстүк тагдырыма жазылган экен жакшысы өзүбүздү-күлөрдүн кылычынын курч мизинен же огунан өлөйүн! Эгер мени өлтүрсөң качандир бир аттиң дейсиң. Эгер алар өлтүрүшкө эч качан ичи ачышпайт. Эгер сен кастык менен өлтүрсөң, катынымы тартып алсаң, балдарымды өлтүрсөң, эгер бул ишти мен кылсам, мен сенин балдарыңды өз баламдай чоңойушка багамын. Баары бир алар өзүбүздө калышат. Бирөөнүн эмес, өзүбүздүкү деп

аталат. Чинжиндер баарыбызды жок кылып, аялдарыбызды тартып алмакчы, алардан туулган балдарды сөзсүз Чинжин кылып тарбия кылышат. Жолборс билги башка сүйлөбөдү. Ал көзүн бир жакка каратып катып калгандай эле. Камчы дагы деми ичине түшүп, тынчып калды. Көзүн Жолборс билгиге кайта тиктебеди. Арадан өткөн окуялар уккандан кийин, ал ар жакта жаткан таякка эңкейди. Жөлөнүп барып аны колуна алды. Таякка сөйөнүп, ордунан турду да аксап жолго түштү. Жолборс билги да анын аркасынан ээрчиди.

– Бир колуңду желкеге ташта, болбосо кыйналып каласың – деди тилмеч Камчыга жетип барып, жигитти белинен кучактап.

Камчы Жолборс билгинин колун силкип таштады.

– Жакса, ме канжарыңды ал! өлтүр мени! Эми өзүмдү сактабаймын. Камчы канжарды алып, ыргытып жиберди. Алар сай бойлоп, ылдый түшүп бара жатышты.

"Кантип бул өңүм! эгер түш көргөндөй болсом, жакшы болоор элем!" деп койду Камчи ичинде.

-Жыйырма экинчи бөлүм-

ЧОЧУТКАН КЕЛЕМИШТЕР

Ли Гуан Ли түн бою уктай албады. Өткөн күнү үч эмекке от койгон Давандыктардын курчоодогу шаар ичинен чыгыш тарабына эч кандай күмөн санабаган болчу. Алар кандай кылып, курчоодон өтө алышкан экен? Жер алдынан өткөн жол кайсыл жактан болушу мүмкүн. Искөөчү Сяовей башчылыгында жүз чакты аскери менен тоо тараптан, жар ичтеринен, ойчукурларда, камыштуу жерлерди тытып, карашып да жашыруун жол издерин таба алышпады. Мүмкүн, Давандыктар душмандын бул жакка келишин билип, агып турган арык изинен, чоң куур аркылуу жөрмөлөп чыгышкандыр? – Билгилечи куур ичинен адам батып чыга ала турган мүмкүндүк бар бекен? буйруду Ли Гуан -Ли Жао Шиченге Жао Шичен куурдун тышка чыга турган жайга барып кайтканча, кокустук балекет болду: – Арык кичинекей адам арбан-тарбаң куур ичинен көрүндү. – Демек, давандыктар ошол жерден чыкканда, уктап калган душмандар арасынан акырын өтүп, келишкен. – деди Хао Ли Чи. Ал атайлап, Ван Хуйнун ачуусуна тийген болчу. Себеби, кур чыга турган жерде анын Ван Хуйнун адамдары турган эле. Ошондуктан айыпты ага жүктөмөкчү эле – атарабында өзүнүн адамдары жайлаштырылган болчу. Личи жакындашкан Давандыктар үч эмек жыгачтарына май чачып, күйдүргөнгө да анын аскерлери эч нерсе билбеген үчүн айыптуу болушуна Ван Хуйду да кошуп

айыптамакчы эле. Жер алдында бир нече кадам баскандан соң –сөз баштады Жао Шичен. Куур бирден тике анан ылдыйга кеткен. Ал жерден жогору чыгууга мүмкүн эмес!

– Давандыктар ал жерден кантип чыгышкан.? Буга эч кандай акыл жетпейт. Демек алар үч эмек аралыгында аркасын кесип кетсе да билбей уктаган душмандардын үстүнөн акырын басып өтүп кеткен! –деди пайлап турган Ван Хуй ошол мезгилде Ли Чиге.

–Эрши алынсын, кийин сөз талаша бересиздер! – шарт саркарларына тынчтык берди. Ли Гуан Ли. Эң акырында өлтүрүлгөн мойлоочу Давандыктын куурга батышы эч качан мүмкүн эмес эле дей турган Жао Ши Чин дагы Цзянь Цзюндун азыркы эскерткенинен үн чыгарбай койду. – Душмандар арасынан үч төрт бир аз ушактарды тыңшагыла! Цзянь Цзюндун кыска-нуска буйруктарына көнүп кетишкен Саркарлар башкаруучусу эмне десе, анын ниетин түшүнүштү. Үч эмек аркылуу кандай кылуу максаты пайдасыз болуп чыкты. Эми жер алдындагы куур менен курчоодогу шаар ичине киришке аракет кылышыбыз зарыл. Куур ичиндеги суу калдыктары да түгөнүп бүтсө керек, ошол жол менен шаар ичиндеги суу тосмолордо суу барбы, жокпу? болсо да канча күнгө жете турганын билсек болот!

Менде ошого окшогон, куурга бата турган бирөө бар, деди Ван Хуй – аты Женче. Ал так ушундай куур менен Асман уулунун багына да өтмөк болчу!

– Ал жетим колго түшкөн. Ал азыр андан этият болуш керек! Цзянь Цзюн ошол жетимди да билгенине Ван Куй таң калды. Ылайыктуусун түшүрө бергиле куурга! – буйрук берди ойлонуп олтурбай Ли Гуан Ли.

Ал азыркы бири-бирине шылтоолоп ойлошкон Саркарлар эмес, анын өзү тапканынан макул эле. Мунарадан душмандарды карап турушкан жоокерлер курчоого алып турган адамдардын ички тарабынан Чатыр тигишип көрүп калышты. Эмне кылышмакчы Чинжиндер? Чызымга өтө жакын, өздөрүнө катарлаш – го тиги жаткан жери?! – Мунара үстүнө көтөрүлгөн Даван саркарлары жоонун катардагы бул фокс өнөрүн байкоого аракеттене башташты. Ар кыл күмөндүү ойлорго түшүштү.

– Алар куурга киришмекчи! – деди Чагырбек токтоо абалда. Биз алар эми гана бүтүргөн үч эмекти күйгүзгөндөн кийин, ушул жолду ойлоп чыгышкан! Куур так ошол чатыр тиккен жерден өтөт. Даван Саркарлары коргон үстүнөн жерге түшүшкөн, суу түгөнүп, курбака балдары менен калган суу тосмо тарапка жөнөштү. Куурдун оозун бекитип ташташ керек. Бул жерге жетип келгендери түтөткү салып, пыстырма кылып, тутуп алышы да мүмкүн. Аларга каршы бир чара көрүп койбосок болбойт бекен деп оюндагыны тышка чыгарды Мудтой.

– Кана эми, абдан жакшы болоор эле! – деди. Кундузбек – бирок кандай чара көрүшүбүз мүмкүн? ойлоп көрүш керек! Куурдан келген душман аскерлери саркарларына барып, суу тосмолордо суу түгөйүн деп калыптыр, же түгөптүр десе алар эмне кылышы мүмкүн? Бизди кечирим сурап баш ийип беришибизди күтүшөбү? же башка жол тутушабы? –Мудтой бектерге суроо салып көз салды. Ихшид ойондорунун бул тууралуу ойу бар экендигин билмекчи болду. Бектердин ойлору бир жайдан чыкпады. Чин-Жиндер суу кампасында суу түгөнгөнүн

аныктаса, кандай чечимге келишин ким билсин? – деди Никаттын токтонгон беги ал баштуу да, ар кыл ойчул бек пал ачып олтурбай, куурду дубалга жакын жерден сыртынан шарт бекитип таштайбыз. Аларга суу кампаны көрсөтпөгөнүбүз оң. Өткөн жолу душмандын жибербеген адамдары менен сүйлөшпөй жакшы кылдык. – Чагырбек эмне дээр экен? Акыры ал душмандын кара ниет экенин жакшы билет го, – сөзгө аралашты Кундузбек. Чагырбек Ихшидтин жанында турса да өз ой максаты менен болуп, кулагына сөз кирбейт, кирсе да маанисине көңүл бурбайт. Кундузбекти түртүп коюп суроосун тактагандан кийин Чагырбек өз оюн айтты. Эгер душман бизде суу түгөнгөнүн билсе шаарды бир күчтүү колдору менен алышка аракеттенет. Ошондой экен өзүбүздүн суубузду көп кылып көрсөтүшүбүз зарыл. Анда душман суубуз түгөп, алсызданышты күтөт. Ошол күтүш мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, калышыбыз керек. Баары бир суусуздукка чыдай албайбыз, акыры! – деп жиберди айласыз бектердин бири. – Биз убакыттан утушка аракет кылышыбыз керек. Көрүп жатасыздар, күн батыш тараптагы шаарлардан келишип жаткан жардамчылардын саны көбөйүп жатат, – деди жооп кылып Чагырбек. – Кол салуучу тараптар адаттагыдай күчтөн тайганыбызды күтүшөт. Анан айтпастан күчтүү душманга тобокел деп, токтоосуз кол салынат! – Сөз улады ал бектердин максатын өзүнө тартып– азыр биздин күчүбүз аз, бирок өзүбүздү кубаттуу кылып көрсөтүшүбүз керек душманга. Керек болгондо душманга бир аз күчсүз кылып көрсөтө билиш керек! Чагырбек ишенич менен тике айтылды, бектердин көз карашы эмес, өз атасы Мудтой алдында да, жашы

улгайып калган тажрыйбалуу адамдай токтоо жатып сөз менен түшүндүрчү болду. Ооба, акыйкатта Чагырбек ушул күндөрдө кыйла өзгөргөн болчу. Ал күнү-түнү тамак ичкен убакта да, бир аз көзү илинип уйку сурап ой басып кетчү. Өзүн Даван кошун башчысы катары тутуп, эмне кылбасын муну душман алдында да, эч сездирбестен өзүн кармачу.

Чагырбектин күн сайын акыл - эси курчуп бара жатты. Чагырбектин балалык кезиненен бери, согуш оюндарына кызыгып, ат менен жөө согушуна кантип, кандай ыкмада согушууга ыкчам киришкени баарына белгилүү болсо да, Даван бектери бул тууралу эмнеге ыктуу башкаруучу катарында анык билишпейт эле. Давандын эски карыялары, өзүнө жердеш Кербен башчылары, соодагерлер, элчилердин Иран падышасы, мүйүздүү Искендер жүрүштөрү, согуш ыкмалары, ийгиликтеринин себептери жөнүндө окуп, уккандарын Чагырбек илим, билимдерин топтоп жүргөн. Бул уккандарын абдан узактагы Юнон элдик баатырлар тажрыйбасынан да өздөштүрүш мүмкүнчүлүгүнө жеткен. Бүгүн дагы так ушундай болуп жаткан болчу. Атактуу бектер Чагырбектин ушундай кылалычы душмандар шаарда көп экендигине ишенсин, деген сөзүнө баардыгы кошулушту . – Туурасы го туура, жок сууну кантип көрсөтө алабыз?! – дегендер да болушту.

– Гөзөдөгү, идиштердеги, чаначтагы сууларды кайра суу кампага куябыз! деп, шарт жооп кайтарды Чагырбек. – Баары бир булар суу кампаларын толтуруп болбойт го! Гүдүрөндү Никат беги. Суу кампалардын жарымына чейин болсо да толтурабыз, – дагы орундуу жооп кайтарды Чагырбек кошун башы. – Азыр ким үйүндөгү сууну берет ансыз деле тамагы

куруган адамдардын! Мындай кылышта – өлүм, бирок жоо азабынан өлгүчө! – дагы жооп кайтарды. Никат беги. – Бир, эки адамды дарга асабыз, кана бербей көрсүнчү ошондо да! – Сөзгө аралашты Кундузбек ачуулу. – Куюлган суунун баарысы жерге сиңип кетпейт, суу кампанын алды дагы дале нымдуу соолубаган. Душмандарга көрсөтүп болгондон кийин, кайта сууну суу берген адамдардын өзүнө кайтарып беребиз.

Адамдарды канааттандырып коебуз, кыжалат болушпасын. – суу кампанын бирин толтуруш керек. Эртелеп душмандар жөрмөлөп жетип келишет деди Чагырбек. Ихшид Арк тарапка жол алды. Бектер анын аркасынан ээрчишип жөнөштү. Эрте таңга кыжаалаттанган Кундузбек Чагырбекке баардык сууларды куйганына карабай, суу кампага куюлган суунун көлөмү тизеге жетпегенин айтты. – Кантип Давандыктар эмне пайда, эмне залалдыгын билишпесе?! –ачуусу менен Чагырбек. Аргасыз үн катпай Кундузбек менен бирге суу кампа тарапка жөнөштү. Сакчылар да аларды ээрчишти. Узактан бектер көзүнө ире-ширеде катарлашып келе жаткан адамдар карааны көрүндү. Суу кампа тараптан келе жаткан жоокерлер алтын менен жалатылган курал-жарактуу бектерди көрүп токтошту.

– Тигилер ким? Сурады Кундузбек

– Улуу зат Заутардын өзү - эки киши замбарда көзөдөгү сууну алып келишти. Ошол кезде карааны көрүнгөн адамдардын жанына барып келген сакчы:

– Ким гөзө, ким челек башка идиште суу куюп жаткандардын саны көбөйүп жатат деп жооп берди.

Бектер жетип келгенге чейин суу кампа толо баштаган кезде Заутар кампа жээгинде турган эле.

Давандыктар идиштердеги акыркы сууну да куюп тынч таркашты. Таң жарып калган эле. Бектер Заутарга таазим этишти. Жетээрлик! башка керек эмес! - деди Чагырбек. Суу кампа жанына жетип келген адамдар сүйүнүчтү аркага көтөргөнү кайта башташты. Алар кокустан идиштери сынып кетпеши үчүн абдан этияттап басышты.

Чагырбек менен Кундузбек суу кампаны көздөп туруш үчүн бир нече жоокерлерди жашыруун калтырып дубал үстүнө мунарага көтөрүлүштү.

Душмандар Чагырбек ойлогондой, түн жарымга чейин чатыр ичинен жерди казып, куурду ачышты. Алардын оюнда бул жерден шаар ичиндеги суу кампасынын аралыгы алты жүз кадамдан артык эмес эле.

Таң жарым алдында, Давандыктар суу кампага суу куюп жатканда үч душман адамын куур ичине киргизди. Алар үнсүз бири-бири менен байланышта болуш үчүн өз ара белдерине узун жибек аркан менен байлап алышкан, эң кийин, жөрмөлөп тизеде жүрө башташты.

Чагырбек менен Кундузбек башкы дарбаза тараптагы бийик мунарага көтөрүлгөндө алардын да ахвалдарын көрүшүп душмандар да курчоо ичине тигилген чатыр тараптан шаарга кемелек октору менен жаадыра башташты.

–Бизди алаксытмакчы – Чагырбек Кундузбеке.

–Давандыктардын башы иштебесе керек деп ойлошсо керек.

–Жок азыр андай деп ойлошпой бизди, бир айла кылыштан башта душманды алаксытыш керек да.

–Кундузбек! –деди акырын Чагырбек ойлонгуча – Хаус суу кампа жанына барың да, үч–төрт балдарды киринишке түшүрүп жибериң.

–Абдан туура! –деди Кундузбек бийик мунарадан түшүп кетти. Киринип чөмүнүштү сагынып калган балдар бул тополоң менен эмне иши бар, суу кампада бир туруп өрдөк, бир туруп балык болуп сүзө башташты. Алар куур ичинен келген бир–эки адам башына окшош баш көрдү да патыр–путур качып чыгышты. Алар жакта турган корукчу жоокерлерге адамга окшош бир нерсе көрүндү деп айтып беришти. Душман чалгынчылары суу толо суу кампаны көрүп ишенген жоокер айласыз жылмайды да балдарды акырын тынчтандырды.

– Суу келемиштери болсо керек деп коркконго кош көрүнөт дегендей башкача көрүнсө керек да! Жоокер узакта калган картаң атасы жана ушундай таттуу балдарын эстеп ойлонуп калды.

-Жыйырма үчүнчү бөлүм-

НАША ПУРУШ

Эртелеп Эрши жанындагы жайлашкан жерлеринен чыккан душман аскерлери Аргун-Сай бойлоп, жылан изи жолдон ылдый жакка жөнөштү. Сайдын ылдыйкы ой кыргагы камыштуу жер.

Чинжиндердин эскертилген жүздүк Саркарлар үчүн бир да кыштак же коргончолордон даярдалган эки-үч гөзө жүзүм ичимдигин таап келишке тапшырма берилген. Душмандар басып алган күндөрү тартып алынган, ичимдиктерди төгүп, чачып кумга сиңип кеткен болчу. Эрши жанындагы айыл-кыштак, шаарчаларда даярдалган жүзүм ширинди гиги түгөнгөн болчу. Бул мамлекетке киргенден эки апта ичинде нак Даван ичимдигин табыш кыйын болушун оюна да келтиришпеген. Ли-Гуан-Ли бул шарапты таптырып калган эле. Цзянь Цзюн жанындагы Саркарлар дагы эми Чин ичимдигинен Давандык шарапты дурус экен деп калышкан. Душман жетекчилери чочулашып, ардем алаарда Давандыктардан учкул жоокерлери пайда болуп калышы мүмкүн дешчү. Алардын кылмыштуу токоюнан, токой жылгаларынан тез кол салып, кетчү адаттары бар. Алдыңкы тараптан камыш зар арасында буралып, асманга көтөрүлгөн көгүш түтүн көрүндү.

– Чоң гүлзардан көтөрүлбөй жатабы?

– Түштүк... отуну курук... өзүн биларман кылып көрсөтмөкчү болду. Жүз беш башчы, эмне болсо да ким биле алат? Эч кимден үн чыкпады.

– Коркуп жатасыздарбы? Давандыктар ал жерге пыстырма койгон деп ойлой баштадыңарбы?

– Мен барамын! – деди бети менен мойну бирге толо Шенбин. Курч бут издери болсо керек бул кесилгендер.

– Сен Женче жарыбагыр болсоң да, тиги көздөрүнүн тегерегинде көк сызык жокторго караганда дуруссуң! мактады Шенбинди жүз башчы.

–Мейли барып кел. Сени ошол түтүн чыккан жердин тушунда күтөбүз.

Жен Че атын жорттуруп бир аз барып, оңго бурулду. Көп өтпөй ал белгиленген жерге жылаңайлак боз көйнөк ыштандуу Давандык чалды айдап келди. Өрттү ушул чыгарган экен! Мага наша чектирди, –өзүнүн жоо жүрөктүгүн, бир аз мастыгын мактанган-сып талтайды. Женче.

– Эмне кылып жаткан экен?

–Балык шорпого окшош, кандайдыр бир тамак бышырып, наша чегип жаткан экен. Камыштан кепе жасап алыптыр, бир булак көзүнө башка жашылча да эгип алыптыр. Атарабында эч ким, эч нерсе жок. Баары жокту карадым, бирөө жарым барбы деп. Чын акмак –да! качып кетиш ойуна да келбептир. Муну ошол жерде тынчытып койоюн дедим, анабу коркок-торго, – Женче шериктерин колу менен көрсөтүп, –көрсүн деп айдап келдим, силерди түтүн чыккан жерге чын барганымды ишенбейт деп.

–Андан сурачы, нашадан дагы бар бекен деп?

–Башка таба албайсыңбы?

–Кайсыл жерде бар?

–Эртеге алып келейин.

–Узак айылдан, туугандарымдан.

–Айылың, кайсыл жерде?

–Куба шаарчанын жанында.

–Ат–батың жокко?

–Камыштын ичинде жоор эшегим бар.

–Жөнө! Эртең эртелеп, кепеңе бирөө барат.

–Бекер болсо, азыраак беришим мүмкүн.

Көп болсо, шайыга күмүшкө алтынга алмаштырабыз деди кенебестен чал.

–Соодалашабыз дегин али?

–Болбосочу! ким мага бекер берет?

–Баргыла атынарды оттоткула–үшкүрдү жүз башы тегерегинде аңкайып турган Шенбиндерге.

Шенбиндер ары жака кетишти.

–Кана бул жака алганыңды берчи Женче!

Женче тырмактары менен майдаланган наша бөлүгүн ороп жүз башына узатты.

–Бары жогу ушул элеби?

–Бары ушул! Бул акмак чал жалган айтып жатат.

Экөөбүз кепеде да чектик. Кеч ушул булакта олтуруп бир чегейин деп алып калдым эле. Чал сөз эмне тууралу болуп жатканын байкап күлүмсүрөп койду.

Жүз башы муну туура түшүндү. Ал он башыны чакырып буйруду;

–Жалганчыга он камчы урулсун. Бул али сыйлаганым.

Коркпой барып келгени үчүн аз жазалап жатышын.

Камчыны жеген Женче тиштерини кычыратып, ар жакка кетти.

Жүз башы менен он баш жол четиндеги көкмөк ажырык үстүндө жамбаштан наша түтүнүнөн кайта-кайта тартышты. Чал алардын маңдайында тамаша

кылып олтурду – карындаш-уруктарың көк нар эгишеби?

– Эгишет.

– Анда кара дары да алып келе алат экенсиң – да.

– Аны да эптесе болот.

– Жүз башы менен он башы чал менен алышка, наша, кара дарыны канчадан алыш тууралуу матага, күмүшкө, алтынга канчасын, канчага алмаштырыш тууралуу макулдашып алышты. Давандыктар малын арзан баалагандыгына алармандар айраң калышты. "Колубуздан чыгып кетиш үчүн бизди көптүрүп жатасыңарбы?" деген ойго келди жүз башынын ойуна. Эртең эрте менен жеңесинин жанынан жоолугушуга макулдашылды. Чал кеткенден кийин жүз башы менен тилмеч мындай арзан соодадан кандай пайда көрө турганын чамалап көрүштү. Асман тагына канча алтын менен кайтышын көз алдына келтирди. Себеби кийинки күндөрү наша чегүү абдан жоктугунан, Шенбендер кичине нашага бар дараметин бериш-кепеге барды. Чал аларды күтүп жаткан.

– Туугандарым бул соода ишинен коркуп жатышат – деди чал. Бөз материалга оролгон нашаны жүз башына узатып жатып– эгер бектер сезип калса мага да, туугандарыма да жаман болот.

– Бектердин да, Ихшиддин да, күндөрү аз калды.

– Алар бекем орношуп алышыптыр шаар ичинде. Кыштагыбызда ушундай айтып жатышат. Румодон кудукчу усталар келишкен имиш. Алар дале Кент (шаар) ичинен бекиткенче киргизип алышыптыр! Тилмеч чалдын айткан сөзүн чечмелеп жатып, "Румо

сөзүнө Дачен" Рим мамлекетин хандыктар айта турган сөз менен алмаштырып алды.

Жүз башы чалдын айткан сөзүнө анча көңүл бурбады. Анын оюу эле соодадан таба турган пайдасына бурулган. Чал коркконунан калтырап кеткенсиди. Бир сен эле биз менен соодалашып жатасыңбы? Жок, биз менен кайсыл бир бегиң да соода иши менен соодалашып жардамдашып жатат. Ал ушул дарыя жанында жашайт экен. Бизге эгин, жүн, эт сатат.

– Силердин адамдарыңардан бирөөсү бизге колго түшүп калса, же бир нерсе айтса... анда абдан жаман болот...

Мен да, туугандарым да тирик калбайбыз.

– Шенбиндер эч качан колго түшүп калбайт. Алар эми камыш токойун тентип караш үчүн эки, үч жүздүк болуп карашат. Мен муну чоң жетекчибиз Сяовей оозунан уктум билесиңби ал ким? Ал Сяовей Цзян Цзюнь чатырга туура келе турган адам! Кана, коркпой алып келе бер нашаңды! Карыя жүз башынын сөздөрүнө баа бергендей көрүндү. Ал алып келген товарына берилген бир нече тыйындарды күнгө салып, чертип көрүп жаткан болчу.

– Көп-көп алып кел, сени менен бакылдашып олтургудай бекер убактыбыз жок – деди жүз башы. Тилмеч жүз башынын сөзүн түшүндүрүп кошуп койду: Бул мамлекетибизди эч ким жакшы билишпейт.

Бизди улуу Кудайыбыз, сиздерди да ар кандай жамандыктан сактасын! Тилмеч менен жүз башчы алжак-булжакка карап элеңдешип жатканда, чал камыш арасына шуңгуп кирип кетти. Караңгы түшкөн мезгилде чал жолго түштү. Ал жылан изи жол менен

бара жатты. Жарым жолдо анын алдынан бир нече адамдар жолугушуп калды.

–Кош жол болсун!

–Айылыма кетип баратам

–Каяктан келе жатасың?

–Өзүмдүн кепемден

–Терек алдындагы кепеденби?

–Ооба!

–Ал сенин кепең эмес, биз курганбыз го! Кандай кылып сеники болуп калды?

–Туура айтып жатасыздар! Бул тарапты менден жакшы билет экенсиздер!

–Айт эмне кылдың ал жерде?

–Балык ууладым.

–Бар сөзүң ушулбу?

–Ушул!

–Жалган суйлөп жатасың! Ал жерде Чинжиндер шимшип жүрүшөт! Эмне алар сага тийишпеди?

–Кайдан билейин...

–Атаман алдына алып бар муну.

Сайраган куш кармаган окшойбуз.

Жол тосорлор чалды так өзүнүкүндөй кепеге алып келишти. Кара чырак араң үлпүлдөп турат. Үч киши карыяны өздөрүнөн алдын жеткизип келтирилген нерселерин бирме –бир көздөн өткөрүштү. Чынында да жол тосорлор куржундун көздөрүнөн бар нерселер мага билдирбей алышыптыр да!

–Бул тыйындар Чинжиндердики! –деди бийик үндүү, камыш үстүндө олтурган сөөлөттүү каракчы. Алар Чинжиндердин пулун да билишет экен деген ой кетти чалдын башына. Эмне кылсам туура болот? Бул жерлерде жүрүшүм максатым айтсам бекен?

–Сенин атың Бүргүт эмесби уулум?

–Ооба ошондой, атакем! Караңгыда тааныдыңыз мени!

–Булардын атаманы экенин көрүнүп турат. Менден эмне керек? Бул нерселеримдин баарын бердим, пулдарды да ала бер ,сага бердим.

–Жок, атам! нерселериңиз өзүңүзгө буйрусун.

Биз буюм кедейи эмесбиз. Керек болгонун алабыз.

Бул токойдо эмне кылып жүргөнүңүздү айтып бериңиз жашырбай, туурасын айтыңыз. Өзүңүздү билбегендикке салбаң!

Ал жерде эч ким балык уулабайт

–Сиздер эмне кыласыздар бул жерде?

–Биз да балык уулаганыбыз жок!

–Жакшы мен кээ бир нерселерди айтып берейин.

–Эмне үчүн кээ бир нерселерди, баарын эмес?

–Силерге керек баардык нерсени айтып берсем болобу?

–Түшүндүк сен же Ихшиддин же Жасоолбектин тыңчысың – чал менен теңдеш Заал. Сага өзүңдү наша пуруш көрсөтүп, Чинжиндерди эмне кылып жүргөндөрүн билип туруш тапшырылган.

– Охоо, баардык нерседен кабардар экенсиздер экен го?

– Мындан кийин эми кепеге да кирип турасың! – деди буйрук катары Заал.

– Укканыма караганда да сиздер да, душмандарды кууп жиберишке бел байлагансыздар да?

– Сен да бизден жийиркенерсиң?

– Мен Ихшид оордунда болсом суранычыңарды кайтарбайт элем.

– Эмне күнөөдөн коркпойсуңбу? Заутар биздин тообабызды кабыл алган жокко?

– Мүмкүн Заутар ичи ачышса керек мындай кылганына.

– Ал, эл алдында силерди кучагын жайып тосуп албайт да!

– Сенчи?

– Менин иштеримди эч ким, эч качан билишпейт!

– Түшүнүктүү, эгер Ихшид же Зауттар оордунда болгонуңда сен дагы ойлоп көрөт элем. Бирок, сен жашыруун иш аткарасың ошол себептен биз менен мамиле кылыштан коркпойсуң. Мейли, ушунчасына да көнөбүз! Азыр бизге сен да керексиң! Чал жол тосорлорго Чинжиндер менен соодалашып мами-лесин баштаганын айтып берип, аларга да бул тарапка душман жүздүктөрү пайда болго турган учурларды жеткирип турууга убада кылды.

– Унутпагыла, – деди ал сөзүнүн акырында, – мындан кийин душмандардын эң кеминде эки жүз, үч жүздүгү бирге чыгышат бул тарапка. Жол тосорлор чалды эң кыска сокмо жолго салып коюшту, бул жол менен көздөгөн жайына жетип алышы мүмкүн. Ал жерде чалды Кундузбектин адамы күтүп жатат.

-Жыйырма төртүнчү бөлүм-

ӨЗҮ ЖҮРӨ ТУРГАН ҮЙЛӨР

Адамдар акырын басып жатышат...

Алардын баштары да турналарга окшоп, тизилип, атышканы (сыйынуучу жайга) барышмакчы...

Ал жерде Улуу Ахурамазда (улуу Кудайга), ысык от, – жалын, баш ийилген согуш, мечитке сыйыныш, алардын балекет алдындагы даванга душмандан аман кутулушун тилеп, жатышты. Бул оор күндөрдө жоо курчоого алынган шаар, коргоочуларынын көңүлүн көтөрүш эң чоң милдет.

Азыр Давандыктарга үмүт жана коргоп турушка бир ооз жакшы сөз да кубат берет. Улуу (Ахурамазда) кудайым асманды, жерди, сууну, жалынды жаратты, – катардагы милдетин баштады. Кийинки күндөрү доошу кыркыраган Зауттар гыштан жасалган сөрү-чөдө отурган жайы-суусу, салкын, тамак-ашыбыз өскөн жерибизди душмандан сактап калышка атаа кылган күч кубат, акыл эстеп пайдаланып калыш өзүбүздөн.

Эзүүчүлүк менен жамандык ортосундагы күрөш ушул күндөрдө пайдасыз салкындашып барууда.

Эзүүчүлүк, кор кылуу анабу жакта, – Заутар оң колуну шаар тышындагы жоо тарапка созду, –дубал аркасында! Эзилбей калыш биздин, силер менен менин бирге күчүбүздө!

–Заутар сөзүн токтотуп, сыйынып келгендерди бирден көздөн өткөрдү, –Ар бирибиздин ата-бабалар

жашаган Улуу Кудай атаа кылган жерди душмандан сактай көр келип тебелетсек, булгатсак. Адам атадан бери өткөн Улуу уруктарыбыз руху силерден жүз үйрүйт, бүтүн эл журт, тууган урук, балдарыбызды кырышат. Заутар токтоно баштаган сөөлөттүн гөөдө-нүн бийик көрсөтүш үчүн көбүрөк, башын тез-тез көтөрүп коючу. Ал коркунучтуу өрт тарабын кысы-лышып, ал тургай жоокерлер токтолгондор, аялдары бир гана сөз менен эмес өзүндү алдуу көрүш менен дагы тетиктенишке аракеттенчү. Давандыктардын башына түшкөн коркунучтуу согуш кийинки азап-тозокту бир нече күн узарууда, Сары тообуз чеңгелине алар кол сала баштагандан бери эле. Анын акыркы сөздөрү сыйкырдуу ташындагы ар бир адамга каратылгандай эле.

–Адамдар!

Улуу Ахурамазда (Аллахтын) пенделери, толук Даван-дыктар! Адам баласы экендигибизди көрсөтө турган убакыт жетти! Ар бирибиз өз атабыздын уулу, өз аялыбыздын жан үйрөгөн эрк, өз балдарыбыздын атасы экендигибизди шаарды коргогондо көрсөтүлөт эрдиги! Заутар эзүүчүлүк менен жамандыктын өз ара күрөшүү тууралу кайта-кайта түшүндүргөн экен, улуулардын кулагына сиңген алибетте эзүүчүлүктү жеңип чыгышына ишендиришке тырышты. Жаш кезинен кээ бирлерин кыраат менен окутуп бышыр-ган. Ашканага кире бериште, сол тараптагы жыгачтан тосмо аркасында, Арк ат багарлары уктап тамактана турган очок башында жасоол - Токтордун эки жаш баласы, аялы, картан энеси тамактанышчу. Токтордун Туранбилги менен кырк жылдан ашык коңшу жашаган атасы өткөн жылы ааламдан өткөн эле.

Ихшидге чыныгы берилип иштегенин урматтап, кар-
тайып калган жосоолдун сөөгүн ички шардын улуу
адамдары коюучу жайга коюшту уруксат берген.
Жасоол айылына кошуп койгонуна Токтор айылынын
ишин бир топ оңойлоту.

Душман Даванга бастырып келгенден бери Токтор
жанын аябай согушуп жатты. Ал Чилистендин аркы
тарабы, жана Айырматаш атарабындагы согушка
аралашкандар арасында да бар болчу. Ага баш калар
катарында дубал үстүнөн жоо башына ок атышты да
үйрөтүшкөн. Токтор дубал үстүнө чыгып алган
душмандар менен да кармашып, бир нече душманды
жерге ыргытып, жер сүздүргөн. Токтор Эршидеги эң
көзгө атар мергенчинин бири болуп, бала кезинен жаа
атышты жакшы билген.

Бүгүн кечке маал Миңбашынын өзү мунарага чыгып
барып Токторго: "сага бир күн дем алууга уруксат
беребиз. Бар бала чакаңдын алдына! Эмне кылышты
сага кийин айтабыз"– деди. Токтор үйүнө келди.
Балдарын тизесине отургузуп эркелетти, апасын
көкүрөгүнө кысып, кучактады. Апасы сыртка
чыкканда аялын өөп алды. Караңгы чалып түшкөндө,
аткананын аркы бурчунда кара чырак жылтырайт.
Кысынып–кымтынып олтурган чалдар, жарадарлар,
оорулар, жаш балдар, эмчектеги балдары бар аялдар
чырак жанына топтолушту. Акырын үн менен
кыңылдашып, ким кимди чаап таштаган айыпсыз ата-
энелерин, дайынсыз жоголгон туугандарын эстешти.

Оор үшкүрүшүп, солкулдап ыйлашкандар үнү угула
баштады.

–Жакшысы, акындан угайлык. Кана ал? – сөз айтты
кимдир ортого. – Мына ушул жерде!

–Жакыныраак келсин бул жака!

–Доош караңгыда, да угула берет го! Кара чырак
жарыгы, мейли, сиздере фарс шагынан куткарып
калган өзүбүздүн чөл жигити Шырак жөнүндө
айтылган ырымды айтып берейин. Билесиздер, ал
мурдун, кулактарын кесип таштап, өзүн укбамышка
салып, качып өткөн адам кылып көрсөткөн. Жоо
кошунун жол көрсөтүүчү катарында суусуз чөлгө алып
барып койгон. Акын колго домбрасын алып акырын
черте баштады. –Ушундай тополоң, күндөрдө кандай
кылып домбраңызды сактап калгансыз? Музыканы
бөлүп сурады бирөөсү. – Акыр жоокер куралын жогот-
пойт го! Домбра менин кылычым, огум, канжарым!

–Сөзгө бурган ырчыны! Угайлык! Акын ичке доош
менен чыркырап ырдай баштады:

Ким билиптир сени, эй Ширак,
Эл журт сүйөөр экенин ушунча?!
Эл камын сени деп алыс жакындары,
Ойлогондор бар болчу эсепсиз кана.
Шартта кескен кулак мурдуну,
Жоо ишенсин деген шылтакта!
Из салдырды тамчыдан кандын,
Ушул жол болду жоону ишенгени!
Фарстар Шахты ишенип –ишенбей кошунду,
Эр жүрөккө чагылгандай ишенип акылга.
Жалгыз өзүң колго түшкөн кулуңду
Билдиң кийин колго түшкөн тузакка.

Токтор төшөлгөн саман үстүндө балдарын тизе-
сине коюп, акындын кошкон ырына кулак салды.

Аялы бир нерсе айтмакчы болгон эле. Кошулган
ыры эр жүрөк койчу Ширактын көрсөткөн эрдиги
тууралу эле.

Акын ырын улантты.

Сен тип-тике өлүм көзүнө–
Коркпостон, ал Шах көзүнчө!
Кенебестен, чыдап толо сөзүнө
Сен чыдадың, буулуп калды өзү!
Ким билиптир сени, эй Ширак,
Эл журтуңду сүйөөр экениңди ушунча?!
Эл камыны сени деп, алыс жакындан,
Ойлогондор бар болчу эсепсиз канча!

Адамдардын эч нерсе болбогондой, аргасыз алсыз чарчагандай эле. Ой тартыш да, муңдуу ыйлаганы да башка угулбады.

–Эх бул жарыбагыр буттарым эй! Адамдар бир таяк жасап берсениздер! Мен дагы чыгып атышамын. Түзүк эле мергенчи элем. –деди бир аз картайган адам.

–Кана баары бир Ширактай боло албайбыз! – тамашалап сөз кайтарды жарадар жоокер.

–Айтканың туура. Ширак кылгандай кыла албасам да, билип кой, андан кем кыйынчылык көрүп өлбөскө колумдан келет! Бош келбеди карыя.

–Эгерде душман колуна түшүп калсаңыз, башкача өнөр көрсөтсөңүз керек! тамаша кылмакчы болду жарадар жоокер.

–Сен жоокер, кезде ар кандай ок жесең керек"– ачуу азил кылды караңгыда бирөө.

Күлкү тамашага айланды.

– Таптыңыз! анын желкеси аз-маз шылынган болсо керек беттешүүдө! – деди бирөөсү.

–Кое бериңиздер аны! Биздин арабыздан да Ширактар чыгып калсын. Азыр уруш эми гана башталды го! деди чалды тамашалаган жарадарга теңдеш адам. Токтор катуу чарчаганына карабай, узак

убакыт уктай албады. Анын кулагынан "Биздин арабыздан да Ширактар чыгып калаар! Акыр уруш эми гана башталды го! деген сөз кулагынан кетпеди. Бул дайым давандыктардын ар күн айтылуучу сөздөрү. Эртеси жыйырма чакты, болуп өткөн беттешүүлөрдө өзүн көрсөтө алган жоокерлерди, ушул жумада Ихшид жоокерлерге карата мындай деди: Биз шаарды жоо колуна тапшыра турган тигилердей эместигибизди Жинчиндерге билдирип коюш убакыт келди. Душман бир гана кылыч тилине гана түшүнөт. Сиздер дубал тышына чыгып, давандыктар жолборстой алыша тургандай өз күч чеберликти көрсөттүңүздөр. Үч эмекти күйгүзүп жибериш али камыр ичинен кыл сууругандай экенин билип коюшсун алар. Жоокерлер душман жасаган үч эмекти жардырып жиберген дөө жүрөктүүлөрдөн эч ким кайтып келбегендигин жакшы билишет. Эми өздөрүнүн тагдыры да ушундай болушу мүмкүн! "Алар эл үчүн, Ширактай болушту! – деген оюн айтты, Токтор. Бирок, алардын тагдыры, кээ бир жоруктары өздөрүн курбан кылгандарын эч ким билишпейт. Ошол үчүн да алар тууралуу ыр жаратып, даңаза кыла элек да! Албетте Ширакты дагы Улуу жетекчилер чакыртышып, эмне кылыш керектигин айткан болсо керек! Мындай эрежелер аркылуу тажрыйбалуу, жетик ойчул адамдар биргеликте ойлоп чыгарышат. Дөө жүрөктүүлөр аны иш жүзүнө ашырышат!". Токтор ушундай ойлор менен үй бүлөсү жашаган атканага кайтты. Кемпир энеси дубалга башын коюп араң олтурат эле. Аялы чекеси сыныk миз казанда буламык бышырып жаткан. Очоктогу үлпүлдөгөн жалын шооласы, шамал үстүндө олтурган үч жаштагы кызы менен бир жашар уулу,

жүзүнө нур берип турган. Токтор буларды эркелетип, энеси менен аялына эртең шаардан тышкары чыгып, ачык майданга душманга каршы бетме-бет согуша тургандыгын акырын шыбырады.

– Эмнеге эми сен? – деп сурады жан талашып энеси.

– Себеби мен мергенчимин, эне!

– Сенден башка мергенчи жок бекен? ачууланып ыйлап эмне дешин да билбей.

– Бар...

-Эне алар да мени менен чыгышат!

– Мен да силер менен өлөмүн! Жоо менен карма-шып, шолоктоп ыйлады аялы.

– Жок, эч качан. Шарт сөздү бурду Токтор, – мен эмне үчүн тышка чыгып алышмакмын. Өлүп кеткиче урук-туугандарым, элим, жерим, балдарым тирик болсун деп...

Сен аларды чоңойтуп өстүрөсүң деп! арың олтурган энемди кимге таштап кетмекчисиң?

– Эне жаным! Сиздин сөөктөрүңүз ушул жерге кала албай, душмандардын аттарынын туягы тебелебесин деп... алардын кылычы Чолпонайдын чачын кыркып таштабасын деп, жан талашып алышамын, согушамын эртегече.

– Сенсиз, бары бир жашабаймын өлөмүн уулум!

– Сен Чолпонбай азыр жашсың, сулуусуң жашашың керек! Менин жылдызым... Уругуң жок болуп кетпесин үчүн!... Мен муну билем... Кийин сен... Баары бир турмушка чыгасың Токтор өзүн токтото албай көзүнөн жаш куйулду. Ушул убакка чейин бышылдап ыйлаган Чолпонай эми душмандарды каргап өңгүрөп ыйлады. Таң атканда Токтор кабырстанга барды. Ал жерде кече Аркда Ихшид алдында бирге болгон

жоокерлердин көбүн жолуктурду. Демек алар да ата-бабаларынын сөөктөрүнө арнап, куран окуп дуба кылганы келишиптир да. Ар ким өздөрүнүн уруктары коюлган жайларына барышты. Токтор эң четтеги коюлган жерге жакын барды.

– Атаке! – деди доошу кысылып, өпкөсү толуп, – мен келдим, угуп жатасыңбы! Менин жаным жакында сиздин жаныңыздын жанына учуп барат! Бирок, менин сөөктөрүм сиздин сөөктөрүңүздүн жанында болбойт! Сөөктөрүмдү ырайымсыз душмандар тебе-леп, топуракка аралаштырып жиберишет го. Ага чейин мен ондоп, жүздөп душмандарды тынчытамын! Ошондой ант беремин! Токтор өзүн он, он беш жаш картайгандай сезди. Көздөрүнө жаш келбей калды, жүрөгү болсо таштай катып калган эле. Токтор эшикке чыгышка жол алды. Дөө жүрөк адам чын көңүлдөн ошол дарбазадан чыгып, кетиш керек эле. Азыр ал нак өлүмгө кетип бара жатат. Бул өлүм Токторду жана-жан балдары, сүйүктүү аялы, боорукер энесинен ажыратат. Эч нерседен ою жок бала-чакасынын тагдыры эмне болот. Бул шумдуктуу душмандын касапаты да бул! Бизден эмне керек деги буларга?! Өз эл-жеринде жашай бербейсиңби?! Айласыз өлүп кетиш абдан ичти ачыштырат, айла канча, башка айла жок! Менин өлүмүм керек экен, аларга абдан кымбатка түшөт. Тизилген тоо артынан күн жылтырап Арк үйүндө карнай-сурнайлар жаңырды. Ошол мамлекетте шаар ичиндеги баш дарбазасы тез ачылып, тышкарыга үйгө окшош эки колдо жасалган жыгач араба жылып чыкты. Кандайдыр айбатсыз эки жыгач сандык жылгандай болду. Акырын жылып бара жаткан арабанын арасынан Давандыктар атып жаткан жаа

окторунан душман аскерлерин тытып төгүп жатышты. Ошол кезде курчап турган душман тосмосунан кыйла узак, улуу тоонун жан боорунан элес-булас карнай доошу угулду. Бул күн батыштагы Куба, Мугулоң, Канд, Гисай, Чусть ж.б. шаарлардан Эршиге жардам колдош үчүн келе жаткан эр жүрөк азаматтарынын карнай-сурнайлары эле! Тоо тараптан бир нече жайдан койуу чаң чыгарганы көрүндү. Бул күлүк аттарда жоого жана огун жаадырып, келе жаткан жоокерлеринин аттарынын туягынан чыккан чаң эле. Курчоодогу шаар, мунаралардан, коргондордон, үйлөрдүн үстүнөн карап турган Эршиликтерге келе жаткан жомоктогудай эң чоң дөө жүрөктүү жоокерлер келе жатканы туюлду. Карнайлардын ачуу үнү курчоодогу баарын кыжаалатчылыктан сууруп чыккандай бутуна тургузду. Бир гана согушкандар жоокерлерди гана эмес, картаң кишилер, кемпирлер, жарадар адамдар да, өзүн чыйрак сезип калышты. Адамдарга шаар дубалдары, мунаралары, дарбазаларда баштагыдан да бышык бийик, калың болуп көрүндү. Сандыкка окшош өзү жүрө турган жыгач үйлөр да жапырылып келген душманга тап берип аркага чегинди дагы душмандарды кыйратып курчоодогулардай жакындап келишти. Күчтүү жаалар эмес, өзү атуучу иймек огу да жоон дарак кадалаарын тешип өтө албас эле. Душмандардын кээ бирлери өзү жүрүүчү үйлөргө жакындаша алса да пайда болбоду. Аларды кылыч да, найза да, балта да кырка албай турган эле. Алдына, аркага жылуучу үйлөргө жакын келип, көрүүчү душмандарды кызыктырды. Бирок кээ бир убакта ортого түшүп калыштан чочулашты.

Душмандар бир топтон кийин муну байкашып, баштары катып, бул ажал сандыктары эмнеге курчоодон коркуп жатат? Үйлөрдүн үстү жабылбаганын байкап калды. Ошондон кийин душмандын тыгыз бөлүгү соот жана калкандар менен коргонуп, катуу каршылыкка карабай жыгач үйлөрүн курчоого алып, аларды үй үстүнө чыгууга аракеттене башташты.

–Токтор! Жааларды таштап найзаларды ишке салыш керек! –буйрук берди он башчы өз тилинде бакырып.

–Арабанын алдына кире башташты! кыйкырды Давандыктардын бирөөсү.

–Кире беришсин! желкелерине, баштарына найза сайгыла! кырылдаган он башчы. Токтор арабага ашып түшө баштаган душмандардын карындарын жара сайып жатты. Ошол кезде өзүнүн көкүрөгүнөн жарадар болду. Душмандар найза жана балталар менен арабанын кадаларынын бирин бузуп ташташтары.

– Улуу Аллах! балдарымды урук туугандарымды өзүңө тапшырдым!... Аларды өзүң! – деди араң жан берип жатып Токтор. Душмандар эки өзү жүрүүчү үйлөрдүн кадаларын бузуп, көтөрүп ташташтары, ар бир бөлмөдө ондон Давандык өлүктү көрүштү. Таң калырлык, кантип жыйырма Давандык эки жүздөн ашык душманды жок кылып жиберсе? Таң калышты хан Саркарлар. Курчаган жоонун аркасынан кол салган жардамга келгендер найза менен согушуп туруу менен чектелди. Алар күлүк аттар менен душман үстүнө сейрек бир топ болуп, жапырылып кирип жаа менен ок үзүп, кайра аркага чегинип чыгып кетип жатышты. Аркадан кууп жөнөгөндөрдүн жаа менен мелжеп, катаасыз кулатып жатышты. Алардан оозу күйгөн

душмандар аркасынан куубай калды. Бүгүнкү бетме бет согуш баскынчыларды артыкча чыгымга учраткандай кыжаалат болбогондой болсо да, бул беттешүүдө Давандыктар алсыз эместигин көрсөтө алды, алар душманды ич жагынан, тыш жагынан кысып келип, жеңиш максатта экендигинен кабар берди! Курчоого алышкандан бери биринчи жолу согушту Давандыктар башташкан болчу. Согуш жогорку деңгээлде илимдүүлөрдүн пикири боюнча согушта ойчул- жеңиштин бири болду. Согуш токтогондон бери Цзян Цзюнь, Ли Гуан Ли, Жао Ши Чен, Ван Куй, Ли Чи менен бирге өзү жүргөн жыгач үйдү көздөн өткөрүштү. Алардын түшүнүгү боюнча бар болгон адаттагы чоң эки гылдыректүү араба экен дешти. Араба өтө чоң, оор болгондуктан аны тартыш үчүн көрсөтпөй ат кошуп араң тарткан. Анын акырын жылышынын себеби ошондо тура. Ал арабанын ичинен жаа атышка тешиктерди орнотулган жана бири-бирине бириктирген каадалардын арасынан да жаа атышып, арабаны түртүшкө да жардам беришкен.

Давандыктар бул үйдөн пайдаланып эки жүздөн ашык душманды жок кылганы хан Саркарларынын ашыкча катуу кыжырына жетти. Өтө эле жөнөкөй курулган экен го, канча башыбызды катырыптыр! – деди Саркарларкайратын колдогондой Жио Ши Чен – Цюнулар, Юечжилер, же Усундар колдонбонбогон өзү жүргөн жыгач үйдү! –сөз кылды Ван Куй.

–Ооба башка эч кимде жок– кошумча кылды Ли Чи. Бир гана Ли Гуан Ли тынч турган. Башка элдерде мындай үй курбагандыгы аныk. Эмнеге ушуга чейин мындай үй куруш алардын ойуна келбеген? Көчмөнчүлөргө мындай үй куруш мүмкүндүк

бербеген. Себеби мындай үй акырын жылганы үчүн ылайык эмес. Алар аттуу душмандар менен согушуу же тез качууга ылайыкташкан, аны менен качып кутулуш мүмкүн эмес. Кадалар менен оролгон мындай арабалар курчоодо калган адамдар үчүн гана керек– деди кайгылуу түрүндө Ли Гуан Ли . Бийик он алты кырдуу сары шайыдан тигилген чатырга кайтып келгенден соң, ал Саркарларга жооп бергенден кийин, Давандыктардын өрмөлөөчү жыгач үйлөрү тууралу ойлошту дагы баштады.

Көчмөндөр да хандыктар да кура алышпаган, акыры мындай курганды! Ли Гуан Ли асман тагындагы уруштар тарыхын жакшы биле турган болчу. Жунгонун өзүндө ар ким өзүнчө жашаган шаар кыштактарды басып алганда билбегенби? Жанжалчы Жунгу падышачылыгы доорунан тартып, ушул убака чейин эң күчтүү дооорлордо да мындай үй тууралу ойго келтирбегенби?

Демек Давандыктар хандыктарга караганда согуш кылыш боюнча да эмес, ойлоп чыгарууга да кыйла уста экен го! Цзян Цзюнь алдындыгы Давандыктарды ушул убака чейин ойлогон даражада жеңил эместигин түшүнө баштады.

Ли Гуан Ли качандыр бир убактарда хан кошунунда колдонгон эки гылдыректүү согушка пайдаланган арабаны эске салды. Ал кезе Чин али империяга айланбай, такта Сяо–Гун олтурган падышалыгында туура келген заманда доор башкаруучусу Шан Ян өткөргөн жер реформасы туралуу бирме бир эсине сала баштады.

Чин өлкөсүнүн жер реформасы кайта түзүлүп кайра куралданган эле. Кошуун аскерлерине аттуу болушка

буйрук болгон. Биринчи курал жарак акырындап темир куралдарга алмаштырылды. Ошол убактагы солдаттар узун кийим оордуна көчмөндөргө окшотуп кыска кийим кийе турган болушту. Согушта коркоктук кылышта аларга катуу чара көрүлө турган болду. Реформанын натыйжасында Чин падышалыгы кошуну башкалар сыяктуу согуш мүмкүнчүлүгү ашты. Мына ушундай аракет күчү Чиндик падышалыктан империяга айландырган болчу. Бирок Шан Ян ошол убакка чейин негизги ак сөөктөр согуш күчүнөн пайдаланган эки гылдыректүү согуш арабаларын таркатып жиберген! Бул Шан Яндын катасы реформанын каталыгы. Эмне ар бир өлтүрүлгөн Давандык үчүн ондоп, жыйырмалап хандыктар өлө береби?! Кантип башка чара болбосо?! Тажрыйбалуу кошун башчы Цзян Цзюнь Ли Гуан Ли Давандыктардын жөн эле даярдыксыз күрөшүнө тең келе турган чара таба албай кыйналып жатат. Хан саркарлары өрмөлөөчү жыгач үй калдыгын көрүшүп жатканда шаар мунарасынан Ихшид Мудтой ойондору менен бирге аларды карап турушкан.

– Карагыла абдан кайраттанып жатышат!

– Алардын баштары катбаганга айласы жок! Мындай жасалган арабаны өмүрүндө биринчи жолу көрсө керек! – деп койду Чагырбек.

– Ошол усталар менен темирчилерди Аркка чакыргыла!

буйруду Ихшид Мунарадан ылдый жөнөп жатып Саркарлар анын аркасынан ээрчишип жөнөштү.

– Кайсыл жерден үйрөнгөнсүң мындай арабаны жасаганды? – деп сурады Мудтой кирип келген Үрүбайдан.

– Куду ушундайды эч жерден учуратпаганмын, – деп жооп берди Үрүбай жер кучактап таазим келтирген, кадаларды даярдап, – бирок өз журтумда Парфиенада Иран Шахтарын урушка даярдалган арабаларды көп көргөнмүн, атайлап карап көргөнмүн. Атам менен бирге ошо арабаларга узун кылычтарды да орнотконбуз. Ал арабалар эки гылдыректүү бирок эч бир тарабы оролбогон эле. Бары жогу ачык эле.

– Фахтар мындай арабаларда Гректерге каршы көп согуш ачкан, – кошумча кылды кошун башы Чагырбек.

– Ушундай согуш арабаларды биринчи өзүбүздө Бактриеналыктар ойлоп табышкан. Фарстарга каршы колдонушкан. Фарстар ошолордон үйрөнүшкөн – деди Заутар.

Бектер ага таң калып карашты: бардыгы бул урматтуу зат тарыхты жакшы билишинен кабардар эле, бирок эч ким түрдүү калктардын куралдары тууралуу маалыматты бардыгы кыялында да келтиришпеген.

– Фарстар шаарларды куурчап алганда токтоп калган сөзүн улап айтты Үрүбай. – Узун кадалар менен камыштардан бийик мунарадай куруп жашашкан. Ошол жасалган гылдыректерге, галтектерге орнотуп, дубал жанына итерип келтирген да, шаар коргогон жоокерлер баштарына ок жаадырышкан. Буларды мен көп көргөн адамдардан укканмын.

– Тупа-туура! – Заутар дагы темирчи кулдун сөзүн кубаттады.

– Эмнеге эми силердин гылдыреги бийик арабанын да, кадаларга оросо болбойт деп ойлодум, – деди сөзүн жакындатып Урубай.

– Туранбалко ойлогонумду кубаттады. Кийин уста Жоодар экөөбүз ошол эки арабаны жасадык.

– Балкытып Улуу Аллахым ар кандай эки бар нерседен үчүнчүсүн жаратмак, ойлоп чыгаруучулукту ар кимге да атаа кыла бербейт.

-Жыйырма бешинчи бөлүм-

ТАШТАНДЫ КЫШТАКТАР

– Ушуну унутпаңыздар, кошун аркасынан илешип келген арам тамак бекерчилер да үч маал оокат талап кылышат! Эртең эле алардын тең жарымын үйлөрүнө кайтарып жибериш керек! Артыкча бекер тамак ичүүлөрдөн кутулуш зарыл.

Солдаттар атарабындагы кыштактарга түнү-күнү жөнөтүлсүн: ач адам көмүп таштагандан жытын дароо сезет. Ар бир солдат өз оокатын өзү таап жесин. Даван арыктарында бака, жылан, курттар толуп-ташып жатышат.

Бак-даректарда жапайы мөмөлүүлөр төгүлүп, чирип жатат. Ли Гуан Ли чатырларында өткөрүлүп жаткан кеңешмедеги башчыларына Цзян Цзюнь Эрши курчоосун улантыш ниетин түшүнүштү. – Даванда кыштайт окшойбуз! – шыбырады Сяовей жанындагы жүз башыга. Алар эми гана Цзян Цзюньдун кеше-ленген кең чатырынан чыгышкан эле.

Акыры ал Эршини албастан Асман тагына кайтып бара албайт да, экинчи Сяовей – Эршиден Цзян Цзюнь ишеничин акташ керек да!

– Туура айтасың. Асман уулу өткөн жүрүштөгү жеңилишти зорго кечирди. Эми бул жолу да шерменде болуп кайтсак нак бардыгыбызды дарга асышат.

– Туура, эч качан кечирбейт. Өткөндө алты миң киши келген болчубуз, бул жыл Дуньхуандан чыккан солдаттар өзү эле алтымыш миң! Каравандар,

соодагерлер, башкалар болуп, жүз миңге жакын. Бул дагы жолго чыккандар... Азыр канчабыз калдык? Айтууларына караганда кырк миңче болгону. Буга дагы тиги Йу шаарын карап тургандар да кирет. Кантип эле жыйырма миң адам жоготкон болсок?! Кош келгенден бери эмнеге жетиштик? Эршини ушул убакка чейин толук ала албадык. Давандыктардын күн батыш тараптагы шаарлардан жаңы-жаңы колдоо көрсөтүп келгендер жүздүктөр, миңдиктер, келип турушат. Ким билсин алардын канча экендигин, камыш токойлордо, тоо таштын ичиндеги үңкүр-лөрдө жашырынып жүрүшөт.

– Бардык геп ушунда да, Цзян-Цзюнь Эршилик-терди ачкадан алын курутуп, өлтүрүш максаты окшойт. Мындан кийин да күн батар тараптан келгендерге каршы күрөшүү үчүн да аскер күчү керек го!

– Жао Шичен өлгөн адамдардын да кийимдерин да чечип алыш керек, дегенден кийин да, кишини Даванда өткөзүшүбүзгө ишенич калбады.

– Туура бул кетиште ушундай боло берет! Сяовейлер курчоо алдында жетип келгендер ар бири өз миңдиги тарапка жөнөштү. Алар азыр эле атараптагы кыштактарга тинтип келиш үчүн жүздөн адам ажыратып коюш керек. Түшкө жакын жүздүк дүшмандар таштап кеткен айыл-кыштактарга кириш-аралабаганы көрүнүп турат. Кыштак Кара Дарыя боюндагы камыш токойунун ортосуна жайлашкан экен.

–Аньин, Аньши, Жен-Че, келгиле мынабу корооого киребиз! солдаттарын чакырды кыркыраган он башчы.

Ондуктардан калган алтоосу он башчы менен бирге жетөөсү аттарын тизгининен жетелеп, гүбалак үйлөргө кириштн. Дарбазадан кирип бараткан жапыс үйдүн эшигине ээрдин кашы тийип, оодарып жиберди. Короодо мөмөлүү даректар менен жүзүм бир аз бар экен. Душмандар аттарын даракка байлап коюп, малкана, аткана, үй ичтерин тинтип чыгышты.

Короодон агып өткөн жайда чоң кайрагач алдында чоң сөрү көзгө түштү. Душмандар бир ар кап эгин табылар бекен деген үмүтү үзүлдү. Сөрү жанына топтолуп, он башы, ээлери таштап кеткен нымдашкан камыш үстүнө жамбаштады.

– Камыш зарда көбүрөөк ичкериге кирип кетпедикпи? чочулап, Аньши Аньинден.

– Өлгүдөй коркоксуң да! жүрөк деген барбы өзү сенде? Үшкүрдү ага он башчысы. – Аттуу давандыктар Куба шаарынын күн батыш тараптан келишет. Биз Эршинин күн чыгыш тарабындабыз. Аньши тынчып калды. Женче сөгүнө баштады: Бул даректарды эмнеге эгишкен, мөмөсү качан бышат?

– Булар эрте быша турган алма! Алардын мөмөлөрү сен бул жакка келгенге чейин бышып болгон. Жүзүм али быша элек. Ачуусу менен Жен-Че ноода жыгач менен жүзүмдү уруп түшүрдү жүзүм баштарына бадырай түштү.

– Көзүң агып түшөт Жен-Че! Үшкүрдү өзүн токтотуп.

– Коркутуп болупсуң! өзүңдү бас, жарыбагыр.

– Токтоткула! Болбосо экөөңдүн тең териңерди шылып салам!

– Билип кой Жен-Че сени аябаймын.

– Билемин! Кызыл кийимим жарыбагыр экенинин белгиси.

Үчөөбүздүн тең ким экенибизди жакшы билеби? Давандагы аскерлер дагы өздөрү кыйла тартипсиз боло баштаган окшойт. Бул жүрүш да баштагы жүрүшкө окшоп калбаса болду? Бирок бул тууралуу эч кимге ооз ачууга болбойт. Этият болуш керек, бир сөзүң үчүн тилинди кесип, кабыргаңды сууруп алып, тирүүлөй жерге көмүп коюшум мүмкүн! Дубалдын артындагы жолдон өтүп бара жаткан салдаттардын атынын дүбүртү чоң кайрагач алдында сүйөшүп жаткандар аттарына минип өз жүздүгүнө кошулуп алышты эстеди. Шенбиндер жана дагы камыш арасына таштап кеткен башка айылга жол алышты.

Ал жерде колго кирген олжо шашылышта үй ээлери алып кетишке үлгүрбөгөн эки -үч кап дандан башка эч нерсе табылбады. Кечке жуук жүздүктөр өз жайына кайтып жатканда алдынан аттуу Давандыктар кол салышып калды. Катуу доош менен коркутуп киргенде Шенбиндер тыркырап, Эрши тарапка кача башташты. Эртеси кошун дарыгеринин жанында элүүгө жакын жарадарлар күтүп олтурушкан. Жарадарлардан эки теңтуш башкалардан ары жакта сырдашып олтурган.

– Айткандарына караганда, кечээ бизден башка дагы эки жүздүктөр да чыккан экен. Алты жүз Шенбинден араң жүз эликке жакын келиптир, жарадарларды да кошконго. Баарынан да жаман азапты жедик. Эң акыркы кыштактан чыгып кайтка-

ныбызда, асман аттарды миңген Давандыктар кол салышып калды. Кыска убакыттын ичинде чегинип алар кача башташты. Биз куулук. күтүлбөгөн жерден ар тараптан түтүн аралашкан өрт көтөрүлдү. Көл үстү баткак экен. Тузака түшүп калганыбызды түшүндүм. Биз башта барган кыштактарда кайра ичкери кириши бизди пайлап турушкна экен. Бул жерде экинчи жолу да капканга түштүк. Биринчи жолу Эршиде ушундай болгон. Мен анда миңдиктерде элем. Алардын катуу аккан суусу эмне дейт аны?

– Ак- Буура дейби?

– Ооба Ак- Буура жанында. Ал жерде да баткак токойго илештирип, сүрүп барып от койуп жибе-ришкен эле. Эки жолу тең беттешип чабышпай жа-нымды аман сактап калдым.

– Кимде акыл болсо башын кылычка тосуп бербей, өзүн этият кылат!

– Секинирээк! Бирөө жарым сөзүбүздү угуп калбасын!

– Коркпо азыр баарынын оозунда ушул сөз.

– Кандай болсо да этият болгон жакшы.

– Кийин эмне болду?

– Кечегисин айт!

– Аттан түшүп, атка бир камчы уруп, айдап жибердим да камыш ичине кирип жөрмөлөп жойлоп олтуруп пысып дем алдым, кайра жылып олтуруп токойдон чыгып кеттим. Көрсө мени да кыйла жарып таштамак. Давандыктар анча көп эмес кырк-элүүдөй бар чамасы. Бирок алардан арең кутулдум. Жолдун четинде эгеси жок ат оттоп жүргөн экен миндим да качтым.

– Кыркта Давандык эки жүздүктү тыркыратып куудубу. Эки жүздүктөн отуз кыркы арең качып кутулса да чоң иш. Кызыгы ушунда кол салышкан чыныгы жоокерлер эмес давандыктырдын жары-багырлары! Өздөрүнчө аларды эмне деп аташат?

–" Жол тосорлор" дешеби?

– Каракчылар дегениби?

– Ооба ошого окшош эле.

– Алар каракчы экенин кайдан билдин?

– Туурасын айтсам, алардын чоңун таанып кал-дым. Баштагы жолугушканда Ак- Буура дарыя боюнда аны көрүп калдым. Мени менен качып кутулган тилмеч давандыктар башкаруучу палван адамдарына баарысы баш ийип атаман дешип кенен айтып берген. Бекинип жатсам жанымдан өтүп кеткен, мени көрбөдү. Мен кыймылдабай такта болуп каттым да калдым. Атамандын көзү күйүп жаткан камыштар тарапка карагандан мени көрбөй калды.

– Ооба, азыр ким күчтүү, жанын сактаган күчтүү!

Ли Гуан -Ли чыгып калды.

Кеч кирип бара жатат. Асманды капкара булут каптаган. Издеп табуучулар, майда чымындар ылдый-лап учушат. Аба дымып дем алыш кыйындашып бара жатты. Ли Гуан -Ли түзөңчө-дөңдүн жан боорундагы чатырдан четирээк төшөлгөн гилемге жалгыз отурду. Ар жактан буржуйлар зеригип эсинейт. Цзян Цзюнь курчоодогу Эрши дубалдарды курчап чыңжырлаган аскерлерди көздөгөн болуп даван жүрүшү эмне болуп бүтүшү тууралуу ойлоп жаткан болчу. Бул мамлекетке кадам шилтеп келгенибизге, мына жакында бир ай болот. Бирок уруш өзү өткөн жылдан башталган. Бул убакыт ичинде Ли Гуан Ли давандыктар менен бир

нече жолу беттешти, алардын күчүн сынап көрдү. Давандыктар тууралуу маалымат топтоду, бир кыйла үйрөндү да, Йу шаарына капыстан кол салып, бир кагылышуу менен жеңген элек. Натыйжада Шенбендер ачкалыктан кырылып кетише берди. Бирок, Давандыктар ошондо дагы теңдешсиз күч көрсөтүп, ар бири төрт бештен душманды жок кылышты. Биздин бактыбызга тоо арасындагы чек ара коргоочулардын саны көп эмес экен. Асман тагынан жолго чыккан баскынчылардын жарымы гана араң шаар коргонунун алдына жетип келген эле. Алардын дагы согуш убагында аман калган бир бөлүгү шаар ичине кирсе да, жана Дуньхуанга кайтып кетишке аргасыз болушту. Бул жолу болсо, ошол жүрүштөгү катачылыкты эске алып кошуун тамак аш менен жетээрлик камдалды. Эгерде ысырапчылыкка чек коюлса – бул тууралуу Цзянь Цзюн катуу көзөмөлдөп чара көрө баштады –дандан кыйналбайбыз. Мындан көңүл ток. Мындай кенебестик алдамчылык эмес бекен?! Бул көңүл токтук Саркарларды да, анын Цзянь Цзюндун өзүнө да, эң кымбат убакта шаар коргогондорго берип, койуучу кенебестике шарт коюп койбос бекен. Ушул убакка чейин Йу шаарынан эч кандай кабар жок! Демек ал дагы толук баш ийдирбеген. Чындыгында кабар келген аларга. Ошол кичине шаарга төрт миң кишини айласыз кармап турушат. Ошондой экен, Давандын баш шаары, борборуна кырк миң душманды кармап турса, капа болбосо да болбойт. Башта Селат Шихид, жаңы Долварзин (Ош), Асаке жана башка кичине шаарларды коргоп тургандан көрө катуу бир топ аскерлер менен алышка туура келди. Оор абалында Давандыктарды тополоңго салып койду,

Башта алар башы айланып калды эле. Мына эми алар шаардын ичинен бийик, калың дубалдар үстүнөн жан дили менен каршылык көрсөтүп жатышат жана аларды алтымыштай орто жана кичик шаарчалары бар, биздин Шенбиндердин кичине аттарына аларга жетип баргандары жок. Бул жерде Даванда болгон элчилер Эрши курчоого алынгандан бери күн батышы тагы шаарлардан ажырап чыга баштайт. Ар кайсыл район беги өз алдынча кутулуп кетишке аракет кылат. Эрши алынышы менен алардын өздөрү баш ийип келип, хандыктардан кечирим сурашат, деп кайтакайта өздөрүн сооротуп жатышты. Хаш эли ишке ашканы эмне болуп жатат? Башка шаарлар курчоодогу Эршиге жардамга күч жиберип башташты.

Ортомчулар азырынча карындаш уруктары, кудаасөөктөрү, бий–болуштар менен сүйлөшүп биригип, жатышыптыр. Ли Гуан Ли курчоодогу Эрши дарбазалары бирден шарт ачылат да, Давандыктар чыгып, менин бутумдун астына чөгөлөйт деген үмүттөн баш тарта элек эле. Ушундай болушу мүмкүнбү же бул дагы акылга сыйбай турган баш оорубу? Бул сурооого жооп табыш үчүн Ли Гуан Ли давандыктар кийин кандай позицияда тута тургандыгын баалашка урунду. Биз алардын үстүнө басып келдик кокустан ойлой баштады ал- давандыктар эси кетип калышты бирок Чилустан тоосу ат арабасында жан алы албай күрөшөт. Эгерде Ли Чи башка жол менен жетип келбегенде, өзүн коргоочулар бизди ал жерде жок дегенде беш алты күн кармап кала алышат. Ха биринчи беттешүүдөн кийин Давандыктардын көңүлү чөккөн абалда эле, бирок тез эле оңолуп тике туруп кетишти. Аларды тыштан шаар ичине камап

алганыбызда, капканга түшүрдүк деп ойлодук. Бирок алар учкуч жылдыздар ойлонушуп дагы бош келбеди. Ошого карабастан, Давандыктар анча мынча аракет кылып турушат. Алар чын эле күчтөнүп калыштыбы, же өздөрүн күчтүү кылып көрсөтүшкө аракет кылмакчыбы? Бизди ошого ишендирмекчиби Ли Гуан Ли Эршини бир чабуул менен алышка көз алдына келтирди мына Шенбиндер алга жүрүшсүн, дубалга тырмышты, кылыч менен чабышты, душмандар капталына канжар сайышты. Бир кезде давандыктардын өзү жүрүүчү үйлөрү пайда болду. Ооба бул балекет кадалар менен оролгон арабалар биздин күчүбүздү кетирди, - ойлошту дагы баштады өз көзүнө ишенбеген адам кантип, ар бир арабада ондон давандык кирпик какпай өлүмгө бара берсе?! Согушта аскерди кармап тура турган күч- өлүмдөн кутулуп калыш үмүттө го акыры! Бул Давандыктар бири да кайтып шаарга кире албастыгын билбеши мүмкүн эмес. Ошондон бери курчоодогу шаардан онго жакын өзү жүрүүчү үйлөр чыкты! Үй ичиндегилерден бирөөсү да аман калган жок, баарысы кыйналып таштанды. Кандай адам өзү алар? Кана эми биздин Шенбиндер ушундай согушушса! Бул жарыбагырлар Асман уулунун улуу эрежелерине көңүлсүз карашат. Узун жолду ээлеш үчүн аларга тапшырма берсең алар үчүн баары бир, алар Асман аттарын колго түшүрүшкө да эч качан кызыгышпайт. Бул ашкабак баштуулар Асман аттарысыз күн батыштагы узак мамлекеттерди баш ийдириш мүмкүн эместигин да түшүнүшпөйт! Жарыбагырлар жакшыраак согушсун деп, ондуктарга аларды кошуп, Шенбиндер менен бириктирип койдук. Ошондон кийин да он башы, жүз башчылар урушса

гана согушка кирип жатышты. Шенбиндерди да давандыктардай коркпой эр жүрөк өлүмдөн коркпой кире турган кылса болоор беле? Жарыбагырларды Асман Уулуна сөзсүз баш ийип сыйына турган кылып жүрүүгө үндөш эле калды окшойт? Аларда эмне күч берүүчү: Өздөрү сыйынып же коркуш үчүнбү? Шенбиндерден эч ким Асман уулун көрбөсө дагы ар убакта буйругу тууралуу укканда анын аты кулактарына сиңип калгандай тынчып калышат. Давандыктарчы? Алардын сыйынган кудайын эч ким, эч качан эч жерде көрбөгөн!

Ал эч кимди жазага тартпайт. Давандыктар кудайдын (Ахурамазды) алдын ала белгилеп койгон, пешенесине эмне болушун, канча жашашып, канча балалуу болушун, кантип качан өлөөрүн, ал тургай согушта Ата-Мекенин коргоо үчүн өлсө бейишке чыгып, ал дүйнөдө бардык нерсе аш-тамак, мөмө-жемиш дайым бышып, кооз салкын жерде эч нерседен кеми жок жашай турган болушат. Ошондуктан алар өз рухун булгабай таза сакташ үчүн согушка киришет. Негизгиси өз ата-журтун, жашаган жерин, элин, ата-энесин балдарын сакташ үчүн өз жанын аябайт, согушка да, өлүмгө да дап даяр. Буцуйлар башчысы келип, Ли Гуан Линин тушуна кол куушуруп олтурду. – эмне сөз?

– Цзюнь Чжин тупа-туура ушул жакка келип жатат. Аны токтотуп Цзюнь Цзян эч ким жакындабоого буйруган дедим. Ал болсо, бул мага тийешеси жок деди. Мага баш ийбей жатат. Эмне кылайын?

– Туура, аны токтотпош керек эле! Буцуйлардын башчысы бир аз ары тисерилди. Ошол кезде ага окурайган орто семиз, кыска бойлуу Цзюнь Чжин Жау

Шичен тоголонуп Ли Гуан Линининин жанына жетип келди.

– Ушул эшик ага сөзүнө кулак салып отурасыңбы? – кабагын салды Ли.

Мен сага ар дайым айтканмын. Мунун кыпкызыл акмактыгын!

– Хан эмне геп таап келдиң?

– Тиги жарыбагыр Женчен ушагы туура болуп чыкты. Нашапуруш Давандык чалды тирик кармап келишти. Жүз баш менен тилмечти жашырган алтындары табылды.

– Ортомчу бир нерсе айттыбы?

– Жок. Тилин үзүп таштасаң да үн чыгарбайт.

– Алардын үчөөнү тең кепеге алып барып, тирүүлөй отко салыш керек! Башкаларга сабак болот! Жау Шичен өзүнүн чатырына жөнөдү. Аны тинтүүчү лакабы бар, Цяовей күтүп жаткан. "Ооба! даванлыктардын кошуна башчысы жөнөкөй эмес! аны сураштыра баштады Ли Гуан Ли – ал Чилустан тоо этегиндеги беттешүүдө жаман башкарбады". Биздин жүз башчы менен тилмечти кайырмакка илинтип, алардан маалымат алып туруш, биз курган үч эмекти түндө күйгүзүп жибериш, эмичи? Курчоодогу шаар ичинде базган, балталар менен сыдырып сандалдарды каттуу үн чыгарып тарактатып, чыгарышчу!

Дарбазалардан жаңы курулган өзү жүрүүчү үйлөрдүн чыгарылышы, тыштан күлүк аттар менен жоокерлердин көпчүлүгү кол салышты! Булардын баары балээ кошун башынын иши! Бизге каршы бул жолу күч менен күрөшүп жатканы Саркарлардын кайсынысы болушу мүмкүн? Кантип, тоз-тополоңдон пайдаланып, такка олтурган ошо ишенгендин уулу,

айтуудан кыйла жаш Чагырбек кошуну милдетин бул жолу так аткара, башкара алса? Атын эле кошуун башы деп атаган менен чындыгында атасынын сызган чийиминен чыга албай тургандан эмес окшойт ал? Ары барса, жакшы кылыч чабышуучудур – да, деп эсептеп ката кетирип жатабы дейм? Жок, болушу мүмкүн эмес! Анда ким? Мудтойбу? Бийлик ишинде эмнени билет? Эгер колунан согушту башкарыш келгенде, башынан эле Мудтойду кошун башчы кылып дайындашат эле. Кундузбекчи? Өмүр бою издөө беги болуп келген. Аларда дагы ким бар? Башкалары жарабайт. Бектеринин көбү колубузга түштү, алардын денелери агып, чирип бүттү. Кана ким келди ишке жарай турган? Дагы анабы... эмне дешет аны? Зауттарбы? бутун араң сүдүрөп кайдан саркарлык кыла алсын?! Давандыктар көптөн бери эч ким менен согушпаган. Демек алар да тажрыйбалуу кошунбек болушу мүмкүн эмес! Ли Гуан Ли оюнда Даван саркарларын жарай тургандарын көз алдынан өткөрдү жана жаш Чагырбек гана кошун башы болууга мүмкүн деген чечимге келди. Ал өз оюнун тууралыгын толук ишениш үчүн Сыртланбекти чакырып келишти буйруду.

– Чагырбегиң кандай адам? – сурады ал шүмүрөйүп кирип келген Сыртланбектен.

– Өзүм билдим, мактанчаак!

– Ал өз ишин бышык иш жүргүзгөн убактысы болгонбу? Ооба, Чилистан жана Айырмачташ атарабындагы...

– Атасынын сөзүнө кулак салабы?

– Ооба, кулак салат. Согушка байланыштуу масселерде Мудтой уулунун пикирин көп колдойт:

– Жашы канчада?

– Болгону кыркта.

Ли Гуан Ли башка эч нерсе сурабады.

Ли Гуан Ли Сыртланбектин чыныгы саткынчылыгынан сырткары, коен жүрөк коркоктугун да билип болгон. Акыры Сыртланбекти Шенбиндер өлүктөр алдынан сууруп алышты го! Төө куш башын кумга тыгып жашырынгандай ал дагы тышкы шаар четин карашып өлүп жаткан өлүк алдына кирип алган экен. Өтүп бара жаткан Шенбиндердин көзү чети чыгып турган кымбат баалуу кийиминен тартып чыгарып, тупа-туура Саркарлар алдына алып келишкен. Сураган убакта Сыртланбек душман тарапта экенин аныктаган. Анык өзү болсо, бул шерменде кылыгын туура деп эсептеген: Ушул жол менен хандар тарапка өтмөкчү болгон экен. Анын бул сөзүнө ишенишпесе да, Ли Гуан Ли Сыртланбекти өз кол астына кармап турушту туура көрдү. Эрши алынгандан кийин ал керек болуп калышы мүмкүн. Ли Гуан Ли Сыртланбек чыгышына белги берди да, Чагырбек тууралуу ойлонушту дагы улантты. Ооба чын эле Чагырбек алардын ишенгени болушу керек, өтө жаш эмес экен. Акыры өзү да ошол жашта атактуу согуш адиси башчысы болуп таанылган эле. Мына эми алтымышка жакындап чочулай баштады. Бул душмандын кырк жашта болгону жаман. Ошол үчүн да ал өтө тез ойлонуп туура чечим чыгарып жатыптыр. Бирок Чагырбек толук бышып жетилбесе да, ар бир кадамын атасы көптү билген Зауттар менен кеңешкени дурус. Ырас ушундай экен ар бир окуянын тез аткарылышы үчүн Чагырбек окуянын тез аткарылышы үчүн тез жооп берип чечилишинде! Өз чечиминин тууралыгын

билген Ли Гуан Ли жанындыгы балыштарга жамбаштады да, бут учунда жүрүп кызмат кылган кызматкер азыр гана алып келген Даван ичимдигинен шимирди. Абдан жакшы анын толук жетиле электиги... өзүнө өзү тан берген Ли Гуан Ли бирден чочулады. Ушундайлыгы аныкбы? Ли Гуан Ли Чагырбек берген ишти бутүрбөстөн жаңысы даяр болуп жатат го?! Ли Гуан Ли Чагырбектин чечкиндүүлүгүнө макул болуп жооп кайтарды. Бул иште жоо башкаруучусуна баа бериш жеңил эмес. Аны менен алышыш оңой көрүнбөй жатат. Биздин аскерлер аларга караганда баштагыдан эки эсе көп! Тиштерине тиштерин койуп, аткаруу милдетин калыс баалашка аракеттенди Ли Гуан Ли. Бирок алар Цзян Цзюньдун акыл эси менден эки эсе кем эмес! Мен ага караганда бир нече тажрыйбалуумун! Бирок кошун башынын чечкиндүү ой менен иш алып барышы көп тажрыйбалуу экенин белгилебейт. Чагырбектин жаштыгы ойчулдугу, чечкиндүүлүгү, түшүнүгү бизден жана менен көрүнүктүү Цзян Цзюньдан эч кем эмес, мүмкүн артыктыр. Кантсе да ачык акыйкат! Мен акыл эсимди, түшүнүгүмдү толук ишке салдым, ар бир чечимдеримди тактадым, ойлоп чыгышка туура келди. Чын айтканда аны жеңип болбойт! Акыры Эрши Цзян Цзюнь - Эрши Аллах буйрумайынча Асман тагына кайтып бара албайт го? Асман Уулу баардык нерсени алдын ала белгилеп койгон. Хан эмне кылыш керек бул оор милдеттемени аткарыш үчүн. Макулдашышка да эч ким жок бул жерде! Ли Гуан Ли акыл жана билим жагынан өзүн бир нече согуш жетекчилеринин, улуу Саркарларга тең көрүүчү. Алар бүтүн Асман тагында эки үч адам гана бар. Бирок алар бул жерде жок. Демек бирден бир жол мындан төрт жүз жыл жашаган жана өз ой пикирлерин шайы оромолчолорго жазып калтырган Цзян Цзюнь Сунь

Цзюга жана дагы бир кайрылыш керек! Ли Гуан Ли кызматкер башчысын чакырды:

– Кат окуучуну чакыр!

Цзян Цзюнь колундагы жүзүм ичимдигин бир кесе ичип, турган кезде кат окуучу жетип келди. Аны менен бирге келген жигит колундагы капкагына шайы сары ажыдаар сүрөтү жабыштырылган кутучаны гилем үстүнө акырын койду да аркасына тисерилип узады.

– Капкакты ач! – буйруду Цзян Цзянь. Кат алуучу кутуча ичинен ашталган жука тери мукаба арасында-гы шайы оромосун алды.

– Оку!

–"Эң жакшы натыйжанын жакшысы – душман кошуунун жалгыз жеңиш. Андан кийин согуш башташтын эң макул болгон жолу– жоо планын жок кылыш; андан кийинки жайда – жоонун башкалар менен болгон биримдигин жокко чыгарыш, андан да акыркы жайда– душман кошуунун тыркыратып жибе-риш. Эң жаманы шаарларды курчоого алып туруш!."

–Токто! абдан тез шашылып окуп жатасың! Акыркы сөздөрү Ли Гуан Ли башыны өткүр учтуу таш менен ургандай болуп, эт дүркүрөп колдору титирей баштады.

– Башка жагын оку!

– Айрым учурларда суук кандуу (кенебестик) да зарыл , айрым кезде тез чара көрүш макул...

– Куду ушундай болуш керек. Болду!

Ли Гуан Лиге азыркы сөздөр бир өзүнө Сун-Цзи өз оозунан укканда‌й туйулду. Ошол үчүн шайы оромолду өзү окубай кат окуучуну чакырткан болсо керек. Ли Гуан Ли азыркындай оор күндөрдө Сун-Цзи менен маслиттешти каалаган эле. Ал да анын бир нерсе дебеди. Анын үстүнө кат окуучу шашылып, Сун- Цзини азыр Лиге керексиз жерлерин да окуп жиберди. Баарынан да эң жаманы шаарларын курчоого алып туруш! Сун - Цзинин айтканы миң ирет ак! Бирок Эршинин

курчалганына үчүнчү он күндүгү да түгөнүп жаткан кезде да баштагыдай кенебестик керекби же тез аракет кылуу макулбу?

– Эгерде бул жерде кышташ пайдалуу болсо, кенебестик керек жок эгер зарыл болсо, тез аракет кылуу керек деген ойго келди Ли Гуан Ли.

– Эмне эң туура чечим - кошуунду сактап калышбы, же шаарды алышбы? – сурады өзүнөн өзү Ли бекем түйүлгөн муштумун кутуча кагаздын үстүнө койуп.

– Эгер кышташка мажбур болсок, кошунду сактап калыш керек, тескерсинче Эршиге тез катуу кол салып алышыбыз керек! Бирок Ли баары бир үзүл - гезил бир чечимге келе албады.

Кеч кирип, караңгы боло баштады. Ли Гуан Ли өз жайында кыймылдабай олтурат. Үй кызматчылар, башка кызматчылар эч ким анын жанына келип, бир нерсе керекби же олтура беремизби деп сураганга жарабады. Шүгүр дагы кечиктирбей турган зарыл иш менен келген Цзянь Чжен Жао Ши Чен Цзяи Чзюньдун оор жана чукур ойун бөлүп жиберди.

– Кийинки күндөрү мындан кийин эмне кылышыбыз тууралуу абдан ойлодум. Бирок бирден бир канааттандырарлык бир ой максатка келе албадым. – күчөндү Жао Чен .

– Көзү ачык палчыны чакыртып келсен эмне дейсин ?

– Чакырт!

Караңгылык толук түшкөн, Цзян Цзюндун чоң чатыры ичиндеги май куйуп сиңип калган тараша чырактар жарыганда Хан кошуну Саркарлары таш бакага карап пал ачып жаткан чалдын түшүнүшү кыйын сөздөрүн чоң ынтызаар менен тыңшап жатышкан...

-Жыйырма алтынчы бөлүм-

КИМ БОЛДУ АЛ СУВАРИЙЛЕР

Ли Гуан Ли өткөргөн негизги кеңеште эгерле солдаттарынын жарымы жок болуп кетсе да курчоодогу шаарды катуу чабуул жасап, бир кысып күч менен алышка чечим кылды. Эрши босогосунда кышташ – кошун үчүн кыйын, Хандыктар үчүн шерменделик! деп чечишти Цзян Цзюндун пикирине кошулган Сяовейлер менен башкалары. Курчоо башталгандан бери бешинчи аптанын биринчи күнү Шенбиндер таңга жуук катуу кыйкырганча шаарга кол салышты. Коргонго жапырылып барып, дубалдын ар жагынан чоң тешик чыгаруу, бир кыйла жерин оодарып ташташ, дарбазаларды сындырыш, ичине кириш, шаар коргоочуларды баарын калтырбай кырып ташташ, шаар ичи менен Арк сарайын толук ээлеш тапшырылган эле. Кокустан ар тараптан кол салып, алдынан белгилеп койулган белгилүү жерлерди дубал үстүнө чыгып алуу эрежеси белгиленген. Эгер биринчи кол салганы кайтарылса, жана дагы күч менен алга барыш ошол жол менен ошол шаарды толук алмайынча токтобой турганы тапшырылган эле. Дайындалган мунаралар аралыгында душманды алаксытып туруучу жүздүктөр менен миңдиктердин аракет кылышы да белгилеп койгон. Эршиликтер бул кыймылды байкап калышы менен, чалгытма, адаштыруу жайларын өзгөртүш да ойго алынды жана ошол курчоодогулар артыкча

көңүл бурбаган жайлардан кокустан дубалга асылып чыгыш зарылчылыгы эреженин эң күчтүү амалынан деп табылды. Бузуп ташталган шаардын тышкы шаардагы бузулган жерлеринде бийик дубал көтөрүп шаар ичиндеги баардык нерсе көрүнө турган мүмкүнчүлүк болду. Шаар ичиндеги Арк сарайынын жана бөлөк калып дубал менен корголушу баштагыга караганда бийик, калың өлчөгөндө башта сегиз адам бою болсо, азыр он адам боюнан ашкан чоң кыштар менен курулган эле. Кыштарынын ар бир жеринен ачык жай калтырып, топурак менен шыбалбаган дубалдын калыңдыгы алты кадамдан да ашык болуп, дубалдын үстүнөн жаа менен ок атыш үчүн ачык калтырылган. Коргондун ар бир өтүш кадамына коргонуучу мунарасына да андан бийик дубал көтөрүлгөн. Коргондун узун ар тарабында жыйырмадан алды, арка тараптары болуп алтымыш төрт миң мунара бар эле, ички шаарды ороп турган коргондо. Дубалдын узун тарабына жети жүз алтымыш, туура кыска тарабы беш жүз жыйырма кадамдан. Төрт тарабындагы дарбазаларды калың арча жыгачынан жасалган өтө алсыз даражада жабылат. Арктагы эң бийик курулуштан кулактандырыш үчүн карнай добушу жаңырды. Бирок душмандар шаар коргунуна жакындап калгыча давандыктар жаа менен ок атышпай турушкан. Душмандар дубалга жармаша баштаганда алар калкан менен коргоно албастыгын билип, давандыктар баскынчыларды беймарал так өздөрүн кулата башташты. Дубал кыргагына илешип калган душмандардын колдорун кылыч балталар менен үзүп ташташып денесине, көкүрөгүнө, бетине найза менен сайышты. Давандык жоокерлер эми

душмандын дубал жака кол салган убагын жакшы өздөштүрдү. Алар жакындап жабышып баштаганда гана ар жактан мунара коргоочулар алардын үстүнөн чозмо менен таш жаадырып, жаа оозунан араң кутулган душмандарды, шаардын ичинен шаты менен чыккан жоокерлер кылыч, найза менен тынчытып жатышты. Дубал үстүнөн аркага ичкери кире баштагандардын башын, ичин жарып өлгөн адамдардан аккан кандар ар тарапка куйула баштады. Хан Саркарлары согуштун жүрүшүн үч адам бою бийиктиктен карап турушту. Бул карап туруучу бийиктикти Цзянь Цзюн буйругу менен давандыктар жагып жиберген үч эмек ордунда жок кылынды.

– Давандыктар окторун үнөмдөп жатат! Дубалга асылгандарды гана атып жатышат, – деди Цзюнь Чжен Жау Шичен.

– Алар сен ойлогондон акылдуу чыгып калды. – ачууланды Ли Гуан Ли – эки үй кызматчынын Личи менен Ванкуйдун алдына жөнөт. Дубал дарбазаларын учу темир капталган кадалар менен ура башташсын. Атайын дайындашты унутпа: Темир капталган кадаларда дарбазаларды урушсун дубалды оодарыш үчүн. Жао Ши Чен кызматчыларга тапшырма берип бүтпөй, тоо тараптан чаң буркурады. Хан Саркарлары ошол жакка бурулуп, көз чаптырды. Куйундай жылып келе жаткан аттуу жоокерлер шаар коргонуна келе жаткан душмандар үстүнө үч тараптан кол салышты. Өзүн жоготкон душмандар баарысы өтө тез өзүн жоготушту!

Давандыктардын аттуу жүрүшү! Карнай доошу жоокерлерди күчүңөрдү бул жакка!

– Эми жүздүктөр эмес миңдиктер! – аттиң деп Цзюнь Чжендин сөзүн туура деди Ли Гуан Ли.

– Бүгүн алар тикеме-тике согуш кылышты.

– Эч болбогондо ушуну сезгенимде да рахмат.

Катуу беттешүү кечке уланып жатты. Хан саркарларынын түзгон эрежелери эч нерсеге жарабады. Эч болбогондо душман аскерлери учуна темир кадалган жыгачтар менен дубал дарбазаларды да урушка үлгүрбөдү.

Аттуу жоокерлердин бир бөлүгү алардын жолун тосуп калды.

– Согушту биз баштадык, бирок Давандыктар баардык түзгөн эрежелерибизди бузуп жиберишти. Согушту өздөрүнүн макулдашкан изине салып жиберишти. Ли Гуан Ли Жао Шиченге кескин бир нерсе айтмак болду эле, бирок өзүн токтотуп калды. Эртеси таң атып атпай тоо тараптан желдирип келген жоокерлер уйкусу чала душмандар үстүнө киришти. Баскынчылар чачыранды болуп турганда, шаардын төрт дарбазасы бирдей ачылып, ар кайсы дарбазадан кошмок-кошмок болуп, өзү жүрүүчү акырын жылып чыга баштады. Биринин аракасынан бири пайда болгон атту жүздүк жоокерлер душмандын аскерлери тарапка ынтылышты. Алар душманга жакындашканда, али даярдашка үлгүрбөгөн салдаттарына ок атышып, аркага кайтарышты. Алардан качып келген Шенбиндер жылып келе жатышкан үй ичинен жаадырылган окко туш келишти. Тышкы тараптан, шаар ичинен мындай эки тараптык согуш кылышын күтпөгөн душмандар Давандыктардын эрежеси негизинде бара жаткан согуш катышуучусу бул ишке айласыз эле. Алар баштары айланып калып, тыштын

келгенди да, шаардан чыккан жоокерлерди да дубал тарапка сүзүштү да колдорунан келбеди. Өзү жүрүүчү жыгач үйдүн ичиндеги каманчылар паанасында шаар ичинен чыккан жоокерлер чечкиндүү киришип, аркага качышкан душман бир нече жолу кайталашты. Бирок баардык тышкы жана ички тараптан согушкан жоокерлер биригишке анча шашылган жок. Чындыгында алар убактылуу жиберилет же бөлөкбөлөк болушуп ар тараптан кол салууга ыңгайлуу жагын пайдаланат. Эки жактан кысып келип кайчыдай кол салышат.

– Алар жаңы кол кыйла катуу колдошту! Биздин курчаган колдорубузду бир жайынан да бошотпошко мажбур кылышмакчы! Биз шаардан чыккандарды аркасына өтүп алып, жолдорун кесип, койбостугубуз үчүн ушундай кылып жатышат! -деп койду өзүнөн өзү Цзян Цзюндун жанында турган Жао Чичен. Ли Гуан Ли илебин тиштеп бираз ойлонгончо шарт башын көтөрүп буйрук берди:

– Курчоо оромолдо бир аз үзүлүп калса да, шаар ичинен чыккандар курчап алынсын! Эгерде тыштан келгендер үзүлгөн аркылуу курчоо ичиндегилер менен кошулмакчы болсо койо берилсин! Топурак дөбө алдында турган кызматкерлер Цзян Цзюндун буйругун Хао Хоу Ванкуй менен Личиге жеткирүү үчүн ошол замат аттарына камчы басышты. Шаарды ороп турган душман колдору кыйла кыскарды. Ичкеридеги жоокерлер эми баштагыдай ал жак бул жака койуп чабышка кыйнала башташты, алардын ар кайсы бөлүктөрдөн келгендери душмандар жолун тосуп алышты. Бирден карнай доошу жаңыррды. Дарбазалар ачылып, жоокерлер шашылбай шаар ичине кире

башташы. Душмандар курчоону жакындатышка ашыкты. Өзү жүрө турган жыгач үйлөр алардын жолун тосуп койду, үйлөрдүн үстү жагынан укмуштай кан төгүш башталды. Дубал үстүндөгү жаа атуучу тешиктерден, мунаралардан ылдыйга карап жаа октору душмандардын шаар курчоосундагы аскер санын азайтты. Дарбазалар жабылды.

Тышкарыда жалаң өзү жүргөн жыгач үйлөр, анын атарабында куралдары менен дарбазадан ичкериге кирип алыштарын шылтоо кылып, Чинжиндер менен алышып чакан жоокерлердин бир нече ондугу калган эле. Көп өтпөй согушка бузулган үйлөр, ичиндеги давандыктардан он жыйырма эсе көп душман аскерлери жер тиштеп өлгөндөр, бирок бул жолу шаар ичине кирбей тышта калган эр жүрөк өзүн аябаган жоокерлер чоң жардам беришти. Дарбазалар жабылып, карнай чалынып калган жерде тоо тараптан келген жоокерлер чарчап келе жаткан душмандарга ок жаадырып аркага кайтып кетишти. Беттешүү түштөн кийин токтоду. Давандыктар шаардан чыгышпады. Тыштагы жоокерлер да кайтып келишпеди. Демек, күч менен шаарды басып алыш эрежеси ишке ашпады! Хан Саркарлары Цзян Цзюнь чатырына топтолушуп, түшкү тамак ичкен алдында болуп өткөн беттешүүнүн жүрүшү боюнча ой бөлүшүштү.

– Алар бүгүн карнай чалбай кол салышты. Биздин үстүбүзгө кокустан кол салмак болушкан. Максаттарына жетишти! Ар дайым эле Жао Шичен оюна келген пикирин башкалардан алдын ортого төгүп салды. – Биз алардын эмне кыла тургандыгын байкап болсок да, баары бир ойчулдук ар тараптан болду. Шенбиндердин аз гана бөлүгүн жарып кол

салышты. Башкалары курчоодо тургандарды жибербеш үчүн бекер турушка мажбур болушту. – деди Ли Чи Ли Гуан Ли башкалардын сөзүн чала-була угуп, өз ою менен болду. Акылдуу чебер, чечкиндүү кошун башы соғуш майданында баткактуу, дарыя көпүрөсү, тоо араларынан мүмкүндүк таап ошондон пайдаланып, душман кошунунун бир бөлүгүндө бекер турууга мажбур кыла алышы илгертен белгилүү. Бирок курчоодо турганда ушундай натыйжага жеткириш мүмкүндүгүн Ли Гуан Ли биринчи жолу учуратканы эмес, эч качан укпаганда! Ичтен душман болсо да, кошун башыга жана бир толуктап берди Ли Гуан Ли. Чагырбекке карата урмат пайда болду. Негизи баары эле жеңгенин калыс урматтай бербейт. Кемде-кем учурай турган оомат бул.

– Кантип бул жапайылар биздин мурдубуздан чөп өткөрүп өз төөлөрүндөй жетелеп жүрүшсө? Ичи ачышып кыжаалат болду Жао Шичен.

– Сен Шичен али көп нерседен кабарсызсың деди – Ли Гуан Ли.

– Дагы кандай сөз?

– Колго түшкөндөрдү алып кел!

–Кызматкерлер Сыртланбек менен анын жанындагы кичи шаарчалардын бектерин баштап келтирди.

– Бүгүнкү Суварийлер ким экенин Цзюн Чженге айтып бергилечи!

– Аялдар! Биздин даван аялдары алар - деди үнү титиреп Сыртланбек. Ли Гуан Ли оордунан туруп, сыртка чыкты башкалар дагы ээрчишти. Чатыр жанында эки Шенбин ортораак кулактары көтөрүлгөн, жалдары дүкүйгөн аттын тизгининен кармап турушкан. Жүгөнгө кадалаган тыйынга окшогон жез

каптамалар ат көздөрүн тосуп тургандай. Үзөнгүлөрү башкалардан да ашыкча. Кыска ээр төшөк четтери папиктүү. Тизгиндери да башкача өтө бышык материалдан атынын жалдары кыз чачындай өрүлгөн ээр кашында кичине, көрүнүшүнөн жеңил бирок, калкан илинип турат. Калкандын сыртына жез тыйынчалар менен кооздолгон.

– Ооба бул атты аял киши мингендиги көрүнүп турат – негизги сөздү буруп Жао Шичен. Саркарлар кооздолгон аттын ээри менен сол тарапта катып калган канга көз чаптырды.

– Карагыла, – деди Личи атка жакындашып, – кан ток түстө эмес, кыпкызыл. Жаш аялдын каны бул!... Ошол кезде Саркарлардан ары турган арка жактан кырылдаган үн угулду, сөгүнүп жатты. Баары ошол тарапка карашты. Кызматкерлер башчысы эки колу менен башын кармап бүкчөйдү, кийин чөк түшүп калды, колго түшкөн бектердин бирин эки кызматкери бекем кармап турушкан, үчүнчүсү бүкчөйгөн кызматкер башчынын белиндеги канжарды сууруп чыгышка урунду.

Вай кан корлор! булардын эч кимисин тирик калтырбаш керек эмес эле. Кызарып-татарып Жао Шичен.

– Бул ат менин кызымдыкы! деди кырылдаган, каны толгон үнүндө бек. Эки ай башта кызымды Эршиге узаткан элем. Бул кооздолгон күмүш атты өзүм кызыма тартуу кылганмын. Кыз кууду да кызым ушул атта качкан эле. Эми болсо... Эми, эзсиз, ушул кызымдын жаны ат ээринде катып калган! Эгерде бир жолу өлүмдөн сактап калсак эмне кылаар элең? – сынамакчы болуп сурады Ли Гуан Ли.

– Сени да өлтүрмөкмүн! Аттиң колдон келбей калды да, сени өз колум менен тынчытышка тили менен кыжырланып айткан сөзүн толук чечмелеп берүүдөн тартынды. Бирок Ли Гуан Ли толук айт деп буйруду. Кийин ошол бек эмне дегенин толук айтып берди. Ли толук укканда таң калып, катып калды. Ли Гуан Ли өмүрүндө эч качан көзүнө тик карап, туруп айтканды көрбөгөн. Согушта ага кол салган убак болгон бирок, көзүнө карап туруп мындай айта албаган.

– Ушул жердин өзүндө чаап таштагыла муну! Экинчисин дагы! буйруду калтырап кеткен Ли Гуан Ли. "Бул давандыктарды кантип жеңсе болот өзү?!" деген ой келди анын кыялына. Желдеттер буйрукту аткарышып экөөнү тең кан жалатып тынчытышты.

– Ат өлүктөр арасында жүргөн экен, ээсинин өлүгүн жакын ортодон таба алабадык. Ал аял каякка жоголгон болушу мүмкүн? – сурады коркондон башта такылдап жаткан Сыртланбектен. Сыртланбек ошол кезде коркуп, тилмеч берген суроону эки жолу чечмелесе да өзүнөн кетип калган Сыртланбек эч нерсе жооп бере албады. Мындан Ли Гуан Ли көңүлү бир аз көтөрүлдү. Себеби маңдайында өзүн жоготуп, калтырап жаткан Давандык атактуу бек турат! Кана баардык давандыктар ушуга окшошсо!

"Арман кылды Ли Гуан Ли" Буга Даван ичимдигинен бергиле! Кызматкерлер Ли Гуан Лиге кыжаалатчылыгына анын шербет түгөн-гөнүн түшүндү.

– Анда өзүбүздүн шараптан келтиргиле!

Сыртланбек гүрүчтөн жасалган шарапты ичкенден кийин өзүнө келди: "Шарап ичишти, демек өлтүрбөйт

го" ал берген суроолоруна такташ ирээтинде жооп бере баштады.

– Аялдар өлүгүн согуш майданында калтырбайт.

– Шаарда аялдар көпбү? кыйынсынды Жао Шичен.

– Аялдар го көп анабу ат ээсиндегидейлер үч-төрт миң бар! Даванда отуз жаштан кичик кыз-келиндер согушка чыгышат. Эмизген баласы барлар гана калышат. Айрымдары кыркка жакындары да катышат...

– Жоокер эртелеп оордунан турганда койнунан жана бир каманчы чыгат экен да, сөз кошту Жао Шичен.

– Эркекче кийинген аялдар Чилустан жанындагы согушта да катышканбы – Жао Шичендин сөзүн буруп сурады Цзян Цзюнь Сыртланбектен.

– Ооба катышышкан, Айырмачташта да.

– Алар кантип согушат беттешкенде? Айт?

– Аялдарды биз... Алар кыргын болуп жаткан согушка кылыч, найза менен алышканга кошпойбуз. Катуу беттешүүдө аялдар бир аз аялдык кылышат. Бирок алар ат үстүндө, кетип баратып, жаа менен ок атыш жагынан эркектерден калышпайт. Даван мергенчилеринин кыйласы аялдар.

– Жаадан башка дагы куралдар менен согушка катышат? – канжар же узун ийилген бычак берилет аларга. Курчоого түшүп калса, иштетиш үчүн ушундай кыласыздарбы?

– Жок, аялдар курчоого түшүп калышка эч убакта жол койбойбуз... коюлбайт. Аялдарды үч тараптан алдуу, күчтүү жаш жигиттер кооруп жүрүшөт.

– Ооба элчилер туура айтышчу экен: кыз куумай жөн эле эрмек эмес! деди Жао Шичен – элчилердин жазган шайы оромолчосунан окугамын: керек учурда жаңы төрөгөн аялдар да белдерин бекем байлашып,

атка мине беришет. Биздин аскерлер болсо, ушул убакка чейин атка мингендери эки колдоп ээр кулагын бекем кармай алышпайт. Бекем олтура алышпайт ат үстүндө. Мындай бошоңдордон эмнени күтсө болот. Жакшысы согушка жөө сала бериш керек!

– Асман тагында аялдар көп, алар жыл сайын катар-катар уулу төрөп беришет. Жигиттерибиз атта туруп да, жөө жүрүп да бүтүн дүйнөнү баш ийдиришет!- деди Ли Гуан Ли жардамчы Жао Ши Чендин орунсуз сөзүн ондош максатта.

-Жыйырма жетинчи бөлүм-

АЗАТТЫК ЧЕЧИМИ

Кандайын таң калаарлык акыбалга алып келиштен кандай болсо да, эч болсо курчалган жайдын бир жагынан" Үзүлүп " калышына карабай, шаар дарбазаларынан чыккан жоокерлери да, тыш жактардан келген Давандыктар да, ороп алышсын! Цзян Цзюндун бүгүнкү эң катуу чечими мына ушундай болду.

Бүгүн эмнегедир Давандыктар тынч турушкан: шаар коргонуучу тараптан да эч кандай белги жок, тышкарыдан келгендердин да карааны көрүнбөйт. Кантип алар уктап туруп да душмандарынын ой максатын байкап калышса?!

– Кечээки кыйла бүгүнкү иш бербегендигин Давандыктар абдан жакшы билеишет! -деди түрдүү ойчул гүмөндөөгө жакын жасап Ли Гуан Ли. Бүгүнкүгө кандай фокс даярдап койгондугу кызыктырат мени... деди кабатырланган абалда Жао Ши Чен. Пал ачып олтурбайлык. Бул дубал жанында тыбырчылап тура беришке убактыбыз жок эми. Шарт кесе сүйлөдү Ли. Катуу беттешүүдө утулган баштагы күндөргө караганда катуурак кыйкырып – өкүрүп, душмандар шаар коргонуучуларга каршы ташташты. Алар ушул беттешүү мезгилде шаардын мунаралары, жаа атуучу тешикчелер, көчөлөр, майданга жакын курулуш жайлардан чозмолор менен таш жаадыра башташты. Өзү тараптан жаалардан баары жапырт ок атууну күчөтүштү.

Душмандар шаар дубалдарына жакындаганда таш жаадырыш токтоду. Бир гана жаа октору гана дубал тешиктеринен токтоосуз учуп жатты. Тез келтирилген жеңил шатылар шаар дубалдарына коюлуп, он башчылар, жүз башчылар, колундагы өрмө камчылар, кызыл кийимчен душман башына карсылдады. "Жарыбагырлар" жыгылган начар дубалдарга чыгууга аракеттеништи. Алардын аркасынан душмандар жогоруга чыгышка умтулду. Давандыктардын жаа окторунан кулагандардын оордун толукташ үчүн жаңы-жаңы аскерлер ээлешип жатты. Душман колдору дубал үстүнө, жаа атуучу тешикчелерге жеткенде аларды Давандыктар найза, кылыч, канжар, бычак менен баш көзүнө карабай сайып, колдорун чаап башын үзүп кулатып жатышты. Баары бир көпчүлүк душман аскерлери ал жерден чыгып жатышты. Мындан күчкө келип, башка хандыктар тамагы жарылгыча кыйкырышып дагы көбүнө күч кошкондой болушту. Чимелидей жабышып, шатылар жардамында дубалдардын гыштарын көчүрүп да жатышты. Давандыктардын арасында корккондору арасат болуп көрүнө башташты. Ихшид баш дарбазанын оң тарабындагы эң бийик мунарадан Бек, болуштары менен согуштун жүрүшүн көздөп турушту.

– Баштай берелиби? – Чагырбек атасына суроо иретинде карады. Мудтой башын силкип, ыраазылыгын билдирди. Кошун башы сакчылардын бири мунаранын ички тыт аралап түшүп кетти. Бир аз өтпөй карнайлар үнү жаңырды. Мунаралардан душман тарапка майда эсепсиз тыйындар чачылды. Тыйындар арасында алтындар да бар болчу. Душмандар эмне болуп жатканын түшүнбөй турушту. Бирок

арадан көп өтпөй ар тараптан душмандын бакырып-чакырып жатканы угулду:

– Цзянь!

– Чянь!

–Хуанцзин! Душман аскерлери бири-бирин итерип, сүрүп, куурамыш чөп арасынан алтын, күмүш тыйындары, жамбы издешип турпак араларын тинте башташты. Давандыктар чоң үмүт менен башталган күчүн бошоңдогону сезилди. Он башчылары тыйын талашып бири-бирин сүр-сүр кылып жаткан Шенбиндерди камчылап тыркыратышка катуу киришишти, көп өтпөй алардын өздөрү дагы бир колунда камчы попузалап. Экинчи колу менен тыйын теришип калышты. Шенбиндер катуу күч менен согушка киргендерин да унутуп калышты.

Ли Гуан Ли айласыз чегинишке белги берди. Чакырышка буйрук берди. Түштөнүүгө шылтактап, Шенбиндерди аркага кайтарып оролуп турган жайларга алып келтирип, тыйынга башта салып тергендерди жыйырма камчыдан сабатып, терип алган тыйын, алтындарын тартып алышты.

Жолборс беги сунуш кылган көрсөтмөсү да жөн келгенден кокус ыраазы болуп, Даван Саркарлары мунарадан түшбөстөн калып, эмне кылыш керектиги тууралуу кеңеше башташты. – Дагы кайсы жерден аллтын тапса болот?

– Эгерде дагы эки күн ушундай кылсак...

– Тээ тиги алтындан жасалган ат кайда?

– Хандыктардын көрсө элчиси алып келген ошол алтын атты? Казынада болсо керек.

– Темирчи усталарга бериш керек, майдалашын – буюрду Мудтой. – Ошол аттын аркасынан ушул уруш келип чыкты. Эми ал бизге кызмат кылсын!

Шенбиндер түштөнүүдөн кайтышка ашыгышпады. Мүмкүн алардан кээ бирлерин башкаларга сабак болуш үчүн катуу жазага буйруса керек. Мүмкүн Хан Саркарлары башка бир жолун табууну издешип жаткандыр, башка бир чара көрүп жаткандыр.

Жолборс балка убакыттан пайдаланып, Даван бектерине Чиндер алтынды кандай кылып акчага айландырыш тууралуу сүйлөп берди.

Илгери аларда көбүнчө, бизче айтканда падышалар болгон доорлордо ташбака кесеси, үлүл капкагы, бермет, калай, күмүштөрдү алмаштыруу системасы болгон. Чин Ши Хуанды аларды жойгон, бардык нерсени алтынга алмаштырышкан буйрук чыгарган.

– Жакындагы Асман Уулу ушундай кылган экен, октон да көп алтын берип жатат Шенбиндерге эсеп кылды Мудтой.

Камчы менен "чыңалдырган" Шенбиндер дагы тапырашып уруш башташты. Баары жокто кыйкырып -шоокум басып кетти. Баскынчылар жана эртелеп, жан - дили менен дубал үстүнө чыгышка аракеттеништи. Шатылар жардамы менен жогору көтөрүлгөн Шенбиндерди Давандыктар мунаралардын тешиктериненен жаа огуна тутушту. Душмандарды күчкө салып алган ушул болду Давандыктар негизги тешиктерди жаа огу өтбөй турган кылып жоон жыгач шактары менен бекитип койушкан, бардык күчтөрдү дубалга тырмашкандарды басып турушка каратылган.

Шенбиндердин биринчи күчтөрү кайтарылган болчу, Давандыктар жана дагы дубалдардан алтын күмүш аралаш тыйындар чачылды.

Шенбиндердин башы катып калды, алтын күмүш тыйындарды алсабы? Же дубалдарга жабышып алга жүрүш керекпи? Жогорку жактан дагы алтын күмүш чачылып жатты. Бул чачылган алтын күмүштөр күндө жаркылдап көз күйгүзгөндөй болду. Шенбиндердин көзү күйүп, ага бетер атайын асманга каратып ыргытып чачышты. Душмандар ого бетер, сүр-сүр, итер-итер болуп кээ бирлери тыйын талашып мушташып да кетишти. "Дарак үстүнөн чымчыкты да карабай туруп көзгө атмак мергенчи кыйла ар жакта турган солдатты мелжеп атарда Жулбарс билги аны түртүп жиберип, ок анын башынан өтүп кетти. – Ал менин досум! – деди күлүмсүрөп тилмеч.

– Анын аты Аньин. Ал башкача бир айыбы үчүн жазага тартылгандан, каралашпай четте турушкан. Жулбарс билгинин азыркы душманга карата боор ачыганы ал жердеги көргөндөрдү ойго салды. Ихшид Кундузбекке карап, ал тилмечти кейип жиберди: Ал душмандын жакшы, жамандыгы бизди кызыктырбайт! Биз үчүн карызсыз!

Ире-шире болгуча, заңкылдатып уруп чакырганга карабай алтын, күмүш тыйын табыш үчүн жер тырмалап жатышты. Шинбендердин ач көздүгүн көргөн Ли Гуан Ли катуу намызына келди...

Эрте мененки караңгыда араң ойгонгон Чагырбектин жанына үч киши кирип келишти.

Мен мунарага шашып турам. Ким экен алар? – деп сурады сакчыдан Чагырбек.

– Туран билги эки уста менен абадан зарыл иш бар дешип жатат.

– Күтүп турушсун. Азыр чыгамын Чагырбек тааныш усталар менен саламдашып, мунара тарапка жол алганча
" бирге жүрө бергиле деди".

– Эмне сөз уста? Усталар Чагырбек биз менен жолгата сүйлөшмөкчү болушун түшүндү. Туран билги Чагырбектин оң жагында бир арым аркада, экөөсү анын аркасынан кетип бара жатты. – Жоодардын желкесиндеги куржунга сөз салды.

– Кантип адамдар ушундай күндөрдө кумар ойношсо?

– Бул кумарды Жоодар атайы ойлонуптур. Эмнеге мындай кылышты кыйла айтып беришке туура келди. Кыскасын айтканда, – өзүн токтото албай сөзгө аралашып темирчи Жоодар, – мен алардын ыпыластыгы, акмактыгы үчүн өчүмдү алдым. Бир нече жыл мурун мени кумарда карыз кылып коюп, аялымды бир кече бизге бересиң, ошондо карыздан кутуласың деп, эки бутумду бир өтүккө тыкса болобу. Үчөөңөрдүн алышыңар ушубу деп ушул күнгө туш келгени жаман болбодубу.

Темирчи Урубазда башка нерсе...

Туран билги акырын жөтөлүп коюп, бутун акырындатты. Чагырбек токтоду. Ал Урубаздын сөзүн бузбай акырына чейин укту. Кийин уста айткан сөздү кубаттап Мунарага көтөрүлдү. Усталар эки көзү толтурулган алтын буюмдар толо куржунду Сакчыларына тапшырып устаканаларына кайтышты.

Тамактангандан кийин душмандар шаарга келе турган согуш алдында тизилген ар кайсы жайында

кызыл жана күрөң кийим кийген бир нече Шенбиндердин колун башкалардын көз алдында балталар менен колдорун кыркып ташташтары. Жүз башчыларына кимде ким колдорун жерге узатса шарт башын алып ташташка буйрук берилди. Душмандар шаар дубалы тарапка жол алышты. Алар дагы өздөрүнө милдеттүү түрдө коргонго асылып чыгыша башташты. Алар шатыларды тизилип жогору көтөрүлө баштаган учурда көргөн үстүнөн жыгач саптуу мис табак менен алтын чачылды. Шенбиндер аянычтуу бакырып-өкүрүп тапылдап жерге өзүн таштай башташты. Эршиликтер өткөндөгүдөй коргон алдында топтолгон Шенбиндерди октору менен атышпай бар күчтөрүн жогоруга тырмышып чыгып жаткандарды, дубалды бузушка аракеттенген душманга даярдалган болчу. Давандыктар болсо дубал үстүнөн өздөрүн көрсөтпөстөн, үйлөрүнөн бар болгон майда алтын күмүш жана башка баалу нерселерин да алып келип жатышты. Арк тарапта туруп, чалынган карнай доошу душман үстүнөн ашып өтүп, узактарга таралды. Душмандар ар тарапка аландап коркуша башташты. Көп өтпөй, душмандар күткөндөй, узактан тоо тараптан күн батар жактан чаң көтөрүлдү. Бир нече миң Шенбиндер аттанып, тышкары тараптан келе жаткан давандыктарды тосуп согуш үчүн жөнөп кетишти. Көп сандуу болбогон Давандык эр жүрөктөрдү чегиндирип, аттуу душмандар өз жайына кайтып келишти. Шаарга жаңыдан кол салышты.

Дубалдар үстүнөн дагы мис күрөктөр көрүндү. Жогоруга чыга баштаган Шенбиндер кайта ылдый кулай башташты. Дагы узактан чаң көтөрүлдү. Жогоруга чыга баштаган Шенбиндер кайта ылдый

кулай башташты. Дагы узактан чаң көтөрүлдү. Бул жолу тыштан келе жаткан давандыктарды айдап чыгарыш үчүн миңге жакын Шенбиндер ат коюп кетишкен. Бирок Давандыктардын бир нече миңдик аттуулардын күчүнө учураган душмандан араң жарымына жетпегени жан сактап калышты. Тыштан келген Давандыктар курчоого алган душманга кол салышпай аркага кайтып кетишти.

– Алар жөн эле коркутуп кол салышып жатышат! Атака кылышыбызды адаштырышка аракеттенүүдө! – деди адаттагыдай эле ашыгыш керек эмес деп өз оюн билдирип Жао Шичен – ичкериде болсо Шенбиндер үстүнө алтындарын чачып жатат.

– Туп туура! – башын силкип макулдады Ли Гуан Ли – ошон үчүн алардын жанына бар!

Козубек мүргүп кетип, жерге чөгөлөп калды. Шенбиндер аны тилдеп,камчылай башташты. Жаш онбашчы Шенбиндерге тиктеп үшкүрдү:

-Кой, мага карагыла!

Билесиңерби, мени Жао Ди дешет да!

-Билебиз. Кош Эмне болуптур?!

-Мени жакшы билбейт экенсиңер! Угуп тургула: Йу-шаарына беги эскиден биздин душманыбыз. Хандын душманынын башынан алынышы керек! Мен мунужакшы билемин. Ли Гуан-Лиге анын башы керек. Аны мен алып барамын. Жао Ди ээрден ыргып түштү. Шенбиндер токтошту. Жао Ди кылычын кындан сууруп, Козубекке жакын келди. Козубек ага жииркенип, карады да, бар күчүн топтоп туруп, бирден оң буту менен куугунак үч менен тепти. Жао Ди бир нече кулач ары учуп кетип, атынын бутуна чалынып жыгылды. Эгерде ат тосуп калбаганда, Жао

Ди тик жарга кулап кетменчи Шенбиндерден экөөсү ага жардамга жүгүрүштү. Араң оордунан турган Жао Ди балдардай сөгүндү да аксап барып ээрге тиркеп койгон жааны алып, Козубектин көкүрөгүнө жакындан бакырайып карап туруп, бирдейинен үч ок атты. Козубек тишин-тишине бекем тиштенип, буту менен турушка тырышты. Ал аркага оонап түшүү менен Жао Ди колундагы кылычты бекем кармап, этияттык менен Козубекке жакындашты. Жао Динин коркондон титиреп турган жоруксуз кепетеси жан берүү алдындагы тумандаган көзүнө Козубекке Канг ханын Йуга коңшу бегинин жүзү болуп көрүндү. Козубек бул жийиркенген пешенесине күчүн топтомокчу болду эле, бирок үлгүрө албады. Асман тагынын устаканасынын биринде жасалган жез кылычтын темир менен анын башын денесинен үзүп таштады. Шенбиндер кыйла убактыт үн какпай барышты. Кийин дагы сөзгө түшүштү:

-Акылым жетпей жатат: ач, жарадар, чарчаган Козубек, Жао Дини бир тепкенде үч-төрт кулач ары жакка кулатып таштаганга кандай күчтү кайсыл жерден алды? Ага Шайтан жардам жиберди бекен кокустан.

-Менимче биз өзүбүз алардын көзүнө шайтанга айланып калдык,–жооп кайтарды акырын сүйлөп шериги толгон айдай ийилип тажрыбайлуу шенбин.

-Адам катуу жийиркенип аракеттенгенде кубатанып бар күчүн аябайт!

-Жыйырма сегизинчи бөлүм-

ТӨШӨКТӨГҮ ЖЫЛАН БАЛАСЫ

Белин кара Маталар менен байланып алган кызыл кийимчен аялдар кечээ таң атаарда жан берген Усундар башкаруучусу Сэньцзуга аза тутушкан. Алар чоң кийиз боз үй атарабында чогулушуп кыймыл-дашат, ичкериге тез-тез кирип чыгып, турушту. Боз үй ичине кабат-кабат кийиздер салынган. Мурда кара-кызыл жалтырак шайы Матадан жабылып тигилген көрпөчө жаркырып, койулган. Айтып ыйлап жаткан аялдар өлүк атарабында чогулушкан. Өкүмдардын мүрзөсүнө аяк жагында аялы, келиндери курчап отурушту. Маликенин суук көз карашы Маркумдун баш үстүнө, узак-узак тиктегендей көрүндү.

Атарабындагы аялдар аны кирпик да какпай отурганын сезишти. Бул Малике эмне тууралу оор ойго чөмүлгөн экен?

Кечээ ал өзүнүн эри үчүн күйүп-бышып жаткандай көрсөтүшкө тырышып жаткан эле го. Бүгүн эмне кокустук болду Маликенин мындай суз кылып коё турган? Аксакалдар менен орто жаштагы эркектер Боз үй жанында көк чөп үстүнө жайылган кийиздерде сүйлөшүп чөк түшүп отлурушат. Жаш жигиттер үч буту 3 жез очоктор үстүнө асып койгон чоң казандарга мисс жана жыгач челектерде суу ташышып тараша отун алып келдирип жана ар кандай иштер менен алектенип жүрүшөт. Көпчүлүктү башкаруучулар бектерди күтүп алыш, жайлаштырыш жөнүндө

даярдык көрүш боюнча убаралынып жатышты. Сэньцзуну мурда коюлган күн эртесинде курултай ачылып, ошо күнү кечке жакын Унгун Усундар өтө улуу иш болушун.

Жарым түн тизилген тоо аркасынан созулуп келген булуттар бузулбоочу асманды толук каптап алды.

Хунмуну жайга койуу маарекесинде чарчаган Чигу адамдары уйкуда. Кароолдор менен сакчылар гана ойго алар алдында кээ бирлери отурган жерде үргүлдөй баштаган. Кээ-кээде алардын арасынан да коңурук тарткандары угула баштады. Так ээси түшүндө жылан көрдү. Жылан каяктандыр келип, жамбаш жактан орундукка кирген.

Жылан вышылдап, мындай дейт имиш.

-Мага үйлөн, жок десең чагып аламын, сен дагы Сэньцзнын аркасынан кабырга барасың.

-Мен кандай кылып, сага...? Акыр сен ...?

Жылан бир заматта узун бойлуу, арыкча аялга айланып калган имиш да. Унгуйминин желкесине башын койуп алган имиш. Унгуйми чочуп, катынын өзүнөн ары итерип жиберсе, ал жылан болуп, калган. Унгуйми корккондон өзүнү аркага таштап муздак тер басып, уйкудан чочуп ойгонгон так ээсинин ордуна жакында колунда тараша чырак кармап, Сэньцзудан тул калган катын отурган.

-Эмнеге түндө үйүмө кирдиң Малика?... деди Али коркунучтуу түштөн өзүнө келбеген Унгуйми

-Өкүмдарым, Сен жалаң кийиз үйдө уктап-тырсың. Сен үчүн атайылап тигилген,кооздолгон чатыр шайдан азырынча жолдо.

-Түшүндүңбү? акыры, али Сэньцзунун сөөгү жерге койулган жокко али!

-Кыжалат болбо! Ушунчалык ар кыл каадалыгы менен бүткөндөн соң мен сенин катының боломун. Азыр сен менен эң зарыл, кечиктирбей турган иш тууралу сүйлөшмөкчүмүн.

-Кандай иш?

-Ли Гуан Линин Шенбиндери Эршиден аркага кайтып келе жатышат. Йу шаары азырга чейин баш ийген жок. Кабарларга караганда, шенбиндер жолуна кашкар тараптан да тосуп чыгыш мүмкүнчүлүгү бар.

-Мен азыр эмне кыла аламын? Али такка отурганым жок-го!

-Такка отуруш же отурбастыгың азыр бир нерсе кылыш колуңдан келиш-келбестиги байланышы кимге өкүмдарым. - Буга караганда, бизди сен башкарып жаткан экенсиң-да?!

-Жок, мен жөн эле сага алдын алып айттым, Өкүмдарым! Ушуну унутпа, сенин үлүшүң үчкө бөлүнүп кеткен. Али азыр Ними жаш бала болсо да, ал Сэньцзунун сүйүктүү катыны – Сюнну Маликесинен туулган!

Сюнмулар өз туугандары Нимини такка өткөзүш ниетинен баш тарткан жок. Эгер менин тууганым Асман уулу усундардан жүз үйрүсө, курултайда Сюнну тараптагы-лардын колу көп болушун унутбаш керек!

-Бул сөздү сенсиз да жакшы билемин, Малике!

-Билсең, катачылыкка жол койбо. Бүгүн эрте Курултайда сен, өкүмдарым, хунму болуп шайланасың. Бирок билип жүр, аркаңдагы сүйүнчүгүң бир аз бошошту дегенче, башка Курултай чакырыла берет.

- Муну да билемин!

- Билсең бир аз сабыр кылышың керек!

- Кийин амалга көрсөтөмүн...

- Жок,улуу өкүмдарым! Кийин кеч болот! Жардам азыр керек, эртеге эртелетип!

-Эртеге Сэньцзунун аза мааракеси, акыры ал менин туушканым сенин эриң Усундар падышасы!

-Сен али сылык мамлекет башкаруучусу катары пикирлешке үйрөнбөгөн окшойсуң! Ар кандай иш өз жолунда боло берет!

Биз бардык ырым-жырым, үрп-адаттарды жетишерлик келтирип, Сэньцзу азасы үстүнө ый-сый кыла беребиз, ошол кезде Ли Гуан-Лиге жардамга бара турган кошун жолдо болушу керек!

-Жакшы ойлоп көрөмүн.

Жыйырма беш жаштагы Хан Маликеси,падыша Мэунтин небереси, өз убагында Усундарга аялдыкка жиберген сулуу Цзяндын назик колдору сөөлөттүү Унгуйминин мойнуна оролду. Унгуйми да өзүн токтото албай, бетинен укмуштай атыр жыты аңкыган Цзяйюни кучактап, бооруна бекем кысты, так ээсинин илептери кечээ гана тулга айланган Маликенин илептерини татты...

Атайын жайда чет эл өкүмдарларына Малике даярдоочу Мастер аялдар кээ бир падышанын кыздары, Хан алдындагы назик аялдарына окшоп Цзяйюнун эркек киши менен кандай мамиле кылыш, анын көңүлүнө-карап, анын мүмкүнчүлүгүнө карап, эркелетишти жакшы үйрөнгөн болчу. Унгуйми чындап мамлекет башкаруучусу болушу үчүн эми көп нерсени үйрөнүшү, билиши, түшүнүп кетишин, өсүшү, картайышы керек! Бирок баары бир ал Хунмулукка жетишет! Эң башта аткарыла турган иш-өзүнөн башка так ээси болом деген туугандарын ноктолоп, четке сүрүшү, каңтарып койушу керек, катту айтып,

курсактарын тойгузуштан башка ойлору болбошу керек. Бирок кантип эле ал тууганың Даванга каршы кошун жиберсе?! Жиберсечи? Ал кезде хан өкүмдарынын каарына учурайт.

Акыры туура ушундай нерседен этият болушту насаат кылган го анын уулу чоң аталары Ляцзяоми!

Бирок ал улуу зат али бетте туушкан, дос жарым уруштарга каршы коңшу жибериш керек дебеген-го, бир гана Хан менен мамилени бузбашты дайындаган!... Такка туп-туура жол менен отуруш мүмкүнчүлүгү болгон кезде, сен, Унгуйми, аралашкан сокмо жолго туш келдиң. Колуңдан келсе, туура жол тап! Хунмулукка жетишүү бир гана акылдуу адамдардын колунан келет!...

-Жыйырма сегизинчи бөлүм-

БАШЫ БЕКИТИЛГЕН ЖОЛ

Талкаланган Йу шаарын аркага калтырган Шенбиндер Көкшал дарыясын кириш жеринде кошундары бирден токтоп турушат, алардын башында ак калпак! – деп кабар берди Ли Гуан Лиге

Ван Куй жиберген чабарман.

-Көпбү алар?

-Үч миңден кем эмес!

Ли Гуан Ли баш кызматкерине башын кыймылдатып, белги берди. Колдорунда каттык жана калың, тери капталган чоң жыгач калкандар кармаган сакчылар Ли Гуан Лини ороп алышты. Чөөкар аргымагы Линин ойун бир жерге токтотушка мүмкүндүк бербей, ойноктоп алга умтулду. Анын жолун тоскон куралдуулар ким болду экен? Кантип эле Усундар болушса?! Демек, аларды Асман уулунун күйөө баласы жиберген да бул жакка!

Бул кудачылык өнөрү башынан эле Ли ГуанЛиге жөнөкөй, бекер турган үйүн бөлүп койгон эле. Бул болбогон мамилени Жан Цянь кабар бергенде Асман Уулунун өзү макул болгону үчүн анын оозу жабылып калган. Бирок кийинки күндөрдө ал митаам элчинин таза экендигине толук ишенип калган: Чигудан кайтып келген кабарчы:"так ээси Унгуми өзү жиберди"–деген эле. Эми эмне болуп жатат? Кантип эле ал жөнөткөн аттуулар өз кожоюнун буйругуна кулак салбай, куралдарын Шенбиндерге каршы караткан болсо?! Усундардан башка жана кимдер ак калпак кийишет? Ал

митаам Хунмудан ар кандай нерсени күтсө болот: Хандыктарга бир башка, Сюнкуго эки башка, давандыктарга үч кыл сүйлөшөт!

Алар бийиктикте, жылганын эки тарабына жайлашкан,–деди. Ван Куй жетип келген Ли Гуан-Лиге ылдыйдагы жол бийиктиктен оодарылган таштар менен көмүлүп таштalган. Дарыя бул жерде өтө катуу агат.

-Аларды азайтып жиберсе болбойбу?

-Урунуп көрдүк. Жаа октору бекерге кетти.

Бир нече жүз Шенбин таштар алдында калып каза болушту. Алардын жанына сол жактан барыш үчүн, кырды айланып өтүш керек, ал жакта дагы дарыя бар.

-Алардан эч кимди тута албадыңарбы?

-Бир гана алардан качып кетип, оттоп жүргөн атты кармап алдык. Ээриндеги куржунда эски-күскү кийимдер бар экен.

-Көрсөт кана?

Ван Куйдун аскерлери кыска жеңдүү, этеги кыска жамынчы тонду алып келишти.

Бул алардын кийими, – деди Ли Гуан Ли тонду чымчып көрдү. Мынабу куржун да Усундардыкы.

-Бирок ат Давандардыкы!

-Менин да! деп жиберди кокустан Ван Куй жутунуп.

-Алар жаа октору узакка жеткирип атып жатабы?

-Давандыктардай эле.

Турган жерибизден бир аз алдыбызга барса болот. Абдан жакын бармайынча алар ок атышбайт. Бирок таш оодарышат. Ли ГуанЛи менен Ван-Куй санчылардын калкандары менен тыгыз көрүшүп, жылганын таржерине чейин жөө барышты. Ли Гуан Ли бул жердин атарабын көрүп чыкты. Эки тараптагы бийик кыялар арасында ак калпактуулар көрүндү. Калпактуулар аракеттелип, чоң таштар арасында жашынып, же ал жерден, же бул жерден көрүнүп калышат. Ли Гуан-Ли

бул пыстырманын узундугун өзүнчө чамалап көрдү. Асмандан түшкөндөй же жерден чыга калгандай кокустан пайда болуп калган бул жаңы душманга өтөрүлүш эң кыйын көз жеткис кыялар паанасында узундан-узун пыстырма койгон эле. Асман уулунун күйөө баласы жөнөткөн адамдары оодарган таштар алдында калбасак эле болду деп ачууланды, аркага кайтып жатып. Шенбиндер аркага кайтып, дагы Йу шаар тарапка жол алышты. Эми алар Дунхуанга чектеш жол менен Кашкар даван аркылуу кайтышка мажбур болду.

-Калпактарды топтогула! Буйрук берди Кошок.

Душманга жаңы тузак ойлоп тапкан ошол Кошок эле! Ал бул жакка баштап келген Раштыктар душман үстүнө чоң таш кулаткан жана хан саркарлары бул жакка жөнөтүп жатканда Кошок жоокерлери менен калпак илинчек таяктарды бир жерден, экинчи жакка токтоосуз көчүрүп турган болчу. Кыйла алар күмөндөгүдөй натыйжа берген болду. Беш жүзгө жакын гана Раштыктар менен жоокерлерди хандыктар үч миң Усундар деп ойлогон болчу. Раштыктар менен жоокерлер Долон даванына жакын келип токтогон Усун аттууларына калпактарын кайтарып берип, Шенбиндер издери менен аркасынан түшүштү.

Унгуйми жиберген аттуулар Даван жолу катту жааган кар менен бүткүл тосмолорду күтүп турушкан, Чичуга кайтышты. Алдынан келишкендей, алар Хунму болуп калган Унгуймиге Долон даванына калың кар жаап тосуп калганы үчүн тиги таманга өтүшкө мүмкүн болгондугун күйүп-бышып айтышты.

КАШКАР ДАВАНЫНДАГЫ "КАЙЫРЛАШУУ"

Тогугард даванынын Йенчу Угуз дарыясы тарабындагы жан боор өтө тик. Андан ары да Кашкарлыктар, ошол себептен эскертилген жайды Кашкар даваны деп да койушат. Ал жакка сыйдам жан боор аркылуу өтүшү мүмкүн. Ли Гуан Ли буралып, тик жогору көтөрүлгөн жол башындагы жайлоого кошундун калгандары менен жетип келиши ошондой эле ага давандын эң бийигинде Уйгурлар турушканыны билдиришти. Ли Гуан Ли кечээ эле аркасынан бир нече жүздүктөр изме-из келе жаткандарынан кабар укkан эле. Бирок Ли Гуан-Ли алар давандыктар же алардын кошундарынанбы билбеген эле. Азыр эле калган-куткан Шенбиндери менен келип кошулган Ли Чи аны бир күнчөлүк аркасынан Чагырбектин өзү өтө көп жоокерлери менен келе жатканын Лиге айтты. Ли Гуан-Линин жүзү бозоруп калды: Мындан бир нече жыл илгери Хинган тоо этектериндеги Сюжжулар жериндегидей курчоого түшүп калыш кейпи туурай тургандай болобузбу?

Ли Гуан Ли чагыраак дөңчөдө Көк чөп үстүндө бир чөптү тырмагы менен майдалап, бутун астына таштап, ой басып олтурган. Алардан бир азар жакта токтогон Жао Ши Чен, Ван Куй жана Ли-Чи да катту ойго чөмүлгөн эле. Баш үй башкаруучусу акырын келип, Ван Куйдун кулагына шыбырады:

-Кабарчы кайтып келди.

-Айт, келсин бул жакка.

-Аны менен бирге барган тилмеч өлтүрүптүр.

Ван кун ачууланып, колун силкти.

-Канча экен алар? Кандай келишкен экен?– сурады Ли ГуанЛи жакын келген кабарчыдан.

-Беш алты жүздөн кем эмес! Араларында Жолборс билги да бар.

-Ошо бизден качып кеткен тилмечби?

-Ооба ошол, давандынаркы тарабынан...

Ал кашкардын атарабынан абдан көп тоо жүрөк Уйгур-ларды топтоп келиптир.

- Тоо жүрөктөрүн эмес, жарыбагырларын - үшкүрдү Ван Куй.

Сиздин буйругуңузду гана аткарамын! Эч нерсе кошпой же кемейтпей, бар сөздү чын айт, деп өзүңүз жөнөттүңүз-го!

- Өчүр доошуңду!

-Бир гана давандын үстүнө көтөрүлүш зарык, таштан-ташка жөрмөлөп өтсөк да... буйрук берди Ли Гуан-Ли, тоо катарына тизилген койдой. Ал "Чагырбек келиштен алдын алып шашып өтүш керек"! – дешке аз калды.

Шенбиндер бүтүн тоо жанбоорлорун бойлоп бир тегиз бийиктикке өрмөлөй башташты. Бирок бийиктикке көтөрүлгөн сайын баскан жолдору тарайып баратты, ар кадам сайын каркайган, эңилген чоң таштарга туш келинет болчу. Эңкейген таштарга аркан таштап, тырмышып чыкмакчы болгон Шенбиндер жакын жерлерде бекинип алган мерген уйгурлардын жааларын окторунан кулашат болчу. Көз караңгылай баштаганда Шенбиндер жолунун жарымына көтөрүлө алышты.

-Кыялар арасында үнкүрлөргө,чоң таштар арасына бекитип түнөшсүн! Ким ылдыйга кайтып түшсө, башы алынсын деп буйрук берди Ли Гуан Ли. Бүтүн түн бою жогортон кыйкырыктар, ох, ой-бой, сөгүнгөндөр, кулатылган таштардын касыр-кусур

доошу угулуп турду. Эми кыялар тарапка көтөрүлүшкө буйрук бергени үчүн ылдыйдагы жайытта араң үргүлдөп, уктабай түндү өткөзүп жаткан Шенбиндер эрте туруп, кийинки бир жарым, эки айдан бери жүрөктөрү түшкөн катуу үн чыгарган карышкыр доошунан чочуп ойгонушту.

Давандыктар душманды согушка чакырып жаткан эле. Давандыктардын баштапкы миңдиги кең жайлоого кирип келе баштады. Шенбиндер да кеңири жайда ачык майданда согушууну сагынып калгандай эле. Кийинки мезгилде пыстырма, кырлардан көбүнчө-караңгыда кокустан берилип жаткан кол салуулар алардын жанына тийген болчу.

Ли Гуан-Ли аттуу жоокерлерге каршы өз аскерлерин жөнөттү. Душмандар ат койгуча бири-бирине жаа окторун жаадыра башташты. Алдын да желдирген аттуулар көп өтпөй бири-биринин арасына жарып кирип, аралашып кылычтарды ишке салышты. Аттар кишинешип, алардын буттарынын алдына кыйкырган, онтологон жарадар Шенбиндер менен жоокерлер кулашып жатты. Беттешүү күчүнө кирди. Ли Гуан-Ли майданга кире турган Шенбиндер бөлүгүн колдоду. Давандыктар тараптан да кире элек миңдиктер ат коюп келди. Жоокерлер бир топ жерде Шенбиндер араларын чачыратып жиберди. Эми топ-топ болуп, бөлөк-бөлөк ажырап кетти. Бирден-бирден бөлүк-төрдөгү Шенбиндер бири-бирине аркаларын жөлөшүп, алдыларына жоокерлерден сактанып жатышты.

Кээ бирлери ок тийип же найза сайылган аттар жанына бекитип жаткандар да болушту. Эсепсиз

төгүлгөн кандан топурак балчыкка айлангандай, аттардын буттары батып калып жатты.

Карнайдын созулган үндөрүн шебиндер жоокерлерден дагы көбүрөөк сүйүнүп кетишти.

Давандыктар өз жоокерлерин түштөнүшкө чакырып жаткан. Ошол кезде Чинжиндерда шашылыш музыка чалышты.

Дем алыш үчүн аркага кайткан давандыктар арасында каза болгон жоокерди ээрге өңөрүп келе жаткан жаш жоокер да бар эле. Анчейин денеси сууй элек кезде чогулган жерде бир нече жоокерлер аттан акырын алып чөп үстүнө койду .

- Айылга алып кетемин! Анын сөөгүн Көгарт даванын жанына коёмун! –деди орто жаштагы жоокер көз жашын жеңи менен аарчып туруп.

- Кошок ага! Оор болду сизге, жакшы дагы башка уулдарыңыз тирик калды.- бир катар көңүл айткан болушту. Кошок менен бирге уруштан чыккан Раштык.

-Анысы менин өз уулум эмес. Айламада каза болгон чоң агамдын перзенти. Бирок туура, ал өз уулумдай.

Бири-бирин жөлөп каза болгонду согуш алдында калтырбайт.

-Менин туугандарымдан бир гана ушул жээним калды. Төрт бир тууганым Чинжиндер менен согушта каза болушту.

-Раштыдыктарда – да абдан жакшы адат бар, сизге аралашты башка жоокер.

- Алар төрт-беш даван ашып болсо да кошундарга жардамга келишет.

-Силерде туура ушундай! – эсеп кылды Раштык. Жоокерлер эт талкандан сугунушуп, кыя алдынан атылып чыккан муздак суудан кочуштап ичишти. Кошок да жээнинин жанында олтуруп, нары-бери тамактанып алды. Азыр анын көңүлүнө тамактаныш да сыйбайт. Бирок бир аз болсо да тамактанып албаса болбойт. Дагы Карнайлар доошу жаңырды, кайта согушка кириш керек! Согушка кириш үчүн да оокаттаныш күчтүү болуш зарыл маселе.

Кошок карнай доошуну күтпөй, атка минди. Кылычты кармап көрдү, канжарды кындан сууруп көрдү. Канжарды тез сууруп алышка ылайык сезди. Анын алдындагы Аргымак токтобой жер чапчыйт.

Кайнарчылар колуна карнай алаары менен Кошок атка камчы басты. "Жооого өлүм! Өлүм! Деп тиштерин кычыратып октой келе жаткан атын тизгинининжандарынан сылады. Кошок биринчи туш келген шенбинди кулатты экинчи менен кылычташып жатканда Камчы башкарган жылкычылар Шенбиндер тобунун ичине жарып кирип, алга кетишти. Эки жактан бири-бирине кошулуш үчүн ынтылып жаткан шинбиндер аларды давандыктардын негизги күчтөрүнө ажыратып коюшту.

- Алар өзүбүздүн башкача өнөрүбүздү колдонушту. Аркага чегингиле деп кыйкырды Камчы. Жоокерлер аттарынын башын барабар аркага буруп, курчоодон жарып чыгып кетишке аракеттеништи. Аркага чечингиле. Камчы алдыны тоскон акыркы шенбинди да кулатканда, аркадан кулагына ким бирөө чыңырганы угулду. Кам...чы.. .

Камчынын бардык денеси калтырак баскандай болду.Бул доош Ботокөздүкү экендигин аныксезди. Ооба, ал жашырынып Камчынын аркасынан келген. Ботокөз Шинминдер курчоосунда!

Ошол бир момент ичинде Камчы эмне кокустук болгонун байкап, шарт ат тизгинин тартты, аргымак аркага бурулду. Эң негизгиси, азыр Камчы Ботокөзгө карата сактап жүргөн бардык күнөөлөрдү унуткан эле. Азыр ал катынын жоо чеңгелинен алып чыгуу эрдик намысын, Ботокөздү канчалык сүйгөнүн мойнуна алыш, берилиши менен Ботокөздүн башына түшкөн ушак базары тууралуу адамдардын ар кыл миш-миш дайынсыз майда-чүйдо, ыкыр-чыкырлардан унутуп кутулуш болчу.

Аргымак бийик секиргенде, аркага бурулуп жатканда Камчы шенбиндер курчоосунан чыгып алыш үчүн алышып жаткан Ботокөздү көрүп калды. Камчы Ботокөз тарапка бурулуп бир шенбинди найзада аттан кулатты, экинчисин кылыч менен башын алды. Бирок Ботокөз жакка согушсуз өтүшкө кыйла бар эле. Жигит атарабына же найза, же кылыч менен чабышка, Ботокөздү көздөн качырышка болбойт эле. Ботокөздүн кырк көкүл чачы телпеги башынан түшүп кетти. Көптөп аны ээрден жыгытышты. Ботокөздүн колунан кылычты тартып алышты да, өзүн чачтарынан кармашып, ары сүдүрөй башташты. «Аялдыгын билип калып,аны тирик колго түшүрдү, сыйлык алуучулар» деген ойго түштү Камчы.

Ботокөз! Ботогөз! деп бар үнү менен кыйкырды, Камчы. Ботокөз жаналы менен эри жакка жөнөдү анын үч-төрт көкүлү шинбиндер колунда калды, өзү болсо бүт денеси менен жыгылды.

Камчы Аргымактын бөйрөгүнө үзөңгү менен катуу нукуду. Ат арач үч-төрт кадам басып жыгылды. Анын да денелерине кылыч,найза сайылган жаракаттарынан шуулдап кан чачырады. Анын буту

жарадарат астында калган. Камчынын үстүнө бир нече шенбиндер жабышты. Алышып кыйла ары сүрүлдү.

Камчы эмне кылып койушту сени?! Жанталашта кыйкырды Ботокөз. Андан бир нече кадам ар жакта башын чаап таштаган эри жатты.

Ботокөздүн катуу кыйкырыгы оордуна кекиртегинен тиштеген Давандык аял Ботокөз тиштеген шинбиндин тыбырчылап кыйкырганы ашыкча болду.

- Өлтүр аны, Жеңче – чырылдады шенбин бир колу менен белиндеги канжарды шашмалап алып.

– Башта эле чаап ташташ керек эле аны дедим элего – сени. Эми өзүң эптеп кутула бер! – жок деди Жэн Че жардам бербей!

Кекиртегин чайнап баштаган шенбин жерге жыгылды.

Оордунан араң турган Ботокөз Женчеге үңүрөйүп карады да Ли ГуанЛи согуштун жүрүшүн карап,байкап турган жана аны башкарып жатса да,бирок негизги чынжырдай тизилип Давандын чокусуна көтөрүлүп жаткан миңдиктер тууралуу көзөмөлдөп турат. Ли аларга даван топурагынан кутулуп чыгып кетиштеги акыркы үмүт менен карап жатты. “Ылдыйда жүрүп жаткан согуш да алардын эки, бизден бир миңче ашыгырак адамдардын жок болушу, негизги акыбалды өзгөртө албайт, – деп ойлоп жаткан Ли Гуан-Ли.

Эң негизгиси, даванды колго алып, Дунь Хуань жолуна өтүп алыш!”

Ботогөз шинбиндер курчоосуна түшүп калган кезде кыр чокусунда болуп жаткан беттешүү сүрүлүп-сүрүлүп барып, Даван чокусундагы ээрге окшош белде күч алып турган эле. Кырдын арка тарабындагы сыйдам жамбоорунда, Уйгурлардын аркасынан шинбиндердин жаңы бөлүктөрү пайда болду. Жолборс билгинин кол астында бары болуп эки жүзгө жетип-

жетпес жоокерлер калган болчу. Азырынча аларды ар тараптан ороп, курчоого түшүшү турган сөз. Даван белиндеги жардамга келгендер кыжаалат боло башташты:

- Бул шинбиндер каяктан пайда болуп калышты?!

- Асмандан түштүбү бул балакет?!

Акыры, бул жакын арада айланып өтө турган жол жок-го!

- Мүмкүн алар өткөн күнү Аксай дарыясын бойлоп, жолго түшкөндөр болсо керек!

- Туура, алар аркабызга өтүп ала алышбайт болчу! Өз аскерлери уйгурлардын аркасынан басып келе жатканын көрүп шинбиндер Даван үстүндөгүнү толук басып алыш үчүн согушту күчөндүрүштү. Акыры Даван түгөнгүчө душман колуна өттү. Жолборс билги жетектеген уйгурлар аркага чегинип, жолдон кыйла ары Чагыран дөбөчөлөргө орношуп алышкан. Кийин бийигирээк жогору чыккан Жолборс бийгеаларды башка тараптан четтеп өтүшкөн шенбиндер аркасынан эмне болуп жатканын көрдү. Ал абдан атайлап карады: душманга кандайдыр аттуулар кол салышты- Давандыктар! Биздикилер! Шарт кыйкырып жиберишти уйгурлар. Согушуу жана да катуулай баштады.

–Чабар Аргымактагы тиги Чинжинди мишенге алгыла!

Кыйкырып буйрук берди Жолборс билги, жогор-тодон Ван Куй!

– Сол тараптан да атуулар келе жатышат! Катуу кыйкырды уйгурлардын бири.

– Алар да биздикилер! – деди бийик доошто Жолборс билги – Кундузбек Миңдиктери менен жетип келиши керек эле. Таш аркасынан бирөөнүн башы көрүндү да, кайра көрүнбөй калды. Жолборс билги бийиктиктен ылдый түшүп, катуу тартылган жааны

камаганча адам шыбырты угулган ташка өтө этияттык менен бара баштады. Ал жерге жакын барып, кылычын шарт сууруп алып, бутунун учу менен таш атарабанан байкаштыра баштады. Арка тараптан курук чөптүн тарс деп сынганы угулду. Жолборс билги аркага бурулуп, таш атарабынан айланышка урунду бирок эч кимди учуратпады. Жакын арада даректар болчу. Демек, Чинбин да Жолборс билги таш атарабын айланып жаткандай. Ал алаңдап аркасына тисерилди, желкеси башка адамдын желкесине тийди. Шарт аркаларын карашса тааныштар кыйкырышты.

- Аньин!

- Жолборс! Алар бири-бирин карап, эмне кылышты билбей турушту. Жолборс билги кылычынын учун бутунун алдындагы ташка тийгизип алган. Аньин болсо кылыч кармаган колуна экинчи колун коюп, ичине баскан боюнча таң атып калган.

- Үйүңө кайтып жатасыңбы?

- Эмне үйүмдун жок экенин эсиңден чыгардыңбы?

- Оба, айтмакчы, биз менен кала бер анда Ботокөз туура ошол жака бара баштады.

- Об-боо, али ушундайсыңбы Даван албарстысы! Жолборстон да алгыр экенсиң! –деди кымтынып Жеңче кылычын кармалап,– мени ошондой кылып болупсуң? Жанынан тойгон жашаштан үмүтү үзүлгөн Ботокөз көргүсү келбегендей көзүнө тик карап, Жеңченин жанына жакындай берди. Анын жарым бүктөлгөн бармактары Жеңчени кекиртегинен бууш үчүн, кудаанын кудурети менен темир чаңгек жеңил көрүндү. Азыр да Жеңче Давандыктарды колго түшүргөнү үчүн убада кылынган сыйлыкты алышты унутуп калган эле. Өзүн жоготкон Чинжин кылычын сууруп алышка үлгүрбөй анын шиш курч учун шарт

Ботокөздүн көкүрөгүнө сайды. Ботокөздүн ооз-мурдунан атылып чыккан кыпкызыл кан жыгылган аялдын бетин жууп чачырады.

Камчыга жардам бериш үчүн шенбиндер тобун жарып өтүп келген жылкычы жигиттер, айласыз кечиккен эле... Алар майдалап таштаган жоокер-лерден бир нечесине майдаланган денелерин чогултуп кетишти. Ботокөздүн ал денеси сууй элек кезде Колмо-кол кылып, көтөрүп кетишти. Бирок Камчынын башын таба алышпады.

Аттуу согушуучу бөлүгү арасында он чакты сөөлөттүү Шенбиндер курчоосунда Ван Куй Даван-дыктар жүздүгү Шенбиндер менен алышып жаткан жерге атыны жорттуруп келе жаткан Жанбоордогу арча токой арасынан отуз-кырк чамасындагы давандыктар кокустан ат койуп чыгышты, аттарыны жорттуруп келе жаткан Шенбиндердин кыйла созулган тобуну толук кыркып өтүп кетишти. Алар өткөн жайды Чинжиндердин кылыч, найза колдо-рунан түшкөн аскерлери созулуп калды.

– Биздин атаманыбыз алардын атаманын аттан оода-рып таштады! – актанып келди бир жолтосор экинчисине.

– Мени көр деп ойлобо өзүм көрдүм. Бүркүт эми атаман эмес, ал биздин жетекчибиз! Биз эми жоокер-лербиз, чабышуучу десең да боло берет. Алардын сөзүн кубаттады оңбашчы. Бүркүт башчылыгындагы аттуулар Торугат даванын четтеп өткөн шенбиндер миндиги менен айоосуз алышып шериктери жака ат коюп кетишти. Давандыктар алыстап кеткенден кийин, эки душман аскери жер сүзүп жаткан Ван Куйду акырын ордунан көтөрүштү.

Анын омурткасына найзанын учу көрүнүп турат. Шенбиндер найзаны абайлап, зорго тартып алышты. Ван Куй ооругандан каттуу онтоду.

– Найза өзүбүздүкү-го! Шыбырады тынчтанып калып, башчысына.

–Демек, алар давандыктардын жарыбагырлары!

– Найзанын учу жокго?

Баш кызматкер көзү менен Ван Куйдун омурткасына карап көрсөттү.

Асман тагындагы эң жакшы устаканасында темирден жасалган найза учу Ван Куйдун омурткасында калып калган экен.

Уйгурлар азыр согушуп жаткан жердеги балдардын бекинбечек ойногондой элестетти.

Жылгалар тарапта аз-аздан бөлүнүшүп, бири-бирине даректар арасынан кол салышып жатышты, душман тараптан келе жаткан сайын тике жарлардан аркаларына жаа окторун жаадырышат. Жолборс билги жаңгактан бираз чет дөңсө үстүндө адам бойунан бийик ташка бекинип,согуш жүрүшүн карап турган. Ал жардамдашкандар аркылуу өз шериктерине Шенбиндер каяктан келе жатканын, кайсыл жерге жашырынганын билдирип турчу.

Бир кезде Жолборс билгинин кулагы жанынан жаа огу шуу деп өтүп кетти. Жолборс билги бир аз ар жактагы,өзү жашырынып турган чоң окшош ташка абайлап көз жүгүрттү.

–Даярдан. Аньин менен Жолборс бири-бирине тиктешип, пайлашып жаткандай. Чабыша башташты. Алар чыныгы согушкандай кылыч менен чабышып жатышты.

– Мындай кылсак болбойт. Жолборс, карап тургандар бизди атайлап эле ойноп жатканыбызды байкап калды. Мага ачууланып кара, бир нерсе деп сөк уруш, тилде. Сен жарыбагыр, айыпкер, каракчы дегин!

Аньин ойу менен аракеттенди, бирок кайра күчөндү.

–Мен сени чын эле өлтүрөмүн, сен жолумду тосуп турасын. Эгер сени өлтүрбөсөм, алар мени өлтүрүшөт.

А сен акыйкаттан саткын болдуң! Мен хандарга кайтып,албетте кайтып барышым керек!

– Мен да тирик калышым керек! Албетте Ботогөздүн жанына барышым шарт! Алышуу чындап катуу болду. Алар бир нече бири-бирине кылыч менен чабышып көрүштү. Бирок натыйжа чыкпаганда, кылычты ары таштап, Канжарларын кынынан суурушуп башташты. Айанбастан бири-бирине канжар чайышты...

Эрте менен аркага жеңилип качкан душманды куып бара жаткан жоокерлер жол боюнда укмуштай тамашаны көрдү, таң калышты: Чоң таш жанында бири бирин кучактаганча эки өлгөнадамдарды. Алардын бири Шенбин сары кийимчен, экинчиси Давандыктар кийиминде экен Шинбин күнөөкөрсүнүп шеригинин көкүрөгүнө баш койгондой, Давандык болсо, шенбиндин үстүнө кол менен кучактап, борукерлик көрсөткөндөй, анын күнөөсүн кечир-гендей болуп көрүндү.

Кансыраган Хан кошуну Торугард Даванынын күн батышындагы жол менен ылдый түшүп баратты.

- Кошун башынын буйругу! -дешип жоокерлер бийик тоолорго бири-бирине. Шенбиндерди эми куубасак да болот дешти!

Кээ бирлери өздөрү эле кошуп койушту:

- Даван топурагы Кашкар даванында түгөйт!

Кошун башынын буйругун укkан Кошок атынын тизгинин тартты. Анын аркасынан калбай ээрчип турган жээни да атын токтотту.

Кийинки үч күндө Кошок жээнине карап:

“Эгерде Чинжиндер менен боло турган акыркы согушта тирик калсан,сага чакычтап ташка сүрөт тартышты үйрөтөмүн”– деген болчу. Кошоктун ишин, бүтүп негизги ишин ушул жээни Саймалуу таштарда сүрөт тартууну күчөндүрүш керек!

МАЗМУНУ

ЭРМЕК АВАНЫН “САРЫ АЖЫДААРЫНЫН СҮРҮ” 3
КАНГА БӨЛӨНГӨН ЖОЛ 6
ЭЛЧИ САБАК АЛУУДА 39
ШАНЬЮЙ ОРДОСУНДА 61
АРЗЫП КҮТҮЛГӨН ЭЛЧИНИН КАЙТЫШЫ 80
ПАЙДАСЫЗ ӨТКӨН ОН ЖЫЛ 101
АКЫРЫ КӨРҮНБӨГӨН ОТЧЕТ 116
ЖАКЫНЫ ДА УЗАГЫ ДА КОҢШУ 126
КҮНДҮН БИР КҮНҮ 137
УЗУН ДУБАЛ КӨЛӨКӨСҮНДӨГҮ СЫРДАШУУ 149
ЖАН ЦЯНЬ САПАРДА 165
ТОКТОНГОН ХУНМУГА ЖИБЕРИЛГЕН ЖАШ 176
ХАНЫШАЛАР 176
ЭҢ СОНУН ТОРПОКТОР КАНЫ 188
ТАРЫХЧЫ ЦЯНЬ-МЭНЬ-ВАНХУНУН САРАЙЫНДА 199
ДАВАН ДУШМАНДЫК КӨЗӨМӨЛГӨ АЛЫНДЫ ЖЕҢҮҮГӨ БАГЫТТАЛГАН АТТАР 212
САРЫ ДАРИЯ ЖЭЭГИНДЕГИ БАК 219
САЙМАЛУУ ТАШ ЭСТЕЛИКТЕРИ 224
КОРКУНУЧТУУ ЖЫЛАН АРАЛАШКАН СҮЙҮҮ 238
КЫЗ КУУМАЙ 249
КӨНҮЛҮ БАР КЫЗ, АТТЫ АКЫРЫН ЧАБАТ 249
КАЧЫР КЕРБЕНИ 261
БАЗГАНДАР ҮНҮ 271
ЗУМРУД КӨЗДҮҮ ТАШ ТӨӨ 276
КЕЧЧИКЕН МАРТТЫК 288

КҮНҮ БҮТКӨН ЭЛЧИ 298
ТАК ЭЭСИ 304
ОТКАНАДА КУБАТ МОЛ! 313
ХАН АСКЕРИ ЧЕК АРАДА 323
СОГУШСУЗ БАШТАЛГАН УРУШ 340
ТОО ЭТЕГИНДЕГИ КЫРГЫН 374
ПАКСА ДУБАЛДАН УЧКАН ЖЫЛДЫЗДАР 390
МЕНМЕНСИГЕНДИН АКЫБЕТИ 407
ШААР БЕГИ 416
ЖОЛ ТОСОРГО МУКТАЖ БОЛБОЙБУЗ 425
ӨЗ БУТУ МЕНЕН КЕЛГЕН ТИЛ 435
ӨҢҮМБҮ ЖЕ ТҮШҮМБҮ? 443
ЧОЧУТКАН КЕЛЕМИШТЕР 460
НАША ПУРУШ 468
ӨЗҮ ЖҮРӨ ТУРГАН ҮЙЛӨР 476
ТАШТАНДЫ КЫШТАКТАР 490
КИМ БОЛДУ АЛ СУВАРИЙЛЕР 506
АЗАТТЫК ЧЕЧИМИ 517
ТӨШӨКТӨГҮ ЖЫЛАН БАЛАСЫ 526
БАШЫ БЕКИТИЛГЕН ЖОЛ 531
КАШКАР ДАВАНЫНДАГЫ "КАЙЫРЛАШУУ" 534

САРЫ АЖЫДААРДЫН СҮРҮ

Тарыхый роман

Которгон: Эрмек Жумабаев

Демөөрчүлүк көрсөткөн: Эрмеков Талабек Таироич

Редактору: Абдракманов С.
Тех. редактору: Калбаев К.
Корректору: Түгөлбаева А.
Компьютердик калыпка салган: Карагулова С.

Басууга 12.06.2024-жылы кол коюлду.
Кагаздын форматы 60x84 1x16.
Көлөмү 34,25 басма табак.Нускасы 100.

«Кагаз ресурстары» басмаканасы
Ош шаары, А. Мамыров көчөсү, 86-г
Эл.почта: kagaz_resurstary@bk.ru
Тел: (055161 68 61



Жумабаев Эрмек 1938-жылы 14-январда Өзгөн районуна караштуу “Кара-Тарык” кыштагында туулган.

1955-жылы “Коммунизм” орто мектебин, бүтүргөн. 1958-жылы Бишкектеги финансылык-экономикалык техникумдун бухгалтердик факультетин бүтүрүп,1958-жылдын август айында Карл Маркс колхозунда бухгалтер болуп иштеген.

1959-жылы 11-апрелде “Жалпакташ” совхозунун бухгалтери андан кийин башкы экономисти болуп иштеген.

1965-жылы “Кара-Дарыя” совхозунун башкы бухгалтери, 1967-жылы Токтогул атындагы совхоздо башкы бухгалтери.

1969-жылы май айында “Отуз-Адыр” совхозунда башкы бухгалтер жана партиялык уюмдун катчысы болуп иштеген.

1980-1983-жылдары Ош облустук совхоздор башкармалыгында башкы бухгалтер, 1983-1992-жылдары “Ош Дюбек” акционердик коомдо башкы бухгалтер болуп жүрүп, ошол жерден ардактуу эс алууга чыккан.